“Тарых жана мурас” түрмөгү

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу
Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын
«Мурас» фонду
“Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси

“Дивандын” 940 жылдыгына

ТЫНЧТЫКБЕК ЧОРОТЕГИН

Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги — түрк элдеринин тарыхы боюнча көөнөргүс булак

Илимий басылыш

Бишкек – 2017

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2Ки)
Ч — 75

Редколлегия: К. С.Молдокасымов (төрага), А.Акунов, Н. Алымкулов, А.Асанканов, Г.Бабаяров, А.Беделбаев, В. Я. Бутанаев, А.Жуматурду, К.Жусупов, М.А.Карыбаева, А.К.Койчиев, О.К.Каратаев, М.Койгелдиев, К.Конкобаев, Д.Кыдыралы, А.М.Кылычев, М.Мамбетакун, М.Ч.Кожобеков, Т.Кененсариев, А.Ормушев, Т.Н.Өмүрбеков, Ж.Өмүрова, С.Смадияров, С.Сыздыков, К.Ш.Табалдыев, Ю. С. Худяков, Т.К.Чоротегин, Р.Шамсутдинов.

Ч — 75 **Чоротегин, Тынчтыкбек Кадырмамбет уулу.**
Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги - түрк элдеринин тарыхы боюнча көөнөргүс булак: Илимий басылыш / Редколлегия: К. С.Молдокасымов (төрага), ж.б.; илимий редакторлор профессор Т. Н. Өмүрбеков, доцент К. С. Молдокасымов. – “Мурас” фонду. – “Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси. – Бишкек: «Турар» басмасы, 2017. – 376 б., сүрөт, карта. — [“Тарых жана мурас” түрмөгү].

ISBN – 978-9967-15-701-9

Карахандар каганатынын доорундагы чыгаан энциклопедист окумуштуу Махмуд ибн Хусейин Кашгари Барскани XI кылымда бул мусулман түрк мамлекетиндеги жана жалпы мусулман дүйнөсүндөгү түркология илимин эң бийик сереге чыгарган. Ал 1072-1077-жж. арапча жазган «Дивану лугати т-түрк» — «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» эмгеги - Теңир-Тоо, Борбордук жана Ички Азияны, ошондой эле Сибир, Эдил-Урал, Чыгыш Европаны жана Жакынкы Чыгышты байырлаган ар кыл түрк элдеринин этнографиясы, тилдери жана тарыхы боюнча көөнөргүс булак болуп саналат.

Кыргыз чыгыш таануучусу, тарых илимдеринин доктору, КУУнун профессору Т.К.Чоротегин бул китебинде Махмуд Кашгари Барсканинин өмүрү, доору, мурасы, анын “Диванындагы” Борбордук жана Ички Азия (анын ичинде Теңир-Тоо) аймагындагы түрк калктарына таандык мол этнографиялык маалымат тууралуу иликтөөсүн сунуштайт.

Эмгек жалпы эле чыгыш таануучу, түрколог, кыргыз таануучу, булак таануучу, этнолог, картограф, тарыхчы, ономаст, фольклор таануучу жана башка адистерге, ошондой эле Карахандар каганатынын маданий, илимий жана руханий жетишкендиктерин үйрөнүүгө талаптанган бардык окурмандарга арналат.

Ч 0503020911-17

ISBN - 978-9967-15-701-9

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2Ки)
© Т. К. Чоротегин, 2017.

КИРИШ СӨЗ

Кыргыз тарых илими өлкөбүз - Кыргыз Республикасынын эгемендиги доорунда мурдагы Совет доорунда эч качан түздөн-түз тагылбаган милдетти - Ата журттун, кыргыз улутунун, Кыргызстандын көп этностуу калкынын тарыхын гана иликтеп чектелбестен, бүткүл дүйнөлүк тарыхты да жаңыча иликтөөнүн милдетин аркалоодо. Мурдагы бир партиялуу тоталитардык коом орноткон идеологиялык цензуранын Кыргызстанда таптакыр четке кагылышы тарыхчылар үчүн бул жаңы милдеттерди аткарууда кеңири чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдү ыроолоодо. Көз алдыбызда кыргыз тарых илиминин жаңы баскычынын пайдубалы түптөлүүдө.

Дал ушул тапта кыргыз улутунун жана кыргыздарга тарыхый жактан коңшулаш түрк тилдүү жана башка элдердин тарыхын иликтөөдө да буга чейин болуп көрбөгөндөй илимий милдеттер тагылууда. Кыргыз тарыхы Совет доорунда жалпы чыгыш таануу жана түркология тармагына цензурачыл алкак ичинде гана алакалаш болуп келсе, эми болсо элибиздин тарыхын жана маданиятын үйрөнүү жалпы Борбордук Азиянын[1] калктарынын көчмөн жана отурукташкан цивилизацияларынын өз ара ширелишкен уникалдуу көрүнүштөрүнүн бирин иликтөө катары таптакыр жаңыча милдет катары коюлууда. Бул чөлкөм Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын бешиги жана алтай тилдүү калктардын бабаларынын эң байыркы замандагы орток атажурту катары да жаңыча иликтенип жатат.

Совет доорундагы тарых илиминин жетишкендиктеринин мындайча жаңы илеп менен улантылышынын өзү да, ар кыл кыйынчылыктарга карабастан, заманабыздын айырмалуу белгилеринен болуп саналат.

---

[1] «Борбордук Азия» терминин биз ЮНЕСКОнун атайын изилдөө программаларында пайдаланылгандай кеңири мааниде (Монголия, Тибет, мурдагы советтик Орто Азия, Казакстан, Ооганстан, Пакистан камтылган аймак үчүн) колдонуудабыз (Гафуров Б. Г., Мирошников Л.И. Изучение... С. 3). Постсоветтик айрым саясий чөйрөлөрдө бул термин менен тек гана мурдагы советтик Орто Азия жана Казакстан жумурияттарынын аймагы чектелип берилүүдө. Чаташууларга жол койбос үчүн «Ички Азия» термини менен Чыгыш Теңир-Тоонун чыгыш өңүрү, Монголия, Түндүк-Батыш Кытай аймактары белгиленүүдө. Дал ушул аймак мурдагы советтик тарыхнаамада «Борбордук Азия» катары кабыл алынып келген.

Кыргыз тарых илиминде өткөн доорлордун мурастарын объективдүү негизде иликтөө аракеттери Совет доорундагы айтылуу кайра куруулар мезгилинен учугун уласа дагы, чыныгы мүмкүнчүлүктөр эгемендик доору учурунда гана жаратылды. Кыргыз тарыхчыларынын башка өлкөлөрдөгү кесиптештери менен өз алдынча алакалары да ургаалдуу жүрүүдө.

Ушул кырдаалда бир кезде толук, жарым-жартылай же аздыр-көптүр «табу» алдында калган тарыхый окуялар, тарыхый кубулуштар (маселен, кыргыздардын этностук тарыхы, байыркы жана орто кылымдардагы мамлекеттүүлүктөрүнүн баскычтары, кыргыздын тарыхый жазма маданияты ж. б.), тарыхый инсандар (Барсбек каган, Жусуп Баласагын (Баласагуни), Пулат хан, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Осмонаалы Сыдык уулу, Эшенаалы Арабай уулу, Абдыкерим Сыдык уулу ж.б.) жана алардын кошкон салымдары, көркөм жана илимий мурастар тереңдетилип жана жаңыча иликтене башташты.

ТЕМАНЫН УРГААЛДУУЛУГУ.

Бүгүнкү кыргыз таануу илимибиздеги мына ушундай объективдүү жана ар тараптуу изилдөөгө муктаж болуп келген илимий багыттардын бири — кашгари таануу болуп саналат. Караханийлер доорундагы түрк-мусулман ренессансынын бермети болгон чыгармалардын бирин — «Дивану лугати т-түрк» — «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы эмгегин 1072—1077-жылдары жараткан даанышман аалым Махмуд ал-Кашгари Барсканинин өмүрүн жана энциклопедиялык мазмундагы мурасын изилдөө, чынында да, ага карата комплекстүү илимий мамилени талап кылат. Дал ушул тармак — тилчи (грамматист жана диалектолог), адабиятчы, тарыхчы, философ, ономаст, булак таануучу, этнолог, картограф, географ жана башка адистер камтылууга тийиш болгон кашгари таануу тармагы башка өлкөлөргө караганда Кыргызстанда кечирээк жанданды.

Пикирибизде, Ала-Тообузда алигиче бул тармактын өнүгүүсүнүн башатында гана тургандайбыз. Махмуд Кашгариге жана анын көөнөргүс чыгармасына арналган атайын диссертациялык илимий изилдөөлөр совет доорунда бир дагы тарыхчы илимпоз тарабынан жүзөгө ашырылган эмес. Көч эгемендик доорунда гана ордунан жылды.

Махмуд Кашгари Барсканинин өмүрүн жана мурасын үйрөнүү тек гана кыргыз таануунун ички милдети эмес, ал жалпы эле дүйнө тарыхын изилдөөдөгү адамзаттын орто кылымдык цивилизациялык өнүгүү жүрүмүнө түрк калктарынын кошкон көөнөргүс салымын иликтөө үчүн дагы маанилүү болгон орчун милдет.

Эмгегибизде иликтенип жаткан бул орчун тема тек гана түркологиялык багыты жана мүнөзү менен чектелбестен, Махмуд Кашгари Барсканинин доорун жана чыгармачыл сересин толук деңгээлде чагылдыруу үчүн араб, фарсы жана түрк тилдериндеги мусулман маданиятынын орто кылымдык өрнөктөрүн салыштырып иликтөө зарылчылыгын, Кыргызстанда арабистика жана иранистика сыяктуу чыгыш таануу тармактарын өркүндөтүүнү да талап кылат. Демек, кашгари таануу тармагы азыркы изилдөөчүлөрдөн бүтүндөй бир гуманитардык илимий иликтөө мекемелеринин өз ара шериктештигин талап кылууда.

Махмуд Кашгари Барсканинин мурасын изилдөөнүн зарылчылыгы азыркы тапта Кыргызстандын жана бүткүл Борбордук Азиянын орто кылымдардагы тарыхын тереңдеп үйрөнүү үчүн анын тарыхый булак катары толук кандуу пайдаланылбай келгендиги менен да байланыштуу.

Башка булактар менен чогуу каралып келгендигине карабастан, совет заманында коңшу боордош өлкөлөрдөгү тарыхчылар менен этнографтар да Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегин тарыхый булак катары өз алдынча диссертация ирээтинде азыраак иликтешти. Түркиядагы иликтөөлөр ал кезде чыгыштагы кесиптештеринин эмгектеринен азыноолак гана кабардар болушкан. Азыркы тапта көч ордунан козголду. Ар кыл тилдердеги илимий адабиятты камтуу менен жаңыча жана комплекстүү иликтөөлөр жалпы эле Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тарых жана чыгыш таануу илими үчүн зарылдыгында шек жок.

НЕГИЗГИ БУЛАКТАР.

Бул китеп үчүн маанилүү жазма булактары, негизинен, Теңир-Тоо менен Ички Азия аймагынын калктарынын, Караханийлер каганатынын жана анын тарыхый коңшуларынын саясий, социалдык-экономикалык, маданий-руханий тарыхын ар тараптуу чагылдырган IX - XIII кылымдардагы мусулман булактары болуп саналат.

Алардын ичинен биринчи орунда Махмуд ал-Кашгари өзү 1072-1077-жылдардын аралыгында жазган жана биздин күндөргө чейин сакталып жеткен араб тилиндеги чыгарма — «Китабу дивани лугати т-түрк» (кыскачараак түрү - «Дивану лугати т-түрк» же «Диван»)[2] эмгеги болуп саналат. Аны кыргызчага «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы

[2] Европалык чыгыш таануу салты боюнча «Диван лугат ат түрк» деген аталыш да кеңири колдонулуп жүрөт. Мындай түр араб тилиндеги өз ара айкашкан сөздөр жөндөлгөндө кошулуучу мүчө тыбыштарды кыскартып салгандыгы менен айырмаланат. Эки түрдүн тең эч катачылыгы жок.

китеби» (кыскачараак түрү - «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» же «Диван») деп которуудабыз. Бул булак тууралуу кеңирирээк сөз эмгегибиздин негизги бөлүмүндө козголмокчу. Тек кошумчалаарыбыз, анда орто кылымдардагы түрк тилдерине таандык тогуз миңдей сөз, ар кыл фольклордук мурастар камтылган. “Дивандын” негизги баяндоочу тили арабча болгон менен, Махмуд Кашгари Барсканинин бул сөздүгү, демек, түрк тил илими, диалектологиясы үчүн да оригиналдуу булак кызматын аткарат. Эмгекти даярдоодо «Дивандын» оригиналдык (арабча) текстин да, анын түркиялык түркчө, англисче, өзбекче, уйгурча, кыргызча ж.б. толук котормолорун да салыштырып иликтөөгө умтулдук[3]. Орусча, кыргызча, казакча жана башка котормолору кийинчерээк жарык көрдү, бирок зарыл учурларда аларга да кайрылууга аракеттендик.

Экинчи бир олуттуу булак — Махмуд ал-Кашгаринин мекендеши жана жашы улуу замандашы Жусуп Баласагын (Баласагуни) 1069–1070-жылы тамамдаган даңазалуу нускоочу дастан болгон «Кутадгу билиг» – «Кут кылуучу билим (куттуу бийлик)» деген караханийлик адабий түрк тилинде жазылган чыгарма[4]. Бул дастан дагы XI кылымдагы Караханийлер каганатынын коомдук жана маданий турмушунун энциклопедиялык күзгүсү болуп саналат. Жусуп Баласагындын эмгеги кыргыз тилине Төлөгөн Козубеков тарабынан көркөм которулган. «Байыркы түрк тилинен которулду» - деген анын ишендирүүсүнө карабастан, котормодо түп нускадан ашкере обочолоо орун алган. Маркум Сагалы Сыдыковдун котормосу кийинчерээк жарык көрдү. 1997-жылы чыккан монографиянын тиркемесинде

---

[3] Караңыз : Kâşgarlı Mahmud. Divänü Lügati' t-Türk: Tıpkıbasım / Facsimile. - Ankara: Sistem Ofset, 1990; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати т-түрк» сөз жыйнагы (1072 1077) / Илимий ред. проф. Ө.Кара уулу. - Бишкек: «Кыргызстан» басма үйү, 1997. (Мындан ары шилтеме жасалган адабият кыскартылган түрдө (автор же авторлордун ысымдары, эмгектин аталышынын алгачкы сөздөрү жана айрым зарыл учурларда эмгектин котормочулары, басмага даярдагандар, жарыяланган жайлары жана жылдары да) берилет. Толук библиографиялык сыпаттаманы «Пайдаланылган адабияттын тизмесинен» таба аласыз.

[4] (Balasagunlu) Yusuf Has Hacib. Kutadgu Bilig. Metin / Hzrl. R.R.Arat; Ibid. / Çeviren R.R.Arat; Баласагын Жусуп. Куттуу билим / Которгон Т.Козубеков; Баласагунский Юсуф. Благодатное знание / Перевод С.Н.Иванова; ж.б. Ал эми 2013-2014-жж. Түркияда бул көөнөргүс чыгарманын сакталып жеткен үч көчүрмө нускасынын тең түстүү фотофаксимилеси жарык көрдү. Караңыз: Yusuf Has Hajib. Kutadgu Bilig: Nemengan / Fergana Özbekistan Nüshası. Tıpkıbasım / Hazırlayan Emek Üşenmez. — 2013; Yusuf Has Hajib. Kutadgu Bilig: Herat (Viyana - Avustriya) Nüshası. Tıpkıbasım / Hazırlayan Emek Üşenmez. — 2014; Yusuf Has Hajib. Kutadgu Bilig: Kahire Nüshası. Tıpkıbasım / Hazırlayanlar Emek Üşenmez, Erdem Uçar. — 2014. (Бул баалуу китептерди таап берген Женгиз Алйылмазга терең ыраазычылык билдиребиз).

берилген өз алдынча котормо өрнөгүбүз[5] Жусуп Баласагындын сөз байлыгын түзгөн абдан көп терминдер азыркы кыргыз тилинде көбүрөөк сакталып калгандыгын айгинелөөгө жардам берет.

Махмуд Кашгари Барскани менен Жусуп Баласагын - өз доорунун чыгаан кош жылдызы, бирок алар бири-бири тууралуу өз эмгектеринде таптакыр эскеришкен эмес. Арийне, бул аалымдардын доорун жана коомун эч ким алардын өздөрүнүн китептериндегидей кылып мынчалык таасын сыпаттап калтырбагандыгы алардын мурастарындагы маалыматтарды кылдат салыштырып жана айкалыштырып үйрөнүү зарылдыгын тастыктайт.

Махмуд Кашгаринин доорун, чыгармачыл чабытын иликтөө үчүн кошумча пайдаланылуучу булактарды ар кыл тармактарга жараша бир нече топко бөлүп кароого туура келет.

Биринчиден, анын тил илимин өнүктүргөн түрколог окумуштуу экендиги, анын чыгармасы бизге жеткен алгачкы түркологиялык лингвистикалык эмгек болуп саналаары маалым. Бирок Махмуд Кашгаринин тил илиминдеги булактары - араб лингвистикасына көөнөргүс салым кошкон аалымдардын, алардын ичинде Махмуд Кашгари өзү эскере кеткен «Китаабу л-'айн» – «'Айн тамгасы китеби» эмгегинин автору ал-Халил ибн Ахмад (хижранын 175-ж. / 791-ж. өлгөн), Махмуд Кашгари пайдаланганы тастыкталган «Дивану л-адаб фи байани лугати л-'араб» - «Араб тилин баяндоого арналган адеп китеби» эмгегин жазган Абу Исхак ибн Ибрахим ал-Фараби (хижранын 350-ж. / 961-ж. өлгөн) сыяктуу окумуштуулардын чыгармалары экендиги талашсыз[6]. Араб тил илиминин тарыхы үчүн Исмаил ал-Жавхаринин «ас-Сыхах» - «Туура сөздөр» эмгеги да маанилүү[7].

Мусулман дүйнөсүндө ар кандай окумуштуулар, алардын китептеринин аталыштары, ар кандай топонимдер жана аларга байланыштуу аалымдардын ныспалары (шарттуу ысымдары) тууралуу ар кандай маалымат-наамалар, сөздүктөр, энциклопедиялык жыйнактар түзүлгөн. Алардын арасында азыркы Кыргызстандын жана жалпы Теңир-Тоонун жана Фергананын чөлкөмүнөн чыккан окумуштуулар жана диниятчылар эскерилген 'Абд ал-Карим ас-Сам'ани (1113-1167) жазган «Китабу л-ансаб» - «Ныспалар китеби»

---

[5] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... - Б. 137-142.

[6] Bergstrasser G. Das Vorbild... ; Kelly J.M. On defining Dhü...; Ibid. A Closer Look... — P. 497 - 499; Haywood J.A. Arabic Lexicography... — P. 20 - 39, 69 - 71, 118-119. Исхак ал-Фарабинин «Диванынын» Оксфорддогу Бодлеан китепканасында сакталган кол жазма көчүрмөсүн (MS Pococke 227 шифри коюлган; 369 барак) 1997-ж. июнь айында карап чыктым.

[7] Ал-Жавхари. Ас-Сыхах / тахкик Ахмад 'Абд ал-Гафур 'Аттар. — Жилд 1-6; Халидов А.Б. Словари... - С. 10-12.

аттуу арабча эмгек[8] , Абу 'Абдаллах Шихаб ад-Дин ар-Руми ал-Хамави Йакут (1179-1229) жазган «Му'жаму л-булдан» -«Өлкөлөрдүн аттарынын алфавиттик жыйнагы» аттуу араб тилинде жазылган географиялык жана биографиялык маалыматтарга бай чыгарма[9], айтылуу араб тарыхчысы жана биографы Ибн Халликан (1211-1282) жазган «Китабу вафайати л-а'йан» - «Чыгаандардын өлгөн (мезгили) тууралуу китеп» аттуу биографиялык эмгек[10], осмон түрктөрүнүн көрүнүктүү окумуштуусу Катиб Челеби (1609-1657) арабча жазган «Кешфу з-зунун 'ан асами л-кутуб ва л-фунун» - «Китептердин жана илимдердин аталыштары жаатындагы шектенүүлөрдөн арылуу» деген библиографиялык эмгек[11] ж.у.с. чыгармалар Махмуд Кашгаринин доорун иликтөөдө өзгөчө кызыктуу маалыматтары менен баалуу.

Булактардын дагы бир түрү мусулман географтарынын асарлары (чыгармалары) менен байланыштуу. IX-XIII кылымдарда жашап өткөн бир катар географтар, алардын ичинде Ибн Хордадбех (820- 912/13), Истахри (849/50-934), Ибн Хаукал , Ибн ал-Факих, Абу Дулаф сыяктуу X кылымдагы арабча эмгектери бизге жеткен авторлор[12] калтырган ар кыл маалыматтар Махмуд Кашгари Барскани тарабынан байытылган. Арийне, алардын оригиналдуу кабарларысыз Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» материалдары бизге жетишсиз болоор эле. Маселен, Абу Дулафтын кыргыздардын байрагы (асабасы) жашыл экендиги, жаза турган каламы, ыбаадатканасы бар экендиги тууралуу кабары энесайлык кыргыздардын исламга чейинки доордогу турмушун чагылдырат.

Ошондой эле жазган ээсинин аты-жөнү белгисиз фарсыча географиялык эмгек — «Худууду л-'аалам» - «Ааламдын чектери» асары (982-ж.) калтырган оригиналдуу географиялык жана этнологиялык маалыматтар да Махмуд Кашгари Барсканинин маалыматтарынын тарыхый маанисин тактоого жардам берет[13]. Маселен, Теңир-Тоо аймагындагы, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүндөгү чигил, тухсилер, теңир-тоолук кыргыз жана башка этностор жөнүндө «Худууду л-'аалам» баяндаган кабарлар өзгөчө оригиналдуу.

---

[8] Al-Sam'ani. The Kilab al-Ansab...
[9] Yakut al-Rumi. Mu'djam al-Buldan.
[10] Ibn Kha11ikan' s Biographical Dictionary / Transl. by De Slane.
[11] Хажы Халифа (Катиб Челеби). Китабу кашфи з-зунун...
[12] Ибн Хордадбех. Книга путей... / Пер. Н. Велихановой; Ибн ал-Факих. Ахбар... / Пер. А.С.Жамкочяна; Абу Дулаф. Ар-Рисалату л-'уула (Мешхед кол жазмасынын петербургдук фото көчүрмөсү); Ibn Haukal. Opus...; Şeşen R. Isläm...; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации в тюркских...
[13] Худ уд ал-'алем. Рукопись Туманского / С введением... В. В. Бартольда; Minorsky V. Hudud...; Ibid. Addenda to the Hudud...

Даңазалуу математик, астроном жана энциклопедиячыл окумуштуу Абу Райхан Беруни (973-1048) айрым Ички Азиядагы түрктөрдүн топонимиялык реалийлери боюнча Махмуд Кашгари Барсканинин маалыматтарына шайкеш келген кабарларды калтырганы көңүл бурууга арзыйт[14].

Мусулман картографиясында Махмуд Кашгари Барскани чийген дүйнөнүн алкактык картасынын алган өзгөчө ордун иликтөө үчүн чыгыш таануу илиминде «Исламдын атласы» деп аталып жүргөн X кылымдагы жана андан кийинки доорлордогу Алдыңкы Азияда жана Ортоңку Чыгышта пайда болгон араб карталарын иликтөө абзел.

Дүйнөнүн ошол доордо белгилүү болгон аймактарынын картасынан тышкары Перс булуңунун жана Жакынкы Чыгыштын өлкөлөрүнүн шаарларын, деңиздерин, дарыяларын жана башка реалийлерин чагылдырган бул карталардын айрымдарын ирактык картограф профессор Суса Ахмад 1959-жылы Багдадда жарыялап, аны ирандык аалым 'Аббас Сахаб 1986-жылы Тегеранда кошумчалап жарыкка чыгарды[15] Экөөндө тең, бирок, Махмуд Кашгари Барсканинин картасы эч эске алынган эмес. Ал эми арап карталары болсо “Дивандын” картасы менен салыштырып үйрөнүү үчүн кашгари таануучуларга өзгөчө зарыл. Ушул эле салыштырма картографиялык иликтөө максатында Абу 'Абдаллах Мухаммед ибн Мухаммед ал-Идриси (1100—1161 же 1165) чийген айтылуу «Рожердик карта»[16] делип жүргөн араб картасын да булак катары пайдалануу абзел. Бул картада да Евразияда кеңири жайгашкан түрк этностору жана алардын жайгашкан географиялык аймактары бай чагылдырылган. Арийне, бир катар топонимдер ал-Идрисиде жаңылыш тамгалар аркылуу берилет.

Улуу окумуштуу-түрколог Махмуд Кашгари Барскани өзү өсүп-өнгөн Караханийлер каганатынын саясий тарыхын иликтөөдө бир катар араб жана фарсы тилдеринде жазылган тарых эмгектери да пайдаланылды.

Алардын арасында өзгөчө орун айтылуу араб тарыхчысы Ибн ал-Асирге (1160-1233/34) таандык. Ибн ал-Асирдин араб тилинде жазылган «Та'риху л-каамил» - «Ийисине жеткирилген тарых (же «Кемелине жеткен тарых», «Төрт тарабы төп келген тарых») аттуу эмгегинде Караханийлер каганатындагы жана ага коңшулаш өлкөлөрдөгү түрк элдеринин саясий тарыхына тийешелүү маалыматтар, айрым түрк этносторунун ислам динин кабыл алгандыгы

---

[14] Беруни. Избранные произведения. - Т. 1 - 6; Булгаков П.Г. Жизнь и труды Беруни.

[15] Susah Ahmad. Al-'Iraq fi al - khawarit...; Miller K. Mappac Arabicac. - Bd. 1 - 2; Крачковский И.Ю. Арабская географическая литература. - С. 195 - 209; Чороев Т.К. Древнетюркская карта...

[16] Charta Rogeriana: Weltkarte... / Hrsg von Konrad Miller; al-Idrisi. Opus geographicum... Miller K. Mappae Arabicae. - Bd. 6. Idrisi - Atlas. - Tafeln I -II.

жөнүндө кабар, Ысык-Көлдөгү Барскан аймагын Махмуд Кашгаринин доорунда бийлеген жана бул аалымдын атасы катары божомолдонуп жаткан бек менен байланыштуу маалымат жана башкалар чагылдырылган[17].

Араб-фарсы илимпоздору түрк этнографиясына байланыштуу сейрек маалымат калтырышкан. Алардын арасында фарсы тилинде жазылган «Зайну л-ахбаар» - «Кабарлардын татынасы» аттуу Абу Са'ид 'Абд ал-Хайй Гардизинин (1008/09 - өлгөн жылы белгисиз) эмгеги[18] бар. Бул чыгармадагы түрк калктарына таандык айрым маалыматтар автордун өз доорунан алда канча эрте мезгилге, ал түгүл VIII жана IX кылымдарга таандык экендиги белгиленүүдө[19].

Орто кылымдарда бектиктин борбору болгон «Барскан» калаасынын этимологиясына байланыштуу жана кыргыздардын тегин славяндар менен байланыштырган божомолдору бул аалымдын интерпретацияларына шектенүү менен кароого аргасыз кылат. Ошондой болсо да, салыштырма этнологиялык иликтөөлөрдө Гардизинин оригиналдуу кабарлары өтө маанилүү.

Селжукийлердин дөөлөтүндө кызмат өтөгөн дарыгер жана илимпоз Шараф аз-Заман Тахир ал-Марвази 1120-ж. тегерегинде араб тилинде «Табаа'и'у л-хайаваан» - «Айбандардын табыгый сырлары» аттуу чыгарма жазган. 1937-жылы гана ал-Марвазинин бул эмгегинин толугураак кол жазмасы Индияда доктор А.Арберри тарабынан табылып, кол жазманын түрк калктарына, Кытайга жана Индияга тийешелүү баптарынын арабча тексти илимий түшүндүрмөсү жана англисче котормосу менен биргеликте В.Ф.Минорский тарабынан жарыяланды[20]. Анда, маселен, кыргыздардын айрым тобу Чыгыш Теңир-Тоодо байырлагандыгы жана алар ислам дүйнөсүнө келген соң, мурдагы сөөк өрттөө жөрөлгөсүнөн жаңы жөрөлгөгө - маркумдун сөөгүн көмүүгө өткөндүгү тууралуу олуттуу кабар камтылган. Демек, кыргыздардын бир тобу XII кылымдын башына чейин эле (моңгол чапкынынан бир кылым илгери) Теңир-Тоодо ислам динине өтө баштаганын бул кабардан билебиз.

Айрым этнологиялык жана санжыралык маалыматтарды салыштыруу үчүн Махмуд Кашгари Барсканинин доорунан алда канча кеч жашаган тарыхчылар - фарсы тилинде жазган Фазлаллах ибн Абу-л-Хайр ал-Хамадани Рашид ад-Дин (1227-1318), араб тилинде жазган

---

[17] Ibn el-Athiri Chronicon... - Vol. 11-12; Ibnu 1-Esir. Islam Tarihi... - 11. cilt; МИКК. - Вып. 1.

[18] Бартольд В.В. Извлечение из сочинения...; Гардизи. Зайн ал-ахбар... / Пер. А. К. Арендса.

[19] Czegledy K. Gardizi on... - P. 257 - 267; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... - С. 16.

[20] Minorsky V. Sharaf al-Zaman....;Храковский В.С. Шараф ал- Заман - С. 208 – 218.

Абу-л-Фадл ибн Мухаммад Жамал ад-Дин Каршы (Жамал Карши; 1230/31 - өлгөн жылы белгисиз), орток адабий тил болгон чагатай түрк тилинде жазган хивалык өкүмдар Абу-л-Газы Бахадур хан (1603-1663) жана башкалардын эмгектери да кашгари таануу үчүн олуттуу маниге ээ.

Булардын арасынан Рашид ад-Диндин «Жаамы' ат-таваарих» - «Тарыхтардын жыйындысы» аттуу эмгеги, ал жазып калтырган «Огуз-наме» уламышынын варианты[21] Махмуд ал-Кашгаринин «Диванындагы» огуз жана башка түрк калктарынын тарыхын жана этностук-уруулук курамын иликтөөдө баалуу булак кызматын аткарат. Ал эми теңир-тоолук тарыхчы Жамал Каршы болсо Караханийлер каганатынын X-XI кылымдарга таандык айрым тарыхый окуяларына байланыштуу маалымат калтырган[22].

Оригиналдуу түрк этнонимдеринин тизмеси бар дагы бир фарсыча китеп - «Та'рих-и Мубарак-шах» - «Мубарак-шахтын тарыхы» чыгармасы 1206-жылы жазылып бүтүп, автору Мухаммад ибн Мансур ибн Са'д ал-Курайши (ылакап аты — Мубарак-шах) бул китебин Лахордо бийлеп турган Гурийлердин султаны Гийас ад-Дин Махмудга (1206-1212) тартуулайт. Чыгармада Борбордук жана Ички Азия түрктөрүнүн тарыхы жана этнонимиясы боюнча кызыктуу маалыматтар бар[23].

Махмуд Кашгари Барсканинин чыгармасынын изи менен тарыхый ретроспективалык саякат жасоо үчүн Жакынкы Чыгыштагы жана өзгөчө Мысыр (Египет) менен Осмон султандыгындагы (азыркы Түркиядагы) орто кылымдардагы жана жаңы доордогу булактарга кайрылууга муктажбыз. Ошондой баалуу булактардын бири - мысырдык кыпчак мемлүктөрүнүн доорунда жазылган тарыхый жана лингвистикалык чыгармалар болуп саналат.

Айрыкча Бадр ад-Дин Махмуд ал-'Айни (1360 - 1451) жана анын араб тилинде жазган «'Икду л-жумаан фи та'рихи ахли з-замаан» - «Азыркы замана калкынын тарыхы боюнча бермет шурулары» деген тарых китеби жөнүндө китебибизде кеңирирээк токтолобуз. Анткени ушул эмгегинде жана арабча жазылган дагы бир китебинде - «ас-Сайфу л-муханнад фи сиирати л-малики л-му'айаад» - «Зиректүү бийлик эгесинин таржымакалы тууралуу индиялык кылыч (сымал

---

[21] Рашид ад-Дин. Огуз-наме / Пер. Р.М.Шукюровой; Рашид ад-Дин. Джами' ат-таварих... Ал эми Абу-л-Газынын санжыралык маалыматтарынын кыйласы Рашид ад-Дин сыяктуу мурдагы булактарга багыныңкы. - Абу-л-Гази. شجره ترك Родословное...

[22] Barthold W. Turkestan down to... - P, 51 - 52; Бартольд В.В. Туркестан... - Ч.1. Тексты. - С. 128 - 152.

[23] Материалы по истории Средней и Центральной... - С. 90 - 93; Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шах а Мерверруди... - С. 75 - 77; Marvar-rudi. Ta'rikh-i...

өткүр эмгек)» деген асарында ал-'Айни авторуна шилтеме кылбай туруп Махмуд Кашгаринин маалыматтарын пайдаланган[24]. Дагы бир өзгөчө кызыктуу булак – осмон түрктөрүнөн чыккан көрүнүктүү энциклопедист окумуштуу Катиб Челеби (Хажы Халифа) жазган библиографиялык эмгек экендигин жогоруда эскердик (бул аалым тууралуу эмгектин негизги бөлүмүндө кеңирээк сөз жүрөт).

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванындагы» ар кыл терминдердин маанисин жана айырмалуу жактарын иликтөө үчүн орхон-энесайлык, кочкорлук жана таластык руна сымал жазмалардын тексттери, орто кылымдардагы айрым түркчө жазылган бутпарастык (буддисттик), несториандык, манихейлик, мусулмандык жана башка жазма эстеликтер[25], азыркы түрк калктарынын жана монголдордун лексикалык жана фольклордук казыналары иштиннегизги булагы катары пайдаланылды.

Орто кылымдардан бери сакталып жеткен «Огуз-наме» дастаны, «Китаби дедем Коркут» дастаны, ошондой эле кыргыз элинин «Манас» эпосу (“чоң жомогу”), түрк элдеринин санжыралары да - мындай салыштырма иликтөө үчүн кубаттуу булактык жөлөк[26].

Караханийлер каганатынын тарыхын тактоодо да, Махмуд Кашгари Барсканинин биографиялык жагдайлары боюнча жана азыркы Кыргызстандын аймагындагы шаарлардын саясий-акимдик ролун тактоо (маселен, кайсы шаарларда жана качан тыйын чыгаруучу расмий жайлар орун алгандыгын, аларда кимдин атынан тыйын чегилип тургандыгын аныктоо) боюнча мыкты даректердин арасында караханийлик тыйындарды көрсөтүү абзел. Илим чөйрөсүнө киргизилген карахандык тыйындар Батыш Теңир-Тоо жана Чыгыш Теңир-Тоо аймактарынын саясий жана экономикалык тарыхын тактоо үчүн кыйла жардам берди[27].

Ушундай эле маанилүү булак катары даректик (документ) кагаздарды, Караханийлер доорунан калган архитектуралык эстеликтерди жана археологиялык табылгаларды көрсөтүүгө болот[28]. Ошондой булактардын арасында Жаркен (Йаркент) шаарында 1121-

---

[24] ал - Áйни. ' Икду л-жумаан... - Каир. - Т. 1 - 4; ал- 'Айни. ас-Сайфу л-муханнад... - Каир, 1967; Крачковский И.Ю. Арабская географическая... - С. 479 - 481; Чороев Т.К. Махмуд иби Хусейин ал-Кашгари ... - 16 - 17-б.

[25] Орхон-Енисей тексттери; Джумагулов Ч. Эпиграфика... - Вып. 1 - 3; Источниковедение Кыргызстана... - С. 64 - 427

[26] Караңыз: Молдобаев И.Б. «Манас»...; Аттокуров С. Кыргыз санжырасы; Радлов В. В. Из Сибири; Утемиш - хаджи. Чингиз-наме; Башкирские шежере / Сост. Р.Г.Кузеев; Галяутдинов И.Г. «Тарих нама-и булгар»...; Койчисв А. Осмонаалы...

[27] Pritsak O. Die Karachaniden...; Давидович Е.А. Нумизматические материалы...; Федоров М.Н. Нумизматические источники; Кочнев Б.Д. Заметки...; и др.

[28] Алиева В. Градостроительство...; Байпаков К.М. Средневековая городская...; Горячева В.Д. Средневековые городские...; Табалдиев К.Ш. Курганы...; и др.

жылы жазылган бир документ бар жана анда мусулман чөйрөсүнө жаңы келген чыгыш түрктөрүнүн өкүлдөрүнөн экендиги болжолдонгон эки күбөнүн ысымдары араб жазмасындагы жана араб тилиндеги бул иш кагазына чыгыш түрк (“уйгур”) жазмасы менен түшүрүлгөндүгү (№ 43 сапта) чыгыш таануучулардын кызыгуусун туудурууда[29].

Орто кылымдардын эрте мезгилиндеги, Махмуд Кашгари Барсканинин доорундагы жана андан кийинки (Чыңгыз хан негиздеген дөөлөттүн ири калайманы заманына чейинки) Ички Азиядагы этностук кырдаалды жана этномаданий карым-катнаштарды салыштырып иликтөө үчүн кытай даректерин (маселен, X кылымда Чыгыш Теңир-Тоонун бир жакасындагы Турпан ойдуңуна чейин саякат жасап келген Ван Янденин жергиликтүү түрк калктары тууралуу кабарын), тибет, монгол сыяктуу чыгыш тилдериндеги жазма булактарды[30], ошондой эле Батыштан XIII кылымда Монголияга жана Түндүк Кытайга чейин саякат жасап келген Плано Карпини, Вилгельм Рубрук, Марко Поло[31] сыяктуу саякатчылардын маалыматтарын да эске алуу абзел.

Ал эми Махмуд Кашгаринин доорунда тээ Кичи Азияга чейин кирип барган огуз элинин бир катар уруулары, Киевдик Орус мамлекети менен түздөн-түз коңшулаш жана канатташ байырлап, алды - Балканга чейин барган, арты - Итил (Волга) өрөөнүн жакалап, Урал тоолорун жердеп жашаган түндүк-батыш түрк этносторунун тарыхы боюнча славяндык, латын сыяктуу жазмасы бар тилдердеги жылнаамалар (византиялык, байыркы орустук), дастандар (маселен, «Игордун кошууну жөнүндө сөз»), уламыштар, сөздүктөр жана башка жанрлардагы чыгармалар да Махмуд Кашгари Барсканинин маалыматтарын тастыктоо жана бекемдөө үчүн пайдалуу.

Өз доорундагы түрк калктарынын этнографиясын, маданиятын, динин жана тилин чагылдырууга аракеттенген Махмуд Кашгаринин эмгегине текстологиялык иликтөө жүргүзүү үчүн жогорудагы булактар менен катар эле автор өзү «Диванда» бир нече ирет шилтеме жасаган «Куран» ыйык китебин да кароо абзел.

Эмгекте жана башка кашгари таануу багытындагы иликтөөлөрдө каралууга тийиш болгон булактардын кыскача баяндамасы дал ушундай.

---

[29] Tekin Şinasi. A Qarahanid Document... - P. 868 - 883; Тихонов Д.И. Хозяйство...

[30] Козин С.А. Сокровенное сказание...; Izgi Ö. Çin E1çisi...; Малявкин А.Г. Уйгурские государства...; Beckwith C.I. The Tibetan Empire...; Doerfer G. Türkische und Mongolische...; ж.б.

[31] Марко Поло. Книга Марко Поло; Петров К.И. Латиноязычные...

ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ (ТАРЫХНААМА).

Махмуд Кашгаринин доорун жана мурасын иликтөөлөр жөнүндөгү маселенин комплекстүү мүнөзү айдан ачык. Биринчиден, бул маселе IX — XII кылымдардын аралыгындагы түрк элдеринин этностук жана этномаданий тарыхын чагылдыруу менен байланыштуу.

Экинчиден, Махмуд Кашгари Барскани өзү жашаган Караханийлер каганаты, кийин көчүп барган Селжукийлер султандарынын ири дөөлөтү, Селжукийлерге иш жүзүндө көз каранды болуп калган ордосу Багдад шаарындагы Аббасийлер халифаты жана алардын XI кылымдын ортосундагы жана экинчи жарымындагы тарыхы иликтенген эмгектер айтылууга тийиш.

Үчүнчүдөн, түздөн-түз Махмуд Кашгаринин 1915-жылдан тартып илимдин кеңири чөйрөсүнө дайын боло баштаган эмгегинин өзүн иликтөөнүн, аны башка тилдерге которуунун тарыхы жаңыча изилденүүгө тийиш.

Булардын ичинен жогорудагы эки жагдайы боюнча бүтүндөй бир илимий мекемелер иштеп, ар кыл өлкөлөрдө ар кандай иликтөөлөр жүрдү жана диссертациялар корголду (анын ичинде тил илими жаатында Кыргызстандын өзүндө бир нече кандидаттык диссертациялар жакталды). Алардын бардыгын кыскача айтып өтүүгө да мүмкүн эмес.

Тек гана кошумчаласак, Караханийлер каганатынын тарыхы боюнча мурда жүргүзүлүп келген изилдөөлөр тууралуу Борбордук Азияда алгачкы ирет доктордук диссертациясын ушул мамлекеттин саясий тарыхы боюнча Ташкен шаарында жактаган профессор Өмүркул Караевдин (15.10.1930 – 18.09.2002) эмгегинен кеңирирээк таанышууга болот.

Түрк калктарынын тарыхы багытындагы эң олуттуу эмгектер академик В.В.Бартольдго (1869 - 1930), анын замандаштары В.В.Радловго (1837–1918), Иосиф Марквартка (1864-1930), Н.Аристовго (1847 – 1918-ж. кийин), Ахмед Зеки Велиди Тоганга (1890-1970), Карл Броккельманга (1868–1956), С.Е.Маловго (1880–1957), В.А.Гордлевскийге (1876–1956), В.Ф.Минорскийге (1877–1966), кылымыбыздын экинчи жарымында таасирдүү эмгектерин жараткан украин чыгыш таануучусу Омелян Прицакка (укр. Омелян Йосипович Пріцак, Omeljan Pritsak; 07.4.1919 – 29.5.2006), азербайжан чыгыш таануучусу Зия М.Буниятовго (азербайжанча Ziya Musa oğlu Bünyadov; 24.12.1921 — 21.2.1997), түрк окумуштуулары Фарук Сумерге (Faruk Sümer; 05.11.1924 – 21.10.1995),

Решат Генчке, орус археологу Юлий С.Худяковго (1946-ж. туулган), орус чыгыш таануучусу Сергей Григорьевич Агаджановго (1928-ж. Түркмөнстандын Мары шаарында туулган - 1998), казак илимпоздору Булат Ешмухамбетович Кумековго, Сатай Сыздыковго, С.М.Ахинжановго (1939-1991), казак археологу Карл Молдахметович Байпаковго, өзбек тарыхчылары, академик Бөрүбай Ахмедовго (Bori Ahmedov, 1924 - 2002), Карим Шаниязовго (1924 — 5.10.2000) жана башка аалымдарга таандык.

Кыргызстанда да Караханийлер доорунун саясий тарыхы, экономикасы, маданияты, нумизматикасы, археологиялык эстеликтери, кыргыз этносунун келип чыгыш теги жана кыргыз топторунун Караханийлер доорунда эле Чыгыш Теңир-Тоого жайгашкандыгы тууралуу ар кыл иликтөөлөр жүргүзүлүп келди. Чыгыш Теңир-Тоодогу жана Ички Азиядагы түрк этносторунун тарыхы боюнча Кытайда жана анын Шинжаң-Уйгур автономдуу районунда да изилдөөлөр жүргүзүлдү. Маселен, КЭРдеги кыргыз тарыхчысы, маркум Анвар Байтур (01.8.1938 - 06.1.1991) жазган эмгектерди атоого болот.

Эгерде мурдагы советтик чыгыш таанууда саясий методологиялык негиз катары таптык (марксисттик-лениндик) көз караш таңууланып келсе, ал эми Батыш тарыхнаамасында фактологиялык сүрөттөмө жана ар кандай идеологиялык алкакка тарыхты чегерүүдөн оолактоо аракети үстөмдүк кылып келди. Жалпысынан, тарыхчылардын, булак таануучулардын, археологдордун, этнологдордун жана башка адистердин кылымыбыздагы ийгиликтери Махмуд Кашгари Барсканинин доорун түшүнүү үчүн дурус пайдубал кура алды.

Жогоруда эскерилген тарыхнаамалык багыттардын үчүнчүсү - Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинин өзүнүн булак катары иликтенишинин тарыхына байланыштуу.

Махмуд Кашгари Барсканинин бизге келип жеткен көзгө басар көчүрмө нускасы (анын ачылыш тарыхы иштин негизги бөлүмүндө кеңирирээк баяндалат) 1915-1917-жылдары үч томдук кылынып литографиялык (таш басма) ыкмасы менен Стамбул шаарында жарыяланган. Көчүрмө нусканы сатып алып, илим чөйрөсүнө дайын кылган түрк илимпозу Али Эмири (Alı Emiri; 1857-1923) эмгекти жарыялоо үчүн басмага даярдоону өзүнүн кичүү замандашы Килисли Му'аллим Риф'атка (Mu’allim Rif’at Kilisli;) ишенип тапшырган.

Дал ошол «Дивандын» алгачкы тому жарыяланган 1333-хижра жылынан / 1915-жылдан тартып анын маалыматтары Осмон дөөлөтүндө жана Европанын илимий чөйрөлөрүндө аз-аздап иликтене баштады.

Түрк илимпоздорунун ичинен бул булакка өз көңүлүн бурган алгачкы окумуштуулардын ичинде болгон Килисли Му'аллим Риф'ат

эмгекти жарыялоого жана анын алгачкы томунун жарык көрүшүнөн тартып, анын баалуулугун пропагандалоого чоң салымын кошкон (анын эскерүүлөрү[32] эмгекте кеңири пайдаланылды).

Ошол доордо Стамбулдун илимий чөйрөсү менен тыгыз байланышы болгон немис окумуштуусу Мартин Хартманн (1851-1918) Махмуд ал-Кашгаринин «Диванынын» биринчи тому жарык көрөөр замат эле ал тууралуу өз макаласын жазган. Бул макаланы осмон түркчөсүнө которуп, «Миллий тетеббу'лар межму'асы» аттуу ошол доордогу кадыр-барктуу илимий журналга 1331-хижра жылы / 1915-жылдын сентябрь-октябрь айында (1-том, №4.)[33] жарыялашкан.

Мартин Хартманн макаласында «Дивандын» алгачкы тому чыгаары менен эле анын авторунун инсандыгы тууралуу иликтөөлөр башталгандыгын, өзү да бул ишке шериктешүүгө чакырылгандыгын айтып, «Дивандагы» учкай эскерилген бир диниятчы - ал-Хусейин ибн Халаф ал-Кашгари аттуу имам тууралуу жазат. Бул имамдын ысымын Абу Са'д 'Абд ал-Карим ас-Сам'ани жазган «Китабу л-ансааб»[34] аттуу эмгектен да тапкандыгын М.Хартманн белгилейт. Бул арабисттин пикирине караганда, Махмуд Кашгаринин кийинки мусулман адабиятында дээрлик сөзгө алынбай калгандыгы соңку доорлордо мусулман дүйнөсүнүн илимпоздорунун исламга тийешеси жок илимий темаларда жазган кыйла эмгектеринин таназарга алынбай калынгандыгы менен түшүндүрүлсө болот.

Ошол эле «Миллий тетеббу'лар межму'асы» журналынын 1331-хижра жылынын / 1915-жылдын ноябрь-декабрындагы № 5 санына дагы бир чакан макала жарыяланды. Макаланын автору, белгилүү түрк илимпозу Фуат Көпрүлү аны Махмуд Кашгаринин «Диванынын» экинчи тому жарык көргөнүнө багыштап, чакан пикир (рецензия) түрүндө даярдаган. Бул журналдын чыгарылыш датасы - хижранын 1331-жылы катары, ал эми «Дивандын» алгачкы эки томунун чыгарылыш датасы - хижранын 1333-жылы катары көрсөтүлсө да, алар бир эле жылга - 1915-жылга таандык (бул тууралуу эмгектин негизги бөлүмүндө кеңири токтолобуз).

Фуат Көпрүлү бул чакан макаласында 1904-жылы Мажар Илимдер академиясынын Тилдер институтунун лингвистикага арналган журналында (34-том, 2-бөлүм) XI кылымдан - XV кылымдын акырына чейинки мезгилде жазылган түркчө сөздүктөр тууралуу айтылаарын эскерет. Мажар илимпоздорунун бул макаласында 'Аббасийлердин халифи Муктади би-'Амри-л-Ллах (би-Амрилла) бийлеген доордо

---

[32] Rifat. Kilisli Muallim. Bildiklerim...

[33] Хартманн М. «Диван лугат ат-түрк» е 'аид бир кач... - 167 - 170-б.

[34] Ошондо эле. - 168-б.; a1 - Sa m'ani. The Kitab al-Ansab... - Sheet

жазылган «Дивану лугати т-түрк» аттуу арабча-түркчө сөздүк жалпы эле түрк сөздүктөрүнүн эң байыркысы экендиги белгиленген экен.

Фуат Көпрүлү бул маалыматты мажар илимпоздору Хажы Халифанын (Катиб Челебинин) «Кешфу з-зунуун...» эмгегинен алышкандыгын да атайын көрсөтүп, ал түгүл бул эмгектин Мысырдагы (Булак, 1-том, 397-бет) жарыяланышындагы Махмуд Кашгаринин «Диваны» тууралуу чакан парчасын (үзүндүсүн) толугу менен кыстара кеткен[35]. «Дивандын» акыркы - үчүнчү тому да жакын арада жарык көрөөрү тууралуу Фуат Көпрүлү окурмандарга кабар берет. Макалада ошондой эле «Диванда» Махмуд ал-Кашгари өзүнө өзү берген мүнөздөмө да келтирилген жана Махмуд ал-Кашгари түрктөрдүн ар кыл урууларын, топторун, алардын тарыхын жана географиясын, элдик оозеки адабиятын мыкты өздөштүргөн инсан катары сыпатталган.

Фуат Көпрүлүнүн баамдашынча, «Дивандагы» эң негизги диалект - бул эмгекте «хакан түркчөсү» деп аталган Кашкар диалекти болуп саналат. Жалпысынан, Фуат Көпрүлүнүн бул макаласы да кашгари таануунун алгачкы кызыктуу карлыгачтарынан болгон.

Бул макалалардан соң Осмон султандыгында жана андан кийинки Түркияда Махмуд Кашгари Барсканиге жана анын мурасына арналган изилдөөлөр өзгөчө көп жүргүзүлдү. Ал иликтөөлөр тууралуу Түркиянын өзүндө жарыяланган М.Үлкүташырдын, Али Чичеклинин ж.б. изилдөөчүлөрдүн Махмуд Кашгари тууралуу жалпылама эмгектеринин[36] өздөрү да (мындай макалалардын арбындыгынан жана бир жерде системалуу катталбагандыгынын айынан) толук камтып бере алышкан эмес.

Махмуд Кашгаринин маалыматтарын өтө олуттуу даражада пайдаланган алгачкы жалпылама эмгектердин арасында айтылуу түрк илимпозу жана ойчулу Зия Гөкалп (1876-1924) жазган асарлар да бар. Тээ 1915-жылы эле (1331-хижра жылы, Temmuz - Ağustos, б.а. июль-август айлары) ал байыркы түрктөрдүн коомдук түзүлүшүнө арналган көлөмдүү макаласын[37] жазып, анда Махмуд Кашгаринин «Диванынын» Килисли Риф'ат Билге жарыялаган сыясы кургай элек алгачкы томунун материалдарын өтө арбын пайдаланган.

Зия Гөкалптын «Түрк маданияты тарыхы» эмгегинин алгачкы бөлүмү болгон жана автор кайтыш болгон соң, 1925-жылы (хижранын

---

[35] Көпрүлү Фуат. Йени нешрийат. Дивану лугати т-түрк...

[36] U1kütaşır M. Büyük Türk...; Çiçek1i A. Kaşgarlı...; көп эскерилбей келген макалалардын бири: Amasiyeli Hüseyn. Afrasyab kimdir? (Амасийели Хусейн. Афрасийаб кимдир?) (Хижранын 1334-жылы Стамбулда арап арибинде жарыяланган).

[37] Гөкалп Зийа. Эски түрклерде... - 396 - 406; ж.б. беттер.

1341-жылы) араб арибинде, түрк тилинде жарыяланган «Исламдан оболку түрк маданияты» аттуу китеп[38] өзгөчө орунда турат.

Европалык чыгыш таануу да «Дивандын» жарыяланышына кайдыгер калган эмес. Немис арабисти Карл Броккелман (нем. Carl Brockelmann; 17.9.1868, Росток — 6.5.1956, Галле) «Махмуд Кашгаринин түрк этиш жасоо ыкмасын сыпатташы» аттуу макаласын 1919-жылы мажарлардын чыгыш таануу багытындагы журналына жарыялады[39]. Анын экинчи ири макаласы «Эски Түркстан калк адабияты» деп аталып, «Остазиатише цайтшрифт» журналынын 1919-1920-жылга таандык 8-томунда жарыяланды[40].

Дагы бир немис профессору Г.Бергштрассер (Gotthelf Bergsträßer; 1886-1933) «Ориенталистише литературцайтунг» аттуу чыгыш таануу багытындагы гезитке (1921-жылы июль-август айында чыккан 7-8-кошмо санда) жарыялаган бир чакан макаласында[41] кашгари таануу багытында дагы бир ачылыш жасаган. Бул макаласында ал Махмуд ал-Кашгаринин эмгегинин аталышы андан мурда - X кылымда жашап өткөн дагы бир түркстандык тилчи аалымдын - Исхак ал-Фарабинин «Диван ал-адаб» эмгегинин аталышына окшош экендигин байкаган жана араб лингвистикасындагы ал-Халил колдонгон усулду Махмуд Кашгари четке каккан менен, атайын эскербесе да, өз жердеши ал-Фарабинин усулун сөздүктү түзүүдө өрнөк кылгандыгы тууралуу илимий жыйынтыкка эшик ачкан.

Мурдагы СССРдеги (анын ичинде - Орусиядагы) окумуштуулардын ичинен алгачкылардан болуп Махмуд Кашгари Барсканинин мурасына көңүл бурган чыгыш таануучу — академик Василий Владимирович Бартольд (Wilhelm Barthold; 1869-1930) эле. Ал 1921-жылдагы бир илимий баяндамасында[42] Махмуд Кашгари тууралуу белгилейт жана анын маалыматтарын кийинки жарыялаган «Кыргыздар...», «Түркмөн элинин тарыхынын очерки», «Борбордук Азиядагы түрк элдеринин тарыхы боюнча он эки дарс», «Түрк-монгол элдеринин тарыхы» сыяктуу жана башка эмгектеринде[43] арбын колдонот.

Белгилүү орус совет түрколог Сергей Ефимович Малов (4.1./ 16.1/1880-06.9.1957) да Ташкент шаарында 1926-жылы жарыяланган чакан китепчесинде[44] Махмуд Кашгаринин «Диванынан» өрнөктөрдү жарыялаган.

---

[38] Gökalp Ziya. Türk Medeniyeti...
[39] Brockelmann C. Mahmud a1-Kaschgaris Darstellung... - S . 29 - 49.
[40] Brockkelmann C. Alttürkestanische... - S. 50 - 73; Ibid. Mahmud al-Kaschgari über...
[41] Bergsträsser G. Das Vorbild...
[42] Караңыз: Туманович Н.Н. Описание архива... - С. 278 - 279.
[43] Бартольд В.В. Киргизы...; Он же. Очерк истории туркменского...; Он же. Двенадцать лекций...: Он же. История турецко-монгольских...; и др.
[44] Малов С.Е. Образцы...

Ал эми теги палестиналык арабдардан болгон орус чыгыш таануучусу Пантелеймон Крестович Жузе́ (1871-1942) болсо 1926-1927-жылдары Баку шаарында Махмуд Кашгаринин мурасына арнаган баалуу макаласын жарыкка чыгарды[45].

Өзбек айдыңдарынын ичинен алгачкылардан болуп Махмуд Кашгари Барсканинин мурасын изилдеген инсан – Абдурауф Фитрат (Abdurauf Fitrat; 1885, Бухара — 5.10.1938, Ташкент) болгон. (Бул окумуштуу жана публицист сталиндик доордо жазыксыз жерден "пантүркчүлөрдүн чагатайчылар тармагынын өкүлү" катары жазалануу́га кириптер болгон). Фитрат "Эң эски түрк адабиятынын өрнөктөрү" аттуу өзбекче эмгегинде Махмуд Кашгаринин "Диванына" да көңүл бөлгөн[46].

Арийне, Фитраттын кээ бир чаташтырып аңдап алган учурларын анын замандашы, көп тилдерди билген түрколог С.Е.Малов өз учурунда калыс сынга алган. Маселен, "Дивандагы" ашыктык ыр саптарынын биринде́ги "булнады мени қарақ" ("мени көзү туткундады", "мени бир карашы туткундады")[47] деген сапты Фитрат "йолда қарақчы тутуп алды мени" деп өзбекчеге которгонун С.Е.Малов туура белгилеп, мында жашы көлдөй аккан көз жөнүндө сөз жүрүп жатканын жазган[48].

Бул калпыстыктарга карабастан, Фитрат Махмуд Кашгари Барсканинин "Диванын" адабий мурас катары Борбордук Азиядагы калайыкка таныштырган илимпоз катары жылуу сөз менен эске алууга арзыйт.

1930-жылдарда сталинчил жазалоолорго жазыксыз жерден кабылган окумуштуулардан казакстандык Халел Досмухамед уулу (казакча Халел Досмұхамедұлы; орусча Халел Досмухамедов; 24.04.1883-1939) өз макаласында Махмуд Кашгаринин "Диванына" кайрылган. Х. Досмухамед уулу "Дивандагы" картада түрк этносторунун жайгашкан жерлери көрсөтүлгөнүн жана мусулман элдеринин тил илиминде алгачкы ирет "Диванда" географиялык маалымат филологиялык маалыматтар менен айкалыштырылып

---

[45] Жузе П. К. Диван...; чыгыш таануучу Жузе тууралуу толугураак караңыз: Керимова Т.С.-кызы. Бакинский период в жизни и научном творчестве Пантелеймона Крестовича Жузе. – С. 36 39.

[46] Фитрат, Абдурауф. Эң эски түрк... - 1927. – I-VIII, 11-124, I-II бет.

[47] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 228b. – Салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. - 2005. - С. 761 (№4738): ("...но глаза (любимого) пленили меня").

[48] Малов С.Е. [Рец. на:] 44. Фитрат, Абдурауф. Эң эски түрк... – С. 215-216.

берилгенин баса белгилеген[49]. Мурдагы “алашчы” Х.Досмухамедов 1939-жылдын 24-апрелиндеги аскердик соттун (трибуналдын) өкүмүнө ылайык көп узабай атуу жолу менен өлүм жазасына тартылган.

Арабистиканын өнүгүүсүнө көрүнүктүү салым кошкон Виктор Иванович Беляев (1902-1976) «Түркмөндөрдүн жана Түркмөнстандын тарыхы боюнча материалдар» аттуу жыйнакка жазган кириш сөзүндө (1939)[50] Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинин тарыхый булак катары өзгөчө маанисин белгилейт.

Махмуд ал-Кашгаринин картографиялык мурасы да Европанын окумуштууларын өзүнө тарткан. Мусулман картографиясын иликтеген көрүнүктүү немис аалымы Конрад Миллер (1844-1933) өзүнүн «Араб карталары» аттуу фундаменталдуу эмгегинин 5-томунда Махмуд ал-Кашгаринин картасын да айрыкча изилдейт[51] Арийне, анын бул новатордук изилдөөсүндө бир катар жаңылыш географиялык аныктамалар да учурайт. Маселен, Барсканды «Бурсакан» деп берип, Нарын шаарынын ордуна жайгаштырат, Кочкор-Башы топонимин болсо таптакыр эле эки башка жердин аты катары түшүндүрөт. Анын калпыстыктарынын негизги себеби карта менен «Дивандагы» текстти салыштырбагандыгында болуп саналат.

Башка бир немис чыгышпозу Алберт Херманн (Albert Herrmann; 20.1.1886–19.4.1945) да өзүнүн 1935-жылы Берлинде чыккан бир макаласын Махмуд Кашгаринин картасына багыштаган[52]. Картанын өзгөчө оригиналдуулугун баса белгилөө менен бирге, андагы Жабарка топонимин А.Херманн азыркы Жапониянын аймагы катары алгачкы жоромолду сунуш кылган.

Анын изилдөөсүнөн соң ушул эле картографиялык темага орус совет окумуштуусу Иван Иванович Умняков (1890-1976) да 1940-жылы кайрылат[53]. Анын пикирине караганда, «Дивандагы» бул картанын автору башка адам болушу да ыктымал. Бирок И.И.Умняков да А.Херманндын жалпы эле мусулман картографиясындагы бул картанын өз алдынча ордун белгилеген жана картадагы топонимдердин тизмесин өзүнчө берген. Анын бир катар байкоолору дагы да тактоону талап кылат, бирок, жалпысынан, анын бул макаласы академик И.Ю.Крачковский тарабынан жогору бааланган[54].

---

[49] Досмұхамедұлы, Х. Таңдамалы еңбектері: Қазақ тарихы... - Астана, 2008; Исабекова, У.К. Махмуд Кашгари — основоположник ареальной... - М., 2017. - С. 303.

[50] Беляев В.И. Введение...

[51] Miller K. Mappae Arabicae. - Bd. 5. - 1. Abteilung. Plankarten. - S. 142-148.

[52] Hermann A. Die älteste...

[53] Умняков И. И. Самая старая... - С. 105.

[54] Крачковскию И.Ю. Арабская... - С. 268 - 269.

Түркиядагы Махмуд Кашгари Барскани тууралуу иликтөөлөр даңазалуу башкыр окумуштуусу жана коомдук ишмери Ахмед Зеки Велиди Тоган (Zeki Velidi Togan; башкырча: Әхмәтзәки Әхмәтшаһ улы Вәлидов; орусча: Ахмет-Заки Ахметшахович Валидов; 1890–1970) [55] менен да байланыштуу. 1932-жылы ал Махмуд Кашгариге байланыштуу байкоолор» аттуу макаласын жазган.

Ал эми 1927-жылдан тартып ал Стамбул университетинде профессор катары «Жалпы түрк тарыхы» сабагынан дарс окуйт жана 1944-1945-жылдары, «пантүркист» катары айыпталып, Түркиянын түрмөсүндө жаткан маалында, ал «Жалпы түрк тарыхына киришүү»[56] аттуу фундаменталдык китебин жазат. Бул монографиясында ал Махмуд Кашгаринин эмгегинин маалыматтарын байма-бай колдонуп, Рашид ад-Диндин жана башка чыгыш тарыхчыларынын маалыматтары менен салыштырып берген.

Килисли Риф'ат Билгенин да чакан макалалары өз доорундагы кашгари таануу жаатындагы саамалыктардан болгон. Бул макалаларында ал «Дивану лугати т-түрк» чыгармасынын башындагы макала тууралуу, ошондой эле эмгектин жазылыш датасы жөнүндө жана эмгектин табылыш жагдайлары тууралуу өтө маанилүү ойлорун жана фактыларын ортого салат[57].

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки доордо Түркияда жарыяланган кашгари таануу тармагындагы көп сандаган эмгектердин арасынан айрымдарын гана санап өтүүгө мажбурбуз (түркчө котормолор тууралуу илгерирээкте өзгөчө сөз болот). Алардын арасында Мехмет Шакир Үлкүташырдын (Mehmet Şakir Ülkütaşır; 14.3.1894-30.5.1981) калемине таандык «Улуу түрк тилчиси Кашгарлы Махмут» аттуу окумуштуунун өмүрү, инсандыгы жана анын эмгегинин мазмуну иликтенген монография (1946)[58] биз иликтеп жаткан темага арналган алгачкы түркиялык монографиялык эмгек болуп саналат. 1972-жылы оңдолуп басылган бул эмгек алгачкы ирет Махмуд Кашгари Барсканинин өмүрү жана илимий мурасы тууралуу маалыматтарды системалаштырып бергендиги менен баалуу.

Бесим Аталайдын индекс-сөздүк түзүү тажрыйбасын (Анкара, 1943) андан ары улантып, Али Дехри Дилчин (Ali Dehri Dilçin; 1901-17.11.1977) мырза «Араб алфавити боюнча «Дивану лугати т-түрк» аттуу эмгегин 1957-жылы «Түрк Тарых Коому» тарабынан жарыялады. Арийне, анын сөздүгүндө бир катар өксүктөр учурайт,

---

[55] Хусаинов Г. Б. Ахметзаки... - С. 3 - 11.

[56] Togan A.Z.V. U mumi...; Toganη A.Z.V. Divan-i Lugat

[57] Килисли Риф'аттын макалаларын караңыз: Nürkiyat Mecmuası – Cilt 6 – S. 355-360;Yeni Sabah. -1945. – 30. Eylul; 4,7,14,18,. Ekim.

[58] Ülkülaşır M.Ş. Büyük Turk... - Istanbul, 1946; Ankara, 1972.

анын үстүнө ал Махмуд Кашгари Барсканинин кол жазма көчүрмөсүн (бери дегенде Бесим Аталай жарыялаган түп нусканын ак-кара түстөгү 1941-жылы чыккан фотофаксимилесин) эмес, 1915-1917-жылдары жарыяланган Килисли Риф'ат Билге даярдаган арабча үч томдукту негиз кылганы өкүнүчтүү болду[59].

Ал эми Али Чичекли мырза (Ali Çiçekli; 1932-ж. туулган) 1970-жылы Стамбул шаарында Махмуд Кашгаринин өмүрүнө жана мурасына багыштап дагы бир жалпылама эмгегин жарыялады[60]. Анда М.Ш. Үлкүташырдын эмгегинен кеңирирээк тематикада «Дивандын» маалыматтары (сөздүк, лингвистика, ар кыл билимдер — окуу, жазма, дарыгердик, акимдик башкаруу, аскердик, укук, экономика, кийим, оюндар, салт-санаалар жана жөрөлгөлөр, дин жана диний ишенимдер, тамак-аш жана башка тармактар боюнча маалыматтар) иликтенген. Али Чичеклинин бул эмгеги кашгари таануу тармагында өзүнүн дурус изин калтырды.

1972-жылы 27-29-сентябрда Түркияда «Түрк Тил Коомунун» 40 жылдыгына жана «Дивану лугати т-түрк» эмгегинин 900 жылдыгына багышталган I Түрк тили илимий курултайы[61] өткөрүлдү. Анда түркиялык жана башка өлкөлөрдөн келген аалымдар менен катар эле мурдагы Совет Биримдигинен А.Н.Кононов, Б.Ө.Орузбаева сыяктуу илимпоздордун да баяндамалары уктурулган.

Ал эми Севим Текелинин 1985-жылы жарыялаган чакан брошюрасы[62] Махмуд Кашгари менен Пири Реистин картографиялык мурастарын талдоого багышталган.

Түркиянын маданият министрлиги тарабынан Махмуд Кашгаринин көзгө басар көчүрмө кол жазма нускасынын түстүү фотофаксимилесинин 1990-жылы жарыкка чыгарылышы бүткүл дүйнөдөгү кашгари таануучулар (өзгөчө - текст иликтөөчүлөр) үчүн талапка шайкеш олуттуу илимий иш-чара болуп калды[63].

Кошумчалай кетсек, Караханийлер каганатынын тарыхы боюнча азыркы Түркиядагы ири адистердин бири, учурунда (2000-2002-жж.) эл аралык Кыргыз-Түрк Манас университетинин ректору да болгон профессор Решат Генч (Reşat Genç; 1941-ж. туулган) Карахандар каганатынын тарыхы боюнча бир катар баалуу эмгектерди жарыялады[64]. Профессор Генч үчүн да Махмуд Кашгари Барскани жазган “Диван” баалуу тарыхый булак катары кызмат кылган. Ал 1974-жылы Анкара шаарында “XI кылымдагы түрк өлкөлөрүнүн саясий,

---

[59] Dilçin D. Arab Alfabesine…
[60] Çiçekli Ali. Kaşgarlı Mahmut…
[61] Türk Dil Kurumu'nun…
[62] Tekeli S. İlk Japon...
[63] Kaşgarlı Mahmud. Divanü...
[64] Genç Reşat. Karahanlı Devlet Teşkilâti...

этностук, коомдук жана маданий туруму “Дивану лугати т-түрктүн” автору Кашгарлы Махмуддун маалыматы боюнча” (“Divânü Lügat-it-Türk Müellifi Kâşgarlı Mahmud’a Göre XI. Yüzyılda Türk İllerinin Siyasi, Etnik, Sosyal ve Kültürel Durumu, Basılmamış Doktora Tezi, Ankara, 1974.”) деген темада диссертациялык эмгегин коргогон. Бул диссертациялык эмгектин негизинде кийинчерээк монография чыгып[65], ал Бээжинде уйгур тилинде арап арибинде которулуп басылган[66].

Ал эми европалык жана америкалык иликтөөлөргө кайрылсак, кашгари таануу боюнча жаңы салымын украин чыгыш таануучусу Омелян Прицак (Omeljan Pritsak; украинче: Омелян Йосипович Пріцак; 7.4.1919, Лука, Батыш Украина элдик республикасы — 29.5.2006, Бостон, Массачусетс, АКШ)[67] 1950-жылдардын башында киргизе алды.

Профессор Прицактын Караханийлер каганатынын тарыхын тактоого жана Махмуд Кашгаринин өмүрүнө арналган макалалары[68] али күнчө өз илимий маанисин бөксөртө элек. Өзгөчө Омелян Прицактын «Махмуд Кашгари ким?» аттуу 1953-жылдагы макаласында Махмуд Кашгари XI кылымдагы Ысык-Көлдүн Барскан бектигин бийлеген Хусейиндин уулу экендиги, 1029-1038-жылдардын аралыгында жарык дүйнөгө келишинин ыктымалдыгы тууралуу бул ири илимпоздун өзгөчө маанилүү жоромолу чагылдырылган.

Француз чыгыш таануучулардын ичинен Луи Базен (Louis Bazin; 20.12.1920 – 2.3.2011) 1957-жылы Махмуд Кашгаринин «Диванынын» жазылыш датасы тууралуу айырмалуу пикирин ортого салган макала[69] жазды. Анын оюна караганда, «Дивандын» жазылып бүткөн мезгили 1083-жылдын 27-октябрына (476-хижра жылынын экинчи жумада айынын 12сине) барып такалат. Бул тыянакка келүү үчүн Л.Базен тексттеги «466» деген санды «476» кылып «оңдоо керек» деп сунуштайт (эмгектин негизги бөлүмүндө буга каршы кайчы пикирибиз берилди).

Батыш европалык иликтөөлөрдө британдык Жерар Клосондун (Sir Gerard Leslie Makins Clauson; 28.4.1891 – 1.5.1973) 1972-жылы чыккан «Он үчүнчү кылымга чейинки түрк тилинин этимологиялык сөздүгү» эмгеги[70] да дурус кабыл алынды. Мында Махмуд Кашгаринин сөздүгү негизги булактардын бири болгон. «Ислам энциклопедиясынын» англисче жаңы чыгарылышына мажар аалымы Дйөрд Хазаи (György

---

[65] Genç, Reşat. Kaşgarlı Mahmud'a göre XI. yüzyılda Türk dünyası. — Ankara, 1997.
[66] Генч, Решат. “Түркий тиллар дивани”дин 11-асирдики... - Бейжиң, 2010.
[67] Чоротегин Т.К. Чэкайэмо...
[68] Pritsak O. Die Karachaniden...; Ibid. Mahmud Kashgari kimdir?; Ibid. Studies...
[69] Bazin L. Les dates... - P. 24 - 25; Ibid. Les Turcs... - P. 384 – 387.
[70] Clauson G. An Etymological...

Hazai; 30.4.1932 – 7.1.2016) жазган макала (1978)[71] да Махмуд Кашгаринин мурасын иликтөөдөгү жалпылоочу чакан эмгек болуп калды.

Америкалык чыгыш таануучулардан Махмуд Кашгаринин илимий мурасын иликтегендердин арасында Роберт Данкофф менен Жеймс Келли өзгөчө бөлүнүп турушат (алардын котормосу тууралуу сөз илгерирээкте козголмокчу).

Роберт Данкофф (Robert Dankoff) 1964-жылы АКШнын Колумбия университетинде адабият факультетинде бакалавр даражасын алган. Андан соң АКШнын Гарвард университетине Жакынкы Чыгыш тилдери жана адабияты факультетине магистрдик даража үчүн окууга өткөн. 1971-жылы АКШнын Гарвард университетинде (Harvard University) докторантураны аяктады. Анын "Дивану лугати т-түрк" чыгармасын этнографиялык изилдөөлөр" ("Ethnographic Studies in the Diwan Lughat al-Turk") деген темада жактаган доктордук диссертациясы (PhD) жана бир катар олуттуу илимий макалалары Махмуд Кашгари Барсканинин чыгармачылыгына жана анын "Диванындагы" маалыматтарды иргөөгө арналган[72]. (Ушул саптардын ээси Чикаго университетинин профессору Р.Данкофф менен 1997-жылы ноябрда Сан-Франциско шаарында чыгыш таануучулардын илимий жыйынында учурашып калганын белгилей кетелик).

Ал эми анын досу, америкалык лингвист, Юта университетинин профессору Жеймс Келлинин бир катар макалаларында[73] Махмуд Кашгаринин лингвистикалык илимдеги өзгөчөлүгү, анын Исхак ал-Фарабинин арабча-арабча сөздүгүндөгү негизги усулду ээрчигендиги жана ага түрк тилине байланыштуу киргизген кошумчалары ж.б. тууралуу чагылдырат. Жеймс Келлинин пикиринде, Исхак ал-Фарабинин түрк тил илимине тийгизген таасири Махмуд Кашгаринин мурасы менен чектелген[74].

Ал эми булак таануучу катары кеңири таанымал түрколог, Чикаго университетинин профессору Р.Данкофф болсо Махмуд Кашгаринин түрк уруулары жана алардын кандаш бир туугандык системасы, ырым-жырымдары жана диний ишенимдери тууралуу, «Дивандагы» Ички Азияны байырлаган түрк элдеринин дастандарынын үзүндүлөрү тууралуу жана башка маселелер чагылдырылган макалаларын[75] жазды. Данкофф тарабынан Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» эмгегинин

---

[71] Hazai G. a1-Käshghari... - P. 699 - 701.
[72] Dankoff Robert. Kāšγarī on the Tribal…; Ibid. Three Turkic verse cycles…; etc.
[73] Kelly James M. A Closer...; Ibid. On defining4...; Ibid. Remarks...
[74] Kelly J.M. A Closer... - P. 506.
[75] Dankoff R. Kašgari...; Ibid. Kašyari on the Beliefs...; Ibid. The Three Turkic...

англисчеге[76] которулушу да кашгари таануучулар үчүн өтө кызыктуу иликтөөлөрдүн бирине жатат.

1994-жылы маскөөлүк түрколог Дмитрий Дмитриевич Васильев бизге поляк чыгыш таануучусу Эдуард Трыярскинин Махмуд Кашгариге арналган жаңы эле чыккан монографиясын тааныштырганы эсте (бул үчүн ага көптөн-көп ыраазычылыгымды билдиремин). Профессор Трыярски менен кийинчерээк ПИАК илимий жыйындарында (Прага жана Казан шаарларында) жолукканбыз.

Варшавалык профессор Э.Трыярскинин 1993-жылы чыккан бул ири изилдөөсү «Түрк элдеринин маданияты Кашкардан чыккан Махмуддун (XI к.) маалыматтары боюнча»[77] деп аталат. Эмгектин кириш бөлүмүндө Махмуд Кашгаринин доору тууралуу азыноолак сөз болот. Ал эми он эки баптан турган негизги бөлүмүндө болсо Махмуд Кашгаринин «Диванынын» маалыматтарынын негизинде түрк калктарынын табият таануусу (астрономиялык, климат таануучулук, ж.б. түшүнүктөрү), унаасы, соода-сатыгы, таптык-социалдык жиктелүүсү, уруулук системасы, укугу, аскердик курулушу, диний ишенимдери, ырым-жырымдары, оюн-зооктору, музыкасы, бийлери, адабияты (анын ичинде жазма жана оозеки адабияты, уламыштары), ошондой эле түрк калктарынын тилдери жана диалекттери сыяктуу маселелер чагылдырылган. Махмуд Кашгаринин картографиялык мурасына да астейдил көңүл бөлүнгөн. Жалпысынан, поляк чыгышпозунун бул эмгеги кашгари таануудагы бараандуу салымдардан болуп калды.

Батыштагы кашгари таануу багытындагы соңку иликтөөлөрдүн бардыгын санап берүүгө чамабыз жетпейт. Тек, жаңыча көз караш менен текстке терең үңүлгөн изилдөөчүлөр арбып баратат деп айтсак болот. Алар эми “Дивандагы” айрым текстологиялык жагдайларга айрыкча үңүлүп изилдөөдө. Алардын бири – берлиндик чыгыш таануучу Клаус Шөниг (Claus Schönig) 2004-жылы англисче жарыяланган макаласында “Дивандагы” этнонимдер менен топонимдерге кайрылып, “түрк”, “чигил”, “чын”, “мачын”, “тат”, “тавгач” сыяктуу терминдердин ар башка өңүттөн каралган учурларын кылдат таразалайт[78]. Ал “Дивандын”дүйнө картасын XIII кылымдагы көчүрмөчү так көчүрбөй койсо керек деген жоромолун да жазат. Анын оюнча, “Дивандагы” карта бул эмгектеги этнологиялык жана географиялык маалыматтарды сүрөттөп берүү үчүн кошумча

[76] Balasaghuni Yusuf. Wisdom...
[77] Tryjarski E. Kultura...
[78] Schönig, Claus. On some unclear, doubtful and contradictory passages...- 2004. - pp. 35-56.

тиркелген колдонмо маалымат (бул ойду биз да колдойбуз). Негедир, ал “кыркыз” терминине атайын көңүл бурган эмес.

Бул китепте биз Махмуд Кашгаринин туулган жылы катары айрым үрүмчүлүк иликтөөчүлөр көрсөткөн 1008-жыл деген дата туура эмес экендигин тастыктоого аракеттендик. Ошого карабастан, 2008-жылы Түркияда ЮНЕСКОнун колдоосу менен Махмуд Кашгаринин шарттуу 1000 жылдыгы белгиленди[79]. Буга байланыштуу эл аралык илимий жыйындын бир чоң пайдасы – кашгари таануу багытында алектенген окумуштууларга шеринеге (форумга) баш кошуу үчүн пайдубал болуп бергендигинде деп санайбыз.

Ал эми Кытайдын батыш өңүрүндөгү Чыгыш Теңир-Тоодо (азыркы ШУАРда) Махмуд Кашгаринин мурасы менен таанышуу аракеттери XX кылымдын 20-30-жылдарында эле башталган.

Гайретжан Османдын маалымдашынча, уйгур айдыңы Абдулкадыр Дамоллам (Abdulkadır Damollam; 1862-1924) Советтик Орусиядан Кашкар шаарына кайтып келген соң, 1920-жылдан кийин өз үйүнүн жанында китепкана ачкан. Бул китепканада Махмуд Кашгаринин “Диванынын” Килисли Рифат Билге Осмон султандыгынын борбору Стамбул шаарында жарыялаган 3 томдук таш басмадан чыккан китебинин нускасы да болгон. (Негедир арапча кол жазманын жөн гана таш басмада түп нускадагы белгилерге окшоштуруп терилип жарыяланышын Г. Осман мырза “котормо” – “tercüme” деп көрсөтөт, бирок бул 3 томдук эч кандай котормо эмес)[80].

Айрым бир колдо болгон же китепканалардан тапкан маалыматтарыбызды эске сала кетсек, Чыгыш Теңир-Тоодогу улуттук боштондук жана демократиячыл кыймылдардын катышуучуларынын биринен болгон Мухаммед Амин Бугра (Мехеммет Имин Буғра, 1901-1965) Кабул шаарында 1940-жылы баш пааналап жүргөн чагында “Чыгыш Түркстан тарыхы» асарын жазат. Ал китеп Шринагарда араб арибинде (уйгурча) жарык көрөт. Биз пайдаланган 1987-жылы Анкарада кайрадан жарыкка чыккан басылышты автордун кызы Фатма Бугра даярдаган, ага кошумчаларды дээрлик аз кийирүүгө, автордун текстин бурмалабоого ык койгон.

Ушул эмгекте Мухаммед Амин Бугра «түрк журттарын кезип, түрк тилдерин жана калк адабиятын топтогон» Махмуд Кашгарини (аны текстте «Махмуд ибн Мухаммад» деп жаңылыш көрсөтөт)[81] жана Баласагындык Жусупту эскере кетет.

---

[79] Doğumunun 1000. Yılında Uluslararası Kaşgarlı Mahmud Sempozyumu bildiri metinleri / Muhsin Kalkışım tarafından düzenlendi. - Rize, 2008.

[80] Караңыз: Osman, Gayretcan. 19. ve 20. Asırlardaki Uygur Kültür Tarihinde Kaşgarlı Mahmud.

[81] Буғра, Мухаммед Амин. Шарқий... - С. 222.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванын» азыркы уйгур тилине которуу аракеттери Кытайда 1940-1950-жылдары жүргүзүлгөн. Арийне, терең деңгээлде кашгари таануу иликтөөлөрү КЭРдин ШУАР аймагында “маданий ыңкылаптан” соң, өзгөчө алганда 1980-жылдардан тартып гана ар тараптуу жүргүзүлө баштаган.

«Диванды» уйгурча которуу менен чектелбестен, шинжаңдык уйгур илимпоздору Махмуд Кашгариге таандык кылып айтылышы мүмкүн болгон күмбөздөр же башка даректик маалыматтар тууралуу сурамжылай башташты. Опол (уйгурча Опал) кыштагынын жанындагы Азирети Молдом күмбөзүн алар Махмуд Кашгаринин күмбөзү катары жарыялоого жетишти. 1983-жылы бул мазардын тегерегинде археологиялык казуулар жүргүзүлүп, исламга чейинки бутпарастык (буддизмге таандык) маданий катмардын издеринен бери табышты.

1994-жылы «Кашкар адабияты» аттуу уйгурча чыккан журналдын алгачкы саны толугу менен Махмуд Кашгариге арналды. Уйгур окумуштууларынын жана публицисттеринин жарыялоолорунун мазмуну казакстандык уйгур тектүү профессор Гожахмет Садвакасов (1991-ж. 63 жашында каза болду), шинжаңдык И.Мути'и, М.Осмонов, К.Барат сыяктуу иликтөөчүлөрдүн[82] бир катар макалаларында чагылдырылган. Бул эмгектердеги Махмуд Кашгари Барскани туулган жана өлгөн жылдар тууралуу жоромол маалыматтар азырынча тастыкталбаган жоромол боюнча гана калышы абзел.

1997-жылы күзүндө француз кыргыз таануучу профессор Реми Дордун шакирти, швейцариялык түрколог Гундула Салк айым бизге белек кылган китеп - уйгур тилиндеги тарыхый роман экен. Пархат Жыландын (1945-ж. туулган) калемине таандык «Махмут Қэшқэрий» аттуу бул роман[83] соңку сөз менен аяктап, анда Махмуд Кашгариге арналган иликтөөлөр жөнүндө да сөз болот (маселен, Үрүмчү шаарында Махмуд Кашгаринин эмгегин кытайчага которуу иштери жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу маалымдалат; бул котормо 2000-жылы аяктаган жана жарыяланган; ханзуча котормо тууралуу төмөнүрөөктө бандайбыз).

2005-жылы КЭРдин ШУАРындагы Кашкар шаарында Махмуд Кашгаринин мурасын изилдөөгө арналган Биринчи эл аралык илимий жыйын (конгресс) уюштурулуп, ага 130дан ашуун илимий

---

[82] Садвакасов Г.С. (Рецензия) Мэхмут Қэшқэрий. Түркий...; Мут’и И., Осмонов М. О родине...; Barat K. Discovery... – Ушул сыяктуу маалыматтарга негизденген эмгек: Heming Yong, Jing Peng. Chinese Lexicography... – P. 379-381.

[83] Жылан П . Мэхмут Қэшқэрий... - 740 - с.

баяндамалар сунушталганын үрүмчүлүк аалым Гайретжан Осман билдирген[84].

Азыркы тапта да КЭРде Махмуд Кашгари Барсканинин эмгеги ар тараптуу изилденип жатат.

Мурдагы СССРдин аймагындагы түркологдордун кашгари таануу багытындагы 1970-жылга чейинки эмгектери академик А.Н.Кононовдун бир катар тарыхнаамалык макалаларында[85] чагылдырылган. Фергана шаарында 1971-жылдын 7-9-октябрында Махмуд Кашгаринин көөнөргүс мурасынын 900 жылдыгына багышталган бүткүл союздук илимий жыйын болуп өтүп, ал Советтер Биримдигиндеги ар кыл кашгари таануучулардын татынакай курултайы болуп калды. Кыргызстандан ага тилчилер - академик Б.Ө.Орузбаева, лексикологдор З.Мусабаева, Б.Осмоналиева, тарыхчы Ө.Караев, Орусиядан болсо - түркологдор А.Н.Кононов, С.Г.Кляшторный ж.б. жалпысынан 105 илимпоз[86] кызыктуу баяндамалары менен катышкан. Арийне, бул жыйынга көбүнесе тилчи, адабиятчылар катышып, тарых жана этнографияга арналган баяндамалар салыштырмалуу аз болгон.

Азербайжандын Бакы (Баку) шаарындагы “Советская тюркология” аттуу кадыр-барктуу түркологиялык журнал көп жылдар бою кашгари таануу жаатында макалалар ырааттуу жарык көргөн басылма болду.

Азербайжандык аалымдардын ичинен Махмуд Кашгари Барсканинин чыгармасын азербайжан тилинин лексикалык кампасы менен салыштырган кандидаттык диссертациясын 1985-жылы Бакыда коргогон аалым Ариф Рагим оглы Рагимовду айта кетсек болот. Ал “Дивандын” авторун азыркы кайсы бир түрк этносуна гана чегерүү туура эместигин, ал кезде бери дегенде эки адабий тил – чыгыш түрктөрдүн “хакандык” тили жана батыш түрктөрдүн огуз адабий тили болгонун эске салат[87].

Орусиялык, анын ичинде татарстандык ж.б. илимпоздор 1970-2017-жылдарда Махмуд Кашгариге арналган бир катар олуттуу эмгектерин жарыялашты. Алардын арасында И. В. Стеблеванын жана татар окумуштуусу Х.У.Усмановдун поэтикалык мураска арналган иликтөөлөрү[88] лингвистикалык тармак боюнча А.Н.Кононовдун

---

[84] Osman, Gayretcan. 19. ve 20. Asırlardaki Uygur Kültür Tarihinde Kaşgarlı Mahmud. – URL: http://www.kasgarlimahmud.org/uygur_kultur_tarihinde.htm

[85] Кононов А. Н. Изучение...; Он же. Махмуд Кашгарский...; и др.

[86] СТ. - 1972. - № 1; Рустамов А., Кучкортаев И. Туркологлар ... - С. 98-101.

[87] Рагимов, Ариф Рагим оглы. "Дивану Лугат-ит-тюрк" Махмуда Кашгари и лексика...

[88] Стеблева И.В. Развитие...; Усманов Х.У. Древние...

(Х.Г.Нигматов менен бирдикте)[89] А.Б.Халидовдун, Э.Н.Нажиптин[90] , жапондук кокугакуся аттуу лингвистикалык салт менен Махмуд Кашгаринин илимий салымын салыштырган В.М.Алпатовдун[91] ж.б. эмгектери бар.

Кыргызстанда Махмуд Кашгаринин маалыматтарын тарыхчылар А.Н.Бернштам (1910-1956), Ө.К.Караев, географ Садыбакас Өмүрзаков, тилчи Б.Ө.Орузбаева, адабиятчы К.Артыкбаев[92] ж.б. 1950-1970-жылдары изилдеп, эмгектеринде пайдаланышкан. Зиби Мухамедовна Мусабаева «Дивандагы» омонимдер тууралуу диссертациялык эмгегин маркум академик Б.М.Юнусалиевдин илимий жетекчилиги астында өзбек тилинде жазып, 1975-ж. декабрда Бишкекте жактаган[93].

XXI кылымдын башында Кыргызстандагы бир катар окумуштуулар, өзгөчө тилчи жана адабиятчылар “Дивандын” маалыматтарын илимий эмгектерде ургаалдуу колдонуп жатышканын канааттана белгилөө абзел. Бирок айрым кыргыз калемгерлер Махмуд Кашгари Барсканини жана Жусуп Баласагынды жалаң гана кыргыздарга тийешелүү айдыңдар болгон дегендей ойлорду китептеринде же макалаларында тепчитип жүрүшөт. Маселен, маркум З.Эралиевдин (1940-2010) эмгегинде ушундай ой камтылат[94]. Менимче, бул ойлор илим дүйнөсүнө эмес, тарыхтан алыс турган айрым “чала патриот” окурмандардын тар чөйрөсүнө “жагуу үчүн” багытталгандай, себеби Махмуд Кашгари Барскани жашаган Карахандар доорундагы этностор, анын ичинде Махмуд өзү таандык болушу ыктымал чигилдер да, теңир-тоолук кыргыздарга гана эмес, чөлкөмдөгү башка азыркы мусулман түрк калктарына да жуурулушкандыгы талашсыз (бул ойду китептин негизги бөлүмүндө да кайталоого аргасызбыз).

Ал эми орток түрк аалымы Махмуд Кашгаринин мурасын ырааттуу түрдө иликтеп, китептерин жана макалаларын арнап, кыргыз тилине айрым үзүндүлөрүн которуу жаатында 1983-жылдардан бери ушул эмгектин ээси алектенип келүүдө (кыргыз, орус, түрк, англис тилдеринде чыккан макалаларыбыз жана кыргызча жана орусча чыккан китептерибиз[95] пайдаланылган адабияттын тизмесинде көрсөтүлдү).

---

[89] Кононов А.Н., Нигматов Х.Г. Махмуд...

[90] Халидов А.Б. Арабские рукописи...; Он же. Словари Исхака...; Наджип Э.Н. Исследования...

[91] Алпатов В.М. Махмуд Кашгарский...; Alpatov V.M. Mahmud Kashgari...

[92] Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы... - Б . 15.

[93] Мусабаева З.М. Омонимы...

[94] Эралиев, З. Жусуп Баласагын: Окуу куралы. – Бишкек, 2000.

[95] Караңыз: Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари...; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) ...; Он же. Этнические ситуации в тюркских регионах...

«ДИВАНДЫН» КОТОРМОЛОРУ ЖӨНҮНДӨ

«Киришүүнүн» бул чакан бөлүмүндө дүйнөнүн ар кыл элдерине Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» мазмунун маданий баалуу мурас катары таанытууга зор салым кошкон илимпоз котормочулар тууралуу да учкай чагылдырууну эп көрдүк.

«Диванды» азыркы тилдердин бирине которуу ишин эң алгач түркиялык чыгыш таануучулар башташкан. Эң биринчилерден болуп бул ишке белсенип киришкендердин бири - Килисли Му'аллим Риф'ат Билге эле. Биринчи дүйнөлүк согуштун соңку жылдары ал 22 дептер толгон өз котормосун билим берүү комиссиясына сатат. Риф'аттын котормосу университеттин (Дар ул-фунун) адабият факультетинин китепканасында сакталат. Түркияда жумурияттык өкмөт курулган соң, алиги котормо Стамбулдан Анкарага алып келинет, бирок демилге сууп, Риф'аттын котормосу ошол боюнча четте калат[96].

Жалпысынан, «Диванды» которуу боюнча Килисли Риф'аттан соң вандык мурдагы депутаттардан болгон Ванлы Тевфик, кониялык окутуучу Атыф Түзүнер да котормолорун даярдашкан, бирок алар да жарыкка чыкпай калган. 1920-жылдары «Маариф векалети» деп аталган Билим берүү министрлиги котормо ишин министрдин жардамчысы болгон Самих Рифат бейге жана белгилүү түрк акыны Мехмет Акиф бейге тапшырат. Ал экөө да бул демилгенин соңуна чыга алышкан эмес.

1932-жылы 26-августта Түркияда Биринчи Түрк Тил курултайы болуп өтүп, көп узабай, Түркиянын Билим берүү министри жана Түрк Тилин Изилдөө Жамаатынын төрагасы кызматын аткарган Решит Галиптин тушунда «Диванды» тек гана индекс-сөздүк иретинде которуп жарыялоо тууралуу чечим кабыл алынган. М.Ш.Үлкүташыр бул чечимди «илимий жагынан алганда эч качан туура болбогон бир чечим жана демилге болчу» деп сынга алат[97].

Айтмакчы, Түркияда «Дивандын» текстин толугу менен которууга суусап турушкан чакта, 1928-жылы, көрүнүктүү немис чыгышпозу Карл Броккелман Махмуд Кашгаринин «Диванын» кыскача индекс-сөздүк таризинде немис тилине которуп, Будапешт шаарында жарыялаган[98]. Бул индекс-сөздүк европалык түркологдордун колдон түшкүс маалыматнаамасына айланган.

---

[96] ÜIkütaşir M.Ş. Buyük Türk... - S. 87 - 88.
[97] Ülkütaşir M.Ş. Büyuk Türk... - S. 87; Çiçekli A. Kaşgarlı... - S. 25
[98] Brockelmann C Mitteltürkischer...

1930-жылдары «Диванды» азербайжан тилине которууга да аракет жасалганы маалым. Халил Сайид Хожаев (Xalid Səid Xocayev[99]; Хожайев) - азербайжан аалымы. Ал 1888-ж. туулган, ал эми 1937-ж. сталиндик режим тарабынан күнөөсүз жерден камакка алынып, өлүм жазасына кириптер болгон. Халил Сайид Хожаев 1935-1937-жылдардын аралыгында «Диванды» азербайжан тилине которгон; эң кейиштүүсү, анын котормо эмгеги саясий себептерден улам жарыяланбай калган[100].

«Дивандын» түркмөн жана огуз тарыхына байланыштуу айрым бөлүктөрүн И.Н.Леманов орусчага которуп, ал 1939-ж. жарыяланган түркмөн булак таануусуна арналган жыйнакта жарыяланган[101]. С.Л.Волин жүзөгө ашырган Махмуд Кашгаринин эмгегинен которулган үзүндүлөр анын көзү өткөн соң гана жарыяланган[102].

1930-жылдардын башынан 1950-жылдардын башына чейинки доордогу мурдагы СССРдин түрк жумурияттарында чыгыш таануучу адистердин бир далайы репрессияларга кабылышып, мунун бардыгы тең Советтер Бирдигиндеги кашгари таанууга да өзүнүн, - кыйырбы же түзбү, - олуттуу кесепетин тийгизген.

Түркияда болсо бир катар илимий жана уюштуруу жаатындагы талкуу-талаштардан соң, Махмуд Кашгаринин «Диванын» толук бойдон арабчадан түркчөгө которуу иши Бесим Аталай (Ahmet Besim Atalay; 1882 – 7.11.1965) мырзага тапшырылат. Эмгектин толук жана сапаты дурус (түркчө) котормосу дал ушул илимпоз тарабынан жүзөгө ашырылып, 1939—1941-жылдары Анкарада жарык көрөт[103]. Ушул эле окумуштуу «Дивандын» көзгө басар көчүрмөсүнүн факсимилесин да жарыялайт (Анкара, 1941)[104].

Бесим Аталай тек гана котормочулук милдетти аткарып чектелбестен, текстологиялык деңгээлде дурус иш алып барган, Килисли Риф'ат Билгенин үч томдук кылып текстти арабча жарыялашы маалында кеткен каталарды да, түп нускадагы чаташкан айрым жагдайларды да көрсөтүүгө умтулган. Котормого удаа фото-факсимилени (бул ак-кара түстөгү чыгарылыштын техникалык сапаты төмөн болгонуна карабастан) жана андан соң индекс-сөздүктү («Дивандагы» түркчө терминдердин көрсөткүчүн) жарыялоо менен

---

[99] Əskər, Ramiz. Mahmud Kaşğarinin ‘Divanü lüğat-ıt-türk’ əsəri üzrə biblioqrafik… - S. 9.
[100] Тагирзаде А. Халид Сайд Ходжаев. - С. 96 - 97.
[101] Материалы по истории туркмен и Туркмении. - Т. 1. - С. 309 - 313
[102] Волин С.Л. Сведения арабских источников... - С . 83 - 85.
[103] Atalay B. Divänü Iugat-it-Türk Tercümesi. - Cılt 1-3.
[104] Atalay B. Divänü 1ügat - it - Türk Tıpkıbasımı. Faksimile. - 1941; Ibid. Ata1ay B. Divänü 1ügat - it – Türk Dizini. Endeks. - Ankara, 1943.

Бесим Аталай өз доорунун комплекстүү текстологиялык-котормочулук өрнөк ишин жүзөгө ашыра алган.

«Дивандын» өзбекче котормосун Салих Муталлибов (1900-1979) Ташкентте 1961-1963-жылдары жарыкка чыгарды[105] Анын котормосунда айрым так эместиктер да учурайт, бирок ал СССР мезгилиндеги арабча окуй албаган түркологдордун кеңири катмары үчүн колдон чыккыс китеп кызматын аткарганын тана албайбыз. Гани Абдурахмонов (1925-2016) менен С.Муталлибовдун катышуусу жана редактордугу астында дал ушул өзбекче котормонун текстине негизделген терминдердин көрсөткүчү өзүнчө китеп болуп жарыяланды (1967)[106].

Карл Броккельмандын (1928) салты андан ары тереңдетип улантылып, индекс-сөздүк болбосо да, монгол-татар калайманына чейинки түркчө сөздөрдү котормосу жана так булагы чагылдырыла жарыялаган орусча (мурдагы советтик түркологдор, Ленинград, 1969) жана англисче (сэр Ж.Клосон, Оксфорд, 1972)[107] изилдөөлөр да жүзөгө ашырылды.

Ал эми 1981-1984-жылдары Үрүмчүдө он бир изилдөөчүдөн турган кытайлык уйгур тектүү түркологдор (жооптуу редактору - профессор Ыбрайым Мути'и) «Дивандын» 1941-жылдагы факсимилесине негизденип уйгурча котормону даярдап жана жарыялашкан[108]. Кириш сөзүндө[109] изилдөөчүлөр өздөрүнө чейинки түркчө жана өзбекче котормолордун дурус жана өксүк жактарын белгилешип, бирок алардын кашгари таануу жаатындагы салымдары чоң болгондугун калыс баалашкан.

Ушул эле кириш сөздө белгиленгендей, 1955-жылы кашкардык ага-инилер Мухаммет Пайзи менен Ахмет Зияи «Дивандын» алгачкы уйгурча котормосун жүзөгө ашырышкан. Ал эми 1963-1966-жылдары болсо Уйгур Сайрани аттуу адам «Дивандын» экинчи уйгурча котормосун даярдаган экен. Кейиштүүсү, каргашалуу «маданий ыңкылап» деген оор кезеңде бул кол жазма нускалар ойрон кылынган (ошол кезде Чыгыш Теңир-Тоодогу «Манас» дастанынын айрым варианттык тексттери да ойрондолгон).

Жалпысынан, 1981-1984-жылдардагы үрүмчүлүк уйгурча котормо түзүк чыккан, бирок изилдөөчүлөрдүн баш сөзүндө Кара кагандар сулалесиндеги этностук кырдаалды сыпаттоодо айрым бурмалоолорго, бутпарас уйгурлардын Караханийлер тарыхындагы ролун ыксыз

---

[105] Кошгарий Махмуд. Түркий сузлар девони. - Т. 1 - 3.
[106] Девону луготит түрк: Индекс-лугат.
[107] Clauson Sir Gerard. An Etymological Dictionary...; Древнетюркский словарь...
[108] Қешқерий Мехмут. Түркий тиллар дивани. - Т. 1 - 3; Т. 4 (индекс-сөздүк).
[109] Қешқерий Мехмут. Түркий тиллар дивани. - Т. 1 – 44-46-б.

көтөрмөлөөгө, Махмуд Кашгари Барсканини уйгурдун гана окумуштуусу катары чектеп мүнөздөөгө жол берилет.

Текст таануу илиминин азыркы жогорку талаптарга татырлык деңгээлине жооп берүүчү иш болуп 1982-1985-жылдары АКШнын Кембриж шаарындагы Гарвард университетинин басмасынан чыккан “Дивандын” англисче котормосу эсептелет[110].

Аны Роберт Данкофф ишке ашырып, досу Жеймс Келли олуттуу көмөк көрсөткөн. Бул америкалык котормочулар Бесим Аталайдан кийин «Дивандын» Стамбулдагы жападан-жалгыз көчүрмөсүн көздөн кечире терең талдап, булак таануучулуктагы айрым жаңы усулдарды кеңири пайдалануунга жетишкен бирден-бир изилдөөчүлөр. (Бул эки илимпоздун тең диссертацияларынын илимий жетекчиси – профессор Омелян Прицак болгон).

Роберт Данкофф менен Жеймс Келли «Дивандын» жападан жалгыз кол жазма көчүрмөсүндөгү түрдүү сыяларды ж.б. белгилерди изилдеп, көчүрмөнүн беттериндеги 15 башка колду (почерк) аныкташкан жана тарыхый даректердин негизинде бул көчүрмөнүн жазылыш жана сакталыш таржымакалын туура чагылдырышкан. Алардын бул эмгеги мажар чыгышпозу А.Рона-Таш сыяктуу ири адистер тарабынан жогорку баага татыган[111].

Бизди бул англисче таржымадагы саал ынандыра албаган жагдай - Махмуд Кашгаринин «Диванынын» аталышынын англис тилине “Compendium of the Turkic Dialects” - «Түркий диалекттердин жыйнагы» деп которулушу жана түрк тилдеринде сүйлөгөн ири этностор уруу катары эсептелгендиги...

Айтмакчы, 1990-жылдарга чейин эле «Дивандын» орусча котормосу А.Рустамов тарабынан даярдалган жана басмага тапшырылган[112], бирок бул котормонун “багы” 2010-жылы гана ачылып, Орусияда жарык көрдү. Орусия ИАсынын Чыгыш адабияты басмасында “Чыгыш жазма мурасы” түрмөгүндө чыккан бул котормого баш сөздү руна сымал жазма мурасы боюнча көрүнүктүү адис И.В.Кормушин жазган жана ал өзү илимий редакторлук кылган[113].

1998-жылкы эмгегибизде “Дивандын” кытайча (ханзуча) котормосунун I тому басмаканага өткөрүлгөнүн маалымдаган элек[114]. Кытай Эл Республикасында Махмуд Кашгари Барскани жазган “Дивандын” ханзуча котормосу 2002-жылы жарыяланган. Аны

---

[110] a1-Kašγari Mahmud. Compendium... - Pi. 1 - 3 .

[111] Rónа-Tas A. [Review:] a1 - Kašγari Mahmud. Compendium... - P. 335 - 339.

[112] Рустамов А. О переводе...; Материалы по истории Средней и Центральной... - С. 20 - 24 (пер А.Рустамова).

[113] ал-Кашгари Махмуд. Диван лугат ат-турк (Свод тюркских слов): В 3 томах / Пер. с араб. А. Р. Рустамова...

[114] Мухэммэт, Тахиржан. Улуг уйгур алими... - Б. 124.

ханзучага которгондор Ше Цзуи, Дин И жана Лү Цзинцзя. Маалыматка караганда, “Диван” ханзучага азыркы уйгур тилиндеги котормого негизденип таржымаланган[115]. Кандай болсо да, бул эмгектин ханзуча котормосу Кытайдагы көп этностуу калайыкка Махмуд Кашгари Барсканинин мурасын кеңири жайылткан чоң саамалык экендигинде шек жок.

1987-жылы петербургдук чыгышпоз Анас Бакиевич Халидов (25.02.1929 – 01.12.2001) Исхак ал-Фараби менен Махмуд Кашгаринин сөздүктөрүнүн кириш бөлүмдөрүн орусчага ширин сөздөрдү колдонуу менен татынакай которду. Ал котормосунун кириш сөзүндө Махмуд Кашгаринин атасы - барскандык эмир экендиги тууралуу пикирди эскерип, араб лингвистика илиминин өз доорундагы жетишкендиктери менен Махмуд Кашгаринин түрк тил илимине кийирген салымдарын салыштырып, азыркы талапка ылайык деңгээлдеги текстологиялык жана башка илимий жыйынтыктарды берет[116].

Арийне, А.Б.Халидов «Дивандын» жазылып бүткөндөгү датасы тууралуу француз окумуштуусу Л.Базендин калпыс пикирин да тастыктоого аракеттенет. Биз болсо бул пикирге макул эмеспиз жана “Диван” 1072-77-жылдары жазылган деп санайбыз (китептин негизги бөлүмүн караңыз). Биз Петербургга (мурдагы Ленинградга) барган сайын Анас агайга жолугуп, анын жана жубайы Лилия Юсуфжановна Тугушева эжекенин далай кеп-кеңештерин уккан элек.

Советтер Биримдиги ыдыраган соң, бир катар пост-советтик түрк тилдүү мамлекеттерде Махмуд Кашгари Барскани жазган эмгектин тексттери арап тилинен бул өлкөлөрдүн тилдерине толук же үзүндү катары которулуп жатты.

“Диванды” алгачкы жолу казак тилине толук которгон илимпоз жана адабиятчы, филология илимдеринин доктору Аскар Эгөөбаев (казакча: Асқар Құрмашұлы Егеубаев; 06.3.1950 – 08.10.2006) мырза болду. Биз анын профессор Чарлз Карлсонго белек кылган нускасы менен таанышытык. Ал жүзөгө ашырган казакча котормонун 1-2-томдору 1997-жылы, ал эми 3-тому 1998-жылы “Түрк сөздүгү” (“Түрік Сөздігі”) деген аталышта жарык көрдү[117].

Аскар Эгөөбаев 1986-жылы Жусуп Баласагындын “Кутадгу билиг” эмгегин казак тилине которуп жарыялаган. Бул бир томдук котормо Бээжинде “Улуттар” басмасында казак тилинде арап арибинде кайрадан жарык көргөн (1989, 1997)[118].

---

[115] Keshigeli Mahemode. Tujue yu da ci dian. - Beijing: Min zu chu ban she, 2002. - 3 v.
[116] Халидов А.Б. Словари Исхака...
[117] Қашқари Махмұт. Түрік тілінің сөздігі: (Диуани лұғат-ит-түрік)...
[118] Караңыз: http://adebiportal.kz/kz/authors/view/1575

2004-жылы Ирандын Тебриз шаарындагы “Ахтар” басма үйүндө Махмуд Кашгари Барскани жазган “Дивандын” доктор, профессор Хусейн Мухаммад-заде Садык Дүзгүн (Hüseyin Düzgün) даярдаган фарсы тилиндеги котормосу бир том болуп жарык көрдү[119]. Мындагы мукабада Махмуд Кашгаринин ысымынын алдында “шейх” сөзү да кошумчаланган экен.

Азербайжан илимпозу, филология илимдеринин доктору Рамиз Аскер (Аскеров; Ramiz Əskər; 1954-жылы 10-январда туулган) 2006-жылы Бакыда “Дивандын” азербайжанча котормосун 3 том кылып жарыялап, ал эми 4-томго көрсөткүчтөрдү жайгаштырды[120]. Андан тышкары Р.Аскер мырза Махмуд Кашгари Барскани тууралуу азербайжан тилинде бир катар эмгектер жарыялаган[121].

“Диванды” орусчага которуунун тажрыйбасы XXI кылымдын башында улантылды. Ушул тапта Голландияда байырлап жаткан казак тектүү чыгыш таануучу Зифа-Алуа Мурат кызы Ауэзова (Әуезова; 1966-ж. туулган) Махмуд Кашгари Барсканинин “Диванын” арап тилинен орусчага жаңыча которду жана 2005-жылы Алматы шаарында жарыялады. Ауэзова котормого баш сөз жана комментарийлер да жазды. Өтө маанилүү жана мазмундуу (ар тараптуу) көрсөткүчтү Зифа айымдын арап, түрк тилдерин, анын ичинде казакча мыкты билген күйөөсү, теги голланд Роберт Эрмерс түздү[122].

«Дивандын» кыргызча которулушу маселеси жөнүндө өзгөчө сөз козгоо абзел. Кыргызстандын Улуттук Илимдер академиясынын академиги, маркум Т.Сыдыкбековдун (1912-1997): «Орхон, Енисей (Энесай. - Т.Ч.) эстеликтериндеги жана азыркы кыргыз жергесинен - Талас эстеликтериндеги жазууларды тил жагынан байкаштырсак: аларда сөз ыргак, айтылыш жактарынан окшош да үндөш. Ал эмес, ошол байыркы эстеликтердин жана XI кылымда Махмуд Кашкари (Кашгари. - Т.Ч.) түзгөн... «Байыркы түрк сөзүнүн жыйнагы» азыркы кыргыз тилине салыштыра келгенде алардын өзөгү эң жакын»[123], - деп айтканын көңүлгө тутуубуз абзел.

«Диванды» (Качкынбай Артыкбаев калыс белгилегендей, башка боордош элдердин адабияттарынан аны эч качан өгөйлөтпөй туруп[124]) кыргыз адабиятынын башаттарынын бири катары кароо менен толук бойдон кыргыз тилине которууга убакыт жетти деп 1986-90-жылдары жазган элек.

---

[119] Kashghari, Shaikh Mahmud ibn Husain. Divanu Lüğati t-Türk / bar kerdan be-farsi...
[120] Esker, Ramiz. Mahmud Kaşğari. Divanü lüğat-it-türk...
[121] Караңыз: Esker, Ramiz. Mahmud Kaşğari və onun... – 2008, 2009.
[122] ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой...
[123] Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. - 36 - б. (1968 -жылдагы “Тарых жана Манас” аттуу макала).
[124] Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына... - Б. 15.

«Дивандын» кыргыз тилине түздөн-түз арабчадан которулушундагы алгачкы саамалыкты ушул саптардын ээси жасаган. «Ала-Тоо» журналынын 1988-жылдагы 4-санына анын бир катар үзүндүлөрүн илимий салыштырма ыкма менен жарыялаган элек. Кийинчерээк бул үзүндү котормону кеңейтип, 1997-жылы чыккан китебибизде жана айрым окуу китептеринде («Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы» боюнча 7-класс үчүн окуу китебинде) тиркеме ирээтинде да жарыялап келдик.[125]

Бир катар башка илимий жана колдонмо адабияттарда биз даярдаган котормо ургаалдуу пайдаланылды. Ушул котормо өрнөгү Кыргыз эл жазуучусу Кеңеш Жусупов 1990-жылдардан бери бир нече ирет жарыялап келген көп томдуу "Кыргыздар" жыйнагынын бардык чыгарылыштарына киргизилген[126].

XXI кылымдын башында кыргыз тилчи айдыңдарынын эки башка тобу Махмуд Кашгари Барскани жазган "Дивандын" толук текстин өз алдынча кыргыз тилине которду. Анын биринчи тобундагылар (Таалайбек Токоев менен Кубатбек Кошмоков) 2011-жылы өз котормосунун 1-томун жарыялашты (кийинки томдору колубузга тийген жок)[127].

Ал эми экинчи топтогулар (И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев) кыргызча котормо вариантынын алгачкы томун 2013-жылы жарыкка чыгарышты (Биздин колубузга Жалал-Абат шаарында кайра басылган 1-2-тому тийди)[128].

Бул топтор эмнеге бириккен жок деп сурап отурбайлык. Чыгармачыл дүйнөдө башка да котормо варианттары болочокто жарыялана бериши ажеп эмес. Эң башкысы, аз нускада болсо да Махмуд Кашгари Барсканинин эмгеги кыргыз тилинде толук жарык көргөндүгү болду.

Академик А.Акматалиевдин 2011-жылдагы айтымында, "Дивандын" котормосунун үч варианты даярдалып жатат[129]. Кийинчерээк Бишкектеги эки топ биригип иштеп калгандай.

---

[125] Чороев Т.К. Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы»; Кыргыздар... / Түзгөн К.Жусупов. - 1991. - 2-китеп. - 442-459-б.; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... - 1997.

[126] Маселен, караңыз: Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт / Түзгөн К.Жусупов. – 1991. — 2-китеп. — Б. 441—459.

[127] Кашгари Махмуд. Түрк тилдеринин сөздүгү / Которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков; баш сөздү жазган А.Акматалиев. - 2011. - I том.

[128] Кашкари Махмут. Дивану лугати-т түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы) / Которгондор: И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев. – 2013. – Т. 1. – Экинчи басылышы: Жалал-Абад, 2016. – Т. 1; Т.2.

[129] Акматалиев А.А. Махмуд Кашгаринин "Түркий тилдер сөздүгү"... - 2011. - Б. 4.

А.Акматалиевдин ырасташынча, Т.Токоев, К.Кошмоков дал ушул Килисли Риф’ат жарыялаган үч томдукка негизденген экен[130]. Котормонун сол жак бетинде Риф’ат Билгенин басылмасындагы тексттин факсимилеси кетет да, оң жагында котормосу жайгаштырылыптыр. Бул эки котормочу айтылуу оғуз этнонимин “өгүз” деп малдын атына алмаштырып коюшкандыгы[131] да ойлондурбай койбойт. “Манас” дастанында жана кыргыз санжыраларында Огуз-кан, Ууз-кан сыяктуу генонимдер татынакай эле айтылат эмеспи. Ал эми экинчи топтогу котормочулар бул этнонимди бурмалабастан, “огуз” деп эле беришкен экен[132]. Балким, ушул сыяктуу кайчы пикирлер бул топторду бириктире албаса керек.

Кийинки топтогулар да эркин котормого жол койгон учурлар байкалды. Маселен, Махмуд Кашгари Барскани Абулкасым Абдулла ибн Мухаммед ал-Муктади би-Амрилла деген Аббасийлердин халифине “Диванды” белек катары тартуулоо ниетинде гана болот. Ал эми кийинки котормочулар бул халифтин ысымындагы Муктади би-Амрилла деген “паспорттук ат” сыяктуу эле кабыл алынган сый ысымын түшүрүп салышкан (анын атынын “Мукамбет уулу Абылкасым Абдылда” деген бөлүгүнө эч каршылыгыбыз жок)[133] жана “арнадым” деген сөздү колдонушкан. Китепти Кашкарда туруп эле халифке арнап коюуга болот, бирок Махмуд Кашгари Барскани “би-расми-л-хадрати” сөз айкашы аркылуу халифтин салтанаттуу кабылдамасын келип тапшыруу ниетин билдирген; бирок бул ниети аткарылганбы, же жокпу, белгисиз[134].

Эгерде болочокто котормочулардын бул эки башка тобу кайрадан биригип, англис жана башка чет тилдерди билген бөлөк адистерди да кошуп, жалпылама илимий котормонун үстүнөн бир кол менен иштешсе, ошондой эле, башка тилдердеги котормолордун оош-кыйыш жактарына да астейдил көңүл буруп, ас-Савинин көчүрмөсүнүн фотофаксимилесин башкы булак катары карашса дурус болмок, анткени Килисли Риф’ат даярдаган арапча текстте да айрым

---

[130] Акматалиев А.А. Махмуд Кашгаринин “Түркий тилдер сөздүгү”... - 2011. - Б. 4-5.

[131] Кашгари Махмуд. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугати 'т-түрк / Которгондор: Таалайбек Токоев, Кубатбек Кошмоков; баш сөздү жазган А.Акматалиев. - 2011. – Т. 1. – Б. 83, ж.б.

[132] Кашкари Махмут. Дивану лугати-т түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы) / Которгондор: И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев. – 2016. – Т. 1. – Б. 31, ж.б.

[133] Кашкари Махмут. Дивану лугати-т түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы) / Которгондор: И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев. – Жалал-Абад, 2016. – Т. 1. – Б. 32.

[134] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... – 1997. – Б. 56-57. (Тийешелүү бапта толугураак кайрылабыз).

мүчүлүштүктөр бар эмеспи (маселен, басмыл этнонимин йасмул деп коюптур[135]).

Кыргызча которгондордун бири, филология илимдеринин кандидаты А.Оморов айрым кызыктуу маалыматтарды өзүнчө китепче кылып кайра жарыялаган экен[136]. Бул эмгек да кызыктуу жана жалпы окурмандар үчүн пайдалуу, бирок кийинки басылышында бул илимпоздун котормосун башка адистер оңоюраак салыштырып текшериши үчүн ар бир текст үзүндүсүнүн жанында кол жазманын же таш басманын тийешелүү барактарын көрсөтө кетсе дурус болоор эле.

Албетте, “Диванды” кыргыз тилине толук таржымалаган котормочулардын бул эки тобуна тең көз майды алган олуттуу жумушту жүзөгө ашырган мээнети үчүн ыраазычылык билдирүүбүз шарт. Иштебеген гана кишиде “кемчилик болбойт” эмеспи.

АЛКЫШ СӨЗ

Бул эмгекти жаратууда жана жалпы эле чыгыш таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө ушул саптардын ээси үчүн кеп-кеңештерин аябаган, ар кандай сунуштары жана сын-пикирлери менен көмөк көрсөткөн устаттарга, кесиптештерге терең ыраазычылыгын билдирүүнү автор өзүнүн ыйык парызы деп эсептейт.

Алардын арасында Кыргызстандан – илимпоздор К.Үсөнбаев, Ө.Караев, А.Х.Хасанов, Б.Урстанбеков, Г.П.Супруненко, Д.Ф.Винник, М.Я.Сушанло, И.Б.Молдобаев, Ч.Ш.Жакыпова, А.Асанканов, М.Б.Жамгырчинов, С.Өмүрзаков, С.С.Искенова, Т.Н.Өмүрбеков, К.Конкобаев, М.Ч.Кожобеков, А.Акунов, К.С.Молдокасымов, К.Ш.Табалдыев, О.Каратаев, А.М.Кылычев, А.К.Койчиев, ж.б.; Өзбекстандан - илимий насаатчыбыз, академик Б.А.Ахмедов, Х.Зияев, М.М.Хайруллаев, П.Г.Булгаков, Д.Ю.Юсупова, Р.Шамсутдинов, ошондой эле Өзбекстан Илимдер академиясынын Абу Райхан Беруни атындагы Чыгыш таануу институтунун жамааты, Азербайжандан – Зия Буниятов; Казакстандан – Б.Е.Кумеков, К.М.Байпаков, М.Абусеитова, А.Муминов, Ж.Тулибаева, С.Сыздыков, М.Койгелдиев; Орусиядан - Ю.С.Худяков, А.Б.Халидов, В.Я.Бутанаев, Н.А.Мажитов, Д.Д.Васильев, Л.Ю.Тугушева, И.Кормушин, ж.б.; АКШдан – украин тектүү чыгыш таануучу Омелян Прицак, Роберт Данкофф, Чарлз Карлсон, Анара Табышалиева; Германиядан – Барбара Келлнер-

---

[135] Кашгари Махмуд. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугати 't-түрк / Которгондор: Таалайбек Токоев, Кубатбек Кошмоков. - 2011. – Т. 1. – Б. 790 (арапча), 791 (кыргызча).

[136] Кашкари Махмут. Ырлар, макалдар, уламыштар жана тил теориясы / Которгон жана түзгөн А.Оморов. – Жалал-Абад, 2016.

Хайнкеле, Гундула Салк; Франциядан – Реми Дор; Улуу Британиядан – Мэри Беннигсен Броксуп, Энтони Хаймен, Дениз Кандийоти; Түркиядан - Исенбике Тоган, Казим Йашар Копраман, Решат Генч, Тунжер Байкара, Йусуф Халачоглу, Осман Фикри Серткая, Эмине Гүрсой-Наскалы, Женгиз Алйылмаз, ж.б.; Түркмөнстандан – Мурат Аннанепесов; Кытайдан – Мухаммед Ху Чжэнхуа, Адыл Жуматурду, Мамбеттурду Мамбетакун, Амантур Абдырасул, Жаркын Турсун, ж.б. бар. Бир катар устаттарыбыз бул дүйнөдөн өтүп кетишти.

Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгари.
Т. Садыков жасаган айкел.

Колуңуздагы китептин негизги максаты - XI кылымдагы Теңир-Тоо жана Ички Азия аймактарын байырлаган түрк калктарынын тарыхын, маданиятын, тилин, этностук топторун, диалектилик өзгөчөлүктөрүн чагылдырган Махмуд Кашгари Барсканинин доорун, өмүрүн жана энциклопедиялык терең мазмундуу мурасын иликтөө болуп саналат.

Эмгекте төмөнкүдөй көйгөйлөрдү ачып берүү далаалаты жасалды:

• Махмуд Кашгари Барскани жашаган жана чыгармачыл мурасын калтырган доорго жана ал кезектеги Караханийлер каганатындагы, Селжукийлер дөөлөтүндөгү, Аббасийлер халифатындагы саясий жана этностук кырдаалга мүнөздөмө берүү;

• Махмуд Кашгари Барсканинин өмүр жолу менен байланыштуу маалыматтарды жана жоромолдорду даректерге негизденип иликтөө;

• Махмуд Кашгари Барсканинин негизги эмгеги — «Дивану лугати т-түрктүн» жазылыш датасын тактоо;

• Улуу окумуштуунун китебинин кол жазмасынын Жакынкы Чыгыштагы тарыхый саякатын, бул кол жазма улам колдон-колго өткөн аймактардын маданий жана этностук жараянына кыскача иликтөө жүргүзүү жана бул маселе менен байланыштуу Чыгыштын орто кылымдардагы кол жазма булактарын изилдөө;

• ас-Сави ад-Дымашкы көчүргөн «Дивандын» кол жазмасынын ачылышынын жана алгачкы таш басма усулу аркылуу жарык көрүшүнүн тарыхын иликтөө;

• Теңир-Тоодо жана Ички Азияда байырлаган түрк калктарынын этнографиясы, ономастикасы, саясий жана этностук тарыхы тууралуу «Дивандагы» ар кыл маалыматтарды иргөө жана иликтөө;

• Махмуд ал-Кашгаринин картографиялык жана тарыхый-географиялык маалыматтарын салыштырма иликтөө жана «Дивандагы» картаны кыргызчага которуу;

• Махмуд ал-Кашгаринин «Диванынын» жана Жусуп ал-Баласагунинин «Кутадгу билиг» дастанынын айрым бөлүктөрүн арабчадан жана караханийлик орток түрк адабий тилинен бүгүнкү кыргыз тилине таржымалоо; ж.б.

Албетте, бул милдеттерди бүтүндөй илимий институттар аркаласа да кыска мүнөттө соңуна чыкпастыгы анык. Демек, биз бул илимий маселелерге сересеп салууга огожо боло тургандай чакан жалпылама иш аткарсак – мүдөөбүзгө жетебиз. Негизи, бул көйгөйлөргө улам жаңы муундар өз алдынча жана жаңыча кайрылып тураары шексиз.

I бап.
Махмуд ал-Кашгаринин доору, өмүрү жана мурасы

I.1. Улуу энциклопедист аалым жашаган доор

«Коомдо жашап туруп, андан сырткары болууга мүмкүн эмес», - деген таасын сөз ар кандай даанышмандын өмүр жолун жана чыгармачылыгын иликтөөчүлөр үчүн изилденип жаткан инсандын жалпы эле адамзат цивилизациясынын тарыхында ээлеген ордун даанараак аныктап билүүсүнө жолдомо нур чачып турат.

Тогуз кылым илгери жашап өткөн бабабыз Махмуд Хусейн уулу Кашгари Барскани жөнүндө кеңири сөз кылуунун алдында, демек, ал көргөн таң, ал билген табийгат, ал сүйгөн Ата Журту сыяктуу эле анын тагдырынын нечендеген сыноолору, кубанычы, капа-кайгысы, инсандык жана атуулдук умтулуулары менен шыбагаландырылган социалдык-экономикалык, саясий жана этномаданий шарттар көз алдыбыздан чуурулуп өтүшү ылаазым.

Махмуд Хусейин уулу мекендеген чөлкөм илимий адабиятта жалпы жонунан Түркстан[137] деп аталат. Буга Кара кагандар сулалеси (династиясы) бийлеген кеңири мейкиндик толугу менен кирген. Бул Кара кагандар (Карахандар) дөөлөтү - чыгышында Кашкар, Куча, Котон (Хотан), түндүгүндө - Жети-Суу аймагы, Баласагын (Баласагун), батышында - Самарканд, Бухара, түштүгүндө - Аму-Дарыяга чейин жеткен[138].

Кара кагандар сулалеси келип чыккан мезгилди толугураак сыпаттоо үчүн андан алдыңкы учурдагы этностук кырдаалды да кылдат иликтеп чыгуу абзел. Себеби айрым авторлор[139] бул маселени бир тараптуу кароого, бул каганаттагы саясий ролду тарыхый дарекке таянбастан эле жеке уйгурларга же башка азыркы түрк тилдүү этносторго гана ыйгара коюуга жол берип жүрүшөт.

Кара кагандар сулалесинин пайдубалы орной электеги этностук кырдаалдын акыркы ири өзгөрүшү Борбордук Азияда IX к. ортосунда болгон окуяларга түздөн-түз байланыштуу.

---

[137] Бартольд В.В. Избранные труды... - 1996. - С. 348 - 351.

[138] Караев О.К. История... - С, 3 ; Байтур А. Кыргыз тарыхы...- Б. 171-178; Genç R. Karahanlılar. - S.137-179.

[139] “Дивандын” уйгурча котормосунун кириш бөлүмү: Кэшкэрий Мэхмут. Түркий тиллар... - Т. 1. - С 1 – 3; Алмас Т. Уйгуры. - С. 127. - Проф. А.И.Нарынбаев соңку пикиринде Караханийлер мамлекетин негиздөөгө катышкан элдердин бири катары уйгурларды көрсөткөн: Нарынбаев А.И. Из истории... - С. 7

Түргөштөрдүн каганатын (VIII к. башы - VIII к. 60-ж.) кулатып, Жети-Сууда жана жалпы Теңир-Тоодо саясий тизгинди карлуктар[140] өзүнө алышат. Алардын бийлиги чабалыраак болгондуктан, аларга түргөштөрдүн этностук бөлүгү болгон аз, тухсы урулары, ошондой эле чигилдер, бир кезде тогуз-огуз бирикмесинде болуп, VIII к. ортосунда гана алардан бөлүнүп чыккан йагмалар түздөн-түз баш ийген да, огуздардын негизги бөлүгү өз алдынчалыгын сактап, Теңир-Тоодон батышка оойт. Кимактар да карлуктардын Теңир-Тоого бийлик кылган заманында Түштүк-Чыгыш Казакстан, Ыртыш (Иртыш) бойлорунда өз алдынча бийлигин чыңдоого жетишет.

Чыгыштагы өзүнүн эң кубаттуу көчмөн түрк каганатын (744 - 840) түзгөн орхондук уйгурлар VIII к. акырына чейин өтө жигердүү тышкы саясат жүргүзүп турган. Алар батышында Турпан аймагы үчүн тибеттиктер менен салгылашкан, түштүгүндө Ганьчжоу аймагы үчүн Тан сулалеси жана таңгуттар менен согушуп турган, ал эми чыгышындагы Түндүк Кытайды жердеген кидандар (монгол жана тунгус тилдерине жакын тилде сүйлөгөн кытаңдар; кийин алардын Орто Азияга оогон бөлүгү «кара-кытай» наамы менен маалым болгон) жана түндүгүндө Эне-Сайды жердеген кыргыздар уйгур каганынан убактылуу көз каранды абалда калып турган.

IX к. 20-жылдарынан тартып Уйгур каганатында ири саясий окуялар боло баштайт. Бул кезде йаглакар уруусунун ордуна эдиз уруу төбөлдөрү каганатты бийлеп турган. Кагандык бийликтин алсырашы үчүн түздөн-түз себепкер болгон ички факторлордун бири - өз алдынчалыкка умтулган айрым бир уруу төбөлдөрүнүн күч алышы эле. Мындай шарттарда түндүк жактагы коңшулары - кыргыздар да кайрадан өз алдынча мамлекеттик саясат жүргүзө баштаган.

Ички ырктын кетишине 820-30-жылдары Ички Азияда орун алган табигый кырсыктар, көчмөн жана жарым көчмөн калктын мал-мүлкүн мойсогон жут да кошул-ташыл болгон. Уйгур каганы социалдык таянычынан ажырап турган кырдаалда кыргыз ханы ага каршы болгон айрым бир уйгур төбөлдөрүн пайдаланып, түндүктөн кол салып, кагандын ордосун басып алат[141].

Тарыхта Улуу Кыргыз каганаты (академик В.В.Бартольд Кыргыз кананатынын тарыхындагы бул жаңы доорду орусча «Кыргызское великодержавие» - «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп атаган. Ал эми орусиялык археолог, профессор Юлий Худяков болсо бул доорду

---

[140] Бартольд В. В. Карлуктар // Бартольд В. В. Кыргыз жапа Кыргызстан... - Б. 415 - 417.

[141] Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее; Он же. Кыргызы па просторах Азии; Кожобеков М.Ч. Орто кылымдардагы... - Б. 17-18; Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы... - Б. 204 - 205; Алмас Т. Уйгуры. – 123-125.

«звездный час» - «кыргыз тарыхынын жылдызга кол сермеген сааты» деп баалаган)[142].

840-жылдары Ички Азиянын түпкү чордону болгон Орхонду (азыркы Монголиянын түндүк жана түндүк-батыш аймагын) жердеген уйгурлар үч салаа болуп коңшу чөлкөмдөргө журт которуп үркүүгө аргасыз болушту.

Чыгышта алар айтылуу Кара-Дарыяга (Эдзин-Гол) чейин, түштүктө - Ганчжоуга, түштүк-батышта - Турпан аймагына чейин кирип барышты. IX к. экинчи жарымында Ганчжоу менен Турпанда алар өздөрүнүн чаканыраак мамлекеттерин калыбына келтиришти[143].

Алардын изине түшкөн кыргыздар да саясий татаал кырдаалды башынан өткөрдү. Биринчиден, эне-сайлык кыргыздардын тарыхында жалпы Борбордук Азиянын кыйла бөлүгүнө көзөмөл кылган «Кыргыздын улуу дөөлөтү» мезгили (IX к. ортосу - X к. биринчи чейреги) башталып, бул ири каганат орто кылымдарда бүткүл Борбордук жана Ички Азияга бытыранды болуп тараган кыргыз этносу үчүн көөнөргүс тарыхый мааниге ээ болду[144].

Экинчиден, ийгиликтүү жортуулдардын өзү кыргыздардын жана ага жамаатташ бир катар коңшуларынын бир далай топторунун жаңы чөлкөмдөргө массалык журт которуп, көчүүлөрү менен коштолуп, Кыргыз каганатынын саясий күчтөрүнүн акырындап бытыранды боло башташы үчүн объективдүү өбөлгөлөр түзүлгөн[145].

Араб географы ал-Истахриге (X к.), автору бизге беймаалым болгон фарсы тилинде 982-ж. жазылган «Худууду л-'аалам» («Аалам чектери» же «Аалам чөлкөмдөрү») деген географиялык эмгекке, ханзу саякатчысы Ван Яндэ (Турпан ойдуңундагы Уйгур идикуттугун 981-984-жж. кезген кытайлык элчи) сыяктуу чыгыш булактарына таянуу менен IX к. ортосунан тартып Теңир-Тоодо орто кылымдагы кыргыздардын ири тобу кайрадан байырлап калганын бир катар арабист, синолог, археолог жана башка чыгышпоздор, кыргыз таануучулар белгилеп жүрүшөт[146].

---

[142] Караңыз: Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча... - 1997; Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии... – 2-е изд.; Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында... – 2014.

[143] Малявкин А.Г. Уйгурские государства... - С. 19 - 30; Он же. Материалы по истории уйгуров... - С.6 -7, 26 - 91.

[144] Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан... - Б. 27- 36.

[145] Кожобеков, М.Ч. Кыргыз каганатынын тарыхы... - 2013; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... - 1995. - С. 57, 70-74; Он же. О роли миграции... - С. 83-84; Он же. Средневековые миграции... - С. 522 - 523.

[146] А. Н. Бернштам, А.Д.Грач, Ө.К.Караев, Анвар Байтур, А. Г. Малявкин, Д.Г.Савинов, М . Ш. Үлкүташыр, Ю.С.Худяков, В.Я.Бутанаев, К.Табалдиев, Т.Чоротегин, М.Кожобеков, О.Каратаев, А.С.Турдуева ж.б. ушул пикирди

Саян-Алтай жана Монголиядан келген борбордук азиялык түрк элдеринин ири журт которууларынан улам IX к. экинчи жарымында - X к. башында Жети-Сууда, Батыш Борбордук Азияда жана Урал, Итил (Волга) боюнда да бир катар өзгөрүүлөр болду. Теңир-Тоонун борборунда чигилдердин, Кашкар, Нарын, Алай тарапта — йагмалардын саясий күч-кубаты өстү.

Карлуктардын жана аларга жамаатташ теңир-тоолук түрктөрдүн бир катар жаңы тобу Мавераннахрга ооду (Кийинки жыйынтык үчүн азыркы өзбекстандык антрополог Телман (Тальман) Касымович Хожайовдун маалыматы чоң мааниге ээ. Анын пикирине караганда, Батыш Борбордук Азиянын аймактарына карай монголоид (расалык жактан монгол сымак) тибиндеги этностор менен уруулардын агымы монголдук чапкын доорундагыга караганда да, Караханийлер доорунда таасирдүүрөөк жүргөн[147]).

Калачтар (халаж) болсо негизинен айтылуу Түштүк Түркстанга (Афганистандын түндүгүнө) которулду. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымын мекендеп калган огуздардын бир бөлүгү Иртыштан батыш тарапка оогон кыпчактардын ири тобу менен ирегелеш жылып, беченектерди кысты. Беченектер Эдил (Итил) жана Крым боюнда Хазар каганатына кысымын күчөттү. Эдил менен Ыртыштын аралыгында акырындап “Кыпчак талаа” (“Дашт-и кыпчак”) калыптана берип, акыры ал “талаа” батышты көздөй кеңейе берди[148].

X к. башында Теңир-Тоодо жаңы этностук кырдаал негизинен калыптанып бүттү. Чыгыш Теңир-Тоонун түштүк-чыгышындагы Турпан аймагында ислам динин кабыл албаган уйгур идикуттарынын 1250-ж. чейин созулган бийлиги орноду[149]. Турпан идикуттугунда уйгурлардан башка да түрк калктарынын — кыргыз, йагма, басмыл ж.б. айрым топтору жашаган.

Ал эми Турпан идикуттугуна кирбеген Чыгыш Теңир-Тоо менен Чыгыш Памирдин батышыраак аймактарында «уйгурлар XIII к. чейин дегеле болгон эмес» - деп тыянакка келүү[150] кандай натуура болсо (ар бир түрк мамлекетинде ар кыл түрк тилдүү этностордун өкүлдөрү байырлап турганы кадыресе көрүнүш болчу), Кара кагандар

колдошот. Ван Яньдэ жөнүндө караңыз: lzgi Ö. Çin E1çissi...; Малявкин А. Г. Материалы по истории уйгуров... - С . 87 - 91.

[147] Ходжайов Т.К. Этнические процессы... - С. 59. (Арийне, сөзсүз эле антропологиялык тип менен тилдик өзгөчөлүктү бири-бири менен байланыштыруу аракети майнапсыз экендиги тууралуу анын жобосу колдоого арзыйт. - Ходжайов Т.К. К проблеме... - С. 29-30.).

[148] Караңыз: Алымкулова С.К. Кыпчаки в составе... – 2013. – С. 34-113.

[149] Индикут - « ыйык кут » - алгач басмылдардын бийлик эгелеринин, IX к. ортосунан кийин - уйгур бийлик эгелеринин титулу.

[150] Малявкин А.Г. Уйгурские государства... - С. 190 - 194.

мамлекетинин «негизги башкаруучу калкы уйгурлардан чыккан» - деген түшүнүк да ошондой эле калпыс. Мындай карама-каршы тыянактарды[151] тарыхый даректер аркылуу четке кагууга болот.

Маселен, «Худууду л-'аалам» эмгегинде: «Кашгар - Чыныстан чөлкөмүнө таандык, бирок йагма, Тибет, хырхыздар (кыргыздар) Чындын ортосундагы аймактан орун алган. Ал эми Кашгардын төбөлдөрү (текстте: *«михтараан»*) мурдагы убактарда халлухтардан (карлуктардан. - Т.Ч.) же йагмалардан болоор эле»[152], - делет.

Бул даректен улам Кашкардын аймагында IX к. башында эле карлуктар менен йагмалар теңтайлашып киргенин билебиз. Ысык-Көлдү жана ага жакын бир катар аймакты жердеген негизги элдердин бири — чигилдер эле. «Худууду л-'аалам» эмгегинде чигилдердин чөлкөмүнүн бийлик эгеси алардын өздөрүнөн экени чагылдырылган. Ал эми IX к. ортосунда Орхондон келген уйгурлар ысык-көлдүк калаа Барсканга чейин убактылуу гана кирип келишкен, алардын негизги бөлүгү Кучадан батышка өткөн эмес[153].

Ошондой эле X к. карата Теңир-Тоодо жашап калган кыргыздар саны боюнча Түштүк Сибирде, Алтайда, Монголияда калган кыргыздарга карата да, теңир-тоолук башка түрк калктарга (чигил, карлук, йагма, тухси ж.б.) карата да алда канча аз болушу толук мүмкүн (кыргыздардын Ички Азиядан Борбордук Теңир-Тоого багытталган журт которууларынын кийинки агымдары негизинен XII к. 20-жылдарынын акырындагы кара-кытайлык, XIII к. биринчи чейрегиндеги наймандык жана монгол-татардык калайман жортуулдардын маалына туш келет).

X к. 40-жылдарында Теңир-Тоонун саясий картасында көчмөн түрк калктарынын жаңы мамлекети пайда болду.

Бул мамлекетти бийлеген кагандардын кеңири таралган титулунан улам аны илимде «Кара кагандар дөөлөтү» деп шарттуу түрдө жана көбүрөөк аташат. Бул аталышты илимге орусиялык чыгыш таануучу В.В.Григорьев XIX кылымда киргизген[154]. Ага бул доордо бир катар кагандардын титулунда “кара” сөзү көп учурагандыгы негиз болгон. Кара кагандар болсо өз мамлекетин тек гана “түрк мамлекети” же “хаканиялык түрктөрдүн мамлекети” деп гана аңдашкан.

Тарыхчы Ө. К. Караев мусулман авторлорунун эмгектерин жана чыгышпоздордун илимий пикирлерин талдап чыгып, бул каганатты бийлеген сулале – теңир-тоолук түрк тилдүү көчмөн этностун - чигил

---

[151] Исиев Д.А. К вопросу... - С. 133 (мында Караханийлер каганатын уйгурлардын йаглакар уруусу негиздеген, - деген таптакыр тарыхый фактыларга сыйбаган жобо келтирилген).

[152] Материалы по истории киргизов и Киргизии (МИКК). - Вып. 1. - С. 41.

[153] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейн ал Кашгари... - Б. 23.

[154] Сыздықов, Сатай Мақсұтұлы. Қарлық – Қарахан мемлекеті... – 2014. – Б. 144.

элинин төбөлдөрүнө таандык болгон деп тыянак жасады[155]. Биздин пикирибизде да ушул илимий тыянак чындыкка төп[156].

Түркиялык иликтөөчү, проф. Решат Генч сыяктуу илимпоздор болсо Карахандар сулалеси Теңир-Тоодогу көчмөн йагмалардан чыккан, - деп да эсептеп жүрүшөт[157].

Карахандар мамлекетин мурдагы эле Карлук жабгулугунун жаңыча улантылышы катары карап, Карахандар мамлекетин түзгөн эл карлуктар болгон деген пикирди колдогондордун бири – казак чыгыш таануучусу, професор Сатай Максут уулу Сыздыков ("Карахандар сулалеси" же болбосо "Карахандар мамлекети" [сөзү] "Қарлық мамлекети" деген пикирге кайчы келбейт", - деп С.М.Сыздыков белгилейт)[158]. Түркиялык профессор Решат Генч болсо карлуктар Карахандар сулалесин негиздеши эч мүмкүн эмес. Карлук урууларынын башчылары "йабгу" титулун гана алып жүрүшкөн[159], деп эсептейт.

Албетте, чигил төбөлдөрү өз мамлекетин кубаттандыруу үчүн аз, тухсы, йагма, кыргыз сыяктуу Борбордук жана Чыгыш Теңир-Тоону жердеген калктардын кошуундарына да таянышкан[160].

Түрк каганаттары доорунан бери маалым болгон бул элдер кийинчерээк Борбордук Азиядагы казак, кыргыз, өзбек, уйгур, каракалпак сыяктуу түрк элдеринин азыркы улут катары калыптанышында тарыхый этнобөлүк катары катышкан.

Демек, Кара кагандар каганатында бийлик тизгинин өзүнө алган этнос катары маалым болгон чигилдер жана башка ошол доордогу ири көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан борбордук теңир-тоолук этностор жогоруда саналып өткөн азыркы түрк калктарынын орток бабаларынан болуп саналышат[161].

---

[155] Караев Ө.К. История Караханидского...; История Киргизской ССР... - 1984. - Т. I. - С. 290.

[156] Чоротегин Т.К., Молдокасымов К.С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы... – 2000; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... – 1997. – Б. 23.

[157] Genç R. Karahanlılar. - S. 137–139; Генч, Решат. Карахандар мамлекетинин бийлик түзүлүшү... – 2004. – Б. 32-33.

[158] Сыздықов, Сатай Мақсұтұлы. Қарлық – Қарахан мемлекеті... – 2014. – Б. 151.

[159] Genç R. Karahanlılar. - S. 137–139; Генч, Решат. Карахандар мамлекетинин бийлик түзүлүшү... – 2004. – Б. 32.

[160] Профессор Рамиз Аскер Карахандар сулалесинин теги маселеси дагы эле талаш-тартыштуу бойдон калып келе жатканын белгилейт: Əskər, Ramiz. Mahmud Kaşğari və onun... — 2008. — S. 22.

[161] Белгилүү казак ислам таануучусу жана арабисти Ашырбек Муминов жапон чыгыш таануучусу, проф. Казуо Моримото тарабынан Ирактагы Нежеф шаарында 1460-жж. алгачкы жарымында жазылган Эмир Темирдин санжырасынын вариантын жарыялагандыгын жана бул санжыралык вариантта Эмир Темирдин Ирактагы урпактары өздөрүнүн бабалары катары Карахандар сулалесинин уламыштык

Кара кагандар дөөлөтүнүн негиздөөчүсү Сатук Буура-хан Теңир-Тоодогу бардык түрк калктарын саясий жактан бириктирүүгө умтулду. Бул максатка идеологиялык таасирдүү таяныч табуу үчүнбү, айтор, бул каган теңир-тоолук феодалдык бийлик эгелеринин ичинен биринчи болуп ислам динине өз ыктыяры менен өттү. 955-ж. ал дүйнөдөн өткөн соң, бийлик анын уулу Байташка өтөт. Муса деген мусулмандык ысымды алган бул каган 960-ж. исламды өз дөөлөтүнүн мамлекеттик дини деп жарыялайт.

Мурдагы Карлук каганатынын жана айрым өз алдынча түрктөрдүн, ошондой эле Саманийлердин Мавераннахрдагы бийлеген чөлкөмдөрү X к. ортосунда - XI к. башында бирдиктүү Кара кагандар мамлекетине баш кошту. Бул мезгил бүткүл Борбордук Азиядагы өз учуру үчүн өнүккөн доорду түздү. Бирдиктүү мамлекет эзелтеден бери ар тараптуу карым-катнашта болгон жалпы Борбордук Азиянын, анын ичинде Мавераннахр менен Чыгыш Теңир-Тоонун жана Таримдин, экономикасынын гүлдөп өсүшүнө, чөлкөмдө шаарлардын жана отурукташкан жайлардын көбөйүшүнө шарт түздү.

Бул учурда Теңир-Тоонун борборунда, Жети-Суу аймагында да ири өзгөрүүлөр болуп, өндүргүч күчтөр өнүктү. Көчмөн калктардын отурукташуусу тездеди. Кол өнөрчүлүк, ички-тышкы соода алакалары кеңири өнүгө баштады. Далай шаарлар жана жаңы шаарчалар гүлдөп өсүп чыкты[162].

Булардын баары Кара кагандар мамлекетинде илим, өнөр, маданияттын өркүндөп өсүшүнө ыңгайлуу шарт жараткан социалдык-экономикалык ички өбөлгөлөрдү түздү. Ошондой эле ислам дининин мамлекеттик динге айланышы[163] жергиликтүү төбөлдөрдүн идеологиялык кызыкчылыктарын гана канааттандырбастан, маданий жактан да ири утуштарды алып келди.

Теңир-Тоодогу түрк тилдүү калктар шарттуу түрдө «мусулмандык кайра жаралуу (ренессанс)[164]» деп айрым азыркы илимпоздор айтып жүргөн, илимий жана маданий өнүгүү заманын башынан өткөрүп жаткан чөлкөмгө X-XI кылымдарда ыктыярдуу баш кошушту.

өкүмдарларын көрсөтүүгө далаалат кылышкандыгын белгилейт: Муминов А.К. Новые источники по истории тюркской йасавийской культуры... – С. 511. Академиа.еду (academia.edu) интернет барагы аркылуу бул илимий макаланы окууга болот: Morimoto, Kazuo. An Enigmatic Genealogical Chart of the Timurids. – 2016. – P. 148 (Chart 1). - Албетте, барлас Эмир Темирдин Карахандарга эч тийешеси жок, мында тек гана өздөрүнүн бийлик жүргүзүүгө акылуулугун (“сакралдуулукту”) Ирактагы Темирийлер санжыраны бурмалоо аркылуу тастыктоого умтулгандыгы көңүл бурууга арзыйт.

[162] Байпаков К.М. Средневековая городская культура... - С. 99-161.

[163] Чороев Т.К., Урстанбеков Б.У. Основные этапы... - С. 28 -44.

[164] Мец А. Мусульманский ренессанс. - С. 9 -14 (Д.Е.Бертельс жазган алгы сөз).

Чөлкөмдө мурдагы Саманийлерге таандык Бухара, Самарканд шаарларынан башка да атагы алыска тарай баштаган илимий жана маданий борборлор (Кашкар, Баласагын, Шаш (Ташкен), Фараб, Өзгөн, Ош, Тараз, Барскан, Кочкор-Башы, Ат-Баш, ж. б.) бар эле. Көптөгөн шаарлардын мечиттеринде диний жогорку окуу жайлары — медреселер[165] ачылып, аларда диниятчылардын сабагынан башка этика, логика, укук, философия, адабият сыяктуу диний эмес сабактар да өткөрүлгөн. Алгачкы учурларда мечиттерде диний мектеп ачылаар эле. Ар бир мечитте өзүнчө китепкана куралгандыгы өзгөчө кызык.

Илимге суусап, мыкты мугалимди издеп жер кезген ал кездеги чыныгы талиптер (азыркы термин менен алганда студенттер, аспиранттар) үчүн мечиттердин жанына жатакана - конок үйлөрү да курула баштаган. Акырындап, X кылымдын ичинде, мындай таалим комплекси окуу жайдын жаңы жана бийик баскычына - медресеге (университетке) өсүп чыккан[166].

XI кылым Ортоңку Чыгыштагы жана Батыш Борбордук Азиядагы медреселердин гүлдөп-өскөн доору эле. Селжукийлердин даңазалуу вазири Низам ал-Мүлк негиздеген медреселер өз заманынын даңазалуу университеттеринен болуп калган.

Ушундай кырдаалда батыштан Кара кагандар мамлекетине далай илимпоздор жана диниятчылар келип-кетип турушкан. Өз кезегинде Кара кагандар дөөлөтүнүн билимдүү адамдары ажылыкка гана эмес, илим-билим алуу үчүн да Ортоңку жана Жакынкы Чыгышты көздөй каттап турган. Мындай илим издегендердин өлкөлөр аралык сапары кадыресе көрүнүшкө айланган.

Мусулман өлкөлөрүндө илим тили катары негизинен араб тили кызмат кылган. Бир катар аймактарда поэзия, тарых, география сыяктуу айрым тармактар боюнча фарсы тилинде да көрүнүктүү эмгектер пайда болгон. Андай ар кыл тилдердеги мусулман маданиятына аралашкан түрк тилдүү айдыңдар өз эне тилинде да чыгармалар жаратууга тап беришкен. Теңир-Тоодогу жана жалпы Борбордук Азиядагы түрк тилдүү калктарда ислам дооруна чейин эле жазма маданият болгондугу да түрктөрдүн мусулман жазма маданиятын өөрчүтүү үчүн өтө маанилүү өбөлгө түзгөн (жазма маданият тууралуу китептин соңку бөлүмдөрүнүн биринде айрыкча сөз болот).

Ушул жалпы өөрчүү мезгилинде мусулман динин кабыл алган түрктөрдүн поэзиясынын бермети - «Кутадгу билиг» («Кут билим») поэмасы. Бул философиялык-насаатчыл, саясат таанууга да тиешеси

---

[165] Мец А. Мусульманский ренессанс. - С. 177; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейн ал-Кашгари... - Б. 24 - 25; (Tahrir Heyeti). Medrese // Islam Ansiklopedisi. - Gilt 7. - S. 473.
[166] Makdisi G. The rise of colleges.

бар эмгекти Баласагындык Жусуп жазган. Бул акын жана ойчул инсан 1069-70-жылга карата бүткөрүлгөн чыгармасы үчүн Карахандардын Кашкардагы ордосунда Атайын Хажип (Хасс Хажиб) — «атайын төбөл» деген ордо башылык кызматты ээлеп калган[167]. Бул чыгарманы О.Прицак «түрктөрдүн туңгуч исламдык автордук дастаны» катары баалайт[168]. Жусуп Баласагын даанышман калемгер болду, бирок ал жалгыз эмес эле. Илим-билим жайылган маалда чөлкөмдө башка да окумуштуулар, диниятчылар, акындар, саякатчылар, агартуучулар ж.б. чыга берди.

Махмуд Кашгари Барсканинин доорун толугураак элестетүү үчүн жеке гана Кара кагандар дөөлөтүнүн аймагынын турмушуна экскурс кылуу аздык кылат. XI к. огуздар Сыр-Дарыя, Хорасан аркылуу өтүп, халифаттын Ортоңку Чыгыштагы орчундуу калааларына жеткен да, улам жаңы аймактарга саясий үстөмдүгүн курал жана дипломатиялык аргалар менен орноткон. Ошентип, түрк тилдүү этностордун Иран, Ирак жана Кичи Азиядагы саясий ролу өскөн.

Түрк кошуундарынын таасири өзгөчө Селжукийлердин заманында[169] күчөйт. XI к. ортосунан тартып кылымдын акырына чейин огуздардын селжук урууларынын кол башчы төбөлдөрү чыгышында - Аму-Дарыянын өрөөндөрү, батышында - Кичи Азия, түштүк-батышында - Ирак, түндүгүндө - Грузияга чейинки ири аймакты өздөрүнө караткан.

Селжуктардын Чагры бек менен Тогрул бек (1040-1063)[170] негиздеген Улуу дөөлөтүнүн (1040-1194) саясий туу чокусу Мелик-шахтын дооруна (бийлеген жылдары: 1072-1092)[171] туура келет. Селжук султандары, иш жүзүндө, мусулман өлкөлөрүнүн ири бөлүгүнө диний жетекчи катары өкүмү жүргөн Аббасийлер халифинин өзүнө саясий үстөмдүк кылып калышкан.

Бул саясий жагдай, албетте, ошол доордогу илимий, дипломатиялык жана этномаданий алакаларга өз таасирин түздөн-түз тийгизген. Эгерде X к. ирандык элдердин арасында араб тилинин жана араб маданиятынын үстөмдүк абалына каршы «элдүүлүк» (shuʿūbiyya) кыймылы күч алса, XI к. Ортоңку Чыгыштан тартып Кара кагандар

---

[167] Баласагын Жусуп. Куттуу билим; Баласагунский Юсуф. Благодатное знание; Баласагуни Йусуп. Кутадгу билиг. - Үрүмчү, 1984; Balasaghuni Yusuf. Wisdom...

[168] Прицак О. А може, Булгаро-Татарський... - С. 42.

[169] Селжукийлердин келип чыгышы жана мамлекетин негиздеши тууралуу караңыз: Агаджанов С. Г Очерки истории... - С. 164 - 210; Golden P. An Introduction... - P. 216 – 221; Togan A.Z. Velidi. Umumî Türk Tarihine...; Sümer F. Oguzlar (Türkmenler)... – 1992, ж.б.

[170] Köymen, Mehmet Altay. Tuğrul Bey... - S. 9, 68 - 75.

[171] К.Босворт Мелик-шах Алп Арслан уулунун алгачкы бийлик жылы катары 465/1073-ж. көрсөтөт: Bosworth C.E. The New Islamic... - P. 185.

дөөлөтүнө чейинки ири аймакта түрк элдеринин тарыхына, тилине, салт-жөрөлгөлөрүнө жана жалпы эле маданиятына кызыгуу өз тамырын жайган[172]. Алардын элдик же аскердик маанисин көтөрө чаап сүрөттөөгө акындардын, тарыхчылардын, философтордун, географтардын гана эмес диниятчылардын да үлүшү кошулган.

Ортоңку Чыгышта түрк калктарынын ичинен огуз түрктөрүнүн өкүлдөрү өзгөчө белгилүү эле. Алар Селжук сулалесинин негизги таянычы болгон аскер күчтөрүн түзүп турушкан. Махмуд Кашгари Барскани да эмгеги Селжукийлер көзөмөлдөп турган чөлкөмдө жазылгандыктан[173], түрк калктарынын ичинен дал ушул огуздардын гана уруу-уруктарын толугу менен санап чыгып[174], «адамдардын алардын үйрөнүүгө муктаждыгы бар болгондугу үчүн» огуздардын уруу-уругу түгүл, алардын малга салчу эн тамгасынан бери «Диванда» сыпаттап өтөт.

Ушу жерден кыстара кетсек, XI к. халифаттын борборунда көбүрөөк рол ойной баштаган түрк этностору кийин таптакыр эле башка калкка жуурулуп же кайра Кичи Азия, Кавказ; Борбордук Азияга биротоло ооп кеткен эмес. Бүгүнкү кезде да Иракта өздөрүн «түркмөн» деп атаган жана тили түрктөр менен азербайжандардыкына өтө жакын келген калк жашайт.

Дал ушундай тарыхый кырдаалда XI к. мусулман чөлкөмдөрүндө жашаган түрк калктарынын өкүлдөрү чыгышта Кара кагандар дөөлөтүндө болобу же батышта - Аравия жарым аралында же Кичи Азияда болобу, мусулман элдеринин жалпы маданий жана илимий очокторунда инсанаттын ошол замандагы рухий жетишкендиктери менен араб, фарсы ж.б. тилдер аркылуу таанышкан. Өздөрү да бабасы Абу Наср Мухаммед ибн Тархан ибн Узлуг ал-Фараби ат-Түркинин (870—950) жолун жолдоп, илим дүйнөсүндө араб тили аркылуу өз алдынча изин салышкан.

X -XI к. биринчи жарымында жашап жана эмгектенген орто азиялык даанышмандар Абу Хусейин ибн 'Абдаллах Ибн Сина (980-1037) жана Абу Райхан Беруни (973-1048) илимий мурастарынын гуманизми, улуттук чектелүүлөрдөн эркиндиги менен ошол доордун аалымдарына терең таасир тийгизген.

Маселен, Берунинин «Ал-аасаару л-баакыйа ' ан-ил-курууни л-хаалийа» («Өткөн доорлордон калган эстеликтер»)[175] деген 1000-ж.

---

[172] Tchorolegin T. Islam's medieval sages...
[173] Кляшторный С.Г. Эпоха Махмуда...- С. 18 - 23.
[174] Schönig, Claus. On some unclear, doubtful...
[175] Бируни Абу Райхан. Избранные произведения. - Т. 1. - Ташкент, 1957. (Араб тилинен М.А.Салье орусчага таржымалаган).

жазылган эмгегинде бир канча чыгыш элдеринин арабдарга чейинки өнүккөн маданиятынан кабардар кылуучу көп маалыматтар топтолгон.

Түрк элдеринин илим-билимге жеткен алдыңкы өкүлдөрү өз элинин салтын, тилин жана маданиятын деңгээлинен бөксөртпөй араб окурмандарына тааныштырууга умтула башташат. Мусулмандык диний ишенимдин алкагынан алыстабаган бул «элдүүлүк» кыймылы, албетте, өз доору үчүн ири жетишкендик эле. Өз элинин атуулу болгон адамдардын исламга да баш оту менен берилгенин жадыбыздан чыгарбайлы. Өз элинин зоболосун көтөрүү үчүн алар эмне кылуусу керек эле? Ошол доор тартуулаган диний усулдарды терең пайдалануусу, алардын жардамы менен тигил же бул элге берилген жогору бааны «мыйзамдаштыруусу» керек эле.

Ушул доордо, маселен, өздөрүнүн ар кыл маселелерин чечүү үчүн мусулмандар Куранга кайрылышкан. Куранда түз жооп табылбаса, Алла-таалага же анын «акыркы элчиси» Мухаммедге таандык болуп айтылчу атайын уламыштарга, аңгемелерге - хадистерге таянышкан. Хадистердин жалпы топтому («сунна») негизинен VII к. акыры - IX к. чогултулуп бүткөнүн, анын ар кыл редакциялары бар экендигин эске алсак, бул топтомдо тигил же бул чөлкөмдүн элинин кызыкчылыгын көңүлдө туткан ар кыл хадистер эки кылымга жакын аралыкта пайда болуп келгендиги айдан ачык.

Ошондой «Мухаммедге таандык» хадистердин бир катары IX к. акырына чейин пайда болуп, түрктөргө арналган. Аларды поляк чыгышпозу А.Зайончковский өз макаласында кылдат изилдейт[176].

Биз тек гана Махмуд Кашгари жазып калтырган хадиске шилтеме бере кетсек болот:

«Бухаранын имамдарынын кадыр-барктуусунан жана Нишапурдун диниятчы калкынан чыккан башка даты бир имамдан... Алланын элчисине (б.а. Мухаммед пайгамбарга. - Т.Ч.)... таандык кылып айткандарын эшиткен элем: ал (Мухаммед) кыямат-кайымдын белгилери, акыр-замандык козголоңдор жана огуз түрктөрүнүн жортуулдары тууралуу айтып келип:

«Түрктөрдүн тилин үйрөнгүлө! Анткени алардын шыбагасында узакка созулуучу бийлик бар!» - деп буюрган экен»[177].

---

[176] Zajaczkowski A. Characterystyka Turków... — S. 31 - 57; Зайоичковский А. Старейшие арабские хадисы... — С. 194 - 201. Салыштырыңыз: Agirakca A. Hz. Peygamber'in Türk1er... — S. 56.

[177] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... - Б. 27

Айтмакчы, ар кандай эле хадисти XI к. мусулман окурманы акыйкат катары кабылдай берген эмес. Себеби, далай диниятчылар «дарекке негизделбеген» хадистерди ойлоп таба берип, «оозду күйдүрүшкөн».

Көбүнчө, өзү айткан хадис ишенимдүү экенин тастыктоо үчүн аны айтып жаткан адам хадисти кимден укканын, а кийинкиси кимден үйрөнгөнүн, соңкусу кимден өздөштүргөнүн... саймедирлеп айтып берээр эле.

Хадисчилердин ысымдарынын бул тизими «ыснат» (иснад) деп аталган. Бул тизимдеги ысымдар кадырман диниятчылардан турганда, албетте, хадиске карата ишеним жогорулаган. Ошон үчүн Махмуд Кашгари Барскани алиги бухаралык жана нишапурдук эки имамды тең «ыснаттуу хадис айтуучулардан» деп зоболосун көтөрө атайын эскерет.

«Эгерде бул хадис туура болсо, ал үчүн жооп бериш - алиги эки айтуучунун мойнунда, - анда аны (түрк тилин) үйрөнүү милдеттүү ишке жатат», - дейт Махмуд Кашгари Барскани.

Демек, түркий тилди үйрөнүү, аны хадистен таап жатсак, диний милдет экен да! Ал эми бул хадис «жалган» чыксачы?

«Арийне, - деп жазат Махмуд Кашгари, - бул хадис төгүнгө чыгарылган шартта да акыл өзү аны (түркий тилди) үйрөнүүнү талап кылат»[178].

(Диний кырдаал тууралуу «Дивандагы» кеңирирээк маалыматты 4-баптын 2-бөлүмүнөн таба аласыз).

Бул жерден “түрк тилин үйрөнүү прагматикалык жактан туура милдет экенин” белгилөө менен, Махмуд Кашгари Барскани Ортоңку Чыгышта Селжукийлер бийлеп турган доордун саясий жактарын көңүлдө тутуп жатат. Анткени эмгегинин кириш бөлүмүндө төмөнкү саптар да кезигет эмеспи:

«Алардын (түрктөрдүн) жебелеринен сактаныш үчүн ар бир акылга эгедер адам алардын дегенинен чыкпаганы ылайык. Өзүнө түрктөрдүн кулак салышы үчүн жана көңүлүн ийитиш үчүн бул түшүнүгү терең адамдарда алардын тилинде сүйлөөдөн башка мыкты чара жок»[179].

---

[178] Кашгари Махмуд ибн Хусейин. Түркий тилдер... - Б. 443.
[179] Кашгари Махмуд ибн Хусейин. Түркий тилдер... - Б. 442.

Орто кылымдардагы түрк калктарынын жазма маданиятынын тарыхына ушу жерден учкай көз жүгүртсөк болот (бул суроого толугураак 4-баптын 3-бөлүмүндө токтолдук). Түрктөрдүн эзелки бабалары — хуннулар кытайлык (ханзу элине таандык) иероглифтерди өздөштүрүүдөн тышкары өз алдынча пиктографиялык усулдагы жазмага ээ болгондугу ажеп эмес. (Алматынын жанында Эшик (Есик) көрүстөнүндө б.з.ч. акыркы кылымдарга - жети-суулук сактарга таандык алигиче чечмелене элек жазма эстелик табылгандыгы да маалым[180]).

Бул жазманын айрым элементтери кийинчерээк Улуу Түрк каганатынын (552 - 744) тушунда тамга усулу менен сириялык жана башка жазмалардан таасир алып өрчүп чыккан орто кылымдык түрк алфавитине өз алдынча белги болуп киргизилген. Бул алфавитте бүткөрүлгөн мурастар айтылуу руна түрүндөгү орхон-энесай жазма эстеликтери катары тарыхка маалым.

Чыгыш түрктөрүнүн жазма салты кийинчерээк согду жазмасына негизделген уйгур жазмасына өткөн. Бул жазманы Борбордук Азиядагы түрк калктары IX-XVI кк. (Эмир Темирдин доорунда да) колдонушкан[181]. Ислам дүйнөсүнө чейин эле чыгыш түрктөрүнүн жазма маданияттын бай тарыхына ээ болгондугу эч деле шек туудурбайт[182].

Ал эми руна сымал жазманы Эне-Сайдагы кыргыздар XI-XII кк. да колдонуп келгени айрым археологиялык даректер көрсөтөт. (Айтмакчы, Таластан табылган руна сымал жазуулардын келип чыгышын И .В .Кормушин IX к. бул жерге келген эне-сайлык кыргыздарга байланыштырууда)[183]. Кошумчалай кетсек, орхон-энесай алфавитинин уйгур алфавитине алмаштырылышын академик В.В.Бартольд «артка бир кадам чегинүү» катары баалаган. Себеби уйгур жазмасындагы тамгалар түрк тилинин тыбыштарын жетишсизирээк чагылдырган. Мындай кемчилик араб жазмасына да таандык (арабдарда в, п, ч, ң, г, е, о, ө, ү, ы тыбыштары жок)[184].

XI к. Чүй жана Талас өрөөндөрүндө түрктөшүп, бери болгондо кош тилде сүйлөгөн калк - Самаркандан көчүп келген согдулуктар

---

[180] Чоротегин Т.К., Өмүрбеков Т.Н. Кыргыздардын жана... - 1997. - Б. 52; Чоротегин Т.К.. Өмүрбектегин Т.Н. Хунну доорундагы... - Б. 276 - 277.

[181] Аманжолов, А.С. Древняя алфавитная письменность... – 2013. – С. 169-182.

[182] Кляшторный С.Г. Памятники древнетюркской письменности. - С. 64 -112.

[183] Кормушин И. В. К основным... - С. 25 - 47. - Дагы караңыз: Васильев Д. Д. Корпус...: Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии; Кызласов И. Л. Рунические...; ж.б.

[184] Чоротегин Т. К. Краткий курс по изучению арабской графики… - 2000.

(«согдак») жашаган. Алардын элдик жазуусу да согдак-түрк этномаданий алакаларына данакер кызмат өтөлгөн[185].

Айтор X-XI к. Теңир-Тоонун элдеринде араб жазмасынан тышкары эле жазма маданияттын салты орошон турмушун уланткан. Илимде «уйгур жазмасы» деп аталган жана мусулман эмес уйгурлардын ж.б. түрктөрдүн арасында кеңири таралган алфавиттик жазманы X -XI к. мусулман түрктөр да пайдаланышкан. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын бизге жеткен 1439-жылкы гераттык көчүрмөсү[186] араб тамгадагы нускадан дал ушу жазма менен көчүрүлүп жазылган.

Албетте, жазма маданияттын башка бир стихиясындагы көркөм жана башка чыгармалары бар Кара кагандар каганатындагы түрк калктары ушул заманда ислам динин гана кабыл албастан, мусулман калктарга орток араб жазмасын да кеңири өздөштүрө баштаган. Демек, XI к. теңир-тоолук түрктөр бир эле мезгилде араб, уйгур, сириялык жана согду жазууларын диний, маданий жана тарбиялык багытына жараша өздөштүрүп колдоно билишкен.

Мындай кырдаал бизди кандай пикирге жетелеши мүмкүн? Биринчиден, жазма маданияттын жаңы түрүнө - араб жазмасынын стихиясына туш келген теңир-тоолук түрктөр буга чейин өнүгүп келген эне тилдик. адабиятын ушул жазма нук аркылуу да өнүктүрүүгө умтулушкан.

Маселен, ыр менен жазылган кириш бөлүмүндө Жусуп Баласагын арабдар менен тажиктерде дурус китептердин арбындыгын, а өзүнүн (түрк) тилинде болсо - «Кутадгу билиг» («Кут билими») алгачкы дастан экенин эскерет[187]. А.Н.Кононов, Е.Э.Бертельс сыяктуу чыгышпоздор араб-фарсы адабиятынын бир катар таасирлерине карабастан, «Кутадгу билиг» дастаны жергиликтүү түрк адабиятынын XI к. 60-70-жылдарына чейин топтолгон нукура элдик бай тажрыйбасынын негизинде пайда болгондугу жөнүндө акыйкат белгилешкен.

«Кутадгу билиг» эмгегинин 1056-1103-жылдары Кашкардагы караханийлик ордонун өкүмдары Тавгач-Буура Кара-хакан Абу Али Хасанга[188] ызаат менен тапшырылгандыгы маалым. Бул кагандын титулу өз заманында «*Малик ал-машрык ва-с-сын*» («Чыгыштын жана Кытайдын (Чын) бийлик эгеси») деп тыйындарга да жазылгандыгы анын Түркстандын ири аймагындагы чоң каган экендигин гана эмес,

---

[185] Лившиц В. А. Согдийские тексты... - С. 215 - 273.

[186] Aral R.R. Kuladgu Bilig: I. Metin. - S. XXXIV - XXXVI.

[187] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... - Б. 137.

[188] Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан... - Б 331 - 335. («Кутадгу биликте» эскерилген Богра-хан» макаласы).

чындыгында да улуу кагандыкка 467-хижра ж. / 1074-1075-ж. өткөн бул адамдын[189] исламдык чөлкөмдүн эң чыгышындагы кубаттуу дөөлөттү бийлеп тургандыгын айгинелейт.

Албетте, ал жүргүзгөн идеологиялык саясат исламдык рухтагы адабиятты жана маданиятты өнүктүрүүгө багытталган. Дал ошондуктан академик А.Н.Кононовдун Жусуп Баласагын айткан «биздин тилде» мындай («Кутадгу билиг» сыңары) эч китеп жок», - деген сөзүнөн улам исламды кабыл алгандан кийин «түрк тилдериндеги бутпарастык (буддизмдик), манихейлик жана христиандык адабият унутулган же андан да туурараагы, өтө катуу тыюу салынган»[190], — деп жазганы көңүлгө түшпөй койбойт.

Экинчиден, түрк калктарынан чыккан аалымдар XI к. тек гана араб же фарсы тилдеринде эмгек жазууга үлүш кошуп тим болбой, «мусулмандык чөлкөмдөгү» элдерге түрк элинин тарыхы, салт-каадасы, маданияты, тили жөнүндө кеңири түшүнүк берүүгө, түрк элдеринин маданияты сөзгө арзый турганына ынандырууга гана умтулушпастан, араб тилиндеги илимдердин жетишкендиктерине таанып, өз коомун жана маданиятын ошол доорго ылайык илимий үйрөнүүгө кадам жасашкан.

Бул пикир Махмуд Кашгаринин «Диванынын» мисалында толугу менен ырасталышы мүмкүн.

Биринчиден, тил жаатына токтололу. Өзүнүн өмүрүндөгү чыгармачылыгынын туу чокусун түзгөн «Түрк тилдеринин сөз жыйнагын» жазуудагы купуя максаттарынын эң негиздүүлөрүнүн бирин Махмуд Кашгари анын кириш бөлүгүндөгү: «Түрктөрдүн тилдери байгеге тең чамал чыгып келаткан кош аттын сыңарындай араб тили менен атаандашып жаткандыгын билдирүү максатында»[191], - деген саптары менен туюндурган десек натуура болбос.

Тилчи-илимпоз катары түпкү максаты китептин соңунда: «Китептин кириш бөлүмүндө түрк сөздөрүн жыйнайбыз, жагдайларын, усулдарын баяндайбыз, эрежелерин түшүндүрөбүз, бөлүнүштөрүн ырааттуу тартипке салып сыпаттайбыз деген шартыбыз бар эле, аны толук жүзөгө ашырдык»[192], - деп канааттана жазылган саптарда айкын болот. Ошондой эле Махмуд Кашгари Барскани бизге чейин жетпей калган эмгегин (түрк тилдеринин синтаксисине арналган бизге белгилүү эң алгачкы илимий иш) эскерет. Ал эмгек «Жаваахиру н-нахв

---

[189] Bosworth C.E. The New Islamic... - P. 182.
[190] Кононов Н.А. Поэма Юсуфа... - С. 505.
[191] Кашгари Махмуд ибн Хусейин. Түркий тилдер... - Б. 444.
[192] Kaşgarlı Mahmud. Dívánü... / Tıpkıbasım. - S. 319 b; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари. -Б. 30.

фи лугаати т-түрк» («Түрк тилдеринин синтаксисинин көөхарлары») деп аталган экен.

Экинчиден, түрктөрдүн тарыхына келсек: «өзүнүн ата-теги боюнча түрктөр жыйырма уруудан турат. Алардын бардыгы тең Нух пайгамбардын уулу Йафестин уулу Түркко такап санжыраланышат. Алардын ар бир уруусунун Алладан башка эч кимге беймаалым сандагы уруктары бар...»[193], - деген Адам-Атадан кийинки адамзат тарыхы жөнүндөгү жалпы исламдык түшүнүккө сыйдырылган санжыралык уламышты чагылдырганынан сырткары, Махмуд Кашгари түрктөрдүн байыркы убактарда Искендер Зу-л-Карнайн (Кош мүйүздүү Искендер, б.а. байыркы тыйындарда кош мүйүздүү туулгачан сүрөттөлгөн Александр Македондук) менен урушкандыгы, Кара кагандардын XI к. башындагы чыгыш түрк калктары менен «ыйык согушу», Катун-Сыны калкынын теңүттөр (тибет тилдерине жакын сүйлөгөн тангуттар) менен согушу тууралуу ж.б. жергиликтуу калктардын «Манаста» айтылгандай «жарымы тегин, жарымы чын» тарыхый уламыштарын кеңири берүүгө умтулган.

Үчүнчүдөн, XI к. аалымдар түрк калктарынын этнографиясы тууралуу да өтө кеңири маалыматтарды берүүгө умтулган. Түрк элдери жана алардын уруулары тууралуу даректер Мухаммед ал-Хорезми жана Ибн Хордадбех (IX к.), Истахри, Ибн Хаукал, Абу Дулаф, Ибн ал-Факих, Мукаддаси, «Худууду л-'аалам» анонимі, Мас'уди (X к.), Бейхаки, Беруни (XI к. алгачкы жарымы) ж.б. аалымдардын эмгектеринде жолугат.

Бирок өз заманындагы чыгыш-батыш түрктөрү жөнүндө эң негизги жана өтө кеңири этнографиялык маалыматты биз Махмуд Кашгариден жолуктурабыз. Өзү билген түрк калктарынын этностук аталышын бул автор араб ариптерин пайдалануу менен өтө так берүүгө, өзүнө чейинки аалымдардын этнологдук айрым так эместиктерин кайталабоого (маселен, ал «тогузгуз» деген этнонимди эч бир жерде эскербейт, анын ордуна «Диванда» уйгур, кенжек, басмыл, йабаку, йагма, кыргыз сыяктуу чыгыш теңир-тоолук реалдуу түрк этносторунун ысымдары берилген), б.а. өзү билген этностук кырдаалды так чагылдырууга умтулат.

Төртүнчүдөн, жергиликтүү теңир-тоолук калктар эзелтеден бери Улуу Жибек жолунун боюнда жашашкан. Алардын географиялык түшүнүктөрү маданияты өнүккөн бардык чыгыш элдериникиндей эле жогорку деңгээлде болуп, эл аралык соода жана элчилик карым-катнаштар аркылуу байып отурган. Бул географиялык билимдердин

[193] Кашгари Махмуд ибн Хусейин. Түркий тилдер... - Б. 444.

бир катары Берунинин «Каануун Мас'уудий» («Мас'уд мыйзамы»)[194] деп аталган эмгегинде чагылдырылган. Өзгөчө кеңири түрдө түрк элдеринин географиялык көз караштары жана чөлкөм таануудагы жетишкендиктери Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванында» чагылдырылган. (Анын картографиялык маалыматтары китептин кийинки бөлүмдөрүндө өзүнчө сөз кылынмакчы).

Бешинчиден, түрк аалымдары өз элдеринин адамкерчилик, адеп-ахлактын аруулугу, эмгекти, Ата-Журтту сүйүү, достукту, жоомарттыкты баалоо ж.б. жөнүндөгү рухий казынасын, философиялык ой өрүшүн да өз деңгээлинде башка калктарга тааныштырууга аракеттенген. Бул милдет да Махмуд Кашгаринин «Диванында» жогорку бир даражада аткарылган десек аша чаппайбыз.

Алтынчыдан, өз доорунун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык социалдык, диний жана кандайдыр-бир даражада этностук чектелүүлөрдүн таасиринде калса да, теңир-тоолук аалымдар Кара кагандар дөөлөтүндөгү жана аларга жамаатташ өлкөлөрдөгү коомдун социалдык-экономикалык, таптык түзүлүшү тууралуу объективдүү түшүнүк алууга мүмкүндүк берген маалыматтарды топтоого жетишишкен.

Дыйканчылык, малчылык, кол өнөрчүлүк, соода... Бир жагында каган, бек, бай, диниятчылар, экинчи жагында - чыгай (кедей), кул, күңгө бөлүнгөн социалдык терең жиктелген коом... Илимпоздор жана түркөйлөр... Такыба мусапырлар жана саякатчылар... Калаалар жана талаалар... Согуштар жана журт которуулар... Жыпарга жана жибекке тундурган кербендер... Мындай өтө бай маалыматтар Жусуп Баласагындын «Кут билими» дастанында да, Кашгари Барсканинин «Диванында» да энциклопедиялык көлөмдө сыйдырылган.

Теңир-тоолук аалымдардын түркология жана жалпы эле инсанат таануу илиминин ар кыл тармагында өтө зор кызыгуу туудуруп жаткан илимий мурасы, кыскача айтканда дал ушундай. «Досуңду айтсаң, өзүңдү билем» дегендей, «Дивандын» маалыматтары аркылуу анын авторунун жеке инсандык турпаты гана чагылдырылбастан, ал жашаган коомдук чөйрө, анын заманындагы коомдук маданий жана илимий өрүштүн чыныгы абалы күзгүдөн көрүнгөндөй назарыбызга тартылат.

Дал ушул “мусулмандык кайра жаралуунун” алтын доорун баштан кечирген ири мейкиндиктин бир бучкагы болгон Карахандар кагандыгынын коомун ар тараптуу талдап үйрөнүп гана бул доордун түпкү көк асманында бир жанып өткөн жылдыздар - Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгари «өз заманы үчүн кокустук көрүнүш беле же

---

[194] Беруни Абу Райхан. Избранные произведения. - 1973. — Т. 5. (П.Г.Булгаков менен Б.А.Розенфельд которгон).

демейдеги коомдук шарттардын табигый мөмөсү беле?» - деген суроого жооп бере алабыз.

Пикирибизди билдирүүдөн мурда алгач сөз ээси катары бабабыз Махмуд Кашгаринин калтырган саптарына бир кайрылалы: «Мен өзүм алардын (б.а. түрктөрдүн; тар мааниде - кара кагандык мамлекеттеги түрктөрдүн. - Т.Ч.) тили өткүр чеченинен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү эн тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге...»[195].

“Дивандын” авторуна өзүнө өзү мүнөздөмө бере кетүүсүн оң көргөнү үчүн миң жылдан кийин да ыраазылык билдирүү абзел. Мында ал өзүнүн социалдык теги жаатында олуттуу кабар берип жатат. Ал тектүү киши экен, дипломаттык сапаты бар экен, урушка чыгуу керек болсо, жоокердик (найзачылык) да тажрыйбасы болуптур.

Демек, ал өз доорундагы түрк калктарынын бай энциклопедиялык сөз жыйнагын түзүүгө толук даяр жана татыктуу инсан болгон. Ошону менен бирге ал чечен, акылдуу, билимдүү инсандардын, инсандык саясий жана таптык мүмкүнчүлүктөрү кенен тектүү, дени-карды соо жана аскер өнөрүн дурус өздөштүргөн көп сандаган адамдардын бири гана! Махмуд Кашгари Барскани өзүн өзү заманасынын эң даанышманы катары эмес, түрктөрдүн «мыктыларынын» бири катары гана баалоосу бул жыйынтыкты ого бетер бекемдейт.

Барсканды бийлеген Хусейиндин атактуу уулу Махмуд Кашгари - илимпоздук даремети менен өз элинин коомдук жана маданий турмушунун күзгүсүн урпактарга арнаган XI к. теңир-тоолук түрк калктарынын өз дооруна тете чыгааны.

Кыскача корутундуласак, XI кылым - Караханийлер каганатынын эң чыгыш аймактарында (анын ичинде азыркы Кыргызстанда жана ага чектеш Жети-Суунун башка бөлүктөрүндө, Кашкар, Хотан аймактарында) жалпы социалдык-экономикалык өнүгүү, шаарлардын маданий-агартуучу чордон катары сандык жана сапаттык өсүшү, аймактагы ар кыл диний агымдардын өз жашоосун салыштырмалуу толеранттык (сабырдуу) жагдайда улантышы (бул аймакта суннийлердин ханафий агымы үстөмдүк кылган), көп тилдүүлүк, теңир-тоолук түрк калктарынын ич ара этностук жакындашуусунун күчөшү жана алардын батыштык ислам чөлкөмү менен маданий, илимий, соода ж.б. карым-катнаштарынын болуп көрбөгөндөй өөрчүшү, Кытай, Түштүк Азия, Шибер менен соода байланыштарынын улантылышы, Ортоңку Чыгыштагы «шу'убиййа» кыймылына караханийлик түрктөрдүн акырындап жуурулушуусу жана өздөрүнүн маданий көрөңгөсү тууралуу Батыш мусулман чөлкөмдөрүнүн

---

[195] Kaşgarlı Mahmud. Divänü…/ Tıpkıbasım. - S. 2a; Кашгари Махмуд ибн Хусейин. Түркий тилдер... - Б. 443.

калктарына жеткирүүгө жергиликтүү түрк аалымдарынын умтулуусу - ушул факторлордун бардыгы тең Махмуд Кашгаринин доорун ар тараптуу мүнөздөп турат.

I.2. Махмуд Кашгаринин өмүрү: Маалыматтар жана жоромолдор

Теңир-Тоо аймагынан чыккан даңазалуу диалектолог, түрколог окумуштуунун өмүр жолу тууралуу илимий маселе өзгөчө олуттуу даректик тактыкты талап кылаары түшүнүктүү. Эң оболу анын аты-жөнү тууралуу кандай маалыматтарга эгедер экендигибизди ортого салалы.

«Дивандын» көчүрмөсүнүн фотофаксимилесинин алгачкы барагына кылдат көз жүгүртөлү. Мында «Дивандын» толук аталышынан соң, анын авторунун толук ысымы чоң атасына чейин берилген:

«Китаабу дииваани луғаати т-турк; та’лииф махмууд ибн ал-хусайн ибн мухаммад ал-каашғари, рахимаху л-лааху»

«Түрк тилдеринин (сөз) жыйнагы китеби.
Автору Махмуд ибн ал-Хусейин ибн Мухаммед Кашғари, Алланын ыракымы ага тийсин!»[196].

«Түркийат межму'асынын» 1953-жылкы 10-томунда профессор Хасан Эрен тарабынан украин чыгышпозу Омелян Прицактын макаласы немисчеден которулуп басылды. Макала «Махмуд Кашгари ким?»[197] деп аталат. Ушул суроо алигиче өзүнүн тыянактоочу жообун таппай келет.

Бардык түркологдорду түйшөлткөн бул илимпоздун өмүр жолу кандай болду экен? Өзүн ким деп, кайсы этностон деп тааныган? Даанышмандын табышмактарынын бири дал ушу суроого чөгөрүлгөн бейм.

---

[196] Kāşgarlı Mahmud. Divānü... / Tıpkıbasım. - S. la.
[197] Pritsak O. Mahmud Käsgari...

Ислам чөлкөмүндөгү элдердин орто кылымдардагы жазма адабиятында, орток салттык бир жанр катары тактама-библиографиялык адабият өнүккөндүгү маалым. Маселен, батыш борбордук азиялык окумуштуу ас-Сам'ани (XII к.) өзүнүн «Ныспалар китеби» («Китаабу л-ансаб»)[198] аттуу таандык кылуучу энчилүү аттар жыйнагына Борбордук Азия аймагынан чыккан мусулман окумуштуулардын, диниятчылардын, укукчулардын (факих) ысымдарын жана айрым бир библиографиялык даректерди киргизген.

Алардын арасында ал-Оши, ал-Баласагуни, ал-Кашгари, ал-Узджанди, ат-Тарази сыяктуу ныспалары бар айрым илимпоздор жана диниятчылар эскерилген.

Азыркы изилдөөчүлөрдү таң калтырган жагдай төмөнкүчө: XI - XIII кк. теңир-тоолук чөлкөмдөн чыккан аалымдардын бир далайынын ысымы катталган ошол кылымдардагы тарыхый, адабий, тактама биографиялык эмгектердин эч биринде Махмуд Кашгари Барскани менен Жусуп Баласагындын (Баласагунинин) ысымдары жана эмгектери эскерилбептир.

Ал эми XVII к. осмон түрк аалымы Катиб Челебинин «Шектенүүлөрдөн арылуу»[199] эмгегиндеги маалыматтар болсо толугу менен Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» өзүнөн гана алынган. Бул жагдайга тарыхчы Бадр ад-Дин ал-'Айни[200] да биографиялык толуктоо маанисинде эч жаңылык киргизе албаган. Демек, түздөн-түз Махмуд Кашгари жөнүндө бизге жаңы даректер тартуулай турган орто кылымдык жазма булак чыгышпоздорго азырынча белгисиз.

Ныспа демекчи... Арабдардан башка мусулман калктарына да орто кылымдарда таркаган бул ат коюу салты өзгөчө оригиналдуу. Бул таандык кылуучу энчилүү ысым менен кишинин этностук, диний, саясий, социалдык, региондук теги же кийинчерээк ага ыйгарылган таандыктык белгиленген. Кээде бир эле киши бир нече ныспага да ээ болушу мүмкүн эле[2016]. Айрым учурда киши өзү төрөлгөн кыштактын же чакан шаардын аты менен аталбастан, бүтүндөй бир региондун (ал-Фергани), өлкөнүн же этностун (ал-Булгари), саясий же маданий чордондун (ал-Баласагуни, ал-Өзженди) аты менен аталып калган. Ырааттуу жашап кеткен жерлери боюнча бир эле киши ал-Оши, ал-Баласагуни, аш-Шаши деген сыяктуу бир нече ныспаларды да ала турган. Ансыз да өз ысымына баатырдыгы, жөндөмү, зиректиги же

---

[198] al-Sam'äni. The Kitab...

[199] Хажы Халифа (Катиб Челеби). Китаабу кешфи з-зунуун...

[200] ал-'Айни. 'Икду л-жумаан...

[201] Гафуров А. Имя и история... - С. 102-103; Сикстулис Я.П., Матвеев В.В. и др. Арабы. - С. 43-58.

башка жекече касиети боюнча, ошондой эле тотемдери боюнча кошумча ысымдарды алуу салты болгон түрктөр бул арабдык салтты өөнсүрөбөй өздөштүрүшкөн.

Айтмакчы, Катиб Челеби алиги жазган эмгегинде Махмуддун «ал-Кашгари» ныспасын жазбай калтырып кеткен экен.

Америкалык чыгыш таануучулар Жеймс Келли менен Роберт Данкофф атайын белгилегендей, бул «ал-Кашгари» ныспасы «Дивандын» жалгыз сакталып калган көчүрмөсүнүн сыртында - титулдук барактагы эмгектин аталышынан кийинки сапта гана учурайт[202].

Ал эми китептин эң соңку бөлүгүндө (колофонунда) автордун ысымы «Махмуд ибн ал-Хусейин» деп гана кыска берилет (анда чоң атасы Мухаммед жана ныспасы кошулган эмес)[203]:

محمود بن الحسين

Ушул жерден суроо туулат: эгерде мусулман авторлорунун өзүнүн төрөлгөн, жашаган, атак алган, сапар кылып же изилдеп кайткан жана ушу сыяктуу жагдайларына карата бир же бир нече ныспа алышы мүмкүн болуп келгенин көңүлдө тутсак, Махмуд Кашгаринин дагы кандай ныспалары болгондугун түкшүмөлдөөгө болот?

Бул суроого жооп бериш өтө кылдаттыкты жана даректик тактыкты талап кылат. Анын үстүнө бүгүнкү саясий картаны карасак, тарыхый тамыры бир калктар жамаатташ жана мамлекеттеш болуп жашаган теңир-тоолуктардын Карахандар дөөлөтүнүн аймагы азыркы эле кыргыз, өзбек, казак, уйгурлар мекендеген учу-кыйырсыз тоолор менен талааларда, тагыраак айтканда, Чыгыш Теңир-Тоо, Ала-Тоо, Жети-Суу, Фергана, Батыш Борбордук Азия чөлкөмдөрүндө (азыркы пост-советтик Борбордук Азия жана КЭРдин ШУАР аймагы кирген аймакта) ар кыл мамлекеттерге бөлүнүп турганын аңдоого болот. Кейиштүүсү, айрым бир мурдагы советтик жана шинжаңдык илимпоздор менен адабиятчылар бул маселеге 1960-80-жылдардын башында методологиялык жана тарыхый мамилеси боюнча тайкы пикирлерин жарыялашкан.

Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагын же Абу Наср ал-Фараби кайсы шаардан чыкканын карап туруп, бул инсандарды ошол шаардын чөлкөмүндө жайгашкан азыркы айрым бир гана түрк этносунун өкүлү катары эсептөөгө умтулуу изилдөөчүлүк жармачтыкты гана айгинелебестен, түрк элдеринин бул орток мурасынын мисалында,

---

[202] Kelly J. A Closer Look... - P. 503, note 17; al-Käşgari Mahmüd Compendium... - Pt. 1. - P. 4, note 5.

[203] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 319b.

жаш муундарды тарыхка объективдүү мамиле жасаган калыс атуул катары тарбиялоого өз залакасын тийгизбей койбойт.

Ушундай тайкы түшүнүктүн таасириби, айтор, Кыргызстандын сыртындагы айрым бир изилдөөлөрдө Жусуп Баласагындын туулган жери көрсөтүлгөн ныспасы «унутулуп», Йусуф Хасс Хажиб деп гана жазылып жүрөт.

Ушу жерден белгилей кетсек, кыргызстандык көпчүлүк илимпоздор (айрым дилетанттар жазгандарды[204] эсепке албаганда) ныспасындагы шаар аталышы бүгүнкү Түндүк Кыргызстандын чөлкөмүнө туура келерин билип туруп, Махмуд Кашгари Барскани менен анын жердеши Жусуп Баласагынды жалаң гана кыргыздарга таандык айдыңдар деп так кесе айтпастан, аларды орток түрк айдыңдары катары сыпаттап келишет.

Бирок, ошону менен бирге эле, «бизде эчтеке болгон эмесчилик» маанайы совет доорундагы кыргыз илимпоздорунун арасында жакынкы эле учурга чейин орун алып келгендигин да моюнга алуу керек. Мурдагы Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын академиктеринин бири В.П.Шерстобитов Махмуд Кашгари менен Жусуп Баласагынды кыргызга да тиешелүү тарыхый орток бабалар катары карагандыктары үчүн кыргызстандык илимпоздорду маскөөлүк илимий журналда «тынчсызданып» сынга алып отурган чак[205] да изин суута элек...

Айтор, Махмуд Кашгаринин ныспасы тууралуу иликтөө бүгүнкү заманда бир гана этностун “камчысын чапкан” саясий курулай дооматтан алыс жүргүзүлүшү керек.

Кеп биерде улуу окумуштуунун туулуп-өскөн журтун аныктоо жөнүндө болуп жатат. Башкача айтканда, ал киндик каны тамган жерине карата да «Кашгари» ныспасын алганбы же бөлөк бир жайда туулуп, кийин гана Кашкарга көчүп келип, бизге маалым ныспасы менен атыга баштаганбы?

Хусейиндин уулу Махмуддун туулган жылы да, дүйнөдөн кайткан жылы да азырынча белгисиз. Анын туулган мезгилин болжолдуу аныктоо үчүн Омелян Прицак өзгөчө кызыктуу иликтөө аракетин кылат.

Маселен, «Дивандын» өзүндө Ысык-Көлдүн боюндагы орто кылымдардагы олуттуу саясий мааниси бар дубандык калаа Барсган жөнүндөгү маалыматтарынын биринде:

برسغان هى مدينة منها ابو محمود

---

[204] Эралиев, Закирбек. Жусуп Баласагын: Окуу куралы...

[205] Шерстобитов В.П. (собеседник(.Национальные процессы ... - С. 103.

«**Барсган - шаар (аталышы). Махмуддун атасы дал ушу шаардан болот**»[206] – деген сөздөр бар.

Ал эми эмгектин башка бир жеринде: «**...Бул китептин автору Махмуд айтат: ушул эле жагдайдан улам (б.а. каткалаң «ха» خ тамгасы менен «алифтин» бири-бирине алмаштырылышынан улам, - Т.Ч.) биздин эмир бабаларыбызды «хэмир» (خمير) дешчү. Себеби огуздар «эмир» деп айта алышпайт. Алар «алифти» «ха» менен алмаштырышып, «хэмир» деп сүйлөшөт. Ал эми түрктөрдүн өлкөлөрүн Саман уулдарынан (Саманийлер сулалесинен. - Т.Ч.) жеңип алган биздин эмир атабыз «Бахаркин» (بحركين) деп аталчу экен** »[207] , – делген.

Мындагы эң акыркы титул-ысымды Бесим Аталай «Хемир-тегин» деп калыбына келтирет[208] (Бул титулду «чагыр/чагры-тегин» деп оңдоого болобу? Буга келечекте атайын кайрылса болчу маселе).

Ушул эки үзүндүдөн жана «Дивандын» кириш бөлүмүндө эскерилген автор өзү түрктүн «эң ак сөөк тектүүсүнөн» экендиги жөнүндөгү автобиографиялык дарегинен улам изилдөөчүлөр Махмудду Кара кагандар сулалесине таандык үй-бүлөдөн чыккан деп жыйынтыкташат. Ошондуктан Махмуддун атасы Барсканда бектик кылып, Ысык-Көлдүн чөлкөмүн бийлеп турган болушу мүмкүн.

Дал ушул жоромолду туура деп эсептеген О.Прицак Кара кагандардын саясий тарыхын үйрөнүүдө Барскан дубанына (Барскан бектигине; орусча - «удел» аталган өздүк башкаруу системасы бар аймакка) да көңүл бөлөт[209]. О.Прицак араб тарыхый булактарынан тышкары бизге чейин сакталып жеткен XI к. кара кагандык тыйындарды да кылдат иликтейт.

Махмуддун «Түрктөрдүн өлкөлөрүн Саман уулдарынан жеңип алган» эмир бабалары кимдер болушу ыктымал? О.Прицак эки адамды эскерет. Бири - Аруун (Харун) ал-Хасан ибн Сулайман ибн Сатук Буура хан[210]. Ал 382-хижра ж. / 992-ж. Саманийлердин баш калаасы Бухараны алгачкы ирет ээлеп алууга жетишкен. Анын Буура-хан деген титулу белгилүү.

Экинчиси - 389-хижра жылы (999-ж.) Махмуд Газналык менен бирдикте Саманийлердин ташын талкан кылган Наср ибн 'Али[211]. Анын “Арслан-элик” деген титулу болгон. Арийне, О.Прицактын пикиринде, бул кийинки төбөл — Наср ибн 'Али - Кара кагандар

---

[206] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 313b.
[207] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 35b.
[208] Atalay B. Divanü... Tercümesi. - Cilt 1. - S. 112, not.
[209] Pritsak O. Mahmud Käşgarı... - S. 243-246.
[210] Bosworth C.E. The New Islamic... - P. 181; Ибн ал-Асир. Та'риху л-каамил. - - Мыср, 1301-х.ж. - Т. 9. - Б. 40-41; МИКК. - Вып. 1. - С. 55.
[211] Караев О. Караханиды до... - С. 29 - 35.

сулалесинин батыштык ажырымына таандык; ал эми Махмуддун ныспасы «Дивандын» автору бул Кара кагандар сулалесинин Кашкар тарапта — чыгышта бийлеген ажырымына жакындыгын көрсөтүп турат.

Демек, Махмуддун өзү эскерген аты белгисиз бабасы — Аруун ибн Сулайман ибн Сатук Буура-хан.

Кара кагандар сулалесин негиздеген Сатук Буура-хандын[212] Сулайман жана Байташ (Муса) деген эки уулу болгон.

Ал эми Сулаймандын уулу Аруундун кийинки тагдыры жана анын урпактары илимпоз Махмудга канчалык деңгээлде тиешелүү болор экен? Буга жооп табуу үчүн О.Прицакка кара кагандык айрым тыйындар жол ачып берет. Эскерте кетсек, кара кагандык мамлекеттик башкаруу системасы дөөлөттүн жер-жерлерде бул сулаледен чыккан же болбосо тек гана ага моюн сунуп берген жергиликтүү төбөлдөрдөн чыккан адамдар башкаруучу айрым дубандарга жиктелгени менен мүнөздөлөт. Маселен, Барскан, Өзгөн, Атбаш (Ат-Башы), Шаш (Ташкен) жана башка шаарларда дубандык бектер отурган.

Бир катар дубандык (бектик) баш калааларда чыгарылган тыйындар биздин күндөргө чейин жетти. Ошондой тыйын чегүүгө акысы болгон казынанын бири Барскандын бегинде болгонун («бек» сөзү арабча «эмир» деп которулуп, бир эле учурда кол башчы маанисин да берген) Барскан шаарынан чыгарылып, бүгүнкү кезге чейин сакталган айрым тыйындар айгинелейт.

Барсканда чегилген бул тыйындар 1048-1058-жылдардын аралыгында чыгарылган. Андагы хижра жылы көрсөткөн цифралардын алгачкылары - 44.., акыркысы (бирдиктер көрсөтүлүүчү саны) даана эмес сакталган.

Айрымдарында гана «8» цифрасы көзгө урунат. Ал эми 448-жылы (1056 - 57-ж.) тарыхта Мухаммеддин уулу ал-Хусейин Карахандар сулалесинин чыгыш бутагындагы бийликке мурасчы жарыяланаар жыл катары маалым[213].

44...-жылдын үчүнчү цифрасын башкача сандар менен да алмаштырууга мүмкүн. 44...-жылдагы Барсканда бийлик кылган адамдын титулу «Шамс ад-Давла Арслан-элик» («Мамлекет (Дөөлөт) Күнү Арслан элик») деп тыйындарга жазылган. Бул адам ким? Эгерде айрым тыйындардагы «8» санына ылайык 448-жылды аныктабасак, ушул жылы жана ага чейин Барсканда өзүнүн *«элик»* («бийлик эгеси», «бек») титулу менен бийлик жүргүзүп турган кара кагандык

---

[212] Бартольд В.В. Туркестан... - Ч. 1. Тексты. - С. 130 (Жамал Каршинин маалыматы); Pritsak O. Die Karachaniden... - S. 24-25; Şeşen R. İslám... - S. 203-204; Golden P.B. An Introduction... - P. 214-215.

[213] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 37.

канзааданы иликтесек, бул титулду алган адам тууралуу олуттуу тыянак кыла алабыз.

Биринчиден, Махмуд ал-Кашгари өзү теңир-тоолук түрктөрдүн «эң ак сөөк тектүүсүнөн» экенин эстесек, «Дивандагы» Хусейин Барскандан чыккандыгы тууралуу (منها ابو محمود) («Махмуддун атасы ушул [шаардан] болот») деп жазылган саптар «Дивандын» авторунун атасы Хусейиндин Барсканды бийлеп тургандыгын айгинелетет.

Автор өзүн каган тукумунан деп санаары жогоруда эске алынган саптарда («түрктөрдүн өлкөлөрүн Саман уулдарынан жеңип алган биздин эмир атабыз...») тастыкталат. Демек, Махмуддун өз атасы Хусейин да канзаада болчу.

Ал эми орто кылымдарда Борбордук Азия тарыхын кыйла дурус чагылдырган араб жылнаамаларында Хусейин деген кара кагандык канзаада тууралу эмне деген кабар бар? Бизге жөн гана Хусейн керек эмес.

Махмуддун ысымынын «Дивандын» башкы саптарында толук жазылгандагысын эстесек (محمود بن الحسين بن محمد), анда анын атасы Хусейин ибн Мухаммед керек!

О.Прицак арабдын ири тарыхчысы Ибн ал-Асир (XIII к.) жазган *«Та'риху л-каамил»* («Ийисине жеткирилген тарых») эмгегиндеги маанилүү кабарга 448-хижра жылына байланыштуу көңүл бурат.

Ибн-ал-Асирдин кабарына кененирээк орун берүүнү ылаазым көрдүк. Төмөндө биз шилтеме кылаар үзүндүдө атактуу Кадыр-хан Йусуф (Жусуп ибн Аруун ибн Сулайман) тууралуу айтылат. Кадыр-хан Жусуп, демек, 992-ж. Саманийлердин борбор шаарын каратып алган колбашчы жана өкүмдардын — «Дивандагы» табышмактуу *«бахаркин»* (хэмир-тегин же чагры-тегин?) титулунун ээсинин уулу.

Кара кагандар дөөлөтүнүн саясий тарыхында Кадыр-хан Жусуп мамлекеттин каганы катары өзгөчө маалым. Ал исламды кабыл ала элек чыгыш түрк аймактарына бир катар «ыйык согуштар» жүргүзүп, теңир-тоолук мусулман түрк каганатынын түштүк-чыгыш, чыгыш жана түндүк-чыгыш чектерин кыйла кеңейткен.

Маселен, ал биринчи ирет Котан (Хотан) аймагын басып алып, исламдаштырганы араб жылнаамасында эскертилет. Анын лакабы (ызаат ысымы) «Наасыру д-давла, маалику л-машрык ва с-Сын» - «Мамлекеттин жеңүүчүсү, Чыгыш менен Кытайдын бийлик эгеси» деген лакап ат эле[214]. 1024-жылдан тартып улуу каган болгон Кадыр-хан Жусуп 423-хижра жылы мухаррамда / 1032-ж. декабрда кайтыш болгон.

Тарыхчы Ибн ал-Асир мындайча жазат: «Ал (Кадыр-хан Жусуп,- Т.Ч.) өлгөндө артында үч уулу калды, алардын бири - Абу Шужаа'

[214] Bosworth C.E. The New Islamic... - P. 181.

Арслан-хан. Ага Кашкар, Котан жана Баласагын тиешелүү эле... Анын лакабы (ызаат ысымы) *'Шарафу д-даула'* («Мамлекеттин сыймыгы») эле. Ал эч качан арак-шарапка жолобогон. Ал кадырман киши эле, өзүн көздөй туш-тараптан агылган аалымдарды жана диниятчыларды ызааттай билген... Кадыр-хандын дагы бир туягы - Буура-хан ибн Кадыр-хан эле. Ага Тараз менен Испижаб тиешелүү болгон. Бирок анын бир тууганы Арслан келип, анын дубанын тартып алды.

Ошондо алардын урушу башталды. Арслан-хан качып, бирок тутулуп калды. Аны зынданга салышты. Буура-хан болсо анын өлкөсүн бүт багынтып бийлеп калды»[215].

Буура-хан титулун алган бул кагандын аты Мухаммед эле. Сулайман ысымдуу Арслан-хан менен Мухаммед Кадыр-хандын үчүнчү бир тууганы - Арслан-тегин экенин да тарыхчы Ибн ал-Асир эскерет.

«Каваму д-давла» («Мамлекеттин таянычы») лакабы менен да белгилүү болгон Мухаммед Кадыр-хан Чыгыш Кара кагандар дөөлөтүнүн улуу каганы даражасында турду. Бул мезгил хижранын 448 - 449-жылдарын (1057-1058-жж.) өз ичине камтыйт. Сулайман Арслан-хан болсо өз бир тууганынын туткунунда кала берди.

«**Андан соң, - дейт Ибн ал-Асир, - Буура-хан (б.а. Мухаммед ибн Кадыр-хан Жусуп. - Т.Ч.) бийлик тизгинин Хусейин Чагры-тегин деген ысымы бар өзүнүн улуу баласына өткөрүп берип, аны өзүнүн калайыкка жарыялаган мураскору кылып койду**»[216].

Бул мураскор жарыялоо окуясы 449-хижра жылында (1057–58-жылдан кеч эмес аралыкта), Мухаммед Буура-хан тирүү кезинде болуп өттү.

Ушул жерде чыгыш таануучу О.Прицак эске алган тыйындардан башка да 1970-ж. Кыргызстанда Чүй өрөөнүнүн Ак-Суу (Беловодское) кыштагынан табылган теңгелерди айта кетүү керек. Аларды жарыялаган Б.Д.Кочнев менен М.Н.Федоров Барскандан чыккан тыйындарды да белгилешет[217]. Маселен, 440–449-хижра жылдары Барскандан чыккан тыйындар «Арслан-тегин» жана «Арслан-эликтин» (орусча адабиятта «Арслан-илек» деп жазылууда) атынан чыгат.

Мындагы тыйындардын биринде «Арслан-эликтен» башка да «Буура-хандын» ысымы түшүрүлгөн экен. Бул барскандык тыйын 44__-жылы чыккан (тыйындын чегилген жылынын үчүнчү саны таптакыр окулбай калган). Нумизмат (тыйын изилдөөчү) М.Н.Федоров «Арслан-тегин» менен «Арслан-элик» экөө тең бир гана адам жана ал

---

[215] МИКК. - Вып. 1. - С. 59.
[216] МИКК. - Вып. 1. - С. 59.
[217] Кочнев Б.Д., Федоров М.Н. Два клада... - С. 182, тип 2; Федоров М.Н. Очерк... - С. 117 - 118.

— Мухаммед Буура-хандын иниси деп божомолдойт[218]. Ал эми башкача тыянак чыгарууга мүмкүндүгүбүз барбы?

Пикирибизде, ушул «Арслан-элик» жогорудагы араб тарыхчысы Ибн ал-Асирдин эмгегинен келтирилген үзүндүдө аты аталган Хусейин Чагры-тегин болсо керек. Бул божомолубузга негиз бар.

Бул үчүн Хусейин ибн Мухаммед өз тагдырында «Чагры-тегин» деген да, «Арслан-элик», «Арслан-тегин» деген да титулдарга эгедер болгонун далилдөө керек эмеспи.

Орусиялык көрүнүктүү нумизмат Елена Абрамовна Давидович (24.12.1922, Ташкен — 5.12.2013, Москва) айым өз макалаларынын биринде окуучусу Михаил Николаевич Федоровду (ал 1937-жылы Ташкенде туулган) сындап келип, Кара кагандар дөөлөтүндө бирдей эле титулду, ар башка мезгилдерде ар кыл бийлик эгелери алып жүргөндүгүн жана тескерисинче, бир эле бийлик эгеси өзүнүн саясий абалынын сөз жүзүндө же чындыгында эле өзгөрүүсүнө байланыштуу өзүнүн титулун алмаштыргандыгын көңүлдө тутуу керектигин жазат[219].

Демек, Барскандын беги Хусейиндин «Чагры-тегин» титулун соңку «Арслан-элик» даражасын алганга чейинки баштапкы даража катары түшүнүүгө мүмкүн. Махмуд ал-Кашгари өзүнүн сөз жыйнагында араб окурманына «чагры» сөзүн «шумкар» (الصقر) маанисинде[220] которот жана «Арслан» деп бийлик эгелерин атап коюшарын[221] баяндайт. Ал эми көп маанилүү «тегин» сөзүнүн бир мааниси «канзаада», «хандын тукуму»[222] экенин да ал сыпаттап берет. Демек, *«тегин»* кийин *«элик»* болушу анын мансаптык ээсинин жеке тагдырына жана карьералык өсүшүнө байланыштуу болгон.

«Арслан-элик» титулуна эгедер болгон барскандык бекти биз бир жагынан Мухаммед Буура-хандын улуу баласы Хусейин менен жакындаштыралы да, экинчи жагынан Махмуд Кашгаринин Барскан калаасынан чыккан ак сөөк тектүү атасы Хусейин ибн Мухаммед менен жакындаштыралы.

О.Прицак, кийинчерээк Ө.К.Караев, Р.Данкофф, Ж.Келли, Т.К.Чоротегин ушул божомолду чындыкка ылайык келет деп эсептешет[223]. Ал эми Кыргызстандын түндүгүндөгү Ак-Суу (Беловодское) аймагынан табылган карахандык тыйындардын (жалпы

---

[218] Федоров М.Н. Очерк... - С. 108, таблица.
[219] Давидович Е.А. О двух... - С. 75.
[220] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 106b.
[221] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 311b.
[222] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 104b.
[223] Pritsak O. Mahmud Käşgarlı... - S. 243 - 246; al-Kašgarı Mahmüd. Compendium... - Pt. 1. - P. 4, note 5; Караев О.К. История Караханидского... - С. 162; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... - Б. 41-42.

саны - 5450) тексттери болсо - «Арслан-элик» титулун алган барскандык бек айрым тыйынына өзүнүн үстүнөн караган улуу кагандын бийлик мартабасына ылайык ысымын (унванын) «Буура-хан» деп жаздырганын айгинелейт.

Демек, Мухаммед Буура-хан алиги Арслан-эликти көзөмөлдөп турган, башкача айтканда, Хусейн Чагры-тегин Барсканды бийлеп калганда «Арслан-элик» унванынан тышкары улуу каган даражасындагы өз атасынын титулу (“Буура-хан”) жазылган айрым тыйындар да чектирген[224].

Махмуд Кашгари Барсканинин өмүр баянын жазуубузга ушул олуттуу тыянак кененирээк жол ачып берет.

О.Прицак Махмуд Кашгаринин ата-бабаларынын өмүрү тууралуу төмөндөгүдөй жоромолун ортого салат: Аруун ибн Сулайман 992-ж. өлгөнү анык. Анын уулу Жусуп Кадыр-хан бул кезде бери болгондо жыйырмага чыксын, - дейли.

Карыя болуп калган чагында, 1032-ж. ал дүйнөдөн кайтат. Анын алтымыш жашка чыгып өлгөнүн жоромолдосок (992-жылдан бери кырк жылдын жүзү өтөт эмеспи), ал хижранын 360-жылдары (971-980-жылдар аралыгында) туулган деп айта алабыз.

Жусуп Кадыр-хандын улуу баласы Сулайман ибн Жусуп Йаркент (Чыгыш Памирдеги Жаркен, уйгурча Йәкен) калаасында бери дегенде 407-хижра жылынан (1016-17-жж.) тартып өкүм жүргүзгөн. Себеби анын 407-412-жылдары (1016-1021-жж.) ушул шаарда өз наамын басып чыгарган тыйындары сакталган.

Жусуп Кадыр-хандын экинчи уулу Мухаммед ибн Жусуп болсо өз агасынан анча деле кичүү эмес. Себеби ал хижранын 449-ж. (1057-58-жж.) өзүнүн улуу баласы Хусейинге хандык тагын мурастап берип жатпайбы. Божомолду улантып, Мухаммед Буура-хан хижранын үчүнчү кылымынын 80-жылдары (991-999-жылдар аралыгында) дүйнөгө келди деп эсептейли. Ал эми анын улуу уулу Хусейин атасы жыйырмадан ооп, отуздун кырына чыга электе, хижранын 400–409-жылдары (1010–1019-жж.) жарык дүйнөгө келди деп жоромолдосок болот[225].

О.Прицак ушундай иреттеги божомол менен, Хусейин ибн Мухамеддин уулу болгон айтылуу даанышман тилчи Махмуд Кашгари Барскани дүйнөгө хижранын IV кылымынын жыйырманчы жылдарынын ичинде (1029–1038-жж.) келген, – деп тыянак чыгарат[226].

---

[224] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... - Б. 39.

[225] Pritsak O. Mahmud Käşgarı... - S. 243 - 246.

[226] Кулжалык илимпоз Кахар Барат эч терең дарекке таянбастан эле, Махмуд Кашгари 380-хижра / 990-991-ж. туулган, - деп эсептеп жаткан уйгур илимпоздорунун пикирин жазат: Barat K. Discovery... - P. 81.

Бул тыянакты кабыл алынса, анда Махмуд Кашгари Барскани өзүнүн энциклопедиялык мүнөздөгү эмгегин кырк менен элүү жашынын ортосунда жазып бүтүргөн экен деп эсептөөгө болот.

Демек, Барскан шаарынын жана Ысык-Көлдүн беги Хусейин 449-ж. (1056–1057-жж.) атасы Мухаммед Буура-хандын сүймөнчүк уулу иретинде бийликти колуна алып, мураскор аталды. Бул жылы Хусейин өз тыйынын дубандык бек катары Барскан шаарынан да чыгарган эле.

Алиги болжол боюнча эсептесек, эң кеч 1038-жылы туулган чагында деле, бул кезде – 1056–1057-жылдары Махмуд эр жигиттик курагына жетип, толукшуп, бери дегенде 19, ары дегенде 27ге чукулдап калган.

Анын өтө жогорку деңгээлдеги билимге ээ экендигин көңүлгө тутсак, бул кезде Махмуд Барсканда эмес, Кара кагандар дөөлөтүнүн аймагындагы башка ири илимий чордондордун биринде же таптакыр эле Ортоңку Чыгыш шаарлары тарапта (Аббасийлер халифатынын чордондук аймагында) жашап, билимин өркүндөтүп жаткан деп түкшүмөлдөөгө мүмкүн[227]. Айтор, кандайдыр бир себептер менен Махмуд Кашгари атасынын, үй-бүлөсүнүн башына түшкөн мүшкүлдөн (1057-жылдагы жана андан кийинки такты талашуунун айынан чыккан Карахандар ордосундагы кыргындан) аман калат.

Эми Махмуд Кашгари кайсы жерде туулган деген маселеге иликтөөчүлөр кандай карап жатышат?

Түркиялык М.Ш.Үлкүташыр, поляк Эд. Трыярски ж.б. изилдөөчүлөр[228] Махмуд өз атасы Хусейин Барскандан Кашгарга көчүп келгенде кийинки шаарда туулган болсо керек, – дешет. Арийне, эгерде Хусейин 1057-жылга чейин Барсканда бек бойдон калса, анда уулу Махмуддун Кашкарда туулгандыгы дарекке негизделбей айтылган жоромолго тете.

Түркиялык профессор Зейнеп Коркмаз айым Махмуддун атасы Хусейин жаа чоң атасы Мухаммед – Ысык-Көл боюндаагы Барскан шаарынан болгон, бирок Махмуд өзү Кашкарда туулган деген пикирин жазган. Бирок негедир ал Барскан шаарынын экинчи аталышы “Ордукент” болчу деп чаташууга барат[229].

Казакстандык түрколог Г.Г.Мусабаев, эч бир тарыхый маалыматка таянбастан, Махмудду Или дарыясынын өрөөнүндө өз балалык чагын өткөргөн, - деп ойдон чыгарганга тете жазат (анын Махмуд Кашгари

---

[227] Чороев Т.К. Махмуд ибн ал-Хусейин ал-Кашгари... - Б. 40.

[228] Ülkütaşır M.S. Käşgarlı Mahmut. - S. 5; Tryjarski E. Kultura... - S. 10; Кононов А.Н. Махмуд... - С. 3.

[229] “Mahmud'un babası Hüseyin ve dedesi Muhammed, Kâsgar'ın kuzey-doğusunda bir kasaba olan Barsgan'lıdırlar. Barsgan'ın o günkü adı da Ordukent'tir. Mahmud'un kendisi Kâşgar'da doğmuştur”. - Korkmaz, Zeynep. Kaşgarlı Mahmud Kimdir?... (URL: http://www.kasgarlimahmud.org/zeynep_korkmaz.htm#baslik).

жалгыз гана казактарга таандык окумуштуу деген пикири[230] Казакстандагы илим чөйрөсүндө да колдоого алынган жок).

Кийинки иликтөөчүлөр - шинжаңдык уйгур котормочулары «Дивандын» автору Кашкарга чукул жерде, атап айтканда, Артыштын Азак кыштагында же Тогузактын Опал кыштагында (кыргызча "Опол кыштагы") дүйнөгө келген[231], - деп жоромол кылышат.

Алардын таянган дареги бул - «Дивандын» бир жеринде Махмуд Кашгари:

«**Азыг - бизге таандык кыштактын аты**»[232], - деп эскерсе, башка бир жерде: «**Абал - бизге таандык кыштактын аты**»[233], - деп жазганы бар.

Бирок бул божомолдун да талуу жери бар.

Биринчиден, Азыг жана Абал (текст боюнча - ابل, б.а. Абул) топонимдери «Диванда» так бир географиялык жайга чегерилбеген.

Мындай топонимдер Карахандар кагандыгында бир нече жерден жолугаары «Дивандагы» башка маалыматтардан деле билинет.

Маселен, Таластан экөө болсо (Улуг Талас, Кеми Талас), Кайас топониминен үчөө бар (Саплыг Кайас, Орун Кайас, Кара Кайас).

Экинчиден, Азыг менен Абалдын (Абулдун) бири гана автордун туулган жери болушу ыктымал болсо, эмне үчүн Азык деп аталган экинчи жер аталышы да «бизге таандык...» делип калган? (Айтмакчы, азыркы кыргыздарда ал түгүл «азык» деген уруу аты, Азыкбай, Азыкбек, Асыкбек сыяктуу киши аттары да бар. Артышка жакын Азак жана Азык кыштактары бар).

Үчүнчүдөн, бул изилдөөчүлөр «Дивандын» башка бир маалыматын:

«**Касы - бизге таандык бир жайдын аты**»[234] - деген үчүнчү бир маалыматты жогорку божомолу менен кандайча айкалыштырышат?

Биздин баамыбызда, «Дивандын» автору «бизге таандык...» деп жазган бул үч топоним анын чоң атасы Мухаммед Буура-хан же өз атасы Хусейин Арслан-элик тарабынан Махмуддун өзүнө кийин гана канзаадалык үлүш катары тартуулаган жайлардын айрымдарынын

---

[230] Мусабаев Г.Г. Некоторые сведения... - С. 49, 61. – Казакстандык академик Алтай Аманжоловдун (Алтай Сәрсенұлы Аманжолов; 02.06.1934 - 09.10.2012) жазышынча, дал ушул профессор Г.Мусабаев "Кыз Жибек" көркөм тасмасын тартуу үчүн гана киночулар аска ташка жаңыдан чийдирген жазманы орто кылымдардан калган баалуу эпиграфикалык эстелик жазма катары кабыл алып, 1973-жылы илим дүйнөсүндө күлкүгө калган окумуштуулардын бири болгон. – Караңыз: Аманжолов, А.С. Древняя алфавитная письменность... – 2013. – С. 171. – URL: http://zhurnal-prostor.kz/ assets/files/2013/2013-2/2013-2-16.pdf

[231] Кэшкэрий Мэхмут. Түркий тиллар... - Т. 1. - Б. 12-13; Садвакасов Г.С. (Рец. на:) Кэшкэрий... - С. 97.

[232] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 22b.

[233] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 25b (мында «Абул» деп берилген).

[234] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 272b.

аталышын билдирет, – деп жоромолдоо зарыл. Бул жайлардын бирин гана дароо эле «автор Махмуд туулган жер» деп көрсөтүү негизсиз (анткени андай топонимдер үчөө болуп жатат).

Махмуд – Барскандык болгон

Көрүнүктүү чыгыш таануучу Ахмед Зеки Велиди Тоган өз эмгегинде Махмуд Кашгаринин түпкү журту Барскан экендигин («Aslen Barsganlı olan müellif...») таасын белгилеген[235].

Кыргызстандык иликтөөчүлөр – географ С.Ө.Өмүрзаков менен тарыхчы-чыгыш таануучу Ө.К.Караев дагы Махмуддун туулуп-өскөн жери катары Теңир-Тоонун койнундагы Ысык-Көл боюн көрсөтүшөт[236].

Ал эми «Дивандын» анлисче котормосунун биринчи томунда О.Прицакка өздөрүнүн устаты катары терең ызаат менен ыраазылыгын билдиришкен. Р.Данкофф менен Ж.Келли Махмуддун төрөлгөн жери катары анын атасы бийлеген Барскан калаасын божомол иретинде[237] белгилешет, автордун «ал-Кашгари» ныспасы титулдук бараста гана жазылганын (жогорурааста эскерилгендей) өзгөчө баса көрсөтүшөт.

Ал эми орусиялык чыгаан татар арабисти Анас Бакиевич Халидов (25.02.1929 – 01.12.2001) болсо Махмудду Ысык-Көл боюнан же Чыгыш Теңир-Тоодон деп эсептеп, анын энчилүү ысымы катары «ал-Кашгариден» башка да «ал-Барсхани» ныспасын чарчы кашаага жазып[238] калыбына келтирет.

(Айтмакчы, библиограф Абд ал-Карим ас-Сам'ани арапча «Ныспалар китебинде» Бухаранын жанындагы Барсухан кыштагынан чыккан аалымдар «ал-Барсахи» ныспасын алып жүргөндүгүн жазып[239], арийне, Ысык-Көлдүн саясий чордону болгон Барскан (Барсхан) шаарын эч бир жерде эскербеген.

XIII к. башындагы автор Йакут да Бухарадан эки фарсах узактыктагы ушул Барсухан кыштагын эскере кеткен[240] .

Сыягы, Ысык-Көлдүн Барскан шаарынан чыккан аалымдар, көбүнесе, жакыныраак жайгашкан байтакты шаарлар Кашкарга же Баласагынга байланыштуу, же болбосо ат-Түрки сыяктуу этносту жалпылап көрсөткөн ныспаларды алышса керек. Алардын «ал-

---

[235] Togan A.Z.Velidi. Umumi Türk... - Cild 1. - S. 85.
[236] Умурзаков С.У. С четырех сторон... - С. 37; Караев О.К. История Караханидского... - С. 231.
[237] al-Käsyari Mahmud. Compendium... - Pt. 1. - P. 4, note 5.
[238] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 16, 30.
[239] Бартольд В.В. Туркестан... - Ч. 1. Тексты. - С. 53.
[240] Jacut's geographisches:.. - Bd. 1. - S. 565.

Барскани» ныспасы азырынча бизге орто кылымдардагы жазма булактардан жолуга элек).

Биздин оюбузча да Махмуддун туулган жери катары Барсканды көрсөтүү ылайык.

Ал өзүнүн киндик кан тамган жери Барскан жана жалпы эле Ысык-Көл бою жөнүндө, бул аймактын негизги калкы болуп, сулалени түзгөн кагандардын башкы таянычы болуп эсептелген чигилдер тууралуу, ошондой эле жарым көчмөн барскандыктардын тили (говору) жөнүндө өтө бай маалыматтарды «Диванда» камтыган[241].

Мындай мол маалымат автор өзү дурус билген чөлкөмдөн алынган. Автор бул мол маалыматты өз эмгегинде төкпөй-чачпай берүүгө умтулгандыгы да анын кичи мекенине карата арзуусу, сагынычы катары түшүнүктүү.

Албетте, Махмуд Кашгари Теңир-Тоонун башка чөлкөмдөрү тууралуу да көп кабарлар калтырган. Бирок биринчи орунда Ысык-Көл боюн назарында туткан десек ашыкча кетпес элек.

Негедир өзү чийген дүйнөнүн тегерек картасында да Махмуд дүйнөнүн чордону катары Ысык-Көлдү көрсөтүп[242], жанындагы тегерек чекит менен билдирилген аты жок шаарлардын арасында бир гана шаардын - көл боюндагы бир дубандын (бектиктин) саясий жана маданий чордону болгон Барскандын атын даана жазган.

Өзүнө чейинки араб жана перс географтары бул топонимди «Барсхан» же ал түгүл араб жазмасына таандык нокотторду (тамгаларды) чаташтырып «Нушажан» деп жазып келишсе, Махмуд бул атты жергиликтүү түрктөрдүн тили боюнча برسقان - «Б-р-с-к-а-н», Brsqān («Барсқаан») деп так жазган.

XI к. Ысык-Көлдө өзүнчө «барскан» деген уруу болбогондугун, «барскандыктар тили» деп Махмуд Кашгари тек гана көл боюндагылардын тилинин говордук өзгөчөлүгүн эске тутканын биз мурдагы эмгектерибизде тастыктаган элек, бул жөнүндө эмгектин үчүнчү бабында да учкай кайрылабыз.

Бул жерде тек гана: «**ЫСЫК-КӨЛ – Барскандын көлүнүн аты...**»[243] - деген Махмуддун саптарынан улам белгилей кетсек, «барскандыктар» сөзү «Диванда» айрым учурда азыркы «көлдүктөр» терминине эквивалент катары кызмат кылган.

---

[241] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... - Б. 42.
[242] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 11b - 12a (harita).
[243] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 251b

Махмуддун балалыгы көл боюнда өткөнүнө кыйыр далил кызматын аткаруучу жагдай иретинде ал өзү «Диванында» сыпаттаган «мөңүз-мөңүз» («мүйүз-мүйүз») оюнун бир макалабызда[244] эскерген элек.

Оюнду сыпаттоосун диалект таануучу жана этнолог аалым эмнеден баштайт? Бул оюнга катышуучу балдар көл жээгинде тизелеп отура тургандыгын жазуу менен баштайт, Махмуд Кашгари Барскани[245]. Ал саптарды көл боюнда өткөн бала чакка сагынычтуу кө карашы жаздырды бекен деп эрксизден боолголойсуз...

Бозгунчулук себеби – ички аксарай күрөшү

Эми кайрадан карт тарыхтын жылнаамаларындагы окуяларга келелик. Хусейин ибн Мухаммед Кара кагандардын чыгыш канатында мураскор болуп жарыялангандан көп узабай, анын үйүнө капсалаң түштү..

Бул тууралуу арап тарыхчысы Ибн ал-Асир жазат: «**Ал эми Буура-хандын (Мухаммеддин,- Т.Ч.) дагы бир аялы бар эле, анысынан уул көрүп, ал кичинекей эле. Аялын бул окуя (өгөй баласынын мураскор болушу. - Т.Ч.) кыжырлантты да, ал аны уулантып салууну чечти**…”[246]. Уулантып... уулантып...

Демек, азыркы тапта кыргызстандыктар жана башка дүйнөлүк көрөрмандар түркиялык “Султан Сулайман” сыналгы сериалындагы такты талашуу күрөшү жөнүндө көркөм баяндан көргөн окуяларга окшош окуялар Кара кагандар сулалесинин ордосунда да жүрүп турган. Тиешелүү душманын өлтүрүүнүн бир ыкмасы – ууландырып көзүн тазалоо усулу болгон.

Махмуд жазган «Диванды» барактайбыз да, мурдаарак көзгө чалынып өткөн бир топоним тууралуу мындайча саптарга үңүлөбүз:

«***СЫГУН-САМУР* - бир жайдын аты. Биерде Буура-ханга уу ичирилген**»[247]. (Бул жай – азыркы Түндүк Кыргызстандагы Суусамыр жайлоосу).

Махмуд Кашгари Барскани бул саптары менен өзүнүн чоң атасынын акыретик сапары тууралуу баяндаса керек деп боолголоо кыйын эмес. Так дарекке гана таянууга тырышкан тарыхчы катары, суроону суроо бойдон калтырганыбыз эп.

---

[244] Караңыз: Чоротегин Т.К. Караханийлер доорундагы түрктөрдүн спорт оюндары...; «Ленинчил жаш». – 1987. - 28-ноябрь.
[245] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 302b
[246] МИКК. - Вып. 1. - С. 59.
[247] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 103b

«Ошентип, - деп улантат арап тарыхчысы Ибн ал-Асир, - ал (ууландырылган Буура-хан) көз жумду жана анын үй-бүлөсүнөн да бир канчасы каза тапты. Ал аял ошондой эле анын бир тууганы Арслан-хан ибн Кадыр-ханды да муунтуп өлтүрттү. Бул окуя 439-ж. (1047-1048-жж.) болду...»

Ысымы “ал-Каамил фи-т-та’рих” эмгегинде эч айтылбаган бул аял Буура-хандын ордосундагы эң жакын төрөлөрдү да өлтүрөт жана өзүнүн Ибрайым (Ибрахим) деген уулун тактыга убактылуу отургузат[248]. Сыягы, атасы мураскор жарыялаган Хусейин ибн Мухаммед да ордодогу такты талашуу козголоңунун – кутумдун алгачкы учурларында эле набыт болсо керек.

Айтмакчы, кыргыз тарыхчысы Ө.К.Караев Буура-хан өлтүрүлгөн жыл Ибн ал-Асирде 439-ж., ал эми Бейхакиде - 449-хижра ж. (1056-1057-жж.) деп белгиленгенин көрсөтүп, кийинки автордун датасы чындыкка ылайык экендигин белгилейт[249]. Биз дагы маркум профессор Ө.Караевдин пикирин колдойбуз.

Бул саясий дүрбөлөң даанышман тилчинин тагдырында кескин бурулуш жасагандыгы шексиз. О.Прицактын божомолунда, ордодогу кутумга байланыштуу бул капсалаң убакта эптеп аман-эсен качып чыккан кишилердин бири – окумуштуу Махмуд болгон. Ал бозгундукка кетип, Кара кагандар дөөлөтүнө коңшу түрк өлкөлөрүнө өткөн. Он чакты жыл жер кезген соң, акыры Аббасийлер халифатынын борбор шаары - Багдадга келген да, ал жерде саясий качкын иретинде жашап калган[250].

Албетте, бул божомол гана! Балким Махмуд Кашгари түрк элдерин изилдеп үйрөнүү ишин башкача бир жагдайдан улам жана бул ордо козголоңунан мурдараак эле колго алгандыр. Арийне, О.Прицактын божомолу[251] бул маселеге да олуттуу багыт берет.

Айтор, саясий ички-тышкы күрөштөргө жык толгон заманы Махмуд Кашгарини өскөн жерин калтырууга аргасыз кылат да, ал өзүнүн өмүрлүк максаты иретинде түрк элдеринин негизги тилдерин жана диалектилерин изилдөө жаатын тандап алат. Жер которгон убагы анын илим-билими кеңейген мезгили менен да туура келип, ири илим чордондорундагы аалымдардан таалим алат.

Чыгыш аалымдары мусулмандык кайра жаралуунун учурунда илим-билими өскөн башка далай шаарларга жана өлкөлөргө барып, атагы

---

[248] МИКК. - Вып. 1. - С. 59.
[249] Караев О.К. История Караханидского... - С. 161-162.
[250] Pritsak O. Mahmud Käsgari... — S. 244—246.
[251] Pritsak O. Mahmud Käsgari... — S. 244—246.

алыска кеткен замандаштарынан сабак алууга өмүр бою умтулгандыгы жазма эстеликтерден маалым.

Бухара менен Нишапур.

Махмуд Кашгари Барскани жазган “Дивандын” кириш бөлүмүндө:

«**Бухаранын имамдарынын кадыр-барктуусунан жана Нишапурдун диниятчы калкынан чыккан башка дагы бир имамдан... Алланын элчисине... таандык кылып айткандарын эшиткен элем**...» — деп Бухаранын жана Нишапурдун имамдары эскерилет[252].

Мындан улам Махмуд ал-Кашгари ушул шаарларда сөзсүз болуп, диниятчылардан сабак алган деп оңой-олтоң жыйынтыкка келген окумуштуулар да бар.

Албетте, билим улап алыс тарапка - Багдадды көздөй багыт алганда Махмуд Кагари Барскани ушул шаарлар аркылуу басып өтүшү ажеп эмес деңизчи.

Бирок “мусулмандык кайра жаралуу” доорунда бул аалымдар менен Махмуд өз атажуртунда деле кезигиши мүмкүн болчу. Маселен, Ферганандын чыгышындагы, Теңир-Тоонун батыш этегиндеги Өзгөн шаарынын гана эпиграфикалык эстеликтеринин (бейиттеги кайрак таштардын жазууларынын) мисалында эле XI—XIII кк. бул жерде теги жагынан хорасандык калаалардан, маселен, айтылуу билим шаары Нишапурдан чыккан бир катар диниятчылар[253] укум-тукуму менен жашап калгандыгына күбө болобуз.

Алиги имамдарга Махмуд Кашгари Барсканинин теңир-тоолук шаарлар Баласагын, Ош, Өзгөн, Тараз, Кочкор-Башы, Барскан, Кашкарда ж.б. деле жолугуусу, ошондой эле, алар менен Мекеде, Багдадда ж.б. жерлерде көрүшүүсү деле мүмкүн эле.

Махмуд Кашгари Барскани «Диванында» түрктөр тууралуу бир хадиске байланыштырып жергиликтүү имамдардын биринин ысымын да эскере кетет: аш-Шейх ал-Имам аз-Захид ал-Хусейин ибн Халаф ал-Кашгари[254].

---

[252] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım... — S. lb; Көпрүлү Фуат. Йени нешрийат... — С. 382.

[253] Караңыз: Настич В.Н. Погребальная эпиграфика... - С. 168-169 (мында теги Нишапурдан болуп, укум-тукуму менен Өзгөндө жашап калган шайыктардын эпитафиялык жазмалардагы санжырасы берилет). – Салыштырыңыз: Fedorov, M. New Data on the Monetary Circulation of Medieval Uzgend... - 2001. - pp. 81-88; Ibid. New Data on Monetary Circulation in Medieval Andukan and Shelji… – 2004-05. – pp. 113-144.

[254] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 89b.

Дагы кызыгы, Мартин Хартманн алгач белгилегендей, даанышман тилчи Махмуд ал-Кашгари жөнүндө эч кабардар кылбаган Абу Са'д ас-Сам'ани алиги «Ныспалар китебинде» бул имамга - Хусейин ибн Халаф ал-Кашгариге - мусулмандык терс баасын берип эскертет: «...**анын айтуусунан тараган хадистердин басымдуу бөлүгү эч бир ишенимге татыбайт**»[255].

Түрктөрдүн аброюн көтөрүүчү хадистерди тараткан диниятчылар өз жамаагатына оң-терс таасир беришкендери анык. Түрк элдерин колдогондору мындай хадиске шыктанышса, башкалары Мухаммед пайгамбардын доорунда түрктөрдүн зоболосун анчалык деле көтөрүшчү эмес деп мындай хадистердин айтуучуларынын “чынжырына” ас-Сам'ани сыяктуу шектенишкен.

Өзүнүн замандаштарынын ичинен Махмуд бир катар тектүү адамдарды эскерип, алардын ичинен Низам ад-дин Исрафил Туган-тегин ибн Мухаммед Чакыр Тоңа-ханга өзү бетме-бет маек курган адам катары шилтеме берет[256].

Ал эми Беклен, Бектур, Тутук, Тутуш сыяктуу ысымдарды тек гана эркек аттары деп берсе, Комук (Кумук?) деген энчилүү атка токтолуп, «Дивандын» автору өзү бир катар убакыт чогуу жүргөн эмирдин ысымы катары[257] аны өзгөчө белгилейт (арабдын бул امير сөзүн «бек» деп да, контекстке карай «кол башчы» деп да түшүнсө болот).

Махмуддун ордонун чөйрөсүндө жүргөнү жыйнаган ар кыл макал-лакаптардан да сезилет. Маселен, X к. акырында - XI к. биринчи жарымында Кара кагандар сулалесине карата өзгөчө атаандашкан сырткы күч болуп эсептелген Газналыктар (Газневийлер) сулалеси тууралуу уламыш-аңгеме “Диванда” берилет:

«Кыз бирле күрөшмө, кысрак бирле йарышма». Арабча туюнтканда: Кыз менен күрөшпөгүн, себеби кыздар күчтүү болушат, сени жыгып кетет. Кысырак менен жарышпа, кысырак аттан тез да, шамдагай да болгондуктан сени жеңип кетээр. Бул сөз - теги хаканиялык (кара кагандык) бир кыздын нике түнү султан Мас'удду (1031-1041-жж. бийлеген Мас'уд Газналыкты[258] . - Т.Ч.**) бутун серпип жыгып салгандыгы үчүн хаканиялыктардын султан Мас'уд жөнүндө айткан макалы**»[259].

---

[255] Хартманн М. «Дивану лугати т-түрк»е 'аид... - С. 167; Brockelmann C. Mahmud al-Kaşgarlı Darstellung... - S. 29.
[256] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 89b.
[257] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 97b.
[258] Golden P. An Introduction... - P. 218; Bosworth C.E. The New Islamic... - P. 296 (мында Мас'уд ибн Махмуд Газневи 1031 - 1040-ж. бийлеген, - деп көрсөтүлгөн).
[259] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 119b.

Бул шакабалуу аңгеме чынында да тарыхый окуя менен байланыштуу. Азыркы Түндүк Ооганстандагы Балх шаары - Газналыктардын экинчи саясий чордону эле.

Бул шаардагы орто кылымдардагы жана кийинки мамлекеттер тууралуу белгилүү изилдөөсүндө өзбек чыгышпозу жана биздин устатыбыз, академик Бөрү Ахмедов өтө кызык бир маалыматты даректердин негизинде учкай айтып өтөт: 1016-жылы Махмуд Газналык (998-1030-жж. бийлеп турган) Балх шаарынан Мавераннахрга - Кара кагандардын бири Тоган-ханга элчисин жөнөтөт. Эки жыл өтүп, 1018-жылы султан Махмуд ушул эле Балх шаарында кара кагандык канзаада бийкечти кабыл алат. Бул бийкеч анын улуу уулу Мас'удга кудаланган экен.

Мындай ордо аралык «туугандашуу», арийне, түрк өкүмдарлары курган эки мусулман мамлекеттин кийинки өз ара кагылышууларынан сактап кала албаганын кийинки тарыхый окуялар тастыктады.

1020-жылы Аму-Дарыяны кечип өтүп, Кара кагандар Газневийлерге кол салса, 1025-жылы Махмуд Газналык өзү Карахандарга каршы жортуулга чыгат[260]... Карахандар менен Газневийлердин өз ара оомал-төкмөл саясаты тууралуу тарыхчылар Бейхаки жана Гардизи[261] ошол доорлордо эле жазып калтырышкан.

Ордого канчалык жакын болсоң, ошончолук азабың күчөйт эмеспи. Махмуд Кашгари Барскани «Эки кочңар башы бир ашачта бышмас» макалын өз эмгегинде араб окурманына төмөнкүдөй түшүндүрмө менен которот:

«**Мааниси: эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт. Бул макал кайсы бир шаарда бири-биринен бийлик талашкан эки эмир же эки кол башчы (раис) тууралуу айтылат. Экөөнүн бири андан чыгып кетүүгө тийиш**»[262].

Ата-Журтунда ич ара саясий күрөш курчуган кырдаалда Махмуддун жер кезүүгө мажбур болгонун жогоруда белгиледик.

Автор «Дивандын» эч бир жеринде өз башына түшкөн азап-тозокторун оозго да албайт. Кириш бөлүмүндө гана:

«**Сыноосуна баштан өткөн жылдардын, кылып келдим туруштук**»[263] - деп арабдардагы уйкаштуу прозалык (жорго сөздүк) ыргак менен өзү тууралуу айтат.

---

[260] Ахмедов Б.А. История Балха... - С. 19-20.
[261] Бейхаки Абу-л-Фазл. История... - С. 108, 195 - 196, 208 - 216, 450 - 451, 466 -468; Гардизи Абу Са'ид. Зайн ал-ахбар... - С. 90 - 91.
[262] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 30b.
[263] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 2b.

«Дивандагы башка да саптарды кадала тиктейбиз:

«**Тэш йер аны катурду» деп айтылат; арабча туюнтканда - чет жер аны катырды, башкача айтканда, аны тажрыйбага эгедер жана сыноодон өткөн адам кылды», - дегени**»[264].

Бул макал сөз мааниси бөксөрбөй Махмуд Кашгари Барсканинин өмүр баянынан кыйыр маалымат бергендей сыяктанат. Бирок «Дивандын» автору аны жалпы түрк накыл сөздөрүнүн бири катары гана пайдаланып, жеке инсандык сезими изилдегич талапка баш ийдирилет.

Кейиштүүсү, Махмуд өз эмгегинин эч жеринде өзүнүн илимпоздук саякатынын багытын тактап эскерген эмес. Өзү кыдырып чыккан түрк элдеринин негизгилерин китебинин кириш бөлүмүндө санап бергени үчүн эле улуу илимпозго өзүнчө ыраазылык билдирсек болот:

«**Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чеченинен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү эң тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын талааларын жана калааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, (жыйнагымдын) тартибин татыналай өтө сымбат кат кылдым**»[265] - деп ал арап тилинде жорго сөз менен жазат.

Бул үзүндүдөгү «түрк» этноними өзүнчө бир түрк этносун эмес, түрк тилдүү калктардын ири этностук жалпылыгын туюнтат. Ушу тизмеге кирбеген, бирок өзү аралап, дурус үйрөнүп чыккан түрк элдеринин катарына аргу, басмыл (көчүрмөдө - йасмыл), йабаку, кыпчак, карлук, кенжек, оврак[266], тухсы, уйгур, чарук, чөмүл этносторун кошо алабыз.

Батышта - беченек, булгар, чыгышта - кай, татарлардын өлкөлөрүндө Махмуд өзү болгон-болбогону талаш маселе. Бирок ал жер кезген маалында ушул элдердин кай бир өкүлдөрүнө Борбордук Азиянын кеңири чөлкөмүнөн эле учурап калышы толук ыктымал.

Отурукташкан калктардан айырмаланып, түрктөр ж.б. көчмөн элдер өтө кеңири аймакта жер которуп жүрө алган; өзүнүн ичине карым-катнашы бар көчмөн элдердин өкүлдөрүн уруу-урук иретинде сиңирип

---

[264] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 153b.
[265] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 2b.
[266] Көчүрмөдө إغراق “ыграк” деп оңдолуп калган.

алууса да аларга жеңилирээк болгон, себеби ири түрк калкынын канчалык түтүнү көп болсо, ошончолук жумушчу күчү, аскер чыгаруу жөндөмү жана коргонуу кубаты артар эле.

Ибн ал-Асирдин жылнаамасында 435-хижра жылына (1043-1044-жж.) карата жазылган окуялардын бири 1043-жылдын күзүнө таандык. Анда Баласагын менен Кашкардын чөлкөмүндө мусулман шаарларына тынбай түнкү талоонун жасап жүрчү «каапыр түрктөр» исламга өткөнү сөзгө алынат.

Алардын саны он миң түтүн экен. Бул каапыр түрктөр Булгардын аймагына (Итил, б.а. азыркы Волга тарапка) чейин барып жайлашчу экен да, кыштаганы Баласагын тарапка келишчү экен. «Бирок алар ислам динине кирген соң, - деп жазат бул тарыхчы, - бытырап өлкөгө тарап кетишти... Булар өздөрүн мусулмандардан коргоо үчүн гана жамаатташкан эмеспи»[267] .

Ушул эле жылнаамада жазылган даректен улам 1017 – 1018-жылы Борбордук Азиянын чыгышы (Монголия, Жуңгария) тараптан Кара кагандар өлкөсүн көздөй үч жүз миң түтүндөн ашуун көчмөн түрктөр жылып келип, Баласагындан сегиз күнчөлүк жолго токтогонун, аларды Туган-хан аз күчү менен талкалап, олжолоп, жүз миңден ашуунун туткундап кайтканын билебиз.

Бул чыгыш түрктөрдүн тобун кидандар, б.а. кара кытайлардын тобу катары кароо туура эмес. Пикирибизде, алар йабаку эли түзгөн саясий конфедерациянын ичиндеги эле батыш монголиялык - чыгыш теңир-тоолук түрк уруулары болуп саналышат[268].

Мындай даректерден улам чыгышында – Саян-Алтай жана Ганьчжоу, батышында – Итил өрөөнүнөн бери жашаган ар кыл түрк калктарынын айрым бир өкүлдөрү Кара кагандар бийлеген аймакка — Теңир-Тоонун чордонуна өтө жакын конуш таап келгендиги, аларды Махмуд Кашгари Барскани өзү аралап изилдегени тууралуу тыянак тарыхый акыйкатка төп.

«Диванда» эскерилген ырларда же топонимдерде Иртыш, Өтүкөн (Өтүкен), Катун-Сыны (чыгыш тарапта), Булгар, Сувар, Итил (б.а. Эдил; батышта) наамдары кездешет.

Маселен, «Итил суусу» (Волга) айтылган ыр парчасынан улам айрым изилдөөчүлөр Махмуд Кашгари Барскани ушул дарыя боюндагы булгарларга чейин барган деп эсептешсе (башкыр профессору Н.А.Мажитов да ушундай пикирде экендигин биз менен

---

[267] МИКК. - Вып. 1. - С. 60.

[268] МИКК. - Вып. 1. - С. 58; Ibn-el-Athiri Chronicon... - Vol. 9. - P. 209 - 210; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. -С. 104 - 105.

1997-жылдагы маегинде тастыктады[269]), кийинки кездерде Махмуд Кашгари Барскани бул ырды Борбордук Азиянын аймагынан эле жазып алышы мүмкүн экендиги, эдилдик (итилдик) түрк тилдүү калктардын Борбордук Азия жана Шибер менен карым-катнашы тыгыз болгондугу тууралуу тыянак чыгаргандар да бар. Кийинки тыянак чындыкка жакындай сезилет, бирок алыскы Орхон жергесине барганга караганда, мусулман чөлкөмү болгон Итил боюна жер кезүүсү Махмуд Кашгари үчүн алда канча коопсуз болгонун көңүлдө тутуу да керек.

Бирок эгерде Махмуд Кашгари Барскани Булгар жергесине барган болсо, анда «Диванга» бул аймактан көбүрөөк маалымат кошуусу да күтүлмөк.

Ошондой эле чыгыштагы Катун-сыны шаарындагы түрктөр менен таңуттардын 1028-1036-жылдарга чейин созулуп келген уруштары чагылдырылган дастандын парчалары[270] Махмуд Кашгариге кимдерден маалым болгон деген суроого: чыгыш түрк калктарынын бир канча тобу, анын ичинде ганчжоулук айрым уйгурлар, XI кылымдын биринчи үчүлтүгүндө Чыгыш Теңир-Тоо жана Тарим өрөөнүнө чейин келгендигинин натыйжасында бул дастан Кара кагандык чигилдердин же алардын «ирегелеш» коңшулары – йагма, уйгур, басмыл, кыргыз, йабаку ж.б. элдерге таркалып, аларды эрдикке, Ата журтту сүйүүгө жана коргоого үндөгөн, деп жооп узатсак болот. Дал ушул чыгыш теңир-тоолук калктардан Махмуд Кашгари Барскани Катун-Сыны менен байланыштуу дастандык үзүндүлөрдү көчүрүп алган десек чындыкка төп болчудай.

Мындай жооптор Махмуд Кашгари Барскани өзү кыдырган кеңири чөлкөмдү кыйды ой менен жасалма кичиртүүгө жатпайт. Себеби Махмуд Кашгари Барскани топтогон сөз жыйнагы азыркы түрк элдеринин басымдуу көпчүлүгүнүн түздөн-түз эзелки орток кыртышы; алардын дээрлик бардыгынын, анын ичинде ислам чөйрөсүнөн алд канча сырткарыдагы этностор (чуваштар, шорлор, хакастар тывалыктар, якуттар ж.б.) үчүн да тарыхый-салыштырма булак болуп эсептелет.

Бул жагынан алганда «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» орхон-энесай жазма эстеликтери сыяктуу эле бардык түрк калктарынын орток этномаданий мурасы, тил таануунун эзелки тилдерди сыпаттоочу орток күзгүсү болуп саналат.

Демек, кеп биерде Махмуд Кашгари Барскани өзү аралаган чөлкөмдү чыныгы өз боёгунда, реалдуу чекте көрсөткөндүгүндө.

---

[269] Махмуд Кашгари монгол дооруна чейинки булгар тилин абдан так мүнөздөгөндүгү, демек, алардын арасында болгондугу тууралуу пикирди караңыз: Закиев М.З., Кузьмин-Юманади Я.Ф. Волжские булгары... - С. 102-105.

[270] Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. - С. 81 - 85.

Алиги «тыш жер аны катырды» сөзүн мисалга алган маалда, балким илимпоз-саякатчынын жана башка жер кезген адамдардын тагдырдык шыбагасына туш келген түркүн сыноолор Махмуддун көңүлүнөн чубап өткөндүр.

Соода карым-катнаштарына байланыштуу түркчө, арабча, кытайча терминдерди дурус билгендиги (ал, маселен, «Дивандын» бир жеринде Индиядан алып келинчү бир дарынын түркчө «сарыг буга», «боз буга» деп аталаарын[271] башка бир жеринде - «лухтай» деп кытайлык кызыл жибекти аташаарын[272] эскертет), бир чети, түрктөрдүн калааларын жана талааларын кезген учурунда, ал, башка илимпоз саякатчылардай эле, атайын сакчылары жана саякаттык инфраструктурасы бар соода кербени менен ымалалашып, аны караан тутуп жүрүүгө муктаж болгондугунан улам десек болот.

Улуу Жибек жолунун тарыхый маанилүү бөлүктөрүнүн бирин ээлеген Кара кагандык ж.б. чыгыш түрктөрү эл-аралык карым-катнашын өнүктүрүүгө муктаж болушкан. Соодагерлерге түнөк берип, алардын эс алып, кайра жол улантышына өтө зарыл көмөгүн көрсөткөн атайын кишилерди بستا «биста»[273] деп коюшкан.

Четтен келген соодагер (бул мааниде «сарт» термини колдонулган) мейманы байырлап, эс алгандыгы үчүн андай адам (биста) ар бир жыйырма койдон бир койду акы катары алган. Мындай көрүнүштү тухсы, йагма, чигил (элдеринин) адаты катары белгилеп: «**Буга өз көзүм менен күбө болгонмун**», – деп Махмуд Кашгари Барскани айрыкча белгилейт.

Ушул саптар да окумуштуунун соода кербени менен чогуу сапарда болгонун тастыктайт.

Анын “Диваныны” башка бир жеринде “**Йүгүрген - Чын (Кытай) соодагерлери ислам өлкөлөрүнө келе жатканда атайылап алдыга жиберилүүчү жана алардын кабарлары менен каттарын ала келүүчү ар кандай чабармандын (“бариид”) аты**»[274] экендигин түшүндүрөт (بريد сөзү арапча “почтоочу” деген да маанини берет).

Бул “йүгүрген” термини – кыргызча “жүгүргөн” деген сөзгө жакын, бирок анын маанилеши азыркы кыргыз тилинде “чабарман” делип сакталып калган (мында “ат чабуу” сөзүнөн “чабарман” сөзү жаралганы айкын көрүнөт; жүгүрүп кабар айткыча, ат чаап барып кабар айткан алда канча тез, натыйжалуу эмеспи).

---

[271] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 272b.
[272] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 275b.
[273] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 237b.
[274] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 234b.

Махмуд Кашгари Барскани өз сөздүгүнүн башка бир жеринде «аркыш» сөзүнүн бир мааниси - «чабарман», «кабарчы», экинчиси - «кербен»[275] экендигин жазат.

Бул кош маанидеги сөздөгү тиешелүү семантикалык бир жалпылык айдан ачык: байыркы жана орто кылымдардагы Улуу Жибек жолунун таманында ары-бери самсыган ар кандай кербендин өзү да теңир-тоолук калктар үчүн эл аралык турмуштагы жаңылыктын жарчысынын (эл аралык медианын) жана элчиликтин кызматтарын аткарып тургандыгы менен байланыштуу. Демек, соода кербени товар гана алып келбестен, соңку кызыктуу жаңылыктарды да өлкөдөн өлкөгө жеткирген.

Ооматы кеткен дүйнөдө кербен алыстан келип-кетүү менен тынымсыз жана бейкут аракетте болуп турушуна муктаждыкты сезген көрөгөч бийлик эгелери да болгон, көз ирмемдик жыргалчылык үчүн калктын тышкы карым-катнашынын келечегин каракчылыкка айырбаштаган төбөлдөр, ууру-кескилер да чыккан.

Сөз жыйнагында Махмуд Кашгари Барскани келтирип өткөн «Таварыг (товарды, малды) караклады»[276] деген теңир-тоолук йагма тилинен алынган сүйлөм - ошол замандагы кербенчилердин жана аларга баш пааналап жер кезген саякатчылардын, илимпоздордун жана такыба думаналардын көргөн татаал күнүнөн бир элестир...

Сапар тарткандар, алардын арасында далай жер кезген аалымдар, ар кандай ууру-кескиден тышкары жол азабын да башынан өткөргөн. Алар көпүрөсү жок дарыядан кечкен, тар жол, тайгак кечүүсү бар бийик ашууларды ашкан.

Кашкар менен Өзгөндүн ортосундагы Кавак-Арт ашуусун, Уч менен Барскандын ортосундагы Бедел-Арт, Барскандын (Барскоондун) жанындагы Йафгу-Арт, Кочңар-Башы менен Баласагындын ортосундагы Занби-Арт, так орду белгиленбеген теңир-тоолук Букач-Арт сыяктуу ашуулар «Диванда» айрыкча белгиленип, кербен жолдордун кыйма-чийме чыйырын жана Махмуддун өзүнүн да болжолдуу жол багытын көрсөтүп турат.

Фергана өрөөнүнөн чыгып, теңир-тоолук түрктөргө багыт алганда саякатчы туш болор дубандын бири – Кара-Йылга (азыркы кыргызча Кара-Жылга) тууралуу бабаларыбыз ылакап чыгарышканын билебиз:

«Кара муң келмегинче, Кара-Йылга кечмэ». Мааниси: «бул ашуунун опурталдуу болгондугу жана дайыма ага кар жаап

---

[275] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 31b.
[276] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 296b.

тургандыктан, кыянаттуу мүшкүл башыңа келмейинче аны ашып өтөм дей көрбө»[277].

Азыркы тапта “Кара Жылга” топоними Кыргызстандын ар башка аймактарынан учурайт. Ушуга маанилеш бир ылакап кеп бүгүнкү Баткенде айтылат: “Зарыл ишиң болбосо, Зардалыга барба!” Татаал чыйыр өтчү жайлардагы жолду азыркы кыргыздар “ат жол”, “кой жол”, “ит жол” деп коюшат. “Дивандагы” “муң” сөзү да азыркы кыргыз тилинде сакталган.

Махмуд Кашгари дурус билген Барскан, Баласагын, Кашкар, Өзгөн, Ак-Сай, Ала (Алай), Талас (бул азыркы Казакстандагы Тараз, б.а. совет доорундагы Жамбыл, андан мурдагы Олуя-Ата шаары), Испижаб (азыркы Чымкент), Шаш (Ташкент), Самарканд ж.б. шаарларынын жана алардын чөлкөмдөрүнүн катарына кошулчу даанышман тилчи аралаган «калаалар менен талааларга» биринчи кезекте Или (Иле) өрөөнүн киргизүүбүз керек.

Бул Иле өрөөнүндө мусулмандардын жана исламды кабыл албаган башка чыгыш түрктөрдүн өтө тыгыз саясий жана этномаданий алакалары жүрүп келген.

Махмуд Кашгари Барскани «Диванында»:

«**Иле менен Йафынч талааларынын арасындагы калаа Эки-Өгүз деп аталат**»[278], - деп жазат.

“Дивандын” дүйнө картасында болсо Ысык-Көлдөн түндүк-чыгыштагы Иле дарыясы түндүктү көздөй агып жатканы чийилген да, анын өйүз-бүйүзүндө тоо кыркаларын бойлогон эки шаардын - Эки-Өгүз (чыгышында) менен Йафынч (батыш тарабында) шаарларынын аталыштары жазылган.

Иле тууралуу бардык маалыматты мында келтирүүнүн кажети жок. Тек, бул дарыянын өрөөнүндөгү негизги түрк калктары йагма, тухси жана айрым чигилдерден тураарын «Дивандан» окуйбуз.

Иле дарыясына байланыштуу «Дивандагы» «Барс» макаласы эрксизден эске түшөт:

«Барс - түрктөрдөн он эки мүчөл жылдарынын биринин аталышы. Түрктөр он эки түрдүү жаныбардын ысмында он эки жылды аташкан. Төрөлүү, согушка катышуу убактысын жана башкаларды дал ушу жылдардын айланышына карап эсептешет», - делет да, китепте неге бул мүчөл кабыл алынганы

[277] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 229b.
[278] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 21b.

тууралуу этнографиялык жактан мааниси зор болгон уламыш келтирилет[279].

Бир түрк каганы кайсы-бир болуп өткөн согуштун так убактысын таба албай жаңылышат да, өз элине мындай жаңылышуулар келечекте болбосун үчүн он эки ай менен он эки бурчка (зодиак) негизденип, он эки жылга ат коюп алуу ылаазым деп айтат. Ошентип, бул пикир элдин көөнүнө төп келген соң, каган ууга чыгат. Жан-жөөкөрлөрү анын буйругу менен жапайы жана үйрөтүлгөн жаныбардарды Илени көздөй кууп сала беришет. Суудан эң алгач өткөндүгү үчүн чычкандын наамы менен биринчи жыл «сычкан (чычкан) йылы» деп аталып калган экен[280].

Махмуд Кашгари Барскани Иртышка (Эртиш) чейин жетти бекен? Суроого так кесе жооп бериш өтө кыйын. Себеби, Иртыш тууралуу маалыматтарды ал чыгыштан жана түндүк-чыгыштан Жети-Суу жана Жуңгарияга чейин ооп келип жашаган түрк калктарынан эле толук өздөштүрүүсү мүмкүн эле.

«**Тилдердин ичинен эң шаңдуусу**, - деп жазат Махмуд Кашгари, - **огуздарга таандык. Эң туурасы - йагма, тухсыга жана Иле, Эртиш, Йамар, Этил дарыяларынын өрөөндөрүндө жайгашып, Уйгур өлкөсүнө (**Турпан идикуттугуна. – Т.Ч.**) чейин конуш тапкандарга таандык**»[281].

Бул парчадагы маалыматта Жети-Суу менен Жуңгариядагы XI к. үчүн жергиликтүү түрк калктары (йагма, тухсы, кыпчак, кыргыз, чигил, ограк, уйгур, чарук ж.б.) гана эмес, жаңыдан бул аймакка чыгышында - Монголиядан (кай), батышында - Итилден (батыш кыпчак) ооп келишкен көчмөн этностук бөлүкчөлөр сөзгө алынышы мүмкүн.

Кыргыз, кыпчак, огуз, тухсы, йагма, чигил, ограк, чарук элдеринин «**нукура түркчө жалгыз тили бар**», - деп ишенимдүү жазып келип, Махмуд Кашгари Барскани Борбордук Азиянын чыгыш чөлкөмдөрүндөгү көчмөн элдерден чөмүлдөрдү «**өзүнчө бир чалды-куйду тили бар жана түрк тилин да билишет**»[282], – деп кызыктуу сыпаттайт.

---

[279] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 87a-87b.
[280] Түрк ж.б. жыл санак системасы жөнүндө караңыз: Захарова И.В. Двенадцатилетний... - С. 32-65; Цыбульский В.В. Лунно-солнечный... - С. 16-17.
[281] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 13a.
[282] Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım... - S. 13a.

Чөмүл элине жакыныраак жашагандардан: «кай, йабаку, татар, басмылдар - булардын ар бир бөлүгүнүн өз тили бар. Ошону менен катар эле түрк тилин алар дурус сүйлөшөт». Булардын ичинен татарларды айрым иликтөөчүлөр «монголчо сүйлөгөн калк» деп белгилесе, түркиялык бир катар илимпоздор аларды нагыз түрк этносторунан деп баалашат. Маркум С.Г.Кляшторный орто кылымдардын башында татарлар түрк этносу болуп, кийин монголдошкон, - деген пикирин (1993) Алматыда болгон эл аралык Алтаистика жыйынында айткан эле.

XI-XII кк. ички азиялык татарлар кош тилдүү - билингвист болсо керек деп биз түкшүмөлдөйбүз. «Татар» этноними орто кылымдардагы «Мэн-да бэй-лу» сыяктуу бир канча кытайлык булактарда *«да-да»* ж.б. түрдө жазылып, Монголиянын аймагындагы бардык эле калктар үчүн этностук жалпылама ысым кызматын аткарган.

Пикирибизде, Махмуд Кашгари Барскани эскерген *«татар»* этноними жалпы эле Орхондо жана ага коңшулаш ички азиялык чөлкөмдөрдө жашаган бардык түрк жана моңгол тилдеринде сүйлөөчү калктардын XI-XII кк. жалпы аталышы. Албетте, кош тилдүү татар этносу да бул аймактарда болгон. Чыңгыз-хан бийлеген монгол төбөлдөрү татарларды кыйратып, кыйласын кырган соң гана Монголиядагы саясий бийликти биротоло колго алган (XIII к. башы).

Махмуд Кашгари татарлар жөнүндөгү маалыматтарды жуңгариялык, жети-суулук, турпандык калктардын өкүлдөрүнөн, алардын ичинде йабаку, кыргыз жана уйгурлардан алышы мүмкүн.

Карлуктарды Махмуд Кашгари Барскани Батыш Борбордук Азиядагы эле журтунан кеңири жолуктурган.

Ал эми огуздарды ал Селжуктар дөөлөтүнө кирген, Борбордук Азияны Ортоңку Чыгыш менен тыгыз байланыштырган эбегейсиз зор аймактан кезиктире алган.

Огуздарды да жалаң гана «таза» огуздар деп эсептебей, өз кошунуна бул ири аймактагы ар кыл көчмөн түрк элдерине таандык урууларды баш коштурууга умтулган этностук жана согуштук-саясий бирикме, этномаданий жана социалдык-экономикалык бир жалпылыкка негизделген ар кыл элдердин огуздар уютку болгон жамааты деп кароо керек.

Махмуд Кашгари Барскани өз эмгегин алгачкы редакциясынан акыркысына чейин дал ушу Селжук огуздары саясий бийликти жүргүзүп келген ири чөлкөмдө XI к. 70-жылдарында жазып бүтүргөн.

Махмуд Кашгари Барскани “Диванды” өзү баш пааналап барып жазып бүткөн бул чөлкөмдөн кайра Теңир-Тоого – өз Ата журтуна кайтты бекен жана ал каерде, кайсы жылы дүйнөдөн өттү экен?

Бул суроого, албетте, анын жападан-жалгыз «автобиографиялык» булагы болгон «Диван» жооп бере албайт...

«Маданий революция» деп аталган кыйчалыш мезгилден кийинки коомдук-саясий жанданыш Кытайдын Шинжаң-Уйгур автономиялуу районунда (ШУАР) Махмуд Кашгари Барсканинин мурасын үйрөнүү үчүн зарыл шарттарды жаратты. (Кытайдагы 1966-76-жылдарды кучагына алган бул “маданий ыңкылаптын” оош-кыйыш жактарын Мао Маонун кыргызчага которулган эмгегинен[283] үйрөнүүгө болот).

Биздин оюбузча, айрым үрүмчүлүк илимпоздор бир катар кызыктуу, бирок даректик деңгээли боюнча жармач материалдарды таап, аларды Махмуд Кашгаринин өмүр жолуна байланыштырып түшүндүрүп жатышат[284].

Маселен, 1982-жылдын декабры — 1983-жылдын мартында изилдөөчүлөр Кашкардын жанындагы Опол кыштагында болушат. Бул жердеги «Хазрети моллам (Азирети молдом)» деген белгилүү бир мазарда да болушуп, аны Махмуд Кашгаринин өзүнүн бейити деген жыйынтыкка келишет.

Коомчулук бул кабардан жанданат, ар ким өз жардамын бере баштайт. Маселен, Эмир Хасан-казы-ахун деген адам бир вакыф документин (диний мекемелердин коруна бир нерсени же жайды энчилеп бергендиги жөнүндө мусулмандык документ) алып келип тапшырат. Бул иш кагазында «Азирети молдом» мазарын караган диниятчыларга 150 жыл мурда жазылган бир китепти энчилеп өткөргөндүгү тууралуу жана бул мазар - Махмуд Кашгаринин мүрзөсү экендиги жөнүндө түздөн-түз айтылган», - дешет изилдөөчүлөр И.Мути'ий менен М.Осмонов.

Опол (уйгурча Опал) кыштагы (аны «Дивандын» **Абул** топоними менен байланыштырышат) Кашкардан түштүк-батышта 45 чакырым аралыкта Памирдин чыгыш этектеринде жайгашкан. Биз 2014-жылы бул кыштакты да кездик.

Ополдун жанында эле, башкача айтканда, түндүк-чыгышы тарабында, Азык кыштагы, ага удаалаш - Касы кыштагы орун алган экен (уйгурча котормонун I томундагы божомолдонгон Артыштын жанындагы Азак кыштагынын ордуна эми изилдөөчүлөр ушул Азык кыштагын көрсөтүшөт).

Эми Ополдо дөңсөөдө жайгашкан бул мазар Махмуд Кашгариге таандык экендигин кантип далилдөөгө болот?

Изилдөөчүлөр үч багытта иш алып барышат: биринчиден, бул мазардын шайыктарынын маалыматтарын жазып алышат. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде, бул шайыктар он кылымга чукул убакыттан бери укум-тукуму менен үзүлбөй келе жатышат (Албетте,

---

[283] Маомао. Менин атам Дэн Сяопин... - 2015.
[284] Мутъи И., Осмонов М. О родине... - С.79-89.

бул эч далилденбей турган тыянак. Арийне, аны И.Мути'ий (Мутъий), М.Осмоновдой изилдөөчүлөр аксиома катары пайдаланышат).

Экинчиден, «Азирети молдом» мазарында сакталган мазардын *тазкиреси* (б.а. бейит кимге таандык экендиги тууралуу эскертчү жазма баян) изилденет. Мазардын эки тазкиреси болуп, экөө тең бизге *жетпей калыптыр* (мында да олуттуу маселе турат!).

Изилдөөчүлөрдүн айтымында, экинчи тазкире 1956-жылдан кийин эле жоголгон. Эми «жок тазкире кантип изилденген?» деген суроо туулат. Тазиркенин мазмунун бир катар шайыктардын урпактарынын жана башкалардын *оозеки айтымы* боюнча «калыбына келтиришкен» экен.

Тек, бул «калыбына келтирилген» тазкиреде «Мавлана Шамситдин Махмуд ибн Хусейинге таандык жана ал Азыкта туулган; хандардын тукумунан чыккан, анын атасы - Хусейин өзүнүн алгачкы ишмердүүлүгүн *«амир-и шаб»* - «түнкү кароолдун башчысы» даражасынан баштап, ал *«амир-и султан»* даражасына чейин көтөрүлгөн» — деп жазылган[285] имиш.

Тазкиреде Буура-хан Мухаммед ибн Жусуп (Юсуф) Кадыр-хандын ысмы эч айтылбайт. Иликтөөчүлөрдүн пикиринде, тазкирени жазган адам үй-бүлөлүк оор капсалаңды эске түшүргүсү келбей, бул эмирдин атын *«Шах-и Эхрам»* деген эпитет менен алмаштырып койгон имиш.

Тазкире тууралуу жана башка материалдар оболу «Кашкар адабияти» журналында (1983. - № 1) жарыяланган экен. «Калыбына келтирилген» тазкиредеги маалыматка караганда, жаш Махмуд Кашгари Барскани өз мекенин аргасыздан таштап кетип, кийинчерээк, карыя болуп калганында кайткан экен.

Үчүнчүдөн, вакыфтык документ (вакыф-наама) текст иретинде изилденет. Бул документ Эмир Хасан-казы-ахун деген адам изилдөөчүлөргө берген «Маснави шериф» деген китептин ичинде тиркелген боюнча сакталып, ушул китеп белек иретинде алиги «Азирети молдом» мазарына берилгендигин айгинелейт. Документтин фото сүрөтү жана котормосу И.Мутъий менен М.Осмоновдун ушул макаласында бар.

Вакыф-наамада жүз он төрт жаштагы молдо Садык Аълам ибн Шах Ала-ахунд колундагы бир «Маснави шериф» китебин:

«**Китебимди Кашкар калаасынын жери болгон Ополдогу азирети мавлам (мырзам) Шамс ад-Дин (Диндин Күнү), Хусейин («Жакшынакай»), Сахиб ал-калам (Каламдын Ээси) Махмуд ал-Кашгаринин мазарына вакыф кылып биротоло бердим**...» - деген сөздөрдү жазып шайыктарга тапшырганы айгинеленет.

---

[285] Barat K. Discovery... - P. 78 - 80.

Анын жазганын күбөлөндүргөн мөөр 1208-хижра жылына (1793-1794-ж.), ал эми вакыф-нааманын өзү - 1252-хижра (бука) жылынын улуу ражаб айынын 14-күнүнө (1836-ж. 25-октябрга) туура келет. Мындагы Хусейин менен Сахиб ал-калам терминдеринин ортосунда да, Хусейин сөзү менен Шамс ад-Дин сөзүнүн ортосунда да башка термин (маселен, «ибн» - «уулу» сөзү) жок!

Хусейин (حسين) сөзү арабчадан - «жакшынакайча» деп которулат. Жогорудагы изилдөөчүлөр жана айрым кийинки үрүмчүлүк илимпоздор бул терминди Махмуд ал-Кашгаринин атасы Хусейиндин ысмы, тек гана кылымдардын өтүшү менен бул ысымдагы (Махмуд ибн Хусейин) ортодо жазылчу «[и]бн» (بن) сөзү түшүп, ал эми Хусейин ысымы болсо Махмуддун бир эпитетине («жакшынакай») айланып калгандыр деп жоромолдошот.

Албетте, бул даректик мүнөзү тайкыраак жоромол алиги вакыф-нааманы[286] Махмуд Кашгаринин бейити жөнүндөгү түздөн-түз дарек катары пайдалануу үчүн курал болуп берген.

Бул иликтөөчүлөр тээ 1928-ж. эле Ополдогу Омор Захири деген адам, өзбек Абдрасул-дамулла, кашкардык Абдулазим-дамулла жана Абдурауп-дамулла Махмуд Кашгари Опалда туулуп жана ушу жерге коюлгандыгы тууралуу «далилдүү божомолдор» айтышканын жазышат, анын «далилдүүлүгү» эмнеде экени жөнүндө, кейиштүүсү, эч ооз ачышпайт.

Ополдогу жергиликтүү калктан жакынкы эле жылдарда жыйналган бир катар оозеки маалыматтарына таянып, бүгүнкү үрүмчүлүк айрым изилдөөчүлөр Махмуд Кашгари 380-хижра ж. / 990-ж. марты менен 991-ж. февралынын ортосунда туулгандыгы, далай жерди кезгендиги, өзүнүн мекенине кайтып келип, медреседе сабак бергендиги, токсондон аша жашап, XII к. башында ушул эле жерде кайтыш болуп, мүрзөсү бүгүнкү күндөргө чейин сакталгандыгы тууралуу жоромол[287] кылышат.

---

[286] Караңыз: Osman, Gayretcan. 19. ve 20. Asırlardaki Uygur Kültür Tarihinde Kaşgarlı Mahmud. – Мында да Хусайн сөзү “Хусейин уулу” (Hüseyinoğlu) деп оңдолуп сунушталат: “Muhammed Sadik Kaşgarî (1725-1849), Mesnevi Şirip adlı kitabın cildi üstüne hicri 1252’de (1836-1837) bir “Hediyename” yazmış ve aynı kitabı Kaşgar Opal’de bulunan “Hazreti Mollam” türbesine vakfetmiştir. Üzerinde şöyle yazılmıştır: “Hicri 1252’de yani Sığır yılı 14. Recep günü, şeriatı temel yapmış olan Kaşgar Mahkemesinin kadısı olan ben Molla Sadik Alam Ala Ahunoğlu şu hususta bir hüccet verip mühürledim ki, ben bu sene 114 yaşındayım. <…> Mesnevi Şirip adlı bu kitabımı Kaşgar’ın Opal bölgesinde dağ yamaçlarında bulunan “Arık Bulak” yanına gömülmüş Hazret Mevlam, dinin güneşi, Hüseyinoğlu, kalem sahibi Kaşgarlı Mahmut’un türbesine mutlak vakıf ve ebedî olarak armağan ettim”. (Бул документтен деле XI кылымда жашаган инсан жөнүндө сөз болуп жатабы, же XVI-XVIII кк. кашкардык сопулар жана кожолор тууралуу сөз жүрүп жатабы, эч анык эмес).

[287] Barat K. Discovery... - P. 81.

Бирок бул сыяктуу жоромолдор моңгол дооруна чейинки эч бир жазма эстелик аркылуу тастыкталбагандыктан, божомол деңгээлинде гана калганы жөндүү.

Негизи, илимий жактан алганда, бул жоромолдор айрым кыргыз атуулдарынын Манастын бейитин сөзсүз түрдө өзү жашаган дубандан гана табууга умтулган 1991-1994-жылдардагы майнапсыз аракетин эске салат. Кытайда атактуу акын Ли Байдын (Ли Бонун), байыркы Грекияда – атактуу эпосчу Гомердин жашаган жери катары жети грек шаары өз аймагын сунуштаганы, бул жаатта эч соңуна чыкпаган кыйла талаштар жүргөнү да бул окуяга окшошуп кетет.

Бул жоромолдун дагы бир кесепети – балким, бул мүрзө чындап таандык болгон XVI-XVIII кылымдардагы кожонун же сейиттин өмүр таржымакалы тууралуу калыс иликтөөгө жолтоо болуп калышы да ыктымал.

Үрүмчүлүк илимпоздордун жоромолун сын көз менен карабастан дароо эле илимий чындык катары карагандардын бири, азербайжандык профессор Рамиз Аскер Махмуд Кашгари 1008-жылы Опол шаарчасында (“кент”) туулган; Багдаддан кайтып келип, Опол шаарчасында медресе ачып, 1105-жылы 97 жашында бул жайда о дүйнөгө узаган[288], деп жазат. (Р.Аскер жалпылама библиографиялык эмгегинде кыргызстандык кашгари таануучуларга орун бербегендиги да таң каларлык).

Ал эми башка бир азербайжандык илимпоз, Бакы мамлекеттик университетинин профессору Чимназ Хады Мирзазаденин оюнча, Махмуд Кашгари 1008-жылы туулуп, 1095-жылы өлгөн имиш[289].

Ишенимдүү даректер менен эч тастыктала элек ушул маалыматтар эми “хрестоматиялык чындык” катары улам кеңири аймакта таркатылып, ал түгүл 2008-жылы Махмуд Кашгаринин миң жылдык шарттуу мааракесин ЮНЕСКОнун колдоосу менен белгилеген айрым эл аралык деңгээлдеги иш-чаралар өткөрүлдү[290].

Мусулман өлкөлөрүндө ири окумуштуулардын, ири аскер башчы же падышалардын күмбөздөрүн диниятчылар «ыйык» деп жарыялап, ар кыл шайыктар ал күмбөздөрдү өзүнүн укум-тукумуна энчилеп, анын жардамы менен өзүнүн тигил же бул жердеги диний үстөмдүгүн жүргүзүүгө умтулгандыгы чындык. Ошондой эле жалган жерден тигил же бул бейитти кайсы бир чыгаандын мазары катары жарыялап ийгендер («шарлатандар») да чыккан.

---

[288] Əskər, Ramiz. Mahmut Kaşgari’nin 1.000 İllik Yubileyine… - URL: http://www.kasgarlimahmud.org/ramiz_asker-1000_bibliyografya.htm

[289][289] Караңыз: Мирзазаде, Чимназ Хады. Паремии... – С. 99.

[290] Əskər, Ramiz. Mahmud Kaşğarinin ‘Divanü lüğat-ıt-türk’ əsəri üzrə biblioqrafik... – Б. 6.

Учурунда ошондой алдамчы шайыктардын бирин атактуу султан жана калемгер Захир ад-Дин Мухаммед Бабур (14.2.1483 – 26.12.1530) ашкерелеген экен. Азыркы басма сөздө да ушу сыяктуу алдамчы «шайыктар» жакынкы кезге чейин эле карапайым адамдарды өзүнө ишендирип келишкендиги эскерилет.

Балким, Ополдогу «Арык-Булак» дөңсөөсүндөгү алиги мазар Махмуд Кашгари Барскани («Диванда») менен Абд ал-Карим ас-Сам'ани («Ныспалар китебинде») эскерген кашкардык диниятчы Хусейин Кашгаринин (1091-ж. өлгөн) бейитидир, - деп жазган элек.

Бул божомолду эми көңүлдөн чыгарууга туура келет, себеби ал диниятчынын Хусейин ибн Халаф экени белгилүү болду. Ал эми бул Хусейиндин кандай урпактары болду экен? Анын да диниятчылардын сулалесинин бабасы болуу мүмкүндүгү бар эмеспи! (Бул адамды ал-Алма'инин атасы Абу 'Абдаллах ал-Хусайн ибн 'Али ибн Халаф ал-Кашгари менен чаташтырбоо керек[291]).

Моңгол-татар калайманынын доорунда Турпандагы «каапырлардын динин туткан» Уйгур идикуттугу («ыйык-кут» өкүмдардын өлкөсү) өз жашоосун токтотуп, ички азиялык бир катар «каапыр» түрк-монгол элдери Турпан ойдуңуна, Чыгыш Теңир-Тоого жана Чыгыш Памирге журт которуп келип, алардын бир далайы XIII-XVII кк. жаңыдан мусулмандаштырылган.

Бул жаңы ооп келген калайыкты исламга тартуу үчүн чөлкөмдөгү XIII-XVII кк. ханафий сопу, кожолор биринен бири өтүп аракеттенишкен. Алардын мындай «эрдиктери жана олуялыктары» Мухаммед Садык Кашгаринин «Тазкира-йи хожаган» («Кожолор баяны») деген 1768-1769-жылдарда жазылган эмгеги сыяктуу аймактык тарых чагылдырылган бир катар диний эмгектерде баяндалат.

Балким орто кылымдардын аягында молдо-кожолор алиги күмбөз-мазарды «ыйык» деп жарыялаганда, алар Махмуд Кашгариге аты менен ныспасы уйкаш, арийне, XV-XVIII кк. аралыгында жашаган башка бир диниятчыны айтышкандыр?

Биз 2014-жылы бул мазарга жана эл аралык туристтик жайга айланып калган жайга бардык, секулярдык бийлик тарабынан жаңы салынган күмбөздү жана башка туристтик жайларды шашпай кыдырдык.

---

[291] Материалы по истории Средней и Центральной... - С. 102 (Жамал Каршинин эмгеги).

Опол жергесиндеги Махмуд Кашгариге таанык деп жоромолдонуп, үстүнө жаңы күмбөз тургузулган бейит. КЭР.

Опол жергесиндеги жергиликтүү тургундардан “бул мүрзө чын эле Махмуд Кашгариге таандык беле?” деп сурасак, айрымдары жооп бергиси келген жок, бир улгайган айым болсо “мурда кожонуку дешчү, эми өкмөт Махмуд Кашгариники деп айтып жатат ко”, – деген жоопту узатты. Албетте, жергиликтүү бийликке ушундай жоромолду айрым илимпоздор таңуулагандыгын бул карапайым тургун кайдан билсин.

Жыйынтыктасак, солгунурак топтолгон даректер азырынча Махмуд Кашгари Барсканинин канча жашында көзү өткөндүгү, ал каза тапкан соң кайсы жерге коюлгандыгы тууралуу маселени толук бойдон чечилди деп эсептөөгө мүмкүндүк бере албайт. Аалымдын өмүрү сырга кандай бай болсо, ошол бойдон табышмактанып кала берүүдө.

I.3. Махмуд ал-Кашгаринин илимий мурасы

«ДИВАНДЫН» ЖАЗЫЛЫШЫ ТАРЫХЫ

Эмгектер жарык көргөн доорду гана эмес, алардын жазылышынын так убактысын аныктоо илимпоздор үчүн зор маниге ээ. Кайсы бир жылдардын же айлардын такталышы, асардын жазылган жеринин аныкталышы менен тигил же бул аалымдын өз доорундагы илимде ээлеген орду тууралуу тагыраак түшүнүк ала алабыз.

Махмуд Кашгари Барсканини эң алгачкы илимпоз-түрколог деп да, XI кылымдагы түркология илиминин «Радлову» деп да баалап жүрүшөт (В.В.Радлов да өз доорунун Махмуд Кашгариси катары урматталууга татыктуу). Бул деңгээлге аны ойдон тоого, талаадан чөлгө өтүп жер кезген диалектологдук мээнети гана жеткирген жок. Эң негизгиси - ал жөн гана саякатчы эмес, топтолгон маалыматтын негизинде түрк тилдерин жана диалектилерин таасын сыпаттап берүүгө баш койгон аалым. Бул үчүн анын жогорку илимпоздук даярдыгы сөзсүз болууга тийиш эле.

Кеп, албетте, анын араб тилин өз эне тилиндей эле «суудай билгендиги» тууралуу болуп жаткан жок. Бул - турган нерсе, себеби ансыз ал өз заманынын илим дүйнөсүнө башпага да алмак эмес. Бул жерде кеп - анын орто кылымдарда илим тили катары таасын өнүккөн араб тилин жакшы билгендиги тууралуу жүрүп жатат.

Окумуштуулар белгилегендей[292], VIII к. эле араб лингвистикалык системасы калыптанган. Араб тил илими чыгышында - Индия, батышында - Жер Ортолук деңиз жээктериндеги маданий очокторду бири-бирине байланыштырган халифаттын доорунда грек, сириялык, латын, индиялык тил илимдеринин жетишкендиктерин араб жана мусулман дүйнөсүнүн илимий кыртышында өнүктүрүүнүн натыйжасында өз заманындагы эң алдыңкы орундагы илимге айланган. Арабдардын лингвистикалык илимий салты кийин иран, түрк тил илимдерине гана эмес, европалык чыгыш таанууга[293] да чоң таасир тийгизген.

Арабдардын эң алгачкы ири грамматисттеринин бири катары Халил ибн Ахмад ал-Фарахиди (الخليل بن أحمد الفراهيدي; же болбосо Фархуди) аталып жүрөт.

---

[292] Ахвледиани В.Г. Арабское языкознание... – С. 62.

[293] Ахвледиани В.Г. Арабское языкознание... – С. 62 - 63; Haywood J.A. Arabic Lexicography... - P. 118 - 119; Рибалкін В.С. Класична арабська лексикографія... – С. 65 - 72.

Анын толук ысымы Абу 'Абдуррахман ал-Халил ибн Ахмад ибн 'Амр ибн Таммам ал-Фарахиди ал-Азди ал-Йахмади эле. Ал хижранын 100-ж. / 718-719-ж. туулган. Хижранын 170- же 175-ж. / 786-ж. же 791-ж. кайтыш болгон бул окумуштуу[294] биздин күндөргө чейин жеткен эң байыркы араб грамматикасы - Басра шаарынан чыккан тилчи Сибавейхинин (794-ж.өлгөн) «ал-Китааб» эмгеги үчүн негизги булакты كتاب العين - *«Китаабу л-'айн»* («'Айн - ع тамгасынын китеби») эмгегин жазган.

Бул китеп араб тилинин түшүндүрмө сөздүгү катары араб тилчилери үчүн колдон түшкүс окуу куралы болгон. Анын түзгөн сөздүгү араб тилинин лексикалык казынасын өтө толук камтуу аракети менен айырмаланган[295]. Бул сөздүккө чынында да араб тилинин колдонулган сөздөрү менен катар эле, Халил ал-Фарахиди логикалык-математикалык усул менен тапкан болжолдуу («колдонулбай калган» деген аныктамага ээ) бир катар сөздөр да киргизилген[296].

Өз кезегинде бул эмгекти Махмуд Кашгари Барскани да дурус үйрөнгөн. Ал «Дивандын» кириш бөлүмүндө мындайча эскерет:

«... адегенде, өз китебимди «'Айн тамгасы китебин» ал-Халил түзгөн ыкмада даярдасамбы, алигиче колдонулуп келаткан сөздөрдү ушу тапта колдонулбай калгандарга (гипотетикалык сөз бирдиктерине, - Т.Ч.) чогуу эле кошуп кеп кылсамбы деген ой көкүрөккө төндү эле»[297].

Мындан улам, балким, Махмуд Кашгари Барскани өз изилдөөсүнүн алгачкы усулу катары априори (тажрыйбага чейин) ал-Халилдин ыкмасын тандап алып, кийин гана ал ыкма түрк тилдерине жарабай тургандыгы өз тажрыйбасынан сезилген соң андан баш тартканбы, деп ойлойбуз.

«**Бул ыкма**, - дейт Махмуд Кашгари Барскани, - **олуттуу түрдө камтып бермек (түркчө тилдик байлыкты). Бирок мен туткан ыкма андан да туура, мыкты: андагы сөздүн табылыш орду жакын чыкты, адамдар көксөп ага ашыгышты. Ошондуктан аз жана саз жазуу талабын көздөп, колдонулчу сөздөрдү алдым да, колдонулбай калганын козгободум**»[298].

---

[294] Ibn Khallikan's Biographical Dictionary. - Vol. 1. - P. 497; Haywood J.A. Arabic Lexicography... - P.20.

[295] Haywood J.A. Arabic Lexicography... - P. 28-40. Автордугу ал-Халилге таандык кылынып жаткан дагы бир эмгек жөнүндө караңыз: Рибалкін В.С. «Книга різновидів»... - С. 68.

[296] Ахвледиани В.Г. Арабское языкознание... - С. 91.

[297] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım. - S. 2b - 3a.

[298] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım. - S. 3a.

Махмуд Кашгари Барскани тилчи ал-Халилдин ыкмасын түрк тилдеринин лексикалык байлыгынын кыртышында кандайча элестеткени бүгүнкү окурманга кызык эмеспи, ошондуктан «Диванда» бул ыкмага карата берилген мисалдардан келтирели:

«арык **- арык; колдонулат;**
акыр **- акыр; колдонулат;**
кар **- кар; колдонулат;**
кара **- кара; колдонулат;**
рака **- колдонулбайт;...**
азук **- азык; колдонулат;**
акуз **- колдонулбайт**...»[299] ж.б. сөздөр.

Мындагы «рака» жана «акуз» деген сөздөр - аларга чейинки сөздөрдөгү үнсүз тыбыштардын (арабдар үчүн алар сөздөгү уңгулуу тыбыштар) орун алмаштырылышынан улам тилчи өзү ойлоп тапкан гипотетикалык (مهمل - *«мухмал»* - «көңүлгө алынбаган», б.а. «колдонулбаган»[300]) сөздөр.

Демек, бул ыкма автордун көңүлүнө төп келбеди. Себеби, анын оюнча керексиз сөздөр менен китеп оордоп, окурмандын кабыл алуусун кыйындатып коёр эле.

Албетте, түрк тилдерине араб тилинин уңгулуу тыбыштар системасы эч төп келбей тургандыгы тууралуу илимий жыйынтыкты чыгаруу Махмуд Кашгари Барскани үчүн саал эрте эле. Себеби ал - алгачкы лингвист-түрколог болгон, кээ бир жагдайды интуициясы менен түшүнгөнү менен, кээ бир жагдайды ачыктай алмак эмес; анын өзүнө шериктеш эч бир түркологиялык илимий институт болгон эмес.

Араб тилинен айырмаланып, түрк тили агглютинативдик тилдерге жатаары тууралуу тыянак азыркы (европалык) түркология илими тарабынан көптөгөн тил илимин синтездөөнүн негизинде гана чыгарылды. Ошондой болсо да бул эки тилдин эки башка системага кире тургандыгы, А.Н.Кононов менен Х.Г.Нигмашовдун орток пикирине караганда[301], Махмуд Кашгари Барсканинин түрк тилдериндеги этиштин мамилелеринин жана чактарынын жасалыш жолдорун араб окурманына түшүндүрүүсүндө өтө таасын чагылдырылган.

Эми, Махмуд Кашгари Барскани тандап алган кийинки ыкмага келе турган болсок, анын негизги бир мүнөзүн өзү белгилейт: *«колдонулуучу*

---

[299] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım. - S. 3a.
[300] Караңыз: Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 9.
[301] Кононов А.Н., Нигмашов Х.Г. Махмуд Кашгарский... - С. 133.

сөздөрдү чагылдырдым...»[302] Махмуд Кашгари өзү шилтеме бербесе да, XX к. чыгышпоздору бул колдонулган усулдун ойлоп табуучусунун ысымын жана эмгегин аныктай алышты.

Лейпцигде чыгуучу «Ориенталистише литературцайтунг» гезитинде 1921-ж. жарыяланган Г.Бергштрассердин «Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» эмгеги үчүн үлгү» деген макаласында[303] Махмуд Кашгаринин ыкмасы өрнөк катары ал-Фарабинин эмгегинен алынгандыгы биринчи болуп далилденген.

(Профессор Г.Бергштрассердин бул өтө чакан, бирок оригиналдуу гезиттик макаласын 1996-жылдын 30-мартында Сорос-Кыргызстан Фонду аркылуу Британияга чыгармачыл иш сапарым менен барганымда Лондон университетинин Чыгыш таануу жана африканистика мектебинин китепканасынан таптым. Бул фондго башка да кызыктуу материалдарды табуума жакшы шарт түзүп бергени үчүн ыраазылык билдиремин. Ал эми томдорго татый турган гезиттик макала жана баяндама тезистер болору Г.Бергштрассердин ушул макаласынан айгиненелет десек болот).

Кийинчерээк Г.Бергштрассердин пикирин К.Броккелман, Ж.Келли, А.Б.Халидов сыяктуу арабисттер[304] да ырасташты.

Абу Ибрахим (кыргызча - Ыбрайым) Исхак ибн Ибрахим ал-Фараби (الفارابي; 350-хижра жылы, б.а. 961 - 962-ж.өлгөн) тууралуу кеңири биографиялык маалыматтар жок. Өзүнүн ныспасынан көрүнгөндөй, бул аалым Фараб шаарынан чыккан[305]. Кийин Отрар деп да аталган бул шаар азыркы Түштүк Казакстандын аймагында Сыр-Дарыянын төмөнкү агымынын чөлкөмүндө жайгашкан. Абу Ибрахим Исхак ибн Ибрахим ал-Фарабинин негизги эмгеги - ديوان الادب - «Диван ал-адаб» («Адеп жыйнагы», «Орошон билимдүүлүктүн сөз жыйнагы») өз доорунун адептүү, билимдүү, тектүү катмары үчүн зарыл болгон араб тилинин лексикасы менен морфологиясы боюнча жогорку деңгээлдеги таалимди берүүгө арналган.

Мааниси өтө зор бул илимий эмгек Мысырдын борбор шаары Каирде 1974-1979-жылдары доктор Ахмад Мухтар Омар тарабынан төрт томдук болуп жарыяланды. Ал изилдөөчүнүн эсебине караганда, «Диван ал-адаб» эмгегинде жыйырма төрт миңдей лексикалык бирдик топтолгон[306]. Эмгектин толук аты - «Дивану л-адаб фи байани лугати л-'араб» - «Араб тилдерин баяндоодогу орошон билимдүүлүктүн сөз жыйнагы».

---

[302] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkibasım. - S. 3a.
[303] Bergsträsser G. Das Vorbild von Kasgari's Diwan... - S. 1 54-155.
[304] Brockelmann C. Geschichte der Arabischen... - Supplementband I. - S. 195 - 196; Kelly J.M. A Closer Look... - P. 497; Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 15, прим. 21.
[305] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 5.
[306] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 4, 10.

Исхак ал-Фараби өз эмгегин Аббасийлер халифатынын ички аймактарында гана жазышы мүмкүн эле, анын өз Атажуртунда мындай илимий шарт жок болчу, - деген пикирди араб иликтөөчүсү Ахмад Мухтар 'Умар билдирет. Пикирибизде, аны сынга алып, Саманийлер доорунда жашаган бул түрк илимпозу халифаттагы илимий чөйрөлөрдөн таалим алган соң, кайра мекенине кайтып, Фараб шаарынан эле өз эмгегин аяктай алган жана өз китеби боюнча жергиликтүү шакирттерине дарстар окуган, - деген петербургдук арабист А.Б.Халидовдун оюн толук колдоого болот[307].

Халифаттын чордонунан (азыркы Ирак шаарынын борбору Багдад шаарынан) алыс чөлкөмдө болуу - мурда үстөмдүк кылып келген лингвистикалык илимдеги усулдарга карата эркин мамиле кылууга, балким, ал-Фараби үчүн кошумча өбөлгө болгондур.

Профессор Г.Бергштрассер белгилегендей[308], Абу Ибрахим Исхак ал-Фарабинин бул эмгегинин толук аталышы да Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгегине кандайдыр-бир аталыштык өрнөк болгон («Дивану... лугати л-'араб» / «Дивану лугати т-түрк»).

Арабча сөздөрдүн арабча эле түшүндүрмөсүн берип, көп учурда бул сөздөргө иллюстрациялык мисалдарды жабдыган бул оригиналдуу (арабча-арабча) сөздүк алты «китепке» (башкача айтканда - бапка) бөлүнгөн. Ар бир «китеби» эки бөлүктөн турат. Эмгектин киришүүсүндө белгилегенибиздей, Исхак ал-Фарабинин «Диванынын» Оксфорддогу Бодлеан китепканасында сакталган кол жазма көчүрмөсүн (MS Pococke 227 шифри коюлган; 369 барак)[309] 1997-ж. июнь айында карап чыктык.

Сөздөрдү жайгаштыруу тартиби «Диван ал-адабда» араб тил илиминде мурда колдонулбаган өзгөчө бир жаңы ыкмада жүргүзүлгөн: Исхак ал-Фараби сөздү уңгулук консонанттардын (сөз уңгусундагы үнсүз тыбыштардын) алфавиттик тартиби боюнча ирээттүү жайгаштырып, эң башкысы, оболу сөздөгү акыркы үнсүз тамганын алфавиттик өзгөрүшүн, анын артынан экинчисин, үчүнчүсүн, андан соң кийинкисин... эсепке алып жүрүп отурган.

Мында арабча сөздөрдү сөздүккө жайгаштыруу жана андан издеп табуу системасы түп-тамырынан бери өзгөргөн. А.Б.Халидов белгилегендей, Исхак ал-Фараби жаңы ыкмасы аркылуу араб лингвисттерин божомолдонгон сөз уңгулары жана болжолдуу

---

[307] Халидов А.Б. Два творческих портрета... - С. 115; Он же. Словари Исхака... - С. 6, прим. 6.

[308] Bergsträsser G. Das Vorbild von Kasgari's Diwan... - S. 154 -155.

[309] ал-Фараби, Исхак ибн Ибрахим. Китабу дивани л-'адаб...

лексемалар деген артыкбаш маселеден четтетип, аларга реалдуу тил маселелерине көңүл коюуга багыт берген[310].

Айтмакчы, анын бул ыкмасын (Жон Хэйвуд аны «ыргактык, б.а. ритмдик тартип - the rhyme order» деп атайт[311]) кара чечекей жээни жана шакирти Абу Наср Исма'ил Ибн Хаммад ал-Жавхари ал-Фараби (1002-1007-жж. аралыгында өлгөн) өзүнүн «Таажу л-луга ва-сыхаху л-'арабиййа» («Сөз таажысы жана араб тилинин туура сөздүгү») деген эмгегинде өтө толук пайдаланып, аны өнүктүрөт.

Тек, бүт «ислам маданиятынын» чөлкөмүнө кеңири тараган бул эмгегинде Абу Наср ал-Жавхари таякеси Исхак ал-Фарабини өз окутуучусу катары бир да жолу эскербей өткөнү бүгүнкү иликтөөчүлөрдү таң калтырат. Ошол доордо өзүнүн устатын ыраазылык менен белгилей өтүү, профессор А.Б.Халидов туура жазгандай[312], демейдеги талаптардын бири эле.

Ал-Жавхаринин «Сөз таажысындай» (кыскартып аны الصحاح - «ас-Сыхах» — «Туура сөздөр» деп да коюшат) деңгээлде болбосо да, таякеси Исхак ал-Фарабинин эмгеги да мусулман чөлкөмүндө кеңири таралган.

Арабист А.Б.Халидовдун жазганына караганда, грамматикалык идеяларынын жана сөздүккө таандык ыкмасынын өзгөчө ийгиликтүү айкалышуусунан улам, Исхак ал-Фарабинин усулу араб эмес элдердин тил өзгөчөлүктөрү үчүн куп келип, дал ошондуктан бул усул эң алгачкы «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» үчүн жана адепки арабча-фарсыча сөздүктү түзүү үчүн үлгү катары колдонулган. Демек,. «Дивану л-адаб» эмгеги менен Исхак ал-Фараби түрк жана иран лексикографиясынын илимий тармак катары калыптанышына өз таасирин тийгизген[313].

Демек, Махмуд Кашгари Барсканинин мурасын үйрөнүп-изилдөөнүн комплекстүү милдеттеринин бири - анын өзү ысымын атабай кеткен дагы бир ири тилчи жердеши – борбордук азиялык Исхак ал-Фарабинин жана анын жолун жолдоочулардын асарларын ар тараптан үйрөнүп, «Дивану лугати т-түрк» менен салыштырып иликтөө маселеси. Жогоруда айтылгандардан улам айрым иликтөөчүлөрдүн Махмуд Кашгари Барскани сөздүгүндөгү лексикалык материалды жайгаштыруу усулун өзү ойлоп тапкан деген жыйынтыгына[314] саал оңдоо киргизүүгө туура келет.

---

[310] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 11.
[311] Haywood J.A. Arabic Lexicography... - P. 68-69.
[312] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 12, прим. 10 и 11.
[313] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 14.
[314] Мэхмут Қэшқэрий. Түркий тиллар... - Т. 1. - Б. 15-16 (Басмага даярдоо тобунун кириш сөзүнөн).

Махмуд Кашгари Барскани араб тил илиминдеги жетишкендиктерди өз максатына ылайык чыгармачыл үйрөнүп туруп гана китебине киришкен. Ал талбай топтогон лексикалык бай казына анын түркологдук эң ири салымдарынын бири. Ага чейин түрк тилдеринин сөздүгүн жыйнаган бир да аалым чыккан эмес, - деп бүгүнкү күндөгү колдогу маалымааттардын негизинде ырастап айта алабыз.

Махмуд Кашгари «Диванды» халифаттын борбору Багдадда бүтүргөн деген пикирди көпчүлүк окумуштуулар колдошот. Кийинки изилдөөсүндө А.Б.Халидов Махмуд Кашгари Барскани өзүнүн эмгегин Селжуктар дөөлөтүнүн байтактысы Исфахан (Ыспаган) шаарында бүтүрүүсү да мүмкүн экендигин белгилеген[315]. Огуздар тууралуу кеңири маалыматтарды эске алып, бул пикирдин да орундуу экендигине макул болобуз. Арийне, «Диванда» бул шаар да, Багдад да эмгек бүткөрүлгөн жер катары эч эске алынган эмес.

Селжуктардын негизги баш калаалары Нишапур менен Мерв (азыркы Түркмөнстандагы Мары шаары) болсо «Дивандын» жазылган жери менен байланыштырбастан жөн гана анда эскерилип өткөн. Ал эми айрым изилдөөчүлөр (П.К.Жузе, Х.Х.Хасанов ж.б.) «Диван» Кашкар шаарында жазылып бүткөн, - деп эсептешет[316]. Бирок, эгерде «Дивандагы» огуздар тууралуу атайылап кеңири берилген маалыматтардын саясий маанисин көңүлдө тутсак, кийинки пикир да чындыктан алысыраак тургансыйт.

Эми «Дивандын» өзүндө кандай маалыматтар анын жаралыш тарыхын чагылдырат? деген суроого келели.

«Диванды» көчүргөн Мухаммед ибн Абу Бакр ас-Сави ад-Димашкынын маалыматына назар салалык. Айтмакчы, “Дивандын” бул ирандык көчүрмөчүсүн азербайжандык профессор Рамиз Аскер “түпкү теги Түштүк Азербайжандын Саве шаарынан болгон, Дамаскка барып байырлап калган тектешибиз” (“*әслән Жәнуби Азәрбайҗанын Савә шәһәриндән олан, Шама (Дәмәшгә) йерләшән сойдашымыз*”)[317] деп белгилейт. Теги боюнча азербайжанбы, түркмөнбү, огузбу, парсыбы, айтор, ас-Сави арап жана огуз түрк тилдерин да билген өз доору үчүн полиглот инсан болгон го деп боолголойбуз.

Мухаммед ас-Сави ад-Димашкынын билдиргенине караганда, Махмуд Кашгаринин өз колунан чыгып, бизге жетпей калган түп нускасынын (автографтын) акыркы бетиндеги жыйынтыктоо

---

[315] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 16-17.

[316] Жузе П.К. ديوان لغات الترك Thesaurus...; Хасанов Х. Кошғарийнинг жуғрофий мероси. - С. 14.

[317] Əskər, Ramiz. Mahmut Kaşgari’nin 1.000 İllik Yubileyine…

бөлүмүндөгү үч бурчтанып барып бүткөн саптарында (колофонунда) төмөнкүлөр жазылган экен:

«**Бул китептин жазылышы биринчи жумада (жумаадаа ал-'уулаа), айынын биринчи күнү [төрт жүз] алтымыш төртүнчү жылы башталып** (б.а. 1072-ж. 25-январда. - Т.Ч.), **оңдоолордон, жакшыртуудан жана төрт кайра көчүрүп жазуудан кийин төрт жүз алтымыш алтынчы жылдын Акыркы жумада (“мин жумаадаа л-аахирии) айынын онунда [аптанын] экинчи күнү** (б.а. 1074-ж. 10-февралда, дүйшөмбүдө. - Т.Ч.) **соңуна чыкты**»[318].

Жекшемби (парсыча “йакшанбе”) – аптанын ишембиден кийинки биринчи күнү, ал эми дүйшөмбү (“душанбе”) – ишембиден кийинки экинчи күн. Текстте арапча “йавма л-иснайни” (“экинчи күн”) деп жазылган.

Бирок мындагы акыркы датаны (466-хижра жылынын Акыркы жумада айынын 10у) көп иликтөөчүлөр жаңылыш деп акыйкат белгилешет. Себеби Махмуд Кашгари тексттин ичинде мындан башка үч жерде изилдөөчүлөр эске аларлык башка да маалыматтарды келтирет.

Биринчиден, Махмуд Кашгари Барскани жазган «Сөз жыйнактын» кириш бөлүмүндө: «**Ушул китебимди, Алла-тааланын көмөгүн көксөө менен түбөлүккө эстелсин да, өчпөс издей чектелсин деп жазып бүттүм, ага «Дивану лугати т-түрк» деген атты туттум**», – деген татаал сүйлөмүнө улай жазылган: «*би-расми-л-хазрати... ал-Муктади би-Амриллах Амири-л-муминиин ва халифати Рабби-л-'ааламиин...*» бөлүгүн жакшылап таразалоо зарыл.

Мындагы «би-расми-л-хазрати» сөзүн А.Б.Халидов «для {буквально: по повелению} Присутствия...»[319] деп которот. Башкача айтканда, арапча الحضرة - «ал-хазра» сөзүн орустун эски падыша

[318] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 319b. – Салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С.1078.
[319] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 51.

сарайлык термини - «присутствие» (салтанаттуу кабыл алуу, чогулуш ж.б.өтчү мезгил жана анын орду, расмий зал ж.б.) деген сөзү менен таржымалайт.

Бул парчаны толугураак которсок:

«... Касиеттүү, Пайгамбардык, Имамдык, Хашимийлик, Аббасийлик биздин Сейитибиз (же Кожоюнубуз) жана биздин Мырзабыз Абулкасым Абдулла ибн Мухаммед ал-Муктади би-Амрилланын - исламга ишенгендердин Эмиринин жана ааламдардын Кожоюнунун халифинин кашына алып келүү ырасмысын жасоо үчүн...» - деген маанини алабыз[320].

Мындан Махмуд Кашгари өзүнүн китебин халиф Муктади би-Амриллага багыштоо ниетинде болгонун билебиз. Бирок бул ниети аткарылганбы же жокпу, – бизге беймаалым бойдон кала берүүдө.

Айтор, аббасийлик халифтердин Багдадда отурганын эске алсак, Махмуд Кашгари Барсканинин китеби акыры Багдадга жетүүгө тийиш эле. Ушу жерден Аббасийлер сулалесинен чыккан халифтердин бири ал-Муктади би-Амрилла (бул ылакап ат арабчадан «Алланын буйругу - амири менен өзүн багыттаган» деп таржымаланат) жөнүндө сөз кыла кетсек болот.

Бул халиф (Абу-л-Касым 'Абдуллах ибн Мухаммад ал-Муктади) Аббасийлердин жыйырма жетинчи халифи болгон. Анын атасы бул болочок халиф энесинин боюна бүткөндө эле каза болгондугу тууралуу[321] араб тарыхчысы Жалал ад-Дин ас-Суйуути (1445-1505) өзүнүн халифтердин тарыхына арналган эмгегинде жазып калтырган.

Халиф ал-Муктади би-Амрилла 467-хижра ж. / 1075-ж. апрелде чоң атасы ал-Ка'имдин ордуна бийликке келип, 487-хижра ж. / 1094-ж. февралда өлгөн[322]. Демек, Махмуд ал-Кашгари «Диванды» ага арноо ниетинде болгонун эске алсак, «Дивандын» акыркы редакциясынын бүтүрүлгөн убактысы эч качан 1075-жылдан эрте эмес.

Жогорудагы 466-хижра ж. / 1074-жыл, балким, китептин алгачкы редакцияларынын биринин датасы, же болбосо Р.Данкофф менен Ж.Келли божомолдошкондой[323] 469-жыл деген сан көчүрмөчү ас-Сави тарабынан 466-жыл деп тек гана жаңылыш жазылып калган: арапча тогуз - تسعة (٩) саны менен алты - ستة (٦) саны жазылыш жагынан кыйла

---

[320] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)...; салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А.М.Ауэзовой. – С. 54. (мындагы вариантта аксарай тили менен ойкуштатып отурбастан, «я посвятил ее» («мен китепти арнадым») деп которулган).

[321] as-Suyúti. History of the Caliphs. - Vol. 5. - P. 443-444.

[322] Hartman A. al-Muktadi... - P. 540; Işiltan F. Muktedí... - S. 573 - 575.

[323] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... - Pt. 1. -- P. 6.

окшош, бирок текстте жыл көрсөткүчү сан (цифра) менен эмес, сөз менен жазылгандыктан, чаташуу түп нускадагы текст начар окулуп калгандыгынан улам келип чыгышы да ыктымал.

Экинчиден, «Дивандын» башка бир жеринде:

«**Нек йылан - улуу / ажыдаар («дракон»). Нек йылы - он эки жылдык мүчөлдүн бир жылынын түркчө аталышы. Ал эми ушу китепти жазып бүткөнүбүздөгү төрт жүз алтымыш тогузунчу жыл - дал ушундай аталган жыл**»[324] , - делген. Мындагы 469-жыл христиандык 1076-1077-жылга туура келет.

Биздин ишенимибизде, дал ушул **1077-жыл – «Диванды» жазуу ишинин аяктаган жылы** болуп саналат (эми бул бүтүмүбүздү төмөнкү салыштырма маалыматтардан кийин дагы бир ирет эскертебиз).

Үчүнчүдөн, «Диванда»: «**Биз бул китепти жазганыбызда 466-хижра жылынын мухаррам айы эле, жылан жылы кирген; ал эми бул жыл өтсө - төрт жүз жетимишинчи жыл (سنة سبعين) – "жылкы жылы" башталат**»[325] – делген.

Бирок мындагы акыркы дата - көчүрмөдө ас-Савинин колу менен 70-жыл деп жазылганын, кийинки бир кол аны чийип, кызыл сыя менен оң жак четине "алтымыш жетинчи (سبعة و ستين) жыл" деп оңдоп койгонун Б.Аталай өз мезгилинде баамдаган жана котормосуна ас-Савинин вариантын туура катары берген.

(Түркиялык түрк тилине которгон Б.Аталай атайын шилтемесинде[326] Килисли Риф'ат текстти басмага даярдоо учурунда ас-Савинин жазганын эмес, тескерисинче, кийинки колдун оңдогон вариантын ээрчип кеткенин туура белгилейт. Ал эми Килисли Риф'ат болсо "жетимиш" (سبعين) деген сөз ката, аны "алтымыш жети", б.а. хижранын 467-жылы катары оңдоо туура болоор эле, - деген пикиринен кийинчерээк да жазган эмес[327]).

Котормочу Бесим Аталайдын бул түзөтүүсү - биз үчүн өтө маанилүү. Себеби 466-хижра жылы азыркы жылнаама (календарь) боюнча 1073-жылдын сентябрынан 1074-жылдын октябрына чейин созулган. Бирок бул жыл түрктөрдүн жылан жылына эч туура келбейт. Жылан жылы бул учурда 466-жылга эмес, 469-жылдын экинчи жарымы – 470-жылдын биринчи жарымына (азыркыча 1076—1077-жылдарга) туура келмек.

Демек, "Дивандын" бүткөрүлгөн датасы тууралуу Махмуд Кашгари Барскани көрсөткөн маалыматтагы жергиликтүү жылнааманын

---

[324] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 257a.
[325] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 87b.
[326] Atalay B. Divanü lugat-it-Türk tercümesi. - Cilt 1. - S. 346, aşagıdaki not.
[327] Rifat, Kilisli Muallim Rifat. ديوان لغات الترك ün Telifi Tarihi. - S. 35.

маалыматын (“*жылан жылы*”) башкы деп кабыл алуу ыңгайлуу, анткени арап жылдарынын аталышы көчүрмөчү тарабынан жаңылыштык менен алмаштырылып жазылып калышы ажеп эмес.

Ал эми 467-жылды жөн гана “*жылкы жылы*” деп да эсептөө оркойгон ката болоор эле, анткени чынында да жылкы жылы төрт жүз жетимишинчи хижра жылынын жылан жылынан калган мезгилин өзүнө камтуу менен башталат.

Демек, “Дивандагы” мисалдарыбызды тартипке салсак, анда колофондогу (жыйынтыктоочу саптардагы) 466-жылды — 469-жыл деп, ал эми жылкы (ат) жылын – арабча *«санату л-фарас»* (سنة الفرس) деп Махмуд Кашгари Барскани өзү которгон жана эски түркчө «йүнд йылы» деп берген жылды – 470-жыл деп окуу керек.

Мунун натыйжасында китептин жылан жылы бүткөнүн тастыктайбыз.

Бирок Махмуд Кашгари Барскани 469-жылды мурдагы парчада нек («улуу», б.а. «ажыдаар») жылы катары да көрсөтүп жатпайбы? деген суроо туулушу мүмкүн. Бул жерде, бирок, эч кандай чаташуу жок. Себеби ай календары катары иштеген хижра жыл санагынын 469-жылы – бир эле учурда *нек жылынын* экинчи жарымына (1076-ж.) жана *жылан жылынын* биринчи жарымына (1077-ж.) туура келет[328].

Түрк калктарынын, анын ичинде кыргыздардын жана Карахандар мамлекетиндеги башка түрк этносторунун он эки жаныбардын атына байланыштырган жыл санак системасы күн календарына негизделгендиктен, азыркы тапта орозо айы күн календары болуп саналган григорийлик жыл санак боюнча улам башка айларга туура келип жаткан сыяктуу эле, орто кылымдардагы түрк элдеринин күн жылсанагына негизделген жыл аталыштары менен ай жыл санагына негизделген хижра санагынын жыл көрсөткүчтөрү улам кошумча тактоону талап кылган, бирок эч ким бул он эки жаныбарга байланыштуу (“мүчөлдүк”) жыл санактан адашчу эмес.

Корутундуласак, чыгыш таануучулар А.З.Велиди-Тоган, Р.Данкофф, Ж.Келли ж.б. сунуш кылган «Дивандын» башталышынын жана жазылып бүтүрүлүшүнүн убактысы катары 1072-1077-жылдарды алуу[329] илимий жактан туура болуп саналат.

Демек, 2017-жылы Махмуд Кашгари Барсканинин “Диванынын” жазылып бүткөрүлгөндүгүнүн 940 жылдык мааракеси белгилениши зарыл.

Айтмакчы, орусиялык академик А.Н.Кононов менен профессор А.Б.Халидов болсо француз чыгыш таануучусу Луи Базенди

---

[328] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... - Б. 60-61.

[329] Togan A. Z. Velidi. Divan-i Lugat ut-Turk'un te'lif senesi... - S. 77-78; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... - Pt. 1. - P.6-7.

колдошуп, сөздүктү Кашгари 1072-жылы 25-январда жазууга киришкен жана 1083-жылдын 27-октябрында аяктаган, - деп жыйынтыкка келишет[330]. Мындагы «1083-жыл» колофондогу 466-хижра (жылан) жылын дагы он жылга секиртип, «476-жыл» деп бул изилдөөчүлөр тарабынан оңдоодон улам алынган.

Акыркы датаны туура деп эсептеп, А.Б.Халидов өтө олуттуу далил табууга аракеттенген: араб тарыхчысы Ибн ал-Жавзинин эмгегине шилтеме берип, петербургдук изилдөөчү 475-хижра жылы (1082-ж.) он сегиз жашар халиф Муктади султан Мелик-шах менен анын канышасы Туркан-Хатундун кызына жуучулукка киши жибергенин эскерет. Ал эми 1077-ж. халиф он эки гана жашка чыккан, ага бир нерсени арноолор жөнүндө ойлоо да кыйыныраак — халиф сөз жүзүндө гана бийликте турган, - деп жазган маркум А.Б.Халидов[331].

Ушу жерден эскерте кетсек болот: халиф ал-Муктади би-Амрилланын атасы халиф ал-Ка'им (1031-1075-жж.) 464-хижра жылы (1071-1072-ж.) селжук султаны Алп-Арсландын кызын өзүнүн мурасчысы болгон небересине кудалагандыгы тарыхта маалым.

Демек, ыңгайлуу дипломатиялык шарттар огуздар (Селжук султандары) менен Багдаддагы халифтердин ортосунда XI к. 70-жылдарында да өкүм сүргөн.

Ал эми халиф Муктадинин туулган жылына келсек, «Ислам энциклопедиясынын» (Стамбул) 8-томунда бул халифке арналган макалада ал 1056-ж. халиф ал-Ка'имдин жалгыз уулу Мухамеддин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келгендиги айтылат[332]. Демек, 1077-ж. халиф Муктади он экиге эмес, жыйырма бирге толгон.

Ал эми 464-жылы (1071-1072-жж.) Нишапур калаасында Муктади (анда ал тек гана Абу-л-Касым Абдуллах ибн Мухаммад эле) Алп-Арсландын кызына үйлөнгөндө он алтыларга келип калган. Анжелика Хартманн айым да чакан макаласында ал-Муктади тактыга келе элек жаш чагында эле чоң атасы ал-Ка'имдин каалоосу боюнча Алп Арсландын кыздарынын бирине үйлөндүрүлгөндүгүн жазат[333].

Айта кетсек, 468-хижра жылы (1076-ж.) селжук султаны Мелик-шахтын ийгиликтүү жортуулдарынан улам Жакынкы Чыгышта анын ынтымакташы халиф ал-Муктадинин туруму кыйла чыңдалган. Ушул жылы, маселен, Шамда (Сирияда) халифтин атына багышталып кутпа окулган, башкача айтканда, селжук жоокерлери Шамды халифтин өкүмдарлыгына баш ийдиришкен. Тарыхчы Жалал ад-Дин ас-Суйуути

---

[330] Bazin L. Les Dates... - P. 24; Кононов А.Н. Махмуд Кашгарский... -- С. 10; Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 15-16.
[331] Халидов А.Б. Словари Исхака... - С. 16.
[332] Işıltan F. Muktedí. - S. 573-574
[333] Hartmann A. al-Muktadi... - P. 540.

да 468-хижра жылы Дамаск шаарында ал-Муктадинин ысымына багышталып хутпа окулгандыгын баяндайт[334].

Демек, тактыдагы халифтин канча жашта болгондугуна карабастан, анын зоболосун көтөрүү Ортоңку Чыгышта аскердик жана саясий демилге өз колунда болгон селжук колбашчылары үчүн дагы, ошол доордо Багдадда байырлаган борбордук азиялык түрк тектүү окумуштуулар үчүн дагы прагматикалык жактан үзүр берчү кадам болгон.

Дагы даанараак белгилесек, жаш халиф ал-Муктадинин зоболосунун көтөрүлүшүнүн сыр түйүнү Мелик шах ибн Алп Арсландын[335] Багдаддагы халифти өз саясий максатында пайдалануусу менен байланыштуу эле. Иш жүзүндө халифтин данкын чыгарымыш болгон менен, Селжуктар дөөлөтүнүн кубаттуу султаны Мелик шах өз жеңип алууларынын мусулман чөлкөмүндө халифтин атынан расмий колдоого алынышына жетишүүнү мүдөө кылган.

Ал түгүл 480-хижра ж. / 1087-ж. халиф ал-Муктади Алп Арсландын небересине - Мелик шахтын кызына үйлөнүүгө (дипломатиялык сүйлөшүүлөрдөн кийин) аргасыздан барган жана Мелик шах күйөө баласы болгон халифке жалаң гана өз кызына көңүл буруу, гаремден баш тартуу талабын да койгон[336]. Арийне, селжук аскер башчысынын XI кылымдын 70-жылдарынын ортосундагы тактикасын карасак, Мелик шах жаш халиф ал-Муктадини акырындап өзүнө тартып, анын чөлкөмдөгү саясий кадыр-баркын колдоого өзү деле өзгөчө муктаж болуп турган.

Демек, бул маалыматтар 1077-жылы Махмуд Кашгари Барскани өз эмгегин Багдадда эмес, Селжуктардын түздөн-түз бийлеген чөйрөсүндө, маселен, Нишапурда жазып бүтүшү ыктымал болгон чакта деле, Багдадга келип, жаш халиф Муктадиге «Дивану лугати т-түрк» асарын белек кылып багыштоо ниетинде болгондугун жокко чыгарбайт.

Бул түрк тектүү окумуштуунун халифке өз китебин белекке тапшыруу ниети Селжук төбөлдөрүнүн 1070-жылдардагы саясий максаттарына да, Багдаддагы халифке мусулмандардын рухий жол башчысы катары мамиле кылган катардагы эле сунний түрктөрдүн көз караштарына да төп келет эмеспи. Анын үстүнө профессор А.Б.Халидов агайдын ал-Муктадини өтө эле жашартып салган пикиринин так эмес экендиги да тастыкталып жатпайбы.

Логикага жана тарыхый фактыларга караганда деле, далай мусулман мамлекеттеринде жаш баланы же уланды өкүмдар кылып тактыга

---

[334] as-Suyúti. History of the Caliphs. - Vol. 5. - P. 444.
[335] Bosworth C.E. Malik-shah. - P. 273-276.
[336] Hartmann A. al-Muktadi... - P. 540.

отургузуп коюп, анын ордуна аталык, вазир же башка төбөл ордону башкарып калган чакта деле, ар кыл белек-бечкектер жана расмий ызаат түрлөрү ошол жаш өкүмдарга карата көрсөтүлүп турган. Мындай сырткы көрүнүштү аталык өзүнүн ордодогу нагыз бийлигин жымсалдоо үчүн сөзсүз жүргүзүүгө аргасыз болчу.

«ДИВАНДЫН» СТРУКТУРАСЫ ЖАНА МАЗМУНУ

Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги кириш бөлүм менен башталат. Анда түрк тилдерин үйрөнүүнүн олуттуу мааниси, бул эмгектин кимге багышталганы, автордун түрктөр жашаган өлкөлөрдү кыдырганы, китеп жазуудагы автордун кабыл алган усулу, түрктөр колдонуп жүргөн он сегиз тамгалуу (дал ушул санды Махмуд Кашгари көрсөтөт) алфавит, түрктөрдүн негизги элдери жана урууларынын аттары, алардын Евразиядагы ар кайсы чөлкөмдөрдө жайгашуулары, алардын тилдеринин эң адепки илимий классификациясы жана башка сыяктуу маалыматтар бар[337].

«Дивандын» негизги бөлүгү болсо жалпысынан сөздүк тартибинде түзүлүп, сегиз баптан («китаб») турат:

«Ошентип, бул сөздүктү баштан-аяк сегиз китепке болдум.

Алардын биринчиси - «Хамза китеби». Биз муну Алла-тааланын Китебине топ кылуу менен алдыңкысы кылып (жайгаштырдык).

Экинчиси болсо - *«Салим китеби».*

Үчүнчүсү - *«Мудаа'аф китеби».*

Төртүнчүсү - *«Мисал китеби».*

Бешинчиси - *«Үчемге эгедерлер китеби».*

Алтынчысы - *«Төртемге эгедерлер китеби».*

Жетинчиси - *«Гунна китеби».*

Сегизинчиси - *«Эки сукуун чогуу келчү китеп».*

Бул китептердин ар бирин атоочтор жана этиштер түрүндөгү эки башка ажырымда жаздым. Этиштерден оболу атоочторду бердим...»[338], — деп баяндайт Махмуд Кашгари Барскани.

Мындай баптык бөлүнүштөрдөн Исхак ал-Фараби тийгизген таасир байкалган менен, «Дивандын» америкалык котормочулары калыс белгилешкендей, жеке сандагы «тил» (لغة - луга) сөзүнүн ордуна

---

[337] Караңыз: Tryjarski Edward. Kultura ludów...; Bergsträsser G. Das Vorbild von Kaşgari's Diwan… - S. 154-155; Ermers R. Arabic Grammars of Turkic. - pp. 17-19; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. - С. 24-46.

[338] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 2b.

көптүк сандагы «тилдер» (لغات - лугаат) түшүнүгүн колдонуу менен, Махмуд Кашгари Барскани мусулмандык филологияда оригиналдуу салым кошо алды[339] — ал тилди жалпы бир бүтүндүк катары гана эмес, этностордун тобуна таандык жана диалектилик өзгөчөлүктөрүнө жараша салыштырып изилдөө багытын (түрк тилдеринин мисалында) ачып берди.

Айрым маалыматтар боюнча «Диванда» түрк элдеринин тилдеринен иргелип алынган 7500 (9 миңдей делип да жүрөт) сөз чагылдырылган. Түркчө сөздөр уңгусунун алфавиттик ырааты боюнча өз-өз уяларына жайгаштырылып, ар бир сөздүн арабча котормосу берилген.

Автор түркчө сөздөрдүн арапча таржымасын сөзмө-сөз берип тим болбостон, арап окурмандарга сөздүн, макалдын же ырдын контекстин, кеңири түшүндүрмөсүн да сыпаттап берет. Тигил же бул сөзгө байланыштырылып колдонулган макал-ылакаптар 290гө жетет. Ошондой эле 4 кошок ыры (مرثية - марсийа), бир катар элдик баатырдык дастандардын үзүндүлөрү, жаз, сүйүү жана башка темаларга байланыштуу ырлардан үзүндүлөр тигил же бул терминдин сүрөттөмөсү катары ыгы менен колдонулат.

Сөздүктүн мындай мазмуну кокусунан жаралбагандыгы, Махмуд Кашгари Барскани өзү аны ар тараптуу шөкөттөөгө умтулгандыгы анын төмөнкү сөздөрүнөн айгиненет:

«**Мен бул китепти алфавиттеги ариптердин тартибине ылайыктап жана накыл сөз (حكمة), уйкаштуу проза (سجع), макал (مثل), ыр (شعر), ражаз өлчөмүндөгү ыр (رجز), же проза (نثر) менен чегелеп жаздым...**»[340]

Айрым иликтөөчүлөр (И.В.Стеблева) Махмуд Кашгари ырдык жана музыкалык ыргактарды айкалыштыруудагы - ирандык жана арабдык *аруз* метрдик системасын музыкалык ыргакка айкалыштыруудагы мусулман түрк поэтикасынын алгачкы тажрыйбаларынын бирин жүзөгө ашырган, - деп эсептешет[341]. Арийне, түрк поэзиясы араб-фарсы-түрк этностук-маданий алакаларына жана өз ара таасирлерине чейин эле жогорку деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу профессор Х.У.Усмановдун пикири да алгылыктуу[342].

Китепте түрк тилдериндеги бир катар грамматикалык мыйзам ченемдүүлүктөр жана көрүнүштөр айкындалат, айрым сөздөрдүн

---

[339] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... - Pt. 1. - P. 33.
[340] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 2a - 2b.
[341] Стеблева И.В. Синкопирование слов... - С. 208 - 2 1 2. - Дагы караңыз: Стеблева И.В. Развитие...; Хайитметов А. О древней поэзии... - С. 123 - 128.
[342] Усманов Х.У. Древние истоки... - С. 9-14; Усманов Х. Тюркский стих...

диалектилик чөйрөдө гана колдонулушу белгиленип, кээ бир түрк тилдер (диалектилер) топторунун тыбыштарды айтуу айырмачылыктары чагылдырылат.

Негизинен, араб грамматисттеринин мурасын айрыкча изилдеген голландиялык профессор Роберт Эммерстин Махмуд Кашгаринин “Диванын” араб тилиндеги лингвистикалык эмгектердин ичинен грамматикалык илимий салтка эмес, лексикографиялык салтка көбүрөөк жакын чыгарма катары кароо жөндүүрөөк деген пикири[343] көңүл бурууга арзыйт.

Махмуд Кашгари Барскани араб тилинде жазган экинчи бир лингвистикалык чыгарма – «Китаабу жаваахири н-нахв фи лугаати т-түрк» – «Түрк тилдери тууралуу синтаксистин көөхарлары (маңыздары) китеби» эмгеги тууралуу жападан-жалгыз эскерүү анын «Диванында» эле учурайт[344]. Мындагы «нахв» сөзүн синтаксис катары да, кеңирирээк - грамматика маанисинде да түшүндүрүүгө болот.

Кейиштүүсү, «Дивандын» акыркы редакциясына чейин эле даяр болгон (ошон үчүн анда эскерилип калган) бул салыштырма лингвистикалык чыгарманын изи азырынча эч табыла элек. Эч бир орто кылымдык жана жаңы доордук мусулмандык библиографиялык тактама эмгектерде да анын аты учурабайт. Балким, бул китептеги айрым бир грамматикалык жоболор «Диванга» да көчкөндүр, бирок, бул китеп табылбай калчу болсо, анда «Диванда» чагылдырылбаган жана «Дивандын» окурманы ошол китепти кароого чакырылган ал эмгектин жоболору кылымдардын чаңында белгисиз бойдон кала берет сыяктуудай.

Ал эми «Диванда» чагылдырылган грамматикалык сыпаттамалар, жогоруда да белгиленгендей, Махмуд Кашгари Барсканини өз доорунун туңгуч түркологу катары гана айгинелетпестен, араб лингвистикасындагы (маселен, сөздүк түзүү жаатында) новатордук ыкмаларды өздөштүрө жана түрк тилдерине ылайыктап пайдалана билген компаративист лингвист катары да тастыктап көрсөтүүбүзгө мүмкүндүк берет.

Чынында, Махмуд Кашгаринин өзү салыштырма лингвистикалык усулдун эмпирикалык деңгээлдеги баштоочусу катары түркология менен арабистиканын тогошкон тармагынын алкагында татынакай башатты ачып берген, бирок анын айрым этнологиялык маалыматтары жакынкы чыгыштык орто кылымдык авторлор тарабынан үзүл-кесил пайдаланылганы менен, лингвистикалык саамалыктары эч улантылбай унутта калган.

---

[343] Ermers, Robert. Arabic Grammars of Turkic. – p. 54.
[344] Käşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 9b.

Азыркы тапта анын лингвистикалык мурасын салыштырып үйрөнүүнүн жаңы багыттары да ачылууда. Маселен, орус чыгыш таануучусу, филология илимдеринин доктору Владимир Михайлович Алпатов (1945-жылы 17-апрелде туулган) Махмуд Кашгари Барсканини жапондук *кокугакуся* аттуу грамматисттер мектебинин (XVIII - XIX к. биринчи жарымы) өкүлдөрү менен салыштырып макала жазды[345]. Эгерде Махмуд Кашгари өзүнүн түркчө тилин араб тили менен теңтайлашып марага чыгып келе жаткан кош буудандын бири катары эсептесе, ал эми *кокугакуся* мектебинин өкүлдөрү, кытайчыл *кангакуся* мектебинен айырмаланып, жапон тилин миң жылдай өздөрү даамын татып жаткан маданий тил – ханзу тилине караганда артык тил катары далилдөөгө тырышкан.

Алардын окшоштуктарына келсек, Махмуд Кашгари да, *кокугакусянын* өкүлдөрү да башка (чоочун) тилдин маданий-илимий берекелери менен азыктана алышты. Бирок аларды олуттуу айырмалап турган жагдай - лингвистика жана лексикография араб тилинде дурус өнүгүп келген, кытайлык салтта болсо грамматика өз алдынча бир илимий тармакка бөлүнүп чыга элек эле. Жапондук жаңы агым да, Махмуд Кашгари Барскани да аналитикалык иликтөө аракеттери менен бирдей мүнөздөлүшсө да, Махмуд Кашгари Барсканиде салыштырма мамиле (араб жана түрк грамматикалык көрүнүштөрүн таразалоо) күчтүүрөөк колдонулган[346].

Өз макаласында В.М.Алпатов Махмуд Кашгари Барсканинин «Диваны» сөздүк болгондуктан, сөздөрдүн которулушу, б.а. сөздүктүк максат биринчи орунда болуп, грамматикалык сыпаттама жагдайы экинчи иланда калганын туура баамдаган[347]. Арийне, Махмуд Кашгари Барсканинин бизге жетпей калган экинчи эмгеги, өз аталышынан байкалгандай, биринчи кезекте грамматикага орун берген илимий трактат болсо керек, - деп түкшүмөлдөөгө болот.

Махмуд Кашгари Барсканинин сөздүгү, анда камтылган фолклордук, этнографиялык, географиялык ж.б. терминдердин бай жыйындысы болгондуктан, чынында да өз доору үчүн маалыматтардын универсалдуу энциклопедиясы болуп калган. Атына заты шайкеш келген бул эмгектин мазмунуна мүнөздөмө берүү, ошон үчүн, бир кыйла кеңири багыттарды санап берүүгө аргасыз кылат.

Маселен, «Диванда» бир катар топонимдердин жана түрк калктарынын жайгашкан орду тууралуу кабары мусулман булактарында мурдатан эскертилип жүргөн маалыматтар аркылуу

---

[345] Алпатов В.М. Махмуд Кашгарский... - С. 68 - 73.
[346] Алпатов В.М. Махмуд Кашгарский... - С. 68 - 73; Alpatov Vladimir M. Mahmud Kashgari... - P. 117-121.
[347] Алпатов В.М. Махмуд Кашгарский... - С. 70.

тастыкталат. Ошону менен катар эле «Дивандын» түрк калктарына байланыштуу оригиналдуу топонимикалык жана этнонимикалык маалыматтары бул элдердин этностук-маданий тарыхын жаңы өңүттөн жазуу шыбагасына жеткирди (конкреттүү иллюстрация катары иштин кийинки бабындагы бөлүмдөрдү мисал кылсак болот).

«Дивандын» этнологиялык маалыматтарынын өзгөчөлүктөрүнүн бири кыргыз, кыпчак, карлук, огуз, чигил сыяктуу өз алдынча түрк этносторунун бул чыгармада «уруу», «урук» терминдери менен белгиленишинде турат. Себеби Махмуд Кашгаринин жана башка мусулман аалымдарынын басымдуу бөлүгүнүн түшүнүгүндө араб, перс, кытай, урум (византиялык гректер), франк (кресттүүлөр жортуулуна катышкан француз ж.б. европалык калктар), саклаб (славяндар) сыяктуу эле түрктөр да көптөгөн урууларга жиктелген бирдиктүү «түрк эли» болгон.

Кара кагандар сулалесиндеги чыгыш түрктөрүн кыпчак, огуздардан айырмалоо үчүн Махмуд Кашгари «*хакандык түрктөр*» терминин да пайдаланып, ушу жалпы этностук-саясий ысым менен чигил, йагма, тухси, кыргыз, аргу, кенжек ж. б. элдер жана уруулары биригип айтылган.

Алардын расмий тили теңир-тоолук чигил тилинин негизинде калыптанган деп айрым изилдөөчүлөр туура тыянакка келишти (Э.Р.Тенишев, Ө.К.Караев, Р.Данкофф, Ж.Келли ж.б.)[348]. Кийинки элдерди (чыгыш түрктөрүн) огуздар жалпысынан «чигилдер» деп атагандыгын Махмуд Кашгари «Диванда» эскерет жана аны калпыстык деп эсептейт[349]:

«Огуздар Жейхундан Жогорку Чынга чейинки бардык түрктөрдү «чигил» деп аташат. Бул — катачылык»[350].

Бирок бул маалыматта деле чигил этносунун бир кездеги олуттуу саясий маанисинин изи камтылып жатканы аңдалат.

Махмуд Кашгари Барскани эле эмес, ошол доордогу башка мусулман авторлору да Караханийлер каганатынын түрк тилдүү калайыгын жана анын чыгышында, түндүгүндө, батышында жайгашкан башка түрк калктарын жалпы «*түрк*» этнонимин менен белгилешип келген.

---

[348] Тенишев Э.Р. «Кутадгу билиг»...— С. 30; Караев О.К. История Караханидского... — С. 254; al-Kašγari Mahmüd. Compendium... — Pt. 1. -P. 4; Чороев Т.К. Ма'хмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 63.

[349] Чороев Т.К. «Диван лугат ат-турк» Махмуда Кашгари... — 1987. — С. 22 — 23.

[350] Kâşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. - S. 99b.

Ал эми Караханийлер өлкөсүндөгү калкты жалпысынан «*хаканийа түрктөрү*» деп атоо — бул өлкөнүн алкагында этностук өз ара жуурулушуу жүрүмү кубаттуу жүрүп келгендигинен жана орток этностук-саясий жалпылама түшүнүк калыптанып калганынан кабар берет. Бул дагы Карахандар малекетинин жана ага чейинки түрк мамлекеттеринин этностук-саясий тарыхындагы ырааттуулуктун жана мурастуулуктун жемиши.

Дегиңкиси, адамзат тарыхындагы этностук кырдаалдардын ар бир жаңы этабы бирдиктүү мамлекетке баш кошкон жана тили жакын элдердин ири жаңы этноско жуурулушуу жүрүмү менен коштолуп келгени белгилүү. Бул жараяндын жүзөгө толук ашаар-ашпасы ал жүрүп жаткан чөлкөмдөгү конкреттүү тарыхый кырдаалдын өнүгүшүнө жараша болгон. Теңир-тоолук ири эл – «хакандык түрк улуту» түзүлүп бүтпөдү, ага XII к. кара кытайлардын, XIII к. найман жана моңгол-татарлардын жортуулдары тоскоол болуп, XIII—XIV кк. соң бүткүл Борбордук Азиядагы, анын ичинен Кыргызстандагы этностук жаңы кырдаал ички азиялык түрктөрдүн жана моңголдордун ири бөлүктөрүнүн жаңыдан келип жергиликтүү этносторго жуурулушу менен айкындалып калды[351]. Жаңы кырдаалда ирилештирүүчү этностун ролу Теңир-Тоонун борборунда кыргыздардын колуна тийди.

Мындан улам, орто кылымдардагы тарыхый булактардын концепциясын ээрчип, кайсы бир түрк этносторунун элдүүлүк мүнөзүн жерүү, аларды уруу катары гана эсептөөгө умтулуу калпыс көрүнүш экендигин эскерте кетмекчибиз.

XI —XV кк. түрк этностору Евразиянын бири-биринен алыс болгон ар кыл аймактарында өз алдынча мамлекеттер курушканын, дини, тили, салты, маданий багыты боюнча ич ара айырмачылыктарга ээ болгондугун танып салууга мүмкүн эмес тарыхый жагдайлардан деп эсептөөгө «Дивандын» маалыматтары дурус өбөлгө түзөт.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванындагы» ар кыл диндер тууралуу маалыматтар түрк калктарынын Караханийлер мамлекетинин чегинен сырткары да, бул мамлекеттин алкагында да ар кыл динди туткандыгы тууралуу кабар берет. Баарынан кызыгы, түрктөрдүн ислам динине чейин пайдаланган диний терминдерин мусулмандар эптүүлүк менен өздөштүрүп, башка мааниге которуп пайдаланып жаткандыгы, Ички Азиядагы чыгыш түрктөрү исламдык эмес диндер боюнча өз адабиятына, сыйынуучу жайларына эгедер болгондугу исламдык идеологиянын өкүлү болгон Махмуд Кашгари Барсканинин чыгармасынан дурус айгиненет.

---

[351] Монгол дооруна чейинки этностук кырдаал жөнүндө караңыз: Чоротегин Т.К. Этнические ситуациии... домонгольского времени. — С. 31 —120.

Голландияда байырлаган казак чыгыш таануучусу Зифа-Алуа (Алва) Мурат кызы Муктар небереси Ауэзова таасын белгилегендей, «Дивандын» мазмунунан Махмуд Кашгари Барскани үчүн түрк калктарынын исламга чейинки диний ишеними менен исламдын өз ара карама-каршылыгы деген түшүнүк болгон эместиги айгиненет[352].

Албетте, диндер аралык уруштар, «каапыр» түрктөрдүн бутканаларын талкалоо, «Теңир» сыяктуу орток терминди диний агымдардын өзүнө ылайыктап ар башкача аңдоосу сыяктуу көрүнүштөрдү «Дивандын» автору Махмуд Кашгари Барскани ачык жазганы менен, анын жеке өзү дин маселесинде сабырдуулугун көрсөткөн таалимдүү инсан эле. Бул дагы теңир-тоолук ж.б. түрктөрдүн исламга чейинки маданий салттарынын кыйласын сактап калуусуна карата Борбордук Азиядагы суннийлердин ханафий агымынын сабырдуу мамилесинин узак мөөнөттүк салты менен байланыштуу.

Махмуд Кашгари Барсканинин бул көөнөргүс асарындагы (чыгармасындагы) социалдык-экономикалык терминдер (таптык, социалдык, иерархиялык жиктелүүлөр, чарбалардын түрлөрү, соода-сатык, транзиттик соода, ж.б.), маданий турмуштун ар кыл көрүнүштөрүнүн сөздүктүк терминдерде чагылдырылышы ж.б. тууралуу иликтөөлөр ургаалдуу жүргүзүлүүдө (О.Прицак, Ө. К. Караев, Э.Трыярски, ж.б.)[353].

Ал эми «Дивандын» Ички Азиянын жана жалпы Теңир-Тоо аймагынын түрк калктарынын этностук-маданий жана тарыхый географиялык жагдайлары менен байланыштуу маалыматтары (эмгектин эң соңку бабын караңыз) дагы да тереңдеп иликтөөнү талап кылат.

КЫСКАЧА ЖЫЙЫНТЫК

Махмуд Кашгари Барсканинин бул даңазалуу эмгеги азыркы жыл санак менен алганда 1072-1077-жж. ичинде жазылып бүткөн. 2017-жылы, демек, бул эмгектин жазыла башташынын 945 жылдыгы жана жазылып бүткөрүлгөндүгүнүн 940 жылдыгы белгиленүүдө.

Сөздүк түзүүдөгү Махмуд Кашгари Барскани ээрчиген усул араб грамматисти ал-Халил ибн Ахмад ал-Фарахиди түзгөн усул эмес, X кылымда жашаган өзүнүн жердеши – Батыш Теңир-Тоодогу Фарап шаарынан (орто кылымдарда Отрар деп да аталган бул шаардын чалдыбары азыркы Түштүк Казакстандагы Түркстан шаарынан 57

---

[352] ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 29.
[353] Караев О.К. История. Караханидского... — С. 197 — 254; Pritsak O. Mahmud Kasgari...; Tryjarski E. Kultura...; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)...; ж.б.

чакырым түштүктө жайгашкан) чыккан Абу Ыбрайым Исхак ал-Фараби арабча-арабча сөздүк үчүн түзгөн усул болгон, бирок аны Махмуд Кашгари Барскани түрк тилдерине ылайыктап, чыгармачылык менен пайдаланган.

Өзү жазган «Диванды» Махмуд Кашгари Барскани XI кылымдын 70-жылдарынын экинчи жарымында ошол доордогу Аббасийлер халифи ал-Муктади би-Амрилланын өзүнө тапшыруу ниетинде болгондугу «Диванда» белгиленет. 468-хижра / 1076-ж. селжук султаны Мелик-шахтын Жакынкы Чыгышка жеңиштүү сапарынын жемиштерин көрүүгө үлгүргөн жана түрк Селжук султандыгы менен ымаласын чыңдоого ынтызар болгон жаш халиф ал-Муктадиге теңир-тоолук бозгун түрк окумуштуусунун түркологиялык диалектологиялык жана этнографиялык эмгекти багыштоого ниети эч кимди деле таң калтырбоого тийиш.

Сегиз бапка бөлүнгөн «Диван» чыгыш («чигилдик», б.а. «хаканиялык») жана батыш («огуз») түрк калктарынын тилдик жалпылыктарын да, диалектилик өзгөчөлүктөрүн да, этностук курамын да, жайгашкан тарыхый аймактарын да, экономикасын, коомдук турмушун, маданиятын, салт-каадаларын, фольклорун ж.б. олуттуу деңгээлде чагылдырган эмгек болуп саналат.

I.4. «Дивандагы» картанын мусулман картографиясындагы орду

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванындагы» дүйнөнүн тегерек картасы да 1915-17-жж. бери атайын иликтөөлөрдүн бутасына айланган. Бул түстүү карта ас-Сави ад-Дымашки көчүргөн кол жазманын 11а—12б беттеринде тиркелген («Дивандын» көзгө басар көчүрмөсүн жана ага тиркелген дүйнө картасын көрүүгө мүмкүнчүлүк ыроологону үчүн биз Стамбулдагы Миллет китепканасынын жетекчилигине ыраазыбыз).

Махмуд Кащгари Барсканиге чейин эле мусулман географиялык адабиятында аймактык жана дүйнө карталары чийилип келген. Айрым мусулман картографтар байыркы грек карталарынын үлгүсүн пайдаланса, бир катары өз картасында мусулмандык кайра жаралуу доорундагы жаңы географиялык ачылыштарды камтый алган.

Махмуд Кашгари Барсканинин дүйнө картасы.

Орто кылымдарда мусулман географтары чийген дүйнөнүн карталарынын бир далай үлгүлөрү биздин күндөргө жетти[354].

Араб арибиндеги (жана негизинен араб тилиндеги) мусулман картографиясынын мурасы иликтенген Конрад Миллердин «Араб карталары» аттуу алты томдук эмгегинде бул үлгүлөргө текстологиялык жана тарыхый-географиялык өңүттөн анализ жасалган[355].

Айрым араб булактарынын тексттери менен тыгыз иштебегендиктен, К.Миллердин китебинде бир катар калпыс жоромолдор учурайт, бирок анын комплекстүү түрдө араб карталарынын топтомун жарыялашы жалпы эле мусулман картографиясын салыштырып иликтөөгө дурус жагдай жаратты.

Бул карталардын арасында араб географтарынын классикалык мектебинин өкүлдөрү даярдаган «Исламдын атласы» катары илимде белгиленип жаткан карталар топтому[356] өзгөчө орунда турат. Бул «атласта» дайыма 21 карта туруктуу берилет, алардын эң алгачкысы

---

[354] Араб картографиясы жөнүндө караңыз: Шумовский Т.А. Арабская картография... — С. 571 — 584.
[355] Miller K. Mappae Arabicae. — 1926 — 1927. — Bd. 1 — 6.
[356] Miller K. Mappae Arabicae. — 1986. — Bd. 1. — S. 10—20.

дүйнөнүн тегерек картасы, андан соң Аравия жарым аралынын картасы жана башка мусулмандык дүйнөнүн региондорунун карталары жайгаштырылган[357].

Ислам картографиясынын салты менен да, европалык географиялык маалыматтар менен да азыктанган дүйнөлүк картанын оригиналдуу үлгүсү — айтылуу «Рожердин картасы» делип жүргөн карта болуп саналат. Аны сицилиялык падыша Рожер IIнин кол алдында иштеп жүрүп, 1154-жылы Абу Абдулла Мухаммед ибн Мухаммед ал-Идриси түзгөн эле. Бул карта анын «Нузхату л-муштаак фи-хтирааки л-аафаак» — «Чөлкөмдөрдү кыдыруудан чаалыккандын көңүл ачуусу» аттуу эмгегин толуктап турган мыкты тиркеме болгон.

Картограф ал-Идриси салттык булактарынын (маселен, ал-Мас'уди, ал-Жайхани, Ибн Хордадбех, ал-Йа'куби ж.б. мусулман авторлорунун чыгармаларынын) арасында бизге эмгеги жетпей калган Жанах ибн Хакан ал-Кимаки деген авторду да эскерет. Мындагы «ал-Кимаки» ныспасынан бул соңку автордун «Кыпчак талаадагы» кимак-кыпчактарга таандыктыгы да боолголонот.

К.Миллер ал-Идрисинин картасын «Араб карталары» эмгегинин I томунда 2-дептерде алты бөлүккө бөлүп, араб тамгасын латын ариптерине которуп берет[3585]. Идрисинин атласы жетимиш картадан турган жана анын эң алгачкысы — дүйнөнүн тегерек картасы болгон.

Ушул эмгектин автору 1997-жылы июнь айында Британ музейинин китепканасынын Карталар жыйнагы бөлүмүндө ал-Идрисинин түстү дүйнө картасынын саал кичирейтилип, латын тамгасына түшүрүлгөн вариантын (К.Миллер Штутгартта 1928-жылы жарыялаган) пайдаланды. Андагы изилдөөчүнүн макаласында ал-Идрисинин бул картасы дүйнөдөгү сакталып жеткен эң ири дүйнө картасы катары сыпатталат.

К.Миллердин санашынча, анда 2064 шаардын (жана өлкөнүн) наамы, анын ичинде азиялык 959 топоним, европалык 740, африкалык 365 топоним катталган[359]. Мындагы тик бурч шекилдеги дүйнөнүн картасынын көлөмү 88 х 194 сантиметр жана бул карта алты бөлүккө кесилип сакталууда. Ал горизонталдык жактан он бөлүккө, вертикалдык жагынан — жети ыклымга (климатка) бөлүнгөн. Деңиздер — көк сыя менен боёлгон. Көлдөр - жашыл сыя менен, өлкөлөр менен этностордун жана жалпы тоо-суулардын аталыштары (ороним, гидроним) — кызыл сыя менен белгиленген. Шаарларды

---

[357] Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 206.
[358] Miller K. Mappae Arabicae. — 1926. — Bd. 1. — Heft 2. — S. 33—63.
[359] Idrisi. Charta Rogeriana. — 1928. — S. 31.

айырмалоо үчүн тушуна жылдызчалар коюлган жана алардын аталышы кара сыя менен жазылган[360].

Идрисинин картасында бир катар түрк калктарынын жашаган жерлери ар кыл чөлкөмдөргө жайгаштырылган. Түрк этнонимдеринин айрымдары туура эмес түрдө берилген.

Маселен, Идриси кыргыздарды 3-ыклымга 10-бөлүмгө жайгаштырат да, ارض خرخير من الاتراك - «арду хирхир мина л-атраак» («түрктөрдөн болгон хирхирлердин жери») деп жазат.

Бирок ал-Идриси, Махмуд Кашгари сыяктуу эле, бир маселеде реалдуу сүрөттү сунуш кыла алган — чынында да түрк калктары анын доорунда тээ Европанын чордонуна жакыныраак аймактардан жана мусулман дүйнөсү билген чөлкөмдөрдөн алар дээрлик кабарсыз болгон Евразиянын алыскы түндүк-чыгышына чейин байырлаган эле.

Идрисиде, маселен, куман (кыпчак) элинин бир бөлүгүнүн *Русиййа* жергесинен (орто кылымдардагы чыгыш славяндардын беченек, булган жана кыпчактар менен коңшулаш аймагынан) түштүгүрөөктө, 6-ыклымдын 5-бөлүмүндө жайгашуусу XII кылымда айрым кыпчактардын Ортоңку Европага (Мажарстанга) жана Балканга чейин сүңгүп келиши менен байланыштырылса болот (азыркы болгар илимпозу Пламен Павлов[361] жана мажар илимпозу, маркум Иштван Мандоки Коңур (István Mándoki Kongur, 1944—1992)[362] монгол чапкындары дооруна чейин эле командар, б.а. кыпчактар Европага жана Балканга жүргүштөр жасап, сүңгүшкөнүн белгилешет. Чынында да, орус тарыхчысы С.А.Плетнева жазгандай, XI к. акырында эле кыпчактар Буг дарыясынан батышыраак Дунайдын өрөөнүн ээлеп калышкан. 1118-ж. византиялык император Алексей Комнин өлгөн соң, кыпчактар Болгариянын Видина, Гарван сыяктуу шаарларынын айланасын ээлешет[363]).

Жакынкы чыгыштагы жана андан батыштагы жана түндүк-батыштагы мусулман чөйрөлөрүндө жаралган дүйнөнүн жана чөлкөмдөрдүн (региондордун) карталарынын орто кылымдык үлгүлөрүн багдаддык профессор Ахмад Суса да өзүнүн «Ирак байыркы карталарда» аттуу эмгегинде жарыялаган эле (Багдад, 1959)[364].

Ал эми Иран—Ирак тирешүүлөрү маалында айтылуу «Перс булуңу» аталышын ирактык ж.б. айрым азыркы картографтар «Араб булуңу» деп атай баштаганына каршы сын иретинде жана бир катар байыркы грек-рим («антик») доорунун карталарын кошумчалоо менен

---

[360] Idrisi. Charta Rogeriana. — 1928. — Weltkarte.
[361] Павлов, Пламен. По въпроса за заселванията... — С. 629—637.
[362] Mándoky, István Kongur. Newcomers from the East... - 2017; бул автор жөнүндө: Somfai, Dávid Kara. Mándoky Kongur István nyomában. - 2008. - pp. 173-200.
[363] Плетнева С.А. Половцы. — С. 105.
[364] Суса Ахмад. ал-'Ирак фи л-хаварити л-кадима.

'Аббас Сахаб мырза Суса Ахмаддын жогорудагы китебин Иранда кайрадан жарыялады. Негедир мындагы карталардын үлгүлөрүнө (эки басылышында тең) Махмуд Кашгари Барсканинин оригиналдуу дүйнө картасы эч киргизилбей калыптыр[365].

Мындагы араб карталарынын ичинен № 26 карта X кылымда жашаган ал-Жайханиге таандык. Анын картасынын жогорку жагы түндүктү (*аш-шимаал*), оң тарабы — чыгышты (*аш-шарқ*) көрсөтүп турат. Куш кебетесинде кылынып деңиздер (Жер ортолук деңизи, Кара деңиз жана Каспий деңизи бири-бирине туташтырылып) берилген. Жердин чордондук бөлүмү азыркы арап өлкөлөрүнүн аймактарына туура келет. Жейхун дарыясы (Аму-Дарья), Мавераннахр, Тибет, ас-Сын мамлекети (*вилаайа*) жана йажуж менен мажуждар көрсөтүлүп, түрк этносторунун эч биринин аты Жайханинин картасында эскерилбеген.

Ал эми № 29 тегерек дүйнө картасы ал-Идрисиге (XII) таандык. Мында да жердин түндүк тарабы — картанын жогорку жагында, чыгышы — оң жагында жайгаштырылган. Жер кеңдиги боюнча жети ыклымга бөлүштүрүлгөн. Экинчи ыклымда, Жер алкагынын чордондук аймагында Хижаз чөлкөмү жайгашкан (бул чөлкөмдө мусулмандардын ыйык шаары Меке орун алгандыгы белгилүү).

Идрисинин картасында түрк калктары түндүк жана түндүк-чыгыш аймактарда — үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи ыклымдарда жайгаштырылган. (Бул тегерек картадан тышкары, жогоруда белгиленгендей, ал-Идриси жердин түндүк жарым шарын «адам жашай турган аймак» катары (азыркы түшүнүгүбүздөгү экваторго жакын аймактан — түштүктөн түндүктү карай, — б.а. кеңдиги боюнча) сыпаттап, аны жети ыклымга бөлгөн жана узундугу боюнча батыштан чыгышка 10 бөлүккө жиктеген өтө оригиналдуу дүйнө картасын да даярдаган[366]. Бирок бул карта Ахмад Суса тарабынан көрсөтүлгөн эмес).

XIII кылымдагы географ ал-Казвини тарткан дүйнөнүн тегерек картасы № 31 болуп берилген. Мында да жогору жагында түндүк аймактары, оң жагында - чыгыш аймактары жайгаштырылган. Жердин чордонунда مكة - Меке шаары жайгаштырылган. Мавераннахр менен Самарканд топонимдеринен чыгышырааста «Түрк жери» (ارض الترك - арду т-турк) жайгаштырылган.

№ 36 тегерек дүйнө картасы 749-хижра ж. / 1348-ж. кайтыш болгон географ Ибн ал-Вардиге таандык. Мында да жогорудагы салт улантылып, картанын өөдө жагы - түндүк, оң жагы - чыгыш тарап үчүн ыйгарылган. Жердин чордону катары, аты жазылбаса да, Мекенин

---

[365] Сахаб, 'Аббас. Атласи 'Ирак. — С. 138.
[366] Brice W.C. An Historical Atlas... — P. 1.

аймагы (Хижаз) көрсөтүлөт. Түндүк-чыгышта Мавераннахрдан чыгышырааста ал-харлухиййа (карлуктар), алардын түштүк-чыгышында *хирхиир* (б.а. кыргыздар), карлуктардын түндүк-чыгышында болсо *тогузгур* (б.а. тогузгуз) жайгаштырылган.

Жогоруда айтылган X—XIV кылымдардагы батыш мусулмандык дүйнө карталарынан Махмуд Кашгари Барсканиге таандык дүйнөнүн түстүү тегерек картасы[367] өзүнүн бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Бир чети, Махмуд Кашгари Барскани араб тилиндеги лингвистикалык эмгектердин ичинен канчалык оригиналдуу жана жаңыча багытты — түркологиялык багытты ачып берсе, экинчи чети, картографияда да ал түрк калктарынын дүйнө таануудагы улуттук көз карашын чагылдырып берүүгө жетишкен. Дал ошондуктан Махмуд Кашгари Барсканинин картографиялык мурасы да азыркы доордогу картография тарыхчыларынын олуттуу кызыгуусуна кабылууда.

Махмуд Кашгари Барсканинин дүйнө картасы тууралуу чет элдик жана ала-тоолук илимпоздор (немистер Конрад Миллер, А.Германн, мажар К.Цегледи, башкыр А.З.Велиди Тоган, түрк М.Ш.Үлкүташыр, орустар В.Ф.Минорский, И.И.Умняков, И.Ю.Крачковский, өзбек Х.Х.Хасанов, кыргыздар С.Ө.Өмүрзаков, Ө.К.Караев, Т.К.Чоротегин ж.б.) тийиштүү изилдөөлөрүндө токтолушат (адабият тизмесин караңыз).

Мусулман картографиясын жалпылап иликтеген көрүнүктүү немис аалымы Конрад Миллер (1844—1933) өзүнүн «Араб карталары» аттуу фундаменталдуу эмгегинин 5-томунда Махмуд ал-Кашгаринин картасын да айрыкча изилдейт[368]. Картаны түзгөн дата катары ал 1074-хижра жылын көрсөткөн. Баарынан кызыгы, Махмуд Кашгаринин картасындагы орографиялык маалыматтар (тоо кыркаларынын чагылдырылышы) тууралуу К.Миллер өз жоромолдорун берет.

Махмуд Кашгари Барсканинин картасынын чордондук бөлүгүндө, биздин оюбузча, Теңир-Тоо системасына тийешелүү тоо кыркалары сыпатталган. Ал эми К.Миллер болсо бул тоо кыркаларын конкреттештирип, Кара-Тоо, Александр тоо кыркасы (азыркы Кыргыздын Ала-Тоо кыркасы), Ала-Тау, Улуу Алтай, Боро-Хоро, Алтын-Таг тоо кыркалары менен байланыштырат. Махмуд Кашгари Барскани жазган «Искендер Зу-л-Карнайндын дубалы» деген жаа сымал ийилген тоону бул немис изилдөөчүсү Гималай тоо системасы катары түшүндүрөт[15].

К.Миллердин Ички Азияга таандык айрым орографиялык сыпаттоолору (Боро-Хоро тоо кыркасы, Кыргыздын Ала-Тоо кыркасы,

---

[367] Чороев Т.К. Древнетюркская карта мира... — С. 83 — 84.
[368] Miller K. Mappae Arabicae. — Bd. 5. — 1. Abteilung. Plankarten. — S. 142— 148.

Кара-Тоо) менен макул болуу керек (айтмакчы, кийинки кыргыз таануучулар көөнө кыргыздар Хун дөөлөтү доорунда Чыгыш Теңир-Тоодогу Боро-Хоро тоо кыркаларынын чөлкөмүн байырлаган деп далилдешүүдө)[369].

Арийне, уламыштык "Искендер Зу-л-Карнайндын дубалын" К.Миллер сыяктуу механикалык түрдө эле Гималай тоолору[370] катары көрсөтүүгө эч мүмкүн эмес.

«Дивандын» картасын иликтөөдө анын ар бир топонимине жана этнонимине кылдат мамиле кылуу абзел. К.Миллер картадагы Борбордук жана Чыгыш Азиянын топонимдери менен байланыштуу аталыштарды азыркы Борбордук жана Чыгыш Азиянын картасынын үстүнө түшүрүп чыккан (№ 19 сүрөт)[371]. Арийне, мында да көп катачылыктарга жол берилген. Маселен, Баласагун шаары азыркы Балхаш көлүнүн батышына жайгаштырылып салынган. Мавераннахрга, б.а. Хожент шаарынан түндүк-батышка түшүрүлүп салынган топонимдер — Бишбулак менен Жанбулак, чындыгында, ойдон табылган топонимдер. Анткени реалдуу топонимдер — Беш-Балык менен Жан-Балык — Чыгыш Теңир-Тоонун түштүк-чыгыш тарабында, Турпан ойдуңунда, б.а. мусулман Караханийлер менен улам согуш жүргүзүп турган Уйгур идикуттугунун аймагында жайгашышкан эле. К.Миллер Өзгөн шаарын Арзаженд деп, Барсканды Бурсакан деп, Хатун сыны жерин Хатун саини деп натуура берген.

Махмуд Кашгари Барскани «Диванда» дүйнөнүн чыгышында Жабарка географиялык аталышын эскерип, ал тууралуу төмөнкүдөй маалымат берет:

«**Ал эми Жабарканын калкына келсек, - алардын алыстыгынан жана алар менен Мачындын ортосундагы Залкар Деңиздин тоскоолдук кылышынан улам, - алардын тили бизге беймаалым**»[372].

Демек, эч качан Жабарканы Корея жери катары көрсөтүүгө мүмкүн эмес, антени Жабарканы Мачын (Чыгыш жана Түштүк Кытай) өлкөсүнөн деңиз бөлүп турат.

Айтмакчы, Махмуд Кашгаринин картасында Корея тууралуу түздөн-түз маалымат жок. Жабаркага жакыныраак Жафу топонимии Корея жарым аралына эң жакын жайгашкан түндүк-чыгыш кытайлык шаар аты катары көрсөтүүгө болот.

---

[369] Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы... – 2013; Чоротегин Т.К. Тенгир-Тоо (Притяньшанье) как регион... - 1996. — С. 204—209.
[370] Miller K. Mappae Arabicae. — Bd. 5. — 1. Abteilung. Plankarten. — S. 143. (№ 18 сүрөт).
[371] Miller K. Mappae Arabicae. — Bd. 5. — 1. Abteilung. Plankarten. — S. 145.
[372] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. 12b.

Математикалык-астрономиялык усул менен географиялык маалыматтарды иликтеген мусулман окумуштууларынын арасынан борбордук азиялык окумуштуу Мухаммед ибн Муса ал-Хорезминин «Китаабу суурати л-ард» — «Жер сүрөтүнүн китеби» эмгегин (араб тилинде 836—847-жж. аралыгында жазылган)[373] Корея менен байланыштуу эске салуу оңдуу.

Айтмакчы, өзбек илимпоздору Хамидулла Хасанов менен Аман Бориевдин . пикирлерине караганда, мусулмандык картографиялык салтта алгачкы ирет Мухаммед ал-Хорезми «Түрктөрдүн жери» деген түшүнүктү картада чагылдырган[374].

Мухаммед ал-Хорезми, мурдагы гректик ж.б. географиялык салттардагы йажуж менен мажуждардын жерлеринин түндүктө жайгаштырылышын четке кагып, алардын жерин өз эмгегинде Ыраакы Чыгыш тарапка жылдырган.

Ал эми немис чыгыш таануучусу Хуберт Даунихт анын эмгегиндеги Йажуж жана Мажуж шаарларын[375] кореялык Пхеньян шаары менен окшоштурат. Пикирибизде, бул ·— калпыстык, анткени йажуж менен мажуж (библиялык гог жана магог) элдерин уламыштык деңгээлде гана кароо жөндүү.

Дагы бир жеринде Х.Даунихт الصغد ал-с.ғ.д. деген топонимди المغل - ал-м.ғ.л. (ал-Могол, б.а. Монголия)[376] катары түшүндүрүүгө аракеттенген. Бул дагы жаңылыштык болуп саналат, себеби мусулман дүйнөсү үчүн «монгол» термини Мухаммед ал-Хорезминин доорунда белгисиз болгон. Саясий тарых сахнасына чыккан Ички Азиянын этносторунун ичинен монгол тилдүү этностор ал кезде «монгол» сөзүн саясий аталыш катары кабыл алышкан эмес. Орхон-энесай жазмалары да, Махмуд Кашгари да бул этнонимди эч эскеришпейт.

Биздин пикирибизде, алиги сырдуу ал-с.ғ.д. аталышын الصيلا - ас-Сиилаа топоними катары белгилөөгө мүмкүн[377]. Кореяда VII — X к. башында өкүм сүргөн Силла мамлекетинин аталышы, ошентип, ал-Хорезминин географиялык маалыматтарында чагылдырылган десек болот.

Дагы бир ыраакы чыгыштык сырдуу топоним القرقز — ал-қ.р.қ.з. Шамс ад-Дин Абу 'Абдаллах Мухаммед ад-Димашкынын (1256—1327)[378] кыпчак мемлүктөрү доорунда арабча жазган «Нухбату д-дахр

---

[373] al-Huwärizmî. Das Kitäb Sürat al-ard... Leipzig, 1926.
[374] Хасанов Х.Х., Буриев А. Средняя Азия в «Географии»... — С. 196 — 201.
[375] al-Huwärizmî. Das Kitäb Sürat al-ard. — S. 32; Daunicht H. Der Osten nach... — Bd. 4. — Teil 1. — S. 103 — 108.
[376] Daunicht H. Der Osten nach... — Bd. 4. — Teil 1. — S. 40.
[377] Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 59.
[378] ад-Димашкы тууралуу: Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 382—386.

фи 'ажаа'иби л-барр ва л-бахр» — «Кургактык менен деңиздин ажайыптары тууралуу доордук иргелме» аттуу космографиялык-географиялык эмгегинен учурайт. Аны да Х.Даунихт алиги ал-Хорезмиге арналган эмгегинде قوقر - қ.у.қ.р. - Qüqur (Кокурйө, б.а. орто кылымдардагы корейлик Когурё) катары оңдоону сунуш кылат[379]. Биздин пикирибизде, бул аталышты قرقز - «қырқыз», б.а. кыргыз деп гана окуу чындыкка ылайык келээр эле (бул этнонимдин Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинде оригиналдуу чагылдырылышы тууралуу ушул китепте атайын бөлүмдө кеңири сөз козголот).

К.Миллердин иликтөөсүнүн айрым калпыстыктарынын негизги себеби Махмуд Кашгари Барскани түзгөн дүйнөлүк карта менен «Дивандагы» тексттин маалыматтарын салыштырбагандыгы менен байланыштуу экендигин өз учурунда И.И.Умняков калыс белгилеген[380]. Пикирибизде, Х.Даунихт «Диванга» жана анын картографиялык маалыматтарына булак катары астейдил мамиле кылганда, бир катар пайдалуу даректик өбөлгөлөргө эгедер болмок.

Башка бир немис чыгышпозу Альберт Херманн да өзүнүн 1935-жылы Берлинде чыккан бир макаласын Махмуд Кашгари Барсканинин картасына арнаган[381]. Картанын өзгөчө оригиналдуулугун баса белгилөө менен бирге, А.Херманн андагы Жабарка топонимии азыркы Жапониянын аймагы катары жоромолду сунуш кылган. (Бул жоромолду эң алгачкылардан болуп академик В.В.Бартольд айтып чыккан[382].

А.Херманндын «Дивандагы» айрым топонимдерди азыркы географиялык реалийлер менен окшоштуруу аракеттерине сересеп салалы:

а) тоолордон: Өтүкен тоосу — азыркы Хангай тоолору; Карачук (*Каражук*) тоосу — Кара-Тау;

б) дарыялардан: Йамар өрөөнү — Сары-Суу; Итил — Волга (кыргызча Эдил); Жайхун — Аму-Дарыя; Артиш — Иртыш; Ила — Или;

в) жерлерден жана элдерден: Жабарка — Жапония; Масин (Мачын. – Т.Ч.) — Кытай;

г) шаарлардан: Беш-Балык — Бэйтин (Pei-t'ing); Жан-Балык — Манас; Кочо — Турпан; Сулми — Бар-Көл; Кай жергеси — огуз; Йемек талаалары — түрк; Кужа — Куча; Барман — Ак-Суу; Шанжу — Ша-чжоу, Дунхуан; Уж — Үч-Турпан; Журжан — Черчен; Кеми Талас —

---

[379] Daunicht H. Der Osten nach... — Bd. 4. — Teil 1. — S. 51, 66.
[380] Умняков И.И. Самая старая... — С. 104.
[381] Hermann A. Die älteste... — S. 21—28.
[382] Hermann A. Die älteste... — S. 23; Хасанов Х.Х. Сайёх олимлар. — С. 132.

Кичи Талас (Klein Talas); Барскан — Барсган; Кушан — Гуай-шан, Нинся (Kuei-shun, Ning-hsia?) ж.б.[383].

А.Херманндын айрым жоромолдору туура (Журжан — Черчен, Карачук — Кара-Тоо, Беш-Балык — Бэйтин, Сизиң-Көл — Соң-Көл ж.б.). Черчен тууралуу «Дивандын» текстинде:

«**Журжаан — ислам [дүйнөсүнүн) Кытайга (ас-Син) карай кетчү багыттагы чек араларынын бири**»[384] — деген маалымат учурайт.

Арийне, А.Херманндын талаш-тартышты туудурган локалдаштыруу варианттары да кезигет. Маселен, анын Кочунгар-Башы — Нарынск[385] (*ушундай! — Т.Ч.*) деген сыяктуу чындыктан бир кыйла алыс сунуштары да бар.

Ушул эле картографиялык темага Иван Иванович Умняков (1890–1976) да 1940-жылы кайрылат.

Бул чыгаан орус чыгыш таануучусунун пикирине караганда, «Дивандагы» бул картанын автору Махмуд Кашгари Барсканиден башка адам болушу да ыктымал[386]. Бирок И.И.Умняков да А.Херманндын макаласындагы жалпы эле мусулман картографиясындагы бул картанын өз алдынча ордун белгилеген пикирин тастыктаган. Жабарка топонимин ал да Жапониянын кытайча бузулуп айтылуучу Жи-бень-го деген түрүнөн алынса керек, — деп жоромол кылып, Марко Поло аны Зипангу деп, Рашид ад-Дин болсо Чименгу деп бергенин эскерет[387].

И.И.Умняков картаны түзгөн адам Сыр-Дарыянын Арал деңизине куя турганын билбегендигин[388] жана бул деңизди картада таптакыр көрсөтпөгөндүгүн билдирген. Айтмакчы, «Дивандын» текстинде да Арал деңизи тууралуу эч маалымат жоктугун белгилей кетсек болот, демек, бул ката белгисиз бирөөгө эмес, Махмуд Кашгари Барсканинин өзүнө таандык. Ал Сыр-Дарыяны төмөнкү агымына чейин бойлоп барууга милдеттүү деле эмес болчу да. Илимпоз жана саякатчы катары эмнени көрсө жана билсе, ошону дурус чагылдырган, бирок чынында да Аралга чейин жетпесе керек да.

---

[383] Herrmann A. Die älteste... — S. 22—23, karte.
[384] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. 110a.
[385] Hermann A. Die älteste... — S. 28.
[386] Умняков И.И. Самая старая... — С. 105.
[387] Умняков И.И. Самая старая... — С. 111.
[388] Умняков И.И. Самая старая... — С. 113.

Анын үстүнө, бул картаны түзүүдө Махмуд Кашгари Барскани үчүн гидронимиялык жана орографиялык өзгөчө так реалийлер эмес, жалпы дүйнөдөгү түрк калктарынын жайгашкан журттарын чагылдыруу биринчи пландагы маселе болгондугун көңүлдөн чыгаруу жарабас.

«Дивандын» картасында белгиленген 104 географиялык аталышты И.И.Умняков өзүнчө тизме кылып берген жана алардын чечмелениши татаал айрым жагдайлары боюнча өз түкшүмөлүн жазган. Маселен, Карачук тоосун ал Кара-Тоо (азыркы Түштүк Казакстанда) эмес, Мугожар тоосу катары көрсөтөт. Ал эми المج - ал-м.ж. деген так окулбаган топонимди И.И.Умняков Мажустар (орусча “Маджусы?”) деп суроо коюп окуйт жана бул сөз менен (скандинавиялык) норманндар белгиленсе керек деп божомолдойт[389].

И.И.Умняковдун бир катар байкоолору дагы да тактоону талап кылат, бирок, жалпысынан, анын бул макаласы академик И.Ю.Крачковский тарабынан жогору баалангандан[390]. Изилдөөчү И.Умняков “Дивандагы” картанын түзүүчүсү Борбордук Азиянын тоо системасын дурус билгендигин жана Батыштагы тоолор тууралуу толугу менен билбегендигин белгилейт[391], бирок картанын автору Батыш Борбордук Азиянын орографиялык түзүлүшүн чагылдыруу максатын өз алдына эч койбогондугун эске алсак, тек гана мусулман чөлкөмүнүн батыш тарабындагы өлкөлөрдүн жана негизги топонимдердин белгилениши картанын авторунун максаты үчүн жетиштүү болгондугун түшүнө алабыз.

Махмуд Кашгари Барсканинин картографиялык маалыматтарын астейдил иликтеген окумуштуулардын бири — кыргыз географы Садыбакас Өмүрзаков (орусча *Садыбакас Умурзаков*; 1921–2002). Ал «Кыргызстандагы географиялык ачылыштардын жана иликтөөлөрдүн тарыхынын баяндары» деп аталган 1959-ж. чыккан эмгегинде Махмуд Кашгаринин картасын айрыкча сөзгө алат.

«Дивандагы» картада параллель сызыктар аркылуу белгиленген тоо кыркаларынын арасында шаарлары бар кеңири мейкиндиктер көрсөтүлгөнү, чынында да Теңир-Тоо үчүн тоо кыркаларынын арасындагы өрөөндөр мүнөздүү көрүнүш экендиги С.Өмүрзаков тарабынан туура баамдалган. Бул «Дивандын» картасындагы тоолуу өрөөндөрдүн ичинен эң ириси — Ысык-Көл өрөөнү экендиги, бул өрөөндү түндүгүнөн курчаган тоо кыркасы — Күңгөй Ала-Тоо болсо, түштүгүнөн курчаганы Тескей Ала-Тоо экендиги, алар чынында да кеңдик боюнча суналып жаткан тоолор экендиги жана бул реалий

---

[389] Умняков И.И. Самая старая... — С. 116, 131 —132. (Бул терминди المجر - «ал-мажар», б.а. венгр деп оңдоп окуган вариант бизге көбүрөөк ынайт.

[390] Крачковский И.Ю. Арабская... — С. 268 — 269.

[391] Умняков И.И. Самая старая... — С. 121.

Махмуд Кашгари Барскани тарабынан так чийилгендиги чыгаан кыргыз географы С. Өмүрзаков тарабынан таасын белгиленген[392].

Арийне, С.Өмүрзаков Махмуд Кашгари Барсканинин картографиялык маалыматынан тышкаркы географиялык маалыматтарын өзүнөн мурдагы жарыяланган изилдөөлөр аркылуу үйрөнүп, «Дивандын» текстинин арапча оригиналын же түркчө котормосун пайдаланган эмес.

География илимдеринин доктору Хамидулла Хасанов (Ҳамидулла Ҳасанов; анын 90 жылдыгы 2013-жылы Өзбекстанда белгиленди) - Борбордук Азиядагы жана Өзбекстандагы географиялык илимдердин тарыхынын өтө мээнеткеч изилдөөчүсү катары даңазалуу.

Анын бир катар эмгектеринде Махмуд Кашгаринин жана башка чыгыш географтарынын мурастары иликтенген. Маселен, 1981-жылы өзбекче жарыяланган «Саякатчы аалымдар» аттуу эмгегинде Х.Хасанов Абу Райхан Беруниге таандык делинип жүргөн ар кыл дүйнө карталары тууралуу эскерет.

Х.Х.Хасанов мындай карталардын бири Өзбекстан Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун кол жазмалар фондунда (инв. № 3423) сакталып жатканын белгилеп, 1257-ж. көчүрүлгөн бул дүйнө картасы Абу Райхан Беруни жараткан картанын түп нускасына жакын болсо керек, деп божомолдойт. Бул картанын диаметри 12,5 см. Картанын жогору жагында — түштүк тарап жайгаштырылган, ал эми чыгыш тарап болсо — картанын сол жагында жайгашкан. Берунинин бул картасында кызыктуу топонимдер бар: Варанк дарыясы (аны Х.Х.Хасанов Балтика деңизи менен окшоштурат), Түрк уруулары ж.б.[393]

Абу Райхан Беруни глобус да түзгөн жана анын глобусу эң алгачкы рельефтүү (бөртмө) жана математикалык усулга таянган глобус катары айырмаланган. Ал эми «Индия» аттуу эмгегинде Абу Райхан Беруни Чыгыш жарым шарга карама-каршы батыш жарым шары да адамзат жашаган кургактыкка ээ болушу мүмкүндүгүн (б.а. биз түшүнгөн Америка континенти болушу мүмкүн экендигин) биринчи ирет илимий божомол катары сунуштаганын да Х.Х.Хасанов белгилейт. «Мас'уд канону» эмгегинде Беруни көрсөткөн географиялык жадыбалдагы 603 жер-суу, өлкө аттарынын 85и Борбордук Азия менен Хорасанга таандык экенин да изилдөөчү Х.Хасанов белгилей кеткен[394].

---

[392] Өмүрзаков С.У. Очерки... — С. 62—63.
[393] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Сайёҳ олимлар. — С. 47-91.
[394] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Сайёҳ олимлар. — С. 97-101.

Махмуд Кашгари Барсканинин картографиялык маалыматтарын Х.Х.Хасанов «Дивандын» текстиндеги топонимиялык ж.б. маалыматтар менен тыгыз байланыштырып иликтейт[395].

Картадагы аталыштарды Х.Х.Хасанов үч топко туура бөлгөн:

- «Дивандын» текстинде берилген, бирок дүйнө картасында чагылдырылбай калган аталыштар;
- Эмгектин текстинде да, картада да берилген аталыштар;
- «Дивандагы» дүйнө картасында гана чагылдырылган аталыштар.

Өзбек географы Х.Хасанов адилет белгилегендей, араб-мусулман географтары адатта дүйнөнүн тегерек картасын чийгенде жердин чордону катары Мекени, Аравия жарым аралын көңүлдө тутуп келишсе (ал эми «Инжилде» жер киндиги катары Иерусалим аңдалган, кытайлыктар да өз өлкөсүн «Асман алдындагы чордондук жер», б.а. Жердин ортосу катары эсептешкен), Махмуд Кашгари Барскани болсо жердин борбору катары Борбордук Азиянын аймагын көрсөткөн.

Махмуд Кашгари өз картасынын жогору жагына чыгыш тарапты жайгаштырган. Бул болсо борбордук азиялык (түрк тилдүү) калктардын дүйнө туурасында эзелтеден белгилүү болуп келген астрономиялык түшүнүктөрүнүн негизинде чийилсе керек, — деген Х.Х.Хасановдун пикири[396] да туура болуп саналат, анткени, теңиртоолук ж.б. түрк калктары үчүн чыгыш тарап / күн чыга турган жогорку жак — багытты аныктоодо башкы тарап[397] катары эзелтеден бери эле кабыл алынган.

Азыркы кыргыз тилинде да «чыгыш» сөзү «күн чыккан жак» деген түшүнүктөн улам келип чыккан. Ал эми чыгышты караган кезде оң кол жак — түштүк тарапты көрсөтөт. Махмуд Кашгари Барсканинин дүйнө картасында да түштүк тарап барактын оң жагында орун алган.

Махмуд Кашгаринин картасындагы المج - ал-м.ж. топонимин профессор Х.Х.Хасанов المجر - ал-мажар катары конъектуралап окуу керек, деп сунуш кылат жана бул пикир менен мажар (венгр) чыгыш таануучусу Ю.Немет да макул болгонун эскертет[398]. Биз да ушул пикирди колдоорубузду жогоруда белгиледик.

---

[395] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Сайёҳ олимлар. — С. 116-138.
[396] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Сайёҳ олимлар. — С. 128.
[397] Стеблева И.В. К реконструкции... — С. 224.
[398] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Урта Осиё жой номлари... — С. 15.

Дүйнөнүн Махмуд Кашгари чийген картасындагы Борбордук жана Чыгыш Азия (XI к.). *(Т. Чоротегиндин котормосунда)*

Албетте, Х.Х.Хасановдун карта маалыматы тууралуу айрым пикирлери тактоону талап кылат. Маселен, 1963-ж. чыккан «Махмуд Кашгари» аттуу өзбекче китебинде ал Кеми Талас топонимин «Энесай боюндагы кыргыз хакандарынын байтактысы Кемижкент болсо керек»[399], — деп жоромол кылат. Чындыгында, Кеми Талас шаары деле Теңир-Тоодо (анын чыгышыраак аймагында) жайгашкан. Албетте, Чыгыш Теңир-Тоодо кыргыздардын тобу жашагандыгы белгилүү, бирок Кеми Талас шаарын эч качан энесайлык Кемижкент (Кемижкет) менен чаташ-тырылбашы керек.

Махмуд Кашгари Барсканинин картографиялык мурасы чыгыш түрктөрүнүн жана алардын тарыхый коңшуларынын этномаданий жана саясий тарыхын, алардын тарыхый географиясын иликтөөдө маанилүү мусулмандык булак болуп саналат. Жогоруда белгилегенибиздей, «Дивандагы» картада жердин чордону катары ыйык Ысык-Көл, Борбордук Теңир-Тоо аймагы жайгаштырылат.

Өз Атажуртун дүйнө чордонунда картографиялык усул аркылуу сыпаттоо менен Махмуд Кашгари Барскани жергиликтүү калктардын

[399] Ҳасанов Ҳ. Ҳ. Махмуд Кошғарий. — С. 55.

географиялык түшүнүктөрүн чагылдырган. Арабдар — Мекени, Мединаны, Аравия жарым аралын дүйнө борборунда жайгаштырышса, кытайлыктар өз өлкөсүн дүйнө чордону катары элестетишкен. Бутпарас (буддизм) динин тутуучу монгол, тибет ж.б. элдер дүйнө чордону катары Индияны эсептешкендиги тибетче эмгектер жазган монгол аалымы Сумба-Хамбо Ишибалжирдин (1704—1788) «Пагсам-чжонсан» аттуу эмгегинен[400] ж.б. тибет жана монгол чыгармаларынан да айгинеленет.

Демек, диний жана этностук-маданий салттарга байланыштуу тигил же бул аймакты жердин чордону катары элестетүүдө башка элдер сыяктуу эле Теңир-Тоо түрктөрүнүн да өз алдынча салт-жобосу болгондугу ушул аймактан төрөлүп-өскөн илимпоздун «Дивандагы» картасында таасын чагылдырылып калган.

Ысык-Көлдөгү бектиктин ордо шаары болгон Барскан шаарынын аты «Дивандын» текстинде каткалаң غ («ғайн») аркылуу «Барсған» деп берилген болсо, ал эми картада — каткалаң ق («қаф») аркылуу «Барсқан» деп (азыркы “Барсқоон” топонимине үн алыштырып) жазылган. Сыягы, бул айырмачылык түрк тилдериндеги диалектилик өзгөчөлүктөр менен байланыштуу болсо керек.

Кара кагандар мамлекетинин чордондук аймагы бул дүйнөлүк картада көңүл борборунда тургандыгынан улам бул картаны кандайдыр бир даражада Кара кагандар сулалесинин саясий картасы[401] деп түшүнүүгө болот.

Ысык-Көлдүн жан-жагындагы шаарларды билдирүүчү айрым нокотторго тиешелүү шаар аталыштарынын картада жазылбай калышы жана кыргыз сыяктуу өз каганаты бар айрым элдердин, теңир-тоолук айрым ири этностордун мекенинин анда чагылдырылбай калышы бул картаны түзүү (же болбосо түп нускадагы картадан аны толук көчүрүү) иши өз соңуна толугу менен чыгарылбаса керек деген түкшүмөлгө жетелейт.

Айрым изилдөөчүлөр калыс белгилегендей, мусулман карталарынын ичинде бир далай топонимдер Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегине иркелген ушул гана картада чагылдырылган. Андай уникалдуу топонимдердин арасында чыгыштагы топоним — Жапония (Жабарка) болуп саналат. Байыркы доорлордо Жапонияны кытай булактарында «Вэйну» деп, кийинчерээк — «Жибень(го)» деп аташкан. Бул сөз «Күндүн чыгышы» деп которулат.

984-ж. жапон кечили Чжеу Жань Кытайга келип, император Тайцзун тарабынан дурус кабыл алынган[402]; немис саякатчысы Мартин Бехайм

---

[400] Бира Ш. О некоторых историко-географических... — С. 25.
[401] Чороев Т.К. Древнетюркская карта мира... С. 83 — 84.
[402] Караңыз: Бичурин Н.Я. Собрание сведений по исторической... — С. 612 — 613.

(1459—1507) 1492-ж. даярдаган «жер алмасы» аттуу глобуста Чипангу аралы да көрсөтүлгөн[403].

“Дивандын” картасындагы башка оригиналдуу топонимдердин арасында Катун Сыны шаары бар. Бул шаарды Ганьчжоудагы Уйгур мамлекетинин борбору деп синолог Евгений Иванович Кычанов (22.6.1932 — 24.5.2013) туура белгилеген[404].

Кыргыз каганатынын X к. бир бучкагы болуп, кийинчерээк татарларга өткөн Өтүкен аймагы, Ысык-Көлдүн түштүк-батышында — азыркы Кочкор өрөөнүндөгү Кочңар-Башы (бул Кочкор-Башы топонимии Беруни да «ал-Каанууну л-мас'уудий» эмгегинде эскерет[405]) жери, а батышта — Венгрия (ал-Маж[ар]) «Диван» аркылуу мусулмандык картографиялык адабиятка киргизилген.

Ал эми Теңир-Тоодогу кырка тоолор тизими (географтар С.Өмүрзаков, Х.Х.Хасанов ж.б. таасын белгилегендей) оронимиялык жагынан алганда өтө реалдуу чагылдырылган.

Айтмакчы, уйгур илимпозу Йусупбег Мухлисов Кочкор-Башы топонимин «Қошқар бәши» деп окууга жана аны Кашкар, Үч-Турпан жана Караколдун ортосунда болгон, — деп азыркы Кочкор өрөөнүнөн алысыраак локалдаштырууга аракеттенет[406].

Кезегинде А.Н.Бернштам Кочкор-Башы (Кочңар-Башы) топонимин «Кажингарбашы» деп жаңылыш окуп, Нарын дарыясынын өрөөнүндөгү Ала-Бука суусунун боюнда жайгашкан Шырдакбек шаар чалдыбары менен окшоштурган эле.

Анын бул жаңылыш локализациясы Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» нукура тексти менен тааныш болбогон башка бир катар кыргызстандык окумуштуулар тарабынан көп ирет шилтеме жасалып келди[407]. Бул тууралуу биз дагы 1980-жылдары сын пикир айткан элек.

Кочкор-Башы шаарынын ордун азыркы Ички Теңир-Тоодогу Кочкор аймагынан башка жакка локалдаштыруу аракети «Дивандагы» маалыматты одоно бурмалоо менен барабар. Махмуд Кашгари Барскани Кочкор-Башы шаары менен Баласагын шаарынын ортосунда Занби-Арт (азыркы Шамшы ашуусу) орун алганын[408] “Диванда”

---

[403] Молявко Г.И., Франчук В.П., Куличенко В.Г. Геологи... — С. 37 — 38 (карта).

[404] Кычанов Е.И. Из истории тангуто-уйгурских войн... - С. 146-153; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации...

[405] Şeşen R. İslam... — S. 196. (Айтмакчы, 2017-жылы июлда профессор К.Ш.Табалдыев жетектеген археологдор тобу Кыргызстандын Нарын облусуна караштуу Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылынын аймагынан бир кездеги Карахандар кагандыгына караган Кочкор-Башы шаарынын өкүмдарыныкы деп божомол кылынган жер астындагы күмбөздү табышты).

[406] Караңыз: Мухлисов Й. Эсирлер... — Б. 31.

[407] Караңыз: Бернштам А.Н. Избранные труды... — Т. 1. — С. 417; Петров К.И. Очерки... — С. 104; Умурзаков С. С четырех сторон... — С. 33.

[408] Kâşgarlı Mahmud. Divânü... / Tıpkıbasım. - S. 317a.

таасын жазган (бул жөнүндө башка тиешелүү жерлерде да эскеребиз). Кочкор-Башы болсо “Дивандагы” картада Ысык-Көл көлү менен Барскан шаарынан батышта жайгашкан. Чындыгында да Кочкор өрөөнү Ысык-Көлдөн батышта, Баласагындан (азыркы Бурана шаар чалдыбарынан) түштүктө жайгашкан.

Ошентип, Махмуд Кашгари Барскани - орто кылымдардагы теңир-тоолук турк калктарынын картографиялык илиминин туу чокусуна көтөрүлгөн ж, демек, өз кылымы үчүн теңдешсиз орток түрк аалым.

Бул саптардын ээси Махмуд Кашгари Барсканинин дүйнө картасынын Борбордук жана Ички Азияга жана Ыраакы Чыгышка тийешелүү бөлүктөрүн орус жана кыргыз тилдерине которуп жарыялады (бул котормо «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы» боюнча орто мектептердин 7-классы үчүн окуу китептерине да киргизилди[409]), бир катар ачакей түшүндүрүлүп келген жагдайларга автор бул котормосунда тактоо киргизди.

Албетте, бул оригиналдуу картанын үстүнөн иштөө дагы эле соңуна чыккан жок. Маселен, картадагы بلدة العلوية - балдату л-'алавиййа шаарын «Асман мелжиген шаар», «Көк теңир шаары», 'Алавиййа шаары сыяктуу ар кыл вариантта түшүндүрүү аракеттери бар. Насип болсо, келечекте да бул картографиялык иликтөөлөр улантылууга тийиш.

[409] Караңыз: Чоротегин Т.К., Өмүрбеков Т.Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандын... — 1998. — (Тиркемедеги карта); Асанов У.А., Жуманазарова А.З., Чоротегин Т.К. Кто есть кто... — С. 16—17; ж.б.

II бап.
«Дивану лугати т-түрк» эмгегинин жалгыз кол жазмасы жана анын Алдыңкы Азиядагы болжолдуу көчү

II. 1. ас-Сави көчүргөн кол жазманын таржымакалы

Жаңы доордо Европада комплекстүү илим катары калыптанган чыгыш таануу илими (анын ичинде түркология) канчалаган чыгыш калктарынын ыраңы өчкөн тарыхый барактарын кайрадан жандантты, алардын сандыктарда чаң басып сакталып келген китептеринин чаңын күбүп, адамзатты чыгыш философиясынын, эркин ой жүгүртүүсүнүн, илиминин жана элдик салттарынын мурасы менен тереңдетип тааныштырды. Махмуд Кашгари Барсканинин мурасы кайрадан өз урпактарына кайтып келиши дал ушул жаңы доордун илебинин бири болуп саналат.

«Ар бир кол жазманын өз тагдыры бар» деп арабдар таасын айткан эмеспи. Китептин бул бөлүмүндө Махмуд Кашгари Барсканинин ысымын Теңир-Тоодон чыккан улуу аалым катары тааныткан эмгектин көчүрмөсүнө бургубуз келет. Эгерде бул жападан-жалгыз көчүрмө сакталбаган болсо... Анда биз Махмуд Кашгари Барсканинин жеке инсандык мурасынан гана эмес, анын доорунда Теңир-Тоону жердеген элдердин жашоо-турмушу, тили жана дили сүрөттөлгөн таасын энциклопедиялык көрүнүштөн да кол жуумакпыз.

Дээрлик он кылым илгери Махмуд Кашгари Барскани жазып кеткен эмгектин сыйкырдуу сөздөрү: «*Фа-ставлаа л-китабу 'ала-амад; ва-халлада зухран ли-л-абад*» («**Ушул китеп түпсүз мөөнөт жүгөндөсүн, Салым заты түбөлүккө түгөнбөсүн**!»)[410], — деп кулагыбызга улам-улам жаңырганда, бул бабабыз ким болгон, неге анын эмгеги түркология үчүн кылым жаңылыгы катары эсептелет, бул мурастын бизге жетпей калышы жалпы эле түрк элдеринин рухий маданиятын жана этностук тарыхын иликтөө үчүн, жалпы адамзат үчүн канчалык оор жоготуу болмок... – деген суроолорду кайра-кайра өзүбүзгө берүүгө аргасызбыз.

Даанышман илимпоз Махмуд Кашгари Барскани кастарлап жазган негизги асарды бизге жеткирген көзгө басар көчүрмө кол жазманын тарыхына жана мазмунуна текстолог жана булак таануучу катары иликтөө жүргүзүү жаатында, — эмгегибиздин киришүүсүндө белгилегенибиздей, — Кыргызстанда аткарыла элек милдеттер абдан эле арбын.

---

[410] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. 319b.

Бул кол жазма азыркыга чейин Стамбулдагы Улуттук китепкананын (Millet Kütüphanesi) Али Эмири өткөргөн топтомунда (**N 4189**) сакталып турат[411]. Кол жазма 239 х 165 миллиметр көлөмүндөгү 319 барактын эки бетине тең (жалпысы — 638 бет болуп) насх жазма усулу менен даярдалган[412].

Сөздөрдүн абсолюттук басымдуу көпчүлүгүнө кыбаачалар (тамга менен жазылбаган үндүү тыбыштарды ачыктап берүү үчүн колдонулуучу арабча «харака» делчү белгилер) түшүрүлгөн.

Бул кол жазманы биз 1997-жылдын сентябрында Стамбулдагы Миллет (Улуттук) китепканасында колго алып, иликтей алдык.

Китепкананын мүдүрү бизге берген маалыматка караганда, кол жазманын тышын сактаган мукабасы өтө эле эскирип, жедеп колдон түшүп, башка кагаздарга залакасы тийиши мүмкүн болгон абалга жеткендиктен, аны жаңы мукаба менен алмаштырууга аргасыз болушкан. Ал эми кагаздар болсо алигиче дурус сакталган экен.

1997-жылы ноябрдын акырында америкалык кашгари таануучу Роберт Данкофф менен Сан-Францискодогу чыгыш таануучулардын илимий жыйынында жолуктум. Профессор Р.Данкофф 1970-жылдары

---

[411] el-Kâşgarî Mahmud b. el-Hüseyin Muhammed. Dîvânü lugāti't-Türk. - İstanbul Millet Kütüphanesi Ali Emîrî Kitaplığı, Arapça Eserler, nu. 4189.

[412] Tryjarski E. Kultura... — S. 13; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... – 1997.

бул кол жазманы пайдаланган чакта анын мукабасы эски бойдон эле болчу, — деп бизге маалымдады.

Кол жазманын фото сүрөтү (факсимилеси) 1941-ж. Анкарада Алаеддин Кырал басмасында Бесим Аталай тарабынан[413] толук бойдон жарыяланган (1988-ж. жайында гана бул факсимиле колубузга тийди).

Кийинчерээк Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» англисче котормочулары Р.Данкофф менен Ж.Келли котормонун соңундагы 3-томдо бул кол жазманын микрофишесин (микрофотокөчүрмөсүн)[414] мукабанын үчүнчү бетине атайын тиркелген чөнтөкчөгө жайгаштырышкан (1985).

1990-ж. Түркиянын Маданият Министрлиги тарабынан кол жазманын татынакай түстүү факсимилеси жарыяланды (Ankara: Sistem Ofset, 1990)[415]. Демек, Стамбулда болбой туруп эле текст изилдөөчүлөр бул кол жазмага кандайдыр даражада жакындап үңүлүп иликтөө мүмкүнчүлүгүнүн ала алышат. (Албетте, оригиналдын өзүн көздөн кечирүүгө не жетсин).

Кол жазманын биринчи бетиндеги алгачкы саптарга көз чаптыралы (биз бул жерде кол жазмага ал көчүрүлгөн мезгилден кийинки замандарда түшүрүлгөн кошумча жазууларды азырынча көңүлгө албай коё туралы):

«**Китабу дивани лугати т-түрк**» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы китеби») деген бадырайган жазуудан кийинки сапка «**Автору — Махмуд ибн ал-Хусейн ибн Мухаммед ал-Кашгари, Алланын ыракымы ага тийсин!**»[416] — деген жазуу түшүрүлгөн. (Мында ал-Кашгари ныспасындагы «к» тыбышы жумшак «кеф» ك тамгасы менен, «г» болсо каткалан «гайн» غ тамгасы менен жазылган).

Титулдук барак (лист) катары таанылып жүргөн бул бетте чыгарманын аты жана анын автору болбогон адам тарабынан түшүрүлгөн жазуулар да бар. Аны бул көчүрмөнү даярдоого буюртма (заказ) берген жана көчүрмөнү ээлеп калган алгачкы белгисиз кожоюндун тапшыруусу боюнча, Р.Данкофф белгилеп өткөндөй, көчүрмөчү ас-Сави өз колу менен жазган экен.

Анда «бул китеп — түркмөн тилинде (жазылган)», — деген пикирге келген кандайдыр-бир аты-жөнү белгисиз адам «түркий тилди деле, түркмөн тилин деле (жарытып) билбейт» — делип айыпталат. Демек, бул көчүрмөнүн кожоюну «түрк филологиясында да билимден куру

---

[413] Atalay B. Dîvânu Lûgat-it Türk Tıpkıbasımı. «Faksimile».
[414] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 3.
[415] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım.
[416] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. la.

эместигин көрсөткөн»[417], — деп профессор А.Б.Халидов калыс жыйынтыктайт.

Кол жазманын автору бизге белгилүү болгондон кийин «Деги бул көчүрмөнү ким жазды экен?» деген суроону чечүүбүз керек.

Арабча тамга менен жазылган орто кылымдардагы эмгектерди иликтеп, дасыккан адамдар кол жазманын алгачкы бетин караган соң, дароо эле эң арткы барагына (паспортунун экинчи бети сымал) көз жүгүртүшөт.

Көчүрмөнүн эң акыркы бетинде, чыгышпоздор «колофон» термини менен белгилөөчү жайда: «Алла-тааланын кулу жана букарасы Мухаммед ибн Абу Бакр ибн Абу-л-Фатх ас-Сави, кийинчерээк ад-Димашкы» тарабынан «алты жүз алтымыш төртүнчү жылы шаввал айынын жыйырма жетинчи күнү, жекшембиде»[418] китептин авторунун өз колу менен жазылган нускадан көчүрүлүп бүтүрүлгөндүгүн окуй алабыз.

Негедир А.Б. Халидов бул датаны «28-күн, ишемби»[419] деп берген. Азыркы календарга которгондо көчүрүлүп бүтүрүлгөн күн 1266-жылдын 1-августуна туура келет.

Көчүрмөнүн ныспасындагы маалыматтар анын өмүр жолу тууралуу азыноолак кабардар кылышы мүмкүн. Маселен, الساوي - «ас-Сави» ныспасынан улам, бул өз учурунда 3 тил билген киши азыркы Ирандын аймагында жайгашкан Саве калаасынан чыкканын билебиз. Өзүнүн ысымынын тизиминдеги ثم الدمشقي - «кийинчерээк ад-Димашкы» сөзү аркылуу ал адамды тагдыр шамалы Ортоңку Чыгыштан батыш тарапты көздөй айдаганын, Дамаск шаарында бир далай убакытка конуш тапкандыгы үчүн ал ушул ныспага ээ болгондугун кыйыр баян кылат.

Р.Данкофф менен Ж.Келлинин божомолунда[420], кийинки чөлкөмгө Мухаммед ас-Сави өзүнүн ата журтуна монголдор басып киргенден кийин көп узабай эле журт которуп кеткен.

Көчүрмөдө түрк тилдериндеги сөздөрдү жазууда кетирилген айрым калпыстыктардан улам Бесим Аталай көчүрмөчүнүн теги түрк элдерине жатпастыгын белгилейт. Ошондой эле арабча текстти жазууда да айрым грамматикалык мүчүлүштүктөргө жол берилгендиги, бул тармакта да көчүрмөчү ас-Сави чала-моңол билээрин түкшүмөлдөөгө болот, — дейт Бесим Аталай[421]. Демек, теги боюнча көчүрмөчү «фарсы» — ирандык киши. Ал эми азербайжандык

---

[417] Халидов А.Б. Словари Исхака... — С. 28.
[418] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. 319b.
[419] Халидов А.Б. Словари Исхака... — С. 28.
[420] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 24.
[421] Atalay B. Divanü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. XVI—XVII.

окумуштуу Рамиз Аскеров болсо, мурдагы бапта белгилегенибиздей, савалык бул көчүрмөчүнү «Түштүк Азербайжандан чыккан тектешибиз» (б.а. ирандык азербайжан же огуз түрк)[422] дегендей оюн билдирген.

Ошону менен бирге эле бардык кашгари таануучулар ас-Савинин Махмуд Кашгари Басркани жазган оригинал кол жазма китепти өтө дыкаттык менен көчүрүүгө, айрым бир көзгө илинбегендей майда-чүйдө белгилеринен бери кынаптап калыбында жазууга кылган далаалатын терең ызаат менен эскертишет[423].

Анын үстүнө көчүрүлгөн мезгил менен түп нусканын жазылган мезгилинин ортосунан эки кылымга жакын убакыт өткөндүгүн көңүлгө алсак, бул аралыкта көчүрмөчүгө чейин эле түп нускага бурмалоолор кирип же анын айрым бир жазуулары бүдөмүктөнө өчүп, текстти түпкү калыбында жазуу үчүн кыйынчылыктар түзүлгөндүгү ажеп эмес. Ал түгүл айрым бир изилдөөчүлөр ас-Савинин колуна жеткен автордук нуска Махмуд Кашгари толугу менен аяктоого үлгүрбөгөн кара нуска (сомоло) болушу да ыктымал деп божомолдоого чейин барышат[424]. Айтор, өтө кейиштүү жагдай ушу — автордук (Махмуд Кашгари Барсканинин өз колу менен жазылган) түп нуска биздин күнгө чейин сакталып жетпегендиги.

Көчүрмөнүн өзүнүн сакталып калышы да «ажайып бир окуя болду» деп бааланат. Ошондон улам дагы бир ирет “Дивандын” көчүрмөсүнүн беймаалым буюртмачысына (заказчысына) да, тырышчаак көчүрмөчүгө да ыраазылык менен баа бербей коё албайбыз.

Кашгари таануунун соңку жылдардагы ийгиликтери бул көчүрмөнүн тагдыры XIII—XX кк. ортосунда кайсы нукта өнүккөндүгү тууралуу аздыр-көптүр маалыматтарды берет.

Биерде биз көзгө басар кол жазманы Бесим Аталайдан[425] кийин дагы бир ирет кылдат иликтеп, текстология илиминин кийинки жетишкендиктерине таянуу менен бул көчүрмөнүн беттерине калтырылган сыяларды жана ар кыл колду (почеркти) мезгилдик тартипте ажырымдаткан америкалык чыгышпоздор Р.Данкофф менен ага көмөктөшкөн Ж.Келлинин эмгегин өзгөчө белгилей алабыз (мажар чыгыш таануучусу А.Рона-Таш да бул эки америкалык илимпоздун кол айырмачылыктарын иликтөөдөгү эмгегин кашгари таануудагы алдыга карай олуттуу жасалган кадам катары жогору баалайт[426]).

---

[422] Əskər, Ramiz. Mahmut Kaşgari’nin 1.000 İllik Yubileyine…
[423] Ülkütaşır M.S. Büyük Türk... — 1946. — S. 34—35.
[424] Профессор А.Б.Халидов ушундай божомол кылат: Халидов А.Б. Словари Исхака... — С. 28.
[425] Atalay B. Divanü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. XI.
[426] Róna-Tas A. (Review:) Mahmud... — P. 336.

Негизги кол, албетте, көчүрмөчүнүн өзүнө таандык (XIII к.). Р.Данкофф андан башка дагы он төрт кол болушу мүмкүн экендигин белгилейт.

Биринчи кол — Мухаммед ибн Абу Бекр ас-Савиге таандык;

Экинчи кол — XIV кылымдагы кишиге таандык;

Үчүнчү кол — XV кылымдын башына таандык;

Төртүнчү кол — 1422-жылга чейин жазган инсанга таандык, бул кол басмыл этнонимин “йасмыл” кылып оңдогон, б.а. ката жазып салган;

Бешинчи кол — ограк этнонимин “ыграк” - إغراق кылып оңдогон;

Алтынчы кол — бул кол бешинчиге окшошуп кетет;

Жетинчи кол — фарсы тилинде сөз калтырган;

Сегизинчи кол — чагатай же кыпчак тилинде өз пикирин калтырган;

Тогузунчу жана онунчу колдор — араб тилинде пикир калтырган;

Он биринчи кол — соңку колдордун бири;

Он экинчи кол — болжол менен XIX кылымда жашаган осмондук түрк окурманына таандык;

Он үчүнчү жана он төртүнчү колдор — XX кылымга таандык;

Он бешинчи кол — XX кылымдагы түркиялык окурмандын колу.

Эң акыркы кол — XX к. жашаган түрк окурманынын колу — тарабынан «Дивандын» бул жалгыз көчүрмө нускасына карандаш менен айрым бир оңдоолор жана түшүндүрүүлөр жазылган[427].

Айтмакчы, Р.Данкоффтун оюнча, титулдук барак делген беттеги жазуу-лардын эч бири тең «Дивандын» авторуна — Махмуд ибн Хусейин ибн Мухаммед ал-Кашгариге таандык эмес[428], б.а. анын автографы бул көчүрмөдө жок.

Бул биринчи жана акыркы колдун ээлеринен башка көчүрмөнү окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон адамдар кимдер? XIII к. экинчи жарымынан - XX к. башына чейинки убакытта бул кол жазма Дамаск шаарынан Каирге, андан — Осмон түрк султандыгынын борбор шаарына (Стамбулга) өткөн, башкача айтканда, Жакынкы Чыгыштын, Египеттин (Мысырдын), Кичи Азиянын айрым бир окурмандарынын назарында болгон.

Көчүрмөчүдөн кийинки адамдын колу, жогоруда белгиленгендей, XIV к. таандык. Бул киши бүткүл текстте учураган арабча жана түркий тилдердеги сөздөрдө үндүү тыбышты билдирүүчү кыбаачаларды[429] толуктап жазган. Түркий сөздөрдүн үндүү тыбыштарын белгилөөдө ал кыпчак диалектине негизденүүгө умтулган.

---

[427] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 15—19.

[428] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 7.

[429] Кыбаача тууралуу . караңыз: Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 14, шилт. 1.

Эмне үчүн жакынкы чыгыштык окурман кыпчак диалектисин назарга туткан? деген суроо туулушу мүмкүн.

XI —XII кк. эле Жакынкы Чыгыштагы мусулман бийлик эгелери өз бийлигин чыңдоо үчүн өзүнө ишенимдүү кулдардан тандалма кошуун (гвардия) түзүшкөн. Кулдар (арабча مملوك «мемлук» — «ээликтеги», б.а. «кул») аскер башчылык даражага чейин көтөрүлүп турган[430]. Алардын арасында теги түрк элдеринен болгон каарман жоокерлердин катмары да акырындап өсө берген. Алар креттүүлөр жортуулуна каршы ийгиликтүү согуш аракеттерин жүргүзүүгө негизги үлүш кошкон Аййубийлер сулалесинин тушунда (1171 — 1250) чыгыш булактарында өтө көп эскериле баштайт.

1250-ж. мемлүктөрдүн кол башчылары Аййубийлердин[431] Мысырдагы (Египеттеги) бутагын кулатып, өзүнчө бир султандык сулалени[432] негиздешет. Мемлүктөр сулалеси Мысыр менен Шамды (Сирияны) өз кучагына алган мамлекетти осмон түрктөрү кулаткан 1517-ж. чейин бийлеген. Казак чыгышпозу Б.Е.Кумеков (Булат Көмеков) белгилегендей, Мемлүктөр сулалесинин бийлик эгелери айтылуу Алтай тоолорунун күн батыш этектеринен Карпат тоолорунун чыгыш аймагына чейин кеңирсиген Кыпчак-талаадан (Дешт-и Кыпчак[433]) келгендерден чыккан.

Тактап айта кетсек, мемлүктөрдүн Мысырдагы сулалеси эки тарыхый баскычка жиктелет. Биринчи сулале «Бахрий мемлүктөрү» - «деңиз мемлүктөрү» тарабынан негизделип, 1250—1390-жылдары саясий тарых сахнасында болду. Алардын оболку аскердик имараты Каирдин аймагында Нилдин («Бахру н-Нил») аралчасына жайгашкан себептүү сулале «бахрий» деп аталып калган. Бул сулаленин негиздөөчүлөрү кыпчак элинен келген кулдардан чыккан кол башчылар эле.

Бахрий мемлүктөрүнүн ичинен өз ысымы менен мамлекетти башкарып калган, б.а. чыныгы алгачкы мемлүк бийлик эгеси болгон адам — кыпчактардан чыккан султан Рукн ад-Дин Байбарс (Бейбарс) ал-Бундукдари эле.

Кыпчак-талаада 625-хижра ж. / 1227 — 28-ж. туулган, он төрт жашында туткунга түшүп, Сирияга сатылган Байбарс XIII кылымдын экинчи жарымында өзүнүн саясий туу чокусуна көтөрүлөт[434].

---

[430] Ayaion D. Mamlük. — P. 314—321; Holt P.M. Mamlüks. — P. 32 1 — 33 1.

[431] Кумеков Б.Е. Арабские... — С. 3 — 39. Азыркы Болгария жана Мажарстан аймагына кыпчак агымы тууралуу караңыз: Павлов П. По въпроса за заселванията на кумани... — С. 629—630; Mándoky, István Kongur. Newcomers from...

[432] Cahen Cl. Ayyübids. — P. 796—806.

[433] Бул термин тууралуу караңыз: Ахинжанов С.М. Кыпчаки... — 1995. — С. 14—15.

[434] Khowaiter A.-A. Baybars... — P. 6.

Ал бийликке келээрдин алдында Мысырды теги түрк элдеринен болгон акылман, сулуу жана айлакер султан айым *Шажарату д-Дурр* кыпчак, түркмөн ж.б. түрк мемлүктөрдүн жардамы менен бийлеп турганы маалым[435].

Ал эми 1382—15 17-жылдары саясий тарыхта катталган мемлүктөрдүн экинчи сулалеси — «Буржий мемлүктөрү», б.а. «Сепил мемлүктөрү» деп аталган. Каир шаарынын негизги сепилинде («бурж») отурукташкан мемлүктөр тарабынан курулгандыктан, алардын мамлекети «сепилдик» деп аныкталып калган[436]. Бул сулаледеги башкы ролду Кавказдын түндүгүнөн келген калктардын өкүлдөрү (жалпылама аты — черкес) ойногон, бирок түрк элдеринин өкүлдөрү да аскер кошуундарында өз таасирин жоготушкан эмес[437]. Түрк (кыпчак) тилин черкестер да Кавказдын өзүндө деле кылымдар бою экинчи тил катары колдонушкан.

Мысыр менен Шамда дал ошол мезгилде кыпчактардын жана башка түрк элдеринин тарыхына, маданиятына, тилине кызыгуу күчөгөн. Бир чети, мамлекет башчыларына жана кол башчыларга жагынуу, алардын тилин табуу, алардын ички дүйнөсүн үйрөнүү үчүн дал ушундай иликтөөлөр жергиликтүү аалымдар тарабынан жүзөгө ашырылып келсе, экинчи чети, бул түрктөрдүн ичинен да окумуштуу катмарлар арбын чыгып, өздөрүн араб тилдүү дүйнөгө кеңири таанытууга умтулушкан.

Жералд Рекс Смит жазгандай, дал ошол доордон тартып атчан аскер өнөрү тууралуу сүрөт менен коштолгон арабча китептер да жайнап, алардагы атчан аскерлердин кебетеси моңголдор менен орто азиялык түрктөрдүкүнө окшош тартылган. Мемлүк аскери атчан жана курал-жаракчан чагылдырган ошондой түстүү сүрөттүү асар Мухаммад ибн 'Иса ибн Исма'ил ал-Ханафи ал-Аксарайи (1348-ж. Дамаск шаарында өлгөн) тарабынан XIV к. биринчи жарымында Дамаскиде жазылган[438].

Мухаммад ал-Аксарайинин бул арабча эмгеги «*Нихайату с-су'л ва-л-умнийа фи 'илми л-фуруусийа*» — «Ат ойнотуу илими тууралуу суроолор менен эңсөөлөрдүн жеткен чеги» деп аталат. Азырынча эч бир европалык тилге которула элек бул асардын оң кол жазма көчүрмөсү Лондон, Париж, Кембриж, Дублин, Каир, Стамбул сыяктуу шаарларда сакталган[439].

---

[435] Walter W. Woman in Islam. — P. 81; Кадырбаев А.Ш. За пределами... — С. 86—95.

[436] Holt P.M. Mamlüks. — P. 321 — 33 1; Spuler B. The Muslim World... — P. 56 — 60 («бахрий мемлүктөрү»); 77—79 («буржий мемлүктөрү»); 104—105 (сулалелер жадыбалы).

[437] Kopraman K.Y. Misir Memlükleri. — S. 433 — 543; Ibid. Misir Memlükleri Tarihi...

[438] Smith G.R. Medieval Muslim... — P. 10, 12, 14, 27.

[439] Smith G.R. Medieval Muslim... — P. 27 — 28.

Мысырдык кыпчактар Алтын Ордо, Итилдеги түрк элдери менен да тыгыз байланыш түзүүгө умтулушкан. Дал ушундай тарыхый кырдаалда XIII—XIV кк. Мысырда арабча-түркчө (кыпчакча) сөздүктөр түзүлөт.

Маселен, бизге жетпей калган «Жарык нурлар» («*ал-Анвару л-мудийа*») деп аталган 'Ала' ад-Дин Бейлик ал-Кыфчакинин эмгегин Асир ад-Дин Мухаммад ибн Йусуф ал-Гарнати (ылакап аты — Абу Хаййан; 1256—1344) деген энциклопедист-аалым «Түрктөрдүн тилин баамдоо китеби» («*Китаабу л-идраак ли-лисани л-атраак*») асарында пайдаланган. Гранадада туулуп, Каирде өлгөн бул грамматист окумуштуу арабча, түркчө, фарсыча, эфиопчо дурус билген, жогорудагы китебинен башка дагы 64 чыгарма жазган[440].

'Ала' ад-Дин Бейлик ал-Кыфчакинин жогорудагы эмгегин пайдаланган дагы бир аалым — Жамал ад-Дин ат-Түрки (XIV к.) болсо «Түрк жана кыпчак тилдерине ынтызарлануу үчүн молчулук» («*Булгату л-муштаак фи лугаати т-түрк ва-л-кыфчак*») деген чыгармасын жазган[441].

Дал ушундай этномаданий кырдаалда Мысырда (XIV к.) жашаган белгисиз окурман Кашгаринин «Диванынын» көчүрмөсүнө «кыпчактык маанайда» көз жүгүртүп чыгып, оңдоолор кийиргени мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинин ас-Сави даярдаган көчүрмөсүндөгү кийинки кол XV к. башына таандык. Титулдук баракты жогорку жагындагы жазуу: «*ли-Мухаммад ибн Ахмад хатиб Даараййа...*»[442] деп турат.

Килисли Риф'ат Билге бул жазууга астейдил көңүл болуп, бул колду койгон кишинин ысымы — Мухаммед, ал эми анын атасы болсо داريا - **Darya** / Дарйа (макаласынын башка жеринде Дарейййа деп берет. — Т.Ч.) хатиби болгон адам, — деп көрсөтөт жана Мухаммеддин өзүн алиги жердин хатиби катары түшүнбөө керектигин жазат[443].

Мындагы «Хатиб Даараййа» сөзүн Р.Данкофф татаал ысымдын бир бөлүгү катары түшүнсө, мажар чыгышпозу А.Рона-Таш өзүнүн англисче котормого жазган рецензиясында таптакыр эле кыскартып, «бул Даараййа» деп жазып калпыстык кетирди, — деп белгилеп, ал эми татар чыгыш таануучусу А.Б.Халидов мындагы «Даараййа» сөзүн

---

[440] Glazer S. Abu Hayyän. — P. 126.
[441] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 15.
[442] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. la.
[443] Rifat, Kilisli Muallim Rifat. Diwan‘ın Başındakı... — S. 355.

Дамаск чөлкөмүндөгү ал-Гута өрөөнүндө жайгашкан Даараййа аттуу чоң кыштактын аты экенин чечмелеп берди[444].

Айтмакчы, мындай чечмелөөнү алгачкы ирет 1939-жылы Килисли Риф'ат Билге сунуш кылган жана булак катары Йакуттун «Му'жаму л-булдаан» эмгегине шилтеме жасаган эле[445].

Жогоруда өзүнүн китепке ээлик сөзүн 803-хижра жылы / 1400—1401-ж. жазган киши, демек, Даараййанын мечитинин имамы Ахмаддын уулу болгон Мухаммед ысымдуу адам экен. А.Б.Халидовдун маалыматы боюнча бул Мухаммед аттуу адам 1344—1408-жылдары жашаган. Анын атасы Ахмад ибн Сулайман ал-Ансари ад-Димашкы ад-Даараани өзүнүн эң соңку ныспасын (ад-Даараани) алиги Даараййа аттуу чоң кыштактын аталышынан алган[446].

Мухаммед ибн Ахмад «Дивандын» башындагы чакан макаласын өзүн “кыпчакмын” деп эсептеген бирөөнүн «Дивану лугати т-түрк» эмгегин «түркмөн тилинде жазылыптыр», — деген пикирин жокко чыгаруу иретинде жазган экен. Мухаммед ибн Ахмад түрк тилинде бир катар чыгармалар окугандыгын, бул тилди дурус билээрин баса белгилейт жана «Диван» түркмөнчө да эмес, кыпчакча да эмес, түркчө жазылгандыгы тууралуу өз оюн билдирет.

«Бул (китептин) кадырын түрк тилин билгендиги боюнча айырмаланган кишиден башка эч ким баалай албайт», — деп кескин айткан Мухаммед ибн Ахмад «Диванды» өтө баалуу жана маанилүү китеп катары сыпаттайт[447].

Мемлүктөрдүн тушундагы Каир шаарында 1398 / 99—1451-жылдары Абу Мухаммад Махмуд ибн Ахмад ибн Муса Бадр ад-Дин ал-'Айни деген илимпоз жашаган (ал 762-хижра жылынын рамазан айынын 17синде / 1361-ж. 21-июлда 'Айнтаб, азыркы Түркиядагы Газиантеп, аттуу жерде туулуп, 855-хижра жылынын зу-л-хижжа айынын 4үндө / 1451-ж. 28-декабрда Каирде өлгөн)[448].

Бадр ад-Дин ал-'Айни өзүнүн арабча жазылган отуз томдук «'Ыкду л-жумаан фи та'рихи ахли з-замаан» («Азыркы замана калкынын тарыхы боюнча бермет шурулары»)[449] китебинен тышкары арабча жана түркчө жазылган башка асарлары менен да маалым.

---

[444] Róna-Tas A. [Review:] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — P. 336; Халидов А.Б. Словари Исхака... — С. 29, прим. 46а; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 15.

[445] Rifat, Kilisli Muallim Rifat. Diwan‘ın Başındakı... — S. 358.

[446] Халидов А.Б. Словари Исхака... — С. 29.

[447] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. la; Rifat, Rifat, Kilisli Muallim Rifat. Diwan‘ın Başındakı.. — S. 356—357.

[448] Marcais W. al-'Ayni. — P. 790—791.

[449] ал-'Айни Махмуд ибн Ахмад Бадр ад-Дин. 'Ыкду л-жумаан... — ал-Каахира, 1987. — ал-Жуз' ул-аввал; Kätib Çelebí. Kesf-el-zunun... — Cilt 2. — S. 1150.

Анын бул ири тарых эмгегинин автордук нускадагы бир нече тому Стамбулда күнү бүгүнкүгө чейин сакталып турат. Бул эмгегинин хижранын 825-ж. / 1422-ж. жазылып бүткөн биринчи томунда Кашгаринин «Диванынан» бир нече үзүндүлөр келтирилет. Алардан тышкары, ал-'Айнинин китебинин экинчи томунда бир катар жерлер бош калтырылган. Р.Данкофф менен Ж.Келлинин пикири боюнча, мүмкүн Кашгаринин эмгегинен дагы бир нече үзүндүлөр ушул бош жерлерге толтурулушу керек эле[450].

Айтор, ушул америкалык изилдөөчүлөр туура байкагандай, «Дивандын» көчүрмө кол жазмасын ал-'Айни окуганына караганда, бул көчүрмө нуска XV к. 20-жылдарында Мысырдагы башкалаа Каирде окумуштуулардын назарында болуп келген.

Мемлүктөр мамлекетиндеги аалымдар Кашгаринин маалыматтарына чыгармачыл мамиле кылгандыгын ал-'Айнинин мисалында көрүүгө болот. Маселен, эгерде Махмуд Кашгари: «Огуз — булар түркмөндөрдүн өзү» десе, ал-'Айни түркмөндөр огуздардан «бөлүнүп чыкканын» айтат[451]. Кынык уруусун огуздардын «биздин заманабыздагы» башкы уруусу - سرتهم - «сурратухум» деп Махмуд Кашгари Барскани сыпаттап кетсе, ал эми ал-'Айни болсо «башкы» («сурра») сөзүн «эң улуу» (اعظم - «а'заму») деп алмаштырат да, жана ушул жерден эмгегине Селжук сулалеси тууралуу жана Осмон дөөлөтүнүн тарыхынын эрте мезгили боюнча өз доорунда белгилүү болгон жаңы маалыматтарын ортого сала кетет[452].

Бул сыяктуу маалыматтар ал-'Айнинин доору үчүн тарыхый чындыкты чагылдырган этнологдук тактоо болуп эсептелет.

Ал-'Айни Махмуд Кашгари Барсканинин автордук түп нускасын окубады бекен? «Жок», — деп тыянакка келишкен Р.Данкофф менен Ж.Келли. Ал-'Айни «Дивандын» бизге жеткен жалгыз көчүрмө нускасын пайдалангандыктан, бул көчүрмөдөгү этнонимдерди жазууда жол берилген айрым так эместиктер анын «'Ыкду л-жумаан...» китебине да өтүп кеткен экен[453].

«Дивандагы» маалыматтарды ал-'Айни эмгегине кандайча киргизген?

Алиги эмгегинин биринчи томунда ал-'Айни алгач космологиялык (ааламдын, Жердин жаралышы жөнүндө) жана географиялык киришүү бөлүмүн жайгаштырат, андан соң адамзат тарыхына өтүп, Адам Атадан тартып баян кылат.

---

[450] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 19.
[451] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım... — S. 20b; al-Kašgari Mahmud. Compendium... — Pt. 1. — P. 21.
[452] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım... — S. 20b; al-Kašgari Mahmud. Compendium... — Pt. 1. — P. 21.
[453] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 21—23.

Эмгектин мындай мүнөздө башталышы жалпы тарыхты жазууга бел байлаган бардык эле мусулман аалымдарынын салты болуп эсептелет. Ал түгүл XX к. башындагы кыргыз тарыхчысы Осмонаалы Сыдык уулунун «Кыргыз тарыхынын кыскачасы» («Мухтасар тарых-и кыргызийа») жана «Шабдан тарыхы» («Тарых-и шадманийа») деген эмгектери[454] сыяктуу айрым чөлкөмдүн же элдин тарыхына арналган асарларда кыскача мүнөздө болсо да Адам Атадан башталчу тарыхка экскурс жасалганын көрөбүз.

Нух пайгамбардын уулу Йафестин (кыргыздар Жапас деп да коюшат) уулдарынын бири катары эсептелинген Түрктүн укум-тукумун санаган учурга келгенде, ал-'Айни түздөн-түз Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинин алиги көчүрмөсүнө таянат.

Маселен, басмыл (кытай тарыхый булактарында —ба-си-ми) деген түркий элдин ысымы ал-'Айниде да, «Дивандын» алиги көчүрмөсүндө да «йасмыл» түрүндө, ограк этнонимии «ыграк» түрүндө жазылып калганын Р.Данкофф жана анын калемдеши Ж.Келли[455] адил белгилешет.

Р.Данкофф («Дивандын» англисче котормосунун автору) Стамбулдагы Топкапы сарайынын китепканасында сакталган «'Ыкду л-жумаандын...» № 5920 кол жазма нускасын (1-том) пайдаланган. Мында 152а—153а беттерде «Дивандан» үзүндүлөр келтирилген экен[456].

Биз Анкара шаарында профессор Казим Йашар Копрамандын кабинетинен 1994-ж. жазында ал-'Айнинин «ас-Сайфу л-муханнад фи сирати-л-малики л-муаййад» — «Тиректүү бийлик эгесинин таржымакалы тууралуу индиялык кылыч (сымал өткүр эмгек)» аттуу асары менен таанышытык (Каирде хижранын 1387-ж. / 1967 — 68-ж. жарыяланыптыр).

Мында да ал-'Айни Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынан» маалыматтар алган экен. Бул чыгармасында ал-'Айни Махмуд Кашгариге эч шилтеме жасабастан туруп, түрк элдеринин аталыштары, алардын жыйырма уруудан (элден) тураары, огуз урууларынын тамгалары, Зу-л-Карнайн менен байыркы уламыштык түрк бийлик эгеси Шу (شو) жүргүзгөн согуш, ж.б. «Дивандын» маалыматтарын саал кошумчалоолор менен пайдаланган[457].

Арийне, түрк этнонимдери ал-'Айниде саал чаташтырылып да берилет. Маселен, бир эле этностук тизмеде туура түрдөгү الخرلخ - «ал-

---

[454] Койчиев А. Осмоналы Сыдык уулу жана...

[455] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... Tıpkıbasım. — S. 10b—IIa; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 20 — 21.

[456] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 20.

[457] ал-'Айни. ас-Сайфу л-муханнад... — ал-Кахира, 1 387. — С. 19 — 20.

харлух» этноними да, анын жаңылыш жазылышы болгон الخزلخية - «ал-хазлухиййа» түрү да берилген[458] (канчалык даражада бул ката басмага даярдоочуларга таандык экендигин аныктоо — келечекки иштерден; ал-'Айниде, балким, ал-харлухиййа деп эле берилгендир).

Орто кылымдардын кеч мезгилинде Жакынкы Чыгышта ири саясий өзгөрүүлөр жүргөн. Бул доордо Түркиянын султандарынын Осмон дөөлөтү (империясы) деген ат менен тарыхка калган мамлекети өзгөчө күч алып, XIV к. экинчи жарымынан - XVII к. 70-жылдарына чейин Кичи Азиядан тышкары бүткүл Балкан жарым аралын, Түндүк Африканын көп бөлүгүн жана Батыш Азиядагы өтө кеңири аймакты ээлеп турган.

Мемлүктөр султанатын жеңген осмон султаны Селим Биринчи («Йавуз» — «Каарман», «Катаал» ылакап аты бар) мамлекетти 1512—1520-жж. бийлеген эле. Ал Халеб (Алеппо) шаарынын түндүгүндө Марж Даабык деген жерде 1516-жылы 24-августта мемлүктөрдүн аскеринин ташын талкан кылат. 1517-жылы январда анын колуна Каир өтөт, ал эми акыркы мемлүк султаны Түмөн бек (Туман бей) ошол жылдын апрелинде колго түшүп, өлтүрүлөт.

Немис чыгышпозу Ханс Иоахим Кисслинг жазгандай, Жакынкы Чыгыштагы ири жеңиштерден соң Селим Йавуз өзүнө «халиф» титулун ыйгарып, бул даража Осмон дөөлөтү кулаганга чейин андан кийинки султандар тарабынан колдонулуп келген[459].

Дал ушундай кырдаалда, — мемлүктөрдүн Мысырдагы мамлекети да Осмон· султандарынын таман астында калган такта, — ушул кеңири аймактын ар кандай байлыктары султандык борборго агыла баштаган. Өзгөчө бааланган чыгыш китептеринин катарында «Дивандын» ас-Сави көчүргөн нускасы да Стамбулга ошол доорлордо келтирилген, — деген Р.Данкоффтун пикирин[460] толук колдоого алабыз. Бул окуя болжол менен XVI—XVII к. биринчи жарымында болуп өткөндөй.

Ушу жерден «Диванды» шексиз түрдө окугандыгы бизге маалым, саналуу чыгыш окумуштууларынын бири болгон Мустафа ибн Абдуллах Катиб Челеби жөнүндө сөз ала кеткенибиз эп.

Осмон түрктөрүнүн бул көрүнүктүү аалымы Хажы Халифа деген ысым менен да кеңири белгилүү. «...Ал өтө белгилүү адам болуп, араб адабиятынын мурасын, анын арабча, фарсыча, түркчө жазууларга ажырымдалган бүткүл училтигин толук өздөштүргөн эле»[461] —деп орус академиги И.Ю.Крачковский ага жогору баа берет.

---

[458] ал-'Айни. ас-Сайфу л-муханнад... — ал-Кахира, 1387. — С. 21.
[459] Kissling H.J. The Ottoman Empire... — P. 27 — 28.
[460] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 24.
[461] Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 601.

Өз аты Мустафа ибн Абдуллах (Абдалла) болгон бул аалым 1609-ж. Стамбулда аскердик кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Атасынын тагдыры анын өз өмүр жолуна да кандайдыр-бир из салып, илимге-билимге суусаган жигит бир кыйла убакытка осмондук пашалардын согуштук жүрүштөрүнө катышат.

Аскердик кеңсаларда катчы (арабча — «каатиб») даражасына жетип, 30-жылдарда ал Катиб Челеби деген сый наам менен атыгат. Халеб (Алеппо) шаарында аскерлер кышкы өрүүнгө токтогондо ал ажылык («хажж») кылат; ал эми 1648-ж. осмондук аскерлердин кол башчысы Мухаммед-пааша аны кошуундун эсеп-кысап кеңсаларында «экинчи орун басар» («халифа») кылып дайындагандан кийин ажылыгы жана орун басарлыгы үчүн «Хажы Халифа» деп да атыга баштайт.

Кокустук ажалы келип бул окумуштуу элүүгө чамалап, толукшуп турганда 1657-ж. (башка бир так эмес маалымат боюнча— 1658-ж.) кайткыс сапар тартат.

Немис чыгыш таануучусу Франц Бабингер (1891-ж. туулган) Катиб Челебини «осмондордун акылга сыйган бардык тармактар боюнча билими сыйдырылган эң улуу полигистору (polyhistor)»[462] — деп баалаганы бекеринен эмес. 1635-ж. тартып өзүнүн илимий асарларынын эң татыктуусу — «Китептердин жана илимдердин аталыштары жаатындагы шектенүүлөрдөн арылуу» («*Кешфу з-зунуун 'ан асаамии-л-кутуб ва-л-фунуун*»; кыскача — «Кешфу з-зунуун» — «Шектенүүлөрдөн арылуу»)[463] аттуу библиографиялык-энциклопедиялык тактама эмгеги үчүн ар кыл маалыматтар чогулта баштайт.

Жортуулдан жана башка турмуш түйшүгүнөн кичине эле бошоноор замат Катиб Челеби өзү токтогон жерлердеги медреселерде же болбосо мечиттерде ж.б. жайларда сакталган китептерге умтулуп, ар биринин авторун, атын, канча бөлүктөн тураарын, кандай сөздөр менен башталаарын жана кайсы илимге арналганын жана ушу сыяктуу маалыматтарды өтө кыскача таризде болочок китеби үчүн жазып алып жүрөт. Албетте, китептердин орчундуу бөлүгүн ал султандык байтакты шаар Стамбулдан окуп билген деп айтууга болот.

Шум ажал толук тастыктап бүтүртпөй койгон бул таасын эмгек араб тилинде жазылса, анын бир таанымал географиялык эмгеги «*Жахан-нума*» («Дүйнөнү сүрөттөө») болсо осмон түрктөрүнүн тилинде

---

[462] Полигистор —(латынча) «көп тарамдуу билимкөй». Ф.Бабингердин пикирин караңыз: Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 603; Babinger F. Osmanlı Tarih Yazarları... — S. 214 — 223.

[463] Haji Khalfa (Katib Jelebi). Lexicon... — T. 1—7; Kätib Çelebi. Keşf-el-zunun... — Cilt 1—2.

жазылат. Оксфорддогу Бодлеан китепканасынан биз бул эмгектин кол жазмасы менен 1997-ж. июнда таанышпык (шифри — MS Sale 67; 375 барактан турат; 1138-хижра ж. ал-Ваафи' тарабынан көчүрүлгөн; 310б бетте жана 311а бетте карта үчүн бош жер калтырылып, аны чийүүгө көчүрмөчү үлгүрбөгөн экен).

Түркиялык илимпоз Орхон Шайык Гөкйай жалпысынан Катиб Челебинин 23 эмгегинин аталышын берип, андан башка да түтүн тууралуу өзүнчө рисаласы (макаласы) эскерилээрин айтат[464].

Катиб Челеби «Шектенүүлөрдүн арылуу» эмгегинде «Диван тууралуу төмөндөгү маалыматтарды калтырган:

«*Диван луга ат-түрк» — Махмуд ибн ал-Хусейин ибн Мухамеддики; бир томдук... Баяндоосу — арабча. Анын айтышынча, түрк тилдери* (биерде: «лугаат ат-түрк». —Т.Ч.) **он сегиз тамганы колдонушат. Ал китебин халиф... ал-Муктади би-Амриллага багыштаган**»[465].

Мында көңүлүбүздү бурган эки жагдайды ортого салбай кетсек болбойт. Биринчиден, Кашгаринин эмгегинин аталышындагы «тилдер» (лугаат) сөзү Катиб Челебинин эмгегинде жекелик санда «тил» («луга») деп берилип калган да, бир аз пасыраакта «түрк тилдери» деген сөз айкашы колдонулган. Экинчиден, «Дивандын» авторунун ысмы Хажы Халифанын бул эмгегинде бизге жеткен көчүрмөдөгүдөй толук жазылып келип, а ныспасы («ал-Кашгари») таптакыр эскерилбей кеткен.

Ушундан улам алиге чейин чечилбес жоромолдор туулуп келет:

Катиб Челеби бизге жеткен ас-Савинин көчүрмөсүн пайдаланганбы же ага башка бир көчүрмө туш болгонбу?

Ушу жерден кыстара кетчү бир нерсе бар: бүгүнкү биз пайдаланып жүргөн Катиб Челебинин «Шектенүүлөрдөн арылуу...» асарын эч качан автордук түп нускадан бузулбай жетип келген эмгек катары кароого болбойт. Себеби, Катиб Челеби өлгөндөн бир кылымдай өткөнчө эмгек бир кыйла көчүрмөчүлөр тарабынан көчүрүлүп отурган. Акыры аны түрк аалымы Ибрахим-эфенди Арабажы-башы (1776-ж. өлгөн) өзү акыры ирет редакциялап, Катиб Челебинин өлгөн датасын жазгандан кийин гана өз толуктоолорун киргизген.

Арабажы-башы өзүнүн корутунду сөзүндө: «... өтө көп көчүрүлө бергендиктен бул китептин көчүрмөлөрүнө бурмалоолор жана өзгөрүүлөр кирип кеткен...» — деп жазып, бул китепте эскерилген китептердин бардыгын — китептерди жана макалаларды, түшүндүрмө сөздүктөрдү, тактама эмгектерди, кат түрүндөгү мурастарды, бир нече жүздөгөн томдорду түзгөн тарыхый жана башка асарларды, эгерде

---

[464] Gökyay 0.S. Kätib Çelebí. — S. 432—438.

[465] Haji Khalfa (Katib Jel'ebi). Lexicon... — Tomus 3. — P. 305; Катиб Челеби. Кешфу з-зунун... — Т. 1. — С.520; Kätib Çelebí. Kesf-el-zunun... — Cilt 1. — S. 808.

Катиб Челебинин көчүрмөлөрүндө ар кыл так эместиктер учураса, ал көзү менен көрүп текшерип чыккандыгын маалымдайт. Арабажы-башынын тастыктоо (редакциялоо) эмгеги 1170-хижра ж. рабии' ус-саании айынын 4үндө / 1756-жылдын 27-декабрынын таң сөгүлгөн маалында соңуна чыккан экен[466].

Кызык, «Диван» тууралуу Катиб Челебинин автордук маалыматы канчалык даражада кийинки көчүрмөчүлөр тарабынан кыскартылган же саал бурмаланган болду экен? Айрым бир тактык киргизүү максатында Арабажы-башы өзү да атайын Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» көчүрмөсүн издеп таап, китепкей турпаты менен бүт бойдон ага берилип үңүлө алды бекен? Бул суроолорго жоопту, - кейиштүүсү ушу, - биз эми эч качан таба алчудай эмеспиз...

Тек гана Р.Данкоффтун текстологиялык маалыматына таянсак, бизге жеткен ас-Савинин колуна таандык «Дивандын» көчүрмөсүндөгү барак четине жазылган айрым бир түшүндүрмөлөр осмон түрктөрүнөн чыккан окурмандарга тиешелүү экен. Бул окурмандардын колу тийген маалды Р.Данкофф[467] XIX —XX кк. катары аныктайт.

«Диванды» энциклопедиялык сөз жыйнак катары XX кылымдын түркология илимине тартуулап берген, көзгө басар көчүрмөнүн таш басмага жеткенге чейинки, татаал жана бүдөмүк барактарга жыш тагдыры азыркы илимий маалыматтарга караганда дал ушундай:

1. Ирандын Саве деген жеринен Дамаскиге келген Мухаммад ибн Абу Бекр ибн Абу-л-Фатх ас-Сави деген адам 1266-жылы Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» автордук нускасына ээлик кылган бир кишинин тапшыруусу боюнча бул нускадан тыкандык менен башка көчүрмө даярдайт.

2. Кийинки кылымдарда, 1422-жылды ичине алган мөөнөттө, бул көчүрмө кыпчак («бахрий») мемлүктөрү бийлеген султанаттын аймагында колдон колго өтүп окулду.

3. XVI кылымдын башында, Мысыр мемлүктөрү Осмон дөөлөтүнүн курамына каратылгандан кийин, бул көчүрмө кол жазма Кичи Азияга өттү. Аны Катиб Челеби сыяктуу көрүнүктүү осмон илимпоздору да, жаңы доордогу белгисиз окурмандар да кастарлап пайдаланышты.

4. Жалпысынан, XX кылымдын башында илим чөйрөсүнө кеңири маалым болгонго жана кол жазманын үстүнө өз изин калтырууга чекит коюлганга чейин, XIII кылымдын ортосунан бери он бештей кишинин колу бул көчүрмөгө ар кандай белгисин калтырган (айрымдары кыбаачаларды коюп, текстке одоно кийлигишкен).

---

[466] Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 613—614.
[467] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 17 —19.

5. Р.Данкофф менен Ж.Келлинин текстологиялык иликтөөлөрү «Дивандын» жападан-жалгыз көчүрмөсүн изилдөөнү жаңы баскычка көтөрдү, бирок бул аны текстологиялык иликтөө жаңы талаптарга ылайык эми гана башталууда дегенди түшүндүрүшү керек.

II.2. «Дивандын» кол жазмасынын XX к. башында табылышы жана илимий чөйрөгө алгач киргизилиши

Азыркы Түркиянын аймагы XX кылымдын ирегесин аттаган кезеңде ири мамлекеттин — Осмон султандыгы аттуу дөөлөтүнүн саясий жүрөгү эле. Саал тарыхка кылчайсак, 1300-ж. Осмон I негиздеген султандык XV—XVI кк. кубаттуу дөөлөткө өсүп жетилген. Ал эми XIX к. акырында империалисттик дөөлөттөрдөн жарым көз каранды мамлекетке айланып, айтылуу Абдулхамит Экинчинин (бийлеген жылдары — 1876—1909) катаал бийлигинде калды[468]. Азиянын ыңкылапчыл «ойгонуш» доору Түркияга да келип, 1908-ж. султандык монархиялык режимди Жаш түрктөр ыңкылабы солкулдатты.

Султан Абдулхамит Экинчи шашылыш түрдө парламент чакыруу, башкача айтканда, өзүнүн жеке бийлигин мындан ары конституциялык шайланма орган менен чектөө тууралуу жардыгын чыгарып оор кырдаалдан кутулду. (Түркиянын тарыхнаамасында бул ыңкылап алып келген саясий система «Экинчи мешрутийет» — «Экинчи шарттуулук» деп аталат. Ал эми конституциялык жактан чектөөнүн биринчи баскычы Осмон дөөлөтүндө 1876-ж. 23-декабрда[469] жүзөгө ашырылган).

Либерал-демократиялык талаптар менен чыккан «Жаш түрктөрдөн» тышкары да өлкөдө азаттык, тең укуктуулук, адилдик ураандарын көтөргөн жыйындар, социалдык кыймылдар болуп жатты.

Султандыктын борбору болгон Стамбул шаары бул учурда өлкөнүн таанылган маданий жана илимий чордону эле. Бул жерде эмгектенген чыгыш таануучу аалымдар өздөрүнө мусулман элдеринин илимий салты менен Европада өнүгүп жаткан чыгыш таануу илиминин жаңылыктарын айкалыштырууга аракеттенишкен.

Санкт-петербургдук арабист А.Б.Халидов[470] белгилегендей, султанаттын байтактысына эбегейсиз зор Осмон дөөлөтүнүн булуң-бурчтарынан абдан көп кол жазмалар жана басма китептер агылып

---

[468] Петросян Ю.А. Османская империя... — С. 210—213. 237 — 244.
[469] Lewis B. Dustür. — 2. Turkey. — P. 640—643.
[470] Халидов А.Б. Арабские рукописи и арабская... — С. 237—239.

келип турган. Албетте, XVIII —XX к. башына алардын бир далайы биерден Европага ар кыл жолдор менен ташылгандыгын да айта кетүү эп. XIX к. акырында, Ахмед Атештин[471] маалыматы боюнча, жеке Стамбулда эле алтымыштай китепкана болуп, алардын ар биринин кол жазма топтому (фонду) болгон.

Айрым бир маалыматтар боюнча азыр Түркияда араб тамгасы менен жазылган 160 миңдей кол жазма сакталып калган. Стамбулдун өзүндө эле 86 миңден ашуун кол жазма топтолгон. Стамбулдагы эң ири китепканалардын арасынан Сулейманийе (1957-ж. 30,390 арабча кол жазмага эгедер болгон), Топкапы Сарайы (10,832 кол жазма), Баязит коомдук китепканасы (9,145 кол жазма), Миллет китепканасы (7,585 кол жазма), Стамбул университетинин китепканасы (6,901 кол жазма), Айасофийа китепканасы (6,677 кол жазма) ж.б. кол жазма корлорун эскерип өтсө болот[472]. Албетте, мезгил өтүп, китепканалар тууралуу улам жаңырган маалыматтар 1957-жылдагы көрсөткүчтү өзгөртүүдө.

Маселен, 1981-жылдагы маалыматка караганда, Стамбулдагы Фатих чөлкөмүндө жайгашкан Миллет китепканасы 42,800 нуска китепке эгедер болгон, анын ичинде 8,800үү — кол жазма китеп эле[473].

Стамбулдагы Миллет китепканасы. 21.1.2012.
Т.Чоротегиндин сүрөтү.

[471] Атеш А. ал-Махтуутаату л-'арабиййа... — С. 3—42.
[472] Халидов А.Б. Арабские рукописи и арабская... — С. 238—239.
[473] Rudkin A., Butcher I. A Book World... — P. 98.

Мындай эбегейсиз зор рухий байлыкты сактап, айрымдарын кайрадан көчүрүп же таш басмага даярдап, китеп сактоо жана басма ишине салым кошкон түрк аалымдары да XX к. башында, өзгөчө Жаш түрктөр (“Genç Türkler, Jön Türkler”) ыңкылабынан кийин коомдук турмуштун күчтүү таасиринде болушту (алгачкы таш басма китеп Стамбулда теги мажар болгон Ибрахим Мутеферрика (1674—1747) тарабынан 1729-ж. араб арибинде[474] басылган).

Дал ушундай күрдөөлдүү тарыхый кырдаалда жашап жана эмгектенген китепкөй чыгыш аалымдарынын бири — Али Эмири (1857-1923) эле.

Бул түрк тарыхчысы жана китепкөйү Диярбакырда 1274-хижра ж. / 1857-ж. туулган. Ал эсеп-кысап башкармаларында кызмат өтөп, өлкөнүн ар кайсы калааларында болгон кезинде, жергиликтүү адабиятчылар менен тарыхчылардын кол жазма чыгармаларынан тартып, аягы бүткүл мусулмандык Чыгышка чейин жалпы белгилүү болгон аалымдардын эмгектерин жыйнай берет.

Кезегинде Али Эмири «Тарых жана адабият» мезгилдүү жыйнагын чыгарып, бир катар тарыхый, адабий эмгектерди да жазган. Өзгөчө аны эски эмгектердин кол жазмаларын таш басмада жарыялап келген ишмер катары кеңири таанышат. Али Эмири чогултканкол жазма китептер кийинчерээк Стамбулда негизделген Улуттук (Миллет) китепканасынын өзүнчө топтому жана сыймыгы болуп калган. Али Эмири 1923-ж. 23-декабрда Стамбул шаарында[475] каза болду.

Али Эмиринин мүрзөсү Фатих Жамы мечитинин колтугундагы кабырстанда орун алган (Мүрзө таштын жанындагы белгиде ал 1924-жылы каза болгону тууралуу маалымат жазылган экен).

---

[474] Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 634—635.
[475] Mantran R. 'Ali Amiri. — P. 391; Гордлевский В.А. Али Эмири. — С. 466 — 467.

1997-ж. аяк оона, б.а. сентябр айында жана 2012-жылы үчтүн айында, б.а. январда, биз Али Эмиринин Стамбулдагы бейитине зыярат кылдык.

Эми Али Эмиринин жогоруда айтылган китепкана топтомунун даңазасын чыгарган кол жазмаларынын эң бараандуусун жарыялаган инсан тууралуу сөзгө келели.

Бул инсан – Килисли Му'аллим Ахмет Риф'ат Билге (1874, Килис – 1953, Анкара) аттуу түркиялык даңазалуу айдың.

Ал Килис шаарында 1874-жылы туулгандыгын, бирок өздүк кагаздарында “1876-жыл” деп эки жылга кечирээк жазылып калганын өз кыздарына өлөөр алдында айтып, “мүрзө ташка туура жылды жазгыла” деп керээз калтырган экен. Бул тууралуу[476] түркиялык калемгер Мехмет Йахйа Эфэ мырза белгилейт.

Ахмет Риф'ат Билге Килис шаарынын Жедит маалесинде туулган. Бул Килис шаары[477] азыркы Түркиянын түштүк-чыгышында, түрк-сирия чек арасынан 5 чакырымдай түндүктө жайгашкан. Шаардын көөнө тарыхы Байыркы Эки дарыя аралыгындагы алгачкы цивилизация очокторунун доорунан бери маалым.

---

[476] Караңыз: Yahya Efe, Mehmet. Rif’at Bilge (1874 1953). // kimkimdir.gen.tr. URL: http://www.kimkimdir.gen.tr/kimkimdir.php?id=3736

[477] Негедир Килис топонимин Калыш же Кылыш деп окуган вариант да учурайт. – Караңыз: Мирзазаде, Чимназ Хады. Паремии... – С. 100.

Килисли Му'аллим Ахмет Риф'ат Билге эне тили болгон түркчөдөн башка араб, фарсы тилдерин да дурус билген.

Атасы Абдулкерим Бек (Abdülkerim Bey) болсо аскердик жандармдыкта же полицияда сержант (“Zabtiyye Çavuşu”) болуп иштеген, ошондуктан аны “сержант Керим” (“Kerim Çavuş”) деп да атап коюшаар эле. Ахмет Риф’ат төрөлгөнгө жетпей атасы каза болот. Ахметти энеси Эмине Ханым чоңойтуп өстүрөт. Ахметтин үч таякеси бар эле: Исмайил, Ахмет, Ибрахим. Аларды “Чилон уулдары” деп коюшчу.

Ахмет Риф'ат Билге өзүнүн автобиографиялык маалыматы камтылган “Акыбалымдын таржымакалы” (“Tercüme-i Halim”) ырында мындайча жыйынтыктоочу саптарды калтырган:

Керим сержанттын уулумун,
Көңүлү дарттуу тоолукмун.
Атым Ахмет Риф’ат да,
Килис (жергесине) таандыкмын”.

(”*Kerim Çavuş olğluyum*
Gönlü dertli dağlıyım
Adım Ahmet Rif’at’tır
Ben Kilis’e bağlıyım”)[478].

18ге келгенде Ахмет Килис шаарынан Стамбул шаарына келип, мында 1898-жылы Мугалимдер окуу жайын (Dârü’l Mu’allimin) аяктап, окутуучулук расмий кагазга ээ болот. Ал ар кыл окуу жайларда, анын ичинде Стамбул университетинде да (арап тили жана адабияты боюнча) дарстар окуган.

Окумуштуу Ахмет Риф’ат Билге дайыма эки ылакап атын үзбөй колдонгон. Анын бири – “Килисли” (“Килистик”) болсо, экинчиси – “Му’аллим” (“Мугалим”) сөзү болчу.

Китеп дүйнөсү менне алектенип жүрүп, Ахмет Риф’ат Билге Стамбул шаарында Фатма Саибе айым менен 38 жашында сөз байлашып, 40 жашында никелешкен. Алар үч кыздуу болушкан жана бактылуу өмүр сүрүшкөн.

---

[478] Караңыз: Yahya Efe, Mehmet. Kilisli Muallim Rif'at Bilge // efecehaber.com. 20.2.2017. – URL: http://www.efecehaber.com/yazaroku.asp?id=13112

Ахмет Риф’ат Билге 1953-жылы 22-февралда (жекшемби күнү) Анкара шаарынын Малтепе аймагындагы үйүндө 79 жашында жүрөгүнөн кармап каза болгон. Анын сөөгү Түркиянын борбор шаарындагы Жебежи Асри көрүстөнүндө (Cebeci Asri Mezarlığı)[479] жерге берилген.

Килисли Му'аллим Ахмет Риф'ат Билге Кутб Меккинин «Стамбул саякат-наамасын», 'Утбинин Махмуд Газневи тууралуу тарыхый эмгегин осмон түркчөсүнө (түрктөрдүн Осмон дөөлөтүндөгү адабий тилине) которгон. Андан тышкары ал Ибн Муханнанын «Сөздүгүн», Эвлия Челебинин саякат-наамасынын 7— 8-томдорун жана башка асарларды басмага даярдап чыгарган. Бул сыяктуу омоктуу эмгектери Риф'ат Билгенин илимпоздук[480] чыйырынын түркология илими үчүн өзгөчө баалуулугун айгинелейт.

Стамбулда иштеп жүргөндө Ахмет Риф'ат Билге жогоруда учкай эскерилген айтылуу Али Эмириге үзбөй жолугуп, анын ар кыл насаатын уккан. Али Эмири «Эсиме түркчө жүз миң бейт (кош сап ыр) сактап келем» дегенин эшитип, өз алдынча азил кылып, анысын текшерип көргөн жайы да бар.

Риф’ат Билге кийинчерээк 1945-жылы «Йени сабах» гезитине чыккан макалалар сериясында Али Эмири мырза Махмуд Кашгаринин кол жазмасынын жалгыз көчүрмөсүн жаңы эле сатып алгандыгы тууралуу сүйүнүчүн кантип ортого салганын эскерет:

«1333-эсеп-кысаптык жыл эле (1914-жыл[481]). Бир күнү кечкурун алиги окууканасына (Карабаба көчөсүнүн башындагы Диярбакыр кыраатканасына. — Т.Ч.) ал киши келип калды. Бир аз тарыхтан, адабияттан маек жүргүзгөн соң: «Дивану лугати т-түрк» аталган бир китепти көрүп же болбосо эшиткен белеңиздер?» — деп ал сурайт. Килисли Риф'ат Билге Али Эмириге: «Китептин өзүн көрбөдүм, бир гана Катиб Челеби муну көргөн экен жана «Кешфу з-зунуун» асарында жазып калтырыптыр», — деп жооп кайырат.

Килислинин айтымында, андан соң Ариф бей жана анын теңтуштары арабча тарыхтардын биринен ушундай аталыштагы чыгарма жөнүндө кыска маалыматты жолуктурушканын билдиришет.

---

[479] Караңыз: Yahya Efe, Mehmet. Kilisli Muallim Rif'at Bilge // efecehaber.com. 20.2.2017. – URL: http://www.efecehaber.com/yazaroku.asp?id=13112 ; толугураак: Yahya Efe, Mehmet. Kilisli Muallim Rif'at Bilge. – Ankara: Kilis Yardımlaşma Derneği, 2003. – 2.Baskı. 120 s.

[480] Ülkütaşır M.Ş. Büyük Türk Dilcisi... — 2. Baski. — S. 173—174.

[481] Хижранын 1333-жылы 355 күндөн турган жана 1914-жылдын 19-ноябрынан, бейшембиден, башталган. Осмондук “руми” жыл санагына ылайык бул жыл – григорийлик 1917-жылга ылайык (ушул бөлүмдө бир аздан бул тууралуу соң толук баяндайбыз). Ал эми М.Ш.Үлкүташыр бул жылды 1916-жыл катары көрсөтөт: Ülkütaşır M. Ş. Büyük Türk Dilcisi... — 2. Baskı. — S. 58.

Мында айтылган Мехмет Ариф бей (1873—1919)[482] Осмон тарыхы комиссиясынын мүчөсү болгон стамбулдук тарыхчылардан эле.

Жыйналгандардан өзү каалагандай жооп алган Али Эмири эфенди Физулинин төмөнкү мысрасын (бейттин бир сабын. — Т.Ч.) кудуңдап окуйт:

«*Билдим мен иликтеп, бир жан жок, көргөн ашыгымды*».

Али Эмири: «Жараткан эгем жалгап, бүгүн ошол китептин ээси болуп калбадымбы!» — деп сүйүнө айткан соң, баары тең аны куттукташат[483] жана андан китепти кантип тапканын, кимден алганын сурашат.

Сахафлар чаршысы (Sahaflar Çarşısı) - Стамбулдагы эски китеп сатуучулар базары.

Али Эмири ар аптада эки-үч жолу Сахафлар чаршысына (“Китепчилер базары”, б.а. Стамбулдагы эски китеп сатуучулар базары. — Т.Ч.) баш багып, жаңы бир нерселер бар бекен деп китепчелерден сүрүштүрө кетчү адаты бар экендигин, «кечээ да» баш бакканын *(«...Dün de ugradim»)* айтат. Ал китеп сатуучу Бурхан бейдин дүкөнүнө келип, жаңы китептин бар-жогун сурайт.

Китепчи болсо бир китеп бар экендигин, бирок ал кол жазманын ээси отуз лира (алтын акча менен) сурап жаткандыгын билдирет. Бул китеп Бурхан бейге келгенине бир апта болгон экен. Китепчи алиги кол жазманы жогорураак бир баага сатылып калабы деп үмүттөнүп, Билим берүү министри Эмрулла-эфендиге көтөрүп да барган экен.

---

[482] Ârif Bey // Meydan — Larousse. — Cilt 1. — S. 650.
[483] Караңыз: Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... - No 1. - 1945. — 30. Eylül.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» илим чөйрөсүнө киргизилишинин ар кыл жагдайларын иликтөө үчүн айрым тарыхый жагдайлар жана инсандар тууралуу учкай эскерте кетүүбүз ылайык.

Ахмет Риф’ат Билгенин эскерүүлөрүндө тарыхый даталар менен шайкеш келе бербеген жагдайлар да учурайт. Маселен, Бурхан бей деген китепчи алиги кол жазманы министр Эмрулла эфендиге көтөрүп барган экен.

Бул — 1333-каржы жылына / 1914—1915-ж. эч туура келбейт. Анткени Эмрулла эфенди[484] (1858–1914) аттуу түрк агартуучусу жана коомдук ишмери 1858-ж. Лүлебургаз жергесинде туулган жана 1914-ж. Стамбулда кайтыш болгон.

Бул реформатор министр оболу 1909-ж. эки ай агартуу министри болгон, кайрадан бул кызматка («*Маариф назырлыгына*») которулуп, бирок 1912-ж. кайра түшүп калган.

Али Эмириге шилтеме кылып Килисли Риф'аттын айтканына караганда, Эмрулла эфенди кол жазма китепти илимий комиссияга өткөрткөн экен. Комиссия (*энжумен*) аны иликтеп көрүү үчүн бир жумага уруксат сурайт. Бир аптадан кийин китеп сатуучу Бурхан бей башбакса, комиссия китепчиге болгону он лира гана сунуш кылыптыр.

Бурхан бей: «Китеп меники эмес, чоочун бирөөнүкү. Отуз лирадан бир да лирага кемитип бере албайм», — десе, тигилер: «Биз отуз лирага бир китепкана сатып алабыз. Китебиңизди алыңыз, каалабайбыз!» — деп китепти кайтарып беришкен экен.

Али Эмири бул китепке жолукканына абдан толкунданып сүйүнөт: «**Отуз лира түгүл, отуз миң лира наркы бар...**» — дейт.

Албетте, Али Эмири китеп далдалчысына кол жазманын наркы өтө чоң экенин билгизбөөгө тырышат, дароо баасы көтөрүлүп кетеби деп чочуйт. «Билим берүү министрлиги он лира сунуш кылып жатса, мен он бешти гана сунуш кылам. Автору Кашкардан чыккан бир белгисиз адам сыяктанат», — деп Али Эмири маалкатымыш этет.

---

[484] Emrullah Efendi // Meydan — Larousse. — Cilt 4. — S. 240.

Бурхан бей бул китеп өзүнүкү эмес экендигин, мурдагы каржы министри Назиф пашанын (Ван уулдарынан болгон министрдин) жакындарынан болгон бир аялдыкы экенин айтат.

Паша тиги аялга китепти берип жатып: «Бекем сакта! Кыйналган чагында китепчилерге алып бар. Алтын акча менен отуз лирага сат, андан бир түмөнгө да ылдый түшүрбө!» — деген экен[485].

Бул жерде ысымы эскерилген Ахмет Назиф паша (Ahmet Nazif Paşa) Стамбулда 1841-ж. туулган, ушул эле шаарда 1905-ж. кайтыш болгон. Анын ата-бабаларынын бири айтылуу Вани Эфенди деген вандык бир шайык болгон. 1890-жылдан тартып каза болгонуна чейин Ахмет Назиф паша үч ирет каржы министри («малийе назыры») болуп иштеген[486]. Француз тилин өз алдынча үйрөнгөн.

Арийне, Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» көчүрмөсүн таш басмага берүү идеясынан өз доорунун билимдүү өкүлү Ахмет Назиф пашанын алыс болгону таң калтырбай койбойт.

Акыры Али Эмири карыздап отуруп, отуз лира таап, үстөгүнө алтын лирадан үчтү далдалчы Бурхан бейге берип, бул китеп дүкөндөн узаганча шашат. Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» баркын дароо андай билген Али Эмиринин колуна алиги кол жазма түшпөй калса, үй-бүлөлүк реликвия катары гана кармала берип, ың-жыңсыз жоголчу болсо, анда мындан дээрлик он кылым илгерки турмуштун бай сыпаттамасы тарыхыбызга дайынсыз калмак окшойт көрүнөт...

Китептин нукура баасын Али Эмири өз маектештерине: «**Бул - китеп эмес, Түркстан өлкөсү. Түркстан түгүл — бүткүл дүйнө!**» — деп шаңдуу билдирип[487], досуна, жолдошуна, туш келгенге алиги кол жазманы көкөлөтүп мактап айтчу болду.

Өз мезгилинин чыгыш усулундагы беделдүү илимпозу Мехмед Зия Гөкалп (1876—1924) өзү кызыга жетип барса, Али Эмири китепти ага алгач көрсөтпөй да койгон экен, «эки айдан соң кел», — деп...

Риф'ат Билге болсо китепке болгон кызыгуусун эч туйдурбай коёт. Анысы жагып калганбы, Али Эмири бир күнү аны чакыртып жиберет да, кол жазманы көрсөтө кетет.

«Жараткан өзү басмага чыгышын насип кылсын», — деген Ахмет Риф'аттын сөзү ого бетер көңүлүнө жагып, Али Эмири ага болгон сырын төгөт. Көрсө, кол жазманын барактары эч номурланбаптыр (арап тамгасындагы эски кол жазма китептердин беттерине атайын сан менен номер коюлчу эмес, тек гана барактын соңуна кийинки барактын

---

[485] Бул окуяны Зийавер Шенжан 2013-жылы жарыялаган блогунда эскериптир. Маалымат, албетте, Килисли Риф’аттын эскерүүсүнө негизденген. Караңыз: milliyet.com.tr - 15.Ekim 2013. - URL: http://blog.milliyet.com.tr/Ali_Emiri__Divan-i_Lugat-i_Turk_u_kesfed___/Blog/?BlogNo=432623&ref=milliyet_anasayfa

[486] Ahmet Nazif Pasa // Meydan — Larousse. — Gilt 1. — S. 178.

[487] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 2. — 1945. — 04.Ekim.

алгачкы сабынын алгачкы сөзүн жазып коюшчу же таптакыр эле белгилешчү эмес), ал түгүл башы-аягы белгисиз экен.

Деги, китеп толукпу, же өксүгү барбы, аны иретке келтирүүгө мүмкүнбү, жокпу, беймаалым экен. Али Эмири Килисли Ахмет Риф'атка ар күнү келип, бир-эки сааттан иштеп, кол жазманын толук же өксүк экендигин аныктап берүүсүн суранат[488] .

Риф’ат Билге эки ай бою күн сайын келип, бир нече сааттан иштеп жүрдү. Китепти үч сапар баштан аяк көздөн кечирди. Толук ирээттелген китепке Али Эмири да ыраазы болду. Бирок аны басмага берүүгө эч ашыкпайт.

Китепкөй карыянын аны салабаттуу адамдардын биринин өтүнүчү боюнча, таш басмага бергиси келип жүргөнү туюлат. Риф'ат Билге бул китепке жете албай өзүнчө күйүп-жанып жүргөн Мехмед Зия Гөкалп бей менен бир күнү сырдашып, мындай өтүнүчтү Талаат паша жасаганы орундуу деп чечишет.

Мехмет Талаат паша (*Mehmet Talât Paşa*; 1874-ж., Эдирне – 15.3.1921, Берлинде өлтүрүлгөн) ошо кездерде улуттук буржуазиялык партия катары орчундуу маниге ээ жаш түрктөрдүн «Иттихат ве тераккы» («Биримдик жана өөрчүү») партиясынын жол башчыларынын бири болгон. 1913-жылы (хижранын ражаб айынын 12синде) ал экинчи ирет ички иштер министрлигине дайындалып, кийинчерээк ага каржы министринин милдетин аткаруу да жүктөлөт.

Мехмет Талаат пашанын өкмөт башчысы (премьер-министр, б.а. башкы министр сыяктуу кызмат, осмон түрк саясий лексиконунда صدر اعظم - «*садр а'зам*» деп аталган) катары кызматка келген мезгилин М.Ш.Үлкүташыр 1916-жыл катары көрсөткөн жана биз мурда ушул датаны жазып келээр элек[489].

Ал эми «Осмон доорундагы эң акыркы садр а'замдар» аттуу ири изилдөөсүн жазган Махмуд Кемал Инал болсо Мехмет Талаат пашанын садр а'зам болгон датасын тагыраак көрсөткөн экен.

---

[488] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 2. — 1945. — 04. Ekim.

[489] Ülkütaşır M. Ş. Büyük Türk Dilcisi... — 2. Baskı. — S. 176; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 8 — 9.

Осмон дөөлөтүнүн султаны Мехмет Решат хандын атайын жардыгы менен Талаат паша 1335-хижра жылынын рабии' ул-аахир айынын 11инде *садр а'зам* (башкы вазир, б.а. өкмөт башчы) кызматына дайындалган. Бул датаны Махмут Кемал Инал европалык жыл эсеби менен 1917-жыл катары көрсөтөт. Айтмакчы, жогорудагы ай календарына негизделген жыл эсеби менен кошо эле, султандык жардыкта күн календарына негизделген осмондук жыл эсеби да колдонулган. 1335-жылдын рабии' ул-'аахир айынын 11 и күнү - 1332-жылдын кануни саании айынын 22сине барабар[490] болгон.

Талаат паша 1918-жылдагы (осмондук күн календары боюнча — 1334-жылдагы) Брест тынчтык келишимин түзүүгө да катышкан. Түркиядагы кемалисттик революция маалында (1918-ж. 3-ноябрга караган түнү) Батыш Европага качууга мажбур болгон. Талаат паша эмиграцияда Берлинде жүргөн чагында — 1921-ж. 15-мартта (хижралык 1339-жылдын ражаб айынын 5инде) бир армян террорчу жигит тарабынан[491] өлтүрүлгөн.

Дал ушул Талаат паша айтылуу түрк аалымы Зия Гөкалптын ортого түшүүсү менен укук министри (адлийе назири) Ибрахим Бей эфендинин үйүнөн Али Эмиринин этегине тооп кылат. Анан Али Эмири маекке тартылат.

Талаат-паша Махмуд Кашгаринин эмгегинин көчүрмөсү жөнүндө: «Бул китеп миңдеген жылдарга дейре жашай албас, чирип жок болоор. Китептерди жашатуу үчүн эскиден келген дурус усул ыкма бар эмеспи... Бул - басма усулу. Басмага түшсө, бул китеп миң болот, он миң болот, жүз миң болот», — деп «Дивану лугати т-түрктү» басмага берүүсүн Али Эмириден суранат.

Али Эмири буга макулдугун берип: биринчиси, китептин баасын билген, аны этияттап-кадырлап сактаган Килистик Мугалим Риф'ат-эфенди гана редакторлоп чыгарышы керек; экинчиси — китепти Риф'ат башка эч адамга карматпай өзүндө сактасын деген өзүнүн шартын[492] коёт.

Ошентип, көзгө сүртөөр жалгыз нуска кол жазма китеп Риф'ат Билгенин колуна өтөт. Бул кабарды ал Зия Гөкалпка айттырат. Бат эле Риф'ат Агартуу министрлигинен (*Ma'arif Nazareti*) уруксат алып, басма ишин баштайт. Китеп үчүн төрт терүүчү белгиленет.

Ошол эле күндөрү Талаат-паша тарабынан бөлдүрүлгөн алтын акчалай үч жүз лира сыйлык Али Эмириге тартууланат, бирок ал мындан таптакыр баш тартып, бул сыйлыкты «Дивану лугати т-түрк»

---

[490] İnal M.K. Osmanlı Devrinde... — Cilt 13. — S. 1933—1972.
[491] İnal M.K. Osmanlı Devrinde... — Cilt 13. — S. 1946.
[492] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 3. — 1945. — 07.Ekim; — No 4. — 11.Ekim.

деп атап, жардамга өзгөчө муктаж болгон башка бир ар-намыстуу бүлөгө садага иретинде ыйгарууларын өтүнгөн[493] экен.

Басма иши кызуу жүрүп жатканда Килисли Риф'ат кол жазманы үйүнө сакталгандан чочулап, Калайык китепканасына, Мамлекеттик басманын (Матбаа-и Амирийе) кассасына жана башка жерлерге кайрылса, алар да коркуп албай коюшат. Акыры айласы түгөнгөндө балдары дайыма болуучу бөлмөнүн дубалына кол жазманы китеп баштыкка салып илип коёт.

Түнүчүндө болсо Риф’ат баштыкты жаздыгынын астына катып жатчу. Ошентип бир жарым жыл кастарлап сакталган соң, кол жазма түрүндөгү китепти ээсине чоң ырахмат айтып тапшырат[494].

Айтмакчы, тексти 638 беттен (319 барактан) турган кол жазма өзү бир томдук эле. («Китеп негизинен бир том экен; мен өтө куштарлангандардын кызыгуусун канааттандыруу үчүн китепти үч томго болдум», — деп эскерет[495] Килисли Риф'ат).

«Дивандын» биринчи тому жарыяланып, экинчиси басмага түшүрүлгөндө күтүлбөгөн жерден Али Эмири өзүнүн кыялын көрсөтөт. «Чет өлкөлүк чыгыш таануучуга кол жазманы көрсөтөм», — деген шылтоо менен «Дивандын» кол жазмасын алдыртат да, кайра бербей турганын жарыялайт.

Султанат кезиндеги Кыршехир чөлкөмүндө эсеп-кысапчы болуп иштеген Басры бей деген киши Али Эмиринин карындашынын күйөө баласы экен. («*Benim hemşiremin bir damadı var*»). Аны жазыксыз жерден эле иштен алып салышкан экен.

Али Эмири күтүлбөгөн жерден: «Бул адамды кайра ордуна үч күндүн ичинде дайындаттырбасаңар, мен «Диванды» өрттөп жоготом. Мага демектен өкүмөт мени Байазыт майданында асып таштасын!» — деген чуулгандуу талабын[496] коёт.

Айрым атка минерлерден кагуу жегенине карабай, Килисли Риф'ат муну да аткарууга аргасыз болот.

Оболу Килисли Риф'ат ошол кездеги Осмон султандыгынын Билим берүү министри Ахмет Шүкрү бейге (*Ahmet Şükrü Bey (Bayındır*); 1875, Кастамону – 1926, түрмө) кайрылган.

Ахмет Шүкрү бей «*Иттихат ве тераккы*» коомунун мүчөсү болгон жана 1913-жылдын январынан — 1917-жылдын декабрынын ичине чейин Билим берүү министри — «*Маариф назыры*» эле. Анын тушунда кыздар үчүн окуу жайлары ачылып, окуу китептерин жаңыча жазуу аракеттери жүзөгө ашырылган.

---

[493] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... - No 4. — 1945. — ll.Ekim.
[494] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 4. — 1945. — ll.Ekim.
[495] Rifat, Kilisli Muallim. Bildikle rim... - No 5. — 1945. — 14. Ekim.
[496] Rifat, Ki1isli Muallim. Bildiklerim... — No 5. — 1945. — 14. Ekim.

(Ахмет Шүкрү бей 1926-жылы Измир шаарында Мустафа Кемал Ататүркө каршы кутум менен байланыштуу айыпкер деп табылып, 13-июлда өлүм жазасына кириптер кылынган)[497].

Килисли Риф'ат Билге Ахмет Шүкрү бейге кайрылган соң, өлкөнүн каржы министринин жардамчысы Тахсин бейге кайрылып, анын кийлигишүүсү менен Килисли Риф'ат бейкүнөө кызматынан алынган Басры бейди кайра ордуна койдурууга[498] жетишет.

Килисли Риф'ат Билге өзүнүн бул эскерүүлөрүндө «Дивандын» кол жазмасын үч том кылып басмага даярдагандагы техникалык машакаттарын да сыпаттайт. Маселен, кол жазмада темалар башка саптардан өзгөчөлөнтүлүп (жалгыз гана сапка) коюлбаган экен, Риф'ат болсо таш басмада аларды ажыратып, тема катары ачыктап белгилеп берет. Сөздүктүк бөлүгүн да акыркы кездердеги усулга ылайыктап, ар терминди ажыратып, сөздүктүк макала таризинде берет. Арабча текстте кыбаачалары жок болсо, басма китепке кыбаача түшүргөнүн, бирок кыбаачасы коюлбай калган түркчө сөздөрдү оригиналындагыдай калтыргандыгын да белгилейт.

Килисли Риф'аттын өз пикирине караганда, «Дивандын» таш басмасынын алгачкы эки томунун типографиялык сапаты таптакыр көңүлүнө жакпаган. Анткени басмадагы ариптер абдан эле эски болуп чыкты. Айрым арабча тамгалардын чекиттери жана кыбаачалары начар чыгып, же таптакыр чыкпай калган учурлары да болгон экен. Акыры, үчүнчү томду мыктыраак жарыялоо үчүн Килисли Риф'ат кайрадан Билим берүү министри Шүкрү бейге келет. Бул министрдин буйругу менен жаңы ариптик калыптар берилип, үчүнчү том техникалык жактан сапаттууракак[499] чыгат.

Ошентип, «Дивандын» көзгө басар көчүрмө кол жазмасы Биринчи дүйнөлүк согуш маалында жана Мустафа Кемал Ататүрктүн тарапкерлери баштаган 1918-жылкы ыңкылаптын босогосунда өзүнүн илимге чоң сенсация алып келген экинчи өмүрүн баштайт.

Ушул жерден биз «Дивандын» ас-Сави даярдаган көчүрмө кол жазмасынын текстинин алгачкы ирет литографиялык усулда жарыяланган датасын тактай кетүүбүз абзел, анткени XX кылымдын башында — маалыматтуулуктун кылымынын ирегесинде — жүзөгө

[497] Şükrü Bey // Meydan - Larousse. — Cilt 11. — S. 809.
[498] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 5. — 1945. — 14.Ekim.
[499] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 5. — 1945. — 14.Ekim.

ашырылганына карабастан, бул дата тууралуу кайчы пикирлер илимий адабиятта үзүлбөй келүүдө.

Таш басмадан (литографиядан) чыккан томдордо хижранын 1333—1335-жж. көрсөтүлгөн. Бул жылдар азыркы календарь боюнча 1914/1915 —1916/1917-жж. туура келет. «Ала-Тоо» журналындагы макалабызда: «...эмне үчүндүр Р.Данкофф менен Ж.Келли анын чыккан мезгили катары 1917—1919-жылдарды көрсөтүшүүдө»[500] — деп жазган элек.

Килисли Риф'ат Билгенин жогоруда пайдаланылган эскерүүлөрүндө «Дивандын» кол жазмасы Али Эмириге өткөн жыл туурасында: «1333 — «маалий» (каржы, б.а. финансылык) жыл эле» — делсе, ушул эле эскерүүнү китебинде кеңири берген М.Шакир Үлкүташыр «1333-каржы жылы» дегенге кашаанын ичинде «1916-жыл»[501] деп өз атынан кошуп жазат. Ушул эле изилдөөчүнүн эмгегинин башка бир жеринде «Дивандын» алгачкы эки тому Стамбулдагы «Матба'а-и Аамире» («Мамлекеттик басма») басмасында 1333-хижра жылы (1915-ж.), үчүнчү тому—1335 (1917-жылы) жарыялангган[502], деп жазылат.

Ал эми «Диванды» түркчө таамай которуп жана жарыялаган Бесим Аталай котормонун биринчи томунун кириш бөлүмүндө (XVIII —XIX беттеринде) «Китеп кандайча табылды жана кантип басылды?» макаласын берип, арийне анда эч бир жыл көрсөтүлбөйт. Тек гана өзүнө жазылган Килисли Риф'аттын катынан үзүндү келтирет: «*Мешрутийеттин* (Жаш түрк ыңкылабынын. —Т.Ч.) алгачкы жылдарында Эмрулла-эфендинин Билим берүү министрлиги заманында эски каржы министрлеринен жана Ван уулдарынан болгон Назиф-пашанын жакындарынан болгон бир аял Сахафлар чаршысында китепчи Бурхан-эфендиге саттыруу үчүн бир китеп алып келет...»[503].

Мындан улам Бесим Аталайдын 1939-ж. карата бул маселе боюнча так маалымат айтууга мүмкүнчүлүгү болбогонбу, — деп божомолдоого болот.

Украиналык академик Омелян Прицак болсо кол жазма басылган мезгил катары 1917—1919-жж. көрсөтөт[504]. Орус академиги И.Ю. Крачковский 1333—1335-хижра жылдарын 1914—1916-жылдар катары көрсөтөт[505], б.а. бул хижра жылдарынын башталыш айлары туура келген мөөнөткө негизденет. Ал эми поляк чыгыш таануучусу Эдвард Трыярскинин пикиринде, «Дивандын» бул кол жазмасы 1914-

---

[500] Чороев Т.К. Махмуд Кашгари жана анын... — 1988. — Б. 116.
[501] Rifat, Kilisli Muallim. Bildiklerim... — No 1. — 1945. — 30.Eylül; Ülkütaşır M.Ş. Büyük Türk Dilcisi... — 2.Baskı. — S. 58.
[502] Ülkütaşır M.Ş. Büyük Türk Dilcisi... — 2.Baskı. — S. 117, nt. 48.
[503] Atalay B. Divanü lugat - it-Türk tercümesi. — Cilt 1. — S. XVIII—XIX.
[504] Pritsak O. Mahmud Kaşgari kimdir? — S. 244—246.
[505] Крачковский И.Ю. Арабская географическая... — С. 268.

(же 1915-) жылы Али Эмири тарабынан Стамбулдун базарынан сатылып алынган да, үч томдук басылышы 1915—1919-жылдары Килисли Му'аллим Риф'ат тарабынан жүзөгө ашырылган[506].

Ал эми түркиялык изилдөөчү Али Чичекли болсо китеп сатуучу Бурхан эфенди Мешрутийеттин (Жаш түрк ыңкылабынын) алгачкы жылдарында, билим берүү министри болуп Эмрулла эфенди турган чакта «Дивандын» кол жазмасын оболу алиги министрликке сатууга аракеттенгенин, андан соң Али Эмириге саткандыгын жазып, кол жазма Али Эмириге өткөн так датаны эч көрсөтпөйт.

Түркиялык илимпоз Али Чичекли да жогорудагы булактардан (Килисли Риф'аттын эскерүүсү менен Бесим Аталайдын чакан маалыматынан) тышкары эч жаңы маалымат сунуш кылган эмес.

Али Чичекли «Дивандын» үч томдук болуп жарыяланган жылдары катары 1915—1917-жж. көрсөтөт, бирок ал да окуяны андан ары чаташтырып, басмага даярдоо иши садр а'зам (өкмөт башчысы) Мехмет Талаат пашанын (Mehmet Talât Paşa) кийлигишүүсү менен башат алгандыгын[507] жазат.

Америкалык иликтөөчүлөр Р.Данкофф менен Ж.Келли болсо «Дивандын» ага кожоюн болгон аял тарабынан китепчиге сатууга сунуш кылган убактысын «1917-жылга чейин» (*before 1917*) деп гана көрсөтүшүп, үч томдук катары «Диван» 1917—1919-жылдары жарыяланганын[508] белгилешет.

Түркиядагы календардык реформалар менен бул маселебиз канчалык даражада алакасы бар, муну келечекте атайын иликтөө ылайык[509], — деп мурда эскертип жүргөн элек.

Эми Түркиядагы календардык реформалар жана «Дивандын» табылыш жана жарыяланыш мезгили боюнча тактоолор тууралуу өзүбүздүн азыноолак иликтөөлөрүбүз менен да бөлүшөлүк.

---

[506] Tryjarski E. Kultura... — S. 13.
[507] Çiçekli A. Kaşgarlı Mahmut... — S. 24.
[508] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 25.
[509] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 11.

Оболу жылсанактык бир өрнөккө кайрылалык.

“Википедияда” жарыяланган бул сүрөттө көп этностуу Осмон мамлекетинде жарыяланган көп тилдүү жыл санакта 1911-жылдын 20-апрели[510] *көрсөтүлгөн.*

“Википедияда” жарыяланган календардын жогорку сол жак четинде Осмон дөөлөтүнүн күн календарга негизделген исламдык “*Руми жыл санагынын*” маалыматы түрк тилинде арап алфавитинде берилген:

[510] Дареги: http://en.wikipedia.org/wiki/File:1911_Ottoman_Calendar.jpg

Жыл – 1327 (١٣٢٧), *нисан* (نيسان; б.а. кыргызча “*чын куран*”) [айы], 7-күн.

Ушул эле бетте эң жогорку оң жак четте мусулмандык хижра жыл санагы (ай календары) боюнча төмөнкүдөй маалымат арап тилинде берилген: *рабии‘ ал-’ахир айынын* 21и, 1329-жыл (ربيع الآخر أو ١٢ ١٣٢٩).

Бул арап жазмасындагы кош тилдеги текстерден соң болгар тилинде кирил жазмасында текст жайгаштырылган: 30-апрель, 1911, бейшемби (*30 Априлий, 1911, Четвъртък, 30*).

Болгарча текстин төмөн жагында сол жакта григорийлик датага ылайык бул күн грек тилинде (ΑΠΡΙΛΙΟΣ 7) берилген жана б.з. 1911-жыл, күнгө бейшемби (Πέμπτη) экендиги кошумчаланган.

Бул текстин оң жак тушунда болсо григорийлик жыл санак боюнча 20-апрелди жана “бейшемби” сөзүн француз тилинде жарыялашкан (AVRIL 20; Jeudi).

Сол тарапта грек текстинен төмөндө армян тилинде жана жазмасында “апрель” (ԱՊՐԻԼ) жана “бейшемби” (ՀԻՆԳՇԱԲԹԻ) деген сөздөр жазылган.

Текстердин эң астында жөөттөрдүн тилинде жана жазмасында жөөт жыл санагынын маалыматы берилген: 22-нисан, 5671-жыл (22 ניסן 5671)[511].

Жакынкы Чыгыштагы жана Балкандагы ушунчалык ири аймакты басып алуунун өзү Осмон мамлекетине көп этностуу калайыктын маданий кызыкчылыктарын тиешелүү деңгээлде жүзөгө ашыруу милдетин тагат.

Бул жыл санак өрнөгүнөн эле Осмон султандыгында айрым маселелер кандайча чечилгендигин көрүүгө болот (муну көп этностуу падышалык Орусиядагы кырдаал менен салыштырып убакыт коротпой эле койгонубуз оң. Тек гана айтаарым, XX кылымдын башында орус тилиндеги маалыматка жанаша башка тилдердеги жыл санак маалыматтары жайгаштырылган календарды Борбордук Азияда чыгарышкандыгы жөнүндө азырынча эч кабарым жок).

Француз чыгыш таануучусу Б.Карра де Во Осмон дөөлөтүндөгү календардык реформалар тууралуу учкай белгилейт. 1676-жылы Осмон дөөлөтүндө юлийлик (юлиандык) календарга негизделген күн календарын кабыл алышып, аны «Осмондук каржы календары» деп аташкан. Анда да хижранын 1-жылы башталгыч жыл катары кабыл алынган, бирок хижранын ай жыл санагынын бир жылдагы күндөрүнөн айырмаланып, бул осмондук каржы календарынын күндөрүнүн жалпы саны көбүрөөк болгон.

[511] Караңыз: URL: https://en.wikipedia.org/wiki/Rumi_calendar

1677-жылдан (султан Мехмет Төртүнчүнүн тушунан) бери Осмон султандыгында каржылык максатта гана колдонула баштаган «Осмондук каржы календары» (юлийлик календарга негизденген күн календары) танзимат доорунан, тактап айтканда, 1840-жылдын 13-мартынан (хижрадан тартып башталчу күн календары боюнча – 1256-жылдын 1-мартынан) тартып бул ири мамлекетте өзгөчө кеңири колдонула баштаган. Бул жыл санак системасы Осмон түрктөрүндө "руми календары" (Rumi takvim) деп атала баштаган.

"Руми календары" (мындагы "*руми*" сөзү эски "византиялык" түшүнүгүн берчү арап сөзүнөн келип чыккан) 1840-жылы юлийлик жана григорийлик календарлардан 584 жылга артта деп кабыл алынган.

Демек, хижралык ай календары менен «Осмондук каржы календарынын» айырмасы чоң болгон. Ал эми Осмон дөөлөтүнүн акыркы доорунда газы Ахмет Мухтар паша жаңы күн календарынын долбоорун сунуш кылган, ал долбоор жүз кылым ичинде болгону 0,28 күнгө жаңылыштык кетириши мүмкүн болуп, мурдагыга караганда тагыраактыгы менен айырмаланган.

1917-жылы Осмон султандыгы "Руми календарын" юлийлик жыл санактын күндөрдү эсептөө усулунан григорийлик жыл санакка алмаштырган, демек, "руми жыл санагынын" кийинкиси 13 күнгө айырмалуу болуп калган.

Башкача түшүндүрсөк, падышалык Орусияда саясий ыңкылап жүзөгө ашырылган жаткан маалда, Осмон султандыгында бийлик тарабынан жыл санак "ыңкылабы" өткөрүлгөн. "Руми жыл санагынын" эски варианты боюнча 1332-жылдын 15-февралында (юлийлик жыл санактагы 1917-жылдын 15-февралында) уйкуга кирген Осмон дөөлөтүнүн калайыгы кийинки таңда 1332-жылдын 1-мартында (григорийлик жыл санакка байланган күндө, 1917-жылдын 1-мартында) ойгонгон.

Демек, 1917-жылдагы "руми календары" жана "каржылык жыл санагы" тууралуу сөз болгондо, албетте, изилдөөчү өзгөчө этияттык менен эсеп жүргүзүшү абзел. Карапайым кишилер кыйла убакытка чаташа бергендиги түшүнүктүү.

1926-жылы болсо, Мустафа Кемал Ататүрктүн тушунда, Түркия жумурияты биротоло европалык григорийлик жыл санагына өткөн (б.а. алгачкы жыл *хижра* учуруна эмес, Ыйса туулган деп шартуу кабыл алынган жылга байланып калган) [512].

Жогоруда аты эскерилген жыл санак реформатору жана колбашчы газы Ахмет Мухтар паша (1839—1919) Бурса шаарында туулган. 1882-жылы ал Мысырга осмондук дөөлөттүн Өзгөчө укуктуу комиссары болуп дайындалып, 1908-ж. чейин ушул жерде иштейт. Дал ошол

[512] Carra de Vaux B. Ta'rikh. — P. 672.

мезгилдерде ал мусулмандык күн календарын реформалоо боюнча китеп жазып, бардык мусулман калктары үчүн аны орток, бирдей кылып сунуш кылуу үчүн далаалаттанат. XVI кылымда Осмон мамлекетинин султаны Мысыр мамлүктөрүнүн бийлигин таш-талкан кылган соң, өзүн (бери дегенде суннийлер үчүн) «халиф» катары карагандыгы да эске алынса, анда жалпы мусулмандарга багыт берүү боюнча Стамбулдун дымагы оңой-олтоң аңдалат.

1912-жылдын июль айында Жаш түрктөрдүн өкмөтүнө каршы аскер көтөрүлүшү чыгып, көп узабай эле, 22-июлда, Ахмет Мухтар паша өкмөттүн башчылыгына (*садр а'зам*) дайындалат. Балкан согушу менен байланыштуу ал 1912-ж. 29-октябрда кызматынан чегинүүгө мажбур болгон. Ахмет Мухтар паша 1918-ж. чейин сенатта кала берген да, 1919-ж. 21-январда сексен жашында каза болгон[513].

Айтмакчы, жогоруда биз мисал кылган Мехмет Талаат паша (*Mehmet Talât Paşa*) менен байланыштуу султандык жардыктын этегиндеги дата бир эле учурда осмондук бийликтер ай жаңырышы менен байланыштуу мусулмандык хижра жыл санагын да, Жердин Күндү айланышына байланыштуу мусулмандык («*руми*») жыл санакты да пайдаланганын дагы бир жолу айгинелейт. (Талаат паша өкмөт башына келген дата — 1335-жылдын рабии' ул-аахир айынын 11и — осмондук күн календарына ылайык 1332-жылдын қанууни саании, б.а. 1917-жылдын январь айынын 22сине, григорийлик календар боюнча 1917-жылдын 4-февралына туура келген).

Мындан улам, эгерде айы жазылбастан, тек гана жылы көрсөтүлүп калса, анда бул датаны хижралык ай календарына чегерүү керекпи, же осмондук күн календарына чегерүү зарылбы? — деген суроо туулган. Осмон дөөлөтүндөгү календарлык реформаны эске албаган учурда ар кандай чаташуулар чыга берген.

Махмуд Кашгаринин «Диванынын» алгачкы эки томунун чыгыш датасы катары 1333-хижра жылы көрсөтүлгөн. Аны ай календары боюнча кароо — негизинен 1915-жылды берсе, осмондук күн календарынын негизинде кароо — 1917-жылды көрсөтүүгө алып келет (1333+584=1917).

Ай календарындагы 1333-хижра жылы, биздин эсебибизге караганда, 1914-жылы 19-ноябрда, бейшемби күнү башталган жана 355 күндөн турган. Кийинки, 1334-хижра жылы — азыркы европалык жыл санак боюнча 1915-жылы 9-ноябрда, шейшемби күнү башталып, 354 күндөн турган[514].

---

[513] Ahmad F. Mukhtär Pasha. — P. 525 — 526.

[514] Биз хижра жыл санагынын григорийлик күн календарына катышын төмөнкү жадыбал боюнча эсептедик: Баранов Х.К. Арабско-русский словарь. — С. 940—941.

Эми, эң башкы суроо, Али Эмири жогорудагы китепти качан сатып алган жана анын алгачкы томдору европалык календарь менен алганда качан жарык көргөн, — деген маселелерге байланыштуу.

Биринчиден, китеп сатуучу Бурхан бейдин «Дивандын» көчүрмөсүн Билим берүү министрлигинин илимий комиссиясына алып келгенин эстейли. Бул — министр Эмруллах эфендинин тушунда болгон экен. Ал эми Эмруллах эфенди (1858—1914), жогоруда көрсөтүлгөндөй, өз кызматынан 1912-ж. .эле түшүп калган. Ал эми 1913 — 1918-жж. «маариф назыры» — билим берүү министри кызматында «Иттихат ве тераккынын» өкүлү Шүкрү бей иштеп турган.

Демек, Бурхан бей жогорудагы комиссияга чын эле Мешрутийеттин алгачкы жылдарында, Эмруллах эфенди бей кызматтан чегине элек учурда, б.а. 1912-жылы кайрылган. Ал эми Али Эмиринин колуна бул көчүрмө Эмруллах эфендинин тушунда эмес, андан кечирээк, болжол менен 1913-ж. түшүшү деле ыктымал.

XX кылымдын башында жашаган түрк окумуштуулары үчүн Балкан согушунан кийин Биринчи дүйнөлүк согуш башталып, андан соң өздөрүнүн бир кездеги кубаттуу болуп, үч башка континетте ээликтерди камтыган эбегейсиз зор дөөлөтү (империясы) ойрон болду. Алар Батыш өлкөлөрүнүн баскынчылыгына жана улуттук боштондук кыймылга, ички атуулдук жиктелүүгө кириптер болушту. Акыры Мустафа Кемал Ататүрк ишке ашырган кемалисттик ыңкылап жеңип, түрктөрдүн саясий тагдырында тездик менен болуп өткөн көптөгөн окуялар айрым бир деталдарды анахронизм деңгээлинде гана эске тутуп калууларына алып келсе керек.

Дагы бир маселе — Талаат пашанын «Дивандын» басмага берилиши маселесине кийлигишүүсүнүн мезгили. Айрым иликтөөчүлөр (Али Чичекли ж.б.) Талаат паша *садр а'зам* (өкмөт башчысы) маалында бул ишке кийлигишкен, — деп санашаарын жогоруда көрсөттүк.·

Биздин пикирибизде, «Диванды» жарыялоо тууралуу сунушту ал өкмөт башчысы эмес, тек гана министр кезинде эле айткан. Анткени, султан Мехмет Решат хандын жардыгы менен Талаат паша 1335-хижра жылынын рабии' ул-аахир айынын 11инде гана *садр а'зам* кызматына дайындалган, бул учурда болсо «Дивандын» эки алгачкы тому илим чөйрөсүндө таанылып калган.

Биз бул суроого тактоо киргизүү үчүн кашгари таануу тармагында алгачкы ирет XX кылымдын башындагы рекламаларды булак катары пайдаландык. Дал ушул булак «Дивандын» 1915-жылы эле жарыялана баштагандыгын далилдөө үчүн күтүлбөгөн даректик маалыматты шыбагалады.

Көрүнүктүү агартуучу, теги татар Йусуф Акчора (*Юсуф Хасанович Акчурин; Юсуф Акчура; Yosıf Aqçura; Yosıf Xəsən uğlı Aqçurin; Йосыф Акчура; Йосыф Хәсән улы Акчурин*; 1876, Симбирск — 1935, Стамбул)

редакторлук кылып чыгарган «*Түрк йурди*» - تورك يوردي - «Түрк журту» аттуу журнал дал ошол кезеңде осмондук күн календарына негизделип саналып, араб арибинде жарык көрүп турган.

«Түрк йурдинин» 1331—1332-хижрий жылдарга (датасын салыштырыңыз!) таандык бир катар сандарында Килисли Риф'ат даярдаган «Дивандын» басылышынын алгачкы томдору үстөккө-босток окурмандарга рекламаланган экен[515]. Маселен, «Түрк йурдинин» (“руми” күн календары боюнча) 1331-хижра жылынын кануни саании (январь) айында 14-күнү жарык көргөн № 23 санында 156—157-беттерде «Жаңы жана эски асарлар» рубрикасы берилет. Дал ошондо төмөнкүдөй рекламалык жарыя орун алган (автору көрсөтүлбөсө да, аны Йусуф Акчора өзү жазган го, — деп боолголоо мүмкүн):

«Дивану лугати т-түрк — хижранын бешинчи кылымындагы аалымдардан болгон Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари тарабынан жазылган бул улуу, баалуу китептин жарыкка чыга элек жападан-жалгыз гана нускасы бар болуп, 'Али Эмири эфендинин китепканасында сакталып келээр эле. Акыры, «Изилдөө комиссиясынын» мүчөлөрү тарабынан жактырылып, үч томго бөлүштүрүлдү жана чоң көлөмдөгү 346 беттен турган биринчи тому «Матба'а-и 'Аамиреде» басылып жарык көрдү[516]. Жогорку мартабалуу Билим берүү министрлигинин аракети менен бастырылган (бул китептин) басылыш сапаты мыкты жана кагазы дурус...»[517].

“Түрк йурди” журналы жарыялаган бул чакан рекламада (жарнакта) Махмуд Кашгари Барскани жазган «Дивандын» алгачкы томунун таш басмада чыгышы чоң саамалык катары шаттануу менен бааланган.

Мындагы биз үчүн маанилүү жагдай — журналдын 1331-хижралык (осмондук “руми” күн) жыл санагы менен эсептелген ушул санындагы жарнак бул журнал өзү басмага берилээрде болуп өткөн окуяны — Махмуд Кашгари Барсканинин китебинин алгачкы томунун жарыкка чыгышын калайыкка жар салып жаткандыгында болуп саналат.

Демек, Кашгаринин эмгегинин Килисли Риф'ат Билге даярдаган чыгарылышынын биринчи томундагы 1333-жыл деген датаны эч качан осмондук күн календары катары кабыл алууга жана бул томдун европалык календарь боюнча жарыяланыш мөөнөтүн 1917-жыл катары (эки жылга кечеңдетип) түшүндүрүүгө эч мүмкүн эмес.

---

[515] Түрк йурди. — 1331. — № 23. - 1332. — № 4, 5, 6, 10, 13, 14, 16, 17, 18, 19, 23, 24. (“*Руми*” күн календары боюнча 1331-жыл – григорийлик жыл санак боюнча 1915-1916-жылга тете).

[516] Мында цифра алмашылып калган. Чынында, Килисли Рифат Билге жарыялаган I том 436 беттен жана дагы кошумча 12 беттен турат.

[517] Түрк йурди. — 1331. — № 23. — С. 156.

Бул айына эки ирет чыгуучу жамаагаттык журналдын ар нускасы 40 пара болуп сатыкка түшкөн.

Ал эми Махмуд Кашгари Барсканинин «Диваны» кандай баага сатылды болду экен? Бул суроого да ушул рекламалык жарыялар так жооп бере алышат.

Маселен, «Түрк йурдинин» 1332-(осмондук күн календардык) жылындагы тишриин саании (ноябрь) айынын 24үндө жарык көргөн № 19 санында Махмуд Кашгаринин «Диванынын» биринчи жана экинчи томдору жарыкка чыкканы айтылат. Анда 426 (*ушундай!* — Т.Ч.) беттен турган биринчи томдун баасы — 20 куруш, ал эми 300 беттен турган экинчи томдун баасы болсо — 15 куруш (غروش - “гурууш”) экендиги билдирилген.

Рекламадан тышкары «Дивандын» жарыкка чыгуу датасын тактоодо жардам берчү жагдай — бул ошол доордогу Махмуд Кашгариге жана анын «Диванына» багышталган эң алгачкы макалалардын өздөрүнүн датасы болуп саналат.

Китебибиздин киришүүсүндө чагылдырылгандагыдай, кашгари таануунун алгачкы карлыгачтары Стамбул шаарында жарык көрүп турган «*Миллий тетеббу'лер межму'асы*» — «Улуттук изилдөөлөр жыйнагы» илимий журналында 1915-ж. — осмондук “руми” күн календары боюнча 1331-жылы жарыяланган макалалар болуп саналат. Алардын бири, - 1331-жылдын теммуз — агустос (**1915-жылдын июль—август**) айларында чыккан № 3 санындагы Зия Гөкалптын «Эски (байыркы) түрктөрдө коомдук түзүлүштөр менен логикалык тартиптердин арасындагы окшоштуктар» аттуу макаласы[518], - «Дивандын» басмаканадагы сыясы кургай элек биринчи томунун материалдарын арбын колдонгон эмгек катары айырмаланат.

Ушул эле жылы бул журналдын № 4 санына немис чыгыш таануучусу Мартин Хартманндын[519] макаласы жарык көрдү. Көп узабай, аталган журналдын № 5 саны жаңы китепке илимий пикир иретинде жазылган М.Фуат Көпрүлү(заде)нин чакан макаласына орун берди[520].

Ошентип, мукабасында «1333-жыл» деп көрсөтүлгөн Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» Килисли Риф'ат даярдаган алгачкы томунун негизинде даярдалган калайыкты бул көөнөргүс эмгек менен тааныштыруучу илимий макалалар тээ **1331-жылы (!)** жайында жана күзүндө Осмон султандыгындагы түрк тилдүү окурмандардын колуна тийген «*Миллий тетеббу'лер межму'асы*» илимий журналынан орун алган болчу.

---

[518] Зийа Гөкалп. Эски түрклерде... — С. 396 ве сайире.

[519] Хартманн, Мартин. «Дивану лугати т-түрк»е 'аид... — С. 167 —170.

[520] Көпрүлү Фуат. Йени нешрийат. Дивану лугати т-түрк... — С. 38 1 — 383.

Ал эми «*Түрк йурди*» журналына кайра кылчайсак, бул журнал да кашгари таануунун алгачкы саамалыктарын тартуулаганын өзгөчө басым менен белгилөөгө болот. Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» Килисли Риф'ат Билге даярдаган үчүнчү тому «1335-хижра жылы» чыкканын бул журналдагы анын жарыялангандыгы тууралуу маалыматтар көрсөтүп турат. Бул дата да хижранын ай календарына негизденгенине эми эч шек жок. 1335-хижра жылы азыркыча 1916-жылдын 28-октябрынан (ишемби күндөн) башталып, 354 күндөн турган.

Ал эми «Дивандын» жарык көргөн үч томун тең[521] пайдаланган эң алгачкы иликтөөлөрдүн бири катары Хусейин Хисамуддин Амасийели жазып, «Түрк йурди» журналынын 1334-жылдагы (датасын караңыз: мында осмон түрктөрүнүн мусулмандык күн календарынын маалыматы!) № 4 жана № 6 сандарына жарыялаган «Афрасийаб — ким?» аттуу эки бөлүмдөн турган макала эсептелет.

Өз макаласында Хусейин Амасийели, маселен, «Дивандын» басмадан чыккан үчүнчү томунун эки жүз жетимиш экинчи бетине шилтеме жасайт. (Албетте, Афрасийабдын этимологиялык өзөгүн Хусейин Амасийели байыркы түркчө «Барс алп» деген сөз менен байланыштырганы, бул сөздү ирандыктар алмаштырып Афрасийаб деп бузуп алганы тууралуу бул изилдөөчүнүн пикири[522] көңүлдү өзүнө тартпай койбойт: Махмуд Кашгари Барсканинин «Диваны» XX кылымдын башында чынында да этимологиялык божомолдор жана варианттар үчүн көзү ачыла элек казына эле).

Корутундуласак, Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» ас-Сави даярдаган жападан-жалгыз көчүрмөсү 1912-жылдын ичинде алгач ирет Осмон дөөлөтүнүн Билим берүү министрлигинин комиссиясына Бурхан бей тарабынан сунуш кылынган. Ал эми Али Эмири аны 1913-жылдын ичинде (эң кеч дегенде 1914-жылы) сатып алганы божомолдонот. Китепти басмага даярдоо ишин Килисли Му'аллим Риф'ат 1914-жылдын ичинде колго алган жана китептин алгачкы тому 1915-жылдын январь айынын башында (осмондук “руми” күн календары боюнча 1331-жылдын каанууни саании айынын башында) жарык көргөн. Экинчи том 1915-жылдын ичинде жарыяланган. Ал эми үчүнчү том болсо 1917-жылдын ичинде басмадан чыгат.

Ошентип, саал жыйынтыктасак, китепкөй Али Эмири менен мугалим Килисли Риф'ат Билгенин туш келип калгандыгы чоң роль

---

[521] ал-Кашгари Махмуд. Китабу дивани лугати т-түрк. — 1333 —1335. — Жилт 1—3.

[522] Амасийели Хусейн. Афрасийаб кимдир? // Түрк йурди. — 1334. — № 4. — С. 119—122.

ойноп, өз доорунун ажайып көөхары болгон «Түрк тилдеринин сөз жыйнагынын» кол жазмалык тагдыры ыңжыңсыз өмүр сүрүү коркунучунан кутулуп, илим ааламындагы өчпөс жылдызга айлануу шыбагасына ээ болду.

Махмуд Кашгари Барсканинин китебинин алгачкы (жана азырынча — акыркы) ирет литографиялык усул менен үч том болуп жарык көрүшү кашгари таануу тармагын өнүктүрүүгө олуттуу башат болгон.

Дал ушул жарыяланышка негизденип, түрк окумуштуулары М.Фуат Көпрүлү, Зия Гөкалп, Хусейин Амасийели, башкыр Ахмед Зеки Велиди (Тоган), европалык илимпоздор М.Хартманн, К.Броккелман, Г.Бергштрассер, В.В.Бартольд, П.Жузе, С.Г.Малов, Л.Лигети, К.Миллер ж.б. 1915—1930-жж. ичинде илимий макалаларын жана китептерин жазышкан.

Алардын эмгектеринин негизинде Махмуд Кашгари Барсканинин «*Дивану лугати т-түрк*» чыгармасы лингвистикалык, диалектологиялык, тарыхый-этнологиялык, тарыхый-географиялык, картографиялык жана маданий тарых булагы катары ажарданып, дүйнөлүк чыгыш таанууга кеңири маалым боло баштаган.

Бул саптардын ээси тарыхнаамада алгач ирет колдонгон Осмон султандыгы доорундагы Стамбул шаарындагы рекламалык материал ж.б. маалыматтар Махмуд Кашгари Барсканинин «*Дивану лугати т-түрк*» чыгармасынын жалгыз көчүрмө кол жазмасы 1914-жылдан кеч эмес басмаканага түшүп, анын **алгачкы эки тому 1915-жылдын ичинде** литографиялык усул менен жарыяланганын**, акыркы тому 1917-жылы** ушул усулда жарык көргөнүн тастыктайт.

III бап.
Чыгыш түрктөрү тууралуу Махмуд Кашгаринин маалыматтары

Өзүнүн «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» эмгегинде Махмуд Кашгари Барскани ханзулар (кытайлар), кидандар (кытаң, б.а. кара кытайлардын бабалары), таңгуттар (таңут), тибеттиктер сыяктуу ар кыл чыгыш элдери менен тарыхый коңшулаш жашаган XI кылымдагы бир катар ички азиялык түрк этностору тууралуу өтө кызыктуу мааламаттарды берет. Бул түрк калктары — чыгышында Каңгайда, түндүк-чыгышында Эне-Сай жана Байкал бойлорунда, түштүк-чыгышында — Кытайдын Хэси[523] өткөөл аймагында, ал эми батышында — Карахандар кагандыгынын чектеш өрөөндөрүндө байырлашкан.

Алардын арасында «түрк» калктарынын катарында белгиленгени менен, эч качан түрк тилдүү элге кирбеген таңут, тибет, хотан (арасында тохарлардын урпактары?) калктары да бар.

Ал түгүл Мачындын жана Чындын калкынын өз-өзүнчө тилдери бар экендигин белгилөө менен, алардын шаар калкынын арасында түркчө билгендери учураарын жазып, Махмуд Кашгари Барскани чыгыш түрктөрүнүн ханзу жана кытаң (кидан) элдери менен этностук-маданий жана дипломатиялык алакалары болуп келгендиги тууралуу[524] кыйыр кабар берет.

Бул чыгыш калктарынын ичинен татар этносу XI кылымда түркчө да, моңголчо да сүйлөгөн (билингвист) калктарды баш коштурган элдин аталышы катары кабыл алынышы мүмкүн.

(Махмуд Кашгаринин жалпы эле түрк калктары тууралуу маалыматын алгачкы таразалап чыккан полиглот чыгыш таануучу аалымдардын ичинен В.В.Бартольдду[525] өзгөчө көрсөтүү керектигин китептин кириш бөлүмүндө белгиледик).

Китебибиздин бул бабында биз чыгыш түрк этносторунун айрымдары (кыргыз, уйгур, катун сынылык / ганьчжоулук түрктөр) тууралуу маалыматтарга жана талаш-тартыштуу Барскан топонимине атайын токтоло кетмекчибиз.

---

[523] Хэси өткөөлүндө Лянчжоу, Ганчжоу, Сучжоу, Гуачжоу, Шачжоу шаар-оазистери жайгашкан. Бул ири аймак чыгышында Ордостон, батышында — Дунхуанга жакын Юймэнгуан чебине чейин созулат. Хэсинин узундугу — 1200 км, туурасы — 100 км. - Караңыз: Чугуевский Л.И. Китайские документы... — Вып. 1. — С. 243.

[524] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 21, 125.

[525] Маселен, караңыз: Бартольд В.В. Избранные труды... — 1996. — С. 503 — 509; Он же. Двенадцать...; Он же. Тюрки...

III. 1. Кыргыздар жана “қырқыз” этноними тууралуу

Махмуд Кашгари Барскани кыргыздардын тили, жайгашкан жерлери, коңшулары, салт-санаасы тууралуу учкай болсо да, өтө кызыктуу байкоолорун калтырган мусулман авторлорунун бири болуп саналат.

Баарынан маанилүүсү, ал кыргыз тилинин нагыз түркчө тилдерге кирээрин айтып эле чектелбей, кыргыздарды өзү калаалары менен талааларын кыдырып өткөн түрк этносторунун бири катары көрсөткөн.

Айтмакчы, Махмуд Кашгари өз эмгегинде кыргыздар тууралуу **үч** ирет эскерген[526], — деген пикир да илимий адабиятта учурап калып жүрөт[4] . Чындыгында, ушул саптардын ээси тастыктагандай, «Диванда» “қырқыз” этноними **беш** жолу эскерилет[527].

Кыргыздардын тили диалектилик өзгөчөлүк катары каракагандык (“хаканиялык”) адабий тилден анча көп айырмаланбагандыктан, алардын терминдерин Махмуд Кашгари Барскани бул адабий тилден бөлүп көрсөтүүнү ылайык көргөн эмес, — деп жоромолдосок да болот.

Кыргыз тилчиси Б.Осмоналиева белгилегендей[528], «Диванда» чагылдырылган XI кылымдагы теңир-тоолук көчмөн түрк калктарынын сөздөрүнүн көпчүлүгү борбордук азиялык элдердин ичинен азыркы кыргыз тилинде күнү бүгүнкүгө чейин көбүрөөк сакталып калган.

Кыргыздардын салт-жөрөлгөлөрү Махмуд Кашгари Барсканинин доорунда да исламга чейинки бир катар белгилерди сактап келгендиги менен айырмаланган.

Маселен, «Дивану лугати т-түрк» эмгегиндеги 91b барагында «Тэмур» («Темир») аттуу сөздүктүк макала орун алган. Бул макалада XI кылымдагы кыргыздардын жана аларга коңшу чыгыш теңир-тоолук башка түрк этносторунун үрп-адаттык мыйзамына (адатка) таандык бир жөрөлгөсү таасын сыпатталат:

«...**Қырқыз, йабақу, қыфчақ жана башка (түрк элдери) кайсы бир кишиге касам ичиргенде же андан бир нерсеге антын-убадасын алганда, кылычты (кындан) чыгарат да, алдына туура коюп: «Бу көк кирсүн, қызыл чыксун» дешет.**

Башкача туюнтканда, убада бузулуп калса бул (кылыч) көк болуп кирсин, кызыл болуп чыксын (канга боёлуп чыксын). Бул келишимден кайтсаң, темир сенден өч алсын дегени.

---

[526] Караев О.К. Арабские источники. — 1996. — С. 180.

[527] Чороев Т.К. К исторической... — С. 125; Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 67; Чороев Т.К. Махмуд Кашгари жана... — 1991. — Б. 440.

[528] Осмоналиева Б. Об отражении лексики киргизского языка...— С. 97 — 99.

Себеби алар темирди өтө аздектешет»[529] — деп Махмуд Кашгари Барскани арап окурмандарына баяндайт.

“Дивандын” түпкү нускасынын 91b барагынан.

Бул үзүндүдөн антташуу жөрөлгөсү кыргыздарга, йабакуларга, кыпчактарга орток экендигин «Дивандын» автору баамдаганы жана ушул нерсени араб тилдүү адабиятты окуган элдердин кеңири катмарына түшүндүрүп берүү үчүн далалаттангандыгы айрыкча айгиненет.

Азыркы тапта бир катар түрк элдери дисперстик абалда чачырап жашап калганы маалым. Ушундай акыбалга, маселен, XI кылымда кыпчактар кабылышкан.

Орто кылымдардагы кыргыздардын чакан бир бөлүгү Ыраакы Чыгыштагы Манчжурияга чейин жетип, алар КЭРдин Хэйлуңжаң вилайетинин Фу-йү аймагында күнү-бүгүнкүгө чейин жашап келет[530].

---

[529] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 91b.

[530] Hu Zhen-hua, Imart G. Fu-Yu...; Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы... — Б. 188; Турдуева А.С. Кытайдагы кыргыздардын... — 1997. - Б. 21; Тенишев Э. Р. О языке кыргызов уезда Фуюй. 1961. - С. 88-95. (Швейцариялык-германдык кыргыз таануучу айым Гундула Салк 1997-ж. июль-август айларында фу-йү кыргыздары тууралуу өзү кытайлык илимпоз Мамбеттурду Мамбетакун менен биргелешип чогулткан маалыматтарын бизге электрондук почта аркылуу жиберди. Профессорлор Мухаммед Ху Чжэнхуа, Адыл Жуматурду, Мамбеттурду Мамбетакун, Жаркын Турсун, Амантур Абдырасул жана фу-йү кыргыздарынын

«Манас» дастанында да алыскы Чыгышка кетип, манжу менен кытайдын арасында тилин жогото баштаган кыргыздар (Көзкаман, б.а. Үсөн жана анын урпактары[531]) тууралуу учкай айтылат эмеспи.

XI кылымда да Эне-Сай, Монголия, Чыгыш Теңир-Тоо аймактарындагы кыргыздар дисперстик акыбалда жашап калган бир нече бөлүктөн турганы айкындалууда.

Махмуд Кашгари Барскани «Дивандын» башка бир жеринде кыргыздарды ас-Син (фарсыча — Чын) өлкөсүнө жакын жайгашкан (قرب الصين) этнос катары эскертет[532]. Кийинки өлкөнүн же чөлкөмдүн аталышы (الصين - "ас-сын", Чын) менен негизинен мусулмандар Түндүк Кытайды жана ага коңшулаш моңголиялык аймактарды белгилеген тарыхый-географиялык ири чөлкөмдү белгилешкен. Бирок бул аймакты өтө алыскы катары түшүнүү да туура эмес, анткени Кашкар шаарынын аймагынын жанындагы Бархан деген топонимди "төмөнкү Чын" деп да атап коюшаарын[533] "Дивандын" автору белгилейт эмеспи.

XI к. кылымда Чында кытаңдар (моңгол тилине тектеш кидандар) өкүм жүргүзүшкөн, алардан түндүк-батышырааста татарлар ж.б. түрк жана моңгол элдери жайгашышкан.

Махмуд Кашгари Барсканинин кыргыздардын этностук аталышын тамгалай (графикалык) беришин өз алдынча сөз кылууга арзыйт.

«Кыргыз» термини кыргыз улуту үчүн эндоэтноним (өздүк энчилүү аталыш) болуп, өзгөлөр ага берген «бурут» сыяктуу экзоэтнонимдерден таптакыр айырмаланып турат.

Этностун багыттоочу белгиси — өздүк энчилүү аталыш менен туюнтулган этностун өзүн-өзү аңдоосу, белгилүү орус синологу М.В.Крюков[534] жазгандай, ар тараптуу изилдөөнү талап кылат эмеспи. Ошондуктан «кыргыз» сөзүн эле ээрчий беришет, — деген айрым кинелерге карабастан, «кыргыз» термини менен байланыштуу ар кыл булактардын маалыматтарына астейдил мамиле жасообуз абзел.

Кыргыздардын өздүк энчилүү аталышына арбын эле адабият арналган, ар кыл этимологиялык варианттар да берилген.

«Кыргыз» («қырқыз») этноними түрк тилдеринин негизинде гана чечмеленээри тууралуу бир нече жолу белгилеген элек. Анын

өкүлү Ву Жанжу, ж.б. да баалуу маалыматтары менен бөлүштү. Учурдан пайдаланып, Гундула Салк айымга жана Кытайдагы кыргыз таануучулардын баарына ыраазычылык билдиребиз).

[531] Манас / С. Каралаевдин варианты. — 1984. — 1-китеп. — Б. 108; Манас. - М., 1990. — Кн. 3. — С. 490—492; Молдобаев И.Б. «Манас» — историко-культурный... — С. 255.

[532] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. IIb.

[533] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. S. 114b.

[534] Крюков М.В.Китайские ученые... — С. 151.

чечмеленишинде илимпоздорго дайын болгон элдик варианттар (элдик этимология варианттары) жана илимий варианттар бири-биринен кескин айырмаланат.

Элдик чечмелөө аракеттери кыргыз этниминин «кырк» (40) деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан таралган урпактар), же «кырк» санына жана «огуз» этнонимине (кырк огуз бирикмеси) айрым учурда «кыр» сөзү жана огуз этнонимине (кырдагы, б.а. тоолуу аймактардагы огуздар) болуп түшүндүрүү менен мүнөздөлөт. Элдик чечмелөө үлгүлөрү кытайлык «Юань ши» — «Юань сулалеси тарыхы» эмгегинде (XIV к.) кытайлык кырк кыз менен түндүктөгү Ус өрөөнүнүн калкынын (ус - угус - огуз?) урпагы - кыргыздар деп жазышынан көрүнөт.

Ал эми ферганалык Сайф ад-Дин Ахсыкендинин (XVI к.) маалыматтарында болсо Султан Санжар Чыгыш Ферганага кол салганда (XII кылымда) өзгөндүк кырк огуз Кожентеги тоолорго (Түндүк Тажикстан менен Кыргызстандын Лейлек районунун аймагында) качып барып баш калкалашып, алардан кыргыздар келип чыккан деген уламыш камтылган.

«Кыргыз» этноними *илимий негизде* да чечмеленүүдө.

Бул усул эч оозеки уламыштарга муктаж эместиги менен айырмаланат. Анын өзгөчөлүгү - кыргыз этнонимин ар кыл бөлүктөргө (компоненттерге) лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен ажыратып түшүндүрүүдө болуп саналат.

Анын айрым варианттары:

1. «*Кырк*» жана «*йүс*» («кырк жүз», В. В. Радловдун пикири);
2. «*кырк*» жана «*эр*» («кырк киши», Ахмед Зеки Велиди Тоган);
3. «*кыра*» жана «*гыз*» («кара чачтуу эл» Давлен Айтмуратов);
4. «*кыргу*» - «*кырыг*» жана ага көптүк сан - «ыз» мүчөсүнүн жалганышы («кызылдар» Константин Петров);
5. «*кырыг*» жана «*огуз*» («кызыл огуз», б.а., түштүк огуздар же батыш огуздар, Николай Баскаков);
6. «*кыргын*» - «*кыргыт*» - «*кыргыз*» («кызыл жүздүүлөр», б.а. сары чач, кызыл жүз, көк көздүү эл, Андрей Кононов)[535];

---

[535] «Кыргыз» этниминин чечмелениши тууралуу караңыз: Golden P. An Introduction... — P. 176—178; Петров К.И. К этимологии... — С. 81 — 91; Кызласов Л.Р. Взаимоотношения... — С. 88 — 97; Байтур А. Кыргыз тарыхы... — Б. 23—43; Яхонтов С.Е. Древнейшие... — С. 110—120; Караев О.К. К вопросу... — С. 255 — 259; Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 20—40; Чоротегин Т., Өмүрбеков Т. «Кыргыз» этниминин мааниси... — Б. 3 — 8; Чоротегин Т., Өмүрбектегин Т. Хунну доорундагы... — Б. 310—318; Кожобеков М.Ч. Орто кылымдардагы... — Б. 4—10; ж.б.

7. “*кырк*” жана туугандык байланыштарды, текти билдирген *“-ыз*” мүчөсү жалгашканда “кыркыз, кыргыз этнонимин келип чыккан (“бир тектен тараган кырк уруу биримдиги” маанисин берген); кырк+ыз менен салыштырыңыз: *жалг+ыз, эг+из, үч+үз, төрт+үз, ог+уз* (“бир октон, б.а. бир уруудан тарагандар).

Бул жетинчи вариантты Анкара университетинин профессору, теги кыргыз илимпоз Гүлзура Жумакунова[536] эже сунуштады.

Соңку пикирге кошумчалай кетсек, кыргыз улутунун көөнөргүс “Манас” дастанында “кырк жигит”, “кырк чоро”[537] сыяктуу элдик саясий, аскердик жана коомдук ынтымакты терең символдоштурган терминдер бар.

Кыргыз этнонимин чечмелөөдө боордош түрк элдеринин башка ысымдары да «гыз», «гуз», «гун», «гур», «гар», «газ», «ар», «аш», «ас» (огуз, гагогуз, кун, уйгур, оногур, булгар, сувар, хазар, кызык, жоорай, чуваш, төөлөс) ж.б. сыяктуу бири-бирине үндөш компоненттерден куралган.

Бул маалыматтан улам, албетте, эч шек туудурбай турган жагдай төмөнкүдөй деп айта алабыз: ханзу (кытай), византиялык, латын, грек, тибет, араб, фарсы, моңгол, орус, түрк ж.б. жазма булактарда эскерилген бул этноним өзүнүн компоненттик кыртышы боюнча (*қы+р+г+ыз*) түрк тектүү элдердин ички этностук аталыштарынын (эндоэтноним) бири болуп саналат.

Бул этнонимдин өздүк энчилүү аталыш катары теңир-тоолук-памирлик жана фу-йү кыргыздарында сакталып калышы, ал эми саян-алтайлык, батыш кытайлык, урал-эдилдик[538], кырымдык[539], кичи азиялык түрк элдеринин жана айрым моңгол тилдүү элдердин арасында уруу аты (геноним), антропоним жана топоним түрүндө сакталып келиши, орто кылымдардагы азиялык элдердин келип чыгышына карата канчалык даражада катышы бар болгондугун көрсөтүп, этностук өнүгүү тарыхынын ырааттуулугун айгинелеп турат.

Кыргыздардын өздүк энчилүү аталышы мусулман авторлору тарабынан алгач «*хирхиз*» түрүндө чагылдырылган (мында биз айрым

---

[536] Jumakunova, G. “Kırgız” Etnoniminin Kökeni Üzerine... - 2012. – S. 38 47.

[537] Хан Манас кырк чорону (б.а. элдин таасирдүү, ак сөөк, баатыр кырк бегин – жалпы элдин өкүлдөрүн) жыят: Мамбетакун, М. “Манас” эпосунун варианттары жана манасчылык. – 2014. – Б. 306.

[538] Башкырлардын арасындагы кыргыздар тууралуу караңыз: Хисамитдинова Ф.Г. Этноним кыргыз в башкирской ономастике. – 2017. – С. 946-948; башкыр кыргыздары жөнүндө даректүү тасма: URL: http://www.youtube.com/watch?v=6-fvytbQ2XQ

[539] Кырымдагы кыргыздардын изи тууралуу даректүү тасма: URL: http://www.youtube.com/watch?v=ZhdUQ5fJa2E

көчүрмөлөрдөгү «за» тамгасынын ордуна «ра» тамгасы жазылган خرخير - хирхир сыяктуу жаңылыш түрлөрдү эске алып отурган жокпуз). Бизге келип жеткен булактардын ичинен бул форманы биз оболу араб географы Ибн Хордадбехтин (IX к.) эмгегинен[540] учуратабыз (албетте, ал VIII —IX кылымдарда жашаган башка мусулман саякатчыларынын маалыматтарын арбын пайдаланган).

Ал эми орто кылымдардын башынан тартып кыргыздарга таандык болгон قرقز - «қырқыз» этнонимдик түрү, мусулман авторлорунун ичинен эң алгачкы жолу Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинен учурайт жана бул автордун "Диванынын" эч бир жеринде خرخيز - «хирхиз» түрүн колдонбогондугу көңүлгө аларлык нерсе.

«Қырқыз» (قرقز) түрү (эки ирет каткалаң «қаф» тыбышынын жазылышы) орхон-энесай эпиграфиялык жазма эстеликтериндеги дал ушундай тыбышты берчү тамгалык жазылышты[541] эске салат.

Мажар окумуштуусу Л.Лигети белгилегендей, قرقز жана قرقيز «қырқыз» түрү тарыхчылар Жувейни (1226—1283) менен Рашид ад-Дин (1243 — 1318) фарсы тилинде жазган тарых чыгармаларында[542] да учурайт.

Кийинчерээк белгилүү болгондой, дал ушул قرقز жана قرقيز «қырқыз» этнонимдик түрү моңгол доруна чейинки «*Мужмал ат-таварих ва-л-қысас*» — «Тарыхтар менен аңгемелердин жыйындысы» (XI к.) деген автору беймаалым эмгекте жана Мубарак-шах Мерверрудинин (XIII к. башы) чыгармасында да берилген экен[543].

Кийинки автор жазып калтырган этнонимдердин бир кыйласы Махмуд Кашгаринин маалыматтары менен үндөшүп турат. Ошондуктан Мубарак-шах Мерверруди өз чыгармасын жазганда түрк элдеринин аталышын жазмада чагылдырууда Махмуд Кашгари Барскани жашаган доордун этнографиялык салтына таандык тизмени колдонгон экен, — деп болжолдой алабыз. Бул салтты чыгыш мусулмандарынын жергиликтүү тарыхнаамасында өнүктүрүүдө Махмуд Кашгаринин ойногон омоктуу ролу тууралуу да сөз кылууга мүмкүн.

---

[540] BGA. — Vol. 6. — P. 31; Ибн Хордадбех. Книга...— С. 66, 184—185; Караев О.К. Арабские и персидские... — С. 33; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 74.

[541] Лигети Л. «Кыргыз» кавм... — С. 238 — 239; Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности; Он же. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии; Орхон-Енисей текстери. — Б. 55 ж.б.; Moravcsik G. Byzantinoturcica, II. — S. 344; Kara, György. The Runiform Alphabet… - 1996. – P. 536-539.

[542] Лигети Л. «Кыргыз» кавм... — С. 239; Бартольд В.В. Туркестан... — Ч. 1. Тексты. — С. 103, 125; Juvaini. Genghis Khan... — P. 21, nt. 7.

[543] Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 75; Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шаха Мерверруди... – С. 75-77.

Ал эми خرخيز «хирхиз» түрүнө келсек, бул этнонимдик түр боордош түрк элдеринин айрым бөлүгүнүн тилинде (диалектинде) айтылыш өзгөчөлүгү менен байланыштуу болуусу ыктымал.

Махмуд Кашгаринин «Диванынын» маалыматтарына таянуу менен каткалаң ق «қаф» тыбышынын ордуна خ «ха» тыбышын кайсы түрк элдери (огуздар) колдонгондугу тууралуу билебиз жана мусулман авторлору кимдерден خرخيز «хирхиз» түрүн алгандыгы жөнүндө боолголой алабыз.

Махмуд Кашгари Барскани:

«**Огуздар менен кыпчактар (каткалаң) ق «қаф» (тыбышын) خ «ха» менен алмаштырышат... Эгерде түрктөрдө «кызым»** («менин кызым» же «менин күн кызым» маанисинде, —Т.Ч.) **деп айтылса, тигилерче болсо «хызым» деп айтылат**», — деп жазат (Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 271a.).

«Дивандын» башка бир жеринде Махмуд Кашгари арабдын «амир» (эмир, б.а. бек жана кол башчы) сөзүн огуздар خمير «хэмир» деп айтаары[544] тууралуу эскерген.

Демек, VIII—IX кылымдарда кыргыздардан айырмаланып, мусулман аймактарына жакыныраак турган огуздар жана аларга жамаатташ айрым батыш түрктөрү (арасында айрым кыпчак уруулары) мусулмандык тарыхнаамада «хирхиз» этнонимдик түрү жазылып калганына себепкер болушкан, — деп тыянак жасоого болот.

Ал эми قرقز «қырқыз» түрүнүн дал ушу Махмуд Кашгари Барскани жазган эмгектен тартып мусулман адабиятында эскериле башташы кокустук көрүнүш эмес.

Академик В.В.Бартольд Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванына» Борбордук Азия элдеринин этнографиясына арналган сейрек чыгарма катары өзгөчө жогору баа берип, бул китеп «автордун өлкө жана анын калкы менен жекече таанышытыгын негизинде» жаралгандыгын жана компиляциялык (көчүрмө — ээрчиме) чыгармалардан кескин айырмаланаарын[545] баса белгилеген.

Демек, түрк этнонимдерин араб жазмасында чагылдырууда Махмуд Кашгари Барскани чыгыш түрктөрүнүн (анын ичинде теңир-тоолуктардын) бул этнонимдеринин диалектилик өзгөчөлүктөрүн адекваттуу камтуу салтын баштагандардын бири болуп алат.

Орто кылымдардын соңку мезгилинде болсо мусулмандык жазма адабиятта кыргыздардын этностук аталышы ар кыл варианттарда берилген, алардын ичинде кыргыз тилине таандык тыбыштарга да,

---

[544] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 35a.
[545] Бартольд В.В. Двенадцать лекций... — С. 58.

фарсы тыбыштарына да ылайыкташтырылган тамгалар менен берилгени, компиляциялык этнонимдик түрлөрү да кезигет. Кызыгы, кийинки доордун тарыхчы, этнограф аалымдары өздөрү да эмне үчүн «кыргыз» этнонимин ар кыл түрлөрдө жазылып жатканына таң калгандыктарын жазып кеткенинде.

Маселен, балхтык (түндүк ооганстандык) тарыхчы жана географ Махмуд ибн Вали (XVII к.) өзүнүн «Сырлардын деңизи» аттуу эмгегинде: «Хырхыз — түрктөрдүн аймактарынан... Сыягы, «хырхыз» сөзү көп колдонула бергендиктен «кыргыз» болуп калган көрүнбөйбү»[546], — деп жазат. Албетте, «хырхыз» — خرخيز китептик салт экенин, кыргыздар өздөрүн өзү «хырхыз» эмес, «қырғыз» деп аташаарын бул аалым эске алган эмес.

Махмуд Кашгари туруктуу пайдаланган قرقز «кыркыз» этнонимдик түрү (башында гана эмес, ортосунда да каткалаң «қаф» аркылуу, б.а. ق (қаф) тамгасы менен берилиши) орхон-энесайлык руна сымал жазманын салтындагы «қырқыз» түрүнүн араб графикасы аркылуу улантылышынан улам чыгыш түрктөрүнүн (анын ичинде теңир-тоолук, “хакандык” түрк калктарынын) өздөрүнүн да түрк этнонимдерин тамгалай жазууда муундан-муунга өтүп келген салты, компиляциялык мурастуулугу болгон деп жыйынтык чыгарууга болот.

Албетте, бул салт чыгыш түрктөрүнүн тилдик-диалектилик өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келген (антпесе Махмуд Кашгари Барскани деле батыш мусулман дүйнөсүнө кеңири таралган خرخيز «хырхыз» түрүн колдонуудан качпас эле).

Ушул жерден ар кандай эндоэтнонимдердин (этностордун өздүк энчилүү аталышынын) башка этностор тарабынан колдонулушунун табияты тууралуу да айта кетүү эп. Эгерде бул эндоэтноним башка бир элдин чөйрөсүндө пайдаланылып, бул жаңы этностук чөйрөнүн сөз сүйлөө, тыбыш чыгаруу эрежелерине багындырылып, өз оригиналынан минималдуу түрдө четтетилсе эле, жаңы касиетке — экзоэтноним (башка эл тарабынан кайсы бир этностун аталышка ээ болушуна) айланат.

Маселен, «кыргыз» этнонимин чыгыш жана батыш булактарында «хирхиз» (араб жана фарсы), «гир-кис» (тибетче[547]), «херхис» (византиялык), «кергуд» (моңгол), «цзянь-гунь», «ся-цзя-сы», «ки-ли-ки-цзы», «жи-ер-жи-сы» (ханзу, б.а. кытай), «киргиз» (орус) сыяктуу түрлөрдө берилиши жана бир эле учурда этностук, саясий жана географиялык термин катары көп функциялуу болуп пайдаланылышы анын башка этностук чөйрөдөгү экзоэтнонимдик жаңы касиетин айгинелейт.

---

[546] Махмуд ибн Вали. Море тайн... — С. 41, 118, прим. 169.
[547] Hoffman H. Die Qarluq... — S. 194.

Этноним эгедер болгон полисемантикалык мүнөз жазма маданияттын көчүрмө салтында жазылган (компиляциялык) адабиятта өзгөчө чагылдырылган: а) мында, бир жагынан, аймактын мурдагы кожоюнунун аталышы менен жаңы келген этностор атала бериши да күтүлөт (маселен, орто кылымдарда деле айрым этносторду византиялык авторлор «скифтер», «гунндар» деп тарых сахнасынан кеткен элдердин атынан атай беришкен); б) экинчи жагынан, айрым этностордун жайгашуу чордону жылышып, өзгөргөнүнө карабастан, бул этностордун мекени катары мурдагы аймакты көрсөтө берүүлөрү орун алган. Анткени көчүрмөчү автор өзүнө чейинки салттык маалыматтарды чогултуп жазууга канааттанган жана таптакыр жаңы маалыматты өзү чогултуп эмгегине киргизүүсү ал үчүн биринчи зарылдыктагы милдет болуп саналган эмес.

Жаңы жерлерге этностордун айрым топторунун жылышы тууралуу маалыматтарды көчүрмө салтындагы адабияттан кезиктирүү кыйыныраак. Дагы бир жагдай — башка элдин авторлору кайсы-бир чоочун этностун жылышын өздөрүнүн өлкөсүнүн же элинин тагдырына түздөн-түз тийешелүү болбогон учурда чагылдырбай коюшу да мүмкүн эле. Ошондуктан, этностордун аталышы жана алардын жайгашуу аймактары тууралуу иликтөөлөрдө көчүрмө салтындагы адабияттын маалыматтарын башка да ономастикалык ж.б. иликтөөлөр менен айкалыштыруу абзел.

«Кыргыз» этнонимин байыртадан өз элдик аталышы катары алып жүргөн түрк калкы б.з.ч. III кылымдын соңунан тартып тарых сахнасында белгилүү. Ал эми байыркы кыргыздардын өз алдынча мамлекет куруу салты деле дал ошол доорлор менен байланыштырылат.

Б.з.ч. I кылымдын ортосунда хундардын ири дөөлөтүнүн түндүк-батыш өңүрүндө компакттуу аймакты ээлеп жашаган кыргыздардын өз алдынча мамлекетти калыбына келтирүү аракети кытайлык тарыхчы Бань Гу тарабынан[548] чагылдырылган.

Тарыхчылар Ю.С.Худяков, М.Кожобеков, Т.Чоротегин, Т.Өмүрбеков ж.б. белгилешкендей, бул учурда кыргыздар Теңир-Тоонун чыгышында Боро-Хоро тоо кыркаларынын түндүк тарабында Дзосотын Элисун (уйгурча: *Гурбантүңгүт Құмлуқи*; англисче: *Gurbantünggüt Desert*) чөлүнөн батышырааакта байырлаган.

Кийинчерээк, айтылуу ашина түрктөрү Гансудан Чыгыш Теңир-Тоо аркылуу Алтайга журт которууга аргасыз болгон кезеңдерде, б.з. V

[548] Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 48 — 58; Чороев Т.К. Тенгир-Тоо (Притяньшанье) как регион... — С. 204—209; Чоротегин Т.К., Өмүрбектегин Т.Н. Хунну доорундагы... — Б. 319 — 321.

кылымынын ичинде, Чыгыш Теңир-Тоодон кыргыздар да аргасыздан Эне-Сайга сүрүлүшөт.

Башкы уруусу “ашина”[549] деп ханзу жылнаамаларында эскерилген бул түрк тилдүү этнос менен кыргыздардын этностук-тарыхый тагдырлаштыгы кытайлык булактар чагылдырып калган ашина уругунун бөрү энеден чыккандыгы тууралуу уламышта да көрүнөт. Бөрү энеден туулган бир туугандардын бири катары анда кыргыздар да[550] сыпатталган.

Эне-Сайга келген кыргыздар жана Алтайга келген ашина уруусу өз мамлекеттерин кайра түптөшкөндө өз ара саясий ынтымакташ болушкандыгы дал ушундай уламыштын пайда болушуна себепкер болсо керек.

VI — IX кк. ортосунда Эне-Сайда өз мамлекетин куруп жашаган кыргыздар 840—847-жж. аралыгында бүткүл Ички Азиянын оодук бөлүгүн каратып алышкан. Тарыхнаамага академик В.В.Бартольд киргизген «Кыргыздын улуу дөөлөтү» доору[551] (IX к. ортосу — X к. алгачкы чейреги) аттуу термин дал ошол доордогу кыргыздардын саясий жеңип алуулары менен байланыштуу.

Профессор Ю.С. Худяков.

[549] Кристофер Бекуис «ашина» сөзүнүн этимологиясын «арсылан» (арстан) сөзү менен байланыштырууда: Beckwith C.I. The Tibetan Empire... — P. 207, nt. 5.
[550] Бичурин Н.Я. Собрание сведений...; Чоротегин Т.К., Өмүрбектегин Т.Н. Хунну доорундагы... — Б. 332—333.
[551] Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан... — Б. 27 — 31.

Дал ушул доорду новосибирскилик профессор Юлий Сергеевич Худяков (1947-жылы декабрда туулган) «**кыргыздардын жылдызга кол сермеген сааты**»[552] катары баалаган. Ички Азиянын ири аймагына, анын ичинде Чыгыш жана Борбордук Теңир-Тоо аймагына чейин кыргыздардын кыйла топтору кирип келип, кийинчерээк, алардын дөөлөтү чачыранды акыбалга дуушарланганда, бул топтор Теңир-Тоо аймагында кала беришкен.

Түштүк Сибир (Шибер), Ички Азия жана Теңир-Тоодогу кыргыздар байырлаган бул чөлкөмдөрдө диний ишенимдердин ар түрдүүлүгү өкүм сүргөн. Кыргыздардын негизги дини теңирчилик (жана ага ширелген шамандык салт-жөрөлгөлөр) менен тыгыз байланышкан, бирок манихейлик, бутпарастык, несторийлик христиандык жана кийинчерээк мусулмандык диний ишенимдерди таркаткандар кыргыздар менен алардын тарыхый коңшулары болгон чыгыш түрктөргө улам күчөгөн таасирин тийгизген.

Көп этностуулук жана көп диндүүлүк – кеңири чөлкөмгө үстөмдүк жүргүзүүгө умтулган этностор кириптер болчу табигый жагдай экендиги түшүнүктүү[553].

Айтмакчы, мурдагы тарыхнаамада тигил же бул этностун жайгашуу аймагын жасалма кичирейтип көрсөтүү тенденциясы байкалаар эле. Маселен, айрым изилдөөчүлөр орто кылымдардын эрте мезгилиндеги кыргыздардын жерин жалаң гана Эне-Сай менен байланыштырышаар эле. Кээ бир кыргыз элчилери Кытайга, Тибетке, Түргөш каганатына чейин барып-келип турушкандыгы белгиленген менен, айрым кыргыз топторунун Борбордук Азиянын башка аймактарында IX к. чейин жашагандыгы тууралуу жазма эстеликтердеги кабарларга алар шектенүү менен карашаар эле.

Тан сулалесинин жылнаамаларынын географиялык сыпат-тамаларында Чыгыш Теңир-Тоо аймагында VII—VIII кылымдарда эле айрым кыргыз урууларынын байырлагандыгы тууралуу кабар камтылган. Маселен, белгилүү орус синологу А.Г.Малявкиндин «Борбордук Азиянын тарыхый географиясы» эмгегинде «Цзю Таншу» аттуу кытай булагынын маалыматтарына таянып[554] жазганына караганда, Тан сулалесинин батышка карай экспансиясы күчөгөн маалда, VIII к. ортосунда, Турпан ойдуңунда кытайлыктардын Бэйтин цзедушиси (императордун өкүл башкаруучусу) түргөштөр менен

---

[552] Худяков Ю.С. Кыргызы на Табате. — С. 6 1—63, 225; Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын... – 2013.

[553] Шибер, Алтай, Ички Азиядагы VII-XI кк. кыргыздарга байланыштуу көп кырлуу диний жана этностук-маданий алакалар жана кырдаалдар жөнүндө караңыз: Дашковский, П.К. Кыргызы на Алтае... – 2015. – С. 161-193.

[554] Малявкин А.Г. Историческая география... — С. 41—42, комментарии №№ 259, 264, 303.

кыргыздардын (цзяньгунь) ар кандай кол салууларына каршы туруу үчүн даяр болуп туруу милдетин аткарган.

Чыгыш Теңир-Тоодогу бул кыргыздар ошол кезде Эне-Сай Кыргыз каганатында байырлаган тектештеринен башка чакан топ болушу деле ыктымал.

Дегиңкиси, Түргөш каганаты доорунда эле айрым кыргыз топторунун түргөштөр менен бирге Чыгыш Теңир-Тоо аймагында эскерилиши эки жактуу түшүндүрүлүшү ыктымал: биринчиден, кыргыздардын кандайдыр-бир бөлүгү түргөштөрдүн саясий ынтымакташы катары кийинкилердин этностук курамына уруу катары кирген; экинчиден, Орхонду жердеген айтылуу Экинчи Чыгыш Түрк каганатына каршы кыргыздардын каганы Барс-бег менен түргөш каганынын биргелешип күрөшүү аракеттерин эске алсак жана кыргыздардын аскерлеринин 711-жылга караган кышта чыгыш түрк аскерлери (кол башчылар Тон-йокук жана Күл-тегин / Көл-тегин) тарабынан бириндетилип талкаланышы[555] менен байланыштуу окуяларды назарыбызда тутсак, ошондой эле андан кийинки доордо да кыргыздар үчүн түргөштөр Ички Азиядагы уйгурларга каршы саясий ынтымакташ болуп келгендигин көңүлгө тутсак, анда айрым кыргыз топторунун ээн-эркин эле ынтымакташ өлкө болгон Түргөш каганатынын аймагына журт которуп келүү, түргөштөрдүн алдында өз шериктик милдетин аткаруу мүмкүнчүлүктөрү шек туудурбайт.

(Ыраматылык синолог Галина Павловна Супруненко да бизге кыргыздар Чыгыш Теңир-Тоодо 840-жылдардагы окуяларга чейин эле болгондугу жөнүндөгү ханзу жылнаамаларынын маалыматтарын астейдил изилдөө керек эле деген оюн 1980-жылдары оозеки айткан. 1980-жылдардагы Кыргыз илимдер академиясынын туура эмес саясатынан улам анын илимий темасы жана изилдөө багыты өзгөртүлүп салынган, кийинчерээк болсо ал өзү ушул темага кайрылууга үлгүрбөдү).

Арийне, мындай анда-санда учураган теңир-тоолук кыргыз топторунун ошол доордо (VIII к.) этностук кырдаалга кандайдыр-бир олуттуу таасир тийгизбегендигин да белгилөө керек. Кыргыз топторунун Чыгыш Теңир-Тоодо олуттуу көбөйүшү 840 — 847-жж. окуялардын[556] натыйжасында гана болду.

---

[555] Гумилев Л.Н. Древние тюрки. — С. 297—298; Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын...

[556] Караев О.К., Кожобеков М.Ч. О переселении... — С. 41 — 66; Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 68 — 79; Кожобеков, Муратбек Чалакеевич. Кыргыз каганатынын тарыхы… - 2013.

Карта. Кыргыз жана башка түрк этносторунун журт которуу багыттары. IX-XI кк.

Дал ушул теңир-тоолук кыргыз топтордун Караханийлер доорунда эле Теңир-Тоодо акырындап ислам динине өтүүсү жүзөгө аша баштаган.

1120-ж. тегерегинде, б.а. моңгол-татар чапкынынан дээрлик жүз жыл мурда эле жазылган Шараф аз-Заман Тахир Марвазинин «*Табаа'и'у л-хайаваан*» — «Айбанаттын табигый сырлары» аттуу арабча эмгегинин чыгыш калктары (индиялыктар, кытайлар, түрктөр тууралуу) атайын бир бөлүмүндө кыргыздар тууралуу да сөз кылынып, мусулмандардын коңшусу болуп калганга чейин алар маркум сөөгүн өрттөшөөр эле, эми сөөк коюу жөрөлгөсүнө өтүштү[557] — деген эң маанилүү бир кабарды жазып калтырган.

Академик В.В.Бартольд каза болгондон (1930) кийин жети жылдан соң гана илим чөйрөсүнө маалым болгон Марвазинин «Табаа'и'у л-хайаваан» эмгеги[558] кыргыздардын тобунун Теңир-Тоодо XI—XII кылымдарда эле жашап келгендигин гана тастыктабастан (Шараф аз-Заман Тахир Марвазини жана башка чыгыш булактарын пайдаланган Ахмед Зеки Велиди Тоган, маселен, 1946-ж. жазылган эмгегинде кыргыздардын бир бөлүгү 840-ж. кийин Чыгыш Теңир-Тоого келип

[557] Чороев Т.К. Айрым чыгыш... — Б. 281; Восточные авторы о кыргызах. — С.55.
[558] Minorsky V. Sharaf al-Zamân... – 1942.

байырлап[559] калганын жазат), кыргыздардын бул тобунун дини да, сөөк коюу жөрөлгөсү да мусулмандардын таасири менен өзгөрө баштаганын айгинелеген.

Демек, Карахандар каганатындагы диний жана руханий маданияттык өзгөрүүлөрдөн теңир-тоолук бул кыргыздар эч четте калышкан эмес. Алардын алгачкы өкүлдөрү Карахандар доорунда эле мусулмандык илим-билимге каныга баштаган.

Араб тарыхчысы Ибн ал-Асирдин күбөлөндүргөнүнө караганда, XI кылымдын ортосунда Газневийлердин кол башчыларынын бири, хажиб чинине жеткен эмир Хирхиз индиялык (б.а. Түндүк-Батыш Индиядагы) аймактарды[560] бийлеген.

Махмуд Кашгари өз эмгегинин башында өзү кыдырып чыккан элдердин арасында кыргыздарды да атайылап белгилеген («...түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын калааларын жана талааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум»)[561].

Түрк элдеринин тилдерине мүнөздөмө берүүдө да ал кыргыз тилин нукура түрк тили катары сыпаттаган («**Андан сон кыркыз, кыфчак, огуз, тухсы, йагма, чигил, оврак, чаруктар. Алардын нукура түркчө жалгыз тили бар. Йемек менен башгырт тили булардын тилине жакындап келет**»)[562].

Албетте, Махмуд Кашгари Барскани кыдырган бул кыргыз топтору негизинен көчмөн турмуш таризиндеги калк экендигинен эч шек кылууга болбойт. Анткени, анын тилдерди классификациялоосу (түрлөргө бөлүштүрүүсү) боюнча төмөндөгүдөй калктардын түркчө тили таза келет:

«**Тилдердин эң таасыны — бир гана тилди билүүчү, фарсылар менен жуурулушпаган жана шаарларда жашоо өнөкөтүнө ээ болбогон калктыкы**»[563].

Ушул жерден суроо туулат: Махмуд Кашгари Барскани кыдырып чыккан кыргыздар кайсы жерди байырлаган кыргыз топтору болушту экен? Кыпчак эли ошол маалда Казакстандын азыркы кеңирсиген талаасынан тээ Балканга чейинки ири аймакта чачыранды болуп[564] жашаган кезеңде, кыргыздар да Эне-Сайда, Түндүк-Батыш

---

559 Togan A.Z. Velidi. Umumî Türk... — Cild 1. — S. 80.
560 МИКК. — Вып. 1. — С. 61 (444-хижра жылынын окуялары).
561 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım.. — S. 2a.
562 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 13a.
563 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 12b.
564 Плетнева С.А. Половцы; Кумеков Б.Е. Государство кимаков...

Монголияда, Монголдук жана Тоолуу Алтайда, Чыгыш жана Борбордук Теңир-Тоо аймагында жашашкан. (Фергана өрөөнүнө кыргыздардын алгач качан келгендиги тууралуу сурoо[565] талаш-тартыштуу бойдон кала берүүдө. Бул суроого булактар ар кыл маалымат берет, бирок X-XV кылымдарда кыргыз уруулары Чыгыш Фергананын тоолуу аймагында жашагандыгында шек жок). Лоптуктар[566] да бир кездеги кыргыздардын кийинчерээк уйгурлашкан этностук тобу катары каралып жүрөт.

Бул кыргыз топторунун бардыгын тең Махмуд Кашгари Барскани кыдырып чыккан, — деп айтуу чындыкка эч коошпос эле.

Кыргыздардын эгемен мамлекетин - саясий чордонун Махмуд Кашгари Барскани чыгышка — кытаңдар (Түндүк Кытайдагы Ляо мамлекети) менен коңшу катары жайгаштырып сыпаттаган менен, ал өзү болсо теңир-тоолук кыргыздардын (өз алдынча мамлекетке эгедер болбогон, Карахандар каганатынын курамына таандык болуп калган кыргыз топторунун) ичинде этнологиялык жана диалектологиялык маалыматтарын топтогон.

Ошол доордо Эне-Сай жана Түндүк-Батыш Монголия тарапка Махмуд Кашгаринин жете албаган себеби - бул аймактар менен Карахандар каганатынын ортосунда согуш акыбалындагы өткөөл (буфердик) аймак — исламга өткөн түрктөргө каршы күрөшкөн чыгыш түрктөрүнүн йабаку элинин төбөлдөрү башкарган ынтымакташтыгы — согуштук-саясий ынтымагы менен да байланыштуу.

Махмуд Кашгари Барсканинин картасындагы орографиялык маалыматтар да жалпы Теңир-Тоо системасы тууралуу реалдуу сүрөт тартуулаган, андан чыгышка жылган сайын картада эч кандай орографиялык белгилер сунуш кылынган эмес. Бул жагдай дагы Махмуд Кашгари Барскани кыргыздарга жолуккан чөлкөмдү ал реалдуу кыдырган аймактын ичинен — Теңир-Тоо алкагынан издөө керектигин тастыктайт.

Теңир-Тоодогу кыргыздардын арасында болуп, диалектологиялык иликтөөлөрүн жүргүзгөн соң, ал кыргыздардын тилин да «нукура түркчө» деп байкоого жетишкен жана «кыргыз» этнонимин араб графикасында эндоэтнонимдин айтылышына максималдуу түрдө жакындатып берүүчү түрдү — قرقز («қырқыз») түрүн арап тилдүү географиялык адабияттагы мурдагы компиляциялык خرخيز («хирхиз») түрүнө эч кылчайбастан эле пайдаланган.

---

[565] Караңыз: Машрапов Т.Т. «Маджма ал-гараиб» Султан... — С. 121 — 127; Машрапов Т.Т. «Та'рих-и Рашиди» Мирзы... — С. 44—46; Кылычев А. XIV—XV кылымдардагы Теңир-Тоонун...; ж.б.

[566] Малов С.Е. Лобнорский язык; Асанканов, А. Жунго Шинжаң кыргыздары. - 2013. – Б. 135-136.

Монголиянын түндүгүндөгү даңазалуу Сужийн-Даван руна сымал жазма эстелиги [567] (IX к.) тууралуу бир аз токтоло кетелик.

Сужийн-Даван руна сымал таш жазма эстелиги[568].

Бул эстелик - азыркы Түндүк Монголиядагы Балган аймагына караштуу Суужийн Сайхан сомонунда (Селенга дарыясынын башатында) Суужи (Сужийн Даван) ашуусунда сакталып келген таш бетиндеги (петроглифтик) жазуу. Бул эстелик XX кылымдын башында Г.Рамстедт тарабынан ачылып, илим чөйрөсүнө киргизилген (Ramstedt, G. J. Zwei uigurische...).

---

[567] Малов С.Е. Образцы... — С. 64—65; Малов С.Е. Памятники... — 1951. С. 76; Sertkaya F. «Manas»... — S. 3 — 8; Ibid. Göktürk... — S. 338; Кляшторный С.Г. Суджинская... — С. 59; Базылхан Н. Көне түрік бітіктастары...

[568] Сүрөт булагы: http://bitig.org/show_big.php?fn=pictures/1204.jpg

Бул жазма Ички Азиянын бир катар аймактарын 840-жылдардын ичинде жаңыдан ээлеген эне-сайлык кыргыз кол башчысынан калган. Демек, Сужийн-Даван жазмасы Өтүкендеги кыргыз жеңип алууларынын жана азыркы Монголиянын аймагындагы кыргыз жазма маданиятынын далили болуп саналат.

Сужийн-Даван руна сымал таш жазма эстелигинин текстиндеги кызыл сыя менен белгиленген тамгалары «кыргыз уулу – мен» деп (оң тарабынан, б.а. мындагы текстте астынан жогору карай) окулат.

Ушул булакта (Сужийн-Даван руна сымал жазма эстелигинде) да, Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын жана Уйгур каганатынын бийликтеги төбөлдөрү жаздырган орхондук эстеликтерде (VIII к.) дагы қырқыз түрү чагылдырылган.

Руна сымал жазмада "қ.ы.р.қ.з." деп оңдон солго карай жазылган.

Махмуд Кашгари Барскани илимде "*уйгур жазмасы*" деп аталып жүргөн чыгыш түрктөрүнүн орток жазмасын да дурус билген.

Жалпысынан, өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай — кыргыздардын өздүк энчилүү аталышы болгон «кыргыз» этнонимин قرقز **қырқыз** түрүндө берүү жаатында Махмуд Кашгари Барскани орхон-энесайлык жазма маданияттын эстеликтеринин салтын андан ары арап арибинде уланткандыгында болуп саналат.

Кыргыздар тууралуу эскерилген ар бир фрагментте Махмуд Кашгари Барскани жалгыз гана قرقز («қырқыз») түрүн колдонот жана ал түгүл өзүнчө бир чакан сөздүктүк макаланы (сыпаттама сүйлөмдү) кыргыздарга арнайт:

«Қырқыз — түрктөрдүн бир уруусу»[569].

Демек, Махмуд Кашгари Барскани үчүн батыш мусулмандык чөлкөмдүн көчүрмө адабиятында жалпы кабыл алынган «хирхиз» түрүн колдонууга караганда, чыгыш түрктөрүнүн жергиликтүү тилдеринде калыптанган салтка ылайык кыргыздардын аталышын قرقز ("**қырқыз**"), б.а. кыргыз түрүндө берүү өз доорундагы этнографиялык реалдуулукка төп болуп саналган.

Кейиштүүсү, анын «Диванынын» орто кылымдарда мусулман дүйнөсүндөгү кеңири окурмандар жана этнографтар чөйрөсүнө анча деле таркалбагандыгынан жана анын бул новатордук эмгеги

[569] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 115b.

тийешелүү резонансты (көңүл бурууларды) пайда кылбай, салыштырмалуу түрдө көмүскөдө кала бергендиктен, араб тилиндеги көчүрмө адабият көбүнесе учурда мурдагыдай эле خرخيز («хирхиз») түрүн гана пайдаланып кала берген.

“Кыргыз” (“қырқыз”) этноними тууралуу чакан этюдубузду кыскача жыйынтыктасак, мындан 2215 жыл илгери алгачкы жолу көөнө ханзу (кытай) жылнаамаларында эскерилген байыркы кыргыздар кийин да кылымдар карыткан мамлекеттүүлүк тарыхында бир катар мамлекеттер курушкан жана Евразиядагы көп этностуу мамлекеттерди түптөөгө салым кошкон.

Байыркы жана эртеги орто кылымдардагы кыргыздар боордош бир нече этноско тарыхый ата-баба болуп калды. Алардын урпактарынын арасында, албетте, бүгүнкү Теңир-Тоо жана Памир (анын ичинде Ала-Тоо) кыргыздары, Фу-йү (Манчжурия) кыргыздары, хакастар[570], тывалар, шорлор[571], алтайлыктар[572], башкыр кыргыздары, казак кыргыздары (казакташып кеткендер[573]), өзбек кыргыздары (өзбектешип кеткендер), лобнордуктар, сары уйгурлардын айрым компоненттери жана башка ар кыл сандагы этностор бар.

Кыргыз тегинен жана аларга жуурулушкан башка этностордон бутактанган бул калктар кылымдар карыткан узак мезгилде татаал этностук жүрүмдү баштан кечирген, бирок алардын ар бири (анын ичинде теңир-тоолук кыргыздар да) байыркы кыргыз тарыхын өздөрүнүн көөнө тарыхый мурасынын ажырагыс бөлүгү катары карашат.

---

[570] Бутанаев В.Я. Эне-Сай кыргыздары: фольклор жана тарых. – 2002.
[571] Каратаев О.К. Кыргыздардын Түштүк Сибирь чөлкөмү жана... – 2017. – Б. 433-447.
[572] Каратаев О.К. Кыргыздардын жана алтайлыктардын…
[573] Караңыз: Құдайбердіұлы, Шәкәрім. Түрік, қазақ, қырғыз... - 2004.

III.2. Уйгурлар тууралуу

Жалпы эле Теңир-Тоонун жана анын чыгышындагы түрк элдери жердеген аймактардын этнографиясы тууралуу арбын маалымат калтырган Махмуд Кашгари Барскани мусулмандардын чыгыштагы коңшусу болгон уйгурларга да өзгөчө көңүл бурган.

Турпан ойдуңундагы Уйгур идикут өлкөсү (бул уйгурлардын бийлөөчүлөрү «*идикут*» — «ыйык кут» титулун өздөрүнөн мурда Чыгыш Теңир-Тоодо чакан өлкөгө ээ болгон басмылдардан мурастап алышкан)[574] Карахандар каганатына каршы башка динди расмий дин катары туткан мамлекет катары катуу такаат берип турган.

Карахандар «ыйык согуш» жүргүзүп, байма-бай жортуулдар жасап, Уйгур өлкөсүнүн бир катар жерлерин басып алган. Мамлекеттер катары бул эки өлкө бири-бирине душман болсо да, экономикалык, соода байланыштары таптакыр үзүлүп калган эмес, «Улуу жибек жолунун» үзүрүн алардын калктары тең пайдаланып, натыйжада алардын этномаданий алакалары акырындап өнүгө берген.

Орто кылымдардагы мусулман булактарында алардын сырткы — «каапырлар» дүйнөсү менен соода байланыштары экзотикалык жана прагматикалык маниге ээ тарап менен жүргүзүлгөн алака катары өзгөчө чагылдырылган. Ошондуктан соода жолунун чыгышка улантылышы[575] (Мавераннахр—Ысык-Көл—Турпан—Хэси өткөөл аймагы — Кытай) тууралуу маалыматтар берилген чакта тигил же бул этностор жөнүндө ар кыл кабарлардын камтылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

Мындай батыш мусулмандык булактардын авторлорунан айырмаланып, Махмуд Кашгари Барскани өзүнө таптакыр башкача мүдөө койгон: ал өзү кыдырган, же айрым бир өкүлүнө жолуккан, же сыртынан уккан түрк элдеринин тилдеринин диалектилик өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын баяндоого умтулган.

Анын бул максатты жүзөгө ашыруусунда көз урунган өзгөчө жагдай — анын чыгыш түрктөрүнүн (биринчи кезекте карахандык түрктөрдүн) жергиликтүү этнологиялык терминдерин көңүл чордонунда тутушу болуп саналат.

Маселен, ал эч бир жерде «*тогузгуз*» деген эскирген, реалдуу чындыкка коошпогон этнонимди колдонгон эмес[576], себеби XI кылымда бул термин теңир-тоолук түрктөр тарабынан эчак эле

---

[574] Бартольд В.В. Двенадцать лекций... — С. 50; Малявкин А.Г. Уйгурские государства... — С. 163.

[575] Байпаков К.М., Нуржанов А. Ұлы Жібек жолы... – 5-9.

[576] Чороев Т.К. Некоторые сведения... — С. 96 —101; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени — С. 21 — 30 («тогузгуз» этноними тууралуу).

унутулуп, этносаясий колдонуудан чыгып калган эле. Махмуд Кашгари башка араб булактарында аз кезиккен жана таптакыр кезиге элек жаңы этнонимдерди (чөмүл, оврак, йемек, басмыл, кенжек ж.б.) өз «Диванында» чагылдырган.

«Дивандын» олуттуу салымдарынын бири — Турпан ойдуңунда өкүмдарлык кылган түрк тилдүү этностун бир гана аталышы бар экендигин, бул эл өзүн «*уйгур*» (ايغر) деп атаарын тастыкташы болуп саналат. Демек, «уйгур» — алардын эндоэтноними (өзүн-өзү аташы) болуп саналат.

Экинчи бир жагдай — турпандык уйгурларды Карахандар каганатынын калкы «уйгур» деп гана атабастан, сырттан берилген аталышты (экзоэтноним) саал кемсинткен маанайда колдонуп, «тат» деп да айтышканы, бул термин уйгурларга да тааныш болгондугу «Диванда» чагылдырылат[577].

Уйгурлар болсо өз кезегинде карахандык ж.б. мусулман түрктөрдү өздөрүнөн айырмалап (балким, кемсинтип), «чомак» / «чумак» деп аташкан[578].

«Тат» термини Күл-тегинге багышталган орхондук эскерме ташта (ал 731-ж. өлгөн) да Йоллуг-тегин тарабынан колдонулган. «Тат» сөзүн «небере», «жандими» (В.В.Радлов), «отурукташкан», «баш ийген» (Х.Вамбери), «бош коё берилген» (С.Е.Малов), «көчмөн дөөлөттөгү салык төлөөчү отурукташкан адам» (С.П.Толстов, А.Н. Бернштам) ж.б. варианттарда которуу аракеттери болгон[579].

Ал эми Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» эмгегинде «тат» сөзү «чоочун», «жат жерден келген» маанисинде колдонулган, — деп түрколог А.А.Валитова эсептейт. («Кутадгу билиг» асарынын веналык нускасында «тат» деп, каирдик жана намангандык нускасында болсо —«йат» деп берилиптир[580]; кыргызча «жат» сөзү илгерки доорлордон бери сакталып калган).

Түп нускада (491—7сап):

«Эзи терс болур көр билишмез киши
Калың йат ара кирсе йалңуз башы», — делген.

---

[577] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 133a.
[578] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 96a.
[579] Караңыз: Малов С.Е. Памятники... — С. 35; Орхон-Енисей тексттери. — Б. 54, 62, шилтеме 1; Валитова А.А. Этнонимы... — С. 9—14, прим. 33—36.
[580] Валитова А.А. Этнонимы... — С. 10, 14, прим. 37; Баласағуни Йусуп Хас Һажип. Кутадғу билик. — С. 140 (№ 491 бейт); Баласагунский Юсуф. Благодатное знание. — С. 65.

Бул сапты башка түрк элдеринин ичинен бүгүнкү кыргыз тилине эски сөздү сактоо менен которуу аракети жеңилирээк жүзөгө ашырылаары көңүл бурдурбай койбойт (биздин таржымабыз):

«*Өтө терс болоор, көр, (эч ким) билбес киши,*
Калың жат арасына кирсе жалгыз башы».
Анын азыркы уйгурча котормосу төмөнкүдөй:
«*Тола кыйнылур, көр, тонушсыз киши,*
Кирип калса йат ирче йалгуз бэши»[581].
Арийне, түп нускадагы текстке илимий мамиле кылбай, жайдактатып («шөкөттөп») которгон Төлөгөн Козубековдун варианты орусча котормодон гана азык алып чектелгендей:

«Жашоосу кыйын болот таанышы жок,
Жапжалгыз, досу жоктун — жолдошу жок»[582].

Эми бул котормочулуктун нюансынан кайра обочолоп, «тат» терминине кайрылалы. Академик В.В.Бартольд: «...түркмөндөр үчүн хорезмдик отурукташкан өзбектер «*тат*» болуп саналган, «Махмуд Кашгаринин доорунда да маданияттуу калк («отурукташкан калк» дегени, — Т.Ч.) түрк көчмөндөрүнөн айырмаланып ушундайча аталган эле»[583],— деп жазат.

1997-жылы 22-23-ноябрда Сан-Франциско шаарындагы америкалык чыгыш таануучулардын Ортоңку Чыгышты Изилдөө Жамаатынын (MESA) 31-жылдык жыйынына катышкан кезимде америкалык чыгыш таануучу, Миссуридеги Сент-Луис шаарында жайгашкан Вашингтон университетинин Этнография (Антропология) кафедрасынын профессору, доктор Л.Бек (Lois Beck) айым Ирандагы кашкай этносун көп жылдардан бери иликтеп келе жаткандыгын, бул түрк тилдүү чакан көчмөн эл азыркыга чейин ирандыктарды «тат» деп атап келээрин бизге маалымдады.

Айтмакчы, Махмуд Кашгари Барскани өзүнүн «Диванында»:

---

[581] Баласағуни Йусуп Хас Һажип. Кутадғу билик. — 1984. — С. 141.
[582] Баласагын Жусуп. Куттуу билим. — Б. 81. – Ал эми кыргыз илимпозу Назгүл Турдубаева башка да мисалдар аркылуу котормочу Төлөгөн Козубековдун «Кутадгу билигди» кыргыз тилине которгон учурунда оригиналдагы мазмундан кыйла четтеген, маанисин кээде бурмалаган ыкмаларга барганын көрсөтөт жана кээ бир учурда казакча котормочуну (А.Эгеубаевди) ээрчип кеткен деп сынга алат: Турдубаева Н.Ш. Жусуп Баласагын жана... – 2016. – Б. 119-146.
[583] Бартольд В.В. Двенадцать лекций... — С. 187.

«**Татсыз түрк болмас, башсыз бөрк болмас**» — «Татсыз түрк болбос, башсыз бөрк болбос»[584], — деген накыл кепти кыстара кеткен.

«Тат» сөзүнүн кош маанисин Махмуд Кашгари өзгөчө белгилеген.

Биринчи мааниси — ирандык (фарсы) адам («тавгачты», б.а. «түрктү» туюндурган маниге карама-каршы колдонулат). Жогорудагы макал «фарсы адамсыз түрк болбойт, башсыз бөрк болбойт», — деп которулат.

Фарсы адамы менен байланыштуу мисал кылынган дагы бир макалда:

«Кылыч татыкса иш йунчыр, эр татыкса эт тунчыр» — деп айтылган.

Аны араб окурманына Махмуд Кашгари Барскани сөзмө сөз которууга аракеттенет:

«**'Кылыч өз жайына калса** (б.а. дат басса. — Т.Ч.) **жоокер азаматтын иши начардашаар, ал эми түрк (адамы) фарсынын кулк-мүнөзүн алса, анын эти борпоңдошоор'. Бул сөз жоокердикке жаралган эр киши тууралуу жана ар кандай нерсенин өз турмуш бейнесинде жашоосу керектиги тууралуу айтылат**».

(Бул жерде араб текстинде “йатаварражу” (يتورج) деген жаңылыш баяндооч сөз жазылган жана аны Бесим Аталай “йаталахважу” (يتلهوج) түрүндө оңдоп окуйт)[585] .

«Тат» терминин экинчи мааниси «уйгур» экендигин Махмуд Кашгари баса көрсөткөн. Ал түгүл бул маанини кайсы түрк этностору колдоноору да тастыкталат:

«**Тат — бул каапыр уйгурлар. [Аларды ушинтип] йагма жана тухсилер аташат. Мен алардан муну аймактарында жүрүп өздөрүнөн эшиткенмин**»[586], — дейт Махмуд Кашгари Барскани.

Бул өтө маанилүү тактоо, теңир-тоолук йагмалар менен тухсилердин чыгыштагы уйгурларга карата мамилеси, жалпы эле түрктөрдүн чоочун фарсыларга карата мамилесине окшош экендигин

---

[584] ал-Кашгари Махмуд. Китабу дивани лугати т-түрк.— Жилт 1. — С. 378; Жилт 2. — С. 170, 224; Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 88b; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. - 2005. – С. 676 (№ 4240), прим. 1. („Нет тюрка без тата”).

[585] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 204a; Atalay B. Divanü lugat-it-Türk tercümesi. — Cilt 2. — S. 281, not 3 ve S. 282.

[586] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 203b.

көрсөтөт (арийне, фарсылар этнос катары чоочун болсо, уйгурлар — «каапыр», башка диндеги — «кайырдин» катары жат болушкан).

Махмуд Кашгари Барсканинин бул маалыматы төмөндө мисал кылынуучу ыр парчасынын кайсы караханийлик элдердин арасында айтылып келгендигин тактоо үчүн бизге пайдалуу:

«*Келди менга тат,*
Айдым эмди: «йэт!» (йат?)
Кушка болуп эт
Сени тилэр ас-бөри».

Кыргызчасы:
«Келди мага тат,
Айттым эми: «жет!» (вариант: “жат!”)
Кушка болуп эт,
Сени тилээр ит-куштар (куш-бөрү)».

Бул ыр парчасын Махмуд Кашгари төмөнкүдөй кыскача комментарийи менен таржымалайт:

«**Мында айтылган: Мага каапыр уйгур келди, анан мен аны өлтүрдүм жана таз жору менен жырткыч айбандарга жем кылдым**» (*йакуулу жаа'ании каафир уйгурийй фа-каталтуху фа-жа'алтуху жазран ли н-нусуур ва т-тибаа*')[587].

Мында байкалгандай, «Айттым эми: «жет!» («жат душман!» — вариант)» деген сапты араб окурманына которуп бербегени менен «тат» сөзүн дароо «уйгур» катары түшүндүрүп, Махмуд Кашгари Барскани бул ырдын Карахандар каганатынын «ыйык согуш» жүргүзгөн түрк аскериндеги чигил, йагма, тухсилердин арасында айтылгандыгын айгинелешибиз үчүн мүмкүнчүлүк ыроолойт.

Роберт Данкофф бул үзүндүдөгү «тат» сөзү жалаң гана уйгурга эмес, Караханийлер мамлекетинин чыгышындагы башка каапыр түрктөргө да «душман» маанисинде синонимдик аталыш болорун белгилеген.

Бул ырды Р.Данкофф Карахандар мамлекетинин йабакуларга каршы жүргүзгөн согушун баяндаган ырлардын циклине кошуп жазат («Үч түркий ыр цикли...» макаласында). «Ас-бөрү» сөз айкашындагы «ас» сөзүн Роберт Данкофф менен поляк чыгышпозу Эдуард Трыярски «үс» деп оңдошууда[588].

Айтмакчы, Караханийлердин уйгурларга каршы ыйык согушу тууралуу «Дивандагы» ырлардын биринде «Уйгурдагы татла[р]ка»

---

[587] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 15b.
[588] Dankoff R. Three Turkic... — P. 157, nt. 11; Tryjarski E. Kultura... — S. 292.

(«Уйгур өлкөсүнүн таттарына» же «Уйгурлардын ичиндеги таттарга») деген сөз айкашы[589] да учурайт:

«*Бечкем уруп атлақа,*
Уйғурдакы татлақа,
Уғры йавуз итлақа,
Қушлар кебы учтымыз».

Кыргызча котормосун сунуш кылалы:
«Тамга (белги) уруп аттарга,
Уйгур (өлкөсүндөгү) таттарга,
Ууру, жаман иттерге,
Куш кейиптүү учуп (качыра жөнөдүк)».

Ушул эле төрт сапты азыркы уйгур тилине төмөнкүдөй которушат:
«*Атларға бәлгэ такап,*
Уйғур (эли)дики татларга,
Уғри, йавуз итларга (қарап),
Худды қушлардек учтуқ»[590]

Каапыр уйгурларга каршы Карахандар каганатынын согуштары жөнүндө «Дивандагы» ырлар негизинен XI кылымдын биринчи жарымына (маселен, 1032-ж. өлгөн Кадыр-хан Жусуптун[591] Хотанга ж.б. Чыгыш Памирдин жана Таримдин түштүк-чыгышындагы аймактарга жасаган жортуулдары дооруна) таандык экендигин Р.Данкофф адилет белгилөөдө[592].

Карахандар менен Турпандагы Уйгур өлкөсүнүн саясий тирешүүсү, алардын мамлекеттик идеологияларынын карама-каршылыгы менен да курчуган. XI к. жазган Гардизинин:

«**Тогузгуз хаканы динаверий динине таандык. Бирок анын шаарында жана ээликтеринде христиандар, кош кудайчылар жана бутпарастар да бар**»[593] — деген сыпаттоосу X кылымдагы

---

589 Салыштырыңыз: Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 122a; Dankoff R. Three Turkic... — P. 159—160, nt. 20; Караев О.К. История Караханидского государства... — С. 110.

590 Қәшқәрий Мәхмут. Түркий тиллар... — Т. 1. — Б. 630. – Бул котормого карата пикир: Султаналиев И.Ш. Махмуд Кашгаринин “Дивану лугати-т түркүнүн” тили. – 2015. – Б. 27-28.

591 Жусуп Кадыр хан жөнүндө караңыз: Бартольд В.В. Очерки истории Семиречья. — С. 43, прим. 14; Караев О.К. История Караханидского... - С. 126, 130—1 39; Genç R. Karahanlı... — S. 49.

592 Dankoff R. Three Turkic... — P. 161.

593 Гардизи. Зайну л-ахбар. — С. 267; Бартольд В.В. Извлечения из сочинения... — С. 52.

Жайханинин маалыматына такалышы мүмкүн, арийне, XI кылым үчүн да өз күчүн жоготкон эмес. Мында Гардизинин «тогузгуз» сөзү негизинен уйгурларды жана алардын өлкөсүндөгү башка «каапыр» түрктөрдү туюндурат.

Махмуд Кашгари Барскани уйгурларды отурукташкан («калаалык») калк катары да чагылдырат. Уйгурлар нукура түркчө да сүйлөөрү, мындан тышкары өз ара баарлашууда айырмалуу тили (диалект) бар экендиги, ошондой эле уйгур бакшылары иш кагаздарын жүргүзүүдө түрк жазмасынан айырмаланган башка бир жазманы да колдоноору тууралуу Махмуд Кашгари Барсканинин баяны өзгөчө кызыктуу:

«Уйгурларга болсо нукура түрк тили таандык жана ошондой эле өз ара сүйлөшкөндөрүндө колдонулуучу башка бир тили да бар. Алар жазма иретинде мен ушул китептин баш сөзүндө эскерип өткөн 24 тамгадан турган «түрк жазмасын» колдонушат. Каттары ошону менен жазылат. Ошондой эле аларга жана Чын (ас-Син) калкына таандык экинчи бир жазмасы да болуп, аны менен мекеме дептерлерин жана иш кагаздарын алып барышат. Буларды каапыр (бакшыларынан) башка эч кимиси окуй албайт. Булардын баары тең мен «калаалыктар» ('ахлу л-амсаар') деп атаган калктар»[594].

Чынында уйгурлар тибеттик, кытайлык жазма системаларын Турпан, Хэси жана Дуньхуанда өздөштүрүшкөн. Кытайлык саякатчы Ван Янденин (X к.) саякатнаамесин түркчөгө которгон проф. Өзкан Изги 744-жылдан тартып айрым уйгурлар бутпарас дининин «махаяна» тарыкатына сыйынганын, ал эми 762-жылдан соң — айрым бир бөлүгү манихеизмге берилип, аны мамлекеттик дин деңгээлине көтөргөнүн[595] сыпаттайт.

Ван Янде 982-ж. жазында Турпандын түндүк-батышында уйгурлардын Као-тай деген жердеги бутпарастык кечилканасында дем алганын, жергиликтүү бийлик эгеси аны жылкы жана кой сойдуруп коноктоткондугун эскергени[596] Гардизинин маалыматын дагы бир жолу ырастайт.

Махмуд Кашгари Барскани башка диндерге сыйынган чыгыш түрктөрүнүн диний терминологиясынан да айрым мисалдарды келтирген.

---

[594] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 12b—13a.
[595] İzgi Ö. Çin Elçisi... — S. 18 — 23.
[596] İzgi Ö. Çin Elçisi... — S. 65.

«**БАЧАК — христиандардын орозосу**»[597];

«**КАМ — шаман** (арабча «*кахин*». — Т.Ч.)»[598];

«**ТОЙЫН — каапырлар жамаатынын бакшысы. Алар үчүн бул — биздеги аалымдар жана муптийлер сыяктуу. Ал ар качандан бир качан буттун (идолдун) жанынан чыкпайт да, каапырлардын каттарын (китептерин) окуп, өкүмдөрүн жарыялап турат**... »[599].

«**ТЕҢИРГЕН — дүйнө жыргалынан кечкен такыба аалым. Каапырлардын тилинде**»[600]; ж.б. көптөгөн мисалдар түрк дүйнөсүнүн, анын ичинде уйгурлардын, кыргыздардын ж.б. элдердин бир нече динге чачырагандыгына гана күбө болуп чектелбестен, алардын диниятчылык терминологиясы мурдатан калыптанып келгендигин ырастайт.

«Дивандагы» уйгурларга байланыштуу дагы бир ыр парчасы төмөнкүдөй:

«*Орзуланыб йуксек тағыг*
оғлак чатар,
Уйғур татын (تتن) йуфға алыб
йомғын сатаар».

Анын кыргызчасы (ушул саптардын ээсиники):

«Ордо таап аскар тоодон (Р.Данкофф менен Ж.Келли туура оңдогондой, «Ордолонуп» — б.а. бийик тоолордо конуштап, байырлап),

улакты (желеге) коштоор,

Уйгур-татын бирден (олжолоп) тутуп,

Дүңдөп сатаар».

Араб окурманына Махмуд Кашгари Барскани бул саптарды төмөнкүдөй кылып түшүндүргөн:

«**Мында аскар тоодон жай алган адам сыпатталат жана анын бийик тоодон конуш тапкандыгы айтылат. Козуну улакка жана башка (малын) кошоктоо анын көнүмүш иши эле, башкача айтканда (ырда) анын малчы экендиги туюнтулган. Ошону менен катар эле ал (көчмөн малчы) уйгурларга каршы айыгышып турат**

[597] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S/ 104a.
[598] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 72b, 257a.
[599] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 260a.
[600] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 307a.

жана алардын бир канчасын тутуп алат да, [дүңү менен] сатып жиберет»[601].

(Өзбекче котормодо С.Муталлибов бир аз так эместик кетирип, уйгурлардын өздөрүн олжолобой эле, «*улардан бир норсалар олиб сотады*» — «алардын бир нерселерди алып сатат»[602]) — деп буюмдарды олжолотуп койгон.

Ал эми И.Абдувалиев жана башкалардын тобу даярдаган кыргызча котормо вариантында бул төрт сап мындайча таржымаланган:

"*Мекен кылып бийик тоону, улак байлар,*
Уйгур таттан арзан алып, кымбат сатар.

Тоо арасын мекендеген бирөө тууралуу мындай айтылат: ал тоо башына жайланып алып, козу-улакты катар байлайт, чоң-кичинесин аралаштырып багат. Алар, уйгурлар, таттардан алганын багып кымбат сатат"[603].

Үрүмчүлүк котормочулар болсо бул кош сапты мындайча таржымалашат:

"*Йүксек тағни мекан қылып оғлақ чатиду,*
Уйғур таттин әрзән алып, жуғлап (қиммәт) сатиду".

Бул котормочулар тобу Махмуд Кашгари Барскани арап тилдүү окурмандарына сунуштаган түшүндүрмөлүү котормонун акыркы сүйлөмүн уйгур тилине мындайча которушкан:

"*...шуниң билән биллә, у уйғурлардин булап алғанлирини жуғлап сатиду*"[604].

(Мында да "**йомғын**" сөзү уйгурча котормодо маанисин жоготуп, "кымбат", "ашыра бааланган" деген жаңы маниге көчүп кеткен. Ал эми XI кылымдагы "хаканиййа" түрктөрүнүн "жомғы" сөзү "өзгөчө көп санда жыйылган", "котолоп чогулган"[605] жана "дүң" сөзүнө дал келет).

---

[601] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 207a.
[602] Караңыз: Кошғарий Махмуд. Девони луғотит турк. —2-т. — 340-341-6. Буга чейинки котормобузда биз да саал так эместик кетирип, «татын» (تتن) сөзүн «танын» деп окууга жол берип келдик. «Та» тамгасынын кош чекитинин бири начар жазылып, «нун» катары окууга жол берген эле.
[603] Кашкари Махмут. Дивану лугати-т түрк... / Которгондор: И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев. - 2016. – Т. 2. – Б. 237.
[604] Қәшқәрий Мәхмут. Түркий тиллар дивани... — Үрүмчи, 1983. — Том 2. – Б. 430.
[605] Караңыз: Kâşgarlı Mahmûd. Dîvânü Lugâti't-Türk / Çeviri... Seçkin Erdi, Serap Tuğba Yurtsever. – 2005. – S. 700.

Ал эми Махмуд Кашгари Барсканинин өз “Диванындагы” бул анти-уйгурдук төрт сап ырды (дастандан үзүндүнү) арап окурманына түшүндүрүп берген жерин З-А.Ауэзова орус тилине алда канча так которгон:

“*Описывая человека, взобравшегося на вершину горы, говорят: „Поселившись на самой вершине, он не перестал привязывать козленка (и ягненка или др. То есть он остался пастухом. При этом он нападает) на Уйгур, пленяет их [по одному] и продает разом*”[606].

Бул орусча котормону кыргызчалап берелик:

“Тоо чокусуна чыгып алган кишини сыпаттап жатып, мындай деп айтышат: “Эң бийик чокуга конуш таап алып, ал улакты желеге байлоо өнөкөтүн таштап салган жок (козуну же башкасын да желеге байлоосун таштабады. Башкача айтканда, ал малчы бойдон кала берди. Анын үстүнө ал) Уйгурга кол салып кирет да, аларды [бир-бирден] туткунга алып, бир эле жолу сатып жиберет”.

Бул орусча котормодо да биз сунуштаган “дүңүнөн сатуу түшүнүгү бар. Мында “тат” сөзү түшүп калган. Балким, орусчага “уйгуры-таты” (“уйгур-таттар”) же “таты из [страны] Уйгур” (“Уйгур [өлкөсүндөгү] таттар» деп которуу, балким, орундуураак болмоктур.

Эмнеси болсо да, мында дини бутпарас жана манихей диндерин туткан уйгурлардын өлкөсүнүн калайыгына каршы теңир-тоолук көчмөн мусулман түрктөр жортуулга чыгып, аларды айрым-айрым олжолоп, барымтага алып, андан соң чогуусу менен кул базарга алып чыккан учурлар болгондугу айкын чагылдырылган. Мындай тарыхый контекстти байкоос албай калган учурда уйгурлардан товарды арзан сатып алып, кымбат баалап саткан сыяктуу гуманисттик-соодегерлик котормо вариантына ык берүү күтүлөт.

Махмуд Кашгари Барскани Карахандар каганатынын антиуйгурдук маанайын гана чагылдырбастан, Турпан идикуттугуна байланыштуу тарыхый-географиялык маалыматтарды да калтырган.

«**Уйгур — беш шаардан турган өлкөнүн аты**»[607], — дейт Махмуд Кашгари Барскани.

Мында ал Турпан идикуттугун гана көңүлдө тутуп жатканы анын беш шаарды санап беришинен айгинеленет:

---

[606] ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. — 2005. – С. 689 (№ 4307).

[607] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 34b.

«**Бул өлкө (вилайет) беш шаардан турат. Анын калкы — каапырлардын эң күчтүүсү жана мергени. Анын шаарлары: Сулми, аны Зу-л-Карнайн** (Александр Македондук. — Т.Ч.) **өзү курган, андан соң Кочо, андан соң — Жан-Балык, андан соң — Беш-Балык, андан соң Йаңы-Балык**»[608].

Махмуд Кашгари Барсканинин бул кабарында айтылган айрым шаарлар башка булактарда да эскерилет. Маселен, фарсыча «Худуд ал-‘аалам» (982-ж.) эмгегинде согдуча Чинанжкес деп аталган шаар (кытайча — Гао-чан) азыркы Турпан шаарынан 45 километр чыгышыраакта шаар чалдыбары катары сакталган.

Энциклопедист аалым Абу Райхан Беруни аны:

«**Чинанчикас, бул — Кочо шаары, Уйгур-хандын резиденциясы (ордосу). 111 °20' узундукта, 42°00' кеңдикте жайгашкан**»[609], — деп локалдаштырат.

Демек, орто кылымдардагы Кочо шаары азыркы Турпан шаарынан 45 чакырымдай чыгышыраакта жайгашкан. Анын аталышы согду тилинде «Чинанжкес», ханзуча (кытайча) — «Гаочан»[610] деп берилген.

Махмуд Кашгари Барскани дагы бир жерде бул шаар тууралуу:

«**Кочо — шаардын аты. Уйгурлардын өлкөсүндө. Кээде ушул аталыш менен ал жакта бүткүл өлкөнү атап коюшат**»[611], — деп жазат.

“Дивандын” башка бир жеринде:

«**Кочо (قوجو) — уйгур өлкөсүнүн (بلاد) аталышы**»[612], — деп гана эскерилет. Мындагы «*билаад*» сөзүн «өлкө» катары да, «балад»,

---

[608] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 35a.

[609] Беруни. Канон Мас'уда. — 4.1. — С. 472. Ушул эле жерде Сулми шаарынын координаттары төмөнкүдөй берилген: узундугу — 113°, кеңдиги — 43°. Рамазан Шешен, китебиндеги көрсөткүчүнө караганда, Кочо менен Куча шаарларын бир эле шаар катары түшүнөт: Şeşen R. İslam... — S. 196, 285. Арийне, булар — эки башка шаарлар. Айрым убактарда Куча (анын Кучар деген да аталышы бар) мусулмандар менен уйгурлардын талаш жери болуп, колдон колго өтүп турган чек ара аймагында жайгашкан.

[610] Minorsky V. Hudüd... — P. 271, nt. 1.

[611] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 271a. Ал эми Бесим Аталай болсо «Ал жакта болгон бардык шаарларга ушул ат берилет» деп которгон: Atalay B. Divanü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 219.

[612] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 275b.; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 920. (№5815: Қӯжӯ – название страны ’Уйгур”).

«балда» («шаар») сөздөрүнүн көптүк түрү (б.а. «шаарлар») деген мааниде да түшүнүүгө болот. Бирок, дал ушул сүйлөмдө بلاد (“билаад”) сөзүн «өлкө» катары түшүнүү орундуу.

«Худууду л-'ааламда» болсо Чинанчикес шаары баш калаа, бирок орточо эле чоңдуктагы шаар катары бааланган.

«...**Мында жайкысын чыдаткыс аптап турат, кышкысы — абдан жакшы... Тогузгуздардын бийлик эгеси жайкысын адатта Панжикес кыштагында жашайт**»[613 35] , — деп айтылат бул автору беймаалым фарсыча эмгекте.

Арийне, согдуча Панжикес, түркчө «Беш-Балык» аталган бул шаарды Махмуд Кашгари Барскани башкача баалайт:

«**Беш-Балык — бул уйгурлардын эң чоң шаары. Анын (аталышы арабча) «беш шаар» дегенди туюндурат**»[614] .

Бул Беш-Балык (кытайча Бейтин) шаарында 982-жылы төртүнчү айда (кытай календарынан оодарганда 25-апрелден, 25-майга чейин) уйгур бийлик эгеси жаздап (жазды өткөрүп) отурганына Ван Янде да күбө болгон[615].

Өз доорундагы мусулман авторлорунун ичинен Махмуд Кашгари Барскани Борбордук жана Ички Азиядагы түрк элдеринин жер-суу аттарын арбын берүүсү менен гана эмес, түрк өлкөлөрүнүн, анын ичинде Уйгур Турпан идикуттугунун XI кылымдагы чек арасын тагыраак көрсөтүүгө жардам бергени боюнча да айырмаланат.

Уйгурлар түштүк жагынан тибеттиктер менен чектешкен. Махмуд Кашгари Барскани да Тибетти сыпаттоодо анын түндүк коңшусу катары уйгурларды[616] көрсөтөт.

«Дивандын» башка бир жеринде:

«**Тарим — бул Куча шаарынын жанында уйгурлар менен чектеш жердин аталышы**»[617], — деп көрсөтүлөт.

Ушундай эле наамдагы дарыя да болгон.

Махмуд Кашгари Кусан шаарынын башкача — «Куча» деген да аты болгондугун эскерет жана бул шаар уйгурлар менен чектеш аймакта (ثغر) жайгашканын айтат[618]. Бул — идикуттуктун батыш тараптагы чек

---

[613] МИКК. — Вып. 1. — С. 40—41.
[614] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 95b—96a.
[615] İzgi Ö. Çin Elçisi... — S. 63—64, nt. 178—179.
[616] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 90a.
[617] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 100a – 100b.
[618] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S, 102b. – Салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. - С. 381 (№ 2281: Кусан — название города, который [еще] называют Кужа. Он находится на границе с Уйгур).

аралары кайсы жерге чейин созулганын айгинелейт (албетте, Тарим ойдуңундагы эбегейсиз зор чөл-талаалуу, б.а. эч ким байырлабаган жерлер бар экендиги да эске алынууга тийиш).

Турпан ойдуңунун чыгышындагы Безеклик жергесиндеги тарыхый-архитектуралык эстелик КЭРдин бийлиги тарабынан өзгөчө мурас катары сакталууда. Т.Чоротегиндин сүрөтү. 04.8.2009.

Уйгур идикуттугунун түндүк аймактары көчмөн түрктөрдүн (йабаку, басмыл, оғрақ, кыргыз ж.б.) журттары менен чектелген.

Маселен, *Алтун-Кан* тоосунун аймагында Уйгур өлкөсүнүн коңшусу болгон көп сандаган көчмөндөр жашаары тууралуу «Дивандын» маалыматы[619] изилдөөчүлөрдү кайдыгер калтырбайт. (Бул *Алтун-Кан* топониминин этимонун Махмуд Кашгари Барскани Искендер Зу-л-Карнайндын доорунда ага каршы согушкан түрктөр анын аскерлеринин бирин өлтүргөндүгү, бул баскынчы жоокердин алтын тыйындары канга боёлуп, аны «**алтун — қан**» дешкени, бул сөздөн улам Алтун-Кан ороними келип чыккандыгы тууралуу уламыш менен байланыштырат).

Алтун-Кан тоосу — бул Чыгыш Теңир-Тоо жана Жуңгария аймагы экенинде эч шек жок.

[619] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. – S. 29b.

Баса, дүйнөнүн тегерек картасында да Махмуд Кашгари Барскани Уйгур идикуттугуна таандык Беш-Балык шаарын атайын белгилеп, андан түндүгүрөөк жерине «**Түрктөрдүн көп сандаган калайыгы**» — «*анаас кас̲иир мин ат-турк*» деп өзгөчө жазып койгону ар кыл жоромолду пайда кылууда:

اناس كثير من الترك

И.И.Умняков түрктөрдүн бул жайынын жанындагы тоо кыркасын «Аты жок тоо (Алтай?), анын жанында көп сандаган түрктөр жашайт»[620], — деп комментарийлеген (1940-ж.).

Арийне, картага жана жогорудагы маалыматка карап, бул тоону — Алтун-Кан тоосун – азыркы Орусиядагы Тоолуу Алтай катары эмес, Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк тоо кыркаларынын аймагы катары түшүндүрүүгө толук негиз бар.

“Дивандагы” дүйнө картасынын уйгур жана башка чыгыш түрк шаарлары жана жерлери, анын ичинде «Түрктөрдүн көп сандаган калайыгы» (اناس كثير من الترك) камтылган бөлүгү.

[620] Умняков И.И. Самая старая... — С. 131.

Махмуд Кашгари Барскани чийген картадагы бул аты жок тоо Жуңгария ойдуңуна чектешип суналып жаткансыйт. Балким, бул тоо кыркасынын боюндагы калайык *Гурбантүңгүт* (б.а. *Дзосотын Элисун*) чөлүнүн түндүк жана түндүк-батыш жагында, Тарбагатай тоолорунун аймагын да камтып байырлаган көчмөн түрк этностору болуусу мүмкүн.

Бул ойдуң уйгурларга да, Караханийлер каганатына да баш ийбеген бир катар көчмөн түрк элдеринин саясий ынтымагынын чордонунан болгон. Алардын ичинен кубаттуу этносу — **йабақу**[621] болгон. (Йабақу эли IX—X к. башында Улуу Кыргыз дөөлөтүнө баш ийген элдерден болушу мүмкүн. Ал эми соңку кыргыз уруу аттарынын[622] ичинен *жабагы* геноними учурайт).

Махмуд Кашгари Барскани Уйгур Турпан идикуттугунан жеңип алынган айрым аймактар жөнүндө да баалуу кабарларды калтырган.

Маселен, бир жеринде كمي تلاس - «Кеми-Талас» (Бесим Аталайдын түзөтүүсүндө كجي تلاس — «Кичи-Талас») — мусулман дүйнөсүнүн чек арасында»[623], — деп жазса, башка бир жеринде аны андан ары тактап: «Кеми-Талас — уйгурлар жактагы чек ара аймагынын аталышы»[624] — деп берген. Кеми-Таласты (Кичи-Таласты) анын дүйнөлүк картасына карап туруп Чыгыш Теңир-Тоонун тескейи тарапка жайгаштыра алабыз[625].

«Диванда» уйгурларга каршы мусулмандык айрым жортуулдар сыпатталганда мусулмандардын Или (Иле) суусунан кайык менен сүзүп өтүп, андан соң Уйгур өлкөсүн көздөй жүрүш жасап, Мыңлак деген жерди басып алгандыгы тууралуу ыр бар.

«*Кеми ичра олдуруп,*
Ила сувин кечтимиз,
Уйгур тапа башланып,
Мыңлак элин ачтымыз».

Андан ары Махмуд ал-Кашгари бул төрт сапты араб окурманына төмөнкүдөй которуп берет:

---

[621] Салыштырыңыз: Караев О.К. История Караханидского... — С. 106—110.
[622] Жалпы кыргыз уруу аттары жөнүндө караңыз: Каратаев О.К. Кыргыз этнонимиясы...; Каратаев, О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы... - 2013; Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий... – 2013.
[623] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 92b; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 282. (Англисче котормодо бул топоним Куми-Талас катары жазылып, суроо белгиси коюлган).
[624] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 274b.
[625] Салыштырыңыз: Minorsky V. Hudud... — P. 274—275.

«**Иле суусун, — бул болсо чоң дарыя, — кечип чыкканга чейин кемеде сүздүк. Андан соң Уйгур тарапка багыт алып, Мыңлакты басып алганга чейин жүрүп отурдук, — деп (ырда) айтылган**»[626].

Бул төрт сапты кыргызчага төмөнкүчө таржымалайбыз:

«Кеме ичине олтуруп,
Иле суусун кечтик биз,
Уйгур жакка багыт алып,
Мыңлак элин алдык биз».

Башка бир ыр парчасында газаватчылар (ыйык казатчылар) түнү менен Мыңлакка кол салып, эркектерин өлтүргөнү жөнүндө айтылат, аны Махмуд Кашгари Барскани «алардын уйгурларга каршы жортуулу баяндалган» деген комментарийи менен коштогон:

«*Тунле биле бастымыз,*
Тегме йаңак бустымыз,
Кесмелерин кестимиз,
Мыңлак эрин бычтымыз».

«**Мында алардын (**бул дастанды айткан карахандык мусулман түрктөрдүн аскеринин. — Т.Ч.**) уйгурларга каршы “ыйык согушу” сыпатталган жана «Биз аларга түнү менен кол салдык, ар тарабынан камалап кирдик, акыры аттарынын көкүлдөрүн кескенге жетиштик жана Мыңлактын эр кишилерин өлтүрдүк», — деп айтылган**»[627].

Бул Мыңлак жери деле Кеми-Таластан узак эмес аймакта Чыгыш Теңир-Тоодо жайгашса керек. Мыңлакка жетүү үчүн Иле суусун өтүүгө туура келгендиги тууралуу жогорудагы саптар да бул пикирди бышыктай алат.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» лексикалык жыйындысында мусулман дониндеги карахандык түрктөрдүн башка диндеги чыгыш коңшуларына карата диний чыдамсыздыгы да чагылдырылган.

Маселен, грамматикалык көрүнүштөр сыпатталган өрнөктөрдүн биринен төмөнкүнү учуратабыз: «**Чумак тат бойнын чабды**» — деп айтылат, б.а. мусулман каапырды моюнга урду, — дегени. Уйгур тилинде»[628].

---

[626] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 275a.
[627] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 109b; Dankoff R. Three Turkic... — P. 160.
[628] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 133a.

(Бул жерде саал так эместик байкалат. Бул өрнөктү эч качан уйгурлар өздөрү үчүн моюнга келтек жеген киши катары мисал кылып келтирбейт болчу. Пикирибизде, бул сүйлөмдү Махмуд Кашгари Барскани тухсы менен чигилдердин арасынан укса керек, бирок алар «чумак» сөзү менен уйгурлар карахандык мусулман түрктөрүн кемсинтип аташаарын кошумчалап айтышса керек.

“Дивандын” башка бир жеринде Махмуд Кашгари Барскани төмөнкүдөй маалымат берет:

«**Чумак — мусулман; уйгурлардын жана [башка] каапыр калайыктын [тилинде]**»[629].

Уйгурлар Карахандар кагандыгынын чыгышында коңшулаш жайгашкан дини башка эң таасирдүү эл болгондугу бул чыгармада айрыкча сезилет.

Турпандан табылып, Берлинде сакталган чыгыш түрк (“уйгур”) жазмасындагы эстеликтерден бир өрнөк (No. U-5335-seite16)[630].

[629] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 96a.
[630] Толугураак караңыз: Shogaito Masahiro, Yakup Abdurishid, Fujishiro Setsu. The Berlin Chinese text U 5335 written in Uighur script… - 2015. (Шилтеме: http://turfan.bbaw.de/dta/u/images/u5335seite16.jpg)

Айтмакчы, Махмуд Кашгари Барскани **өзүн эч бир жерде уйгур деп атаган эмес**, уйгурлар анын түшүнүгүндө мусулман дүйнөсүнүн чыгышындагы отурукташкан, бир нече шаары бар түрк тилдүү калк болгон. Ошондуктан Махмуд Кашгари Барсканинин маалыматтарын объективдүү колдонуу «Карахандар каганатын уйгурлар негиздеген» деген айрым азыркы уйгур аалымдары колдонуп жүргөн[631] илимий жоромолду төгүнгө чыгарат.

Жогоруда келтирилген жетишердик мисалдардын негизинде Махмуд Кашгари «*уйгур*» сөзүн этностук аталыш катары колдонгонун (аны диний гана мүнөздө кылып эч чектебегендигин) жана ошондой эле уйгурлардын тарыхый этностук чордону катары Карахандар мамлекетинен чыгышта жайгашкан эгемен өлкөнү — Турпан ойдуңундагы Уйгур идикуттугун көрсөткөнүн тастыктай алабыз.

Албетте, XX кылымдын башында «уйгур» этноними кайрадан этносаясий аталыш катары бүгүнкү КЭРдин Шинжаң Уйгур автоном районун жердеген негизги түркий калк үчүн жалпыланып колдонула баштады. Бирок азыркы уйгурлардын этностук тарыхы жалаң гана орто кылымдардагы уйгурлардын тарыхы менен эмес, аларга жуурулушкан башка да түрк компоненттери — айрым карлуктар, кыргыздар, кыпчактар, сары уйгурлар, басмылдар, ошондой эле тохар ж.б. түрктөшкөн индоевропалык этностор, түрктөшкөн тибеттиктер, кытайлыктар, дунгандар жана моңголдор сыяктуу компоненттер менен да аныкталат)[632].

Уйгурлардын жана аларга коңшу болгон чыгыш түрктөрүнүн этнографиясы, этностук тарыхы, саясий географиясы, шаарлары, үрп-адаттары, адеп-ахлагы, чарбасы, эл аралык соодага мамилеси, дин жана тил өзгөчөлүгү ж.б. орчун маселелери боюнча Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынын» маалыматтары келечекте да башка чыгыш булактарын салыштыруу жолу менен ар тараптуу изилденүүгө тийиш.

---

[631] «Кутадгу билиг» чыгармасын азыркы уйгур тилине которгон топтун киришүү макаласын караңыз: Баласағуни Йусуп Хас Һажип. Кутадғу билик. — Б. 1 — 3.
[632] Уйгур этногенези тууралуу айрым пикирлерди караңыз: Баратова Г.С., Исхаков Г.М., Масанов Н.Э. Проблемы... — С. 3—24.

Орто кылымдардагы Кочо шаарынын калдыгы. Турпан ойдуңу. ШУАР, КЭР. Т.Чоротегин тарткан сүрөт. 04.8.2009.

III.3. Катун-Сыны

Чыгыш түрктөрүнүн тарыхый географиясы менен байланыштуу болгон Катун Сыны (Хатун Сыны) топоними XI — XII кылымдардагы мусулман тарыхнаамасы жана этнографиясы үчүн өзгөчө бедели бар авторлор — Абу Райхан Беруни, Махмуд Кашгари Барскани, Тахир Марвазинин эмгектеринде эскерилет.

Алгачкы жолу бул топоним Абу Райхан Берунинин «Мас'уддун канону» — «*ал-Каанууну л-мас'уудий*» аттуу чыгармасында чыгыш түрктөрүнүн шаары катары[633] эскерилет. Абу Райхан Беруни аны үчүнчү географиялык тилкеге — «кылымга» (араб, ыклым, грек, климат) 129°40' узундукта жана 31°50' кеңдикте жайгаштырып, топонимдин атын арабчага «Ак сөөк айымдын мүрзөсү»[634] деп сөзмө-сөз которуп берет.

[633] Бартольд В.В. Двенадцать лекций... — С. 87, прим. 79.
[634] Беруни. Канон Мас'уда. — Ч. 1. — С. 459. Кидандар (кытаңдар) бул эмгекте Катун-Сыныдан өтө алыс — Ыраакы Чыгышта көрсөтүлгөн экен.

Салыштырганга кызыктуу бир нерсе — Мубарак-шах Мерверруди өзүнүн фарсыча «Тарых» аттуу эмгегинде[635] үчүнчү географиялык кылымдын аймагында Түркстан жеринен кийин «Мақбара-йи Хатун» — «Катундун мүрзөсү» деген топонимди жайгаштырган (азыркы кыргыз тилинде «катын» сөзү аялзатына карата айтылган ороюраак термин болуп саналат, бирок көөнө доордогу «катун» сөзү «каныша» маанисинде колдонулган. Биз бул китебибизде пайдаланган «катун» архаикалык сөзү дал ушу соңку маанини – кагандын канышасы маанисин гана берет).

Абу Райхан Берунинин бул эмгегинин жаралышынан 40 жыл кийинчерээк өзүнүн «Диванын» жазган Махмуд Кашгари Барскани сөздүгүнө Катун Сынынын калкынын таңут баскынчыларына каршы баатырларча күрөшү тууралуу дастанынан айрым үзүндүлөрдү келтирген. Бул дастан Катун Сыны аймагын жердеген түрктөрдүн арасында да дайын болгон.

Америкалык чыгыш таануучу Роберт Данкофф Катун Сыны тууралуу ырлардын өзгөчө бир топтому (цикли) катары «Дивандан» 15 куплет ырды өзүнчө бөлүп көрсөтөт жана бул ырларды (куплеттерди) тартипке салуу алардын көптүгүнөн жана чар-жайыт, бүдөмүктүгүнөн улам чоң түйшүккө салаар иш экенин белгилейт[636].

Биз китебибиздин бул чакан бөлүмүндө «Дивандагы» Катун Сыны же таңут этноними эскерилген бир катар ыр парчаларын иликтеп көрөбүз (айтмакчы, Е.И.Кычанов белгилегендей[637], таңуттар өздөрүн ми-ниах, миняг жана мих деп аташкан). Алар чыгыш түрктөрүнүн тарыхый окуялары чагылдырылган маанилүү дастандардын үзүндүсү катары баалуу.

Эгерде академик В.В.Бартольд Катун Сыны менен таңуттардын ортосундагы согуш, бул дастанга караганда, «таңуттардын жеңилиши» менен аяктаган[638] — деп түкшүмөл кылса, Р.Данкофф, тескерисинче, «кара кагандык акын таңуттук жеңишти даңазалайт жана ал жеңишти Кудайга шыбагалайт»[639] — деп жазат.

Эмне үчүн бир эле маалыматка таянуу менен карама-каршы бүтүм келип чыгып жатат? Биерде Махмуд Кашгари Барскани тигил же бул түрк сөзүн түшүндүрүү үчүн «Диванына» киргизген Катун Сыны тууралуу дастандын үзүндүлөрүнүн фрагменттүүлүгү жана кокустуктан иргелүүсү гана эмес, бул дастандык парчаларды арабчага

---

[635] Marvar-rudi. Ta'rikh-i... / Ed. by E.D.Ross. — P. 5; Умняков И.И. «История...» — С. 109 —110. Бул эмгек жөнүндө караңыз: Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шаха... — С. 75—77.

[636] Dankoff R. Three Turkic... — P. 162.

[637] Кычанов Е.И. «Гимн священным предкам тангутов». — С. 225.

[638] Бартольд В.В. Двенадцать лекций... — С. 87.

[639] Dankoff R. Three Turkic... — P.165.

которуу маалында Махмуд Кашгари Барскани берген түшүндүрмөлөр же кошуп жазган арабча кыстармалары да чоң ролду ойнойт.

Мындай кыстармаларда Махмуд Кашгари Барскани чыгыштагы Катун Сыны жергесиндеги окуяларга кийинки доордун адамынын көз карашы менен (ретроспекциялык) мамиле жасайт жана анын пикиринин шилтеме катары алынган ыр парчасынын оригиналдык (түркчө) текстине түздөн-түз тиешеси жок болуп калуусу байкалат. Мисалга төмөнкү парчаны алсак:

«*Катун Сыны чогыл(л)ады,*
Теңут бегин йагылады.
Каны акып жагыл(л)ады,
Бойун сувын кызыл сагды».

Анын азыркы кыргызчага сөзмө-сөз котормосу төмөндөгүдөй:

«Катун Сыны чуулдады,
Таңут бегин жоолоду.
Каны агып шарылдады,
Моюн суусун кызыл (түстө) саады».

Ал эми Махмуд Кашгари Барскани болсо бул парчаны арабчага фактологиялык кошумча мааламаттарды кыстара кетүү менен которгон:

«**Катун Сыны — бул бир жайдын аты. Ал — Таңут өлкөсү менен ас-Сындын аралыгында жайгашкан шаар. Экөө бири-бири менен салгылашты. Андан соң таңуттар Катун Сынынын калкын жеңип алышты**[640]. **Ырда айтылат: «Катун Сынынын калайыгы чуулдады жана Таңут өлкөсүнүн калайыгы жана анын беги менен душмандашты. Ал түгүл алардын каны шарылдаган суу сымал шыркыраганга чейин барды, алардын моюндары да кызыл сууну саап жатышты»**[641].

---

[640] Бул жерде 'хазамат' сөзүн Р.Данкофф дал ушундайча кылып туура которгон. Ал эми Б.Аталай менен С.Муталлибов болсо «чурулдап» деп которуп коюшкан. Караңыз: Dankoff R. Three Turkic... — P. 162: Atalay B. Divanü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 324; Кошғарий Маҳмуд. Девону... — Т. 3. — С. 338.

[641] Кашгари Махмуд. Китаабу дивани... / Мусаххих Килисли Риф'ат. — Жилд 3. — С. 240; Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 293b—294a. – Салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. С. 982 (№ 6179): “катун сӣнӣ — это название местности между Таңут и Сӣн. Они воюют друг с другом. Таңут нанесли поражение Катун сӣнӣ. „(Люди) Катун сӣнӣ кричали, воюя с (народом) Таңут и их правителем. Кровь их полилась, словно журчащая вода, их шеи источали красное (т. е. кровь)”.

Мында эске аларлык жагдай — бул ыр парчасынын түркчө оригиналында жоолошкон тараптардын эч биринин тең жеңилип жаткандыгы жөнүндө таптакыр айтылбайт.

Демек, Махмуд Кашгаринин «**Андан соң таңуттар Катун Сынынын калкын жеңип алышты**», — деген арабча кыстармасы тек гана Катун Сыныдагы бул окуялардын түбү эмне менен бүткөндүгү тууралуу «Дивандын» авторунун мусулман окурмандары үчүн алдын-ала түшүндүрүп жазган баасы болуп эсептелет (бул окуя эмне менен бүткөнү Караханийлерге белгилүү болсо да, батыштагы мусулман чөлкөмдөрүнүн окурмандары үчүн беймаалым эле. Ошондуктан Махмуд Кашгари алиги өз тыянагын кошумча эскертип кетүүнү ылайык деп баамдаган).

Дастандык башка дагы бир парчаны карап көрөлүчү:

«*Тэңут сусын үшиклады,*
Киши ичин элүклады.
Эрин, атын белаглады,
Булун болуп башы тыгды».

Анын азыркы кыргыз тилине сөзмө-сөз котормосу:
«Таңуттун колун (кошуунун) үшүктөттү,
Кишилерин эликтеди.
Эр киши, атын олжолоду,
Талоондолуп, башы шылкыйды».

Эми ушул парчаны Махмуд Кашгаринин кыстармаларды кошуу аркылуу араб тилине кандайча которгонуна карап көрөлү:

«**Мында айтылган: «Жоо беркилер жеңишке үчүн түнүчүндө ызгаардуу суукта Таңут өлкөсүнүн аскерине кол салды. Бул** (Таңут. — Т.Ч.) **— ас-Сынга жакын жайгашкан вилайет. Андан соң: ал**[642]**, берки бизге** (дал ушундай! «Бизге» делген! — Т.Ч.)[643] **өз жылкыларын жана кишилерин тартуулап келмейинче, аны эликтеп-шылдыңдады. Андан соң беркиси өзү туш келген мүшкүлдөн улам башын шылкыйтты**»[644].

---

[642] Бул сөздү которгондо Р.Данкофф кашаанын ичине «таңут беги» деп кошуп койгон: Dankoff R. Three Turkic... — P. 162. — Арийне, үч сапта тең аракеттеги киши жеңилип жаткан жак — «таңут беги» эмес, чабуул коюучу тарап болуп жатканын эске алсак, Р.Данкоффтун мындай окуу аракети куплеттин контекстине эч ылайык келбейт.

[643] Бул «бизге» сөзү 3-саптагы жеңишке жетишип жаткан тарап 2-саптагы иш-аракеттин субъектинин өзү экендигин ишенимдүү тастыктайт. Жеңишке жетишкен тарап, мында, таңгуттар эмес эле, катун сынылык түрктөр болуп саналат.

[644] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 78a.

Чыгыш түрк дастанынын бул парчасында таңуттар менен Катун Сынынын согушунун кызыктуу бир эпизоду чагылдырылган. Мында Катун Сыны шаарынын түрктөрү жеңиштин ээси экендиги айгиненет. Ал эми изилдөөчү Р.Данкофф таңут беги жеңүүчү болуп чыкты, —деп түзөтүүнү киргизгенде, көңүлүнө бул согуштун эң соңку жыйынтыгын туткан.

Арийне, анын бүтүмү менен макул болуу кыйын, себеби бул дастан — эч кандай тарыхнаама эмес, ал чыгыш түрктөрүнүн баатырдык заманы тууралуу эпосу гана болуп саналат. Албетте, эпосто урпактарды патриоттукка тарбиялоо жүгүн көтөрүүчү жеңиштуу аяктаган салгылашуулар тууралуу эпизоддор кеңири камтылаары айдан ачык. Дастандын дал ушундай сапаттары Катун Сыны түрктөрүн гана эмес, алардын Чыгыш Түркстандагы боордошторун да абдан толкундаткан. Махмуд Кашгари бул дастандык парчаларды Түркстанда эле караханийлик түрктөрдүн арасында жүрүп уккандыгы жана жазып алгандыгы чындыкка жакын.

Талдоого арзырлык дага бир дастандык шиңгил:
«*Бегам өзүн огурлады,*
Йараг билип угурлады.
Улук Теңри агырлады,
Анын кут кув тозы тогды».

Анын азыркы кыргыз тилине сөзмө-сөз котормосу:

«Бегим өзүн уурдады (көздөн далдаалады),
Ыгын билип пайдаланды[645],
Улук Теңир кайрым кылды,
Анын куттуу тагдырынын чаңы[646] көтөрүлдү».

Ушул эле саптарды Махмуд Кашгари араб окурманы үчүн кеңирирээк которот:

«**Таңуттардын жоо буктурмасында калган беги сыпатталган. (Ырда) айтылат: «Менин бегим кошуундан өзүн уурдады жана буктурмага кептелип калды** («инкамана»), **ыңгайын жана мүмкүнчүлүгүн тапмайынча буктурмада болду. Андан соң Алла-**

[645] «Огур» — тагдыр, жазмыш, ыңгайлуу учур, дурус жышаана (түркчө, азербайжанча). — Караңыз: Будагов Л. Сравнительный словарь... — Т. 1. — С. 140.
[646] Салыштырыңыз: алтайча «тос» — «чаң»; кыргызча «тоз» — «майда чаң»: Молчанова О.Т. Структурные типы... — С. 238; Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. — Т. 2. — С. 242.

таала ага жеңишти багыштады. Мындан улам анын тагдырынын жана бакытынын чаңы көтөрүлдү»[647].

Атайын назар салсак, ырдын түркчө текстинде «*Улук Теңри*» деп айтылат да, арабча котормодо Махмуд Кашгари Барскани аны «*Алла-таала» («Улук Алла»)* деп берет. Пикирибизде, «*Теңри*» сөзүнүн ырда колдонулушу ырдын ээси — теңирди тааныбаган тили буруу таңуттар эмес эле, түрк тилдүү *Катун Сыны өлкөсүнүн калкы* экендигин дагы бир ирет ырастайт; бул ыр парчасында Катун Сынынын бийлик эгеси таңуттардын үстүнөн салгылашууда жеңип чыкканы сыпатталат. (Эски түркчө «*тоз*» сөзү кыргызча «тополоңу тос болду» сыяктуу сөз айкаштарында сакталып, азыркыга чейин «чаң» маанисин берээрин кошумчалай кетели).

Албетте, төмөнкүдөй суроо туулбай койбойт: эмне үчүн түркчө текст боюнча Катун Сыны калкы жеңет да, арабча котормодо сөз жыйнактын автору таңуттар тарабына жеңишти ыйгарып, башкача түшүнүк берип койгон? Мында эки жагдай өз таасирин тийгизгенин болжолдой алабыз.

Биринчиден, XI кылымдын башында Борбордук Азия, Теңир-Тоо аймагы менен Ыраакы Чыгыштын, анын ичинде таңуттардын кербен соода байланыштары үчүн Ганчжоудагы уйгур мамлекети жана тибеттиктер жолтоо болгон кез эле[648]. Таңуттардын Си Ся мамлекети Карахандар каганаты үчүн тышкы саясатта тибеттиктерге каршы ынтымакташ болуусу талапка ылайык эле.

Экинчиден, 1028—1036-жж. Ганчжоудагы уйгур өлкөсү таңуттардын Си Ся өлкөсү менен айыгышкан салгылашуу жүргүзгөнү, акырында жеңилүүгө дуушарланганы тууралуу Карахандар каганатынын түрктөрү соода жолдору менен таркаган жаңылыктар аркылуу кабардар болушкан.

Роберт Данкофф: «Эмне үчүн Карахандардын акыны таңуттардын жеңишин даңазалаганын жана бул жеңишти Кудайга таандык кылганын кыйынчылык менен болсо да түшүнүүгө болот (2-куплет: “улуг Теңри” сөзү мусулмандык «Алла-таала» сөз айкашы менен таржымаланган)»[649], - деп жазат (Мында «Алла-таала» сөзү түркчө «Теңир» сөзүн араб окурманына адекваттууракак жеткирүү үчүн колдонулгандыгы көңүл бурдурат. Башка бир жеринде «теңри номы» сөзү «Алла-тааланын шарияты жана анын дини» деп которулуп берилген)[650].

---

[647] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 76b; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 246.
[648] Dankoff R. Three Turkic... — P. 165.
[649] Dankoff R. Three Turkic... — P. 165.
[650] Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 141, прим. 41.

Ал эми биздин пикирибизде, таңуттардын жеңишин «даңазалоо» Махмуд Кашгари Барсканинин арабча жазган жекече интерпретациясы — дастандын текстин араб окурманына түшүндүрүүсү менен гана байланыштуу, ал эми чыгыш түрктөрүнүн көп кыртыштуу дастаны иш жүзүндө элдик трагедияны көркөм чагылдырып, Катун Сыны калкынын жеңилип калганы тууралуу бул өрнөктүк парчаларда эч айтылбайт.

Мисал келтирүүнү улантсак, кийинки бир түркчө ыр шиңгилинде таңут ханы жеңүүчү катары сезилсе да, терс кейипкер таризинде сыпатталган:

«*Тэңут ханы йопилады*[651],
өлүм бирле тепелады.
Кадашлары табалады,
өлүм көрүп йүзи агды».

Анын азыркы кыргызчага сөзмө-сөз котормосу:

«Таңут ханы жойпуланды,
өлүм менен (жоосун) төбөлөдү.
Курдаштары табалады,
өлүм көрүп, жүзү бозорду».

Бул шиңгил Махмуд Кашгари Барскани тарабынан кошумча түшүндүрмөлөрдү кыстаруу менен арабчага мындайча которулган:

«**Мында айтылат: таңуттардын хаканы Катун Сынынын бийлик эгесин алдап койду жана анын төбөсүнө өлүм менен бир салды. Андан соң жеңилгенди өз бир туугандары шылдыңдашты, анын өңү бозорду жана өңү-түсү өзгөрдү**».

Андан ары Махмуд Кашгари кошумчалайт:

«**Бул — огуздар менен қыфчақтардын сөзү**»[652].

(Мында ал алгачкы саптагы «йопилады» сөзүн айтып жатат. Жогорудагы дастан кийинчерээк огуздар менен кыпчактардын арасында кайрадан иштелип чыккандыгы жөнүндө бул шилтеме кабар берээр бекен? Бир беткей тыянактоо кыйыныраак).

Чыгыш түрктөрүнүн күрөшү тууралуу бул сюжет кантип мусулмандык Карахандар кагандыгына жеткенин жана ар кыл түрк этносторуна таркагандыгын изилдөө да олуттуу маселе.

---

[651] Кыргызча «жойпу» сөзүнө салыштырыңыз: Юдахин К.К. Кыргызско-русский словарь. — Т. 1. — С. 256.
[652] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 294a—294b.

Биринчиден, бул каганаттын калкы эч качан толугу менен исламдашып кеткен эмес. Чыгыш түрктөрү, анын ичинде Карахандар каганатынын калкы, христиан (тарса), бутпарас жана ислам диндеринен тышкары, башка да диний ишенимдерге, анын ичинде — теңирчиликке да тартылган ар кыл элдерден жана уруулардан турган.

Батыш, Борбордук жана Чыгыш Теңир-Тоодогу диндердин көп түрдүүлүгүнө XI кылымдын башында айрым чыгыш түрктөрүнүн (кай, кун, шары ж.б.) Борбордук Азиянын чыгышыраак аймактарынан Карахандардын чегине карай журт которуп келүүсү да өз таасирин тийгизген (бул тууралуу тагыраак маалымат Шараф аз-Заман Тахир Марвазинин «*Табаа'и'у л-хайаваан*» — «Айбанаттын табыгый сырлары» эмгегиндеги этнографиялык кошумча бөлүмдө чагылдырылган)[653]. Бирок бул журт которуулар негизинен Борбордук Азиянын түндүк аймактарын жана Казакстандын даркан талааларын гана өзүнчө камтыган.

Ал эми Ганчжоудагы мамлекети ойрондолуп калган уйгурлар тууралуу сөз козгосок, алардын мусулмандык Батышка — Теңир-Тоого качып кирип келгендиги жөнүндө[654] түздөн-түз даректик маалымат кезиге элек. Ошондой болсо да Ганчжоудагы уйгурлардын кайсы-бир бөлүгү Карахандар каганатынын чегине чейин жеткендиги жана алар аркылуу Катун Сыны калкынын дастаны мусулман түрктөрүнө дайын болгону тууралуу түкшүмүлдөөгө болот.

Айтмакчы, Махмуд Кашгари өз «Диванынын» бет ачар бөлүгүндөгү «Түрк тилдеринин жатыктыгы тууралуу сөз» аттуу чакан бабында түрк өлкөлөрүнөн конуш тапкан айрым калктардын арасында таңуттардын да бир бөлүгүн (хотан, тибет менен кошо)[655] көрсөткөн. Балким, дал ушу таңуттардын бөлүгү менен кошо алардан качып батышка чегинген Катун Сыны калкынын бир бөлүгү да көңүлдө тутулуп жатышы ыктымал.

Чыгыштан келген мындай түрк этносторунун өзүнчө диалектиде сүйлөөрү жана карахандык (“хаканиялык”) адабий түркчө да түшүнө алаары тууралуу Махмуд Кашгари Барскани өзгөчө бир оригиналдуу маалымат берет:

«**Уйгурларга болсо нукура түрк тили таандык жана ошондой эле өз ара сүйлөшкөндө колдонулуучу башка дагы бир тили бар**...

---

[653] Minorsky V. Sharaf al-Zaman... — P. 95 – 104.

[654] Караңыз: Кычанов Е.И. Очерк истории... – С. 50: “Уйгурлардын бир бөлүгү батышка карай, Гаочанга (азыркы Хами) көчтү».

[655] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 12b; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 83.

Ал эми көчмөн калктарга келсек, аларга чөмүл кирет. Алардын өзүнчө бир чалды-куйду тили бар жана түрк тилин да билишет.

Ушу сыяктуу эле кай, йабаку, татар, басмылдар — булардын ар бир бөлүгүнүн өз тили бар. Ошону менен катар эле түрк тилинде дурус сүйлөшөт»[656].

Катун Сыныдан келген түрктөр да өз диалектинен тышкары орток адабий “хакания” түрк тилин пайдалануу жана бул тилде сүйлөгөн көп сандуу калкка жуурулушууга аргасыз эле.

Чечмеленүүсү зарыл илимий маселелердин бири — Катун Сыны жеринин каерде жайгашканы (локализациясы) тууралуу суроо болуп саналат.

Биз петербургдук синолог Евгений Иванович Кычановдун «Катун Сыны шаары Уйгурдук-Ганьчжоулук мамлекетте жайгашкан» деген пикирин[657] туура деп эсептейбиз. Бул мамлекеттин чаканыраак болгондугуна байланыштуу аны бектик («княздык») катары Е.И.Кычанов ж.б.белгилешет. Аны Ганчжоу Уйгур хандыгы же Ганчжоу Түрк хандыгы деп атоого да мүмкүн.

Арийне, тарыхый Катун Сыны шаарын Ички Азиядагы башка аймакка жайгаштыруу аракеттери да бар. Маселен, Р.Данкофф менен А.Г.Малявкиндин пикирине караганда, бул шаар Эдзин-Гол дарыясынын өрөөнүндө жайгашып, кытайлык булактарда «Ко-тун-чен» деп[658] белгиленген.

Ушул эле авторлордун жоромолуна караганда, Орхондо (Монголияда) жана Хуанхэ дарыясынын түндүккө карай жаа сымал ийилген бөлүгүндө да ушундайча аталган топонимдер бар болгон экен. Демек, түрк топонимдеринин бир эле учурда бир нече аймактарда кездешүүсү Катун Сыны топониминин Ганчжоуда да болуу мүмкүнчүлүгүн четке кага албайт (салыштырсак, Ак-Суу, Ак-Тоо, Ак-Шаар (шехир) сыяктуу топонимдер түрк элдери чачыраган Борбордук Азиядан Кичи Азияга чейинки ири аймакта кезигээри[659] жалпыга маалым).

Катун Сыны топоними эки компоненттен — «катун» жана «сын» сөздөрүнөн турат. Тоолуу Алтай аймагында алигиче Катун, Катын деген суу аталышы (гидроним) кезигет. «Сын» сөзү да Тоолуу Алтай,

---

[656] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 12b—13a; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 83.

[657] Кычанов Е.И. Из истории тангуто-уйгурских... — С. 146 —1 53; Чороев Т.К. «Диван лугат ат-түрк» Махмуда Кашгари как источник... — С. 22.

[658] Малявкин А. Г.Уйгурские государства... — С. 112—114; Dankoff R. Three Turkic... — P. 164—165.

[659] Чороев Т.К. Топонимические данные Махмуда... — С. 107 —114.

Хакасия (Хоорай), Кыргызстан сыяктуу боордош, тектеш элдер жайгашкан өлкөлөрдө тоо аталышы (ороним) катары арбын кезигет.

«Сын» сөзүнүн маанисине өзгөчө токтоло кетсек болот. Махмуд Кашгари бул сөздүн бир гана «мүрзө» деген[660] маанисин көрсөтөт, ушундай эле маани Абу Райхан Берунинин чыгармасынан да жолугат. Бирок, Абу Райхан Беруниден айырмаланып, Махмуд Кашгари Барскани эч бир жерде «Катун Сыны» топонимин «Ак сөөк айымдын мүрзөсү», «Канышанын мүрзөсү» деп которбойт, бул түрк топонимин эч котормосу жок эле жазат. Балким, «сын» сөзү батыш түрктөрүндө ("огуз түрктөрүндө") Абу Райхан Беруни түшүнгөндөй «мүрзө» маанисин[661] берип, ал эми чыгыш ("чигилдик" же "хаканиялык") түрк диалектилеринде жана тилдеринде оронимдик «кырка тоо», «бийиктик», «бел», «ашуу» маанилерин[662] да бериши ыктымал (буга азыркы кыргыздар менен саян-алтайлык түрк элдеринде «сын» сөзүнүн дал ушул маанилерде колдонулушу далил болуп саналат).

Пикирибизде, «сын» сөзү Катун Сыны топониминде «мүрзө» — «мүрзөдөгү балбал» — «бел», «ашуу», «дөбө» түшүнүктөрүнүн кийинкисин өзүнө камтуусу чындыкка жакыныраак, б.а. аны «Канышанын дөбөсү»[663] деп которуу ылайык.

Катун Сыны шаарын Эдзин-Голдо эмес, андан батышырааста — Чыгыш Теңир-Тоонун чыгышындагы чөлкөмгө жакындатып көрсөтүүдө таяна турган дагы бир маанилүү булак — Шараф аз-Заман Тахир Марвазинин жогоруда аты аталган асары — «*Табаа'и'у л-хайаваан*» болуп эсептелет (ал «Дивандан» 43 жыл кийинчерээк, 1120-жылга чукул жазылган). Мында Са-жу деген жерден (Шачжоу, б.а.

---

[660] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 252b; Atalay B. Divanü... Tercümesi. — Cilt 3·. — S. 1381 Кашгари Махмуд. Китабу дивани... / Мусаххих Килисли Риф'ат. — Жилд 3. — С. 101.

[661] Беруни. Канон Мас'уда. — Ч. 1. — С. 459.

[662] Караңыз: Мурзаев Э.М. Словарь народных... — С. 534; Молчанова О.Т. Структурные типы... — С. 218; Конкобаев К. Топонимия Южной...; ж.б. Хакас Жумуриятындагы Сыын-Көл көлү тууралуу караңыз: Бутанаев В.Я. Социально-экономическая... — С. 157. Орусия Федерациясынын курамындагы Хакасияда азыркыга чейин Улуг-Сын, Сындэ, Хара-Сын сыяктуу топонимдер учурайт: Бутанаев В.Я. Топонимический словарь... — С. 146, 165.

[663] Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 86. – Салыштырсак, азыркы тапта Чехиядагы Лаба дарыясынын өйүз-бүйүзүндө жайгашкан Градец-Кралове шаары (чех тилинде Hradec Králové, б.а. Ґрадец Кралове, немисче Königgrätz, б.а. Көнигграц, эски аталышы - Königingrätz, б.а. Көнигинграц, латынча Hradecz Reginae) орто кылымдарда жесир калган канышалар байырлаган атайын ак сарайлуу шаар болгон, ошол себептүү анын аталышы да «Канышанын шаарчасы» делип калган: Kolektiv autorů. Hradec Králové.

Дунхуан аймагынан)[664] чыгыш жакка кетчү жол тууралуу төмөнкүдөй маалымат берилген:

«**Кимде-ким [Са-жудан] кытаңдардын байтактысы Ужамды көздөй сапар тартса, чыгышты көздөй жөнөйт жана болжол менен эки айдын жүзү болгондо Хатун Сын** (Катун Сыны. — Т.Ч.) **деген жерге жетет. Андан соң Уткинге** (Өтүкенге. — Т.Ч.) **чейин бир ай бою жүрөт, андан соң — Ужамга чейин бир айлык жол кезет**»[665].

Демек, мусулман саякатчысы Шачжоудан Түндүк Кытайга сапар тартканда Катун Сыны жери аркылуу өткөн экен. Андан соң Орхондогу Өтүкенге да тийиптир. Бул жол Чыгыш Теңир-Тоодон Кытайдагы Хэси өткөөл аймагы аркылуу Ганчжоудагы уйгурлардын жерине өтүп, андан соң гана Түндүк Монголия тарапка кетчү экен. Пикирибизде, мындагы Уткин (Өтүкен) топоними менен Махмуд Кашгари эскерген Өтүкен[666] аталышы бир эле жердин (Түндүк Монголияда) аталышын берет.

Баса, Катун Сыны Махмуд Кашгари Барсканинин дүйнө картасында да Шачжоудан Өтүкенге чейин кетчү аралыктын ортосунда жайгаштырылган. «Дивандагы» дүйнө картасында Чыгыш Теңир-Тоодон чыгышыраак жайгашкан ири шаар - «Шанжу» деп көрсөтүлгөн. Кыстара кетсек, бул Шанжу топонимии Пол Пеллио (Пелльо) Дунхуан катары эмес, Синиң дарыясынын жанындагы Шанчжоу шаары катары көрсөтүүнү[667] сунуш кылган.

Арийне, Махмуд Кашгари Барскани белгилеген бул Шанжу топоними Чыгыш Теңир-Тоого өзгөчө жакын жайгаштырылып сүрөттөлүшү – бул жайды Дунхуан шаары жана аймагы катары кабыл алуу ылайыктыгын көрсөтөт.

«Дивандын» текстинде мындай топонимиялык маалымат бар:

«**ШАНЖУУ (شنجو) — Жогорку Чынга (ас-Сын ал-а'лаа) карай кетчү жолдогу шаар. [Сөздүн] туурараак айтылышы — созулма түрдө — ШААНЖУУ (شانجو) болот**»[668].

Ал эми Шачжоуга (Дунхуанга) келсек, аны кытайлык байыркы булактарда б.з.ч. II кылымда Хэси аймагынын курамында уюштурулган төрт чөлкөмдүн (цзюнь) эң батыштагысы катары эскеришет. Дунхуандан батышыраакка ошол доордо эки чеп — Янгуан жана Юймэнгуан (Юймынгуан) чептери курулган. Улуу Кытай дубалы

---

[664] В.Ф.Минорский аны Шачжоу, б.а. Дунхуан менен окшоштурган: Minorsky V. Sharaf al-Zaman... — P. 18, 70—73; İzgi Ö. Çin Elçisi... — S. 26, nt. 26.
[665] Minorsky V. Sharaf al-Zaman... — P. 18, *7 (arabic text).
[666] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 41a; Кашгари Махмуд. Китабу дивани... / Мусаххих Килисли Риф'ат. — Жилд 3. — С. 123.
[667] Pelliot, P. Notes on Marco Polo. II. — P. 822.
[668] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 105b.

эң батышында дал ушул Юймэнгуан чебине чейин жеткирилген. Шачжоу болсо кээде Гуачжоу деп да аталып турган.

Ал эми жалпы аймак болсо кээде Дунхуанцзюн (742-ж.) делип, кээде Шачжоу (758-ж.)[669] деп аталып турган.

781-848-жж. Дунхуан аймагы тибеттиктердин кол астында болгон. Жалпысынан, VIII к. экинчи жарымы — IX к. башы тибеттиктердин Ички Азиядагы саясий ийгиликтеринин мезгили болгон.

Дал ошол учурда Тан сулалеси Тибет мамлекетине душмандык мамиле жасап, Уйгур каганатына жакыныраак ымала кылган. Бул, Кристофер Беквистин пикирине караганда, Тан сулалесинин байтактысындагы согду соодагерлеринин уйгурларга жан тарткан саясаты менен да байланыштуу болушу ыктымал[670]. Ал эми тибеттиктер болсо Борбордук жана Ички Азия аркылуу трансконтиненталдык соода жолун камсыз кылуу үчүн өзүнө саясий жана эл аралык соодадагы ынтымакташты Теңир-Тоодогу карлуктардан жана Эне-Сайдагы кыргыздардан тапкан[671]. Ошол доорлордо айрым кыргыз төбөлдөрү бутпарас (буддизм) динине да тартылган.

Ич ара күрөштүн айынан IX кылымдын ортосунда Тибет мамлекети саясий бытырандылыкка дуушарланып[672], Ички Азиянын негизги соода жолдору тибеттиктердин таасирине эч багынбай калды.

848-ж. Дунхуан кайрадан, убактылуу болсо да, Тан сулалесинин карамагына өтөт. Кыргыздардын күчөшү, ал эми X к. башында Түндүк Кытайда дагы бир ири мамлекеттин кидандардын (кытан / кытай / хытай) Ляо мамлекетинин калыптанышы (907—1125), ички-тышкы саясий кризистен оңоло албай, Тан сулалесинин 908-ж. кулашы менен байланыштуу Ички жана Чыгыш Азиядагы этносаясий кырдаал[673] жалпы Хэси өткөөлүнүн жана Дунхуандын тарыхына аныктагыч таасир тийгизди. IX—XI кылымдарда Ганчжоу аймагында уйгурлардын бир тобунун өз алдынча мамлекети жашап турган чакта Дунхуан аймагы ичкерки Кытайдан таптакыр бөлүнүп, кесилип калган. 1036-ж. бул Дунхуан аймагын таңуттардын Си Ся мамлекети өзүнө каратып[674] алган.

Демек, Шачжоу (Дунхуан) аймагы эзелтеден түрк (анын ичинде уйгур, кыргыз, түргөш, карлук, ж.б.), кытай, тибет, согду элдери жана өлкөлөрү, мусулмандык өлкөлөр (анын ичинде Карахандар,

---

669 Чугуевский Л.И. Китайские документы... — Вып. 1. — С. 214.
670 Beckwith C.I. The Tibetan Empire... — P. 146, nt. 17.
671 Beckwith C.I. The Tibetan Empire... — P. 147—148, nt. 21—22.
672 Малявкин А.Г. Борьба Тибета... — С. 235.
673 Малявкин А.Г. Танские хроники... — С. 334, 336 (рис. 5).
674 Чугуевский Л.И. Китайские документы... — Вып. 1. — С. 214—215.

Газневийлер ж.б.) ынтызарланган эл аралык ири соода түйүндөрүнөн болгон.

Эми, Шараф Заман Тахир ал-Марвазинин жогорудагы биз которгон маршрутуна кайра кайрылсак, ушундай меридионалдык багытта да (Шачжоу — Катун Сыны — Өтүкен) кербен же саякатчы жүрүүсү мүмкүн беле? Венециялык саякатчы Марко Полонун эскерүүлөрүнө кайрылсак, бир тууган Пололор 1272—1292-жж. Кытайда жашап турганда бир ирет Ганьчжоуда да туруп калышканы, дал ошондо Марко Поло Түндүк Монголиядагы Каракорум шаарына барып кайтканы[675] айтылат. Демек, анын Ганчжоудан Каракорумга чейинки саякаты мурдатадан негизделген кербен жол боюнча жүргөнүн боолголоо кыйын эмес.

Бул жерде биз жол багытынын меридиандык мүнөзүн бекеринен баса белгилеп жаткан жокпуз.

Синолог Анатолий Гаврилович Малявкин (1917—1994) жапон чыгыш таануучусу Т.Абэни Орхон дарыясынын өрөөнүндө бир гана Хатун шаары болгон, — деген пикири үчүн адилет сынга алат. Бул пикирин негиздөө үчүн А.Г.Малявкин кытай элчиси Ван Яндэнин (X к.) сапары боюнча баяндамага таянат. Арийне, А.Г.Малявкин элчи Ван Яндэ Турпан ойдуңуна Орхон дарыясынын өрөөнү аркылуу келиши мүмкүн эмес эле, анткени Орхон «анын саякатынын максатынан өтө эле түндүк-чыгышта кала берип жатат»[676], — деп жазат. Дал ушул жоромолдун негизинде ал Хэдун-чен (Катун Сыны) шаары дал Эдзин-Гол дарыясынын өрөөнүндө болууга тийиш эле, — деген жыйынтыгын чыгарат.

Биздин пикирибизде, Турпан ойдуңунан ганчжоулук уйгурлардын жергесине жана Орхон аркылуу Түндүк Кытайга кербендик каттам (маршрут) кеткендигине эч шек кылууга болбойт. Эдзин-Голго караганда Ганчжоу уйгурларынын өлкөсүнүн Карахандар каганатына жакыныраактыгы Катун Сыны шаарын Ганчжоу аймагында тарыхый локалдаштыруубузга мүмкүндүк берет.

1028—1036-жж. таңуттардын калайманынан жана чыгыш уйгурларынын ээликтерин алардын басып алганынан соң, батышка сүрүлгөн айрым уйгур урууларын алысыраактагы эдзин-голдук уйгурлар менен байланыштырганга караганда, Чыгыш Теңир-Тоого жакыныраак ганчжоулук уйгурлар менен байланыштыруу тарыхый чындыкка төп келгенсийт.

---

[675] Магидович И.П. Очерки... — С. 62; Магидович И.П., Магидович В.И. Очерки по истории... — Т. 1. — С. 233. — Дагы караңыз: Гольман М.И. Изучение... — С. 22 (прим. 68 на с. 136), 27—28.

[676] Малявкин А.Г. Уйгурские государства... — С.113. Дагы караңыз: İzgi Ö. Çin Elçisi... — S. 67 (Мында Турпандагы элчиси келгендиги кабардалат).

Жогоруда биз мисал кылган Катун Сыны калкынын таңуттарга каршы баатырдык күрөшү чагылдырган дастандын үзүндүлөрү, демек, алгач ганчжоулук уйгурлардын жана башка түрктөрдүн арасында айтылган. Кийинчерээк, алардын айрым бөлүгү менен кошо бул дастандык үлгү да карахандык түрктөрдүн назарына чейин жеткен жана Махмуд Кашгари Барсканинин көңүлүн өзүнө бурган.

Айтмакчы, Катун Сыны топонимии локалдаштыруу маселесине байланыштуу А.Г.Малявкин белгилүү чыгыш таануучу В.Ф.Минорскийдин «жаңылыштыгын» табууга аракеттенген.

А.Г.Малявкиндин жазганына назар салалы: «В.Ф.Минорский... Махмуд Кашгаринин (Кашгарский деп берилген. — Т.Ч.) бул текстинде... «Кытай» сөзү эч качан Чордондук мамлекетке (Срединное государство, б.а. Кытай. — Т.Ч.) тийешелүү эмес экендигине көңүл бурган эмес — мындай сөз менен кидандарды жана алардын мамлекетин гана аташкан. Китай, кытай, катай жана башка варианттар — бул... кидан деген ат менен белгилүү монгол тилдүү элдин өздүк энчилүү аталышы»[677].

Бул сын пикиринде, бирок, А.Г.Малявкин өзү чаташтырууга жол берген (В.Ф.Минорскийди калпыс сындаган), анткени, «Дивандын» оригиналын кароо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, бул кадыр-барктуу синолог төмөнкүдөй жагдайларды өзү үчүн тактай алган эмес:

Катун Сыны жерин сыпаттоодо Махмуд Кашгари Барскани дайыма الصين («ас-Син», б.а. Чын) топонимин пайдаланат да, эч бир жерде «Хитай» (ختاي же خطاي түрүндө) топонимин Катун Сыны шаарына байланыштуу эскербейт;

В.В.Бартольд өз учурунда белгилегендей, «ас-Син» (الصين) термини Кытайдын арабча аталышы болуп саналат.

Ал эми Махмуд Кашгари Барсканинин дорунда ас-Синдин үч башка бөлүгүн айырмалашкан:

а) Жогорку (العليي) ас-Син, башкача аталышы — Масин (ماصين; б.а. Түштүк Кытай аймагы);

б) Ортоңку (الوسطي) ас-Син, башкача аталышы — Хытай же жөн гана ас-Син (дал ушул бир гана жагдайы боюнча А.Г.Малявкин чындыкка жакындайт, бирок тексттин контекстинде «ас-Син» сөзү аркылуу Махмуд ал-Кашгари дайыма эле ушул кичирейтилген маанини колдоно бербейт);

в) Төмөнкү (السفلي) ас-Син, дагы бир аталышы — Бархан (برخان); бул аймак Кашкардын чөлкөмү[678] менен байланыштырылган.

---

[677] Малявкин А.Г. Уйгурские государства... — С. 114.

[678] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 110a, 114b; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 329, 341.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванында» географиялык өзгөчө тактоолор пайдаланылбаган жалпы учурларда «ас-Сын» жана «синийй» («кытайлык» сөзүнүн арапча сын атоочу) терминдери жалпы эле Кытай жана анын ичинде ханзулар бийлеген Сун сулалеси (960—1279) маанисинде колдонулган.

Маселен, карахандык түрктөрдүн «Тавгач ханның торкосы тэлим, теңлемезиб бычмас» аттуу макалы Махмуд Кашгари Барскани тарабынан араб окурманына төмөнкүдөй которулуп берилген:

«**ас-Синдин хаканы** (б.а. кытайлык император. — Т.Ч.) **жибектин мол (оромдоруна) эгедер, бирок өлчөгөндөн кийин гана андан өз кийимин бычат»**[679].

Ушул жерден эскерте кетсек, Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» поэмасында да «*Хитай*» термини[680] учурайт. Бул — Түндүк Кытайдагы кидандардын Ляо мамлекети менен байланыштуу. Ал тараптан да Карахандардын өлкөсүнө жибек ж.б. товарлар келип турган. Бирок айрым синолог изилдөөчүлөрдүн (М.В.Крюков, В.В.Малявин, М.В.Софронов) «Хитай» сөзү «Кутадгу билигде» азыркы маанидегидей колдонулган[681], — дегендери туура эмес, анткени, Махмуд Кашгари Барскани келтирген мисалдан көрүнгөндөй, XI кылымда «Хитай» термини Түштүк жана Түндүк Кытайды бириктирген жалпы термин катары кызмат кылган эмес.

Махмуд Кашгари Барсканиге таандык дүйнөнүн картасында Катун Сыны топоними Турпан ойдуңундагы уйгур шаарларынын чыгышында жана Мачындын (Түштүк Кытайдын) батышында жайгаштырылган.

Арийне, петербургдук синолог Е.И.Кычанов Катун Сыны шаары катары Ганчжоу шаарынын өзүн көрсөтүүгө[682] аракеттенет. Биздин пикирибизде, Катун Сыны топоними аркылуу ганчжоулук уйгурлардын баш калаасы гана эмес, 1028—1036-жж. таңуттардын үзгүлтүксүз чапкынынын негизинде кулаган бүтүндөй Ганчжоу Уйгур мамлекети да символдоштурулуп аңдалган.

Бул чыгыш түрк мамлекетинин түрк тилдүү этносторунун айрым өкүлдөрү ханзу, монгол, тибет ж.б. калктарга жуурулушкан, айрымдары кийинки сары-уйгур, шара-югур сыяктуу түрк жана монгол

---

[679] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 108a.

[680] Баласагунский Юсуф. Благодатное знание. — С. 338; Arat R.R. Kutadgu Bilig. — Cilt 1. Metin. — S. 445; Cilt 2. Çeviri. — S. 320; Баласагын Жусуп. Куттуу билим. — Б. 339 (№ 4426 бейт).

[681] Крюков М.В., Малявин В.В., Софронов М.В. Китайский этнос в средние... — С. 278.

[682] Кычанов Е.И. Из истории тангуто-уйгурских... — С. 150—152. Дагы караңыз: Eberhard W. Çin Tarihi... — S. 244—245; Çorotegin T. Kaşgarlı Mahmuď un... — S. 163; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 88 — 89.

тилдүү этносторго, ханзуча гана сүйлөп калган юйгу тобуна алардын ата-тегинин бир катмары катары кошулган. Мисалы, бутпарас дининин ламачылык (ламаизм) тарыкатын туткан сары уйгурларга ички азиялык кыргыздардын бөлүгү да кошулган, ошондуктан сары уйгур тилин түрколог Эдгам Тенишев (татарча Әдһәм Тенишев; 26.4.1921 — 11.7.2004) сыяктуу аалымдар кыргыз тилине эң жакын тил катары мүнөздөшкөн.

Маселен, Э.Р.Тенишевдин санашынча, сары уйгурлардын арасында кыргыз, комжук, паглыг, пэй сыяктуу төрт чакты урууну байыркы кыргыздардын бутагы катары караса болчудай. Ал эми юйгу этностук тобуна келсек, анын бештен бир бөлүгү кыргыз урууларынан турат жана мунун өзү уйгурлар менен кыргыздардын эзелтеден берки тыгыз этностук-маданий карым-катнашын айрыкча айгинелейт[683]. Бул макалада Э.Тенишев сары уйгурлардын солтус уруусун атап, аны Карл Густав Эмил Маннергейм (1867–1951) sultus түрүндө каттагандыгын[684], бул этноним Рашид ад-Динде монгол уруусу катары саналып өткөнүн, В «Шейбани-намэ» чыгармасында көчмөн өзбектердин солдуз уруусу эскерилгенин[685] белгилейт. (Буга кошумчаласак, кыргыздын солто уруусунун аталышы да акыркы «с» тыбышы түшүрүлгөн этноним түрү болуп саналат).

Ушул эле макалада Э.Р.Тенишев сары уйгурлардын «Сына» аттуу уругун[686] эскерип, бирок ага карата эч кандай түшүндүрмө берген эмес. Негедир, бул уруктун аталышы XI кылымдагы Катун Сыны шаарынын аталышынын экинчи бөлүгүндөгү «сыны» сөзүн эстетип тургансыйт.

Жыйынтыктасак, Катун Сыны топоними уйгурлардын жана башка чыгыш түрк этносторунун Борбордук жана Ички Азиянын ар кыл аймактарына чачырашынын жана айрым жерлерде чакан да болсо өз мамлекетин калыбына келтирилишин бир мисалы болуп саналат.

Биздин пикирибизде, Махмуд Кашгари Барскани фолклордук мурасына таандык айрым дастандык парчаларды сактап калган катун сынылыктар бүгүнкү сары уйгурлардын ата-теги деп каралса чындыктан эч алыс болбойт.

Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгегинде катталган баатырдык дастандын үзүндүлөрү катун сынылык түрк калкынын таңут баскынчылык жортуулдарына каршы эгемендик

---

683 Тенишев Э.Р. Этнический и родоплеменной состав народности юйгу. – 1962. - С. 61-66.

684 Mannerheim, Carl Gustaf Emil. A Visit to the Sorö and Shera Yögurs. – 1911-12. – Pp. 3—19.

685 Тенишев Э.Р. Этнический и родоплеменной состав народности юйгу. – 1962. - С. 63-64.

686 Тенишев Э.Р. Этнический и родоплеменной состав народности юйгу. – 1962. - С. 64.

туусу астында жүргүзгөн узак мезгилдик күрөшүн чагылдырып калган. Бул дастандык парчалар чыгыш түрктөрүнүн ичинен эң чыгышта жайгашкан тобунун — ганчжоулук уйгурлардын жана аларга ширелишкен чыгыш түрктөрүнүн XI кылымга таандык адабий мурасынын сакталып жеткен үлгүлөрү катары да каралууга тийиш.

III.4. Барскан жана ысык-көлдүктөр

Орто кылымдардагы теңир-тоолук калктардын этностук тарыхый географиясын изилдөөгө тигил же бул жер-суу наамынын келип чыгышын жана кайсы географиялык чекитке таандык экендигин аныктоонун мааниси чоң. Бул илимий маселени чечүүдө, китебибиздин жогорудагы бөлүмдөрүнөн да айгинеленгендей, Махмуд Кашгаринин «Диваны» табылгыс булак иретинде кызмат өтөй алат.

Китебибиздин бул бөлүмүндө Ысык-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгин жердеген калктын орто кылымдардагы, анын ичинде Карахандар доорундагы тарыхына түздөн-түз тиешеси бар маселе жөнүндө сөз козголмокчу.

Барскан шаары жана анын жашоочулары... Булар жөнүндө «Диван» эмнелерди айтат? Махмуд Кашгаринин барскандыктар тууралу маалыматтары канчалык даражада акыйкаттан тайдырылбай чечмеленүүдө?

«Диванды» которгон айрым изилдөөчүлөр (Бесим Аталай, Салих Муталлибов) жана аларга шилтеме беришкен бир катар тарыхчылар «барскан» деген — уруу аты (геноним, этноним) болгон деп эсептешет, — бул пикир[687] канчалык деңгээлде туура?

Ушул маселени чечмелөөдөн оболу Барскан - برسقان (араб графикасындагы башка жазылыштары — برسغان Барсган жана برسخان Барсхан) термини географиялык аталыш экендигин эскертип өтөлү.

Ушундай улам топонимдин келип чыгыш таржымакалы (этимологиясы) кандай болду экен? — деген негиздүү суроо туулат.

Казак ономасты Айтым Абдырахманов Барскан терминин үч бөлүккө бөлүп карайт: Бар + «с» мүчөсү (аффикс) + сыган (же сагын). Аны жалпысынан «чоң бекемделген жай», «чоң чеп»[688] деп которот. Эч кандай, так тарыхый дарекке таянбай туруп эле: «*Атасагун* деген шаар

[687] Atalay, Besim. Dîvânu... — Endeks. — S. 832; Девону луғотит турк: Индекс-луғат... — С. 392, 398; История Киргизской ССР. — 1984. — Т. 1. — С. 255.
[688] Әбдірахманов А. Топонимика және... — Б. 73—76.

наамы болгон»[689] дей койгон анын пикирине кошулуу кыйын (Махмуд Кашгариде «атасагун» сөзү «дарыгер» маанисинде гана эскерилген).

Бирок А.А.Абдырахманомдун «сагун» — «сыгын» терминининин маанисин чечмелөө аракети кызыгууну туудурбай койбойт. Бул термин, — дейт ал, — түрк калктарынын «сыгынмак» (кыргызча — «сыйынт» — «баш калкалоочу жай») — «чегинмек», «жашынмак», «бекинмек» деген сөзүнөн келип чыккан да, «бекемделген жай», «чеп» дегенди туюндурган.

Бирок бул изилдөөчүнүн бул топоформант араб графикасына ылайык сыган / саган / сагун болуп ар кыл жазылып турган[690] деген пикири да саал оңдоону талап кылат. Себеби, араб графикасы бул сөздү «бузуп келген» деп кесе айтуу кыйын. Араб жазуу эстеликтери аркылуу бул терминдин айрым варианттык (балким, диалектилик) түрлөрү чагылдырылган.

Маселен, араб жазмасына багыныңкы болбой эле Ысык-Көлдөгү Барскан шаарынын жергиликтүү калкы бул шаарды (жерди) олуттуу өзгөртүүсүз эле XI кылымда — «Барсган» деп же «Барскан» деп аташкан, бирок эч качан «Барсыгын», «Барсаган» түрлөрү колдонулган эмес, — деп булактардын негизинде ырастоого болот (азыр да кыргыздар бул топонимди «Барскоон» түрүндө гана айтышат).

Арийне, А.А.Абдырахмановдун чечмелөөсүндөгү «сыгын» — «чеп» деген түшүндүрүүнү[691] жападан-жалгыз акыйкат катары кароого али эрте. Себеби Барскан топоними толугу менен адамдын энчилүү атынан (антропонимден) келип чыгышы да ажеп эмес.

Маселен, бул сөздүн биринчи бөлүгү — «барс» (кыргызча — барс, илбирс) деген сөз орто кылымдардын башындагы түркий калктарда өтө кеңири колдонулган адам ысмы иретинде кезигет: Талас жазма эстеликтеринде Барс, Кара Барс, Огул Барс деген ысымдар жолукса, Эне-Сайдагы жазма эстеликтерде — Күч Барс, Туз Бай Күч Барс Күлүг деген ж.б. ысымдар учурайт.

Руна сымал жазмаларды иликтеген ыраматылык Сагалы Сыдыковдун пикиринде бул «Барс» сөзү «арслан», «бөрү» сыяктуу сөздөрдөй эле адамдарга ысым кылынып, алардын тигил же бул эрдигинен соң, же болбосо аларга ушул каардуу жаныбарлар менен байланыштуу дурус делген сапаттарды каалоо иретинде[692] коюлуп келген.

Демек, бул термин эң адепки «ыйык» мүнөзү менен тыгыз байланышта адам ысымын коюуда пайдаланылган. Ат коюудагы

---

[689] Әбдірахманов А. Топонимика және... — Б. 71.
[690] Әбдірахманов А. Топонимика және... — Б. 74.
[691] Караңыз: Әбдірахманов А. Топонимика және... — Б. 72.
[692] Сыдыков С. Собственные имена... — С. 47 — 56.

түрктөрдүн бул салты байыркы хундардын, түрктөрдүн, аларга тарыхый коңшулаш болгон бир катар көчмөн калктардын тотемисттик диний ишениминен улаган десек болот.

Түрк элдеринде тотемден (ыйык эсептелинген жаныбардан) пайда болгон уруу аттары өтө көп учурайт: кыргыздын бугу, сарыбагыш ж.б. уруулары, башкырларда — *бүри* (бөрү), алтайлыктарда — кув (ак куу), бөркүт же меркүт (бүркүт) ж.б. Бул этнонимдердин[693] бардыгы тотемдерден келип чыккан.

Албетте, этнонимдердин эң алгачкы теги — тотемден пайда болгон адам аты (антропоним) болуу мүмкүндүгү да жадыбызда туруусу ылаазым.

Ал эми Барскан топонимине кайра кылчайсак, биздин пикирибизде ал Барс деген адам ысмынан жана Батыш Түрк каганатынын доорунан бери маалым болуп, түрк жана согду элдеринин тилинде орток пайдаланылган «кенд» — «кан» (шаар, отурукташкан жай) сөзүнөн турат жана алгач «Барска таандык чеп, ордо, калаа» деген түшүнүктү берген (Махмуд Кашгари Барсканинин маалыматы боюнча Самарканд деген согдулуктардын топоними камтылган шаар аталышы түрк элдеринде «Семизкент»[694] деп аталган. Мында да «кан(д)» / «кен» сөзүнө синоним иретинде колдонулат).

Ал эми Ысык-Көл бектигин жана андагы башкы калааны бийлеген Барс өзү бийлик эгеси катары чыгып жаткандыктан, аны Барс-хан деп атоолору да толук мүмкүн (төмөндө буга толук токтолобуз).

Деги орто кылымдардын башында барскан (барсган, барсхан) деген уруу, урук же эл болду беле? Мындай эл болгондугу тууралуу түздөн-түз дарек азырынча табыла элек. «Мужмалу т-таваариих ва-л-кысас» — «Тарыхтардын жана (тарыхый) аңгемелердин жыйындысы» деп аталган автору белгисиз фарсы тилиндеги (XII к. башы) эмгекте гана Теңир-Тоо аймагында барскан деген урук болуусу мүмкүн, — деген кыйыр жыйынтыкка жетелөөчү маалымат[695] жолугат.

وترك‌را پسران بودند چون توتل، وچگل، وبرسخان، وايلاق

«**Түрктүн уулдары бар эле — Тутел (Тонк/Тоң· — Т.Ч.), Чигил, Барсхан, Илақ деген**».

Бирок бул сүйлөмдөгү санжыралык уламышты чечмелөөдө бир жагдайды эске алганыбыз ылайык: тээ алыскы Ортоңку Чыгыш

---

[693] Кыргыз элинин этнонимдери тууралуу караныз: Аттокуров С. Кыргыз санжырасы...; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимиясы...; Абрамзон С.М. Киргизы... — С. 10—69; Ligeti L. Die Herkunft... — S. 369 — 383.

[694] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 87a, 255b.

[695] Мужмалу т-таваариих ва-л-кысас. — С. 100.

чөлкөмүнөн Теңир-Тоого келген саякатчынын Барскан шаарынын калкы жөнүндөгү аңгемесин ортоңку чыгыштык тарыхчылар «барскан деген элдин адамдары» иретинде натуура түшүнүп сыпаттап алышы мүмкүн (уйгур элин деле XIX кылымда ар башка жайдын аты менен «кашкарлык», «турпандык» же «таранчы» («эгинчи») деп атап келишкен эмеспи. Чынында кашкарлык деген эл жок, уйгур деген гана ири эл бар эмеспи).

Чыгыш таануучу Ө.К.Караев «Жогорку Барсхан аймагы эң алгачкы ирет VIII кылымдагы араб саякатчысы Тамим ибн Бахр тарабынан эскерилет»[696], — деп жазат.

Бул жерде айрым тактоолорду киргизүү ылайык. Эгерде биздин күндөргө чейин жеткен кол жазмаларды эске алсак, анда Барсхан топоними алгачкы жолу Ибн Хордадбех (820 — 912) тарабынан[697] чагылдырылган. Анын негизги булактарынын бири, албетте, Тамим ибн Бахр ал-Мутавва'и деген саякатчы эле. Бирок ал Орхонго чейинки саякатын VIII кылымда эмес, IX к. башында (В.Ф.Минорскийдин божомолу боюнча — 821-ж., ал эми ушул саптардын ээсинин сунушуна караганда — 808-жылга чейин) жүзөгө ашырган эле[698].

Ал эми **Барсхан / Барскан** тууралуу алгачкы булактар, албетте, араб дүйнөсү үчүн VIII кылымдан кеч эмес өз кабарларын берген саякатчылар жана транзиттик соода менен алектенген кишилер болушкан. Алардын кабарларын жазып, мусулман адабиятына киргизген, бирок өз оригиналдык этно- жана географиялык эмгеги жетпей калган авторлордун бири катары Абу 'Амр 'Абдаллах Ибн ал-Мукаффа' (720—болжол менен 757-жж.) аттуу ири окумуштууну көрсөтүүгө болот. Анын эмгеги[699] Абу Са'ид 'Абд ал-Хайй Гардизи (XI к.) үчүн негизги булактардан болгон (анын Барсхан тууралуу этимологиялык жоромолун төмөндө мисал кылабыз).

Барсканды топоним катары IX —XIII кылымдардагы мусулман авторлорунун эмгектеринен өтө кеңири учуратабыз. Арийне, араб жазмасынын өзгөчөлүктөрүнүн бири — тиги же бул тамганын чекити түшүп же жылышып кетсе, аны башка тамга катары кабылдоо мүмкүндүгү бар.

Бул көрүнүш Барскан топониминин мисалында айкын билинет: Ибн Хордадбехтин (IX кылымдын ортосу) эмгегинен тартып Йакут Хамавинин (XIII кылымдын башы) географиялык асарына чейинки бир катар араб географтарынын чыгармаларында Барскан (Барсхан)

---

[696] Караев О.К. К географическим наименованиям... — С. 67.
[697] Чороев Т.К. По поводу рассмотрения топонима... — С. 332.
[698] Караңыз: Minorsky V. Tamim... — P. 303; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 1 1, 48 — 50.
[699] Czeglédy K. Gardizi. on the History... — P. 257—267; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации... домонгольского времени. — С. 16.

топоними نوشجان - Нушажан түрүндө жаңылыш жазылып калган. Мунун туура жазылган برسخان - Барсхан түрүн алгач араб географы Мукаддасинин (X кылымдын акыры) эмгегинен кезиктиребиз.

IX —X кылымдардагы араб географтарынын маалыматтарына караганда برسخان - Барсхан аттуу эки жер болгон. Бири — Ысык-Көл боюнан орун алып, «Жогорку Барсхан» деп аталган. Кудама, Ибн ал-Факих, Йакут сыяктуу географтардын кабарынан улам бул жерде 8 же 9 шаар болуп, баш калаасы برسخان - Барсхан экендигин билебиз.

Кеңирирээк маалыматты берген Ибн ал-Факих *жогорку барскандыктарды* «түрктөрдүн эң каармандарынан» деп баалаган жана алардын жүз жоокери карлуктардын миң аскерине тете салгылашаарын[700] айткан. Экинчи бир чакан برسخان - Барсхан шаары «Төмөнкү Барсхан» деп аталып, Тараз шаарынын жанынан орун алган (аны Т.Н.Сенигов, К.М.Байпаков сыяктуу археологдор азыркы Тараз шаарынан — Совет доорундагы Жамбылдан 20 чакырым чыгышыраактагы Төрткүл-Төбө[701] шаар урандысы деп санашат).

Көңүлгө арзырлык жагдай — «Худууду л-'аалам» деген автору белгисиз фарсы тилиндеги географиялык асарда (X кылымдын акыры) жана энциклопедист Абу Райхан Беруни астрономия боюнча жазган эмгегинде бир гана برسخان - Барсхан шаары Ысык-Көл боюндагы шаар катары[702] эскерилип, Тараздын жанындагы аты уйкаш чакан калаа сөзгө эч алынбаган. Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинде да бул аталыштагы (برسقان) шаар бир гана жерде — Ысык-Көл боюнда жайгаштырылат.

Ал эми Барскан (Барсхан) топониминин келип чыгышы тууралуу аңыздарга келсек, алардын бирин XI кылымдын биринчи жарымында фарсы тилинде «*Зайну л-ахбаар*» — «Кабарлардын кооздугу» эмгегин жазган Гардизи деген тарыхчы баяндаган. Бул аңыз ирандык чөлкөмдүн калкына таандык экени анын мазмунунан эле айгиненет:

«**Барсхандын калкы перстерден, тактап айтканда, Фарс чөлкөмүнүн калкынан келип чыккан**»[703]. (Фарс — айтылуу Перс булуңунун түндүк-чыгышындагы ирандык вилайеттин аты).

Бул аңызга караганда байыркы перстер тээ Искендер Зу-л-Карнайндын (Александр Македондуктун; б.з.ч. IV кылым) заманында эле Ысык-Көл чөлкөмүнө келип жашап калышкан имиш. Мындан улам

---

[700] Ибн ал-Факих. Китаабу л-булдаан... — Байруут, 1996. — С. 637 — 638.

[701] Сенигова Т.Н. Средневековый Тараз. — С. 68; Байпаков К.М. Средневековая городская... — С. 29.

[702] Беруни алтынчы ыклымга Тараз, Ош, Өзгөн, Баласагун, Кочкор-Башы, Барсхан, Ат-Башы, Ордокент (Кашкар) сыяктуу теңир-тоолук шаарларды киргизет: Беруни. Канон Мас'уда. — Ч. 1. — С. 472—473.

[703] Гардизи 'Абд ал-Хайй. Зайну л-ахбаар. — 1347/1969. — С. 265; Czegledy K. Gardizi... — P. 262.

бул жерге «Барсхан», башкача айтканда, «Фарстын бийлик эгеси» деген аталыш берилип калган имиш.

Албетте, бул аңызды эч тарыхый чындыкка жакындатууга болбойт (В.П.Мокрынин менен В.М.Плоских авторлошуп[704] чыгарган Ысык-Көлдөгү шаарлар тууралуу эмгекте негедир бул Гардизи жазган аңызды чын болуп өткөн окуя катары сыпаттоого умтулушат да, төмөндө биз келтире турган Махмуд Кашгари Барсканинин тарыхый жактан акыйкатка төп уламышын «көңүлдөн чыгарып» коюшат).

Арийне, бул аңыздын тарых илиминде жана тарыхый географияда өзүнчө бир пайдасы да болду. Маселен, Махмуд Кашгаринин эмгеги табыла элек кезде — XIX кылымдын акыры — XX кылымдын алгачкы он беш жылында да ушу аңызга таянуу менен В.В.Бартольд[705] сыяктуу чыгыш таануучулар биз үйрөнүп жаткан топонимди برسخان - «Барсхан» деп гана окуу ылайык, ал эми анын نوشجان - «Нушажан» деп кезиккен түрү болсо чекитти алмаштыруудан «ра» тамгасынын ордуна чийилиши жагынан ага жакын «вав» тамгасынын жазылышынан улам келип чыккан жаңылыш түр болуп саналат, — деген абдан туура илимий тыянакка келишкен.

Ушундай бир суроо туулушу мыйзам ченемдүү — деги ысык-көлдүк жергиликтүү калктардын өздөрүнүн бул аталыш боюнча кандай уламыштары сакталды экен? Барскан топониминин жергиликтүү элдик этимологиясы, «кудай жалгап», Махмуд Кашгари Барсканинин — дал ушул Барскан шаарынын өзүндө туулуп-өскөн өрнөктүү адамдын түзгөн сөз жыйнагында берилип калган экен.

Махмуд Кашгари Барскани калтырган маалыматка караганда, бул топоним түрктөрдүн адамга берилчү энчилүү атынан келип чыккан.

Махмуд Кашгари Барскани өз китебинин бардык жеринде бул топонимди каткалаң غ («ғайн») тамгасы аркылуу Барсған деп берет, ал эми «Диванга» тиркелген дүйнөнүн алкак тариздеги картасында болсо — каткалаң ق («қаф») тамгасы аркылуу Барсқан деп берет.

Баарынан кызыгы, ушул «Барскан» деген түрүн биз «Манастын» залкар манасчы Сагынбай Орозбак уулу айткан вариантынан да учуратабыз.

Махмуд Кашгари Барскани өзү Барскан деген киши атын эки башка мүнөздөйт. Биринчиден, Барскан — бул түрктөрдүн тарыхый уламышындагы баатыр жана жол башчы Алп Эр Тоңанын уулунун ысмы[706] катары түшүндүрүлөт.

Алп Эр Тоңаны карахандык («хаканиялык») түрктөр *Афрасийаб* деп да аташкан. Алар Карахандар сулалесинин байыркы ата-тегин дал

---

[704] Мокрынин В.П., Плоских В.М. Иссык-Куль...
[705] Бартольд В.В. Иссык-Куль. — С. 437—439; Он же. Избранные труды... — С. 337.
[706] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 313a.

ушул уламыштык инсанга такап санжыра жүргүзүшкөн. Ушу жерден кыпчып айта кетээрибиз, Барскандын атасы Алп Эр Тоңанын ысмы менен канчалык даражада байланыштуу экендигин кесе айтуу кыйын го, бирок, Барскан калаасы[707] орун алган Ысык-Көл чөлкөмүндө IX кылымдан азыркыга чейин сакталып жеткен Тоң топоними бар (эзелки Тоң шаары; азыркы Тоң суусу; Тоң району). Ушул Тоң өрөөнүндө жакында профессор Кубатбек Табалдыев жетектеген археологдор Карахандар дооруна таандык шаардын калдыгын таап, иликтөөсүн улантууда.

Экинчиден, бул Барсқан ысмын Махмуд Кашгари Барскани кайсы-бир уйгур бийлик эгесинин кол алдындагы жылкычынын ысмы катары көрсөтүп, мындан улам шаар да кийинчерээк Барскан аталып калгандыгы тууралуу аңызга[708] учкай токтолот.

Пикирибизде, Махмуд Кашгари биринчи аңызды көңүлүнө төп, туура деп кабыл алган сыяктуу. Бир жагынан бул аңыз боюнча Карахандар сулалесинин хандарынын аброю көтөрүлмөк, шаардын келип чыгышын кадыр-барктуу ата-бабасы менен байланыштыруу бул этимологиялык варианттын саясий маанисин арттырмак.

Ал эми экинчи вариантты («жылкычынын ысымы») Караханийлер (Кара кагандар) дөөлөтү менен уйгурлардын Турпандагы мамлекети кас душмандык абалда болсо да эскертип өтүүсү Махмуд Кашгаринин илимпоздук объективдүүлүгүн, акыйкатчылдыгын далилдейт. Бул илимпоздун дарекке болгон мындай мамилеси тарыхчыларга азыр да үлгү боло алат.

Барскан шаары Карахандардын бир дубан (бектигинин) элинин борбору (байтактысы) болгон. Мында бийлик жүргүзгөн бек чыгарган XI кылымдын ортосуна таандык тыйындардын айрымдары бизге сакталып жеткен (О. Прицак[709], Б.Д.Кочнев, М.Н.Федоровдун макалаларында[710] бул тыйындар эскерилет).

Айрым учурда Барскандын бектери өз алдынча саясатын тереңдетүүгө умтулганы тарыхта маалым. Маселен, араб тарыхчысы Ибн ал-Асирдин (XIII к. башы) жалпы тарыхка арналган ири чыгармасындагы кабарга караганда, XI к. акырында (1089 —1090-ж.) Барсканды бийлеген Тогрул ибн Йинал деген бек бир нече түмөн аскери менен келип, Кашкар шаарына кол салып, анын казынасын

---

[707] Барскан шаар чалдыбары тууралуу караңыз: Бернштам А.Н. Археологический очерк... — С. 80—82.
[708] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 313a.
[709] Pritsak O. Mahmud Kâşgarî... — S. 244, nt. 9.
[710] Кочнев Б.Д., Федоров М.Н. Два клада... — С. 180, 181 и др.

талоон кылган. Ал түгүл Кашкарда отурган Улуу каганды (ал-Хасанды) убактылуу болсо да туткунга түшүрүп кайткан[711].

Борбордук Теңир-Тоонун бир бучкагындагы Барскан шаары саясий жактан гана эмес, экономикалык жактан да ыңгайлуу жердеги калаа болгон. Бул шаар аркылуу Улуу жибек жолунун бир чыйыры өтүп турган.

Демек, Барскан — ысык-көлдүк жай ысымы катары жазма булактарда, нумизматикалык булактарда, фольклордук маалыматтарда IX —XX кылымдарда кеңири эскерилет.

Ал түгүл Абу Райхан Беруни өзүнүн астрономиялык «*Китаабу т-тафхиим ли-'аваа'или синаа'ати т-танжиим*» — «Жылдыздар тууралуу илимдин башаттарына түшүндүрүү китеби» (1029-ж. жазылган) аттуу арабча эмгегинде «Барсхандын жанындагы ايسيكول - Ысык-Көл көлү» тууралуу эскерип, демек, мында көлдүн башкы шаарынын атын да[712] белгилей кетет.

Фарсы тилинде «Жахаан-нааме» — «Дүйнөнү сыпаттаган китеп» эмгегин жазган аалым Мухаммед Нажиб Бекран да Ысык-Көлдү Барсхан топоними менен байланышта[713] берет.

Ал эми Борбордук Теңир-Тоодо X —XII кылымдарда өзүнчө бир «барскан» деген уруу болгон бекен?

Бул маселеге жооп табуу үчүн орто кылымдардагы жазма булактарды кылдат изилдөө керек. Мүмкүн болушунча кеңири салыштырууга аракеттенип, колубузга төмөнкүдөй маалыматтарды чогулттук.

Азыркы илим чөйрөсүнө белгилүү тарыхый жазма булактардын ичинен Барскан деген аталышты түрк элдеринин этнонимдеринин тизмесинде берген алгачкы эмгек — багдаттык тарыхчы жана географ ал-Мас'уди (956-жылы өлгөн) жазган «*Муруужу з-захаб ва ма'аадину л-жаваахир*» — «Алтын казуучу жайлар жана көөхар кендери» аттуу ири эмгек.

Мында төмөнкүдөй фрагмент учурайт:

«Ошондой эле түрктөргө кимектер, барсхандыктар, *ал-бадиййа* (каирдик басылмада — ал-йадиййа) жана *ал-жагрийййа* (ал-хукубиййа) да кирет»[714].

Арийне, бул автор өзү Теңир-Тоо чөлкөмүнө чейин саякаттап келген эмес. Ал жазган кабарлар китептен алынган же болбосо үчүнчү

---

[711] МИКК. — Вып. 1. — С. 59; Караев О.К. История Караханидского... — С. 162—163.

[712] Беруни. Книга вразумления... — С. 102.

[713] Бакран Мухаммад. Джахан-наме. — С. 22—23 (факсимиле — лл. 86 — 9а).

[714] ал-Мас'уди. Муруужу з-захаб... — Жилд 1. — С. 185; Maçoudí. Les Prairies... — Vol. 1. — P. 288; Şeşen R. İslam... — S. 44.

даражадагы булактардан алынган (тарыхчынын маектешкен адамы дагы башка бирөөлөргө шылтап айткан аңыздар ж.б.).

Ошондуктанбы, анын эмгегинде бир катар түрк элдеринин аттары дегеле таанылгыстай бузулуп берилген: кимектин ордуна кимал деп, харлуктун ордуна — خولج хавлаж, йагманы — يدية (йадиййа) / بدية (бадиййа)[715] деп жазган. Мындан улам ал-Мас'уди түрк элдеринин тизмесине Барскан топонимии жаңылыш жазып койгон, — деп эсептейбиз.

Дагы бир кызыктуу санжыралык эмгек 1206-жылы фарсы тилинде жазылган. Ал Ооганстандагы жана Түндүк Индиядагы түрк султандарынын, аскер башчыларынын кол алдында кызмат кылган Фахруддин Мубарек-шах Мерверрудинин[716] калемине таандык. Мерверруди да, Махмуд Кашгаринин түрк тилинин мааниси тууралуу пикирине үндөшүп, мусулмаи дүйнөсүндө түрк тилинин ролунун өсүп баратканды тууралуу өзүнчө ой жүгүртөт, түрктөрдүн жазмасы бар экендиги тууралуу кабардайт.

Бул асарда да Барскан топоними түрк элдеринин аталыштарынын тизмесине кирип калган (жалпысынан, Мерверруди 63 түрк этнонимин[717] санап берет). Кызыгы, Барскан сөзүнөн оболу ال «ал-» деген компонент жазылыптыр (б.а. ل «лам» тамгасы өз алдынча келчү түрдө жазылган!). Ал экөөнү чогуу окуу зарылдыгын түшүнүшкөн адистерден И.И.Умняков «âл-и Барсхан» деп, түрк чыгышпозу Рамазан Шешен — «эл-барсхан» деп, өзбек иранисти Б.А.Ахмедов — «ал-барсхан» деп, казак арабисти Б.Е.Көмеков — «илъбарсхан» деп, ар кимиси ар кыл түрдө окушат[718].

Бул чечмелөөлөрдөгү тарыхый чындыкка ылайыгы, биздин пикирде, орусиялык чыгыш таануучу И.И.Умняковго таандык вариант болуп саналат. Себеби бул вариант боюнча «ал-» компоненти араб-фарсы терминин алынган (эмгек фарсыча жазылганын жадыбыздан чыгарбайлы).

Мындагы «âл-и Барсхан» сөз айкашы «Барскандын урпактары», «Барскан негиздеген кагандык үй-бүлө», «Барскан негиздеген сулале» деп которулат.

Бул жерде Барскан термини кандайдыр-бир эпоним (урууну же сулалени негиздеген эң адепки ата-бабанын ысымы) иретинде колдонулган. Бул эпоним жогоруда биз белгилеп өткөн Махмуд

---

[715] Чороев Т.К. К интерпретации тюркского... — С. 377 — 378.
[716] Караңыз: Ross E.D. The Genealogies... — P. 392—413; Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шаха... — С. 75—77.
[717] Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шаха... — С. 76.
[718] Marvar-rudi. Ta'rikh-i... — P. 30b, 47; Умняков И.И. «История»... — С. 115; Ахмедов Б.А. Значение... — С. 24—25; Şeşen R. İslam... — S. 17, 153; Кумеков Б.Е. Арабские и персидские...; Чороев Т.К. «Та'рих» Мубарак-шаха... — С. 76.

Кашгари Барсканинин маалыматындагы Барсканды бийлеген Афрасийабдын (Алп Эр Тоңанын) уулун эске салат.

Ушул жерден кошумча эскере кетсек, «Барскан» термини менен Афрасийаб антропонимин байланыштырып түшүндүрүү аракетин осмон түрк тарыхчыларынын бири Хусейин Хисамуддин Амасийели XX кылымдын башында жасаган. Ал «Афрасийаб — ким» аттуу макаласында Мас'удинин, Фирдоусинин, Махмуд Кашгаринин, Йакуттун, Бадр ад-Дин ал-'Айнинин чыгармаларын булак катары пайдаланып, «Афрасийаб» сөзү байыркы түркчө «Барс алп» сөзүнүн жаңылыш жазылган ирандык берилиши, — деп далилдөөгө умтулат.

Амасийелинин пикирине караганда, баатырдык ысымы Барс Алп болгон тарыхый инсан ислам дооруна чейин жашаган жана ал каган (хан) даражасына жеткенде «Барс хан» деп атыккан. Дал ошол хандын ысымынан Барскан топоними келип чыккан. Махмуд Кашгари жазган Афрасийабдын башка ысымы — Алп Эр Тоңа[719] катары берилген, анын башка ысымы — Барскан болсо анын уулунун ысымы катары көрсөтүлүп калган, — дейт Хусейин Амасийели[720]. Бул өтө кызыктуу этимологиялык жоромол келечекте да тастыктоону талап кылат.

Ал эми XII кылымдын башындагы «Мужмалу т-таваариих ва-л-кысас» эмгегинде Ысык-Көл боюн жердеген Түрк деген адамдын төрт уулу — Барсхан, Илак, Тоң, Чигил дегендер саналып өтөт (жогорурааста мисал кылынган фрагментти караңыз).

X—XII кылымдарда бул төрт ысым (эпоним) менен атыккан шаарлар мусулман географтарынын чыгармаларында (Илак — Ташкендин жанындагы Ахангеран, б.а. Ангрен суусунун боюнда; Чигил — Тараздын жанында; Тоң менен Барскан — Ысык-Көл өрөөнүндө) катталган, алардын ичинен этноним катары чигил гана кеңири белгилүү.

Алгач төмөнкүдөй тыянакка жол берели: эгерде этноним катары кабыл алсак, анда Тоң, Илак, Барскан топонимдерин «пайда кылган» тоң, илак, барскан деген чакан көчмөн түрк уруулары VI—VIII кылымдарда жалпы Теңир-Тоо аймагында жашашы ыктымал. Бирок алар толугу менен чачырап, башка ири элдердин (огуз, чигил, йагма, карлук, калач, тухсы ж.б.) арасына акырындап жуурулушуп кеткендиктен, X—XII кылымдарда тоң, илак, барскан деген уруулар эч кезикпей калгандыр.

Бирок бул жоромолго да толугу менен кошулууга эртелик кылат. Биздин пикирибизде, Барскан топоними төмөнкү жагдайдан улам

---

[719] Караңыз: «Каздын атасы болгон Тоңа Алп Эр — бул Афрасийаб болот». — Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 255b.

[720] Амасийели Хусейн. Афраасийааб кимдир. — № 4. — С. 117—124; № 6. — С. 176—182.

айрым ортоңку чыгыштык жана жакынкы чыгыштык мусулман авторлордун эмгектеринде түрк этнонимдеринин тизмесине киргизилип калган: Ысык-Көл тарапта болуп кайткан саякатчылар бул жердеги калкты сыпаттаганда арабча اهل برسخان («ахл Барсхан») — «Барскандын калайыгы», «Барскандын жашоочулары» деп мүнөздөп беришкен, кай бири жергиликтүү калктын Алп Эр Тоңа жана анын илбирстей чапчан уулу Барскан жөнүндөгү аңыздарын айта жүрүшкөн.

Мындан улам батыш чөлкөмдөрдөгү мусулман көчүрмөчү (компилятор) тарыхчылардын айрымдары түрктөрдүн арасында өзүнчө бир барскан уруусу бар көрүнөт, — деген жаңылыш пикирге жетелениши ыктымал.

Салыштырып көрсөк, Берунинин «Китаабу с-сайдана...» деген медициналык баалуу эмгегинде «лугату ахли Исбижаб» «Испижабдын (азыркы Чимкенттин) калкынын тили (диалекти)»[721] деген сөз айкашын пайдаланып, Испижабда жашоочу ирандык тилде сүйлөгөн этностук топтун говоруна таандык медициналык терминдерди берген. Бул сөз айкашынан улам, фарсы тилинде сүйлөгөн калктардын ичинде испижаб деген уруусу бар, — деген калпыс бүтүм чыгарып жибербешибиз анык эмеспи.

Барскан деген топоним менен катар эле уруу аты болгон-болбогонун териштирүү үчүн эң зарыл маалыматтарды биз Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванынан» учуратабыз. «Диванда» Ысык-Көлдү XI кылымда жердеген калктар тууралуу ар тараптуу кабарлар мол камтылган. Мында алардын чарбасы, социалдык ж.б. турмуш жайы, тили, кулк-мүнөзү, шаарларды, ашуу-белдери жөнүндө баалуу маалыматтар кезигет. Бул кабарлардын бардыгына токтолуп өтүүгө мүмкүнчүлүк жок. Ошондуктан биз тек гана Ысык-Көлдөгү Барскан деген калаадан башка айтылышы окшош энчилүү ат кездешпегенин, Махмуд Кашгари барскан деген уруунун деги эле кайсы жерде болсо да бар же жок экендигин эч оозго албагандыгын эскертүү менен маселенин ток этер жерине өтүүнү туура таптык.

Бирок неге анда айрым «Диванды» изилдөөчүлөр (Б.Аталай, С.Муталлибов ж.б.) Барскан топонимии ушул сөз жыйнактын негизинде этноним катары сыпаттап жатышат? — деген мыйзам ченемдүү суроо туулушу мүмкүн. «Диванды» өз түп нускасында изилдөө мүмкүндүгү жок бир катар изилдөөчүлөр (ономасттар А.А.Абдырахманов, Сүйүн Караев[722] ж.б.) жогорудагы «Диванды»

---

[721] Беруни. Фармакогнозия... — С. 46 (прим. 171), 234. Мында «луга» сөзү менен Беруни бул эмгегинде тилди деле, диалектини деле көрсөтө берээри белгиленет.

[722] Әбдірахманов А. Топонимика және . — Б. 73; Караев С. Древнетюркские топонимы... — С. 28—29 (өзбекстандык бул кыргыз топонимист аалым «Махмуд Кашгариде барсган этноними белгиленген» деп жазат).

которуп изилдеген авторлордун тыянагын кеңири пайдалануу менен алардын пикиринин калпыс жагын да «хрестоматиялык» даражага жеткиришүүдө.

Ушундай олуттуу жагдайдан улам диссертант «Дивандагы» Барскан топонимии уруу аты катары чаташтырып алуу коркунучу бар жерлерди өзгөчө талдап, бул маселени 1986-жылы май айында Фрунзе (Бишкек) шаарында өткөрүлгөн Кыргызстан ИАсынын жаш окумуштууларынын VIII республикалар аралык илимий жыйынында атайын караган эле[723].

Деги, Махмуд Кашгаринин эмгегиндеги топонимди этноним катары чаташтырууга жол коюшу мүмкүн болгон «шектүү жайлар» кайсылар?

1. «Казган йер» («Казылган жер») деген сөз айкашы талданган сөздүктүк макалада Махмуд Кашгари төмөнкүдөй ылакапты мисалга алат:

«*Куш йавузы — сагызган,*
Йыгач йавузы — азган,
Йер йавузы — казган,
Бодун йавузы — Барсган»[724].

(«Куш жаманы — сагызган; жыгач жаманы — азган жыгачы; жер жаманы — казылган жер; эл жаманы — Барскан эли»), Мындагы эң акыркы сапты Махмуд Кашгари төмөнкүдөй кылып араб окурманына таржымалап берет:

«**Адамдардын ичинен эң начары — Барсканда жашоочулар (текстте:** سكان **«суккаану** برسغان **Барсған»), анткени алар кулк-мүнөзү начар, жеткен сараң келишет**»[725].

Мындагы сүйлөмдө шаарынын калкы тегерегиндеги көчмөн айылдардагы калайыкка караганда зыкымдыгы, сараңдыгы менен айырмаланган калкы бар **Барскан шаары**, б.а. топоним жөнүндө гана сөз жүрүп жатат. Бул аңызды Барскан калаасынын тегеретесиндеги көчмөн түрк калкы, б.а. чигилдер чыгарган болуусу ыктымал.

(Ушул жерден кыстара белгилей кетсек, чигилдер борбордук азиялык кеңири түрк калктарына жуурулушкан. Арийне, алардын ичинен көлдүк чигилдер кыргыздар үчүн да негизги жергиликтүү этнокомпонент, жөнөкөйлөтүп айтканда, ата-бабаларынан болуп саналат. Өткөн кылымдын соңунда профессор Сабыр Аттокуров XIX

---

[723] Чороев Т.К. По поводу рассмотрения топонима... — С. 332 — 333.
[724] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S.110b.
[725] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 111a.

кылымдагы орус саякатчысы П.П.Семенов-Тянь-Шанскийдин Теңир-Тоого саякатнаамасындагы бугу манабы Боромбай «өзүн жикилдердин хандарынын тукуму» деп эсептээри тууралуу жазганын дагы бир ирет илим чөйрөсүнүн эсине салды[726]).

2. «Йазыг от» деген терминди Махмуд Кашгари төмөнкүдөй кылып арабча которот:

«**Йазыг от — адырашман. Кашкардын тилинде. Ал эми Уч менен Барскандын тилинде аны** الدرك **- «эледдүрүк» деп аташат**»[727].

Бул парчада Кашкар, Уч (Чыгыш Түркстандагы шаарлардан) жана Барскан терминдеринин үчөө тең топоним гана болуп саналат.

3. Дагы бир кызык үзүндү ушу:

«**Барскандын калкы (ахл** اهل **Барсган) «буудай» сөзүн оңдуу айта алышпайт. Алардыкы «буғдай» делинип калат. Бул (сөз) менен «Мен ал жактан эмесмин» — деген адамды сынап көрүшөт**»[728]. Бул парчада да Барскан — географиялык аймак катары сыпатталат.

4. Дагы бир талаш пайда кылуучу парчаны мисалга алалы:

«...**Ал эми чигил, Кашкар, Баласагун, аргу, Барскан, уйгур (жана башка) Жогорку Чынга чейинки калктардын тилине келсек, алар ушул маанидеги этиштик зат атоочторду туюндуруучу сын атоочторду буйруктан** (буйрук этиштен. — Т.Ч.) **жасашат... Мунун түшүндүрмөсү: бул тилде** (б.а. чыгыш түркчө тилдерде. — Т.Ч.) **буйрук иретинде «БАР!» деп айтылат, (арабча) туюнтканда — «бар!» — дегени. Андан улам этиштик зат атооч «баргучи»** (баруучу. — Т.Ч.) **делип жасалат**»[729].

Бул үзүндүдө Кашкар, Баласагун, Барскан, Жогорку Чын — эч талашсыз топонимдер, ал эми чигил, аргу, уйгур терминдери — бир эле учурда этногеографиялык аймакты туюндурган этнонимдер болуп саналышат. Ошондой болсо да мындагы этнонимдер менен топонимдер аралаш айтыла берген, анткени ар бир топоним биерде өз

---

[726] Аттокуров С. Саякатчы... — Б. 86.

[727] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 225a. – Орусча котормого салыштырыңыз: ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 749: (№ 4639): “Йизиг — „зловонный”, о любом предмете, йизиг ’ут „могильник”, в наречиях Кашгар, в наречиях Уж и Барсган он называется ’илддурук, а в огузском наречии — йузарлик”.

[728] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 276a.

[729] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 146a—146b.

аймагындагы калктын тилдик өзгөчөлүгүн (говорду) белгилөө үчүн пайдаланылган.

(Айтмакчы, бул акыркы үзүндүдөгү Баласагун топоними Килисли Риф'ат даярдаган арабча текстке негедир кирбей калганын «Диванды» тиги же бул тилге которгон изилдөөчүлөр атайын белгилеп айтышкан эмес. Бул топоним өзбекче котормонун текстинде да жок, бирок түркчө жана англисче котормолордо калыбына келтирилген[730]).

Ушул эле мисалдар жетиштүү болор. Демек, Махмуд Кашгари Барскани өзү барскандыктар жөнүндө жазганда аларды өзгөчө түркий уруу катары эч качан эсептеген эмес. «Барскандыктар» деп ал Ысык-Көлдөгү Барскан шаары чордон болуп калган бир дубандык калктын тилдик өзгөчөлүгүн (говордук жалпылыгын) гана айырмалап белгилейт.

Ошондуктан Махмуд Кашгаринин маалыматтарын иликтөөнүн негизинде академик В.В.Бартольддун «Барсхан шаарынын өзгөчө наречиеси (говордук жалпылыгы) бар калкы» катары барскандыктарды түшүнүүсү азыр да илимий баасын төмөндөткөн жок, — деп ишенимдүү тыянак кыла алабыз[731].

Барскандын чөлкөмүндөгү калктын тилиндеги өзгөчө бир аймактык жалпылык X кылымдын акырына чейин калыптанып бүткөн болуу керек.

Ысык-Көл аймагында бул доордогу башкы эл болуп, жогоруда да белгиленгендей, чигилдер эсептелет. Алар Ысык-Көлдү жердеген башка түрк калктарынын (тухсы, карлук, кыргыз, аз, ж.б.) айрым чакан топторун өздөрүнө сиңире баштаганын түкшүмөлдөөгө болот. Маселен, Махмуд Кашгари Барскани өз эмгегинде Барскандан көп алыс эмес жайгашкан Куйас шаарын тухсы деген эл жердегенин, тухсыларды анын заманында «тухсы-чигил» деп да атап коюшаарын[732] эскергени бар.

Демек, X —XII кылымдарда түрк калктарынын ичинде барскан деп аталган айрым бир уруу эч жолуккан эмес[733].

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын чөлкөмүндө миң жылды камтыган узак доордо (X—XX кылымдарда) ар кандай мүнөздөгү ири саясий окуялар, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, маданий өрүш өсүү жана чет жактан келген калайманчылардын жортуулдары сыяктуу оош-кыйыш кубулуштар болуп өткөн.

Арийне, бул тарыхый окуялар Кыргызстанды, анын ичинен — Ысык-Көл аймагын, кылымдар бою мекендеп келген калктын

---

[730] Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари... — Б. 83.
[731] Караңыз: Бартольд В.В. Очерк истории туркменского... — С. 579.
[732] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 107a.
[733] Чороев Т.К. По поводу рассмотрения топонима... — С. 332 — 333.

тарыхындагы этностук ыраатын, мурастуулугун орчундуу мүнөздө буза алган эмес. Бүгүнкү кыргыздар он кылым илгерки Ысык-Көлдү жердеген калкты, алардын ичинде чигилдерди, тухсыларды ж.б. өздөрүнүн түздөн-түз ата-бабасынын бири катары толук эсептей алат.

Теңир-Тоодогу бул тарыхый-этностук мурастуулук он кылым илгери Барскан, Тоң, Ош, Өзгөн, Ат-Башы, Кочкор(-Башы), Талас, Суусамыр (Сыгун-Самур) сыяктуу жер-суу аттарынын бүгүн да кыргыздар тарабынан ырааттуу сакталып калгандыгы өзгөчө назар салууга арзыйт. Албетте, Баласагын шаары кийинчерээк кара кытайлардын тушунда Куз-Балык деп өз аталышын өзгөрткөн, андан соң саясий маанисинен ажыраган, ошол себептүү анын калдыгы (жамы мечиттин бир чоң мунарасы) “Бурана” аталышы менен бизге сакталып жеткен. Кочкор-Башы шаарынан Кочкор өрөөнүн аты калды. “Өзкенд” бизге “Өзгөн” болуп жетти. Тараз шаарынан Талас өрөөнү жана Тараз шаары калды.

Бүгүнкү күнү Кыргызстандын Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районунда Барскоон деген чоң кыштак бар, анын чыгыш жагында Барскоон капчыгайы аркылуу Барскоон суусу агып, түз эле Ысык-Көлгө куят.

Бул аймак азыр да тоом жолдун четинде, илгерки замандарда да Улуу жибек жолунун таманында болгон. Барскоон капчыгайы аркылуу түштүккө карай өрдөп, андан соң чыгышка бурулуп, Бедел ашуусуна жетип, бул ашуу (“Махмуд Кашгари Барсканинин “Диванында” “Бедел-Арт” деп берилген ашуу) аркылуу Батыштан келген кербендер Чыгыш Теңир-Тоого жана андан ары Ыраакы Чыгышка сапарын уланткан. Чыгыш жактан келген кербендер болсо Бедел (Бедел-Арт) ашуусу аркылуу Барскан шаарына түшүп, андан ары Кочкор-Башы, Баласагын, Тараз, Шаш (Ташкен) шаарлары аркылуу батышка карай кеткен.

Кыргызстан эгемендикке жеткен соң, XX кылымдын соңунда Барскоон кыштагындагы жамы мечит Махмуд Кашгари Барсканинин ысымында аталып калды.

Махмуд Кашкари Барскани атындагы Чыгыш университетинин мурдагы ректору Асан Ормушев менен Т.Чоротегин. 10.10.2014.

IV бап.
Чыгыш түрктөрү тууралуу этно-маданий маалыматтар

IV. 1. Социалдык турмуш, чарбачылык, каада-салттар, тамак-аш, кийим-кечек, космонимия, музыка өнөрү, оюндар

СОЦИАЛДЫК ТУРМУШ

Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги Караханда каганатынын жана башка өлкөлөрдүн түрк тилдүү калктарынын коомдук жана маданий турмушунун ар кыл тармактарын чагылдырган кеңири терминологиялык жана фольклордук маалыматтарды камтыган. Алардын ичинде социалдык ар кыл иерархиялык тепкичте турган түрк коомунун таасын сүрөтү чагылдырылуучу социалдык-таптык терминдер бар.

Сөз жыйнакта Махмуд Кашгари кедейлерди түрктөр “чыгай” деп аташаа-рын, ал эми аргу тилинде бул сөз чыган делип, акыркы тыбышы «н» менен айтылаарын жазат[734] . Арийне, сөз жыйнактын башка жерлеринде ал ушул терминдин жалпы түрктөргө таандык түрүн («чыгай) колдонот. Чыгайларга социалдык жактан карама-каршы айтылган катмарлар — бай деп аталган.

Сөз жыйнакта: «Кырк йылка тегин бай чыгай түзленур»[735] — «Кырк жылга чейин (кыргызча вариант: дейин / дейре / чейин. — Т.Ч.) май менен кедей теңдешээр» деген макал бар.

Мында «бай» сөзү Карахандар доорунда да, кийинки кыргыз коомунда да бирдей эле социалдык катмарды билдирип келген[736].

Коомдогу иерархиялык тепкичтин туу чокусу — хаканга (ошол кезде эле “хан” түрү[737] да болгон) тийешелүү болгон.

«'Ал-хаканиййа' бийлик эгелери (мулуук) «кара» сөзү менен [сыпатталып] аталышат. Мындай делинет: 'БУГРА КАРА

---

[734] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 13b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 31.

[735] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 88b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 349.

[736] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 257b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 158; Brockelmann C. Mitteltürkischer... — S. 29; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 858 (№ 5409).

[737] “Хан” (خان) – алардын падышаларынын эң улугу. Минтип Афрасийабдын урпактарын, б.а. хаканды айтышат. Бул аталыштын узун аңгемеси бар”. – Караңыз: Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 256b; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 857 (№ 5404).

ХАКАН. Мунун өзүнчө бир аңгемеси бар»[738] — деп Махмуд Кашгари Барскани Карахандардын жогорку титулу тууралуу белгилейт.

«Хан каршыка эмгенди» сүйлөмү «Хан сарайына чаалыгып келип түштү» деп которулат да, мындагы «эмгенмек» этиши бек сыяктуу өтө мартабалуу ак сөөк кишилер үчүн гана колдонулуучу сылык сөз экендиги белгиленет[739]. Ушул эле жерде бул сылык сөздү огуздар колдонбой тургандыгы айтылган. Демек, бул сөз карахандык түрктөрдүн аристократиялык (ак сөөктүк) катмарына карата гана колдонулган сөздөрдөн болуп саналат.

Хандын аялы, б.а. каныша үчүн «қатун» термини колдонулган:

«'КАТУН' — Афрасийабдын кыздарынан болгондордун аталышы. Төмөнкүдөй кеп да бар: «Хан иши болса катун иши калур» «Хандын иши, буйругу чыкса, катундун иши четте калаар». Бул кеп арабдардын «Изаа жаа'а нахру Ллахи батала нахру 'Иисаа» дегенине окшойт», — деп жазат Махмуд Кашгари Барскани[740]**.**

[Мындагы арабча накыл кеп «Эгерде Алла-тааланын дарыясы келсе (ташыса), анда Ыйсанын дарыясы бери жакта эле калат (керексиз калат)», - деп которулат. Англисчеге которгон Р.Данкофф менен Жеймс Келли Ыйса пайгамбардын каналы катары сөз оюнун түзүп жаткан термин — Багдад шаарындагы каналдын аты экендиги, ал эми «Алла-тааланын дарыясы» дегени — деңиз, нөшөр же кыян катары аңдалышы керектиги тууралуу[741] таасын белгилешет.]

Кагандан кийин турган бийлик эгеси — бек ('бег') болгон. Карахандарда айрым чөлкөмдөрдү бектер башкарып, алар өз тыйынын чыгарып, бирок жалпы улуу каганга ('хакан', 'хан') баш ийип турушкан. Арийне, кээде бек тигил же бул кагандын сөзүнө баш ийбей, жикчилик маанайдагы козголоңду чыгарып да турган.

---

[738] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 271b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 221.
[739] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 66b—67a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 255; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 222.
[740] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 103b—104a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 410.
[741] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 311, nt. 1.

Махмуд Кашгари Барскани «**Бег ханқа ала болды**» деген сөздү араб окурманына «Бек (امير - «амир») хандын сөзүн укпай, ага каршы чыкты, душмандарынын кейпин кийди»[742] — деп которот.

Бек чынында да бир катар автономиялык бийлик укуктарына эгедер болгон. «Бег эли» деп ага баш ийген вилайет аталган[743].

Айрым учурда тигил же бул бектер өз ара келишим түзүүсү, согушун токтотуп, элдешүүсү да мүмкүн болгон. «**Эки бек бирле эл болды**»[744] — «Эки бек өз ара элдешти» деген сүйлөм да «Диванда» учурайт.

Бек өз кол астындагы төбөлдөргө жана аскер башыларына даража жана сыйлык бере алган. Азыркы «атак» деген кыргызча сөз ошол доордо «ат» деп гана айтылган: «**Бек ангар ат берди**»[745] — «Бек ага даража (атак) ыйгарды» деп түшүндүрүлгөн жана уруунун башчысын (кабииру л-кавм) «атлыг» деп коюшаарын да Махмуд Кашгари Барскани кошумчалай кеткен. Азыр да кыргыз тилинде бул сөз «аттуу-баштуу» түрүндө сакталып келди.

Бул эмгегинде Махмуд Кашгари Барскани: «**Йер басрукы таг, бодун басрукы бег**»[746] — «Жерди басып (кармап) турган — тоо, элди басып (кармап) турган — бек» деген макалды да белгилейт.

Бек согуш кырдаалы жок маалда өз аскерин журттарына таркатып турган акыбалды Махмуд Кашгари Барскани «**Бег сусин йасды**»[747] деген сүйлөм менен түшүндүргөн.

Ал эми бектин өз аскерине сыйлык берип, көңүлүн ачтырганы «**Бег эрин ачынды**»[748] деген сүйлөмдөн айгинеленет. «Диванда», жогорудагы мисалдар-дан көрүнгөндөй, кээде бег, кээде бек деп жазыла берет.

---

[742] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 27a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 82; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. -P. 119.
[743] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 18b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 48; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. -P. 96.
[744] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 18b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 49; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. -P. 97.
[745] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 26b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 78—79; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 116.
[746] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 118a; Dankoff R. Kāšγarī on the Tribal... — P. 26, nt. 6.
[747] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 235b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 59.
[748] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 54b — 55a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 199; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 195.

Канзаадалар үчүн «тегин» сөзү колдонулган. Оболу бул сөз менен кулдар аталган, кийинчерээк хакандын үй-бүлөсүнүн балдарына (канзаадаларга) бериле баштаган, — дейт «Дивандын» автору[749].

Айтмакчы, жуан-жуан (жужан) доорунда, б.а. байыркы чыгыш түрктөр менен монгол тилдүү калктар ири мамлекеттин курамында чогуу болгон заманда (балким, илгерки хун жана дунху этностук-маданий алакаларынын кезеңинде) бир катар байыркы монголдук сөздөр жана грамматикалык сөз жасоо усулдары чыгыш түрктөрүнө да өз таасирин тийгизген. Маселен, көптүк санды билдирүү үчүн түркчө сөзгө «—лар» мүчөсү уланса, ал эми байыркы монголдордо «-уут», «—уд» мүчөсү уланчу.

«Тегин» сөзүнүн көптүк түрү «тегит» түрүндө болоорун жазуу менен бирге, Махмуд Кашгари Барскани бул сөз жалпы эрежеден тышкаркы бир көптүк түрү экендигин эскерте кетет[750]. Ал эми ак сөөктөрдүн улууларына жана канзаадалардын кичүүлөрүнө жалпылап «өге-тегит» деп коюшаары, «өге» сөзү тээ уламыштагы Зу-л-Карнайндын доору менен байланыштуу экендиги ушул эле сөздүктүк макалада баяндалат.

Дагы бир төбөлдүк тепкич йафгуга (жабгуга) таандык болгон. «**'ЙАФГУ — хакандан эки даражага төмөнүрөөк турган, букарадан чыккан (төбөлдүн) наамы**»[751] — дейт Махмуд Кашгари Барскани.

Катундан бир тепкичке иерархиялык даражасы төмөнүрөөк болгон айымды قنجوي - “кончой” деп аташкан. «Катун-кончой» сөз айкашы[752] менен жалпы эле ак сөөк айымдарды айтышса керек (азыркы кыргызча “катын-калач” сөзү[753] үйдөгү аялзатты чогуу айтуу үчүн колдонулат).

Карахандар доорунда чыгыш түрктөрүнүн социалдык бир катмары — кулдар болгон. «**'КАРА БАШ' — кулдардын аты. Бул сөз кулга да, күнгө да тийешелүү. (Арабча) 'кара баш' (ар-ра'су л-асваду) маанисин берет**»[754], — дейт Махмуд Кашгари.

---

[749] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 104b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 413—414; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 314.

[750] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 90a; Atalay B. Dîvânu... Tercumesi. — Cilt 1. — S. 355; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium… — Pt.1 — P. 276.

[751] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü. / Tıpkıbasım.— S. 229b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 32.

[752] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü … / Tıpkıbasım. — S. 275b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 240.

[753] Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. 1985. – Кн. 1. – с. 329.

[754] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 272a; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 222.

Кулчулуктун булагы катары туткундоо жана сатуу жолдору орун алгандыгы ограктар менен болгон согуш сыпатталган бир ырдын сабынан да айгинеленет:

«*Иши аның арташып,*
Ограк биле өртешип,
Бойнун алып казрышып,
Тутгун алып кул сатаар»[755].

Азыркы кыргыз тилине бул төрт сапты которсок:

«Иши анын оордошуп,
Ограктар менен урушуп,
Моюндан алып кайырышып,
Туткун алып кул кылып сатаар».

Мындагы эң акыркы сап кулчулуктун пайда болуу жана жайылуу түрлөрүн чагылдырат. Арийне, кулдар Карахандар доорунда негизги өндүргүч күч болушкан эмес. Байлыктын негизи эркин адамдар тарабынан өндүрүлгөн.

Кулдар жана күңдөр кошумча иштерде пайдаланылган. Кулду же күңдү кумарга же башка оюнга сайып утуу фактылары да учурайт:

«**Ол мениң бирле ок атты кызлашув**» сүйлөмү «Ал мени менен ортого күң кызды сайып жаа менен ок атып мелдешти» деп которулат[756]. Ал эми йабаку, кай, чөмүл, басмыл, огуз, йемек жана кыфчак тилдеринде күн кызды «қырнақ»[757] деп аташкан. Ушул эле мааниде «кыркын» сөзү да колдонулган (муну, балким, жогоруда саналып өткөндөрдөн башка түрк тилдеринде колдонушкандыр)[758]. Кыргыздын азыркы тилинде «кыз-кыркын» татаал сөзү аркылуу бул термин да сакталып жетти, арийне, анын «күң» мааниси жоголду.

---

[755] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü … / Tıpkıbasım. — S. 188b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 219.
[756] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 189a; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 221.
[757] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 1 19b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 413.
[758] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 162a; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 2. - S. 110.

Махмуд Кашгари Барскани болсо «кыз-кыркын» сөзүн арабчага الجواري 'ал-жаваарии' деген «күң кыздар / кыздар» кош маанисин берүүчү термин менен которот[759] .

Мамлекеттин жалпы элин «будун» (пикирибизде, бул сөздү '**бодун**' катары окуу ылайык) термини менен белгилешкен.

Айрым саясий терминдер бүгүнкү кыргыз сөздөрүнө толук бап келет. Маселен, 1916-жылдагы Кыргызстандагы жана Жети-Суудагы падышалык оторчулукка каршы улуттук-боштондук көтөрүлүш жеңилген соң, бир катар түндүк кыргызстандык кыргыздар , жети-суулук казактар жана айрым дунган, уйгур өкүлдөрү Ала-Тоодон Чыгыш Теңир-Тоого (Кытайдын карамагындагы аймакка) качууга мажбур болушкан[760].

XX кылымдын башында да кыргыздар бул XI кылымдагы бабалар сөзүн сактап, көчмөндөрдүн уюшкандыкта массалык журт которуу аргасы (бул да партизандык күрөш амалдары менен коштолгон) элдик фольклордо «эл үрктү», «Улуу Үркүн» сыяктуу сөз айкаштары менен чагылдырылган.

Мындай көчмөн калктын массалык түрдө (жапатырмак) башка аймактарга чегинип, журт которуусу, жалпы дүрбөлөңгө түшүп качуусу Махмуд Кашгаринин «Диванында» да «**бодун үркти**»[761]; «үркүн»[762] терминдери менен белгиленген экен.

Жалпысынан, Махмуд Кашгари Барсканинин доорундагы түрктөрдүн коому, анын ичинде үй-бүлө мамилелери патриархалдык мүнөздө болгондугу «Дивандан» айгинеленет.

Бирок көчмөн түрктөрдүн кыздары өздөрүн эркин сезгени да айрым фактылардан байкалат. Маселен, мурдараак да китебибизде мисалга алынган (Караханийлер газневийлик султан Мас'удду келекелеп айткан) «Қыз бирле күрешме, қысрақ бирле йарышма»[763] макалын·эске алсак болот.

---

[759] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 82b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 326; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium. — Pt.1. — P. 260.

[760] Усенбаев К.У. 1916: героические... — С. 135 —141; 1916-2016: Улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн... – 2016; Улуттук боштондук көтөрүлүшкө жана Улуу Үркүнгө 100 жыл. – 2016.

[761] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 313b; Atalay B. Dîvânu... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 420. — «Будун анын үркүшүр» — «Анын эли үркүшөөр»: Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 44b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 156.

[762] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 34a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 108; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 137; Чороев Т.К. «Диван лугат ат-түрк» Махмуда... — С. 20—21.

[763] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 119b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 474; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 353.

ЧАРБАЧЫЛЫК

Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегиндеги чарбачылыкка байланыштуу мол маалыматтар илимий адабиятка киргизилүүдө[764]. Биздин милдет бул маалыматтарды азын-оолак атоо менен «Дивандын» экономикалык тарыхты үйрөнүүдөгү булак катары маанисин дагы бир ирет баса белгилөө болуп саналат.

«Дивандагы» жалгыз берилген сөздүктүк макалаларда, макалдарда, ылакап кептерде, ырларда — фольклор менен жазма адабияттын кеңири кыртышында чыгыш түрктөрүнүн көп кырдуу чарбачылыгы менен байланыштуу маалыматтар кеңири камтылган.

«Диван» көчмөн түрктөрдүн мал чарбачылыгы менен байланыштуу кеңири кабар берет. Чынында да, бийик тоолуу жана жарым чөл сыяктуу даркан талаалуу аймактарда түрк калктарынын негизги чарбалык тармагы катары мал чарбасы кала берген.

«Диванда» XX кылымдын башына чейин жергиликтүү теңир-тоолук калктар баккан малдын бардык түрү эскерилет. Өтө бийик тоолуу аймактарда багылган бодо мал — топоз — «Диванда» 'котуз' деп, арабчага «жапайы уй» (бакару л-вахши) катары таржымаланып[765] берилген. Айтмакчы, этнограф С.М.Абрамзон Теңир-Тоо менен Памирде кийинки этнографиялык доордо топозду кыргыздар гана багышаарын белгилеген[766].

Ал эми Мэдисондогу Висконсин университетинин профессору Анатолий Михайлович Хазанов болсо топоз багууну кыргыздардын ата-бабалары тибеттиктерден үйрөнүшсө керек, — дейт да, орто кылымдардагы тибет документтеринде VIII кылымда жана IX кылымдын башында айрым кыргыз топтору Тибетке жакыныраак аймактарда жашагандыгы чагылдырылгандыгын жазат[767].

Айрым малдын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ар кыл аталыш менен белгилениши ошол доордогу түрктөрдүн мал чарбасындагы лексикалык кору бай болгондугун гана айгинелебестен, Махмуд Кашгаринин өзү да көчмөн мал чарбачылыгынын сырын мыкты билгендигин, көчмөн ысык-көлдүк жана жалпы теңир-тоолук түрктүн турмушунда өзү да кайнаганын далилдейт.

---

[764] Караев О.К. История Караханидского... — С. 200—210.
[765] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 92b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 365; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 282.
[766] Абрамзон С.М. Киргизы... — С. 36; Маанаев Э., Плоских В.М. На «Крыше мира»... — С. 52.
[767] Khazanov A.M. Nomads... — P. 116.

«Дивандагы» көчмөн мал чарбачылыгы менен байланыштуу сөздөр азыркы кыргыз тилинде дурус сакталып калган[768].

Маселен, чигил тилине таандык кылып Махмуд Кашгари түшүндүргөн «жевшан» сөзү[769] кыргызча «жуушаң» түрүндө он кылымдан бери сакталып жетти (кой жүнүн кырка турган кайчы[770]).

Ушул жерден көчмөн түрктөргө карата Махмуд Кашгар Барскани менен Жусуп Баласагындын мамилелеринде кайчы пикир бар экендиги тууралуу оюбузду да айта кетүүгө тийишпиз.

Махмуд Кашгари Барскани шаардык турмуш бейнесинен оолак түрктөрдүн тилин «таза түрк тили» катары баалап, элеттиктерди эч өөнсүрөбөйт. Ал эми Жусуп Баласагын болсо Чүйдөгү Баласагын шаарынан тарбияланып, башка турмуш бейнесинде кайнагандыктан, көчмөн малчыларды чынчыл, ак көңүл катары баалаганы менен, ошол эле учурда «биликсиз чигил» — «билимге ээ эмес (түркөй) чигил» деп атагандыгы да маалым:

«*Тилин эдгү сөзле эшимсинмегил,*
Басынган болурлар биликсиз чигил».

Бул кош сапты биз кыргызчага мындайча котордук:

«Тилиңди изги сүйлө, эш тута көрбө,
Басынган калк — булар — билимсиз пенде»[771].

Дыйканчылык да кеңири таркалган чарба тармагы болгон. «Дыйкан» деген фарсы тилинен келген сөздүн ордуна карахандык жана башка чыгыш түрктөр «*тарығчы*» терминин колдонушкан[772]. (Айтмакчы, кыргыздын архаикалык «аштыкчы»[773] сөзү да «дыйкан» дегенди туюнткан).

Дыйканчылык шаймандары, эгиндин түрлөрү, тамак-аштын түрлөрү, дыйкандын мээнеткеч турмушу менен байланыштуу арбын маалымат (маселен, «тарыг экилди», б.а. айдоо талаасына үрөн эгилди; «эр тарыг тэринди», б.а. эркек киши талаадагы эгинди теринип алды;

---

[768] Осмоналиева Б. Об отражении... — С. 97—99; Чороев Т.К. «Диван лугат ат-турк» Махмуда... — С. 18 —19.
[769] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 306b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 385.
[770] Аны азыркы уйгурча «шушаң» деп которушкан: Қэшқэрий Мэхмут. Түркий... — Т. 3. — Б. 526.
[771] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 141.
[772] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 142a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 51; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. -P. 409.
[773] Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. – 1985. – кн. 1. – С. 85.

«бир орум от», өгүздүн мойнуна тагылуучу «бойундурук», б .а. моюнтурук, ж.б. сүйлөм, сөз жана сөз айкаштары) «Диванда» кеңири камтылат.

Тегирменчилик да түрктөрдө өнүккөн («тегирмен» сөзү ошол доордон сакталып жетти). Караханийлердин тушунда дыйканчылык андан аркы өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, мурдагы дыйканчылык өрөөндөрүнөн тышкары Чүй, Талас, Ысык-Көл, Иле аймактарында да дыйканчылык чөлкөмдөрү кеңейген[774].

Айыл чарбасынын дагы бир тармагы катары багбанчылык өнүккөндүгү Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинен байкалат. Маселен, жүзүмчүлүк боюнча, жүзүмдү өстүрүү, сыгуу, андан ичимдик жасоо боюнча ар кыл терминдер чагылдырылган. Алма (алмила деп да аталган), алмурут (армут), өрүк (эрүк), коон (кағун) сыяктуу жемиш жана жашылчалар эскерилет. «**Ол мэнгэ йемиш теришди**», «**Ол йыгачыг бутақлады**», «**Йыгач тикилди**» сыяктуу сүйлөмдөр теңир-тоолук ж.б. түрк багбанчылыгынын бир далилдеринен болуп саналат[775].

«**Сабанда сандруш (вариант: сандырыш) болса, өрткүнде эртеш болмас**» — «Жер айдоо маалында атаандашуу болсо, оруп-жыюу маалында чатак болбос»[776]; «Йазын катыгланса кышын севинур» - «Жайында эмгектенген кышында сүйүнөөр»[777] ж.б. түрк тилинде кезиккен дыйканчылык менен байланыштуу ар кыл макал-лакаптарга «Дивандан» дурус орун берилгени дал ушундай чарбалык турмуштун күзгүсү болуп саналат.

Кол өнөрчүлүктүн ар кыл тармактарынан да «Дивандан» кыйла маалымат алууга мүмкүн[778].

«**Эр узлук өгренди**»[779] сүйлөмү «Эркек киши өнөр (кол өнөрчүлүк) үйрөндү» деп которулат. Курулушчулук менен байланыштуу «керпич», «бышыг керпич» (бышык кирпич), «очаклыг титик» (очок жасоочу чопо), шаймандар («балду» — балта, «керки» — керки), тери иштетүү менен байланыштуу («ол тери йумшатты»; «ол тонуг ичуклэди» сүйлөмдөрү; «сагры» булгаары, маселен, «этуклук сагры»; «кадыш» — кайыш; «этукчи» — өтүкчү; «йелим» — желим; ж.б. терминдер), кийим тигүүчүлүк менен байланыштуу («кыз анасына

---

[774] Караев О.К. История Караханидского... — С. 203—210.
[775] Караңыз: Tryjarski E. Kultura... — S. 194—198.
[776] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 313a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 416.
[777] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 257b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 159.
[778] Ибрагимов С., Асамуддинова М. Отражение... — С. 114—122.
[779] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 66a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 253; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 221.

кидиз сырышды», б.а. кыз энесине кийиз шырышты, «эр боз токыды», «урагут йии эгирди», б.а. ургаачы жип ийирди, «ол мэниң бирле йүн толгашды», «ол мана йүн тытышды», сыяктуу сүйлөм жана сөз айкаштары, «товгач ханныңторкосы тэлим, теңлемезиб бычмас» сыяктуу макалдар), жана башка кол өнөрчүлүк түрлөрү чагылдырылган сөздөр «Диванда» кеңири камтылган.

Кошумча чарбачылык түрү катары аң уулоочулук да өз ордун сактап кала берген. Аңчылык, ар кыл илбээсиндер менен байланыштуу маалыматтардын ичинде макалдар да бар: «**Тайган йүкрүгин тилкү севмес**»[780] макалы азыркы кыргызчага «тайган күлүгүн түлкү сүйбөйт» түрүндө сакталып жетти. «Диванда» куш таптоо менен байланыштуу да маалыматтар бар.

Соода тармагы да Улуу жибек жолунун таманында жайгашкан түрк калктары үчүн олуттуу тармак болуп саналган[781]. Албетте, айрым чөлкөмдөр өз алдынча тыйын чыгаргандыгы алардын ички акча жүгүртүү аймагы болгондугун айгинелейт. Алардын акчалары баалуу металлдардан жана алардын аралашмасынан болгон. «Диванда» алтун, күмүш, бенек, йармак (арабча — «дирхем»; жарым тыйын — бучук йармак) сыяктуу акча аттары эскерилет[782].

«**Биста**» институту соода үчүн келген көчмөн малчылардын малый, ж.б. соодагерлердин товарларын сактап, убактылуу башпаана уюштуруу зарылчылыгынан келип чыккан. Соодагерлер Махмуд ал-Кашгаринин эмгегинде «сарт» термини менен, сатыкка түшчү ар кандай байлык — «тавар» сөзү менен белгиленген. Айтмакчы, Жусуп Баласагын «соодагер» түшүнүгү үчүн «сатыгчы» терминин да колдонуп, аларга өз дастанынын чакан бөлүмчөсүн арнайт:

«Соодагер болбосо дүйнөнү кезүүчү,
Качан киймексиң кара киш ичикти.
Хытай (кытаң) кербени токтотсо кезгенин,
Качан келмек эле түмөндөп кездемең.
Соодагер жортпосо, эгерим, кезип,
Көз менен кимдер көрмөк, берметти тизип»[783].

---

[780] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 261a—261b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 175.
[781] Караңыз: Байпаков К.М., Нуржанов А. Ұлы Жібек жолы... – Б. 3-43.
[782] Чороев Т.К. «Диван лугат ат-түрк» Махмуда Кашгари... - С. 19.
[783] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 141. Казакча котормосун салыштырыңыз: Баласагұни, Йүсүп Ұлық Хас-хажиб. Құтадғу білік... / Ғылыми-поэтикалық аудармасын баспаға дайындаған Ә.Құрышжанұлы. - 2015. - Б. 359 (№4321 кош сап, ж.б.). Кыргызча көркөм котормосу: Баласагын Жусуп. Куттуу билим / Которгон Төлөгөн Козубеков. – 2015. – Б. 331 (№4425 кош сап, ж.б.).

Транзиттик соода түрктөрдүн башка калктар, маселен, кытайлыктар, индиялыктар («Диванда» Индиядан келтирилген дары-дармек түрлөрү эскерилет), ирандыктар, арабдар ж.б. менен этномаданий алакаларын да өнүктүргөн. Кытайлык товарлар менен байланыштуу бир катар ханзу терминдери да «Диванда» кезигет (маселен, «қачач» — кытайлык жибек, «лухтай» — кытайлык кызыл жибек кездеме).

«Йүгүрген» аттуу чабармандык институт болгон:

«**ЙҮГҮРГЕН' — Чын (ас-Син) соодагерлери ислам өлкөлөрүнө келе жатканда атайылап алдыга жиберилүүчү жана алардын кабарлары менен каттарын ала келүүчү ар кандай чабармандын аты**»[784].

Элдик юмор кытыгылган макалда: «**Сартның азукы арығ болсо, йол үза йер**» («Соодагердин азыгы аруу, таза болсо, жолду ката жеп бараар») деп, соодагердин сараңдыгы чымчый айтылган.

Кербендер ар кандай уурулар жана жол кески кылмышкерлердин да бутасына айланып турганы китебибиздин алгачкы бабында учкай эскерилди. Демек, чөлкөм калкынын ички жана сырткы соода алакалары тууралуу «Диванда» жандуу сүрөттөмө камтылган десек болот.

ТҮРК КАЛКТАРЫНЫН КААДА-САЛТТАРЫ

Махмуд Кашгари Барсканинин «Диваны» түрк элдеринин каада-салт-тарынын, ар кыл жөрөлгөлөрүнүн тарыхын изилдөөдө маанилүү булак катары иликтенип келет[785]. Арийне, салыштырма этнологиялык изилдөөлөр-дүн бутасы катары анын бардык маалыматтарын иргөө эч соңуна чыга элек, ар бир түрк этносунун этнографиясынын олуттуу суроолорунун өңүтүнөн карап «Диванды» иликтөө азыркы тапта улам жаңы милдеттерди тагууда.

«**Эл калыр, төрү калмас**».

Бул таасын сөздү азыркы бардык эле түрк тилдерине котормоюнча так түшүнүп болбойт. Махмуд Кашгари араб окурманына чечмелегенине караганда, бул макал «Мамлекетиң, дөөлөтүң калса да, каада-салтың калбас»[786] деп түшүндүрүлөт. Чынында да, ар кыл мамлекеттик алкактарда жашап, кээде динин да, журтун да

---

[784] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 234a – 234b; Atalay B. Dîvânü …Tercümesi. — Cilt 3. — S. 54.

[785] Ögel B. Türk Kültür... — Cilt 1—9.

[786] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 27b; Atalay B. Dîvânü … Tercumesi. - Cilt 3. — S. 221.

алмаштырып келишсе да, түрк калктары эзелки доорлордон бир катар салт-жөрөлгөлөрүн мурастай алышты.

«**Куш канатын, эр атын**»[787].

Бул макалды азыркы түрк тилдерине которбосок да, маңызы айдан ачык. Аргымак аттардын даңазасы тээ илгертеден Теңир-Тоодо Саймалуу-Таш сыяктуу жерлерде таш бетине чагылдырылган.

Колубуздагы «Диванда» бул макалдан тышкары «**эр канатланды**» деген сөз бар. Махмуд Кашгари бул учкул сөздү «адам тулпарга ээ болду, ага минип сызды» деп араб окурманына которгон.

«**Эрдем (адептин) башы — тил**»[788] деген экен тогуз кылым эртерээк доорун сүргөн ата-бабабыз.

Теңир-Тоодо урпактан урпакка көчкөн улуу сөздү өздөштүрүү — тамыры терең маданий деңгээлибиздин күзгүсү, маданиятыбыздын рухий нугунун соолгус бир башаты.

Китептеги «**Ол меңин бирле севлешишди**»[789] («Ал мени менен макал-лакаптап маектешти») сүйлөмү ошол доордогу түрк калктарынын накыл сөз ышкыбозу экенин айгинелейт.

Ал эми «**Коркмыш кишиге кой башы кош көрүнүр**»[790] макалы бүгүнкү кыргыз тилиндеги «Коркконго кош көрүнөт...» деген макалдын эзелки учугу болуп саналат. Адепки макалдын узундугунан анын элестүүлүгү эч бөксөрбөгөн. Албетте, сөздүн күчү элдердин өз ара мамилелерин тактоодо кызмат кылып келген.

Ошол кездеги «Йалафар өлмес»[791] макалы маанисин бузбай бизге жеткен («элчиге өлүм жок»).

Түрк калктарынын (анын ичинде кыргыздар менен кыпчактардын) байыркы антташуу жөрөлгөсү тек гана оозеки жана жазуу жүзүндөгү сөз түрүндө болбостон, кылыч сыяктуу куралдарды кармап убада берүү сыяктуу жөрөлгөлөр түрүндө да болгондугу бул китебибиздин «қырқыз» этнонимине арналган бөлүмүндө учкай эскерилди.

---

[787] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânu..... / Tıpkıbasım. – S. 15a; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 1. — S. 34.

[788] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. - S. 33b; Atalay B. Divanu… Tercümesi. — Cilt 1. — S. 107.

[789] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. – S. 187b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 2. — S. 215.

[790] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. – S. 249b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 3. — S. 126.

[791] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 233a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 47.

Бул жерде аны дагы бир ирет көңүлгө салсак:

«**Макалда айтылат: 'КӨК ТЕМҮР КИРҮ ТУРМАС. Мааниси: көк темир аракетке келбей тынчыбайт, башкача айтканда, кандайдыр-бир нерсеге тийбей калганда да аны жарадар кылат** (кесепети тийет)**. Анын башкача да мааниси бар. Анын жайы төмөнкүдөй: кыркыз, йабаку, кыфчак жана башкалар бирөөгө касам ичиргенде же аны менен келишим түзгөндө кылычты кындан сууруп чыгышат да, тигинин алдынан тосуп, мындай деп айтышат: 'БУ КӨК КИРСҮН, КЫЗЫЛ ЧЫКСУН'... Бул [жөрөлгөнүн себеби] алар темирди өтө аздектешет**»[792].

Ал эми терс көрүнүш жасаган кишини каргап салуу жөрөлгөсү да бар эле («Ол аны каргады...», «Теңри аны каргады», «**Теңри каргышы аныг үзе**» сыяктуу мисалдар «Диванда» берилген).

«Диванда» ар кыл тойлор, үйлөнүү, балалуу болуу, ата-энени урматтоо менен байланыштуу салттар жана накыл кептер тууралуу маалыматтар бар. Маселен, «ургаачы эрге тийди» деген сүйлөм «урагут эрленди» же «урагут бегленди» делип айтылган.

«Калың берүү» жөрөлгөсү да орун алган:

«*Бердим саңа калың,*
Эмди муны алың,
Эмгек мениг билиң,
Уграр түңүр баргалы»[793].

Бул ыр саптарынын азыркы кыргызчага котормосу:

«Бердим сага калыңды,
Эми муну алыңыз,
Эмгегимди (мээнетимди) билиңиз...
Төркүн кайтууга камынды».

Бул ырдан саал жогорурааста Махмуд Кашгари Барскани «**Калың берсе кыз алыр, Керек болса кыз алыр**» — «Калың берсе кыз алаар, Керек болсо кымбатка алаар»[794] деген макалды мисал кылган.

---

[792] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 91b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 129—130.
[793] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 304a; Ata1ay B. Dîvânu… Tercümesi. — Cilt 3. — S.372.
[794] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 303b; Atalay B. Dîvânu… Tercümesi. — Cilt 3. — S. 371.

Нике түнү жаңы келинди («эгетлик») ээрчип кирип кызмат кылган аялды «**эгетлик карабаш**» деп аташкан[795] жана алгачкы түндүн жыйынтыгына чоң маани беришкен.

Жубайы төрөгөндө кыз же эркек балалуу болгонун билүүгө ынтызар ата адатта төмөнкүдөй суроо берчү экен: «**Тилкүмү тугды эзү бөримү ?**»[796] — «Ал түлкүнү (кызды) төрөдүбү же бөрүнүбү (уулдубу)?»

Мында «бөрү» сөзү тек гана каармандыктын символу болуп саналбастан, байыркы түрктөрдүн тотеми катары да кызмат кылган.

Келиндин ата-энеси тарапты «төркүн» деп да аташкан. «**Кыз төркүнке келди**» сүйлөмү да «Диванда» учурайт («Кызы атасынын үйүнө келди» деп арабчага которулган)[797], Төркүлөп келүү жаңы келин үчүн түркмөндөрдө милдеттүү жөрөлгө болгондугун жана аны «гайтармак», «гайтаргы» деп аташканын этнограф А.Жикиев да белгилейт[798].

Мурастоо салты да болгон. «Буны атамдан хумару болдым»[799] сүйлөмү «Муну атамдан мураска алдым» деп которулат.

«**Ата тоны огулка йараса, атасын тилемес**»[800] — «Ата тону уулуна жараса, атасын тилебес» деген накыл кеп да болгон.

Огуздар тууралуу сөз кылып, Махмуд Кашгари Барскани бул элдин өкүлү кайсы-бир кишинин уруусу, теги тууралуу сураганда: «**Бой ким?**» — «Уруу(ң) ким?» дешээрин[801], коштошкондо болсо — «**Йол йарасун!**»[802] — «жолуң жарасын (ак болсун)!» деп тилек кылышаарын белгилейт[803].

---

[795] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 43b; Atalay B. Dîvânu… Tercümesi. — Cilt 1. — S. 150.
[796] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 108b; Atalay B. Dîvânu… Tercümesi. — Cilt 1. — S. 429.
[797] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü… / Tıpkıbasım. — S. 111b; Atalay B. Dîvânu… Tercümesi. — Cilt 1. — S. 441-442.
[798] Джикиев А. Традиционные туркменские... — С. 49.
[799] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 112a; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 1. — S. 445.
[800] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 240b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 3. — S. 87.
[801] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 85b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 1. — S. 338.
[802] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 240b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 3. — S. 87.
[803] Огуздар тууралуу кеңирирээк маалыматты караңыз: Агаджанов С.Г. Очерки...; Sümer F. Oğuzlar...

ТАМАК-АШ, АЗЫКТАР

«Диванда» түрк калктарынын ар кыл (көчмөн жана отурукташкан) чөлкөмдөрдөгү түркүн тамак-аштары, суусундуктары чагылдырылган. Кымыздын (арабча ал-аамис) технологиясын: «бээ сүтүнөн сабаага куюлуп, ачытылат да, ичилет»[804] — деп Махмуд Кашгари чет элдик (араб) окурманына туура сыпаттайт. Дагы бир жерде «**Эр кымыз бышты**» деген сүйлөм да орун алган. Бул суусундук дээрлик бардык түрк элдеринде ушу мааниде колдонулат.

Ал эми азыркы Түндүк Кытайдагы Хэйлуңжаң вилайетиндеги фу-йү кыргыздарында (Эне-Сай кыргыздарынан таралып, азыркыга чейин өздөрүн «кыргыз» — деп атаган боордош калк[805]) көчмөн турмуш абалы көп кылымдар аралыгында отурукташкан жашоо мүнөзүнө алмашкандыгынан улам бээ сүтүн ачытууну унуткарышкан экен. Азыр алар жалпы эле сүттү «кымыз» деп аташат.

«**Көмөч**» сөзүн арабча да «көмөч» (орусча «лепешка») маанисинде которуп, Махмуд Кашгари ушул сөздүн келип чыгышы мындай нандын чокко, күлгө көмүлүп бышырыла тургандыгына байланыштыруу экендигин түшүндүрө кетет. Айтмакчы, чоктун табына бышырылган нанды деле азыркы кыргыз тилинде «көмөч» дешет.

Көчмөн йагмалардын кесмелүү суюк тамагы да эскерилет:

«**'МҮН' — сорпо (чык). Мен йагмалардан [мүн эмес,] 'Мэн келдүр' дешкенин эшиткем. [Арабча туюнтканда] — «Сорпо (чык) алып кел!» — дегени. Андан соң кесме алып келинет, анткени [жанагы сөздү айтканда] алардын көңүлүндө ушу турган**»[806] — дейт Махмуд Кашгари Барскани. Балким, мында көчмөн теңиртоолуктун бешбармак сыяктуу салттык тамагынын компоненти сыпатталып жатышы да ыктымал.

Тамак-аш менен байланыштуу бир катар макалдар да чагылдырылган. «**Анасы тевлүк йувка йапаар, оглы тетик коша кабаар**» — «Энеси жупжука жупка нан жабаар, уулу да тетик коштоп катып кетээр»[807].

---

[804] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 92b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 130.
[805] Hu Zhen-hua, Imart G. Fu-Yü Girgis...; Mambet, Turdu; Salk, Gundula. The Fu-Yu Gïrgïz…
[806] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 86a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 129.
[807] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 229b—230a.

Сарандыкты ашкерелөө менен бирге, байыркы түрктөр айкөлдүк, берешендик, меймандостукту даңазалап, «**Сув ичүрмеске сүт бер**»[808] деп келишчү.

КИЙИМ КЕЧЕК

Айрым түрк кийимдери да «Диванда» сөзгө алынат. Байыркы «кафтан», «тон» сөздөрү азыркы кыргызчада «чепкен», «тон» деп, «ичүк» болсо «ичик» түрүндө сакталып жетти. Мындагы «**кафтан**»[809] сөзү адеп «кап(тама) тон» деп туюнтулса керек. Ал эми ичикти XI кылымда суусар, кундуз сыяктуу баалуу терилерден тигишкен экен.

Кийим-кечек менен байланыштуу эскерилген бир аспап - үтүк болуп саналат. «**Үтүк**» сөзүн айрым кабарсыз адамдар кыргызчага «утюг» деген орус сөзүнөн өттү деп эсептеши мүмкүн. А чынында XI кылымда эле теңир-тоолуктарда үтүк болгон экен. «Диван» аны шыбак аспабы таризиндеги, кийимдин бырышын жазууда ысытып колдонулуучу темир буюм[810] катары сыпаттайт.

Китеп бул сөздүн келип чыгуу булагын иликтөөгө да багыт берет: мында «**үтти**» деген этиш сөз «күйдүрдү, куйкалады» деп түшүндүрүлөт. Демек, үтүктөөчү темир алгач тери жүнүн куйкалоодо, жаргак жасоодо пайдаланылып, бара-бара гана бабабыз үтүктүн азыркы касиетин өздөштүргөн болуу керек.

Бул «үтүк» сөзү түрк калктарына байыркы кытай тилинен өткөн жана анын ханзуча айтылышы juět-teng > wei-dou түрүн алып, бул термин «үтүк» маанисин берген[811], — деген пикир да айтылып жүрөт. Арийне, жогорудагы этимологиялык өзөк, пикирибизде, бул терминдин нукура түркчө экендигин тастыктай алат.

КОСМОНИМИЯЛЫК ТҮІПҮНҮКТӨР. ЖЫЛ САНАК.

Махмуд Кашгари Барскани түрк калктарынын аалам, планеталар, жылдыздар тууралуу түшүнүктөрүн да атайын чагылдырат. Маселен, «чыгры» («чыгырык») сөзүнүн маанилеринин бири — «горизонт»

---

[808] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 59a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 218.
[809] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 110a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 435.
[810] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 23b.
[811] Баскаков Н.А. К проблеме китайских... — С. 73, № 39.

болгон. Акыркы маанини «көк чыгрысы» сөз айкашы менен да беришкен[812].

«**'ЙУЛДУЗ' — жылдыз. Жалпылама аталыш... ЭРЕН ТҮЗ Муштари (Юпитер) жылдызы, КАРА КУШ — Тараза топ жылдызы, ҮЛІКЕР — Үркөр, ЙЕТИГЕН — Жетиген, ТЕМУР КАЗЫК — Алтын казык, БАКЫР СОКУМ — Марс (Миррих)**»[813] — деп «Диванда» бир катар жылдыз жана планета аттары саналып берилген.

Көчмөндөр үчүн күн календарын пайдалануу ыңгайлуу болгон. «Жылдызчы» деген өзүнчө өнөр ээси[814] да бар эле.

Борбордук жана Ички Азия түрк калктарынын ата-бабалары жылдыздарга, планеталарга байкоо жүргүзүү менен эмпирикалык тажрыйба топтошкон жана айтылуу он эки айбандын аты менен белтиленген жыл санак (календарь) системасын иштеп чыгышкан.

Махмуд Кашгари Барскани бул календардык системаны чагылдырган алгачкы да, акыркы да автор эмес. Маселен, VIII к. таандык орхондук руна сымал жазма булактарда он эки айбандык жыл санактын жыл аттары пайдаланылган; ханзуча «Тан шу» «Тан сулалесинин тарыхы» чыгармасынын ся-цзя-сы, б.а. кыргыздарга арналган бөлүмүндө бул эл «он эки айбандын [аталышынын] жардамы менен жылдарды санашат; маселен, жыл инь жылына туш келсе, аны барс жылы деп аташат», — делген[815]).

Ошого карабастан, «Дивандын» авторунун 12 жаныбардын аты менен белгиленген жыл санактын келип чыгышын түрктөрдүн байыркы уламыштык каганы жана ал курган Иле суусунун боюндагы жыл аталыштарын аныктоо боюнча курултай менен байланыштыргандыгы, Иле суусун көздөй айдалган жаныбарлардын он экиси дарыядан кечип өткөндүгү, биринчилик чычканга шыбагаалангандыгы тууралуу аңгемеси абдан кызыктуу.

«Диванда» түрктөрдүн жыл аттары төмөнкүдөй тартипте саналаары айтылат (биз номурладык):

1. Сычган йылы (азыркы кыргызча — чычкан жылы);
2. Уд йылы (уй жылы);

---

[812] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 106b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 421.
[813] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 231a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 133.
[814] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 140.
[815] Мэн-да бэй-лу. — С. 53.

3. Барс йылы (барс жылы);
4. Тавышған йылы (коён жылы);
5. Нек йылы (улуу, б.а. ажыдаар жылы; айтмакчы, бул жыл араптар түшүнгөндөй кылып арабчага «ат-тимсаах» — «крокодил» жылы катары которулган экен[816]);
6. Йылан йылы (жылан жылы);
7. Йунд йылы (жы'лкы жылы);
8. Қой йылы (кой жылы);
9. Бичин йылы (мечин, б.а. маймыл жылы);
10. Тақағу йылы (тоок жылы);
11. Ит йылы (ит жылы);
12. Тоңуз йылы (доңуз жылы).

Махмуд Кашгари Барскани бул жылдар менен түрк калктары ар кыл ырым-жырымдык аныктамаларды берээрин да учкай эскерет.

Маселен, өгүздөрдүн бири-бири менен сүзүшкөндүгүнөн улам, уй жылы келсе, салгылашуулар көп болот, — деген ишеним болгон. Тоок жылы азык-түлүк көп болот, бирок кишилер тоокторчо чокулашышы ыктымал. Нек (улуу) өзү сууда жашаган себептүү, нек жылы жаан-чачындуу болушу да күтүлөт. Ал эми доңуз жылы менен катуу ызгаар байланыштырылган. Бул календарга байланыштуу түрк ырым-жырымдары жана он эки айбандын атынын түркчө жыл санак системасына чагылдырылып калышы тууралуу элдик уламыш эң алгач Махмуд Кашгариде кезигет[817].

Бул он эки жаныбардын атына байланыштуу жылдык система күн календарынын бир түрү болуп саналат. Адатта, жазындагы күн менен түн теңелген маал (нооруз) жылдын башаты болгон.

Теңир-Тоодогу несторийчи түрктөр гана XIII XIV кылымдарда жаңы жылды январда баштаган он эки айбанаттык календарды пайдаланышкан[818].

Түрколог Четин Жумагулов несторийчи тарса түрктөрдүн эстеликтериндеги жыл аталыштарын[819] санап берет (кашаага азыркы кыргызча аталышын жазабыз):

1. Сычган (чычкан)

---

[816] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 87b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 346; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 271.
[817] Уламыштар тууралуу жана Салыштырма жадыбалды караңыз: Захарова И.В. Двенадцатилетний... — С. 34—38 (орхон тексттери, Беруни, Кашгари, уйгурча документтер, Ибн Муханна, несторийчи түрктөр, Улугбек, ж. б. булактык малыматтар).
[818] Захарова И.В. Двенадцатилетний... — С. 34.
[819] Жумагулов, Четин. Кыргызстандагы несториан-түрк жазуу... – 2011. – Б. 24-25.

2. Уд (уй)
3. Парс (барс)
4.Табышкан (койон, коён)
5. Луу (улуу; ажыдаар)
6. Йылан (жылан)
7. Йонт (жылкы)
8. Кой (кой)
9. Пичин (мечин, маймыл)
10. Тақақу (тоок)
11. Ит (ит)
12. Тоңғуз (доңуз)

XI кылымда бешинчи орундагы жылды “нек” деп аташса, XIII-XIV кылымдардагы тарса мүрзө таш жазма эстеликтеринде «лу» деп аташкан (азыркы кыргыз тилинде бул сөздүн башкы «Л» тамгасынын алдына «У» үндүү тыбышын кошуп, “улуу” деп айтышат).

Түрк калктары аптанын жети күнү үчүн атайын ат койбогондугун, бул адат исламдан кийин гана өздөштүрүлгөндүгүн Махмуд Кашгари Барскани объективдүү этнограф катары белгилейт.

«Диванда» айлардын түркчө аттары тууралуу да маалымат берилген. Көчмөн жана мусулман эмес түрктөр, Махмуд Кашгаринин пикиринде, жылдын төрт мезгилине гана ат берип, ар үч ай үчүн, демек, бир гана аталыш берген. Жаңы күндөн (нооруздан) кийин жаз мезгили 'оглак ай', б.а. «улак айы» делген, андан соң 'улуг оглак ай, б.а. «улуу улак айы», улак чоңоюп калгандыгы үчүн, дал ушундайча аталган. Мындан кийинки айды тек гана 'улуг ай' деп берген. Башка айлардын аттарын «аз колдонулгандыгы үчүн» эскерип отуруудан Махмуд Кашгари баш тарткан[820].

МУЗЫКА ӨНӨРҮ

Карахандык түрктөрдүн жана башка түрк калктарынын музыкалык маданияты тууралуу да ар кыл маалыматтар «Диванда» камтылган.

Эскерилген музыкалык аспаптардын ичинен «кобуз» (комуз) араб окурманына чертип ойноло турган музыкалык аспап катары сыпатталган[821].

---

[820] Жыл, апта, айлар тууралуу ушул маалыматтардын негизгиси «барс» макаласында берилет: Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 87a, 87b, 88a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 344—348; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 271—272.
[821] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 92b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 130.

Комузга окшогон чертме аспап катары «**эгеме**» («икеме») да эскерилет[822]. Ал эми чертме аспаптардын ичинен эң шаңдуусу катары «**боочы кобуз**» аспабы белгиленген. Бул аспап кыргыздын кыл кыягы сыяктуу кыл чыбык менен ойнолсо керек, анткени аны Махмуд Кашгари Барскани араптардын барбат аттуу аспабына окшоштурат[823].

Айтмакчы, хоорай (өткөн кылымдагы орусиялык оторчулук. лексиконунда — «абакандык татар», азыркы хакас) элине барып, В.В.Радлов алардын кобыз аттуу музыкалык аспабын сыпаттап берген. Бул аспапты ал түбү чуңкур, кулактуу көмөч казанга окшоштурат жана анын эки кылы бар экендигин, жаа сыяктуу аспап менен кобыздын кош кылы күүгө келтирилээрин В.В.Радлов белгилеген[824]. Балким, бул аспап илгерки боочы кобуздун бир түрү болуусу ажеп эмес.

XI кылымдардагы түрктөрдүн «**сыбызгу**» аспабы кыргыздарда азыр да «сыбызгы» аталат[825]. Ушундай эле үйлөмө аспаптардын ичинен «боргуй» да эскерилген.

Бийлөө өнөрү тууралуу да учкай кабар бар. «Бий» түшүнүгү үчүн илгерки заманда «**бүдик**» (поляк чыгышпозу Э.Трыярски бул сөздү 'bödig / bödig' түрүндө калыбына келтирет[826]) термини колдонулган экен. Бүгүнкү кыргыз тилине бул сөз кыскартылып, «бий» түрүндө сакталып жеткен (балким, анын этимологиялык уңгусу «өз денесин башкара билүү», “өз денесин бийлөө” мааниси менен байланыштуудур); ал эми азыркы монгол тилине бул «будик» термини «бужиг» түрүндө мурасталгандыгын мурда белгилеген элек[827].

Жалпысынан, түрк калктарынын музыка өнөрүнүн «Диванда» чагылдырылган маалыматтары орто кылымдардагы түрк калктарынын кеңири мейкиндиктеги музыкалык маданиятынын орток үлгүлөрүн айгинелейт, — десек жаңылбайбыз[828].

---

[822] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 41a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 137.
[823] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 260b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 134.
[824] Радлов В.В. Из Сибири. — С. 226 — 227.
[825] Акматалиев А. Усталар жана уздар... — Б. 136.
[826] Tryjarski E. Kultura... — S. 273.
[827] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 103b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 131.
[828] Орто кылымдардагы түрк калктарынын музыкасы тууралуу караңыз: Ögel B. Türk Kültür... — Cilt 9.

ОЮНДАР. СПОРТТУК ОЮНДАР

Махмуд Кашгари Барскани өз эмгегинде байыркы доордогу балдардын оюндары, ар кандай көңүл ачуу жана шапар тебүү түрлөрү, кыймыл оюндары, спорттук жана башка атаандашуу, мелдешүү менен байланыштуу оюндарды арбын эскерет.

Оболу балдардын оюндарын карап көрөлү. «Дивандын» бир жеринде «**Ол мениң бирла тагка агышды**»[829] — «Ал мени менен тоого чыгууга мелдешти» деген сүйлөм учурайт. Бул — тоолук тестиер балдардын азыркыга чейин тоо этегиндеги сүйүктүү оюну.

Дагы бир жерде «**чик турды**», «**чик-бөк**» деген сөз айкаштары кездешет. Мында сөз чүкө оюну[830] тууралуу келип баратканын баамдоо кыйын эмес. Өкчөгөн чүкөнүн төрт абалы «алчы», «таа», «чик», «бөк» деп кыргыз балдарынын оюндарында азыркыга чейин аталып келет.

Бабаларыбыз ыр-бий оюндарын да аздектешкен. «**Оглан бүзүшди**» — бул сүйлөмдү араб окурманына автор «балдар бийге түшүү боюнча мелдешти»[831] деп которгон. Айтмакчы, кыргыздын маданият тарыхында бийлөө өнөрү болгондугу тууралуу улам жаңы маалыматтар XXI к. башында байма-бай жарык көрүүдө.

Кобузда (комуз сыяктуу аспапта) кол ойнотуп жарышуу, мелдешүү «кобзашты» деген сөз менен туюндурулган (**'кызлар кобзашты'** — «кыздар кобузда ойноодо жарышты»[832]). Мындан биз музыкалык маданиятка байланыштуу оюн тууралу түшүнүк алабыз.

Бөбөктөрдүн купулуна топ башка оюндар да эскерилет. Маселен, адамдын кебетесине окшотуп жасап алып кыздар ойной турган оюнчукту «**кудурчук**»[833] (азыркы кыргыз тилинде — куурчак) дешчү экен. «Диванда» кыздарга таандык кылып айтылган жана шамдагайлыкка, жүрөктүүлүккө, эркке тарбиялай турган дагы бир оюн — «йалыңу» («селкинчек»).

Махмуд Кашгари Барсканинин балалыгы өткөн Ысык-Көл боюндагы жеткинчектерге таандык катары белгиленүүгө мүмкүн

---

[829] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 51b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 185; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 187.

[830] Чүкө оюндары тууралуу толугураак: Рысмендеева, Н. Кыргыз элинин чүкө оюндары... - 2016.

[831] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 158b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 132.

[832] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. – S. 188b; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 2. — S. 220.

[833] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. – S. 125; Atalay B. Dîvânü … Tercümesi. — Cilt 1. — S. 501; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium… — Pt. 1 - P. 371.

болгон балдардын бир оюну — анын «Диванында» толук сыпатталган «мөңүз-мөңүз» («мүйүз-мүйүз») оюну.

Бул оюн үчүн чогулган балдар тизе бүгүп, көл жээгинде отурушат да, сандарынын арасына нымдуу кум үйүп алышат. Анан колдору менен кумду урушат. Ошол маалда оюн башчысы аларга: «Мөңүз, мөңүз» деп айтат. Калгандары: «Не мөңүз (мүйүз)?» деп сурашат. Оюн башчысы мүйүздүү жаныбарларды биринен сала экинчисин атап кирет. Анын артынан тигилер да кайталашат. Оюн башчысы эптүүлүк менен бул мүйүздүү жаныбарлардын аттарынын арасына төө, эшек сыяктуу мүйүзсүз айбандарды кошо айтып, оюндагыларды жаңылтууга умтулат.

Жыдып калган (мүйүзсүз жаныбарлардын атын айтып алган) балдарды кармап туруп сууга түртүп жиберишет[834].

Бул оюн аркылуу бабаларыбыз өздөрүнүн тестиер кезинен эле жаныбарлар дүйнөсүнүн таанып билүүгө кадам шилтешкен.

Махмуд Кашгари белгилеген жигиттер (чоңдор) ойноочу оюндардын арасында «Диванда» күрөш (мунун атайын эскерилип өткөн ыкмасы — «чалыш»[835]), жаа атуу («Ол мениг бирле ок атышган ол» — «Ал мени менен жаа атууда мелдешүүнү адат кылган эле”[836]) ат чабыш (**'ол мениг бирле ат озушды'** — «ал мени менен ат чабышта мелдешти»[837]), сууда сүзүү, кочкор сүзүштүрүү(эки кочкорду бири-бирине тукуруу үчүн «зак, зак!» дешчү экен[838]), куш учуруу, чооган (чавган — атка минип алып «бандал»[839] делчү башы ийилген таяк менен «тобыкты», б.а. топту чаап эки жаат болуп ойношот, аны «чабандестик хоккей» деп элестүү айтууга болот) ж.б. айтылат.

Чооган оюну учурундагы чекти '*тасал*' деп аташкан[840].

---

[834] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 302a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 87.

[835] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 93a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 368; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. —P. 284.

[836] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 45a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 157; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1.b — P. 171.

[837] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 51b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 184; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 187.

[838] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 84a; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 333; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 264.

[839] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 121b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 482; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 358. Эгерде балдар түнүчүндө аны чычала сыяктуу көтөрүп ойношсо, ал «от бандал» деп аталгандыгы ушул эле жерде белгиленет.

[840] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 99b; Atalay, Besim. Dîvânü... Tercumesi. — Cilt 1. — S. 392; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 300.

Бул оюндарга Жусуп Баласагын жазган «Кутадгу билиг» поэмасындагы нард, шатранч (кыргыз тилинде — чатыраш, б.а. шахмат) оюндарын да кошо кеткенибиз эп (№ 2634 бейт):

«*Йана нард-у шатранч билыр эрсе кез,*
Хэрифлери андын өлыр эрсе кез»[841].

Бул кош саптын азыркы кыргызчага биз төмөнкүдөй котордук:

«Жана нардды, чатыраш билчү келсин кез,
Атаандашы андан өлчү келсин кез».

Ал эми Төлөгөн Козубеков мырза бул бейтти төмөнкүдөй которот:

«Нард, чатыраш оюнун жакшы баксын,
Каршысын кармашканда жыга чапсын»[842].

Нард оюну кийинчерээк түркий жана башка чыгыш калктарында кеңири ойнолуп келди, ал эми кыргыздарда логикалык оюн — «тогуз коргоол»[843] түрүндө да өнүккөн.

Албетте, Махмуд Кашгари Барскани өз доорунун турпатын бурмалабай сыпаттаганынан улам оюндардын орто кылымдык доорго мүнөздүү жагдайлары жана шарттары да айгинеленет. Маселен, «**ол менин бирла ок атты кызлашыв**» сүйлөмү «күң кызды (кыргыз архаизми — кенизекти) ортого сайып, ок атууда мелдешти» дегенди, ал эми «**ол менин бирла ок атты атлашув**» сүйлөмү болсо, ушундай эле оюнда ортого ат сайылганын баяндайт. Демек, оюндар да эзилген төмөнкү социалдык катмарлардын өкүлдөрүнүн азаптуу тагдырынан дарек берет.

Кеңири калайык чогулуп көрө турган оюндар, адатта, даңазалуу инсандардын тойлорунда же аштарында өткөрүлгөн. Орхондук руна сымал жазмаларда, маселен, Билге кагандын урматына жазылган эпитафиялык эстеликте, ит жылы (734-ж.) онунчу айдын 26сында өлгөн каган доңуз жылы (735-ж.) бешинчи айдын 27синде салтанат менен көмүлгөнү (ушундайча которулган) айтылат. Мында, албетте, жети айдан соң сөөк көмүлбөй эле, аш берилип жатканын баамдоо кыйын эмес[844].

---

[841] Arat, Resit Rahmeti. Kutadgu Bilig: I. Metin. — S. 276.
[842] Баласагын Жусуп.. Куттуу билим. — Б. 220. — Салыштырыңыз: Баласагунский Юсуф. Благодатное... — С. 212; [Balasaghunl] Yusuf Khäss Häjib. Wisdom... — P. 126.
[843] Айдаркулов К. «Манас» эпосундагы... — Б. 40—51.
[844] Караңыз: Орхон-Енисей тексттери. — Б. 115.

Ал эми 731-ж. каза болгон Күл-Тегиндин ашын белгилөөгө кытан, татабы, табгач (мында «ханзу» маанисинде), тибет, кыргыз, согду, түргөш сыяктуу элдердин жана алардын мамлекеттерининөкүлдөрү келип катышышкан[845]. Түрк калктарынын бир катар дастандарында да аш-тойлор жана алардын маалында уюштурулуучу оюндар (алардын ичинде — ат чабыш, жаа менен бута атуу, күрөш ж.б.) тууралуу бай маалыматтар чагылдырылган. Салыштыруу иретинде эске салсак, орто кылымдардагы монголдордун хаандары менен нойондорунун той-торополору спорттук оюндар менен коштолгон[846].

Белгилүү санкт-петербургдук кыргыз таануучу-этнограф Г.Н.Симаков элдик оюндар, бир чети, бош убакытты өткөрүүнүн рационалдуу түрү болуп саналаарын, экинчи чети, кыргыздардын этностук ички ширелишүүсү жана алардын эл аралык карым-катнашынын өнүгүүсү үчүн чоң ролду ойноорун белгилеген[847]. Мындай баа Махмуд Кашгари Барскани чагылдырып калган орто кылымдардагы Борбордук жана Ички Азия калктарынын оюндары менен көңүл ачууларынын түрлөрүнө да толугу менен тийешелүү десек болот.

Айтмакчы, жогоруда биз учкай гана токтоло кеткен тогуз кылым илгерки бул оюндарды жалаң гана бүгүнкү кыргыздардын ата-бабасына таандык дешке болбойт. Бул оюндар жалпы эле түрк калктарынын дээрлик бардыгы үчүн орток болуп эсептелет.

Жыйынтыктасак, Махмуд Кашгари Барсканинин «Диванындагы» коомдук-саясий жана социалдык түзүлүш тууралуу маалыматтар XI кылымда түрк коому биз буга чейин шарттуу түрдө “феодалдык коом” деп атап келген коомдо, б.а. социалдык-таптык терең жиктелүү орун алган доордо жашагандыгын көрсөтөт. Теңир-Тоодогу жана аша чектеш аймактардагы калктардын мамлекеттүүлүгүнүн түрү — Карахандар каганатында - чектелбеген жеке кагандык (хандык) бийлик менен мүнөздөлгөн.

Ошону менен катар эле айрым дубандарда бектер жогорку кагандын атынан бийлик кылып турушкан. Бектердин өз алдынча аскери да, тыйын чыгаруу укугу да болгон. Жалпы “хаканиялык” калайык — «бодун» деп аталган. Калктын ичинен оокаттуулары — «бай», жакырлары — «чыгай» деп аталган. Мунун бардыгы “Диванда” камтылган маалыматтардан жана башка карахандык жазма, нумизматикалык жана башка булактардан алынган.

---

[845] Орхон-Енисей тексттери. — Б. 81.
[846] Караңыз: Далай Ч. Монголия... — С. 61.
[847] Симаков Г.Н. Народные развлечения... — С. 25 — 26; Симаков Г.Н. Общественные функции... — С. 207—215.

Карахандардын жана аларга чектеш түрк мамлекеттеринин негизги чарба тармактары катары тоолуу аймактарда — көчмөн мал чарбачылыгын (Борбордук Азиядагы, анын ичинде Теңир-Тоодогу көчмөндөрдүн социалдык түзүлүшүн А.М.Хазанов «жогорку ички азиялык көчмөндүк тип» катары дүйнөлүк номадизмдин ичинен өзүнчө айырмалайт[848]), өрөөндөрдө — кылымдар бою ырааттуу өнүккөн дыйканчылыкты жана шаар маданиятын көрсөтүүгө мүмкүн.

Көчмөндөр да, отурукташкан калк да ар кыл кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн өнүктүрүп келишкен. Аңчылык болсо көңүл ачуу, аскердик (мерген катары) машыгуу түрү болуп чектелбестен, кошумча азык-түлүк табуу жолу катары да сакталып келген.

Ички Теңир-Тоодогу Ат-Баш шаарынан Кашкарды көздөй кетчү кербен жолунун таманында жайгашкан Таш-Рабат кербен сарайы. Т.Чоротегиндин сүрөтү. 30.7.2010.

Соода ички жана тышкы деңгээлде өсүп-өнүгүүгө ээ болгон. Эл аралык соодага ыңгайлуу шарттар түзүүчү жергиликтүү институттар жана инфраструктура (Ат-Башы өрөөнүндөгү Таш-Рабат сыяктуу кербен сарайлар, «йүгүрген» аттуу чабармандар, «биста» ж.б.) калыптанганын Махмуд Кашгаринин «Диванынын» картографиялык,

[848] Khazanov A.M. Nomads... — P. 190.

географиялык, орографиялык жана башка терминдик маалыматтары, ошондой эле Жусуп Баласагындын “Кутадгу билиг” дастанынын маалыматтары жана археологиялык-архитектуралык эстеликтер дурус чагылдырган.

Түрк калктарынын салт-каадалары да, музыка өнөрү да, тамак-ашы, кийим-кечеси, спорттук жана башка шаан-шөкөттүү оюндары да Махмуд Кашгари Барскани тарабынан ар кыл өңүттөн иликтенип, сөз жыйнагында ар тараптуу эскерилген.

Чынында да «Диван» түрк калктары үчүн өз доорунун татынакай этнографиялык энциклопедиясы экендиги ушул баптын учкай жалпылаган маалыматтары менен ого бетер тастыкталат.

IV.2. Диний ишенимдер жана «Куран»

Махмуд Кашгари Барскани, китептин алгачкы бабында айгинеленгендей, сунний исламдын ханафий агымынын тарапкери болгон жана бул динди күчтөп таркатуу үчүн «ыйык казат» уюштуруп келген түрк хандыгындагы эң жогорку тепкичтеги төбөлдүн — хандын дубандык беги жана мураскору болгон кишинин үй-бүлөсүндө таалим-тарбия алган инсан.

Махмуд Кашгаринин убагында Кашкарда, Баласагында, Барсканда, Ошто, Өзгөндө ж.б. түрк шаарларында күчтүү илимпоздор, өз алдынча Куранды талкуулоо укугуна ээ диниятчылар жетиштүү болуп, дал ушул чыгыш мусулман чөйрөсүндө, ислам дүйнөсүндөгү мурдараак үстөмдүк кылган бир жагдайга карты зыялылык агым тамыр жая баштаган. Бул — араб тилин ыйык тил катары эсептеп, ага кулдук урууга каршы агым эле. Маданияттагы өз алдынчалыгын, өзгөчөлүгүн сактоого умтулган коомдук бул кыймыл شعوبية - «шу'уубиййа» («элдүүлүк»)[849] деп аталган. Албетте, бул кыймыл исламга каршы эмес эле, тек гана этно-маданий нукта өнүккөн, бирок, өз доору үчүн прогрессивдүү маниге ээ болгон.

Кыргызстанда ислам Борбордук Азиянын батышына салыштырмалуу кеч орногонуна байланыштуу, бул кыймылга («шу'уубиййага») бул жердеги жана Чыгыш Теңир-Тоонун бир катар батышыраак аймактарындагы түрк этностору X —XI кк. гана кошулушат. (Мурдагы бөлүмдөрдө баяндалгандай, Чыгыш Теңир-Тоонун айрым аймактары, Турпан ойдуңу Махмуд Кашгари Барскани

[849] Tchorotegin T. Islam's medieval sages... — P. 8; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 25.

жашаган доордо башка диндер (бутпарас дини, ж.б.) үстөмдүк кылган чөлкөмдөр бойдон кала беришкен.

Ошол доордогу ислам динин расмий кабыл алган чөлкөмдөрдөгү идеологиялык турмушка чакан да болсо, жалпылама иликтөө жүргүзүп көрөлү.

«Кудай жалгаган ачылыш» «даана араб тилинде» (лисаан 'арабийй мубиин) жарыяланганын Мухаммед пайгамбар «Куранда» баса белгилейт. (16-суроо, «Аарылар»; 105-аят[850]).

Исламдын чек арасы кеңейгенде, мусулмандар өнүккөн маданиятка ээ калктар менен кагылышканда, Батыш жана Чыгыштагы далай ойчулдардын, философ, астроном, математик, медик, географтардын ж.б. эмгектери атайын жардык менен «касиеттүү тилге» которулду. Бул доордо (VIII —XII кк.) Испаниядан жана Түндүк Африкадан, Индия жана Борбордук Азияга чейинки залкар чөлкөмдө илимий, маданий өрүш (прогресс) арап тили менен тыгыз байланышты.

Ошону менен катар эле алиги «Улуу ачылыштын» башка тилдерге которулушуна жана исламдык диний жөрөлгөлөрдүн башка тилде жүргүзүлүшүнө (маселен, башка тилге которулган курандык текстин негизинде ыбаадат кылууга) катуу тыюу салынды.

Дал ушул кырдаалда Махмуд Кашгари Барскани арап тилин терең өздөштүрдү. Тилчи, тарыхчы, географ, картограф, философ ж.б. илимпоздордун, акындардын арапча жазылган жана арапчага которулган чыгармалары менен таанышты. Маселен, «Диванда» Халил ибн Ахмед Фарахидинин (VIII к.) «Китаабу л-'айн» («'Айн» тамгасы менен башталган китеп») аттуу эмгеги Махмуд Кашгари Барскани тарабынан усул катары· сынга алынганын китебибиздин алгачкы бабында көрсөттүк.

Ал эми «Курандан» Махмуд Кашгари Барскани, биринчиден, «түз жүргөн» мусулман катары багыттама алса, экинчиден, «Куранды» арабдардын адабий мурасы катары үйрөндү. Бул анын тушундагы доордук жагдайга байланыштуу. Мусулман өлкөлөрүндөгү жазма эмгектерде, философиялыкпы, медициналыкпы, математикалыкпы, астрономиялыкпы, географиялыкпы, айтор түркүн трактаттардын басымдуу бөлүгүндө түздөн-түз «Куран» пайдаланылган.

Авторлор “Курандын” айрым аяттарын өз пикирин бекемдөө үчүн жана билимдүүлүктүн шыбагасындагы учкул сөз катары пайдаланып, колдонуп, бирок айдыңдык (интеллектуалдуулук) кумарына окурман

---

[850] Коран / Перевод Г.С.Саблукова. — Т. 1. — С. 508 (арабча), 509 (орусча). Ал эми Сауд Арабстанында 1990-жылдары чыккан жана падыша Фахд ибн 'Абдул 'Азиздин белеги катары Кыргызстанда таркатылган «Курандын» текстинде бул аят № 103 катары көрсөтүлүптүр: ал-Кур'аану л-кариим. — С. 279. — Дагы караңыз: Резван Е.А. Раздел I. Коран и коранистика. — С. 29—42.

өзү батуусу үчүн ансыз да белгилүү булактын («Курандын») кайсы сүрөөсүнүн аятын колдонгонуна эч шилтеме кылбай коюшаар эле.

Маселен, борбордук азиялык энциклопедист аалым Абу Райхан Берунинин (973—1048) «Өткөн дооорлордун мурастары» эмгегинде: «Ыплас арамзалык ага татыгандарды (аны жасагандарды) гана сыздатат» (№ 35 «Периштелер» суроосу; 41-аят) деген накыл сөз[851] шилтемесиз пайдаланылган.

Кара кагандар дөөлөтүнүн жана батышырааста Газневийлер менен Селжукийлердин күч-кубаты арта берген маалда (X—XI кк.) идеологиялык кайра куруулар мусулман түрктөрүнүн аймактарында тездеп жүрдү.

Борбордук Азия менен Түндүк Ооганстан аймагы муржи'ийлердин[852] Куфа шаарындагы эң беделдүү өкүлү болгон Абу Ханифанын (150-хижра / 767-ж. өлгөн) тарапкерлеринин таасири астында болгон жана алардын мазхабы «ханафийлик» деп аталган.

Ханафийлердин Мавераннахрдагы жергиликтүү диниятчылык-укукчул (фикх) мектеби X кылымда күчтүү мектепке айланган. XI кылымда болсо Карахандар каганатына Мавераннахрдын саясий жактан тийешелүү болгондугуна байланыштуу, бул аймак араб-мусулман дүйнөсүнүн чордонунан саясий жактан эркин болуп, жергиликтүү ханафий факихтеринин чырагына май тамган[853].

Алардын катарына теңир-тоолук диниятчы-укукчу түрктөр да кошулган. Ханафийлер мусулмандык диний жөрөлгөлөрдү аткарууда жергиликтүү калкка бир катар формалдуу (үстүрт) мамиле кылууга жана мурдатан колдонуп келген элдик салттарынын кыйласын сактап калууга жол беришкендиктен, Борбордук Азиядагы X—XI кк. көчмөн түрктөр үчүн да ханафийлик мазхап жакыныраак келген.

Мусулмандык Борбордук Азияда ошол тапта байырлаган жана аракетте болгон диниятчылар хадистердин (Мухаммед пайгамбарга таандык кылып айтылган уламыштардын[854]) жергиликтүү варианттарын сунуш кылып, түрк хандыгынын аброюн көтөрүүгө ашыгышкан.

«Диванда» Махмуд Кашгари Барскани ошондой түрктүк рухта чыга-рылып, Ортоңку Чыгышта таралган жаңы хадистерден мисал да келтирет:

---

[851] 3 Коран / Перевод Г.С.Саблукова. — Т. 2. — С. 822 (арабча), 823 (орусча). — Салыштырыңыз: ал-Кур'аану л-кариим. — 1411 хижриййа. — С. 439 (мында «Фаатыр» сүрөөсүнүн 43-аяты катары берилген экен).

[852] Мец А. Мусульманский... — С. 185 (муржи'а — исламдык 5 тарыкаттын бири)

[853] Караңыз: Муминов А.К. «Ката'иб а'лам ал-ахйар» ал-Кафави... — С. 6—11.

[854] Караңыз: Ермаков Д.В. Раздел 2. Хадисы... — С. 85.

«Улуу Алла айтат: Менин бир кошуундук аскерлерим бар, аларды «Түрк» деп атадым жана Күн Чыгышка жайгаштырдым. Кайсы бир калк каарыма калса, түрктөрдү аларга каршы аттандырам»[855].

(Жалпысынан, «Диванда» төрт жерде хадистер пайдаланылганын анын америкалык котормочулары Р.Данкофф менен Ж.Келли белгилеген[856]).

Айтмакчы, мында «түрк» сөзүн «мусулмандык контекстте» гана кароо керек. Себеби, Борбордук Азиядагы көп түрк элдери, Махмуд Кашгари өзү күбө болгондой, Теңирге ж.б. «каапырдык кудайларга» табынуусун[857] уланта берген. Байыркы кыргыздар да X кылымга чейин исламга эмес, Теңирге, Жер, Суу, Отко сыйынган чыгыш булактары ырастайт (Шараф Заман Тахир ал-Марвазинин 1120-жылдын тегерегинде жазылган эмгегинде кыргыздардын айрым бөлүгү мусулмандардын жакын коңшусу болгондугу, алардын таасири менен сөөк коюу жөрөлгөсүнө өткөндүгү тууралуу таасын кабар камтылгандыгы жөнүндө китиебибизде буга чейин белгиледик. Бул кабардан улам, алардын батышка оогон айрым бөлүгү ислам динин (—XII кк.) кабыл алгандыгы жоромолдонууда).

Жогорудагы түрк калктарынын пайдасына айтылган хадис кокусунан чыкпаганын көрдүк. Билимдүү, ойчул адамдардын өзүнчө бир мууну өсүп, ал түгүл орхон-энесай жазма маданиятынан да илгерилеген жазма адабий тил негизделген жана гүлдөп өскөн (эң татыктуу үлгүсү — Жусуп Баласагындын «Кут билими» насаат жана саясат таануу поэмасы экендиги талашсыз).

Махмуд Кашгари Барскани төмөнкүдөй саптарды эмгегинин кириш бөлүмүндө чегелейт:

«Түрктөрдүн тилдери байгеге тең чамал чыгып келаткан кош аттын сыңарындай араб тили менен атаандашып жаткандыгын билдирүү максатында...»[858].

Демек, Махмуд Кашгари Барскани «Сөздүгүн» дал ушул бири-биринен озунуп атаандашып, теңтайлашып келаткан эки «аргымактын» биринин турпатын сүрөттөөгө багыштаган. Өз көз карашынын дооруна жараша диний чектелүүсү Махмуд Кашгари

---

855 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 89a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 351; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 274.
856 al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 3. — P. 312.
857 Табышалиева А.С. Вера в... — С. 32—70.
858 Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 123.

Барсканиге түрк тилдеринин даражасын «даана тилге» теңөө үчүн кошумча каражат, таасирдүү курал катары исламда жактырылган библиялык-курандык санжырага кийин гана кынапталган болумушка («Түрк» — бул теңир жалгагыр Нух пайгамбардын уулунун аты»[859]), жана андан да омоктуу — жергиликтүү хадистерге таянат.

Бирок жергиликтүү хадиске таянганда мындай хадистин жалпы мусулмандар чөйрөсүндө бир кылка кабыл алынбай тургандыгын дурус түшүнгөн автордун олку-солкулугу ачык сезилет:

«**Бухаранын имамдарынын кадыр-барктуусунан жана Нишапурдун (диниятчы) калкынан чыккан башка дагы бир имамдан, экөө тең ыснаттуу хадисчилерден, — Алланын элчисине... таандык кылып айткандардын эшиткен элем: ал** (Мухаммед пайгамбар. —Т.Ч.)... **буюруп айткан экен: «Түрктөрдүн тилин үйрөнгүлө! Анткени алардын шыбагасында узакка созулуучу бийлик бар!» Эгерде бул хадис туура болсо, — ал үчүн жооп бериш — (алиги) эки айтуучунун мойнунда, — анда аны (түрк тилин) үйрөнүү милдеттүү ишке жатат. Арийне, бул (хадис) төгүнгө чыгарылган шартта да акыл өзү аны үйрөнүүнү талап кылат**»[860], — дейт Махмуд Кашгари Барскани.

«Курандагы» сүрөөлөрдүн биринде (№ 76 «Инсан» сүрөөсүнүн 1-аятында[861] жана № 95 «ат-Тиин» сүрөөсүнүн 4-5-аяттарында[862]) айтылган «инсан», б.а. «киши» сөзү жалпыланган маанидеги сөз экендигин Махмуд Кашгари Барскани айрыкча белгилейт[863].

Контексттен «инсан» сөзүнө араптар эле эмес, бардык эле «кудайдын кулдары» кирээрин, демек, түрктөр бөлөк калктар сыяктуу эле «киши» деген жалпы ат менен Куранда да айтылаарын баамдоо кыйын эмес.

Демек, мындан исламдын кумунда кылайган гуманисттик алтын бүртүкчөнү (адамзаттын бүгүн ар кыл расага жана улуттарга жиктелгенине карабай, жалпы бир тектен экендиги жөнүндөгү татынакай идеяны) чайкап алышыбыз мүмкүн.

---

[859] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 88b; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S.350.

[860] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. lb—2a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 4.

[861] Коран / Перевод Г.С.Саблукова. — Т. 2. — С. 1110 (арабча), 1111 (орусча). — Салыштырыңыз: ал-Кур'аану л-кариим. — 1411 хижриййа. — С. 578.

[862] Коран / Перевод Г.С.Саблукова. — Т. 2. — С. 1152 (арабча), 1153 (орусча). — Салыштырыңыз: ал-Кур'аану л-кариим. — 1411 хижриййа. — С. 597.

[863] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 88b; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 350.

«Дивану лугати т-түрк» эмгегинин башка жеринде Махмуд Кашгари Барскани «Йусуф» (12), «Периштелер» (35), «Сад» тамгасы (38), «Куланма» (56) сүрөөлөрүнүн мерчемдүү аяттарын пайдаланып, түркөй, билимсиз түрк көчмөндөрүнүн Куранта шек келтирип күлө турган жерлерин өзгөчө белгилеп, бул аяттарга келгенде имам доошун саал басаңдата окуусу зарылдыгын арап окурманына эскертет[864].

Кыргыз котормочулар тобу бул эскертүүнү мындайча которушкан:

“...аяттарын акырын добуш чыгарып окушу керек. Анткени алар (угуп жаткандар) бул аяттардын маанисин билбегендиктен, кээ бир сөздөрүн өз тилдеринде түшүнүп алып, күлүп жиберип күнөөкөр болушат”[865].

Албетте, Махмуд Кашгари такыба мусулман, анда Куранды түркчө которуу жөнүндө ою таптакыр байкалбайт.

Анын ысымы белгисиз бир кичүүрөөк замандашы Курандын аяттарынын саптарынын алдына жазуу менен анын карахандык түрк тилиндеги котормосун жүзөгө ашырган экен, ал түгүл «Кур'аан» сөзүн oq'iyu деп берген; анын 734-хижра / 1333-34-ж. Шираз шаарында Мухаммед ибн Хажы Давлетшах тарабынан жазылган көчүрмөсү биздин күндөргө жетти жана Стамбулдагы Түрк жана Ислам Асарлары музейинде [№ T 73] сакталууда[866].

Бирок Махмуд Кашгари Барсканинин бир тил экинчи бир тилде сүйлөгөн элдин жашоо шартына, адебине, үрп-адатына, эгер бул тилди түшүнүшпөсө, шайкеш келбей тургандыгын чагылдырган ыкмасы өтө таасирдүү, ал түгүл араб мусулмандарынын “арап тили - таасын тил” деген догматына шек келтирерлик илепте десек болот.

Кезегинде мындай каймана «мусулмандык» ыкманы Ибн Сина (980—1037) кеңири колдонгон, бирок анын «Алланы даңазалоо» менен башталган эмгектериндеги идеялардан үрккөн жана илимге каршы чыккан айрым эскичил диниятчылар Ибн Синаны «шайтандардын шайтаны» деп аташкан.

Курандан алынган жогорку мисалдар «Сөздүктүн» Стамбулдагы жалгыз кол жазмасынын 84-б (туташ номерленгенде — 168)-бетинде жана 88-б (176)-бетинде суроолордун Курандагы ырааттуу тартибинде

---

[864] Чороев Т.К. Улуу казна урпактарга... — Б. 10—11; Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 84b; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. -S. 334—335; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 265.

[865] Кашкари, Махмут. Дивану лугати-т турк... / Которгондор И.Абдувалиев... – 2016. – Т. 1. – Б. 290. “Дивандын” көчүрмөсүндө: Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 84b.

[866] Eckmann Jánoš. Middle Turkic Glosses... — P. 13—14.

иргелген экен (Бул аяттарды Г.Флюгел даярдаган курандык текстке[867] да салыштырдык: №№ 12, 35, 38, 56, 76, 95 суроолор).

«Бул — же кокустук, же дайыма так, кылдат, кубулуштун, нерсенин ички ырааттуу биримдигин туя билген көрөгөч тилчинин дагы бир сырткы тыкандыгы» — деп 1986-жылы жазган элек. Арийне, бул мурдагы пикир кескин оңдоону талап кылат; себеби, «Дивандагы» Куранга берилген шилтемелердин Р.Данкофф түзгөн көрсөткүчүнөн айгинелегендей, бул ырааттуулук эмгекте дайыма эле сакталбаган экен (б.а. андай ырааттуу шилтеме берүү максаты «Диванда» эч коюлбаган). Жалпысынан, Махмуд Кашгари тарабынан 23 жолу Курандын аяттарына шилтеме жасалган[868].

Мурдагы оюбузду кайталасак, улуу окумуштуу Махмуд Кашгари Барсканинин диний көз карашы анын илимий мурасына эч качан көлөкө түшүрө албайт. Анын элесин мурдагы совет доорунда практикалангандагыдай жасалма жакшыртуу эч кажетсиз.

(Алматыда орус тилинде котормосу чыккан Абай Кунанбай уулунун (1845—1904) насааттарын окуп, улуу акын-агартуучу кезегинде кожо-молдону аёосуз сынга алуу менен бирге, айрым сөзү менен Алла-тааланы алардан кем эмес коргогонуна күбө болдук. Айтмакчы, Тоголок Молдону да атеист кылып коё жаздашкан учур анча алыстай элек).

Себеби көөнө кылымдан бери чыныгы илимпоздун далайы субъективдүү айрым көз карашы менен эмес, жалпы ой-мурасынын объективдүү орду менен өрүшкө (прогресске) кызмат өтөп келген.

Дегинкиси, «Дивандын» диндер тууралуу маалыматтарын иргөөдө жалпы эле мусулман дүйнөсү деген аймак ар дайым мусулмандар башка диндеги калктар менен эриш-аркак жашаган чөлкөм болгондугун, мусулмандар өздөрү да тынымсыз түрдө ар кыл тарыкаттарга (секталарга) жиктелип келишкендигин эскерте кетүү да абзел.

Жалаң гана христиандардын өкүмү алдында калган орто кылымдык Европадан айырмаланып, мусулман дөөлөтү ар дайым башка динди туткан калайыктын эбегейсиз зор катмарын да өзүнө камтып келгендигин ислам таануучу жана чыгыш таануучу Адам Мец калыс белгилейт[869].

---

[867] Corani. Textus arabicus... / Addidit Gustavus Fluegel.

[868] al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 81, 105, 138, 139, 153, 208, 236, 265, 273; — Pt. 2. — P. 43, 49, 172, 207, 258, 268, 302; — Pt. 3. Indices. — P. 312; салыштырыңыз: Эрмерс Р. Часть 2: Индексы. – С. 1282.

[869] Мец А. Мусульманский... – 1996. – С. 44.

Ал эми багдаддык араб акын Ибн ал-Хажжаж (391-хижра ж. / 1001-ж. өлгөн) болсо таптакыр эле «кайырдин» сыяктуу ыр саптарын калтырган:

«Сыртыман өзүм — мусулман, бирок келсе шарап алдыма, болом ичимден — несторийчи христиан...»[870].

Дагы бир бухаралык (саманийлик) акын X к. акырында жазган бир ырда жакыр бир киши намазды дайыма окубай, ар дайым эле сыйына бербей жүргөндүгүн өзүнүн жакырдыгы менен түшүндүрүп, диний жөрөлгөлөрдү кыйшаюусуз тутуу — ак сөөктөргө, төбөлдөргө, кол башчыларга ж.б. шыбагалангандыгын өз жубайына айткан:

«**Сыйынууну ошолорго койдум, кимде-ким мени бул үчүн жекирсе — аңкоо экендиги ошо**»[871].

Демек, исламды сыртынан гана тутуп, анын жөрөлгөлөрүн анча бекем тутпаган ошол доордун “секулярчылары” — жалаң гана көчмөн мусулман түрктөр эмес, араптардын жана борбор азиялык отурукташкан калктардын арасынан да учурагандыгы унуткарылбоого тийиш.

Ал эми исламга берилгендердин («момундардын») эмири атыккан халиф-тердин бирине — ал-Муктади би-Амриллага багышталуу үчүн даярдалган-дыгы кириш сөзүндө жазылган Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгегинин мусулмандык идеологияга ширелген руху бул чыгар-манын түрк калктарынын диний тарыхын иликтөөдөгү кеңири маалыматтар булагы катары орду үчүн эч качан жолтоо боло албастыгы да айкын.

Бул эмгекте да мусулман жана мусулман эмес түрк топторунун жандуу турмушунун (анын ичинде — диний салт-каадаларынын жана өз ара чырмалышкан диний терминологиясынын) издери сакталган.

Оболу, «Дивандагы» бир нече ирет эскерилген «**Теңри**» (“Теңир”) сөзүнө кайрылалы. Орто кылымдардын эрте мезгилинде бул сөз түрк калктарынын көп кудайлык диний ишениминин (пантеонунун) туу чокусундагы башкы кудайдын аталышын туюнткан.

Ички Азиядан Балканга чейинки кеңири аймакка таркалган түрк элдери үчүн Теңир башкы кудай болгон, ошондуктан кийинки илимий жана башка адабиятта бул диний ишенимдер системасы «теңирчилик» (орусча тенгрианство) деп аталып жүрөт.

(Заманбап болгар тарыхчысы Живко Аладжов мырза «протоболгарлардын», б.а. Балканга көчүп келген түрк тилдүү

---

[870] Мец А. Мусульманский... – 1996. – С. 257, 322.
[871] Мец А. Мусульманский... — 1996. — С. 323.

болгарлардын жогорку кудайы — *Тангра* — көк асманды туюнтканын, атчан киши, күн нуруна чайынган баатыр, жараткан кудай катары сыпатталганын жазат жана хандардын бийлигинин тушунда бул диний ишеним мамлекеттик система таңуулаган монотеизмге — тек кудайлуулукка чейин өсүп жеткендигин белгилейт[872]).

Демек, түрк калктары да исламга чейин эле монотеисттик диний ишенимге жакындаган диний системаны өнүктүрүшкөн. Бул жагдай да теңир-тоолук жана башка түрктөргө ислам динин ыктыяры менен жана оңой кабыл алууга өбөлгө жараткан.

Исламды таркаткан маалда мусулман диниятчылары дал ушул жагдайды да пайдаланышкан. Алар «Теңри» сөзү менен Алла-тааланы да которуп бере башташкан.

Бул болсо көчмөн түрктөрдөгү арап тилин анча түшүнө бербеген кеңири катмардын бул жаңы диндин (исламдын) кудайын жакшыраак түшүнүүсүнө жана ага берилүүсүнө көмөктөш болгон жагдай эле. Ал эми Алла-тааланын элчиси (Мухаммед пайгамбар жана башка пайгамбарлар) түрктөрдө мурда «элчи» түшүнүгүн берген «йалавач» сөзү менен белгиленип калган[873].

Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинин башка бир жеринде: «**Теңри йалавач идти**» сүйлөмү 'арсала ллаху та'аала расуулан'[874] — «Алла-таала элчини жиберди» деп которулган.

Бул сөз (теңри) исламдагы тек кудай — Алланы билдирүү үчүн синоним болсо, ал эми «байат» сөзү болсо тек кудай — Алланы да, жалпылама «кудай» түшүнүгүн да билдирген.

Жусуп Баласагын (№ 2598 бейт) «байат қуллары» — «кудайдын кулдары» сөз айкашын да пайдаланат[875].

Бул терминди «Дивандан» да учуратабыз:

«**'БАЙАТ — Алла-тааланын ысымы. Аргу тилинде**»[876].

Айтмакчы, Ысык-Көлдөгү Жети-Өгүз районуна караштуу Тосор айылындагы Кулбак (Кулбакы) жергесинде табылган таш бетиндеги арап жазмасындагы эстеликтеги текстти Кайрат Белек мындайча транскрипциялайт:

---

[872] Аладжов Ж. За култа към Тангра... — С. 76 — 85.

[873] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 233a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 47.

[874] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 317a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 438.

[875] Arat, Resit Rahmeti. Kutadgu Bilig: I. Metin. — S. 273.

[876] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 260b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 134.

«Мен Кара Хасан Сөкмен, Хаканга сү беримāн. Карам луг су бирāн. Сеним сагдым Теңир. Мен Мас‘уд Алп алдым. Теңир қутлығ қылсун. Аамин»[877].

Кыргызча котормосун сунуштайбыз:

«Мен, Кара Асан Сөкмен, каганга аскер («сү») берем. Аскер көп сандаган, кубаттуу. Сени Теңир сактасын! Мен, Масуд Алп, алдым. Теңир куттуу кылсын! Оомийин!»

Бул арап жазмасындагы «хаканийалык» түркчө жазууну, албетте, исламды кабыл алган ысык-көлдүк түрк тилдүү тургун (чигил же башка этностун өкүлү) жазганы түшүнүктүү.

Мында көңүл булчу нерсе, эпиграфикалык текстте «Алла-таала» деп жазылбастан, «Теңир» деп жазылган жана бул «Теңир» сөзү менен «Алла-таала» аңдалган. Орто кылымдардагы теңир-тоолук түрктөр «Теңир» сөзүн «Алла-таала» катары колдонууну эч бир убакытта ката деп санашкан эмес. Бул эне тилдеги нукура «сүйүү» сөзү менен арапчадан келген «махабат», «ашыктык» сөздөрү азыркы кыргыз тилинде бири-бирине карама-каршы келбестен, ийкемдүү жана бири-бирин «эс алдырып» колдонгонундай эле кеп.

Ал эми кудай бардык ааламдардын кожоюну катары кабыл алынган шартта мусулман түрктөрдө «кудайдын» синонимдик аталышы катары «изи / иди» — «кожоюн», «ээси», «эгем» сөзү толук пайдаланылып калды (бул сөз тууралуу К.Менгес атайын макаласын арнаган жана аны жалпы эле алтай тилдерине мүнөздүү этимон катары белгилеген[878]).

Ырлардын биринде «Изимни өгермен»[879] — «Эгеме алкыш айтамын» деген сап да учурайт.

Поляк чыгыш таануучусу Эдвард Трыярски белгилегендей, «дин» түшүнүгүн түрктөр байыркы грек жана согду тилдери аркылуу өздөштүрүлгөн «ном» термини менен белгилешкен. Маселен, «теңри номы» сөз айкашы «Алланын дини» катары которулган[880]. Котормочу З.-А.Ауэзова бул نوم («ном») деген сөздүн арапчага которулган маанисин орусчага „законоположение, вера Аллаха” деп которот. Бул терминди Махмуд Кашгари Барскани Чын (ас-Син) тилинен кирген деп

---

[877] Табалдыев, Кубатбек Шакиевич; Белек, Кайрат. Памятники письменности на камне Кыргызстана. – 2008. – С. 90

[878] Менгес К.Г. Тюркское... —- С. 104.

[879] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 194a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 243.

[880] Tryjarski Edward. Kultura... — S. 263.

түшүнгөн жана “ном” сөзү менен бардык эле диний ишенимдер түшүнүгүн жалпы атап коюшаарын белгилеген[881].

Чыгыш түрктөрүнүн бир катар топтору кеңири камтылган дүйнөлүк монотеисттик диндердин бири — бутпарастык (буддизм) эле. VII—IX кылымдарда бутпарас дини үчүн Чыгыш Теңир-Тоонун чыгышындагы Турпан ойдуңу өзүнчө эле бир сепилге айлангандыгын, бул учурда Индияда буддизм өз турумун (позициясын) жоготкондугун, Борбордук Азия мусулмандардын колуна өтө баштагандыгын, Кытай болсо эч качан жалаң гана бутпарастардын таасиринде калбагандыгын чыгыш таануучу М.И.Воробьева-Десятовская акыйкат белгилейт[882].

Ал эми бутпарастардын диний жөрөлгөлөрүн жүргүзүүчүсү «тойын» термини менен аталаарын «Дивандан» биле алабыз:

«'ТОЙЫН' — каапырлар жамаагатынын бакшысы. Алар үчүн ал — биздердеги аалымдар жана муптулар сыяктуу [киши]. Ал ар качандан бир качан буттун жанынан чыкпайт да, каапырлардын каттарын окуп, өкүмдөрүн жарыялап турат. — Алла-таала андан бизди колдосун! — Ал эми макалда мындай делген: «Бир тойын башы оғрыса, қамуғ тойын башы оғрымас». Мааниси: бир бакшынын башы ооруса, бакшылардын башы жалпы оорубайт. Бул [накыл сөз] менен жоролорунун арасында отуруп, кеселдеп калганына байланыштуу кайсы бир тамакты жештен баш тарткан адам сыпатталып, ал [сөз] менен калгандары [алиги] ашка чакырылат»[883].

«Дивандын» дурус жактарынын бири — башка динге ишенген түрктөрдүн диний маани да камтылган макал-ылакаптарынын да иргелип берилиши болуп саналаары ушул мисалдан да айгиненет.

Тойын өз жөрөлгөсүн жасоо үчүн Будданын сөлөкөтүнө (кыргызча «бут», орусча «идол» сөзү) сыйынган, бул сөлөкөттү чыгыш түрктөрү «бурхан» деп аташкан экен.

Махмуд Кашгари Барсканинин эмгегинде «Тойын бурханка йүкүнди» сүйлөмү[884] да мисал катары берилген жана 'сажада л-'илжу ли-с-санам' — «динсиз киши бутка (идол) сыйынды» деп которулган.

---

[881] ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод, предисловие и комментарии З.-А. М. Ауэзовой. – С. 842 (№ 5286); Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 251b.

[882] Воробьева-Десятовская М.И. Памятники индийской и тибетской... — С. 320.

[883] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 260a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 134.

[884] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 240a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 84.

Дин жолуна түшүп, жалаң гана диний билимдерин өркүндөтүү менен алпурушкан, дүйнө кызыкчылыктарына анча деле маани бербеген айрым сопулар сыяктуу эле, мусулман эмес түрктөрдүн да такыба динчилери бар болгон. Алардын бир өкүлү тууралуу Махмуд Кашгари төмөнкүдөй эскерет:

«**'ТЕҢИРГЕН' — дүйнө жыргалынан кечкен такыба аалым. Каапыр [түрктөрдүн] тилинде**»[885].

Бул термин тек кудайлуу диний системаларга кирген бутпарас динине таандык такыба түрктү билдирүү үчүн колдонулушу ыктымал.

Түрк калктары, өзгөчө ички азиялык түрктөр теңирчилик аталып жаткан диний ишенимдер системасынын курамындагы ар кыл жаратылыш кубулуштарына, жылдыз жана планеталарга, жаныбарларга, суу, тоо-ташка, арбактарга ж.б. табынууларын да сактап келишкен. Алардын мындай бакшылык (шамандык) жөрөлгөлөрүн жүргүзүүчү атайын диниятчылары орто кылымдардын эрте мезгилинен тартып эле «қам» термини менен белгиленет.

Маселен, «Син Тан шу» аттуу кытайлык жылнаамада кыргыздардын бакшысы «ган» («кам») деп аталаары чагылдырылган[886].

Гардизинин VIII кылымга таандык булактан алынган маалыматына караганда, кыргыздардын бакшысы «фагинун» аталган (бул сөз, албетте, Гардизиге бузулуп жеткен термин болуп саналат, сөздүн түпкү теги кытайлык булактар чагылдыргандай «кам» термини эле болуусу мүмкүн).

Эне-Сайдагы кыргыздар отко сыйынганы, айрым кыргыз топтору уйга, же шамалга, же кирпиге, же сагызганга, же шумкарга, же татынакай дарактарга (мазар?) сыйынышкандыгы тууралуу Гардизинин бул маалыматы[887] Эне-Сайдагы Кыргыз каганаты доорундагы жергиликтүү түрк калктарынын теңирчилик диний системасына карама-каршы келбеген анимисттик жана тотемисттик ишенимдерин таасын чагылдырат.

Махмуд Кашгари Барскани да өз доорунун бакшыларын эскерет: «**'КАМ' (قام) — шаман**»[888] (арабча «каахин» - الكاهن сөзү менен которулган).

Ал эми чыгыш түрктөрүнүн арасында христиандык (“тарса”) бир бутак болгон несторийчиликтин таркалышы тууралуу илимде ишенимдүү далилдер бир кыйла топтолгон.

---

[885] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 307a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 135.
[886] Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 147.
[887] Восточные авторы о кыргызах. — С. 53 — 54.
[888] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 257a; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 134.

Азыркы Кыргызстандын аймагынан да орто кылымдардагы бир катар несторийчилердин мүрзө таштары сакталып жетти[889]. Махмуд Кашгари Барскани болсо христиандардын орозосу (савму н-насаараа) түркчө «бачак»[890] деп аталаарын белгилейт.

Бир катар диний түшүнүктөр ар кыл диндерге сыйынган түрк топтору үчүн орток термин катары пайдаланылгандыгын да боолголоого болот. Маселен, исламга чейин эле түрктөр эсхатологиялык ишенимдерди тутушкан («аркы дүйнөнүн» бар экендигине ишенишкен).

Ислам дини бул ишенимди эч четке каккан жок, ошондуктан исламга чейинки эсхатологиялык терминдер өз күчүн сактап кала беришти. «Диванда», маселен, “**ажун**” (أَژُوْن) сөзү “дүйнө” (الدنيا) деп которулат. “Бул дүйнө” жана “аркы дүйнө” түшүнүктөрү «бу ажун», «ол ажун» деген сөз айкаштары менен берилээри айтылган[891]. Махмуд Кашгари Барсканинин мындагы атайын эскертүүсүнө караганда, «ж» тыбышы жумшартылып айтылат (аны арабчада жок ژ тамгасы менен белгилеген) жана бул сөз чигил тилине (“луға жикилиййа”) таандыктыгын баса көрсөткөн.

Исламга чейин эле түрктөр табынган башка диндерде кара күчтөрдү элестеткен тарап тууралуу түшүнүк бар болгон. Маселен, зороастризмде да ак менен каранын, адал менен арамдын өз ара күрөшү Заратуштранын негизги диний жоболорунун бирине жатат.

Христиан-несторийчилер деле «шайтан» түшүнүгүн сириялык вариантындагы термин аркылуу колдонушкан. Ошондуктан, Махмуд Кашгари Барскани арабча «шайтан» сөзүнө синоним катары исламга чейинки «йек» терминин көрсөткөндүгүнө эч таң калууга болбойт. («Диванда» «**Йек аны эснетти**» — «шайтан аны (оозун ачып) эстетти»[892] деп которулган).

Шайтанга карата мамиле «**Йек каргалды**»[893] — «Шайтан каргалды (картышталды)» деген сүйлөмдөн эле айгинеленет.

Ааламдын пайда болушу тууралуу исламга чейинки элестетүүлөрүндө түрк калктары Теңирдин ролуна өзөккү маани берген. Эне-Сай өрөөнүндө Уйбат жергесинде табылган үчүнчү

---

[889] Жумагулов Ч. Кыргызстандагы несториан-түрк жазуу... – 2011.
[890] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 104a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 411; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 313.
[891] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 26a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 77.
[892] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 69a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 266—267; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... - Pt. 1. — P. 228.
[893] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 84b; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 236.

эстеликте: «**Үзе теңри йарлыкады**»[894] — «Үстүндө теңир жалгады (жардык кылды)...» деген сүйлөм камтылган.

Теңирдин жаратуучу кудай катары мындай мүнөздөлүшү «Теңир» сөзүнүн мусулман түрктөрүндө кеңири пайдаланылышына алып келди. Махмуд Кашгари Барскани өз эмгегинин «төрөтти» этиши менен байланыштуу сөздүктүк макаласында «**теңри йалңук төрөттү**» — «Алла-таала Адамды жаратты», жана «теңри ажун төрөттү»[895] — «Алла-таала ааламды жаратты» деген котормолору берилген сүйлөмдөрдү да мисал кылган.

Айтмакчы, *йалңук / йалыңук* сөзү бүткүл адамзатты да туюнткан. «Диванда» ыр саптарынан да мисал келтирилет:

«*Йагы эрүр йалыңуктун неңи — тавар,*
Билик эры йагысын нелик севэр»[896].

Азыркы кыргызчага аны которсок:
«Жоосу болоор адамзаттын мүлкү — товар,
Билимдүү эр азамат өз жоосун неге сүйөөр?».

Бул ыр саптарынан, балким, өз доорундагы такыбалыкка чакырган X-XI кк. сопучул философ жана акындардын ой мурасынын изи көрүнүп жатышы да ыктымал. Бирок билимге чакырган мындай ой мурасын мусулман түрктөр өздөрүнүн исламга чейинки маданиятынан деле өздөштүрүүсү толук мүмкүн эле.

Исламга кирбеген түрк калктарынын ааламдын түзүлүшү жана аны башкарган кудайлар тууралуу түшүнүктөрү жаңы доордогу алтайлык жана эне-сайлык түрк калктарынын этнографиялык маалыматтарынан да иликтенген.

В.В.Радлов, маселен, *куу-кижи* деп өзүн атаган алтайлык түрк тобуна барып, алардын мифологиялык уламыштарын жазып калтырган.

Куу-кижилердин элестетүүсүндө, көк асман жети каттан турат: эң жогоркусунда — Бай Үлгөн деген кудай жайгашкан (мындагы Үлгөн сөзү казакча жана кыргызча «үлкөн» — «улуу» сөзү менен этимологиялык жактан жакын болушу мүмкүн), андан соң — Бай Үлгөндүн уулу Пыршак-кан, үчүнчү катта — Пыршак-кандын бир тууганы Төс-кан, төртүнчү катта — Пыршак-кандын уулу **Кыргыс-**

---

[894] Орхон-Енисей тексттери. — Б. 175 —176.
[895] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 209a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 303. (Бул терминди Бесим Аталай «түрүтти» деп берген; пикирибизде, «төрөтти» деп алса ылайыктуу).
[896] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü … / Tıpkıbasım. — S. 306b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... – Б. 135.

кан (аны куу-кижилер өздөрүн кайтарган рух катары аздектешет), бешинчи катта — Бай Үлгөндүн дагы бир уулу Суйлап, алтынчы катта — Суйлаптын уулу Сары-кан, жетинчи, төмөнүрөөккү катта болсо — кудайлар тарабынан кишилерге жиберилип туруучу кабарчылар (б.а. чабармандар же элчилер) жайгашкан экен. Бул — жердин үстүндөгү асман дүйнөсү.

Ал эми Бай Үлгөндүн төрт уулунун бири болгон Кара-кан жердин астындагы караңгы журтту тандаган. Кара-кандын уулу — Эрлик, анын уулдары — Улап жана Көлөк. Караңгыда жашаган бул кудайларды жалпысынан аза деп атап коюшат[897].

Алтайлыктардын куу-кижи уруусу сактаган бул уламыштан эсхатологиялык түшүнүккө жакын элестетүүлөрдү, кудайлар менен кишилердин ортосундагы арачы (элчи, о.а. пайгамбар) идеясын, Аллага каршы шайтан турган сыяктуу эле, өз атасы Бай Үлгөндөн караңгы жана арамдык тарабы болгон дүйнөгө оолактап кеткен Кара-кан жана анын уулу Эрлик жөнүндөгү түшүнүктү байкай алабыз.

(Орус түркологу И. В.Стеблева манихей динин туткан түрктөрдүн «*Ырк битиг*» аттуу руна сымал жазмадагы «Төлгө китебинде» белгиленген Qara yol tänri / Кара йол теңри аттуу кудайды «Тагдырлардын (жолдун) кара кудайы» деп которот жана алтайлыктардын Эрлик аттуу кудайы менен окшоштурат. Алтайлыктар бул кудайдын атын тергеп, «*кара неме*» деп да коюшат[898]. Кыргыз тилинде тек гана «кара жолтой» сөзү сакталып калганын кошумчалай кетсек болот).

Демек, мусулмандык уламыштарга параллел эле чыгыш түрктөрү ошол уламыштарга жакындаган өз мифологиялык-диний түшүнүктөр системасына эгедер болуп келишкен. (Кыргыздардын теңир-тоолук бөлүгү исламга кирген соң, «жер астындагы кудай» түшүнүгү калып калган, бирок «жер астындагы дүйнө» тууралуу алардын байыркы уламыштарынын изи «Манас» эпосунда жана Эр Төштүк тууралуу дастанда чагылдырылат[899]).

«Дивандагы» айрым бир маалыматтар кайсы диндеги түрк топторуна тийешелүү экендигин аныктоо татаалыраак болгон жагдайлар да бар. Маселен, Кулбак антропонимин Махмуд Кашгари Барскани төмөнкүдөй эскерет:

---

[897] Радлов В.В. Из Сибири. — С. 212.

[898] Стеблева И.В. К реконструкции... — С. 218. — Түрктөрдүн манихейлик кол жазмалары тууралуу караңыз: Кляшторный С.Г. Памятники древнетюркской письменности. — 1992. — С. 352—359.

[899] Караңыз: Ботояров К. Көөнөргүс мурас... — Б. 109 —110 (Эр Төштүк: «Эми ушу жер астында жүргөндө, жыйырма бир [ирет] өлгөнмүн» — дейт.

«'КУЛБАК' — түрктөрдүн бир такыбасынын ысымы. Ал Баласагындын тоолоруна (б.а. азыркы Кыргыздын кырка тоосуна. — Т.Ч.) көнүмүш таап жашаган. Айтымдарына караганда, ал өтө чоң бир кара аскага өз колу менен 'Теңри кулы Кулбак', [арабча] туюнтканда — 'Алланын кулу Кулбак', — деп жазып койгон экен. Андагы ак түстөгү жазуусу даана түшүрүлгөн. Ушул сыяктуу кылып ал ак аскага жазыптыр да, кара түстөгү жазуу даана чыккан. Анын изи күнү бүгүнкүгө чейин сакталып турат»[900].

Илимпоз, профессор Четин Жумагулов.

Көрүнүктүү кыргыз эпиграфисти Четин Жумагулов Кыргызстанда сакталып калган руна сымал, согду, чыгыш түрк (“уйгур”), сириялык-несторийлик, арап жана башка жазмалардагы эпиграфикалык эстеликтерди изилдеген таанымал адис.

Ал Талас өрөөнүндөгү Кулан-Сай капчыгайында бир асканын бетинде согду тилинде бир жазуу сакталып калгандыгын жазып, андагы «Култак» деген антропонимди «Дивану лугати т-түрктө»

[900] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 120a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 474—475; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... -Pt. 1. — P. 354; ал-Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат-Турк / Перевод... З.-А. М. Ауэзовой. – С. 440 (№2818).

эскерилген Кулбак аттуу такыба адамдын ысымы менен окшоштурат. Мында тек гана «т» тамгасы «б» га алмашып калса керек, деп Ч.Жумагулов жоромолдойт[901].

Арийне, бул саптардын ээси мурда белгилегендей, бул ысымдар таптакыр эки башка кишиге таандык. Бул ысымдардын биринчи мууну бири-бирине эч дал келбейт («Диванда» каткалаң «қаф» менен жазылган «қул-» мууну, согду жазуусунда — «*кул-*» мууну берилген), ошондой эле таштагы жазуунун мазмуну да Махмуд Кашгари Барскани жазгандан кескин айырмалуу[902].

Дагы бир жагдай, «*Баласагун тоолору*» деп Махмуд Кашгари Барскани көрсөткөн тоо кыркасын сөзсүз эле Талас аймагын да камтыган, — деп элестетүү саал тайкыраак болоор эле. Махмуд Кашгари Барскани бул тоону Баласагын шаарына жакын эле аймакта — Чүй өрөөнүндө деп эсептегендиги чындыкка абдан жакын.

Бирок бул фрагменттен биз башка бир жагдайды көрө алабыз: ал айрым бир билимдүү кишилердин (же динге үгүттөгөн миссионер түрктөрдүн) үгүт ирээтинде эпиграфикалык жазма түшүрүү усулун колдонушкандыгы болуп саналат. Албетте, ташка жазуу түшүрүү салтын мусулман түрктөр өздөрүнө чейинки муундардан мурастап, бул салтты жаңы дин үчүн пайдаланууга аракеттенишкен.

Айтмакчы, азыркы кыргыз археологу, профессор Кубатбек Табалдыев Тескей Ала-Тоодо, Тосор өзөнүнүн жогорку агымында азыркыга чейин Кулбак деп аталган жер бардыгын жазат. Бул жерде чоң аска ташка арап арибинде түшүрүлгөн текст табылган. Текстти Ч.Жумагулов жарыялаган. К.Ш.Табалдыев бул жайды 2007-жылы көрүп чыгып, андагы текстти жаш илимпоз Кайрат Белекке окуткан. Кайрат Белектин оюнча, мында аскерлер тууралуу маалымат камтылган, бирок “кудайдын кулу Кулбак” деген сөз жок. Жергиликтүү тургундар бул тегеректе башка да эпиграфикалык жазмалар бар дешкени менен, азырынча Кулбактын ысымы бар эч бир жазма эстеликтер мында табыла элек, дейт К.Табалдыев.

Анын оюнча, дал ушул Кулбак жергесиндеги таш жазмасы Махмуд Кашгари Барскани эскерген Кулбак тууралуу жазмага жакындатылышы ыктымал[903].

Албетте, бул – өтө кызыктуу маалымат. Жердин аталышы да “Кулбак” экен. Бирок, биздин оюбузча, Махмуд Кашгари Барскани Тосор суусунун жогорку агымындагы тоо кыркасын “Баласагун тоолору” деп аташы мүмкүн эместей.

---

[901] Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. — Вып. 2. — С. 30.
[902] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 131.
[903] Табалдыев, Кубат Шакиевич. Древние памятники Тянь-Шаня. – 2011. – С. 165-166.

Кулбак тууралуу «Дивандагы» макалада көңүлдү өзүнө бурган дагы бир жагдай — ак менен кара түстүн өз ара карама-каршы берилиши. Бул аллегориянын артында, балким, зороастризмден учугун улаган манихеизм, маздакизм сыяктуу дуалисттик диндердин изи катылып жатышы да ыктымал[904].

Абу Райхан Беруни жазган маалыматка караганда, Мани таркаткан окуунун - манихеизмдин тарапкерлери ар кыл чөлкөмдөргө таркалган, алардын ичинде «чыгыш түрктөр, Кытайдын, Тибеттин калкы жана Индиянын калкынын бир бөлүгү» да саналып өтөт[905].

Махмуд Кашгари болсо маздакийлер жана башка антиисламдык күчтөр айтылуу Муканна' жетектеп чыгарган VIII кылымдын 70 — 80-жылдарындагы көтөрүлүш менен байланыштуу абдан кызыктуу бир маалыматты калтырган:

«**'ИНЧ-КЕНД' — Алланын каргышына калгыр Муканнанын (المقنع) калайыгына (ли-қавм) таандык болгон бир чакан шаарчанын (“булайда”) аты. Кийин ал [шаарча] таш-талкан кылынган**»[906].

Жалпы эле ислам дининин Борбордук Азияда жана Теңир-Тоодо таркалышынын негизги баскычтарына келсек, анын алгачкы баскычы VII кылымдын акыры — X кылымдын ортосуна таандык. Бул учурда борбордук азиялык батыш жана чордондук аймактар Омейявийлер жана Аббасийлер халифаттары менен кагылышкан. Мындагы айрым калктар исламга согуштук жортуулдардын жүрүшүндө күч менен киргизилишкен (алардын мындай «ыйык казат» саясатын Саманийлер да уланткан).

Кыргыз уламыштарына караганда, Ферганандын чыгышындагы Ала-Бука районуна караштуу Шах-Фазил күмбөзү жана Ноокаттагы “сахабаларга таандык” делген мүрзө таштар ошол арап баскынчылыгы маалындагы мүрзөлөргө кийинчерээк тургузулган делет. Кандай болсо да, кылыч менен келген дин таркатуучулар оболу кылыч менен тосуп алынган.

---

[904] Бул дуалисттик диндер тууралуу караңыз: Бартольд В.В. Избранные труды... — 1996. — С. 259 — 263; Он же. О христианстве... — С. 267 — 272.

[905] Шмидт А.Э. Материалы... — С. 489. — Дагы караңыз: Ибн ал-Факих. Китаабу л-булдаан... — С. 637.

[906] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 317a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 3. — S. 437—438; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 136.

Шах-Фазил күмбөзү. Сапид-Булан, Ала-Бука району, Жалал-Абат облусу, Кыргызстан.

Халиф Хишам ибн 'Абд ал-Маликтин (724—743) түрк каганына исламды ыктыярдуу кабыл алуу сунушу менен атайын элчилик жибергендиги, бирок андан эч майнап чыкпагандыгы да маалым[907]. Ал эми X ортосунан — XVI кылымга чейин чыгыш түрктөрүнүн улам жаңы топтору исламга тартылышкан жана мында түрктөрдүн Сатук Буура хан сыяктуу бийлик төбөлдөрү ыктыярдуу түрдө исламга өтүп, Караханийлер каганатынын өзү башка түрктөргө бул динди таңуулагандыгы X жана XI кылымдар үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон[908].

Чыңгыз хандын жана урпактарынын чапкыны бул жүрүмдү бир аз убакытка үзгүлтүккө учураткан менен, бул моңгол ханынын Теңир-Тоону жана жалпы Борбордук Азияны, Ортоңку Чыгыштын кыйла бөлүгүн бийлеген урпактары өздөрү кийинчерээк ыктыярдуу түрдө

[907] Бартольд В.В. О христианстве в Туркестане... — С. 274; Ибн ал-Факих. Китаабу л-булдаан... — С. 634—635.
[908] Чороев Т.К., Урстанбеков Б.У. Основные этапы... — С. 28—44.

исламдык тарапкерлерден болуп калышкан (б.а. Карахандар мамлекетинин кагандарынын жолуна түшүшкөн).

Махмуд Кашгари Барскани дал ушул уникалдуу доордун - Карахандар бийлиги өздөрүнүн чыгыш, түштүк-чыгыш жана түндүк-чыгыш коңшуларына ислам динин таңуулаган кезеңдин күбөсү жана илим үчүн аны чагылдырган этнограф болуп калды.

«Диванда» каапыр уйгурларга жана башка мусулман эмес түрктөргө каршы Карахандардын “ыйык” согуштары чагылдырылган дастандардын үзүндүлөрү арбын камтылган. Ошондой диний мазмуну ачык айгинеленген согуштун бир эпизоду төмөнкү ыр үзүндүсүнөн да көрүнөт:

«*Келгинлайү (текстте: Келнкизлайу) ақтымыз,*
Кендлер үзе чықтымыз,
Фурхан эвин йықтымыз,
Бурхан үзе сычтымыз».

Бул үзүндүнүн азыркы кыргызчага котормосу:

«Келгин селдей актык биз,
Калааларын бастык биз,
Бутканасын жыктык биз,
Буркан үстүнө чычтык биз»[909].

(Кыргыздын «Манас» дастанында да каапырларды сыпаттоодо «буткана», «буркан», «бут» терминдери чагылдырылгандыгын этнограф Имел Баки уулу Молдобаев белгилейт[910]. Анын пикирине кошумчалай кетсек, «бурхан» терминин X—XI кылымдарда чыгыш түрктөрүнүн бутпарас динин туткан бир катар этностору кеңири колдонуп келишкен. Маселен, «*Алтун йарук*» сутрасынын X кылымдагы турпандык түркчө котормосунда tngri tngrisi burxan — *'теңри теңриси бурхан'* — «кудайдын кудайы Будда» деген сөз айкашы учурайт[911]).

Бул «ыйык казат» ырын Махмуд Кашгари Барскани төмөнкүдөй кылып арабчага таржымалаган:

---

[909] Орусча котормосун караңыз: Стеблева И.В. К анализу типа повествования... — С. 323.
[910] Молдобаев И.Б. «Манас» — историко-культурный... — С. 253 — 256; Карасаев Х. Камус наама. — Б. 40.
[911] Караңыз: Циме П. О второй главе... — С. 342—345.

«Мында алардын уйгур [өлкөсүнө] жасаган жортуулу сыпатталат. 'Биз аларга агын селдей бир тийдик; биз алардын шаарларын араладык; бутпарастык үйлөрүн кулатып салдык; биз буттарынын (идол) башына чычып салдык'. Каапырлардын өлкөсүн басып алганда, мазактоо үчүн алардын буттарынын үстүнө заңдап коюу мусулмандардын адаты болот»[912].

Мындай «кайырдиндерге каршы» мусулмандык ыйык согуштун руху исламдын эрежелерин отурукташкан калктарга салыштырмалуу анча дурус тутпаган кыргыз жана каракалпак сыяктуу көчмөн түрк калктарынын дастандарында[913] да чагылдырылгандыгын белгилей кетсек болот.

«Диванда» мусулман эмес түрктөрдүн мусулмандарга койгон жагымсыз аттары да чагылдырылган. Маселен, исламды тутпаган уйгурлар жана башка түрктөр мусулмандарды «чумақ» деп коюшаарын Махмуд Кашгари Барскани ачык жазат. Мусулман кишисин алар «**чумақ эри**» дешчү экен[914].

Арийне, «Дивандагы» ар кыл динге таандык түрдүү маалыматтарды ар тараптуу иликтөө маселеси дагы да изилдөөчүлөрдү күтүүдө. Айрыкча көңүл буруучу жагдай — тигил же бул диний терминдердин кайсылары бутпарас динине, кайсылары — манихейчиликке, несторийчиликке, зороастризмге жана теңирчиликке өз теги боюнча таандык экендигин, кайсы терминдер ар кыл диндердин өкүлдөрү тарабынан орток пайдаланылып келингендигин, ал эми кайсылары айрым бир гана диний агымга тийешелүү болгондугун анык-тоо менен байланыштуу түйшүктүү суроолор да изилдөөчүлөрдү күтүүдө.

Маданий жана этностук-маданий синкретизм, албетте, түрктөрдүн диний кырдаалына өзүнүн таасирин ар дайым тийгизип келгендиги да көңүлдөн чыгарылбай турган жагдай.

Жалпысынан, Махмуд ал-Кашгаринин «Диванындагы» диндер тууралуу маалыматтар исламдын тарапкерлери да, башка диндердин өкүлдөрү да түрк тилинин лексикалык корун өз дини үчүн пайдаланышкандыгын, ар бир дин бул тилди өз алдынча байыткандыгын да айгинелейт. Бул диний жараян бир кылка өтпөгөндүгү, тигил же бул мамлекет кайсы-бир динди мамлекеттик дин катары жарыялаган кезде диний өз ара чыдамсыздык кырдаалы

---

912 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 87a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 343 — 344; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. - P. 270.

913 Караңыз: Кырык кыз. — Б. 237—418 (Каракалпактын баатыр кырк кызын башкарган каныша Гүлайымдын калмак ханы Суртайшаны жеңиши).

914 Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 96a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 381; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 292.

калыптанган учурлар да жок эмес экендиги «Дивандын» маалыматтарын объективдүү түрдө талдоодон ачык көрүнөт.

Теңир-Тоо айдыңдары Махмуд Кашгари Барскани жазган «Диван» менен Жусуп Баласагын жазган «Кутадгу билиг» чыгармаларындагы маалыматтарды Ахмед Йассави менен Ахмед Йугнекинин сопулук философиялык ой мурас камтылган чыгармаларына кошумча үйрөнүү менен Карахандар доорундагы сопулук тарыкаттын кыртышын да иликтөөгө болот.

Түштүк жана Чыгыш Азияга “тарткан” бутпарас дининен айырмаланып, ислам дини карахандык түрк калктарын ортоңку чыгыштык жана батыш азиялык цивилизациялык очокторго улам тереңдетип байланыштырууда несторийчилик жана дуалисттик диндер баштаган мурдагы салтты андан ары уланткан.

IV.3. Жазма маданият жана дастан

Кыргыз жана башка чыгыш түрк элдеринин көөнөнгүс рухий байлыктарынын бири — алардын дастандары, фольклордук мурасы. Арийне, кайсы элдин оозеки адабият мурасы жок? Бардык эле коомдордо жана этностордо азыркы цивилизациялык бийиктикке жеткенге чейин, фольклордук ар кыл чыгармалар өз заманына шайкеш жаралып келген, аларга жазма маданияты жолтоо кыла алган эмес.

Тескерисинче, жазма маданияты менен фолклор эриш-аркак болуп, бири-бирин курчутуп, бири-бирине маалымат булагы катары жагымдуу оболго түзүп, руханий казынага бири-бирине алтын кумун куюлтушкан куржундун жуп көзү катары кызмат аткарышкан. Жомоктон, макал-лакаптан дастанга чейинки ар түрдү камтыган фольклорду жазма маданиятка карата параллел кетип, эч бир кесилишпес, түз, атаандаш сызык катары элестетүү ммүмкүн эмес сыяктуудай[915].

Кыргыз элинде фолклордук мурас абдан жогору бааланып келүүдө. Ал эми жазма маданиятка элибиздин кандайча тиешеси бар? Махмуд ал-Кашгари жана Жусуп ал-Баласагуни сыяктуу ойчулдардын мурастары кыргыз элинин да тарыхый мурасы катары кабыл алынышы керекпи, же кыргыздар жана аларга тарыхый коңшу болгон орто азиялык — ички азиялык көчмөн түрктөр жалаң гана оозеки чыгармачылык менен оозанып келген, сабаттуулугу эч жок болгон

[915] Чоротегин Т.К. Жазма маданият... — Б. 246

түркөй калктардан болгонбу? Биз бул маселени чечмелөөдө тарыхый так даректерге гана таянабыз.

Орто кылымдарда кыргыздар жана аларга жуурулушкан түрк калктары бир нече алфавитти колдонушкан. Чыгыш түрк этносторунун (б.а. орхондук, хамилик түрктөрдүн) айрым өкүлдөрү VII—VIII кылымдарда Кытайдын байтактысында да жашап, ханзу иероглифтерин жана жалпы эле ханзу жазма маданиятын билген. Айтылуу Билге Тонйокуктун өзү тууралуу эстеликте: «...**бен өзүм табгач илиңе кылынтым**» — «мен өзүм табгач (Кытай) мамлекетинде тарбияландым»[916], — деп жазылган.

Чыгыш Теңир-Тоодо, Турпанда борбордук азиялык брахми жазмасында бир катар бутпарастык эмгектер көчүрүлүп жазылып келген. Алардын арасында ушул жазма менен санскрит тилинде жазылган эң байыркы чыгыш түркстандык кол жазмалар, азырынча, б.з. IV — V кк. менен байланыштырылууда[917].

Андан тышкары, XX кылымдын башында чечмеленген тохар жазмасы да «борбордук азиялык брахми» деп белгиленип жаткан бутпарастык жазма маданияттын бир (кыйгачтатып жазылуучу) түрү катары б.з. I миң жылдыгынын экинчи жарымында Борбордук Азияда таркалгандыгы айгинеленди.

Кара-Шаардын (Карашар) жанындагы Шорчук деген жерде, ошондой эле Турпандын жанындагы Безеклик-Муртуке, Сенгим деген жерлерде жана Кочо шаарынын жанынан табылган тохардык «А» тилиндеги жазма эстеликтер, Чыгыш Теңир-Тоонун жана Турпан ойдуңунун ар кыл жайларынан табылган тохардык «Б» тилиндеги эстеликтер ар тараптуу иликтенишүүдө.

Кыйгач жазылган борбордук азиялык брахми жазмасынын өзүнчө бир өзгөртүлгөн түрү болгон тохар жазмасындагы бул эстеликтер VII кылым менен (жана андан кийинки доор менен) байланыштырылууда[918]. Бул жазманы түрктөр билишкенби?

Бул суроого Сенгим деген жерде табылган тохардык эстеликти — А 394 деп номурланган фрагментти пайдалануу менен оң жооп бере алабыз. Бул келки жазмада Махендрадева деген падышанын уулу жөнүндө аңгеме берилген. Текст тохардык «А» тилинде жазылган, анын көп сөздөрүнүн алдында тохардык «Б» тилинде, эки жеринде болсо — байыркы түркчө котормосу кошуп жазылган.

Маселен, тохардык «А» тилдеги «mokatsam» сөзү байыркы түркчөгө «күчлүг» («күчтүү») деп которулган[919].

---

[916] Орхон-Енисей тексттери. — Б. 82, 86, 91.
[917] Воробьева-Десятовская М.И. Памятники индийской и тибетской... — С. 307.
[918] Иванов В.В. Памятники тохароязычной... — С. 222—226.
[919] Иванов В.В. Памятники тохароязычной... — С. 240.

Бутпарастык «Майтрейясамити» аттуу бир чыгарма оболу санскрит тилинен тохардык «А» тилине, андан соң — чыгыш түрк тилине которулганы маалым. Бул котормону Ил-Балык (Эл-Балык) шаарында туулган гуру ачарья Пражньяракшита жүзөгө ашыргандыгы кол жазманын колофонунда белгиленген: toχry tilintin türk tilinče evirmiš — «тохар тилинен түрк тилине которгон»[920].

Тибет жазмасы менен да түрк маданий тарыхынын байланышы айкын. Тибет жазмасы кашмирдик брахминин негизинде б.з. VII кылымда негизделген. Ал эми Чыгыш Теңир-Тоодо жана Дунхуанда табылган тибеттик кол жазмалардын эң байыркыраактары VIII-IX кылымдарга таандык[921].

Турпан аймагынын IX кылымдын ортосунда уйгурлардын колуна өтүшү менен бул жерде бутпарастык адабиятты көчүрүүгө сүрөөнчүлүк кылган түрк ак сөөктөрү кескин көбөйгөн.

Бутпарас дини бул жерде XIV кылымга чейин өзүнүн жетекчи ролунан ажыраган эмес. Кол жазманы көчүрүүгө сүрөөнчүлүк кылган кишилер индиялык термин менен *данапати* деп аталышкан, ал эми заказга ылайык көчүрүлгөн кол жазма болсо — *дэядхарма* («динге багышталган белек») деп аталган[922].

Дунхуанда (Шачжоуда) тибет жазмасы менен жазылган бутпарастык тексттер сакталып калгандыгын жогоруда белгиледик. Алардын айрымдарын «Кыргыз өлкөсүнүн башкаруучу Үйүнүн» (кагандык ордосунун. — Т.Ч.) өкүлүнүн атайын тапшырмасы менен даярдашкан экен[923].

Ал эми Эне-Сай өрөөнүндөгү Алтын-Көл аттуу жерде табылган, руна сымал жазма менен байыркы кыргызча жазылган эстеликтердин экинчисинде төмөнкүдөй кызыктуу сап да бар: er erdem ücün tüpüt qanqa jalabac bardym kelmedim — «Эр азаматтык эрдемим (каармандыгым) үчүн мен Тибеттин ханына элчи болуп бардым, келбедим»[924].

Китебибиздин мындан мурдагы бөлүмүндө А.М.Хазановдун айрым кыргыз топтору VIII—IX кылымдарда эле Тибетке жакын аймактарда жашагандыгы тууралуу тибеттик даректер кабар берээри тууралуу пикирин[925] эскерип өттүк. Демек, кыргыздын бир катар өкүлдөрү бутпарастык (буддизмге таандык) кол жазмаларды окуп да, жаза да билишкендиги айгиненүүдө.

---

[920] Кляшторный С.Г. Памятники древнетюркской письменности. — 1992. — С. 327.
[921] Воробьева-Десятовская М.И. Памятники индийской и тибетской... — С. 310.
[922] Караңыз: Воробьева-Десятовская М.И. Памятники индийской и тибетской... — С. 319, 323.
[923] Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 152.
[924] Кляшторный С.Г. Стелы Золотого... — С. 262.
[925] Khazanov A.M. Nomads... — P. 116; Абрамзон С.М. Киргизы и их... — С. 57.

Айрым изилдөөчүлөр IX – X кылымдардагы кыргыз ак сөөктөрү салттык диний ишениминен тышкары бутпарас, манихейлик жана несторийлик христиан (тарса) диндерин үйрөнүүгө астейдил көңүл бургандыгын белгилешет[926].

VI кылымдын экинчи жарымында борбордук азиялык түрктөр, мавераннахрлык согдулуктар жана алдыңкы азиялык сириялыктар өз ара маданий алакаларын чыңдаган кезде орхон-энесай жазмасы түптөлгөн (руна сымал жазууга алгачкы түрткү болгондугу божомолдонуп жаткан жазма катары согду жазмасын көрсөтүп, бул үчүн далил катары С.Г.Кляшторный Монголияда табылган согду тилиндеги Бугуут жазма эстелигин көрсөтүүдө[927]).

Бул руна сымал жазманын Эне-Сайдагы, Орхондогу (Түндүк Монголия), Таластагы эстеликтери чечмеленип, илим чөйрөсүнө кеңири маалым болду[928]. Алардын арасында Монголиянын түндүгүндөгү Сужин-Даван жергесинде IX кылымдын ортосунда кыргыз төбөлү калтырган айтылуу эпиграфикалык эстелик да бар[929]. Ал эми Йар-Хотодо болсо Чыгыш Теңир-Тоого чейин кирип келген кыргыздар руна сымал тамгалар менен жазган үңкүрдөгү аска бетиндеги бутпарастык жазуулар сакталып жетти[930].

Кыргызстанда сириялык несторийчилердин жазмасындагы эпиграфикалык жазуулардын табылышы улуу Жибек Жолу өткөн Теңир-Тоонун калкы бул жазмадагы маданиятты орто кылымдардын эрте мезгилинде өздөштүргөнүн күбөлөндүрөт. Чүй өрөөнүндөгү Кара-Жыгач айылынын ордунда, маселен, XIII—XIV кылымдарда Тарсакент («христиандардын шаары») аттуу шаар да болгон[931].

Сириялык алфавит жана сириялык тил несториандар үчүн диний жөрөлгөлөрдүн жазмасы жана тили сыяктуу ролду ойногон (аны араб тили менен жазмасынын ислам үчүн ойногон ролуна салыштырса болот)[932].

Түрктөр жана түрктөшкөн батыш азиялык христиан качкындарынын урпактары туткан бул диндин өкүлдөрү жазган эстеликтерде түрктөрдүн он эки айбандык жыл санагынын бардык жылдарынын аттары кезиккендиги[933], ошондой эле маркумдардын

---

[926] Дашковский П.К. Кыргызы на Алтае... – 2015. – С. 155.
[927] Кляшторный С.Г. Памятники древнетюркской письменности. — 1992. — С. 328.
[928] Караңыз: Малов С.Е. Памятники...; Кызласов И.Л. Руническое письменности...; Кляшторный С. Г. Древнетюркские...; Орхон - Енисей текстттери; Sertkaya Ö.F. Göktürk Tarihinin...; ж.6.
[929] Кляшторный С.Г. Суджинская надпись... — С. 57 — 59.
[930] Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах... — 2-е изд. — С. 152.
[931] Жумагулов, Ч. Кыргызстандагы несториан-түрк жазуу... – 2011.
[932] Джумагулов Ч. Язык... — С. 26.
[933] Жумагулов, Четин. Кыргызстандагы несториан-түрк жазуу... – Б. 25.

ысымдары христианча (Александрос, Антун, Горгис, Йоханан, Марйам, Петрос, ж.б.) жана түркчө (Айтаг, Кутлук, Тегин, Төрк, Уруг, ж.б.) болгондугу[934] этномаданий алакалар жана сириялык-түрктүк билингвизм тууралуу дурус далил болуп саналат.

Араб саякатчысы Абу Дулаф, X кылымда жазган «Биринчи баяндама» («Рисаалату л-аввал») эмгегинде өзүнүн саякаты учурунда кыргыздарга да кабылганын саймедирлеп айткан.

«**Алардын ыбаадатканасы жана жаза турган каламы бар. Ал эми тили ыр сымал куюлушуп уйкаш келет, табынуу учурунда аны колдонушат. Алардын асабасы жашыл**»[935], — деген Абу Дулаф.

Бул доордо теңирчиликке табынган кыргыздар жана башка чыгыш түрктөрү эне-сай жана орхон руна сымал жазмасын колдонсо, бутпарас динине таасирленгендери — уйгур, тибет жазмаларын колдонушкан.

IX—XI кылымдардагы турпандагы уйгурлар тууралуу Махмуд Кашгари Барскани жазып калтырган сыпаттама да теңир-тоолук түрктөрдүн бир канча жазманы пайдаланган маданий дооруна күбө боло алат (XI кылым).

«**Уйгурлар**, — дейт Махмуд Кашгари Барскани, — **бир чети, жазма ирээтинде мен ушу китептин баш сөзүндө эскерип өткөн 24 тамгадан турган «түрк жазмасын»** (*Махмуд Кашгари да аны «уйгур жазмасы» дебестен, орток «түрк жазмасы» катары караган! — Т.Ч.)* **колдонушат. Каттары ошону менен жазылат. Ошондой эле аларга жана ас-Синге** (*б.а. Түндүк Кытай калкына, — Т. Ч.*) **таандык экинчи да бир жазмасы болуп, аны менен мекеме дептерлерин жана иш кагаздарын алып барышат. Буларды каапырынан** (бакшыларынан.— Т.Ч.) **башка эч кимиси окуй албайт**»[936].

Мында, балким, тохардык же санскрит тилдеринде жазылган жазмалар белгиленип жатышы мүмкүн. Анткени «уйгур жазмасынын» колдонулуу чөйрөсүнө караганда бул эски жазмалардын чөйрөсү чынында да тар болуп, өтө билимдүү диниятчы бутпарастардын алкагы менен чектелген.

---

[934] Караңыз: Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. — Вып. 3. — С. 38 — 58; Джумагулов Ч. Язык... — С. 67—69.
[935] Чороев Т.К. Айрым чыгыш (мусулман) даректеринен... — Б. 275.
[936] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 12b; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 29; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. — P. 83; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 125.

Кытай жана түрк билингвизми өнүккөн түрк аймактарынан чыккан сабаттуу адамдардын мурастары да бизге маалым. X кылымда, маселен, кытай тилинен түрк тилине бутпарастык «Суварнапрабхасы» — «Алтын жарык» сутрасы аттуу чыгармасы которулган. «Алтын жарык чачып, баарынан бийик туткан падыша китеп» деп толук аталган бул чыгарма «уйгур жазмасында» бизге келип жетти.

Аны которгон беш-балыктык Сыңку Сели-тудуң (X к. акыры — XI к. башы) өз чыгармасынын тилин төмөнкүчө сыпаттаган: türk ujyur tilinče — «түрк уйгур тилинде». Ал эми Сюаньцзандын өмүр баянын кытайчадан уйгурчага которгон башка бир эмгегинде ушул эле уйгур автору өз чыгармасынын тилин тек гана türk tilinče — «түрк тилинде» деп белгилеген[937].

С. Г.Кляшторный ушул жана башка маалыматтарга негизденип, уйгур жазмасында жазгандар өз чыгармаларынын тилин «түркчө» деп гана аташкандыгын баса белгилейт[938].

Демек, бул жазма жалаң гана уйгурларга эмес, ички азиялык башка түрк боордошторуна да орток болгондугун, анын тили — орток адабий жазма тип экендигин ошол доордогу уйгурлар да аңдашкан.

Илимде шарттуу түрдө «уйгур жазмасы» делген, чынында Түндүк Моңголиядан тартып, Чыгыш жана Батыш Борборпдук Азияга чейин ар кыл түрк элдери тарабынан кеңири пайдаланылган алфавиттик орток жазма Кыргызстандын аймагында да кеңири колдонулган.

(Бул жазманы орто кылымдарда жеке уйгурлар гана эмес, калган боордош түрк элдер да, маселен, Борбордук Азияда жана Түндүк Ооганстанда XV кылымда Эмир Темирдин доорундагы түрк калктары да пайдаланышкан. Чыңгыз-хандын тушунда Та-та-тун-а деген уйгур кызматкери монгол төбөлдөрүн дал ушул жазманын негизинде жазууга үйрөтүүгө буйрук алганы «Юань ши» — «Юань сулалесинин тарыхы» эмгегинде белгиленген[939]. Кийинчерээк ушул жазманы өнүктүрүп, монголдор айтылуу квадраттык алфавитин колдоно башташкан)[940].

960-жылы Карахандар каганаты исламды өзүнүн расмий дини катары жарыялады. Буга чейин деле Кыргызстандын шаарларында жана чоң кыштактарында мечиттер курулуп, IX кылымдан тартып Теңир-Тоодо да исламдын тарапкерлери көбөйгөн[941].

Ал эми Караханийлер доору катары белгиленген XI кылым Ала-Тоо аймагында жогорку окуу жайларынын — медреселердин арбын

---

[937] Тугушева Л.Ю. Фрагменты... — С. 31.

[938] Кляшторный С.Г. Памятники древнетюркской письменности. — 1992. — С. 326—327.

[939] Мэн-да бэй-лу. — С. 52, 125—128, прим. 107.

[940] Чоротегин Т.К. “Манас” дастаны жана Борбордук Азиядагы көөнө жазма маданият. – 2016. – Б. 5-7.

[941] Караңыз: Чороев Т.К., Урстанбеков Б.У. Основные этапы. — С. 28—44.

курулушу жана үзүрдүү иштешинин доору болду. Кыргызстан жалпы эле Теңир-Тоонун мусулмандык аймагы, бүткүл мусулмандык Чыгыштагы орто кылымдык маданий кайра жаралуунун — мусулман ренессансынын түндүк-чыгыштагы булунун түздү.

Дал ошол доордун бермети болгон «Кутадгу билиг» эмгегин, бул китептеги кириш сөздө айтылгандагыдай, ойчул жана акын Жусуп Баласагын 1069—1070-жж. жазып бүтүргөн жана ал, өзүнүн кичүү замандашы — XI кылымдын диалектологу, этнологу Махмуд Кашгари Барскани сыяктуу эле, мусулман түрктөрүнүн жазма маданиятына көөнөргүс салымын кошкон.

Теңир-Тоонун түндүк-батышындагы, Кара-Тоо тоосунун аймагында жайгашкан Фараб шаарынын чөлкөмүнөн атактуу философ Абу Наср Мухаммед ибн Ахмад ибн Тархан ал-Фараби (870 — 950), тилчи аалым Исхак ал-Фар'аби (962-ж. өлгөн), тилчи Абу Наср Исмаил ал-Жавхари ал-Фараби (1002—1007-жылдар арасында өлгөн) сыяктуу бүткүл мусулман Чыгышына даңазалуу илимпоздор тарбияланган.

Ал эми Батыш Борбордук Азиядан айтылуу энциклопедист окумуштуулар: Абу Райхан Беруни (973— 1048), Абу Али Ибн Сина (980— 1037) ж.б. калтырган мурастарсыз, бүткүл мусулмандык маданий өрүштүн доорун толук элестетүүгө мүмкүн эмес.

Маданий киндиктеш болуп Багдад, Хорасан, Кавказ, Мавераннахрга көзгө көрүнбөгөн тыгыз илимий алакалар менен байланган Теңир-Тоо аймагы да ошол доордо мусулман дүйнөсүндөгү илим менен билимдин чордонуна айланган. Бул тууралуу бай маалыматтар ушул китебибизде кеңири каралып жаткан булакта — «Дивану лугати т-түрк» эмгегинде дурус чагылдырылган.

Бул чыгармада мисал кылынган бир ырда:

«... Билигни йүгермин,
көңүлни төгермин...», —
б.а. «Билимди топтоймун (үйөмүн),
көңүлдү ага төгөмүн»[942],— деп ырдалат.

Бул саптарда Теңир-Тоодогу калктардын билим, өнөргө умтулуусу сыпатталат.

Сабаттуу адамды — «**билиглик эр**», аалымды — «**биликлик киши**» — деп аташкан. Азыркы кыргызча “зыялы” же “айдың” («интеллигент») терминин түпкү теги ушу сөздөр окшобойбу.

---

[942] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 194a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 2. — S. 243.

«**Бу битик ол кишини окытган**» сүйлөмү «адам көп окуган китеп ушу»[943], - деп которулат. Мында сөз колдон-колго тытылып окулган «бестселлер» же ар кандай окуу китеби жөнүндө кетип баратат.

Акын Жусуп Баласагын болсо өз дастанында «Билимдүү аалымдар менен карым-катнашты айырып бил» аттуу атайын бөлүмчөдө:

«Алардын билими болду го элине шамдай,
Жаркыса шамдар, уланаар түнкү жол жанбай» — деп жазат.

Ал эми “Кутадгу билиг” эмгегинин «жылдызчылар» (астрономдор) тууралуу чакан бөлүмүндө төмөнкүдөй саптары да бар:

«Билейин десең, сен оку, эсеп илимин,
Ачылаар санак капкасы ушундан кийин,
Оку көбөйтүп, бөлүүнү, түгөл бил бөлчөгүн...

Дагы калса ал-жабр ва-л-мукабал (алгебра) оку,
Оклидистин (Евклиддин) капкасын эринбей соккун»[944].

Атаганат, нечендеген ал-Оши, ал-Узгенди, ал-Атбаши сыяктуу окшош ныспалуу мекендештерибиздин эмгектери, бизге жетпей калды. Бирок ошолор окуп, ошолор көңүлүн да, билимин да өстүргөн Фараби, Хорезми, Беруни, Ибн Сина, Омор Хайям сыяктуу чыгыш даанышмандарынын далай чыгармалары биздин доорго чейин сакталып, алардын илимий, рухий казынасынын олуттуулугуна тең бердирип отурганына шүгүр!

XIII кылымдын башында «Му'жаму л-булдаан» — «Өлкөлөрдүн [аталыштарынын] жыйнагы» аттуу арабча эмгегин жазган Йакут ал-Хамави төмөнкүдөй баа жеткис кабарларды бизге калтырган:

«Баласагун — чоң шаар... Андан нечендеген илим адамдары чыккан, арасында — Абу Абдулла Мухаммед ибн Муса ал-Баласагуни. Ал «ат-Түрки» ныспасы менен маалым. Ал мусулмандык укукту Багдадда үйрөнгөн... Ал Дамаск (шаарында) 506-хижра / 1112-13-ж. өлгөн».

«Ош — Ферганандын чет-жакасындагы чоң шаар... Андан илим адамдарынын тобу чыккан, алардын арасында 'Омар ибн Муса ал-Оши бар... Бул факих (укукчу) ал-Оши 519-хижра жылы зу-л-хижжа айында / 1125-ж. декабрда өлгөн. ...Ал эми Мухаммед ибн Ахмад ибн 'Али ибн

---

[943] Kâşgarlı Mahmud. Dîvânü... / Tıpkıbasım. — S. 45a; Atalay B. Dîvânü... Tercümesi. — Cilt 1. — S. 156; al-Kāšγarī Mahmūd. Compendium... — Pt. 1. – P. 171.
[944] Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани)... — Б. 139 —140.

Халид Абу 'Абдаллах ал-Оши болсо Бухарада жашап турган, анан Багдадга келген... жана бул шаарда ал 613-хижра жылы сафар айында / 1216-ж. май айында каза болгон».

«Өзгөн (Узгенд) — Мавераннахрдагы шаар, Фергананын чет-жакасынын бири... Андан илим адамдарынын тобу чыккан... Алардын арасында — 'Али ибн Сулайман Дауд ал-Хатиби Абу-л-Хасан ал-Узгенди бар. Ширавейхтин айтымына караганда, ал Хамаданга 405-хижра жылы / 1014-ж. келген жана хадистерди... айткан »[945].

Жети-Суудагы Эл-Аларгу вилайетинин борбору болгон Алмалык[946] шаарында туулуп-өскөн теңир-тоолук дагы бир окумуштуу, акын, тарыхчы инсан — Абу-л-Фадл ибн Мухаммед Жамал ад-Дин Карши болгон (1230 —31-жж. туулган; XIV к. биринчи чейрегинде өлгөнү божомолдонот).

Жамал Каршы да түркчө гана эмес, араб, фарсы тилдеринде да илимий чыгармаларын жаза алган. Анын «*Мулхакаату с-сураах*» — «(Жавхаринин) 'ас- Сураах' эмгегине кошумчалар» аттуу арабча чыгармасы[947] Теңир-Тоодогу исламдын таркалышы жана билимдүүлүк тарыхы боюнча оригиналдуу маалыматка эгедер.

Жамал Каршы өзүнүн мугалими жана насаатчысы катары Ахмад ибн Аййуб ибн Ахмад ал-Баласагуни деген баласагындык аалымды, ошондой эле Алмалык шаарында өзүнө сабак берген Ахмад ибн Нажиб ибн Мухаммад ал-Касани (659-хижра жылы / 1260-ж. Кашкарда өлгөн) деген окумушгтуу тууралуу терең урмат менен эскерет[948]. Атактуу аалым жана диниятчылардын арасынан ал Ош шаарынын садры Мунир ибн Аййуб ал-Касим ал-Оши, имам Абу-л-Футух 'Абд ал-Гаффар ал-Алма'и жана анын атасы, бир катар чыгармалардын ээси Абу 'Абдаллах ал-Хусайн ибн 'Али ибн Халаф ал-Газневи, кийинчерээк — ал-Кашгари тууралуу да айта кетет.

Дегиңкиси, Жамал Каршынын чыгармачылыгы монгол-татар калайманынан кийин да Теңир-Тоодо кайрадан мусулмандык илим-билим өз орун-очогуна эгедер болгондугун айгинелейт.

---

[945] Jacut's geographisches Wörterbuch. — Bd. 1. — S. 404 (Өзгөн), 404—405 (Olu), 708 (Баласагун); Материалы по истории Средней и Центральной... — С. 78, 85 — 86.

[946] Или өрөөнүндөгү шаар. — Караңыз: Махмуд ибн Вали. Море тайн... — С. 16—17, 104, прим. 8.

[947] Бартольд В.В. Туркестан... — Ч. 1. Тексты. — С. 128—152; Материалы по истории Средней и Центральной... — С. 100—131 (арабчадан орусчага которгон Р. Ш. Шарафутдинова).

[948] Бартольд В.В. Туркестан... — Ч. 1. Тексты. — С. 141; Материалы по истории Средней и Центральной... — С. 117.

Ал эми Улугбектин (1394—1449)[949] доорунда Самарканд жана Бухара кайрадан илим жана билим чордону болуп гүлдөп турду, Түштүк Түркстан (Герат) да илимге жагымдуу шарттарды ыроологон аймакка айланды. (Гераттык султан Хусейн Байкаранын жан-жолдошу, улуу акын Алишер Навои тууралуу Захир ад-Дин Бабур өзгөчө бийик баасын берип, анын «түркчө жазган ырларындай көп жана мыкты ырды эч ким жазган эмес» — деген жана Навоинин фарсы тилиндеги ырлар жыйнактарына кескин сын пикирин билдирген[950]).

Бул чордондордун Фергана өрөөнүнө, Кыргызстанга (өзгөчө Ош аймагына) жагымдуу таасири тийбей койгон эмес. Орто кылымдардын соңку мезгилинде ферганалык кыргыздардын айрымдары Зааминге чейин жеткен (Самарканд менен Жизактын ортосундагы тоолуу аймак).

XVII кылымдагы илимпоз аалым Махмуд ибн Вали өзүнүн фарсы тилиндеги «Сырлар деңизи» («*Бахру л-асраар*») эмгегинде Ферганадан жана Зааминден көптөгөн илим адамдары чыккандыгын эскерет[951]. Алар улуту ар кыл болсо да, илимде колдонгон тили — араб, фарсы, орток чагатай түрк тилдери болгон.

«Манас» дастанын изилдеген айрым совет илимпоздору жана жазуучу-адабиятчылары кыргыздар жазма адабиятка, жазма маданиятка ээ эмес эле, ошондуктан «Манас» дастаны алардын оозеки энциклопедиясы болду[952], — деп тыянак жасап жүрүшкөн.

Арийне, бул тыянак туура эмес. Кыргыз элинин «Манас» баатырдык дастаны да кыргыздын жазма маданияты аркылуу топтолгон эң кеңири маалыматты өзүнө жуурулуштурган чыгарма. Бул дастанда (эпосто) элибиздин эзелтеден илимге жана билимге карата терең сый мамилеси чагылдырылган.

---

[949] Караңыз: Улугбек, Мирзо. Турт улус тарихи... — Б. 3—6 (Б.А.Ахмедовнинг кириш сузи).
[950] Бабур. Бабур-наме. — 1993. — С. 179.
[951] Махмуд ибн Вали. Море тайн... — С. 49, 65; и др.
[952] Маселен, караңыз: Мусаев С. Эпос «Манас». — 1994. — С. 13.

Маселен, залкар манасчы Сагынбай Орозбак уулунун (Орозбаков; 1867—1930) вариантындагы айрым бир саптарга кайрылсак эле жетиштүү.

«*Билимдүүлөр иш бүтүп,*
Бир-бирине катышып», — деп бир жеринде айтылса, башка бир саптарда кыргыз элинин ханын сабаттуу, агарып-көгөргөн инсан катары сыпаттоо аракети учурайт:

«*Бир чакырсак билимдүү,*
Бадышалык илимдүү
Манасты гана алалык»[953].

«Манас» дастанынын айрым эпизоддорун эң алгач калем алып, кагазга түшүргөн инсан — Аксы аймагынын XVI кылымдагы белгилүү санжырачыларынын бири молдо Сайф ад-Дин (Сайпидин) Ахсыкенди болгон. Ал жаза баштаган «*Мажмуу'у т-таваариих*» — «Тарыхтар жыйындысы» эмгегин уулу Нур-Мухаммед (Нооруз Мухаммед) тамамдаган. Бизге жетпей калган кыргыздык-моголдук жазма эстеликтер Ахсыкенди үчүн булак катары кызмат кылышы да мүмкүн[954].

Кыргыз санжырасын ийне-жибине чейин билген бул илимпоз инсандар фарсы тилинде жаза билген ферганалык (аксылык) кыргыздардын бириненби деп божомолдоого да мүмкүн. Айрым сопу-кожолордун кыргыздарды каапыр катары көрсөткөн, же чала мусулман катары келекелеген эмгектеринен айырмаланып, Ахсыкенди кыргыздарды кара кытайларга каршы имам Ыбрайымдын аскерлеринин тутумунда оң канат, сол канат болуп согушкан жоокерлер катары сыпаттоого умтулган[955].

Демек, «Манас» дастанынын маалыматтарын тарыхый жана уламыштык баяндардын кыртышына жайгаштырган алгачкы адам — молдо Ахсыкенди — кыргыз тилин, кыргыз санжырасын, кыргыздардын үрп-адаттарын элибиздин ичинде кайнап, аларды дурус билип иликтеген фольклорчу жана этнограф аалым катары өзгөчө баага арзый турган киши.

---

[953] Караңыз: Манас. - Т. 3. — М., 1990. — С.23, 71.
[954] Караңыз: Чороев Т.К. К изучению исторических традиций... — С. 41.
[955] МИКК. — Вып 1. — С. 203—209 (В.А.Ромодиндин котормосу); Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана... — С. 119 —127.

Дал ушундай билимдүү адамдардын муундары «Манас» дастанына Түндүк Кытай менен Монголиянын аймагынан Урум (Византия), Кырымга жана Эдилге (Волга) чейинки кеңири аймактын топонимдерин, эл аттарын, антропонимдерин, диний ар кыл багыттарын (мусулман, бутпарас, тарса, теңирчи ж. б.) мол киргизүүгө өздөрүнүн көөнөргүс үлүштөрүн кошушкан.

Молдо Нияздын (1820- же 1823—1896) кол жазма санаттарын[956], изилдөөчү Арслан Койчиев архивдерден терип иликтеп жүргөн XIX кылымдагы кыргыз каттарын[957] ж.б. жазма даректерди иликтөөгө мүмкүнчүлүгү болбогон, ошондой эле XX кылымдан башында жарыяланган кыргызча китептерге дитин бурбай туруп, «кыргыздын жазмасы, илим-билими болгон эмес», — деген бүтүмдөрдү совет доорунда чыгарып келген айрым улуу муундагы окумуштуулар өз каталарын түшүнүп калган кезеңге Кыргызстандын пост-советтик эгемендик доорунда жеттик.

Эшенаалы Арабай уулу.

Акын Молдо Кылыч Шамыкан уулу (Шамырканов), агартуучу Эшеналы Арабай уулу (Ишеналы Арабаев), тарыхчы Осмонаалы Сыдык уулу[958] ж.б. калтырган мурас 1917-жылдагы Орусиядагы кош ыңкылапка чейин эле кыргыз тилинде арап арибинде китеп болуп жарык көргөн. Бул кыргыз тилиндеги алгачкы таш басма китептер XX

---

[956] Омор Сооронов даярдаган анын жыйнагын караңыз: Молло Нияз. Санат дигарасттар.— Дагы караңыз: Мокеев А.М. «Насаб-наме»... — С. 1 74—179.
[957] Койчиев А.К. XIX к. Түндүк Кыргызстандын... — Б. 13 —14, 16 — 25.
[958] Койчиев А. К. Осмоналы Сыдык уулу...; Чороев Т.К. Зарыктырган эмгек... — Б. 61 — 67.

кылымдын акыркы ондугунан тартып гана Кыргызстанда объективдүү иликтенип келет.

1995-жылы (доңуз жылы) «Манас» дастанынын миң жылдыгы Кыргызстанда жана бир катар башка мамлекеттерде, ошондой эле ЮНЕСКО тарабынан да, шарттуу түрдө белгиленди. Дал ушул кырдаалда айта кетчү эки нерсе бар:

1. «Манас» дастаны элибиздин тагдыры терең сыйдырылган рухий мухит сыяктуу жана ал б.з.ч. III кылымдан - б.з. XVIII кылымга чейинки доорлордогу кыргыз улуту баштан кечирген тарыхый доорлордун күзгүсү;

2. Кыргыз билимдүүлүгү жалпы эле борбордук азиялык (анын ичинде теңир-тоолук жана ички азиялык) калктардын б.з.ч. III кылымдан азыркыга чейинки илим-билиминин өнүгүү баскычтарынан четте калбай келген. Ар кыл жазма түрлөрүнүн пайда болуу, кеңири колдонулуу жана керектен чыгуу доорлору болду. Бирок, жазмалардын алмашуу түйшүктөрү мурасталып келген руханий байлыктарды, билим казынасынын мол маалыматтарын жаңы жазмада сүйлөтүүгө кедерги боло алган жок[959].

Ошондуктан, кыргыз элинин илим-билиминин угуту улам жаңы муундар тарабынан кошумчаланып, жазма маданиятыбызды да, ага чиеленишкен фольклорубузду да байытып келди, — деп ишенимдүү айта алабыз.

Ушул жыйынтык Борбордук Азияны байырлаган бардык эле түрк калктарынын жазма маданияты менен оозеки чыгармачылыгын иликтөөдө орток бүтүм боло алат, — десек эч жаңылышпайбыз. Махмуд ал-Кашгари чагылдырып калтырган фольклордук мурастар да, Жусуп ал-Баласагуни жазган адабий орток тилдеги ак сөөктүк поэзиянын шаан-шөкөттүү үлгүсү да, кийинки доорлордо катталган ар кыл түрк дастандары менен жазма чыгармалары да байыркы жазма маданият менен оозеки мурастын симбиозунун жана өз ара таасирлеринин туундуларынан болуп саналышат.

Жалпысынан, ушул байта каралган суроолорго чакан корутунду арнасак, чыгыш түрктөрүнүн социалдык, экономикалык, маданий, руханий турмушун чагылдырууда Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги сактап калган мол маалыматтын эбегейсиз зор мааниси бар.

«Дивандагы» бул энциклопедиячыл кеңири тарамдуу маалыматсыз XI кылымдагы чыгыш түрктөрүнүн (жана кандайдыр-бир деңгээлде жалпы эле түрк дүйнөсүнүн) коомдук өнүгүү деңгээлин жана өнүккөн маданиятынын тарыхын тагыраак, объективдүүрөөк жана толугураак

---

[959] Чоротегин Т.К. Махмуд ал-Кашгари (Барскани) — Б. 101

калыбына келтирип, дүйнөлүк тарыхка бул калктардын татыктуу ролун белгилей чагылдыруу кыйла өксүккө кириптер болоор эле.

Бул маалыматтар этнографтардын, музыка таануучулардын, ономасттардын, дин тарыхын иликтөөчүлөрдүн, фольклорчулардын, диалектологдордун, адабият таануучулардын, лингвисттердин, тарыхый географиянын адистеринин, картографтардын, нумизматтардын, этнолог-тарыхчылардын, философтордун, медицина тарыхын иликтөөчүлөрдүн, алтаистика жана түркология тармактарын иликтеген ар кыл адистердин ж.б. илимпоздордун кылдат иликтөөсүн келечекте да күтүүдө.

Украин чыгыш таануучусу О.Прицак менен Т.Чоротегин.
Киев шаары. Теке (июль) айы, 1995-ж.

КОРУТУНДУ

Теңир-Тоо кыркаларын, анын ичинде азыркы Кыргызстандын, Түштүк-Чыгыш Казакстандын, Чыгыш Өзбекстандын аймагын жана Чыгыш Теңир-Тоонун көпчүлүк бөлүгүн жердеген көчмөн жана отурукташкан түрк калктары X — XI кылымдарда мусулмандык ири тарыхый-маданий аймакка кошулду.

Бул доор чыгыш мусулман түрктөрүнүн маданий өнүгүү жүрүмүн жаңы баскычка көтөргөн мезгил болду. Чыгышында — Турпан ойдуңунан жана Жуңгариядан башка чыгыш теңир-тоолук жана чыгыш памирлик жерлерден, батышында – Мавераннахрдын жүрөгүнө чейинки ири аймак Карахандар мамлекетинин курамына кирди.

